КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# МИФ, УЛАМЫШ, АҢЫЗ, САНЖЫРА УЛАМЫШЫ

**26-том**

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн
**Нуржан Нарынбаева**

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2017

УДК 398
ББК 82,3(2)
М 68

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Редкеңеш:

*Акматалиев А.А.*
*Байгазиев С.*
*Жайнакова А.Ж.*
*Маразыков Т.*
*Мусаев С.Ж.*
*Садыков Т.*
*Токтоналиев К.Т.*
*Эркебаев А.Э.*

М68 **Миф, уламыш, аңыз, санжыра уламышы:** 26-том. /*Түз. Н. Нарынбаева.* – Б.: «Принт-Экспресс», 2017. – 632 б. («Эл ада бия ты» с.)

ISBN 978-9967-12-696-1

Бул жыйнакка кыргыздын көөнө ынаным-ишенимдеринен улам аалам түзүлүшүнө, жаратылыш кубулуш-көрүнүштөрүнө, жан-жаныбар, ит-кушка карата калыптанган мифтик көз караштары, жана ал көз караштардын уланган уламыш, аңыз, ошондой эле ар кыл доордогу кыргыз турмушунун тарых кагаздарына атайын катталып жазылып калбастан, тек эл эстутумунда сакталып келген өтмүшүн баяндаган кара сөз мурастарынын барлык түрү кирди.

Китеп фольклор, этнография, этнология, антропология адистерине, мугалимдерге, студенттерге, окуучуларга жана кыргыздын байыркы мурастарына кызыккан жалпы журтка арналат.

**М 4604000000-17**

**УДК 398**
**ББК 82,3(2)**

ISBN 978-9967-12-696-1

© КРУИА, 2017
© «Принт-Экспресс», 2017

# МИФ,
# УЛАМЫШ, АҢЫЗ,
# САНЖЫРА
# УЛАМЫШЫ

## БАШ СӨЗ

Фольклор дүйнө жүзүндө көркөм маданияттын тарыхый өзөгү болуу менен, анын баштапкы принциптери, салттуу формалары, жанрдык түрлөрү жана образдардын сөлөкөттөрү эң көөнө доорлор катмарындагы абалкы коомдун турмуштук тажрыйбасынан уюткулана баштагандыгы белгилүү. Анын эсесине эл чыгармачылыгы кылымдарды карыткан улуттук наркнасилден, дүйнөтаанымдан жыйналган асыл ойлорду боюна сиңирип, азыркы жазма адабияттын үлгүлөрүн жаратуучу мыкты устаттыкты иштеп чыккан.

Арийне, фольклордун синкреттүү мүнөзү бүгүнкү күндө деле өз маанисин жоготпой, улуттук илимдин гуманитардык багытынын талаштуу предмети болуп жүрөт. «Кыргыз турмушунун энциклопедиялык жыйнагы» атыккан кыргыз эпосунун сюжетинде камтылган мазмун филология, тарыхый-этнография, философия илимдери жаатында тургай, улуттун укуктук-акыйкаттык (юридикалык) маселелеринин келип чыгышын чечмелөөдөгү ролу дагы азыркы кезде кызыгуу жаратууда. Кыргыз совет адабиятында оозеки чыгармачылык жазма адабияттын башатында туруп, анын ажырагыс бир бөлүгү сыңары изилденип талданып келгендиктен, XX кылымдын 90-жылдарына чейин фольклордун көп тараптуу маңызын таназар албай коюу көз карашы үстөмдүк кылып турган. Фольклор деген терминдин ар тараптуу маанисиндеги «эл жараткан чыгармачылыктын бардык түрү» деген өңүттө эмес, тек адабият сөзү, аңгеме, жомок таризинде гана изилденип келгендиктен, анын советтик илимде ар бири өзүнчө бөлүнүп ажырымда изилденип келген гуманитардык чөйрөнүн чар тарабын кучагына алып турган универсалдуу маңызы бааланган эмес. Ал аз

келгенсип, фольклордун айрым чексиз түшүнүктөрүн жазма адабияттын принциптерине ылайыктап, адабият илиминин терминдеринин алкагына шыкай берүү инерциясы азыр деле өз таасирин жогото элек. Мисалы, ырым-жөрөлгө учурундагы айтымдарды филологиялык өңүттө талдоодо мындай тексттердин ыргактык түзүлүшү, тематикалык багыты, качан жана кандай максатта колдонуу салты чечмеленет. Арийне, алар ырым-жөрөлгөгө айланууга чейин кандай жолду басып келгендиги анын абалкы миссиясы эмнеде болгону, ал айтымдардын сюжеттериндеги архаикалык мотивдер канчалык деңгээлде сакталып калгандыгы толук иликтенбей келди. Себеби коммунисттик атеизм тушунда бул тариздеги маселелер же филология, же философия, же тарыхтын кеңири көз караштa изилденген предмети боло албады.

Азыркы ааламдашуу заманында интеграция шарапаты фольклорду эл таануу (антропология) илиминин олуттуу бир тармагы деңгээлинде таанытууда. Улуттун эл болуп калыптануу жолунда анын оозеки чыгармачылыгы түпкү мазмунунда тек гана сөз фантазиясынан турган көркөм тексттер болбостон, кылымдардын сыноосуна туруштук берип, далай доордун элегинен өткөн дүйнөтаанымдын тажрыйбага бай туундулары экендиги тастыкталып талдануу түйшүгү дагы алдыда.

Ал эми кыргыз эл оозеки казынасынын филологиядагы ордуна келсек, дүйнөлүк фольклордун тарыхы боюнча грек эпосунун өнүгүүсү токтогондон кийинки стадияда аларды жыйноочулардан болгон аэддердин салтын уланткан рапсоддор биздин доорго чейинки VII-VI кылымдарда жашап өтсө, «Илиада» менен «Одиссеядан», деги эле, көлөмү боюнча дүйнө эпосторунун бирин алдына салбаган «Манас» эпопеясын айтуу салты азыр дагы улантылып жатышы жана аны айтуучулардын мууну сейрек тартса дагы улам жаңырып жашарып тургандыгы, эл турмушундагы каада-салтта, ырым-жөрөлгөлөрдө, мисалы, кошок, алкыш, батанын, же башка салт ырларынын дагы эле ырдалып,

айтылып жүрүшү — оозеки чыгармачылык дале болсо өз жашоосун токтотпостон улуттун духу менен бирге келе жаткандыгын күбөлөйт. Мындан жүз жыл мурда кыргыздын көөнө мурас оозеки үлгүлөрүн жыйнап кеткен академик Радловдун: «у них (у киргиз – Н.Н.) всего удобнее можно наблюдать тот чисто эпический период народного творчества, который греки пережили при Гомере» деп белгиленгендиги кыргыз фольклорунун асыл нарктуу маңызын таамай чагылдырат.

Ушул көз караштан алганда кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы дагы улуттун калыптануу жана өнүгүп-өсүү жолун чагылдырыруудa белгилүү кызмат-милдетти аткарган бирден бир булактардын бири. Анткени Орхон-Енисей жазуулары, орто кылымда жаралган жалпы түрк маданиятына тең орток таандык Кашкарлык Махмут менен Жусуп Баласагындан калган тилдик, адабий, жана бөлөк мамлекеттердин жылнаамаларында катталып калган үзүл-кесил маалыматтарды эсепке албаганда элибиздин өткөн өмүр, баскан жолу эстафеталык эстутумда жалгыз гана оозеки түрдө өткөрүлүп келди. XX кылымдын башталышына чейинки улуттук маданияттын уңгулуу көрөңгөсү калктын аналитикалык аң-сезиминдеги өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык категориялары коомдогу өз ара алака-мамилелердин жазылбаган-жарыяланбаган кодексинин кызматын аткарып, оозеки сөз өнөрү аркылуу жөнгө салынып келген.

Кыргыз фольклорун илимдеги салт боюнча адабияттын үлгүсүнө салып үч чоң жанрдык топко: 1. Эпикалык поэзия; 2. Эпикалык проза жана 3. Элдик театр же элдик өнөр деп бөлүштүрүү калыптанган. Анын ичинен кыргыздын оозеки казынасында «чоң жомок» (эпос), «жөө жомокторунан» сырткары «кара сөз» (аңыз, уламыш, санжыра-уламыш) чыгармалары бар. Кыргызда «*жөө жомок*» деп кадимки классикалык жомокторду атайт. Мындай аталыш элдик салтта «Манас» баштаган эпосторду «чоң жомок» деп атоого байланыштуу болгон. Жөө жомоктор мифтик ынаным-көз караштардан улам пайда болуп,

андагы кереметтүү окуяларда укмуштуу каармандар катышып, алар байыркы ишенимдерден болгон анимистик, фетиштик, тотемдик жана шаманчылык көз караштагы миф сюжеттеринен турат.

Булардын баарысы эл ичинде аңыз болуп айтылып жүргөн, байыркы ишеним-ынанымдардан пайда болгон миф-аңыз чыгармалары, ата-бабалардын башынан өткөн мерчемдүү тарыхта чындыгы бар окуялардын көркөмдөлгөн версиялары, уруу-уруктардын таралышы тууралуу «санжыра уламышы», аңчылык доордон бери ишеним жаратып келген аңчылыктын аңыздары ушул кара сөз жанрларынын курамын түзөт. Өтүп кеткен XIX-XX кылымда калк ичинде ургаал урунган жөрөлгө-салт, бүгүнкү күндө актуалдуулугунан ажырап, эл эстутумунан өчө баштаган кезде, жөө жалаңдап, ачка-ток болуп, ар кимдин улагасына барып, сөз берметин терген Каюм Мифтаков, Ыбырай Абдыракманов, Жанжигит Казакбаев өңдүү, ысымдары саргайган барактардын бир чекесинде жупуну чийилип турган бабалардын барлыгына таазим. Нечендеген маалымдоочулардан угуп, аны алгачкы жыйноочулар арап ариби менен тизмектеп, кийинкилери латын тамгасы менен кыргыздын далай өтмүшүн каттап кеткен мыкты адистердин аркасы менен оозеки чыгармачылыгыбыздын кампасы толгон.

Кыргыз оозеки сөз казынасынын эпикалык поэзия бөлүгү тектин биринчи түрүн «Манас» үчилтиги баштаган чоң жомок, «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Курманбек» сыяктуу эпостор түзсө, экинчи, эпикалык проза бөлүгү ичинен эки чоң түргө бөлүнөт: биринчиси – *жөө жомок* түрү, экинчиси – *жөө жомоктон айырмаланган кара сөз* түрү. Жөө жомоктон айырмаланган кара сөз жанрлары – уламыш, аңыз, санжыра-уламыштары кыргыз фольклор казынасынын эң орчундуу дагы, көлөмдүү дагы бөлүгү. Ата-бабанын басып өткөн жолу дал ушул уламыш, аңыз, санжыра-уламыштарда сакталган.

*Уламыштардын* басымдуу бөлүгү тарыхый жерсуунун аталышы, элдин же уруунун башынан өткөн

мерчемдүү окуялар, белгилүү инсандар, мисалы, элди-жерди коргогон баатыр, намыс алган балбан, эки элди эптештирген чечен, чукугандай сөз тапкан куудул, көзгө атар мерген, күндөп-түндөп күпүлдөп жомок айткан («Манас» жана башка) ырчы-жомокчулардын өрнөктүү өнөрү тууралуу мазмунду камтыйт. Мындай аңгемелер эл ичинен кол жазма түрүндө жыйналып алынган. Азыркы учурда алардын көпчүлүгү жарыяланды. Аларда Чынгызхандын жана анын уул-урпактары бийлеп турган кездеги кыргыз урууларынын тагдыры, кыргыз-казак, кыргыз-калмак окуялары, кыргыздын оң, сол урууларынын, алардын башчылары, мисалы, Тагай бий, Курманжан датка, Шабдан болуш тушундагы элдин эсинде калган урунттуу окуялар, же ачарчылык, үркүн, уруулар арасындагы араздашуулар, уруулардын жер которуп көчүп-конуусу жана алардын себептери сүрөттөлөт.

Өзөгүндө сөзсүз мифтик-архаикалык ишеним жаткан, бирок окуянын өтүшү тарыхый мезгил менен белгиленген баштан өткөн шумдуктуу (мистикалык) оозеки аңгеме, көбүнчө аңчылык кесипке же көчмөн малчылык турмушка байланыштуу айтылган элдик аңгемелер *аңыз* аталып, булар — жезтумшук, жалгыз аяк, чаңырык, албарстыга жолугуу, алар менен күрөшүү окуялары. Жаратылыштын кереметүү көрүнүш-кубулуштары, ыйык туткан мифтик образдар (кайберен, кайып) аңчылык турмуштун шумдуктуу көрүнүштөрү жана каармандары (мерген, жезтумшук, жалгызаяк жб.) эл арасында кадимки баштан кечирген нерседей ынандырылып, элдин ой-сезимин ээлеген.

Уламыштарды тематикалык өңүттөн жиктөөдөгү *топонимдик уламыштар* — жер-суу аттарынын чыгышы, булак, мазарлардын «ээси» жөнүндөгү жакынкы тарых даректеринин жардамы менен түшүндүргөн элдик оозеки аңгемелер. Мифтик мотивдерден азыктанып, мифтик сюжеттерден куралган элдик проза бүтүндөй жашоонун турпатын кучагына алган ***космологиялык*** аңгемелер деп белгиленип, мазмун-маңызы боюнча — ай, күн, жылдыздар жөнүндөгү *астралдык-*

*космогониялык*; жан-жаныбар, өсүмдүк, жаратылыш күчтөрүнүн пайда болушу тууралуу айтылуучу аңгемелер *этиологиялык*; тарыхый фактылар аркылуу такталбаган, мифтик көз караштарды чагылдырган, уруу аталыштарынын чыгыш себебине байланыштуу сюжеттерден турган, ага байланыштуу эзелки эл ишенимдеринен келе жаткан тотемдик ыйык жаныбарлар жөнүндөгү *тотемдик аңыз* деп, кыргыз арасына кийинчерээк тараган диндерди жайылтуу, элге сиңирүү максатында чыккан акыр заман, аркы дүйнө, тагдыржазмыштын күчүн даңазалаган *эсхатололгиялык аңыз* деп ажыратууга болот. Күн менен айды кудайындай көргөн архаикалык ынанымдар жердеги жаныбарларга сыйынууга көчүп, канаттуулар көк-жердин элчиси иретинде таанылып, булардын ортосунан *культтук* аңгемелер жаралган. Алар кезегинде адамзат ыйыктары тууралуу *антропоморфтук*, киши кебетесинен жандык кебетесине өтө алган кереметтүү, мисалы, кайберен жана башка *зооантромофтук*, же ыйык саналган өсүмдүк, бак-дарак тууралуу болуп жиктелет.

Эгерде жөө жомок биздин күндөрдө көркөм сөз маданиятынын бир түрүн түзсө, легенда менен уламыш диний, философиялык көз караштарды чагылдырган коомдук аң-сезимдин формаларына жакын. Уламыш чындыкта болуп өткөн үлгү болорлук маалыматтардан турса, легенда көөнө ынанымдар жөнүндө кабар берип, диний ишенимдерди үгүттөйт. Бирок уламыш жалаң эле тарыхты баяндап, легенда динди үгүттөбөйт.

*Легенда* жанрынын идеялык мазмунунда диний багыттагы аңгемелер турганы менен анын чыгыш башатында байыркы мифтик ишенимдер жатат. Азыркы официалдуу атыккан диндер деле өз үгүттөрүндө алмустактан адам аң-сезимине сиңген көөнө көз караштарды пайдаланат. Демек легенданын өзөгүндө мифтин баштапкы этиологиялык формалары басымдуулук кылат.

Уруу тарыхын, урпактарга ата-баба, жети муштумун санап берген таржымалы *санжыра* деп белгиленет. Мындай аңыз-уламышта кыргыздын эл катары түп-

төлүшү, таралышы, уруулардын тарыхы тек саналып өтпөстөн, уламыш түрүндө көркөмдөлүп баяндалат.

Ал уламыштардын өзөгүндө кыргыз урууларынын өтмүшү жалаң даректүү окуялар – тарых мүнөзүндөгү улама сөз гана жатпастан, алмустактан пайда болуп, архетиптик эстутум көрөңгөсүнөн учук улап келе жаткан көөнө ой жоруулар ширелишкен таризде эл оозунда аралашып айтыла берет. Мындай мисалдар бөтөнчө кыргыз этнонимине байланыштуу. Уруулар бирикмесинен куралып, «кыргыз» (кай бир версияларда – «кыргыс») атагы алдында «элдик», «улуттук» статуска эгедер болуусу – ар мезгил аралыгында ар кыл түкшүмөлдөрдү жараткан. Алсак, айтылуу «Кырк кыз» уламышынын сюжетиндеги «кызыл ит» бизге жеткен вариантында: «Кыздарды ээрчип бир кызыл ит да кошо барат»; же: «Балдар: биздин атабыз ким? – деп кыстаганда, кыздар: «атаңар – оозуна азык тиштеп келип бизди багып жүргөн кызыл ит» деп, эч бир мотивге байланбаган үзүл-кесил маалымат шекилинде гана текстте сакталып калган. Албетте, уламыштын түпнускасын тактоо, келип чыгуу генезисин аныктоо татаал жумуш, азыркы күндө андай иликтөөлөр бир түрлүү гипотезаларды гана жарата алуусу ыктымал. Жалпы түрк мифологиясында ит тотеми Кумай (айрым материалдарда – Умай куш) куштун жумурткасынан жаралган күчүккө – Кумайык иттин мифтик образына байланат. Ал андыктан балким, кыргыз калкынын курамына кирген кайсы бир уруунун тотем туткан жаныбары болуусу мүмкүн. Этнографиялык материалдардан белгилүү болгондой, ал «Кумайдын күчүгү» атанып, аңчылык замандан бери айрым түрк уруулары ыйык туткан иттин байыркы культуна барат. Демек, кыргыз санжырасында унутулган мифтик көөнө мотивдин бүлбүлдөгөн рудименти – тамыр-бутагынан эбак айрылган дүмүрчөгүнөн бир үзүм айтылып жүрөт. Жазма күткөнү менен, тарыхынын урунттуу учурларын таш бетине чегип кете берген көчмөн жоокер бабалар маданияты тек ушу оозеки аңыз-уламыштардын ичинде гана урпактарга жетти. XIX к. экинчи жарымында кат-саба-

тын жоюп, чыгыш маданиятынан кабар ала баштаган Тоголок Молдо өңдүү окумалдар кыргыз тегин Нух пайгамбарга алып барып такаса, ал эми, ислам динине баш койгон кийинки санжырачылар кыргыздын түп атасы араб калкынын кулуну, VII кылымда дүйнөгө келген Мукамбет пайгамбар деген легендаларды ойлоп чыгарышкан. Кокон бийлигинин тушунда кыргыз жергесине агылып келе баштаган «муруттардын» (*мюрид – ислам миссионерлери*) үгүтү улуттук фольклорго өз идеяларын кошуп жиберген. Мусулманчылык менен совет доорундагы атеизм кыргыздын нукура салт-жөрөлгөсүнө, ырым-каадаларына олуттуу өзгөртүүлөрдү кийирген. Элдик тамырчы-табып, дарыгерлер адегенде молдолор тарабынан, кийин коммунисттер тарабынан куугунтукка түшүп, фанаттардан запкы көргөн. Өзгөчө бакшы, жайчылар күч менен жоюлган. Ак жаан токтобой койсо, буга жайчылар себепкер деп, айрым уруулаштарын тирүүлөй өрттөп жиберген окуялар катталган. Өкүнүчкө карай, алар тууралуу жыйналган маалыматтар «диний калдыктар» деген жарлык астында жок кылынган.

**Нуржан НАРЫНБАЕВА**

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

*Китептин негизги өзөгү КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун колжазма корунда бир нече муун тарабынан эл арасынан жыйнап-терилип сакталып турган материалдан түзүлдү. Ал материалдардын басымдуу бөлүгү 1920-жылдардан баштап Каюм Мифтаков баштаган жыйноочулар жана андан кийинки жылдары Илимдер академиясынын кызматкерлери тарабынан көп жылдар катары менен кыргыз жергесинин барлык аймактарынан топтолуп келген. Андан сырткары эл ичинен чыккан, мисалы Жанжигит Казакбаев өңдүү демилгечилер калк арасынан өз алдынча жазып топтоп өткөргөн фольклордук, этнографиялык маалыматтар бар. Андан сырткары оозеки казынаны эл ичинен өз алдынча жыйнап, ата-бабанын өтмүшүн сүрүштүргөн санжырачылар болгон. Алардан чоң санжырачылар катары К.Жусупов түзүп чыккан «Кыргыздар» (Б.,1991) жыйнагына Тоголок Молдонун, Үсөйүн-ажынын, Талып Молдонун жыйнаган санжыралары кирген, булардан башка Белек Солтоноев «Кызыл кыргыз тарыхына» (Б.,1993) жыйнаган санжыра, уламыш, Буудайбек Сабыр уулу «Жомокчулар жана жомоктор» (Б.,2008) жарыялаган элдик материалдар кирди. Колуңуздагы жыйнакка аты аталган санжырачылардан, Осмоналы Сыдык уулунан башкасынын айрым маалыматтарын коштук. Жыйналган сөздүн барлыгы калк арасынан терип-тепчип алган улуу муундун урпактарга калтырып кеткен санаты.*

*Кезегинде аты аталган жана аты аталбай кеткен бардык жыйноочуларга жана айтуучуларга урпактардын атынан алкыш айтабыз.*

*Жыйнакка кылымдардан кылымга карай калк аң-сезиминде жашап келген кыргыздын көөнө ынаным-ишенимдеринен, дүйнөгө, аалам түзүлүшүнө, жаратылыш кубулуш-көрүнүштөрүнө карата калыптанган мифтик көз караштары, жана ал көз караштардын сан кылымдарды карытып, калк арасында уламыш, аңызга айланган сөз мурастары кирди. Мындай материалдар XIXкылымдын ортосунан башталып XX кылым ичинде эл оозунан талыкпаган мээнет менен жыйналган. Бабалардан калган эскерме тагдыр-турмуш сөзү жалаң гана оозеки түрдө урпактан урпакка өткөрүлүп келгендиктен алардын көбүндө чындыктын олуттуу үлүшү бар.*

*Эскерте кете турганыбыз: Эл арасында кең жайылган миф мазмунундагы уламыштар түрлүү версияда айтылып, жыйноо аймагы боюнча дагы айырмалангандыктан алардын айрымдарынын инварианты кошо берилди.*

*Колжазмадагы орфографиялык бөтөнчөлүк, стилдик өзгөчөлүк турган калыбынан оңдолгон жок.*

***Нуржан Нарынбаева***

# МИФТЕР

## ЭТИОЛОГИЯЛЫК МИФТЕР

### Жер каймактаганда

Жер алгачында кичинекей көлкүлдөк зат болуп жаралыптыр. Ал улам каймактаган сайын чоңоюп, андан ары чоңое берген экен. Акыры адамзат, жан-жаныбарлардын жашоочу жайына айланыптыр.

### Он сегиз миң аалам

*Инв.№647(5285)*

Байыркы заманда жер жүзүндөгү жаныбарлардын эсебин алышкан, ал жаныбарларды үчкө бөлүшкөн:

а) өсүмдүк

б) курт-кумурска, жан-жаныбар

в) адамзат

1- жер жүзүндөгү өсүмдүктүн түрү алты миң болгон.

2- жер жүзүндөгү курт-кумурска жана жан-жаныбардын түрү алты миң болгон.

3- Кудайдан башка адамзат жана адам сөлөкөтүндөгүлөрдүн (периште, жин, пери, шайтан, пайгамбарлар жана башкалар) түрү алты миң болгон.

Буларды кошкондо он сегиз миң аалам деген сөз (түшүнүк – Н.Н.) пайда болгон.

### Көк өгүз

Жараткандын буйругу менен жерди эбегейсиз көк өгүз мүйүзүнө көтөрүп турат экен. Көк өгүз чаалыгып, мүйүзү талыганда бир мүйүзүнөн дагы бир мүйүзүнө сала коюп, алмаштырарда жер титирейт имиш.

### Адам жаралганда

*Инв.№394. 79-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Жер жүзүндөгү бардык жан жаралып бүткөндө мындай кабар таралат: Акыл, айла деген болот экен, аны баарына толук бербестен, жаны барларыдын ичинен бир гана жанга толук берилет экен деп. Акыл, амал жаны бар (жандуулар – Н.Н.) арасында адамга толук берилет. Адам тукуму амал менен бардык жандыкты жана жансызды кандай кылып иштейм десе ыктыярында болору аныкталат. Жагалмай учуп: арып адамга берилди деп кабар салганда суудагы балык айтат: «Арыпты адамга берсе, суудa жаткан мени, учуп жүргөн сени алды десеңчи».

### Ак сары ат, көк сары ат

*Инв. №148*
*Жазып алган Каюм Мифтаков*

Мурун бир заманда көк падышасынын Аксары, Көксары деген эки жакшы аты бар экен. Аларды алтын казыкка мыктап аркандап коюучу экен. Аларды кармамак болуп аркан таштаса, ал аркан Аксары,

Көксары атка түшпөй, ошо таштаган күнүнчө асманда туруп калат экен. Аксары, Көксары аттын казыкты айланып жүргөнү, жети каракчынын атка ит аштаган чала болуп турганы шол экен.

## Жети каракчы

*Инв. №148*
*Жазып алган: Каюм Мифтаков*
*Сулайманбек Ырыкулбек уулунан*
*Илды-Суу төрдө өз үйүндө. 1.VIII/1923)*

Үркөрдүн Үлпүлдөк сулуу деген бир кызы бар экен. Көктөгү уурулар аны уурдамак болгон экен. Бир күнү аны жети каракчы билдирбестен уурдап алып кеткен экен. Аны Үркөр жети карачы уурдаганын билип, артынан калбай кууп жүрөт экен. Жети каракчы жеткизбей, Үркөр жете албай сарсан болуп жүрөт экен. Жети уурунун Жети каракчы болуп, Үркөрдүн кууп жүргөнү ошол экен.

## Үркөр, Жетиген

*Инв.№180а. 1-4-б.*

Үркөр да, Жетиген жылдыз да бир кезде жер үстүндө эле жашаган адамдар экен. Үркөрдүн Үлпүлдөк аттуу сулуу кызын жети каракчы уурдап алып, асманга чыга качышат. Кызын алдырган Үркөр ызаланып, Жети каракчынын артынан кууп чыгат. Жети каракчы барып, Алтын Казык жылдызына корголойт. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Үркөр Жетигенди кубалап жетпей жүрүшөт дейт. Жылдыздардын Үркөр, Жетиген аталып калышы ошондон имиш. Карыялардын айтуусунда Үркөр жазында жерге учуп түшкөндө көк чөп дүркүрөп өсүп, мал тоюнуп, сүт көбөйүп, береке кирет дейт.

* * *

Үркөр да, Жетиген да башынан эле көктө жашашчу экен. Ошол Үркөрдүн көк ааламында теңдеши жок Үлпүлдөк аттуу бир сулуу кызы болгон дешет. Кызга сөз айткандар, көз каткандар көбөйүп, атасынын чындап айласы куруйт. Бирок бардыгынан мурун озунуп, кызды Жети ууру уурдап кетет. Ошондон бери Үркөр Жети каракчыны кубалап, жетпей жүрөт дешет.

### Үркөрдүн кызы үлпүлдөк сулуу

*Инв.№180а*

Жетиген жылдыз мурда жер үстүндө жүргөн, жетиси бирдей каракчы, Үркөр да жер үстүндө жашаган кадимки эле кишилерден экен. Бир күнү жети каракчы Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качышат.

«Үркөр турган жерге туракташ кыйын» деп асманга чыга качышат. Кызын алдырган үркөр ызаланып, жети каракчынын артынан катуулап кууй сызат. Жетиген көк теңирде каккан казыктай былк этпеген Алтын Казык деген жылдызга корголойт да:

– Биз үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качып келдик. Адил эмессизби, бизди кууган Үркөрдөн куткар, – дешет.

– Кымыз ичкендики, кыз алгандыкы. Чочубай эле жүрө бергиле, – дейт Алтын Казык.

Алардын соңунан Үркөр келип, Алтын Казыкка кайрылат:

– Калыссың, жалган кепти укпаган, бир ордунан жылбаган.үлпүлдөк деген кызымды жети каракчы ала качып, жеткирбей жүрөт. Адилеттик кылып кызыбызды алып бер.

Анда Алтын Казык:

– Кызың өзү көңүлдөнүп качкан чыгар. Жети каракчы менин эбиме кирбейт го. Силер көп эмесси-

ңерби, артынан кууп каракчыларга жетпейсиңерби, кызыңарды тартып алып кетпейсиңерби? – деп Үркөрдү Жетиген жети каракчынын артынан жөнөттү.

Ошол күндөн ушу күнгө Үркөр Жетигенди Алтын Казыкты айландыра кууп жүргөнү жүргөн.

### Тоотай мерген менен үч аркар

*Инв.№5256. 47-51-б.*

Ааламга жер бүткөндө Тоотай мерген жашайт. Мунун мергендиги жумурай баштууда жок, адистиги, кылдаттыгы тири укмуш, ок чыгарганда ылайым жаза аткан эмес. Тоотай мергенди тоотпогон, капкайдан анын жытын алып, ыгына жолотпогон кайберендин эң шуму үч аркар деген болот.

Күндөрдүн биринде Тоотай мерген сары айгырына минип, мылтыгын асынып, тайганын ээрчитип жүрүп, үч аркарды чаалыктырат. Апыл-тапыл ээринен ыргып, айгырын кең тушайт. «Мунун үчөөнү тең жайлайын» деп, тайганын агытып, мылтыгын үч аркарга сундуруп, мелтирете шыкаалай отура калат. Үч аркар жыт алып Тоотайды көрүшөт.

«Балакет байкатпай тооруптур, бизге ажал жеткен экен деп, – дыр коюп качып, – бу балакеттен куткар» деп, көк теңирине зар какшайт экен. Тилегин жараткан кабыл кылат. Жанын таштап аргыштаган үч аркар күүлөнгөн боюнча көкөлөп асманга учуп жөнөйт. Аларды бучкактап жаза-буза тиштеген мергендин тайганы бу да кошо чыгат. Тоотай мерген өңүп, мылтыгын шыкаалаган боюнча бу да көккө оболойт. Тушоолуу сары айгыр а да калбай калкып жөнөйт.

Булардын баары асманга барып, ар кими өзүнчө жылдызга айланып, ошондон бери тарта күн боюнча ордун алмашып турат.

### Кут (I версия)

*Айтып берген Токтосунов Төлөмүш 61 жашта*
*Жазып алган Нарынбаева Нуржан*
*Жумгал өрөөнү Кызарт айылы. 21-июнь, 2003*

Кут деген илгери кудай сүйгөн пенденин короосуна түшчү экен. Асмандан түн ичинде шооладай болуп куюлуп түшөт деп менин тай энем айтчы дейт апам. Аны эч кимге көрсөтпөй ак бөзгө (чүпөрөккө) ороп, жүктүн алдына, же сандыктын түбүнө катып койчу экен. «Кут түшкөн үй» деген ошондон калган.

### Кут

*Инв.№117. 48-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1944-ж.*

Бүбү, бакшыларга ырымдатып коргошундан куйдуруп, төргө жабыкка илип койуп «кут» деп эң касиеттүү санаган. Бир ишке ишендирмекчи болсо «куттуу үйдө отурам го» деп, таасирлүү ишениктүү кылып (ант катары – *ред.*) айткан. Чоң байларды «кутмандуу бай» деп койгон.

Кут өзүнчө коломтого түшүп калат деп ишенет.

### Кенч

*Айтып берген Токтосунов Төлөмүш 61 жашта*
*Жазып алган Нарынбаева Нуржан*
*Жумгал өрөөнү. Кызарт айылы. 21-июнь, 2003*

Кенч деген болот. Аны көргөн кишилер болгон. Көп эле кишиден уктум. Кенчтин оозу чанда гана ачылат. Аны көргөндө ошол замат алып албаса, «кийин келип алам» деп кетип калып, кайра кайрылып келгиче ал жер бүтөлүп, эчтеке болбогондой болуп калат.

## Мазарларга сыйынуу

*Инв.№117. 51-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1944-ж.*

Ар бир жердин колдоочу бири (пири – *ред.*) бар деген. Ар бир жердеги мазарларга курмандыктар чалынган. Ооруганар жана төрөбөгөн зайыптар мазарларга барып түнөп маласын (чүпүрөк) байлаган. Мазардан керемет сырлар көрүүлөрүнө нык ишенген.

## Жер-Суу тайуу

*Инв.№117. 48-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1944-ж.*

Кыргызда жаз, күз эки маал түтүнгө бирден кой же улак чыгарып бир таза бош жерге чогулуп алып сойуп, жер-сууга тайынып, этин жеп бата кылып тарайт.

Күн, ай тутулуп, жер титирегенде, оору-сыркоо көбөйгөндө чогулуп жер-суу тайуу адаттары эң орун алган.

## Арбакка сыйынуу

*Инв.№117. 48-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1944-ж.*

Тилек тилегенде, шашканда «арбак колдосун!» деп адегенде оозго алат.

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

## Кыргыздын ыйык деп өлтүрбөгөнү

1) Карлыгач
2) Сары жылаан

3) Куркулдай
4) Зоор
5) Кээ бир жыланды өлтүрбөгөн
6) Күкүк
7) Торгой
8) Сасык үпү
9) Чабилекей
10) Жылкычы кучкач
11) Мышык
12) Сары ит
13) Жаа
14) Эл кайда көчөт
15) Ызгыч
16) Аңыр
17) Отоок кой.

## Малдын ээси

*Инв.№117. 71-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын ұрп-адаты»*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

Малдын да колдоочу бири (пири – ред.), ээси болот. Мал тилегенде ошо ээлерине жалбарат. Койдуку чолпон ата, эчкиники чычаң ата, уйдуку зеңги баб (баба – ред.), жылкыныкы камбар ата, төөнүкү ойсул кара ата.

## Пирлер

Куштун пири — Буудайык.
Иттин пири — Кумайык.
Теректин пири — Байтерек.
Суунун пири — Сулайман.
Койдун пири — Чолпон ата.
Уйдуку — Заңги баба.
Жылкыныкы — Камбар ата.

Төөнүкү — Ойсул ата.
Эчкиники — Шыйпаң ата.
Баланын пири — Умай эне.
Жигиттин пири — Кырк чилтен (Шаймерден).
Сүйүүнүн пири — Зулайка, Жусуп.
Чүкөнүкү — Кара чеке.
Чилденики — Кырдач.
Акындын пири — Секелек сары кыз, Асан шайыр.
Устанын пири — Дөөтү.
Табыптын пири — Улукман.
Чечектики — Коросон ата.
Дыйканчылыктыкы — Боз кептер, Баба дыйкан.
Кийиктин пири — Кайберен.
Там, дубалдын пири — Ибрайым, Халилулла.
Соодагерчиликтин пири — Имам Мазам.
Бакыттын пири — Кыдыр Илияс.
Жырткычтын пири — Баян Жабыр.

## Желмогуз кемпир

*Инв.№235. 41-42-б.*

Желмогуз кемпир бир кезде жерде эле жашачу экен, ал элге катуу жабыр көрсөтүп жибергендиктен, Көк Теңири асманга алпарып таштаптыр. Ушундан улам адамдар баланын бетин айга көрсөтпөй калат.

## Ажаан

*Инв.№ 643/5281*

Ажаан жырткычтан чыккан. Ал арстан, жолборстон да күчтүү болгон. Эч кимге моюн бербеген жаныбар болгон. Аны көптөп жатып тосуп, тороп токтотушкан.

## Айдагы кыз

*Инв.№235*

Жетим кыздын сулуулугуна ай көрүп ажары, күн көрүп, көөнү түшүп калат. Ошондо күн нурун чачыратып, айды жеңип, тартып аларда ай кадырын салып, андан сурап алат. Ошондон ушул мезгилге чейин жетим кыз ай бетинен орун алып, бейкапар жашап калган экен. Караган кишиге кыз эки чакасын апкөчкө илип алып басып бараткан өңдүү көрүнөт. Айдын кээде багып алган кызын таппай калып, туталанып кайгырышынан улам ай тутулат имиш.

## Үч аркар

*Инв.№180-а*

Илгери жер бүткөндө ирмеп атканын жазбаган, мергендиги жумуру баштууда жок, тоо кийигин ойго, ой кийигин тоого шылаган Тоотай аттуу кыраан мерген болгон. Ошол мерген үч аркарды кубалап атмак болгондо алар асманга чыга качып, «Бул балакеттен куткар» деп Көк Тенириге тилек кылат. Алардын тилеги орундалып, үч аркар да, Тоотай мерген да Көктө жылдыз болуп орноп калган имиш. Аркарларды чала чарпып тиштей мергендин тайганы да, тушоолуу сары аты да кошо чыгып, көктөн орун алышат. Ошол Тоотай мерген ал күндөн ушул күнгө чейин үч аркарды кароолго алып өңүп, ата албай убара-сарсан дейт.

## Аюу (I вариант)

*Инв.№183 (394) 68-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү 1947-ж.*

Аюу бир кезде табып болгон экен. Сыркоолоп барган кишилерден тартууну көп алган үчүн аюуга

айланып калган. Мамалагы өлүп калса, колуна бир жыгачты алып кадимкидей көрүм көрүп бакшылык кылат.

### Аюу (II вариант)

*Инв.№183 (394) 68-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү 1947-ж.*

Аюу баласы өлүп калса, колуна бир жыгачты кадимкидей көрүп бакшылык кылгандыгы анык. Мергендер баласын атып салганда чертип көргөндүгүн айтышат. Аюу табып экен акы алганда Аюу болуп кубултуп жиберген экен деп кыргызда сөз бар.

### Ташбака

*Инв.№394. 68-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Ташбака соодагер болуптур. Таразаны кемите тартып элдин акысын жегени үчүн ташбака болуп калган.

### Аңыр

*Инв.№394. 69-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Аңыр пайгамбардын келини экен... Бир күнү сууга түшүп атса, кайын атасы үстүнөн чыгып калат. Өзүнөн ыйбаа кылбаганы үчүн «Аңыр болуп аңкылдап кал» деп каргап коёт.

## Тоңкулдак

*Инв.№394. 68-б.*

Тоңкулдак киши болгон экен.

## Зеңги Баба

Зеңги Баба уйдун пири. Ал жарымы киши, жарымы уй түспөлүндө болот. Өзү маңка, жыты аябай сасык, аялы аябагандай сулуу. Ал ырайым кылып назарын салып койгон кишинин уюнун тукуму көбөйүп, ырыс кешикке бөлөнөт.

## Суур

*Инв.№394. 69-70-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Пайгамбар менен бир киши жер талашат. Жерден сурайлык «Жер, сен кимдикисиң?» деп. Жер сенкимин десе ошонуку болсун деп сөз байлашат. Пайгамбар менен жер талашкан киши жерди казып баласын киргизип коёт. Пагамбар сурайт: «Жер, сен кимдикисиң? деп. Бала унчукпайт. Киши сурайт. Бала сеникимин дейт. Пайгамбар кишинин кылган айласын билип, ээ, каапыр, суур болуп анкыштап кет деп каргайт. Суур ошондой болуп кубулган адам тукуму болот.

## Жөргөмүш

*Инв.№394. 70-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Жөргөмүш жип ийирчүү болуп кудайды эсине албастан жип ийире бергендиктен, жөргөмүш болуп

кет деп кубулткан имиш. Жөргөмүш пайда болгон калың чөптүн арасына желе тартып, чымын-чиркейди илээштирип алып, канын соруп азыктанат.

### Маймыл

*Инв.№394. 70-б.*

Маймыл боёкчу болуп, кыянаттык ишинен кудай каарынан кубулткан имиш.

### Коён

Жараткан бардык жан-жаныбарга мүчө бөлүштүрүп, ылайыктап курастырып жатканда коён айбыгып артта калыптыр. Баарысы өз энчисин алып тарап кеткенде коен жаратканга келип: «Менин мүчөлөрүмдү берсеңиз» дейт. Жараткан: «мүчө бөлүштүргөн кезде кайда элең?» дейт. Коён ыйлап сурана берет. Ошондо айласы куруп, ар жандыктан кичинеден: эшектен кулак, төөдөн эрин, эчкиден чычаң, иттен бут, жээренден бел сурап, курастырып коёнго мүчө түзүп берген экен.

Ошондон улам коендун кулагы эшектикине, буту иттикине, бели жээрендикине, чычаңы эчкиникине, ээрди төөнүкүнө окшоп калган.

### Куштар

*Инв.№394. 86-87-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Булбул куштун мырзасы
Буудайык куштун төрөсү
Туйгун анын бөлөсү.
Тоту куш куштун барчасы
Кекилик куштун калчасы

Бактек куштун жыртагы
Күйкө куштун бүкүрү
Кыргый куштун чекири
Сагызган куштун сакчылы
Чакчыгай куштун куудулу
Илек-илек кашка куш
Чөкө таандан башка куш
Улуу тоодо улар куш
Уларды кудай унуткан
Кез-кезине келгенде
Бүркүт кууп куруткан.

**Чиркей, чабалекей, жылан**

*Инв.№1784. 43-46-б.*

Илгери, илгери жер жүзүн топон суу каптаганда, Нук пайгамбар жан-жаныбарлардын тукуму үзүлбөсүн деп ар уруу жаныбарлардан бир эркек, бир ургаачы кылып, кемеге салып жиберген экен. Күндөрдүн биринде кемеде тешик пайда болуп, суу кемеге кире баштайт. Көрсө, аны чычкан тешиптир. Нук пайгамбардын айласы кетип:

– Ким бул тешиктен суу өткөрбөй жаап тура алат! – деп жар чакырат.

– Мен суу киргизбей кармап турам! – деп жылан чыгат.

Ошол убадасына бек болуп, топон суу бүткөнчө наар албай, бир тамчы сууну кемеге киргизбей тосуп турат. Алар акыры кургакка чыгышат. Нук пайгамбар жыландын эмгегине ыраазы болуп чакыртат.

– Жылан сага ыраазымын. Эмгегиңе кандай акы аласың? – деп сурайт.

– Дүйнөдө эмне таттуу болсо, ошону алам, – дейт жылан.

Нук пайгамбар макул болот да: «Ар бир жаныбардын, жемиштин даамын татып, кимдики таттуу экендигин билип кел» деп чиркейди жумшайт.

Чиркей бүт ааламды кыдырып, жер жүзүндөгү жан-жаныбар, чөп-чар, өсүмдүктүн даамын татып, кайра келе жатканда, анын алдынан чабалекей тосуп:

– Чиркейим эмненин даамы таттуу экен? – деп сурайт.

– Баарынан адамдын каны таттуу экен, – дейт чиркей.

– Тилиң кандай болуп калыптыр, таттуу даамга кандай болгонун көрөйүнчү? Тилиңди бери сунсаң? – дейт чабалекей.

Чиркей тилин суна бергенде анын тилин сууруп алат дагы, чиркей менен Нук пайгамбарга чогуу учуп барат.

– Кана чиркейим, эмненин даамы таттуу экен? – деп Нук пайгамбар чиркейден сураганда, ал кың-кың этип эч нерсе айталбай коёт.

– Баканын каны таттуу экен деп жатат, – дейт чабалекей.

Чабалекейдин сөзүнө ачуусу келген жылан куйругу менен бир чапканда, чабалекей уча качып, куйругу экиге бөлүнүп, ошондон улам эки ача болуп калыптыр.

Нук пайгамбар чабалекейдин сөзүнө ишенип, баканы жыланга буюруп коюптур. Ошондон улам жылан бака соруп калат. Эгерде чабалекей болбогондо жылан адамдын канын сорум калмак экен. Жылан менен чабалекейдин өч болуп, адам менен чабалекейдин дос болуп калышы ошондон улам болуптур дейт.

## Эжеке бээ саа

Илгери Ысык-Көлдүн аймагында чоң бүлгүн болуп, сырттан душман келип айылды чаап кетет. Ошондо Зейнеп деген он алты жаштагы кыз жаңыдан тили чыккан иниси экөө журтта калат. Жүрө-жүрө Зейнеп ышкын, согон, балтыркан, жөргөмүш терип жеп, бир кулуну менен калган бээни саап, иниси

экөө саамал ичип, өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагат.

Баланын тили чыга баштайт. Айрыкча, «эжеке, бээ саа» деген сөзгө тили таптак келип, эжелеп бирдемелерди сүйлөйт. Күндөрдүн биринде кыз бөбөгүн уктатып коюп, бээсин откоруп турагынан окчундап кетет. Жортуулдан жолу болуп, көпкөлөңкү дагы бир катуу баш байдын жигиттери жолугат. Кыз ээн талаада, чөп алачыкта кичинекей иниси уктап калганын айтып: «Мага тийбегиле!» деп, зар какшаганына карабайт, байдын көпкөлөң малайлары кызды олжолоп алып кетет.

Уйкудан ойгонгон наристе: «Эжеке, бээ саа» деп, эжесин чакыра берет. Кенедей баланын ыйын, муңдуу үнүн жел, тоо, таш, куштардан башка эч ким укпайт. Ээн талаада калган бечара бөбөк «эжеке, бээ саалап» улам айта берип, акырында чымчыкка айланып кетиптир деген уламыш эл арасында айтылат. Ошондон улам жайлоонун кичине чымчыгын Эжеке баа деп коюшат.

## Бакбакай сулуу

*Инв.№180*

Баканын Бакбакай аттуу сулуу кызы болот. Ага Сайгак ашык болуп жуучу жиберет. Бака: «Эгер ой чуңкурум, тоо чуңкурум толгон калың мал берсең, кызымды беремин» дейт. Сайгак «калың малга барып бергиле» деп койго акыл салды эле, кой «бирибиз эмес, баарыбызды берсең да макулбуз» деп жөнөп калды. Эчкиге айтса «Бакага калыңга барбайм, баткакка тыгылып өлбөйм» деп, таштан ташка секирип кетип калды. Төөгө барып айтты эле, төө «баоып бергенибиз жөн болор» деп, жон ылдый чубап жөнөп калды дейт. Жылкы да эпке көндү. Уй муну укканда «барбайбыз» деп, бир тобу ойго качты, бир тобу суугa качты. «Жетсең алып баргын, жетпесең

куру калгын» деп өжөрлөнүп алды дейт. Сайгак да ойдон тоого, тоодон ойго кубалап өчөшүп алды. Сууга качкан уйлар Баканын кызы Бакбакай сулуунун ичин жарып тепсеп өлтүрүп салды. Калыңга барган мал суусуну кана суу ичип, салкындап оттоп, тарап кетти. Сайгак ошондон бери уйга өч. «Келген малды бекер кетирдик, байлап албай не болдук, матап албай не болдук» деп, капасын калкка угузуп бака чардап калды.

## Уй бөйрөк

Жараткан уйга мүчө бөлүштүрүп жатканда сайгак келип, сайылып калат. Уй сайгактап качып жөнөп, бөйрөк бөлүштүрүүдөн куру калганда жараткан кайрадан жаныбарларды жыйнап, кураштырып бөйрөк жасап берет. Ошондон улам уйдун бөйрөгү кырк курак болуп калган экен.

## Балта жутар

*Жазып алган Ыбырайым Абдыракман уулу*

Илгери бир заманда Чомотой аттуу саятчы бүт куштардын тилин билүүчү экен. Бир күнү өз үйүнүн жанында дөңдө олтурса, бир көк жору учуп келди да, Чомотой саятчыга салам берип, саятчыга катуу таарыныч айтты.

– Мен болсом бардык куштун чоңу, зору, төрөсү болом, анын үстүнө сакалдуумун, жүндөрүм да буудайыктыкындай чаар. Таз жорудай тарп аңдып, сасыган эт жебеймин, тишиме, тамагыма жумшак деп сөөк гана жеймин. Бир гана адамзатка таарынычым, мени жада калса бүркүткө да теңебей, жору деп коюшат экен, өз атымдан эле айтпайбы?

Кумайыктын энеси буудайык десе болбойбу! – дептир.

Чомотой карыя күлүп:

– Мына, муну жутуп жиберчи, мен бир жакшы ат берейин! – деп, колундагы ак балтаны сунду. Көк жору ап эткизе сугунуп жибериптир. Ошондо саятчы:

– Анык балта жутар экенсиң! – дептир.

Көк жору ошондон баштап балта жутар аталыптыр жана саятчынын койгон атына ушул күнгө чейин ыраазы экен.

## Сасык үпүп

*Инв.№1322(32)*

Сулайман пайгамбар аялынын тили менен мунара курдурмакка жер үстүндөгү барлык куш аттууну жыйнап, тумшуктарынан көзөп байлаттырып коёт. Куш эсебин ала келсе, сасык үпүп жок болуп чыгат. Эки жолу чабарман жиберип чакыртса, келбей коёт. Акыры карчыга (ителги, кара боор) күч менен алып келет. «Чакыртканда эмне келбедиң?» дейт пайгамбар. Үпүп «Дүйнөдөгү өлүү-тирүү, ургаачы-эркетин эсебин алып бүтө албай жаттым. Аялынын тилин алган эркекти аял жынысына кошсом, бир санга ашып кетип жатат» дейт. Сулайман пайгамбар сөзгө жыгылып, үпүптү өлүм жазасына тартмак тургай, ага таажы кийгизип, байлап алган куштун баарына азаттык берет. Ошондон улам үкү таажылуу болуп, куш тумшугунун баарысы көзөнөк болуп калыптыр.

## Эмне үчүн үкү түнкүсүн учуп калган

Үкүнүн эмне үчүн түнкүсүн учуп калгандыгы жөнүндө ар кандай уламыштар бар. Ошолордун бирөө мындай экен.

Окуя мындан көп кылымдар мурда болгон дейт. Күндөрдүн биринде ойдо-тоодо жашаган куштар өздөрүнүн курултайына жыйылышты. Анда өздөрү жашаган жерден башка чөбү от, суусу мол жерди

издеп табууну чечишти. Курултайда куштардын төрөсү – Бүркүт аларга кайрылып, минтип айтты:

– Андай жерди табууга кимди жиберебиз? Кеңешке келгендер чурулдашты:

– Учкул эмеспи, Ылаачын барсын!

– Сак эмеспи, Сагызган барсын!

– Алп эмеспи, Таз Жору барсын!

Бирок булар жараган жок. Акыры тырмактуу десе тырмактуу, тумшуктуу десе тумшуктуу, күчтүү десе күчтүү дешип, Үкүнү жибермек болушту. Үкүнү үч ай бою жакшылап багышты. Анан жолго салышты. Ал тоо-талааны кыдырып, ашуу-бел ашып учуп отурду. Бир нече айдан кийин кайра келди. Аны тосуп чыккандарга: «Жакшы жерди тапкан жокмун» деди. Көпчүлүк буга ишенген жок. Ага тыңчы коюшту. Үкү болсо өз атасына барды да минтип айтты:

«Эң сонун жер Ала-Тоо экен. Ал жердин жайы салкын, кышы мээлүүн. Бирөөлөргө сөз чыгарба. Ал жакка экөөбүз эле кетебиз».

Бирок булардын сөзүн тыңчы чымчык угуп алды да, башка куштарга айтып койду. Куштар чогулуп келишип, Бүркүттүн буйругу менен Үкүнү аябай сабашты. Үкү жан соогалап качып жүрдү.

Мына ушул окуядан кийин ал калпычы аталып, күндүз элге көрүнгөндөн уялып, түнкүсүн ууга чыгат дешет.

## Сасык үпүптүн таажысы

*Айтып берген Эшназар Матай уулу*
*Жазып алган: Буудайбек Сабыр уулу*

Илгери-илгери бир заманда аялын аябай сүйгөн бир кан болуптур. Бир күнү аялы:

– Сен мени аябай сүйгөнүң чын болсо мага куштардын канатынан бир келишкен үй салып бер, – дейт. Аны аябай сүйгөн кан аялынын сөзүн эки

кылбай макул болот. Ал кан элдердин тилин гана эмес түркүн куштардын да тилин билчү экен. Кан бүт куштарга баланчанчы күнү мага келгиле, – деп жар салат. Куштардын бардыгы келе баштайт. Азыраак кечигишип тоок, кыргоол, карга, бөдөнө келишет. Кандын каарына калгандан кийин булар кийин бүркүт, куш, жагалмай, кыргый, каркыра ж.б. куштар сыяктуу көкөлөп, ылдам уча алышпай начар учуп, секирип басып калышат. Өтө кечигип аягында сасык үпүп келет.

– Эмне мынча кечигип? – деп кан каарланат.

– Дүйнөдө өлүк көппү, тирик көппү, аял көппү, эркек көппү, ошолорду билейин дедим, ошолордун эсебин алып жүрдүм, – дейт сасык үпүп.

– Анда кандай экен, бул дүйнөдө өлүк көп бекен, же тирик көп бекен, – деп кайта сурайт баягы кан.

– Бул дүйнөдө өлүк көп экен! – дейт сасык үпүп.

Чочуган кан:

– Менин эсебимче дүйнөдө тирик көп болушу керек эле да, сен жаңылсаң керек...

Анда сасык үпүп жооп берет:

– Мен күн чыкканга чейинки уктагандарды өлүккө коштум, ошондо бири ашып кетти. Сиз да аялыңыз менен күн чыкканга чейин уктап жатыптырсыз, – дейт. Кан унчуга албай калат.

– Бул дүйнөдө сенин эсебиң боюнча аял көп бекен, эркек көп бекен?

– Аял көп экен, – деп жооп берет сасык үпүп, – себеби аялынын сөзүн уккан эркектерди аялга коштум. Сиз да аялыңыздын сөзүн угуп, куштардын канатынан үй салдырып бергени жатыпсыз. Кан сөзгө жыгылат, унчуга албайт, сөзү туура болгондуктан сасык үпүптү да жазалай албай калат.

Өлүмдөн калган куштардын бардыгы чогулат. Сөз таап, аларды өлүмдөн куткарган сасык үпүпкө баарысы аябай ыраазы болот. Агер сасык үпүп болбосо ошол куштардын бардыгынын жүнүн жулуп, кан аялына үй курдурат эле да. Ыраазы болгон куштун

баары кеңешип ошол сасык үпүптүн башына таажы кийгизип кан көтөрүп алат. Сасык үпүптүн башы башка куштарга окшобой, таажы кийип турганы ошондон калган деген сөз бар.

### Чабалекейдин куйругу эмне үчүн ачакей

*Айтып берген: Муса Байгарин уулу*
*Жазып алган: Буудайбек Сабыр уулу*
*Жомок жана жомокчу 241-б.*

Күндөрдүн биринде жылан жер жүзүндөгү жандуу менен жансыздарга мындай деп арманын айтат экен:

– Мени жараткан кудай силердин баарыңардан кем кылып жаратыптыр. Буту-колум жок. Башымды көтөрө албай, жерде боортоктоп калдым, эмне жеп, эмне кыларымды да билбейм. Силердин баарыңар бүт тилдеп, каргап жаман көрөсүңөр. Сен азап, кордукту көп тартсаң, падышалык деле колуңдан келер эле деп, сөз менен болсо да көңүлдү көтөрүп коюучу эч ким жок дейт. Жандуу, жансыздын баарысы жыланга боору ачып, таарынычын туура көрөт. Кара кылды как жарган адилеттүү жылан экен деп ишенип, хан шайлашат. Жылдан жыл, айдан ай өтүп, бир күнү жылан: «Ааламга падыша болуп, бардык бийликти өз колума алсам, мындан да жакшы болоор эле. Көзүмө көрүнгөндү ичпей, эттин таттуусун жеп, кандын ширинин сорот элем» деп кыялданат. Анан кандын ширинин, эттин таттуусун биле тургандарды чакырат. Кош канатын делдейтип, буттарын тартайтып чиркей, дагы бир топ кансоргуч келет. Жылан алардын ичинен чиркей менен аарыны тандап алып: «Экөөң жер жүзүндөгү өсүмдүктөрдүн даамын, жандуулардын канын соруп, таттуусун мага айтып бергиле. Жумшактан топурактын, катуудан таштын даамын алгыла» деп жиберет. Аары: «Падышага ылайыктуу дүйнөдө адамдын каны экен» дейт.

Чабалекей чочуп кетет. «Асыл десе асыл, акыл десе акыл болуп жүргөн адам баласы ушул жарым жандуу жыланга азык болуп калабы – деп, кана, көрсөтчү, дос, тилиңди, – дейт. Мынакей – деп, аары тилин чыгарат. Чабалекей дароо аарынын тилин жулуп алат. Аары булдурап, падыша жыланды карай учуп жөнөйт. «Тили жулунду, адамдын каны таттуу экендигин эми кантип айтар экен» деп чабалекей аарынын артынан акмалап жөнөйт.

Аары бир нерсени айткысы келип ыз-ыз этип, жыланга карайт. Бирок эч нерсени түшүндүрө албайт. Жылан калайык калкка карайт. Ошондо чабалекей: «Жер жүзүн кыдырып, жандуунун канын соруп, өсүмдүктүн ширесин татып, топурактан таттууну таппадым деп жатат» дейт. Жылан, шекшип: «Мунун тилин сен бир балээ кылгансың го» деп, чабалекейди карай жулунганда, чабалекей качып жөнөйт. Жылан чабалекейдин куйругунун бир талын тиштеп үзүп алат. Ошондон кийин жылан топурак жалап, аары тилсиз ызылдап калган дейт. Чабалекейдин куйругу ошондон ачакей болуп калган экен.

*Жомок жана жомокчу 117-118-б.*

## Сасык үпүп

*Инв. № 1322*

Сулайман пайгамбар заманында бүткүл дүйнөнү, жер-сууну, асманда учкан кушту, жан-жаныбарлардын бардыгын сурап турган экен. Мезгил жетип ал өзүнүн өлөрүн билип, өзүнүн атагын өчүрбөс үчүн бир белги калтырууну ойлойт. Бирок кандай нерсе калтырууну чече албайт. Акылман аялынан акыл суратып, өзүнүн обозгерин жиберет. Аялы обозгердин сөзүн угуп: «Келечекте өзүнүн артына мурастык үчүн таштан, кумдан, чоподон, жыгачтан эстелик курдуруу жарабайт. Анткени, бул бүткүл адам баласынын колунан

келет. Ошондуктан, канаттуу куштардын сөөгүнөн өзүнчө бир кооз мунара тургузуу керек. Себеби, Сулаймандан кийин дүйнөнү эч ким сурабайт. Куш өзүнчө, жердеги жан-жаныбарлар, курт-кумурскалар өзүнчө, адамзат өзүнчө падышачылыкка өтөт». Ал акылды падыша туура таап, бүткүл куштарга жар чакырат. Куштар чогулуп келгенде алардын эсебин алса, сасык үпүп жок болуп чыгат. Падыша сасык үпүптү таап келмекке жагалмайды жиберет. Анда келбей койгон соң, кара боорду жумшап, сасык үпүптү алдырат да сурак кылат. Үпүп Сулайман пайгамбардын суроосуна акылмандык менен жооп таап, жазадан кутулуп кетет. Анын тапкычтыгына, акылмандуулугуна пайгамбар ыраазы болуп, өзүнүн жаңылыштыгын сезип, үпүпкө таажысын кийгизип, үстүнө кооз чепкенин жабат. Сыйды алып сыртка чыкса, куш аттуунун баары аны куттуктап басып жыгылат. Үпүп өлүп кала жаздап, араңдан зорго кутулуп, кайра Сулайман пайгамбардын үстүнө качып кирип «мени булардан куткара көр» деп суранат. Ошондо пайгамбар ага сасык жыт берген экен. Үпүптүн сасык болуп, ал эми жүнү, келбети кооз болгондугу ушундан калыптыр. Жагалмайды болсо үпүптү ээрчитип келе албайсың деп мойнундагы жылажынды алып, тамагына кара тамга салып жазалайт. Тапшырылган ишти дурус аткаргандыгы үчүн кара боор пайгамбардан сыйлык жана «күчтүү бол» деген бата алат. Ошондон бери бул куштар ошол сымбатынан жазбай келе жатат.

## Дөөтү менен ителги

Бир күндөрү Дөөтү ысык темирди камырдай жууруп узанып отурса, куш балбаны ителги келип, «тегирмендин ташын жара тээп, жаратпай койсом алтындан текөөр салып бересиңби?» деп сурайт. Дөөтү уста «кой» десе болбой, асманга атырылып чыгып, типтик куушурулуп келип, тегирмендин ташын жара

тээп, күү менен асманга чыгып, кайра кайрылганча Дөөтү кадоо салып, тегирменди жүргүзүп коет. Ошондон улам ителгинин көзүнөн жаш томолонуп агып калган дешет. Дөөтү болсо, алтындан текөөр салып бермекке ителгини күтүп жүрөт имиш.

**Дөөтү уста менен ителги**

(*Ушул жана мунун катары менен кеткен үч уламыш Батма Кебекова менен Анара Токомбаева түзгөн Кыргыз эл жомоктору китебинен алынды. Себеби аталган китеп Колжазмалар корунда сакталып турган материалдардан түзүлгөн*)

Илгери өткөн заманда колунан көөрү төгүлгөн зергер уста Дөөтү болгон, ал кызыл чокко колун салса да күйүүчү эмес. Темирди камырдай жууруп, түркүн буюм жасачу, алтын-күмүштөн оймо-чийме төгүүчү. Ал баатырларга соот-чопкут, жоо-жарак жасап, шаарга чеп курду, желге жел тегирмен, сууга суу тегирмен чуркатты.

Калкы кадырлап, атагы алыска жайылып, төгөрөктүн төрт бурчунда шакирттери көбөйдү. Дөөтү алардан эч өнөрүн аяган жок, баарына бирдей үйрөттү. «Бирок, – деди шакирттерине, – эч убакта мактанбагыла, эгер мактансаңар усталык өнөрдүн сыры ачылып калат да, оттогу темирди колуңар менен кармай албай каласыңар» деди. Шакирттеринин баары устатынын айтканын эске тутушту. Ошентсе да, алардын ичинде бирөө бар экен.

Бир күнү бир карыя: «Балам, усталыгың кандай, бардыгын үйрөнүп калдыңбы?» – дептир. Анда ала көөдөн: «Дөөтүдөн да өтүп калдым», – деди, устанын айтканын эстен чыгарып. Дүкөнүн ачып, отко темир салып көрүгүн басып, темир кызыганда кармайын десе, колуна ысык темир шыр этип жабыша түштү. Ала көөдөн ошондо гана мактанып койгонун билди. Аттиң деп оозун карманды. Жолоочулап кетимиш болуп, колун айыктырып алды, бирок дүкөнүнө кирип

алып миң аракет кылса да эч нерсе чыкпады. Ошо кезде Дөөтү уста бүт ааламды кыдырып, шакирттерин көрүп жүргөн кези эле, бул устатына да кезикти, бирок дүкөнүнө барган жок жөн гана: «Балам, иш кандай?» деди. Бала уялып эч нерсе айткан жок, Дөөтү уста билди да: «Ит сөөктү кантип кармап жегенин да билбейсиңби?» деди да, артын карабай жок болду. Бала эми түшүндү дүкөнүнө келип эптеп бир кычкач сокту. Ошондон баштан иши кайра жөнөдү. Экинчи мактанганды койду. Бир күнү Дөөтү уста тегирмендин ташын чегип бүтүп, жүргүзөйүн деп суу жыгайын десе, чатырында бир ителги отурган экен. Дөөтүгө салам берип, өзүнүн эмнеге келгенин айтты: «Сиз менен мелдешейин дедим эле, эгер мен сиздин тегирмендин ташын жара тээп, жүрүүгө жаратпай койсом, мага алтындан текөөр салып бересизби?» деди. Дөөтү уста: «Койгун, бекер убара болбо! Эгер жара тебе албасаң уят болосуң» десе, ителги болбоду. Мелдеш башталды. Ителги асманга атып чыгып, типтик куушурулуп келип тегирмендин ташын жара тээп, кайра асманга атып чыкты. Дөөтү уста ителги кайра имерилгенче ташка кадоо салып сууну жыгып жүргүзүп жиберди. Ителги кайрылып келип караса, тегирмен кадимкидей эле жүгүрүп жатат, өз көзүнө ишенбей көпкө тиктеп турду. Устанын чеберлигине көзү жеткен ителги ыза болуп ыйлап жиберет. Ошондон ителгинин көзүнө жаш тоңуп калган, көзүнүн жашын ушул убакка чейии аарчыбастан, ичиндеги ызасын чыгаруу үчүн түркүн кушка кас болуп кезиккенин жара тээп кете берет. Дөөтү уста дагы келип калабы деп ушу күнгө чейин ителгини күтүп жүрөт дейт.

## Чомотой саятчы

Бир күнү кузгун Чомотой саятчыга келди. Салам берип күнгөй-тескейден көргөн-билгенин айтып, аягында жашып ыйлап жиберди. Чомотой муну көрүп,

катуу чочуп кетти. «Эмне капаң бар, Куке?» Кузгун: «Ар жылда алты балапандуу болобуз, чоңоюп темир канат болгондо эле, уянын кырына чыгамын деп, биз жокто учуп өлүп калат. Уяны зоого, жыгачка да салып көрдүк, эч пайда чыкпады. Быйыл да бирөөнөн ажырадык».

Чомотой саятчы кемпирин чакырып: «Байбиче, бир түрүм шоона ала келчи» деди. Кемпири алып келген шоонаны кузгунга берип: «Ме, муну менен уянын кырына жетпес кылып бутунан байлап койгун» деди. Кузгун кубанып, шоонаны алып жөнөдү. Келип, балапандарын жалгыздан бутунан байлап уяга бекитип койду. Кайда барса да капарсыз учуп кете берүүчү болду. Балапандар канат күүлөп уча турган болгондо тушоосун чечип учурду. Кузгуп кубанып: «Эми Чомотойдун акысынан кутулуу керек» деп, алыскы Каухар-Төрдөн балдарынын баарына чүкөдөй каухар тиштетип келип Чомотойго берди. Ошондон кийин кузгун дайыма балапандарын аман-эсен учурат экен.

## Төө

Илгери төөнүн жакшынакай узун куйругу, чоң кулагы, жакшы мүйүзү болгон экен. Анын ак көңүлдүгүнөн пайдаланып, бир күнү жылкы «конокко барганга берип тур» деп куйругун сурап кетет. Аны уккан уй дагы келип кулагын сурайт. Жылкыга берип, уйга бербесем таарынат го деп кулагын да алмашат. Эчкинин дагы мүйүздүү болгусу келип, мүйүзүн убактылуу сурап кетет. Төө болсо кимиси качан алып келет деп, эки жагын каранып жатып, мойну да узарып кетет. Айласы кетип жылкыга барат. Ал уй качан кулагыңды берсе, мен ошондо куйругуңду берем дейт. Уйга барса, эчки качан мүйүзүңдү берсе, мен ошондо кулагыңды берем дейт. Эчкиге барса, жылкы качан куйругуңду берсе, мен ошондо мүйүзүңдү берем дейт. Ошондо

төө алданганын билип, кебетесинен уялып, чөлдө жашап калган экен.

### Кайберендин ээси

Илгери бир мерген балалуу эликти жарадар кылып, огу түгөнүп калып, кармап алмакка артынан кууп жөнөйт. Элик качып отуруп, бир үңкүргө кирип кетет. Мерген артынан кирейин десе: «Алда баланды аткыр ай» деген үн угулат. Тобокелге салып кирип барса, бир ак чач кемпир туякка айран куюп берип, «Балам мындан ары балалуу эликти атпай жүр, убал-сообу болот» деп, узатып жиберет. Байкаса ал Кайберендин ээси экен, канчалык ичсе да туяктагы айранды түгөтө албай, айраң-таң болот.

### Кажыр

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Кажыр жорунун бир түрү. Кажырдын канаттары эки метрден төрт метрге чейин жетет. Кажырлар күчүк тууйт, ал жети күндөн кийин кажыр болуп кетет. Жети күндүн ичинде ал күчүктү адам көрүп койсо же алса ал күчүк кумайык болуп кетет. Кумайык ошондой катуу күлүк жана шамдагай болот, көзүнө эмне көрүнсө ошону алат. Кажырдын эти кулгунага дары.

### Кумайык

*67-б. Инв.№394. 67-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү 1947-ж.*

Кумайык деген кыраан итти көк жору тууйт. Ач белге көк жору кол башындай күчүктү тууп таштаганда кыңылдап жата берет имиш. Кудай буйурган адамга жолугуп, аны жети күнү уктабастан

таза бакпаса кайып болуп кете берет имиш. Таза асырап токтотуп калса, Кумайык түгөнбөгөн кенч болуп, жолборсту да алат.

### Кумайык

Кумайык башы бүркүттүкүндөй, денеси арстандыкындай болгон мифтик куштан (айрым вариантта көк жорудан) туулат дешет. Куш күчүктү ач бел, куу жолго таштап кетет имиш. Ал өтө алсыз, кол башындай эле кичине болот экен. Эгерде үч күндүн ичинде адамга жолукса, иттин сырттаны (Кумайыгы) болуп, ээсин түгөнбөгөн кенчке, ырыс-кешикке бөлөп, эчки, текеден таштап, илбирс, жолборсту да алат дешет.

### Ит төрөсү

*Инв.№312. 2-дептер, 12-18-б.*
*Жыйнаган Чоробаев*
*Айтып берген Өмүраалы Чоңбалык уулу*
*84 жашта*
*Нарын өрөөнү, Кош-Булак колхозу, 1946-ж.*

Тайгандан жөнөкөй ит чагышып тууса «баарын» дейт. А дагы машыктыруу менен керекке жарайт. Түрөгөйдөн дагы ишке жараарлык туулат. Тайган өзү кайдан чыккан дегенде ит жынысынан жаратылган ит төрөсү деп айтат. Тайгандан Кумайык деген чыгат дейт. Бул Кумайык ак калпактуу кыргыз уулунан Көбөш дегенге учурап Кумайыкты агытып жүргөн. Ал Көбөш деген башында бир айылга ууруга барса, айылдын чет жагында жети карышкыр аңдып жатты. Канын Көбөш көрөт. Эбин таап ал уурдап мал уурдап кете албаган соң, айыл башынын үйүнө кирип салам айтып келип отурат. Ал үйдөн наар ооз тийип бир аздан соң үйдөн чыгыш үчүн ордунан тура бергенде бир ат жанындагы жаман күчүктүн

куйругун басып алганда күчүк каңкылдаганда баягы карышкырлар качып кете беришет. Көбөш эки күн ошол айылда туруп, баягы күчүктү байдан сурайт: «Бир айыл киши элек, айылыбыз менен итибиз жок эле, ушул күчүгүңүздү бересизби?» дейт Көбөш. Анда бай: «Мейли, алсаңар алгыла, балдар талаадан таап келди эле» деп берет.

Ал күчүктү Көбөш багып жүрүп атын Кубагыш коёт. Кубагыш өзүнөн өзү алгыр болуп, көзүнө көрүнгөнүн тиштейт андан барып «кумайык» деген наамга койулат. Кечмелик жерде карышкырды көрсөткөндө, жүгүрбөстөн аста жылып көмүскөгө кирген соң учканы, жүргөнү кишиге билинбей, көрүнбөй, кандай жеткенин адамдын ой-акылы жетпей таңкалаарлык болгон дейт. Ошентип бугу, марал, аркар, кулжа, эчки, теке, карышкыр кырылып калчу экен имиш. Акырында жер бетинен эчтеме койбой кыргын салып жибергенде ак маралга кезиктирет. Ал ак марал качып жүрүп, Кумайык жетээр болгондо ак марал каргайт имиш:

«Кайт, Кумайык кайт!
Ит төрөсү сен элең,
Кайып ээси мен элем,
Кыйырчактын кызыл таш,
Кыялай басып кетермин,
Кырк чилтенге жетээрмин,
Таманыңдан бат өтүп,
Эки аяктап басып калаарсың.
Ит жарасы үч күндүк,
Үч күндөн соң жетээрмин».

Ошондо ак маралдын каргышы тийип Кумайыктын эки көзү сокур болгон соң, ошо жерге өлөт. Көбөш казак-кыргыз, капыр мусулманга салтанатта жок аш берет. Кумайыктын ашын Кочкор талаасына өткөргөн имиш. Ошондон калган сөз бойунча тайгандын алгырын Кумайык деп атап, андан кийинки мактоо бойунча жарашыктуу ат койуп калат. Мисалы Алапар, Жезбилек, Сарыкашка, Учар, Жетер ж.б.

Күчүк чагынан багып семирте берип, он эки айга толгондо кайтарат. Адегенде бир үзүм кебезди майга кайнатып, суутуп туруп коё кылып берет. Анткени ич этти тазалайт. Андан соң тузу жок атала берип, беш-алты күн арыктаса табына келет. Ошо арада эле андан мурун алдын канынан кууруп берет. Эгер чийки берсе, тайганга жакпайт. Качан табына келген соң аз-аздан жылуу кан таткантып жүрөт. Тайгандын мерген үчүн биринчи пайдасы кийикке агытканда үрүп айланта кубаласа, биринчи жактан мерген тоссо, экинчи жактан тайган тосуп аттырат. Аны «тайган камады» дейт. Жарадар кийикти узатпай тиштеп чыгат. Теке мүйүзү менен чаап, качып айбат кылып тура берет. Качайын десе, узатпай тиш салат. Аргасыз туруп калса, «камалды» дейт. Мерген атып алат.

### Мээр чөп тиштеп жаткан жаныбарлар

*Инв.№666(5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Кыш башталгандан баштап жазга чейин чээнге кирип жатуучу жаныбарлар ооздоруна мээр чөп тиштеп жатышат. Мисалы: аюу, кашкулак, кирпичечен, ташбака, жылан жана башкалар. Ушул эле Чүй боорунда жашаган бир кыргыздын Карагандын таш көмүр кенинин ары жагында жашаган бир казак досу болгон. Бул кыргыз кыштын күнү ошол казак досунукуна барат. Барса досунун үйүн кар басып калган, малы токойдо жайылып жүрөт, досунун үйүнө кирсе досу бала-чакасы менен өлүп жатат, ооздорунан шилекейлери, мурундарынан чимкириктери аккан, көздөрүнүн шоролору агып, чылпактаган. Ал кыргыз казак досунун бир кичине кызын жакшы көрүүчү экен, ал кыздын оозун, мурдун, көзүн тазалайт, шилекей, чимкирик, чылпактарын кетире аарчыйт. Ошондо ошол кыздын оозунан бир чөп көрөт, бул эмне болгон чөп дейт да, чөптү оозунан алып

таштайт, башкалары эми болоору болуптур дейт да аларга тийбей кайра үйүнө келе берет. Кыш кетип жаз келгенде баягы казак кыргыз досуна келет. Эки дос сүйлөшүп олтуруп, кыргыз казак досуна ушул өткөн кышта сеникине бардым, карасам баарыңар өлүп калыпсыңар, анан кызымдын бетин аарчып, тазаладым, ырас башкаңарга тийбедим. Казак кыргыз досуна кыздан дагы эмне көрдүң дейт. Кыргыз кыздын оозунан бир чөп көрдүм, аны оозунан алып таштадым дейт. Ошондо казак досу ошол чөптү бекер алып таштагансың, ошол кызым өлдү, башкабыз тирүүбүз, биз кыш болду, мээр чөп тиштеп чээнге кирип жатабыз дейт. Ал сөздү уккандан кийин кыргыз казак досуна мээр чөп тиштеп чээнге кирип жатаарыңарды мурунтан эле айтып койгонуңузда болмок экен деп өкүнүп калган экен.

## Дарым бадик

*Инв №41 (235) 3-б.*

Ал кеселдин тартиби мындай экен, ошол ооруган адам көгүлдүрүнө тартып, көзү-башы бүткөн бою шишип, көзү көрүнбөй калат. Мунун атагын бадик деп айтат. Буга табыптардын, бакшылардын кылган эмдери кыздарга кызыл кийим кийдирип, ооруган адамга тегерете олтургузуп, бакшы бет алдында олтуруп, кыздарга кудай тилегиңди берсин, айыгар деп табып-бакшылар жар бердирип, бир күндө үч мезгил бадик айтат. Эртең менен күн чыкпай туруп бир, түштө бир, күн батардын алдында бир айтат.

## Дарым

*Инв №41 (235) 11-12-б.*

Куртка-Терек элинде Курман деген бир сексендердеги абышка дарымды жакшы билет дегенинен

буга барып баштан аяк дарымды оозуна түкүрөйүн дайындап айтып бериңиз деп сурадым, Курманаалы айтып берди. Бул дарым.

Жылан чакканды кайтарат. Кара курт, чаян чакканды кайтарат. Адамда ар кыл ысыктан шишип ооруган шишикти кайтарат. Колго, бутка чыккан, башка чыккан күйдүргү көк кене деген оору болот муну да кайтарат. Сөөктөгү тунуп жаткан ысык кеселди баса дарымдаса, сөөктөн ысыгын чыгарып муну да кайтарат.

Тиш ооруну сескен болсо же курт жеген болсо муну да кайтарат. Бул дарым кыргыздын ата-бабасынан бери кылып келе жаткан эми-дому дарым эмесби деди. Мен сурадым. Ар ооруга ар башка дарымдайсыңарбы, же барысыныкы эле бирдейби? Дарымчы Курманаалы айтты: аз билгени болот, көп билгени болот, кандай кесел болсо дагы билген эле дарымын айтып түкүрөт, түкүргөн эсеп эмес, эми түшкөндөн деди.

Түшүндүрүү: чечүү дарым окуучулар дарымдарды үй кайрадан же жети кайрадан айтып сүф-сүф-сүф деп дем салышат. Шишик үчүн болгон дарымдардын бирин шишикке карап айтат, анан шишикти жип менен байлап коюшат. Кара курт бөлүмүндөгү 62 дарт деген дарымды айыккан оорууга жети кайра окуп койсо дарты кайрадан кармайт имиш. Ушул өңдүү ооруларды кайтадан козгой турган анан башка да бир далайы бар.

## Кара куртка (дарым-бадик)

*Инв. №200 26-б.*

Дарым ар бир түрдүү буулуп, калк ар урууларга жана ооруларга агулуу жаныбарлар чакканга окуу үшкүрүлөт. Жетиден да кем окулбайт. Ооруларга окула тургандары табылбады. 14-дарымдан соңгу беш жолдун бары да кара куртка дарым окуучу зор жерлер дур. Ошол себептен алардын аттарын тизип кетет.

2. Дарымдан соң төртүнчү түр болуп, жаңгыз кар жаадыруу аваны өзгөртүүгө өзгөртө турган жайы деген баталар бөлүмү эле. Аларга бул дүркүндө мисалдар табылбады.

### Жыланга

*Инв.№ 44 (1847) 26-27*
*К.Муратов*

Калмактарда бул дарым зарар кылдырбас үчүн да окулат. Анын үчүн ошого ыктуу списалис киши жыландын кордасына жакын жерге бир төгөрөк сызык сызат. Өзү анын ичине кирип бир эки кадак сары май алат, ошого окшотуп бир нече мартаба окугандан кийин жыландар төгөрөк сызыкка кирилет. Жыландын башынан көз албай майдан жеп окуй берет. Ошентип бир канча кабат окугандан кийин, жыландын башчысы карап тура албай, жеңилет. Андан кийин чакпайт. Кытай ичинде каш калмагында 19..–1920-жылда Кордодо Бирманча деген калмак көзүм көрдү.

### Дарым: (Кара-Курт)

*Инв.№312 дептер №1*
*Жазып келген Чоробаев*
*Айтып берген Шекербаев Ырыскелди*
*65 жашта*
*Дөдөмөл колхозу 24.08.1946-ж.*

Аянбала, Чаянбала, Ным бала, Зым бала, Таштан катык белең Карагайды кайра бала, туткасын айра бала, Ым бала, дуба менен айдап (дем салат, суу менен түкүрөт).

## Карагандынын түбү дары

*Карасай уулу Каракол кантонунан жыйнаган (1926)*
*Инв.№666 (5103)*

Узак убакытка чейин токтобогон ич өткөккө карагандынын түбү дары. Карагандынын түбүн казып алып, аны кырып жууп тазалап туруп таза сууга кайнатат, ал айдай болуп кызыл болуп калат. Анан аны ар күнү бир чоң кактан үч маал ичүү керек. Ошентип аны ичи өтпөй токтогончо ичүү керек. Буга мисал Калинин району, «Победа» колхозу Эриктүү кыштагында жашоочу Кадыркул деген кишинин ичи бир жыл өткөн, ал алты ай доктурга көрүнгөн, бирок эч жардам болбогон. Кийин Кадыркул карагандынын түбүн кайнатып алып, бир ай үч маал бир кашыктан ичип каксыз айыккан.

## Тели жаталак

*Инв.№643 (5281)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*Аламүдүн району, Стрельников совхозу*

Тели (жаталак) болгон жылкынын эки таноосунун ортосундагы чемирчеги өсүп (көтөрүлүп) кетет. Жылкы жата баштайт, ичи көбөт. Чемирчектин учун бычак менен кесет же болбосо шибеге менен көзөйт. Чемирчектен кара кан чыгат. Жылкы тели оорусунан айыгып кетет.

## Мээр чөптү табуу

*Карасай уулу Каракол кантонунан жыйнаган (1926)*

*Инв 666 (5103)*
*Инв 447 (1847) 2.01.57.*

Мээр чөп шамал, жел эч болбогон жайкы ысыкта жел тийгенсип өзүнөн өзү ыргалып турат. Ошол ыргалып турган чөп, мээр чөп болот.

## Тамырчы табып

*Инв.№365*
*Адабият жыйноочу Байымбет*
*1924-жыл, 14-август*
*Түзгөн Ыбырай Абдыракманов*
*Фрунзе шаары май (1954) 15-19-б.*

Ар кайсы чоконокчу тамырчы табыптардан жөнүн сурадым. Дайындуу кылып көңүлүмдү уютуп айтып бере албады. Чоронун ичинде Куртка-Терек элинде калкка дайындуу Сакибай деген бир табып бар эле, ол адам өлгөн эле, Сакибайдын Мамбет деген баласы жакшы тамырчы болду эле, кеңеш өкмөт доктурга ооруну караткан эски тамырчы табыптар кесел карабасын, билинип калса сотко тартылат деген кабап менен токтолуп калды. Ушул Мамбет сураган сөзүңдү ачып айрып айтып берет деп уктум дагы Дөрбөлжүн, Терек деген жерде экен. Мамбет тамырчыга бардым. Мамбеттен тамырчы табыпчылыктын жайын сурадым. Бул тамырчы коркуп: «Кой айланайын, бир балакетке калтырып коесуң го» деп болбоду. Анан мен адабият жөнүнөн сөздүн жайын куюн билдирген соң, ынанып сөзгө кирди.

«Менин чоң атам Жалгап, өз атам Сакибай, эки атамдан бери өзүм менен үч болот. Тамырчы-табыпчылык кылабыз. Кеселдин атын таап өлөр – тирилери билинчү эле. Кармаган тамырдан бул тамырды мындай болот, андай болот деп атамдан үйрөндүм

эле, бирок айтып берейин, биздин табыпчылыгыбыз орус табыптарына караганда көп эмес экен деп айтып берүүчү сөзүнө кирди. Кесел аттары дайындалат:

1. Кагын өпкөдөн кармайт.

2. Учук оору чырмашып сөөктөн кайнап ысык тап менен кармайт.

3. Бадик деген оору баш, көзүн, бүткөн боюн шишитип кармайт.

4. Күлабия токурчу деген оору кан бузулгандан болот.

5. Кызыл жүгүрүк деген оору бузук кан менен ысык желден болот.

6. Баштан кармаган мээ курт жана өпкө курт деген оору адам убайым-кайгыны көп ойлогондон же акыл-пикирди көп ойлоп мээ менен жүрөккө тынчтык бербегендиктен мээ менен өпкөгө зил пайда болот. Бул зил арам канга айланып кан чиригенде куртка айланып мээ курт өпкө курт болот. Оорунун артык кыйыныраагы ушул.

7. Котон жара менен жел оору ага-инидей оору. Бул жугуш оору, мындан бири-бирине жугуп дагы оору болот жана адам тазалык менен жүрбөй балит жүрүп, мындан тамак чочуу – жараланып желге айланат. Же котон жарага айланат. Баштын бир тамыры көтдө деп саркыты жүрүп отуруп сүзөк ооруга алып барат.

Баш оору, кол оору, сөөк оору ушундан туулуп чыгат. Сөөк жарып чыккан кулгуна деген жарадагы бузулган ошол жел кандан пайда болот. Мындан башка оорулар сасык тумоо эмеспи.

1. Кагын ооруга жеңил тамак берилет. Көп суу берсе дагы какырыгын катырып, канын токтотуп туруп алат, эритип суугa куюп кубатын кетирип сары май берет. Өпкөдөгү канды чыгармакка кантемир деген таш бар, муну эзип берет, бул оорунун жакшы жаман болору башынан эле дайын билинет. Жөтөлгөндө какырыгы ачык кызыл чыкса жакшысы, бат кайтат, какырыгы кара күрөң чыкса жаманына тартканы.

2. Учук оору бул табыптын жаманынан же оору кишинин тамагынын жаманынан бир ысык чыгып, бир суук чыгып отурган тамакты кубалап ичпей булганып кетет. Ысык кайнап сөөккө батат, буга тузу жок жеңил тамакка курсагын тойгузуп көл бууга алат. Сөөктөгү сасык тер, чырмашкан ысык ооруну чыгармакка оорусу тазаланганча эки күн өткөрүп, үчүнчү күн келгенде көл бууга алып турат, көл буу деген мындай болот: жерди оро кылып каздырат, олтурганда адамдын кекиртегинен кылып, аны суугa тойгузат. Сууну жер соруп кетпегендей кылып анан эки казандап сууну шуулдата кайнатып, ороого сууну куюп толтурат. Анан бул сууга адамдын колу күйбөгөндөй болгондо оору адамды бул сууга киргизип олтургузат, кетпеген жеринен тер кетет. Тамырын кармап олтуруп тамыр жылып келгенде мезгилинен өткөрбөй суудан чыгарып алып турат. Бул ооруга эми (эм болору – *ред.*) ушул.

3. Бадик деген ооруга суу берет. Дарымчыга дарымдатат. Бадик айттырат. Мунун эмдеген эми болот.

4. Күлапия (күлапса – *ред.*) деген оору дагы сыртына чыбыржыктап майдалап бир нерсе чыгып көгүлтүр тартып көзү-башы шишиген оору болот. Буга дагы суу берилет. Муну дагы дарымчыга көп салып аябай дарымдайт. Түкүртөт. Мунун эмдеген эми бул.

5. Кызыл жүгүрүк деген ооруга ысык тамак берип канын таршытып туруп мындан кан алат. Бул оору бир жеринен жана бир таза жерине орун салып качып турат. Барып турган жеринен оңко коюп, картык коюп кан алат. Кандан тазалангандан кийин, табын кайтармакка жеңил ичет. Күндө тамырын кармап ылгап турат. Мунун эмдеген эми бул.

6. Мээден болгон, өпкөдөн болгон мээ курт. Өпкө куртка авасы таза, суу таза жерлер көңүлүн өстүрүп, тамакты жакшылап берип, көп майлуу тамак бербей мурундан чар дары жыттатат. Күнүнө бир мартаба. Бул дарт өпкөгө дары болот. Мээге дагы барат. Чары деген

дарыга дүйүм дарыдан кошпогону калбайт. Мейли уу дары болсун, мейли сыр, сымап, кеперес, албарс, дагы мындан башка нечен түрлүү дарылардан кошуп майда кылып ийлеп алат. Мунун эми көбүнчө бул дарыдан болсо дагы себеби көңүлдөн убайым, кайгы пикир-санааны чыгаргандан көңүл семирип, оюна эч нерсе келбей калгандан мунун эмдеген эми ушу болот.

7. Котон жара менен жел ооруга оорусунун оор-жеңилине карата дары берилет.

Үч күн суу берип, этин жашытып туруп кой этинен же жылкы этинен тузу жок бышырып, жакшылап берип, көбүнчө сорпосунан мол берип, кардын аябай тойгузуп туруп кеперес берет. Таштын бетине эзип, оорусу жеңил болсо бир бергенде эле дагы оозун алат. Кесели оор болсо дарыны үч бергенде оозун алат. Тамырын кармап турат. Дары жеткенден кийин саналуу кырк күн карандай суу берет. Анын кырылбай турган көтү жок курттун, мунун эмдеген эми бул.

Сасык тумоо болсо, бирөөн суук кармаган, бирөөн тер кармаган, жылууланып тердесе оору дагы тазаланып кетет деп менин билгеним ушу деп сөзү тамам.

## Алча, какым-кукум дары

*Инв.№666 (5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Ичи өткөн кишиге алча менен какым-кукум дары. Биринчи, алчанын бутагынан өсүп чыккан майда ичке бутактарын гүлдөрү жана жалбырактары менен кесип алып суугa кайнатуу керек. Ошол кайнатылган суунун өзүн гана ар күнү эртең менен, түштө, кечинде үч маал бир стакандан тамактын алдында ичүү керек.

Экинчи, какум-кукумду тамыры менен казып алып, аны тазалап жууп, топурактарын кетирип суугa кайнатуу керек. Бул кайнатылган сууну эр-

теӊ менен, кечинде, түштө үч маал бир стакандан тамактан мурун ичүү керек.

Бул эки дарыны ичтин өткөнү басылганча ичүү керек.

### Бакшылык

*Инв.№312. 2-дептер. 53-64-б.*
*Жыйнаган Чоробаев*
*Тогуз-Тороо өрөөнү, Кош-Булак колхозу*
*4/1946*
*Айтып берген Аккөз Моӊош уулу*
*Тезек уругу, Тобок уулу деп айтылат*

Өз атасы Моӊош, чоӊ атасы Момуке, анын атасы Тойгон, анын атасы Надырбек, анын атасы Тобок.

Он алты жашымда Марал-Кечүүгө Калдыбай деген агабызды ээрчип барып, эки күн өзүмчө ооруган сыяктуу болуп жүрүп, Көӊдүк деген жардын башында Кайыӊдуу-Булак деген жерде тил-ооз жок талып калдым. Эки күнү. Эч нерсе көзүмө көрүнгөн жок. Уктаган сыйактуу. Ошо жылы ар жума сайын көзүмө элестеб бир кара мурут жаш бала, дагы бир муруту чыга элек бала жана бир кыз көрүнчүү болду, көзүмдү жумган сайын. Кара мурут баланын аты Абакирсултан, берки кыздын аты Кызбообек эле. Баланын аты эсимден чыгыб кетти. Бул үчөө мени аябай уруп кыйнап, «көрүм көр» дешип жүрдү. Тилин албай, ата-эне, эл-журттан уялып качыб жүрдүм. Ошондо ого бетер муунтуп кыйнаган. Айлам кеткенде өзүм ооруга чалдыгып, адамгерчиликтен ажырай турган болгондо, ысык көргөн достум Молдокадыр дегенге, андан соӊ Арык деген тууганыма айтсам, алардын көӊүлү уюб, «мындан ары тилин алыб жүр, өзүӊө пайдалуу экен» дешти. Ошону менен көрүнгөн тиги үчөөнө төртөө кошулуп жетөө болду. Акыры ошо жетөөнүн тилин алып көрүнөө көз кезинде алардын «айт» дегенин айтып жүрчү болдум. Бул арада Токтобеков Чокой

деген жигит оору болуп, оорусу катуу, узакка созулган, жинге окшогон кесел экен. Ошону көрүп, «чакыр, кайыптарды!» деп, Абакирсултан (жети жетекчим) алып барышты. Ал бала аман-соо айыкты.

Экинчи Үрпуян деген бир айал катуу байлатма жинди болду. Аны көрүш үчүн мени атайы киши барып алып кетти. Келе жатканымда өзүм токтоно албай чааб келиб, эшигине токтоло калыпмын, карасам тамынын тегеретеси миң-миңдеген чымын—чиркейдин бөтөнчө түрү (жин болуп көрүнгөндөр) аттан түшүрбөй туруб өз жетекчим Абубакирсултан, Кызбообектин тили менен мен дагы кайыптарымды чакырдым. Ошол эле эшиктен туруп атчан чакырып турганымда – баарысы кырылды. Атдан түшүб үйгө кирсем, ооруган аялды тегеректеген жиндин илдеттери (аскери) үйгө батбайт. Көзүмө анык көрүнгөндөрүн кайыптарым аркалуу кууб чыгыб кирдим. Эң акырында оору аялдын жанында жети нерсе калыбтыр, ал жетөөнүн тең түрү эч нерсеге окшобойт – бозторгой жүндүү бир немедей. Алардын алтоону айдаб чыгыб барыб таббай калдым. Ал бирөө эмчегинин алдына кубулуб бекинген экен. Чакырганымда адегенде:

Айланайын, кайберен,
Айкожом келип баштагын.
Ак эшен келиб шашбагын.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланып кел деген
Сур коёнду минели
Ак коёнду коштойлу.
Төрт айланып келгиле
Чогдок куйрук, чаар төш
Ак жолборско кабар бер
А да келсин кашыма.
Айланайын, ак марал,
Сен да келгин кашыма!
Мен тилейин карыбты.
Алтымыш кулач ажыдаар
Ак жылаан болуб сойлосун,

Мен да караб турайын,
Карыбтын алын сурайын...

Менин кайыптарым «Көйкап деген жердебиз» деп айтычу. Мен конуп жатып жогоркуларды чакырганда бир суткадан кийин толук келишип, эмчекке жашырынган жинди таббай калдык. Бирок мен аны билиб эле турам. Билгенимди кайыптарыма айтсам таббай калды окшойт. Ошонун жини кез-кезде кармаб калат дейт. Анын чала калганы оору аял баягы алты илдети кетээри менен ордунан туруп мага жүгүнгөн. Анда мен кайыптарымды уруксат берип кетирген элем. Ошон үчүн эмгиче ошол аял кез-кез оорусу кармайт дейт.

Көрүм көргөнү чакырганда колума кичине камчы алып дайым койунума катып жүрчүмүн. Кызыганда өзүмдү азыраак чаптырчуу. Болбосо бул жалаң эле чакыруучум. Үйгө канчалык көрөм деген кишилерди даарат алдырып отургузуп койчумун. Алар тим эле бакшынын ырына кулак салып отура беришчү. Ооруган кишини эч кандай чаап, уруучу эмесмин. Бакшы тим эле оору «бар» десе, бара бербейт: жин оору, абжиб оору көрөт. Бирок жетекчинин табыштыруусунан тышкары бара бербейт. Ошондой оорулар менен ооругандардын илдетин (жинин) күч менен байлатып, айдап жана өлтүрүш үчүн бакшынын жиндерин (кайыптарын) чакырып, чогулганда алардын кызыгын бакшы көрүп турат. Бакшынын кызыгын эл көрүп турат. Бакшылык кесип жин оору айыктырганда башка өзүнө таасир же пайдасы жок. Ар айыккан жин жөнүндө бакшыга сойгон койунун төш, карчыгасын чийки куржунга салып берген адат, ырым дешет, бирок мен аны кылганым жок. Себеби жолбашчым Абакирсултан, Кызбообек айтучу: «эч кандай түнөгөн, көрүм көргөн жерден эч кун алба» деп. Ошон үчүн алган эмесмин.

Башка бакшыны көргөнүм да жок, укканым да жок. Алардын алган-койгонун билбеймин. Меникин молдолор жана укмуш сөзүн айткан кишилер ак

жин же болбосо жөлөмөсү бар дешчүү. Кийимдер аз гана кийимим менен эле болдум. Өзүнчө бакшынын кийими дегенди көргөнүм жок. Качан оорулар үчүн кайыптарды чакырганымда күүлөнүп кетип не экенимди билбей калсам керек: канчалык ысык темир, меш жана башкаларды кармай берип, жалап да жиберсем керек – анчалыгым(ды) эл айтат. Өзүм да элестеб билем. Менин кайыптарымды бирден атын айтып чакыр деп чакырткан Абакирсултан, Кызбообек экөөнүн айтуусу менен жолборс, илбирс, бугу-марал, бөрү, кулан, жылаан жана башка барлык талаа айванаттары толук көзүмө көрүнчүү. Аны жетекчи тиги экөө айтбаса мен да айтарымды унутуп калып кандай чакырышын унутат элем. 1942-жылы камалып кеттим. Ошондо бүт эсимден чыгып, андан бери жоголду.

## Жай таш

*Инв.№336 2-3-б.*

Жайчынын жети кара же жети кызыл чаар ташы болот. Күндү жайлаарда таштарды жипке байлап, суугa салып коюп:

Таз каранын таңдайынан катты.
Жагалмайдын жанынан катты.
Кыргыектин кырынан катты.
Турумтайдын тушунан катты.
Жар башына конуюн,
Жарты алачык тигейин.

## Жайчы

*Инв.№117. 45-46-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

Күн жаадыруучуларды «жайчы» деген. Алар этмайды айабай жеп, анан күн жайлаган. Жайчыларда

кара таш болуп, ал таштарды кара сууга салып, жай сөздөрдү айтканда чайыттай ачык турган күн бүркөлүп жаан жаай баштаган. Жайдын күнү «жайы жетти, суудан өтө албайт» деп койушат. Жайчыларга заказ берип чоңдор бир уруунун жерине жут түшүртүп, малы-башын кырдырган. Эгин-чөпкө дагы жайлатып жаан жаадырган. Аттын жалына күн тийгизип, соорусуна күн жаадырган жайчылар болгон. Калмактан чыккан жайчылар кара сууну айран сыяктуу уютат экен. Жайчылар тирүү кезинде жай ташын жерге көмбөсө, ооругандан баштап тынымсыз күн жаап, көргө койгондо да жаап, качан ичи көөп жарылганда күн ачылат. Жайчы өлгөндө ичине бычак жүргүзсө – күн жаабайт. Кай бир учурда кай бир кишилер жайчыларды кармап алып өрттөп да жиберген. Жайчылыар мындай деп айтат:

Тазкаранын таңдайынан катты,
Жагалмайдын жанынан катты ж.б.

## Дамбыр таш

*Инв.№117. 48-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

Жазында күн алгач күркүрөгөндө көнөккө таш салып алып калдыратып зайыптар үйдү айланат: «Жер жарылып көк чык, желин айрылып сүт чык» деп. Ушуну «дамбыр таш» деп айтат.

## Жылдар

*Инв.№117. 48-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башыдан 1944-ж. сент.*

Жыл он экиге бөлүнөт: чычкан, уй, жолборс, коён, балык (мечин), жылан, жылкы, кой, маймыл (улуу), топок, ит, доңуз.

(Мында жыйноочу Ы.Абдыракман уулу жаңылыш жазган. Туурасы: Кытайдын «лу» – ажыдаар деген сөзүнөн. Мечин – маймыл. (*Түзүүчүдөн – Н.Н.*)

### Мүчөл

*Инв.№117. 48-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

Ар бир 12 жыл сайын киши мүчөлөйт. Мүчөл жылы кишинин «катар жылы» болот, бул жылда ал катуу ооруйт же өлөт. Ошондуктан ал жыл башталаарда кийим-кечесин талатып, садага чаап, кол катар берет. «Катарым келди» деген сөз ушундан калган.

### Жыл

*Белек Солтоневден*

Карыялардын айтуусунда чычкан менен төө жылга кирмекке талашып чатакташкандан кийин башка жандыктар мындай деген: Күндүн чыкканын кимиң биринчи көрсөңөр жылга ушул кирсин дегенде төө таң атпастан, уктабастан, жатпастан күн чыгышты карап турганда чычкан: «булар мени жектеди, төөнүн бою чоң эрте көрбөйбү» деп. Эми кандай айла кыламын деп ары-бери жүгүрүп, эптеп төөнүн кулагына чыгып алсам күндүн көзүн мурун көрбөйүмбү деп күн чыгарда төөнүн кулагына чыга калып анан кире качып кеткен. Төө таппай калып, чычкан жылга кирип калган үчүн төө чычканды күлдөн издеп, көбүнчө күлгө оонаганы ошондой дейт. Мен тарыхка киришкенимден баштап 12 ай жана 12 жылга көбүнчө жандыкты киргизген. Себеби бүткүл элдин карыяларынан сурап эч биринен мурун себептерин билип чечкен адам таба албадым.

## Кыргызда ай эсеби

*Фиелструп жазып алган*
*Жазмасында 184 барча*

Жалган куран – туура эмес ай, б.а. жапайы текелердин күүлөй турган маалы келе элек.

Чын куран – туура, б.а. кызуу күүлөп калган маалы.

Тогуздун айы – бирдин айы санга карай аталат, Үркөр менен Айдын тогошкон маалы: 19-сентябрь, 17-октябрь, 15-ноябрь,13-декабрда, 11-январь –катуу суук күндөр. (л. 190).

Бугу – маралдын эркеги. Бугу бооз маралды акмалап артында калган кез.

Кулжа –тоо теке (ургаачысы – аркар).

Теке – сакалчан теке (ургаачысы – эчки).

Баш оона – ургаачы жаш эчкилер текелер менен жанашып калган маал; күүлөө жакындаган кез.

Айак оона – чоң текелер жанашкан кез; күүлөө башталып аягына чыгып калган маал.

Баш оона – жай аяктап, күзгө ооп бараткан маал, токчулуктун башталышы, бышыкчылык, жер-жемиш бышып, мал семирген кез.

Айак оона – жай мезгилдин аягы.

Бугу – бугунун мыкты баалуу мүйүзү жетилген ай.

Кулжа – мал күчтөнүп нык эттенген кез (кулжадай болуп семирген).

Теке – эң узун жана аптабы күчтүү күндөр, кар эрип баштайт.

Куран – текенин дагы бир аты.

Чын куран – кымыз башталган ай.

Токол ай –толук ай, Ай менен Үркөр тогошкон маал.

Кырк күн чилде – январдан 10-февралга чейин, кыштын эң суук мезгили.

## Нооруз

*Фиелструп. Жазмасында 174-барча*

Нооруз – жазгы күн менен түндүн теңелүүсүнүн үч күнү Нооруз – Жаңы жыл. Бул майрам үчүн атайын койдун, жылкынын ал тургай уйдун башын калтырып коёт. Буудайды жанчып талкан жасайт. Казанга эт, жанчылган буудай (талкан), малдын башын, курут болсо, аны кошо салып чогуу кайнатат. «Самаркандын көк ташы жибиди, эски жыл өтүп, жаңы жыл кирди» деп Ноорузда: «Нооруз кутту болсун!» айтылат.

Кечинде жагымдуу жыт чыгарыш үчүн арча жагып, үстүнөн секиришет. «Алас, алас, жаңы жыл келди, эски жыл кетти!» Анан баш кийим арча жыттанып калыш үчүн түтүнгө кармашат. Оттон кичинекей балдар гана секирет. Ноорузда биринчи мүчөл жашка чыгып жаткан бала, бала кезинен кесе (аяк) сакталып калган болсо аны буту менен сындырат – ошону менен бала чак курак аяктайт.

## Жаңы жыл (кыргыздар)

*Фиелструп Белек Солтоноевден жазып алган*
*175-176-барча*

Солто:

Жаңы жылды куран айынын 11-күнүндө белгилешет. Арчадан от жагат. Балдар оттон секиришет. Чоңдор чапандарынын этектери менен отту желпилдетет. Мүчөл жаштагылар кесе сындырат. Мүчөл жашка келген киши кой союп, кедейге өзүнүн көйнөгүн же башка кийимин берип, буту менен жыгачтан жасалган кесени сындырат.

11-февралда ар бир түтүн нооруз көчө (*туурасы: көжө – ред.*) бышырып, коңшуларын чакырат. Кечинде от жагып: «Алас, алас, балакеттен калас» жамандык болбосун деп тиленет. Бул күн жалпы баарынын туулган күнү болуп эсептелет. Бул күнү ар бири канча жашка чыкса, ошончо ташты оодаруу ырымын жасайт.

Соңкөл:

Ноорузда колунда бар болсо мал союп, кесме жасайт, ал эми кедейлер буудайдан же сулудан май же эт кошуп *көжө* жасайт. Үймө-үй кыдырып куттук айтышат. Кечинде арчадан от жагып, эркек балдар: «Алас,алас балакеттен калас» деп, оттон секиришет. Балаа – *кырсык, оору-сыркоо.* Анан балдар чүкөлөрүн талаага ыргытышат. Чоң кишилер: «Эски жыл кетти, жаңы жыл келди – кутту болсун» деп айтышчу 1.

Оштуктар:

Жаңы жылды аба ырайына жараша же кыштоодо же жайлоодо тосо беришет. Жаңы жылга ундан, майдан, суудан, туздан, сүттөн *атала* бышырат. Жеп жатканда, батадан бөлөк сөз айтылбайт. Мүчөл жылдан өткөндөр кашыкты же кесени сындырып: «мүчөл жылым өттү» деп айтышат. От жагышпайт.

Өспүрүм уулдун биринчи мүчөлү – 13, экинчи мүчөлү – 25 жашында болот. Жаңы жылга чейин төрөлгөн наристе, кыргыздардын Жаңы жылы боюнча бир жашар бала, ал эми, кийинки жылдын февралында төрөлгөн наристенин жашына дароо бир жаш кошулуп, эки жашар эсептелет. Он эки жылдык цикл келген кезде, бала 12де, ал тургай, балким 11 де болсо деле 13 жашар деп саналат.

**Арпа өрөөнү:**

Наристе жылдын кайсы айында төрөлбөсүн, ал бир жашта деп саналат, Жаңы жыл келгенде бир жашка толуп, келген жылы эки жаш өмүрүн жашай берет, б.а. ал эки жашта чыккан болот (бул жерде энесинин курсагындагы 9 ай саналып жатабы? – **Ф.Ф.**). Төрөлгөн баланын жашоосунун биринчи жылында жай менен кыш эки жаш болуп саналат (үй жаныбарларынын жашын аныктоосуна салыштырсак: күздө же кышта туулган тай ошол жылы жаз келери менен эле эки жылдык болуп саналат).

Ар бир 12 жылдык мүчөлдүн Нооруз айында мүчөл жылын белгилейт (мүчөл чыкарам) (*туурасы: чыгарам – ред.*). сулудан *көжө* бышырып, келгендер-

ди сыйлашат. Андан кийин, от жагып, мүчөл жаштагы киши чапанын этеги менен отту желпилдетип, бир нече жолу отту аркы-терки секирип өтөт: «мүчөлүмдөгү (12 жылдык) күнөөлөрүм отто калсын» деп айтат. «Алас, алас, ар балаадан калас» (Алас, алас, мындан ары жамандыктан, кырсыктан сактай көр. Алас, алас, мурунку күнөөлөрүм жоголсун). Күнөөлөрүн оттун кожоюну – шайтанга калтырышат, ал от болуп көрүнөт. Мүчөл жаштагы адам, күнөөлөрүнөн дагы тазаланыш үчүн, буту менен жыгач чыныны *(аяк)* сындырат.

Ошондой эле, бул күндүн белгилениши, кыргыздардын ырымы менен байланышкан, анткени адам мүчөл жылында же төрөлгөн күнүндө мерт болуп калуу коркунучу бар болчу.

*Б.Солтоноев*

Жаңы жыл сайын от жагылып, эл (эркектер – ? – **Ф.Ф.**) оттон секиришип: « Алас, алас, эски жыл кетти. Алас, алас, Алаш атаң колдосун» деп айтышат. «Алас» – калмак сөзү.

## Жети-Суу айтымдары

*Фиелструп жазып алган*
*Жазмасында 184-барча*

Январь – май билек – кышка согум союп, кол чыканакка чейин май.

Февраль – келсиннэл – келгиң келсе кел. Тойгузабыз, эт көп.

Март – шиюраш май – сырдашабыз. Конокко эт жок, катын менен шыбырашмай.

Апрель – чи тартма – чий ачуу. Боз үйдун эпчи чагына чыгдан тартылып, сүт топтолот, айран уютулат.

Май – сенде бир, менде бир – сенде да бар, менде да бар. Ар бир үйдө май көл, сүт көл (саан мол кез).

Жаныбар кайсы айда туулса, жаңырган ай ошол жаныбардын атынан аталат.

## Ай санак

*Фиелструп сарыбагыш ичинен жазып алган* сарыбагыш:

Ар бир айда 30 күн; 15-күнү ай жаңырат. Айдын жаңырышы менен санак башталат. Бүркөк күндөр саналбайт, ошондуктан кыргыз жылында 30 күндүк айдын күндөрү азайып калат (европалык жылга жетпей калган төрт-беш күн). Күндү айдын толушуна карай аныкташат. Айсыз өткөн күндөр саналбайт.

## Кыргызда ай исимлары

*Инв.№148. Бети:309-315*
*(түп нускадагы бети:375-381)*
*Жыйнаган Каюм Мифтаков*

Жалган куран, чын куран, бугу, кулжа, теке, баш оона, аяк оона, тогуздун айы, жетинин айы, бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы.

Жалган куран февраль айына түз келет. Айлар айга карап жүрүп үч жылда бир айды кемитип саналат. Ягни жалган куран айы үч жылда бир жолу эки келет.

Кыргыз калкы абанын жакшы болорун, начар болорун, ачкачылык болорун токчулук болорун жылдыздар менен ташырыба кылат.

Ай тогo(о)л: ай менен элек жылдыздуу экөө эң жакын келгенде убактына ай тогоду деп айтылат. Ай менен элек жылдыз учурашты демектур.

### Айлардын тогоолору

1. Баш оона айында 23де тогойт
2. Аяк оона 21де
3. Тогуздун айында 19
4. Жетинин айында 17

5. Бештин айында  15
6. Үчтүн айында   13
7. Бирдин айында   11
8. Жалган куранда (февраль)  9
9. Чын куранда   7
10. Беш тогуз (Бугу)  5
11. Бир тогуз (Теке)  3де
12. Үч кулжа (Кулжа)  1инде

Үркөр кырк күн жоголуп турат. Бул жоголуу майдын 25-инен июлдун 25-ине чейин болот. Бул тоголго көңүл бурулат. Тогол убактыларда же жаан же кар жаайт, эч болбосо күн булуттанып өтөт. Элек жылдыз (үркөр) жетиген (жети каракчы) чолпон (унбуле) (сүмбүле эмеспи – *ред.*) үчөө бирге августтун 25-де жоголот.

Үркөр чыкканда (5-июлда) өлөң жакшы өсүп жетип аштык да өсүп бойго жеткен убакты деп эсептелет. Шол үркөр чыкканда күндүн эң узун убакыты күндүн эң кызка убакты деп эсептелүү менен бирге анын ар жагында күн кыскарып, түн узарып суук боло баштайт деп эсептелет. Үркөр чыккандан соң кырк күндөн соң чолпон (сунбуле) жылдыз чыгат деп, сунбуленин чыгышы августтун 15-терине туура келет. Сунбуле киргенде күн менен түн теңелерине жакын калды деп эсептейт. Эгин пишты пышыкчылык болду деп эсептеп сунбуле туугандан соң күзгө аяп бастык деп эсептей баштайт. Сунбуле туугандан соң 40 күндөн соң аркар чыгат. Бул аркардын чыгуусу тахминан пукравга туура келет. Аркар тууганда кыш качар болуп жылы кар жаайт, аркардан соң кыштын белгиси боло баштайт деп эсептелет.

Нарк жылдыз жаз күнү апрель баштарында кыбладан күн батуу менен тууй турган бир жактуу сары жылдыз. Бул жылдыз жогорудан тууса нарк (ак) кымбат болду, ачкачылык болот экен деп ойлонот. Эгерде тууганында төмөндөн чыкса нарк арзап болот. Эгин, чөп жакшы болуп жыл жакшы келет деп эсептелет. Базардын арзан кымбатын билдиргендиктен нарк деп аталат.

Ай: Ай тууганда кырк менен тууп, чарбага жакшы, өзүнө тынчы жок деп эсептелет. Эгерде ай жогору карап тууса (айчыгы жогору болуп) бул ай жаанчыл болот экен деп жорулат.

Үркөр: жети жылдыз биригип үркөр шекилли болуп жыйылып тургандыктан үркөр деп айтылган.

Сумбүле: август айын казакта сүмбуле деп айтылат. Кайсы бир кыргыздарда аяк оона айын сумбүле деп айтылат. Чолпон жылдызы сунбуле (август айында тургандыктан ал жылдызды сунбуле деп атаган).

Алтын казык: алтын казык жылдызы сапсары алтындай болуп туруп өзү эч козголбогондуктан башка жылдыздарды шоңа байланып аркандалып койгон деп казык аталат.

Аксары ат, көксары ат: Темир казык жылдызынын айланасындагы эки жактуу жылдыздур. Бул эки жылдызды алтын казыкка арканланып коюлган эки ат экен деп ойлонот. Шол себептен ак сары ат, көк сары ат деп эсептелет.

Жети каракчы (жетиген): жети жылдыз атка сала турган бир аркан болуп ак сары ат, көк сары атты тутууга ташланып түшпөй шондо туруп калган экен деп айтылат.

Ал жетиген жылдызы ууру болуп үркөрдүн үлпүлдөк сулуу деген бир кызын уурдап алып жетигендин ортосундагы бир жылдыздын жанындагы кичине жылдызды үлпүлдөк сулуу деп айтылат. Мына шол жетөө биригип уурдап алып үркөр качып бербей жүрөт экен. Үркөр ал үлпүлдөк сулууну жетип алам деп кууп жүрөт экен дейт. Үркөрдүн жетиген жылдыздын артынан кууп жүргөнү шол дейт. Шол себептен ал жетөөнү жети каракчы атаган экен.

Сары жылдыз: (чолпон жылдыз)

Бир алп кыз болуп мудрус болгон экен. Анын исмы Чолпон болуп калып сабак алууга келүү ордуна ар кайсы эр «Мен алам, мен алам» деп талашкан экен. Шол себептен жерге ланат окуп көккө чыгып

жылдыз болгон экен. Айдын онуна чейин ол жерде болот экен. Бири арбий жонубида болуп 4 аяк, 4 кадам жакларда болуп тогузунда жерде, онунда асманда болот экен. Сары жылдыз(га) сапарда каршы жүргөн кишинин сапары начар болот экен. «Билсең билдирем, билбесең бүлдүрөмүн» деген.

Үч аркар: (Тараза жылдыз): Аркар жүргөндө чубап бир-бир аркылы жүргөндөн үч аркар кол өлчөөгө окшогондуктан «тараза жылдыз» деп аталган.

Кош өгүз: Кош өгүз жылдызы эки кош өгүзгө окшоп тургандыктан кош өгүз деп аталган. Кош өгүз жылдызы үркөр соңунда жүрөт экен.

Саманчынын жолу: Түндө аяз күндөр жакубдан шымалга карай чачылган саман ша(е)килли болуп бир жол көрүнөт. Аны көктөгү саман ташуучулар шол жол менен сабап ташып чачылган самандар экен деп саманчынын жолу магнасында «саманчынын жолу «деп атаган.

Сагим (Сакым): абадагы суу аккан өңдүү көрүнгөн бир нерседур саким деп аталат. Сакым күздө болсо кыш начар болот деп эсептелет.

5-айдын биринде тоголунда 20-сында жаан болот деп эсептелет (жыл исминдеги улу басык, мишин, маймыл экен).

Кемпир кошок (салават көпүрү): салават көпүрү кыргызча «шаа» деп айтылат.

Кызылы бурунчунун изгилеринин кона деп айтылат.

1. Үркөр, сүнбөлө, аркар тууган айларда жаан болсо кыш начар болот деп ойлонулат. Анткени кышта да жаанга жаан келет деп ойлонот.

2. Күздө көгөн чыкса кыш начар болот.

3. Чычкан көп болгон жылы кар көп жаайт.

4. Жети каракчы акбоз ат, көк атты уурдайм деп жүрүп ар күнү таң атып кетет экен.

## Жыл туурасында калк тажырыйбалары

1. Көк карга: Май баштарында Тиян-Шанга көк карга намында бир куш келет. Көк карга келери менен «Сабырдын булуту» деген бир булут чыгып жаан болот. Эгерде көк карга келгенде «Сабыр булуту» чыгып жаан болсо жайы жаандуу болуп кыш жакшы болот.

2. Эрмен өссө: эрмен көп өскөн жылдыз кыш начар келет. Эрмен аз өскөн жылы кыш жакшы болот дейт.

Ак сары ат, көк сары ат: Мурун бир заманда көк падышасынын аксары, көк сары деген жакшы аты болгон экен. Аларды алтын казыкка мыктап аркандап коюлган экен. Аларды кармаман болуп аркан таштаса, ал аркан ак сары ал, көк сары атка түшпөй ошо ташталган күнүнчө асманда туруп калган экен. Ак сары ат, көк сары аттын алтын казыкты айланып жүргөнү, жети каракчынын атка ташталгап чалма болуп турганы шол экен.

Жети каракчы: үркөрдүн үлпүлдөк сулуу деген бир кызы бар экен. Көктөгү уурулар аны уурдамак болгон экен. Бир күнү аны жети каракчы билдирбестен уурдап алып кеткен экен. Аны үркөр жети каракчы уурдаганын билип артынан калбай кууп жүрөт экен. Жети каракчы жеткизбей үркөр жете албай сарсан болуп жүрөт экен.

Жети уурунун жети каракчы болуп аталганы үркөрдүн жети каракчыны кууп жүргөнү ошол экен.

*Сулайманбек Ырыскулбек уулунан*
*Илды-Суу төрдө өз үйүндө 1/VIII. 1923*

## Таалайсыз жылдыз (кыргыздар)

*Фиелструп Бозбаштык деген кишиден жазып алган*

Эгерде «таалайсыз» жылдызга болжоп жол тартсаң, кырсыкка кабыласың. Айдын онунда бул жылдыз жердин астында болот, ошондо ар тарапка барсаң болот. 11инде күн чыкканда күндүн оң жагында болот, б.а. түштүк тарапта. 12синде – күндүн сол тарабында, б.а. түндүктө; 13үндө дагы түндүктө; 14үндө батышта; 15инде түштүктө. Бул жылдыз асманды 5 айдын ичинде айланып чыгат. Тыюу эркектерге гана тиешелүү. *Жылдызынг онг обжур* – жылдызыңды оң жактан оңдоп (өтүп - **Ф.Ф.**) жүр.

*Бозбаштык*

## Пери жылдыз

*Фиелструп Сагымбайдан жазып алган*

Илгери бул жылдыз пери болгон. Ал киши арасында жашап, алар менен мамиле түзгүсү келбейт, ошондуктан алардан алыстап, Арут жана Марут бериштелери менен асманга кетип калат. Бирок алар сулуулугуна суктанып аны каалап калышат. Ошондо бериште Кудайга барып датын айтат. Мени жылдыз эле кылып койчу дейт. Жараткан аны жылдызга айлантып коёт. Пери – «эр киши менин тарабым менен жол тартса, кырсыкка учурайт» деген экен.

*Сагымбай*

## Жылдызга карап жол жүрүү

*Фиелструп 179-б.*

Ар бир айдын биринчи 10 күнүндө жолоочу ордун алмаштырып турган жылдыз тарабына барганга болбойт. Биринчи күнү алгачкы чыккан жылдызды утурлап чыгыш тарапка барганга болбойт; бешинчи күнү ошол жылдыз түштүк тарапка өтөт, анда ошол жака барганга болбойт, барса кырсыкка учурайт; жетинчи күнү ал жылдыз Жетиген топ жылдыздын

ичинде, түндүк тарапта болот; 10-күнү асманда так чокуга келет, андыктан жолго чыкканга тап-такыр болбойт. Жекшемби күнү деги бир жакка барууга тыюу салынат, төшөктө кошулууга болбойт.

Күндүн 1-чи санында чыгыш тарапка барбайт, 5-чи санда Кыбыла жакка барбайт, 7-чи – Жетигенге (Жети Аркар – Созвездие большой медведицы) барбайт, 9-чу санда – эч бир тарапка барганга болбойт, анткени жылдыз жердин астында, 10-чу, 20-чы, 30-чу күндөрү жылдыз төбөдө, кайда барса жол ачык болот. Ушул сандар менен бүткөн күндөрдүн эрежеси. 3-чү санда үч тобо жакка барганга болбойт: түштүк – түштүк-чыгыш, жол жүрсөң, атың аксайт.

## Үркөр менен айдын тогошу

*Фиелструп Токолай дегенден жазып алган.*
*Колжазмада 180*

Шейшемби, ишемби. Эгерде ушул күндөрдө бирөөгө мал берсе, чоң чыгым болот: мал сойсо – мал кырылат. Бул күндөрү дан сеппейт, аттын жалын кыркпайт, куда түшпөйт, узак жолго чыкпайт.

Жолдуу адам «шейшембиде да ишим жакшы болот» деп мактанат.

Нас күн – «жол болбой турган» күндөр. Үч күн айдын башында. Жекшембиде узак жолдо чыкканга, төшөктө кошулууга болбойт.

## Күн белгилери

Уламышта ар күндүн өзүнчө белгиси бар, алар мындай айтылат:

Ишемби — иштин башы (жолго көбүнчө ишембиде аттанат, бир чон уста устачылык ишти да ушул күндө баштаган).

Жекшемби — жетчү күн. «Жекшембиде жетемин».

Дүйшөмбү — дүйнөнүн бүткөн күнү. «Дүйнө бүткөн дүйшөмбү»

Шейшемби — жалгыздын күнү, ата-энеден жалгыз болгон жигит бул күнү жолго чыкса болбойт дешкен.

Шаршемби — женил күн, бул күндө малды биттөө, бычуу жүргүзүлөт.

Бейшемби — берекенин күнү.

Жума — оор күн.

## Кадыр түн

Кыргыз элинде: «Кадыр түнгө жолуккан киши болсо керек» деген даңаза бар. Аны бала-чакалуу, оокаттуу, ырыстуу, ак жолтой, иши оңолуп турган кишиге айтышат.

Кадыр түндү нооруз айында (жаңы жылда) тосушкан. «Кадыр түн жолукканга жолугат дейт, айсыз кара нөшөр куюп турган түн болсо да, ошол кишинин үстү сүттөй жапжарык боло түшөт дейт, ошондо жаратканга тобо келтирип жиберсе, кайсы буюмду кармаса алтынга айланат дейт». Же: «Кадыр түн жолуккан кишинин үйүнүн төрүндө аппак түстүү бир нерсе көлкүлдөп жаткан болот, ошондо үстүнө сүт чачып, акырын ак чүпүрөк менен жаап койсо, анда алтын болуп калат дейт» дешкен.

## Жыл эсеби

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Карыялардын айтуунда чычкан менен төө жылга кирмекке талашып, чатакташкандан кийин башкалар мындай деген: күндүн чыкканын кимиңер мурун көрсөңөр жылга ушул кирсин дегенде төө

таң атканча уктабастан, жатпастан күн чыгышты карап турганда чычкан мени булар жектеди, төөнүн бою чоң күндү мурун көрбөйбү, деп акыл кылышты. Эми кандай айла кыламын деп таң атканча ары-бери жүгүрүп, эптеп төөнүн кулагына чыгып алсам, күндүн көзүн мурун көрбөйүнбү деп күн чыгарда төөнүн кулагына чыга калып, аңан кире качып кеткен. Төө таппай калып, чычкан Жылга кирип калган үчүн төө чычканды күлдөн издеп, көбүнчө күлгө оонаганы ошондон дейт. Мен тарыхка киришкенимде (1895-жыл) баштап 12 ай жана 12 жылга көбүнчө жаныбарды киргизген себеби бүткүл элдин карыяларынан сурап, эч биринен мунун себептерин билип, чечкен киши таба албадым. Кимиси болсо да билбеймин дегенден башка жооп бере албады. Ушул себептен бул туюк маселени чечүү үчүн 35-40 жыл ойлоп, анын төбөсүндө олтуруп, акыры менин азырынча далбоор-тыянагым төмөнкү:

Биринчи жыл башы **чычкан**, бүткүл чычканды эгинге, этке, башка тамакка эн, залалдуу айбан, кокустан тамакка араласа ал тамакты жеген киши ооруйт деп билишет. Чычканды кырып жок кылуучу душманы ар чычкан (нар чычкан, арс чычкан) деп билет. Ушул үчүн нар чычкандын бизге пайдалуу деп жыл башына киргизмеги мүмкүн.

**Уй** чарбага, жан сактоого бүткүл малдарда биринчи пайдалуу, 2-3 ай болбосо калган тогуз, он айчалык сүтүн берет. Дыйканчылыкты өгүз менен иштейт. Бүткүл чарба малдан карышкырга кайрат кыла турган биринчи болуп уй саналат, уйдун букасы түгүл инек уйлары дагы кайрат кылат жана башка, малга окшоп далаага калбастан үйгө өзү келет. Ошондуктан жылга киргизмеги мүмкүн.

**Барс** (жолборсту дагы барс деп атайт) эски кыргызда келе жаткан бир адет: эгерде катындын баласы баатыр боло турган болсо, ал катын жолборстун жүрөгүнө, этине талгак болот. Жолборсту бүткүл айбанаттан баатыр деп билгендиктен жылга киргизмеги мүмкүн.

**Коён.** Жок кайрат  баш айырат, ыгы келсе коендон коркок бол деген жана жапайыдан баксаң коен бак, ал ондогон бөжөк тууйт деп, чарба жагын ойлоп жылга киргизүү мүмкүн.

**Улуу** (ажыдар-дракон) кытайдын герби, ажыдаардай коркпос, качпас айбаттуу бол деп жылга киргизсе керек. Улууну кыргыз жаян деп да коет.

**Жылан.** Эң эски кыргыз жыланга табынган, жыландай эстүү, сак, куу, акылдуу, жүргөнүң билгизбеген жан жана бүткүл курт-кумурсканын баштыгы болгон себептен жылга киргизмеги мүмкүн.

**Жылкы.** Чарбалык жагынан көчмөн болгону үчүн жылкысыз оокаты начар болгондуктан жана жоо ала албагандыгы үчүн аны жылга киргизүү мүмкүн. Жылкы жыттуу деп жылкы эти, кымызы кыргызда биринчи даражадагы кесип (тамак).

**Кой.** Бүткүл чарба малда койдон пайдалуусу болбогондуктан жылга киргизүүсү мүмкүн.

**Мечин** (Маймыл). бүткүл жан-жаныбарда адамга окшош үчүн эстүүлүгүнө карай жылга киргизүү мүмкүн.

**Тоок.** Бүткүл жер жүзүндөгү канаттуудан тооктон пайдалуусу жок. Үй сүтүн бергендей тоок жумурткасын берет (Үч айдан башка жумурткалайт).

Этинин таттуулугу, адамды таштап уча качып кетпегендиги жана убакытты көбүнчө күн бүркөктө билип бергендиги үчүн башка бүткүл канаттууну калтырып, тоокту киргизмеги мүмкүн.

**Ит.** Бүткүл төрт аяктуу жырткычтан адамзатка жолдош өзүн жана малын багып берип, аң тиштеп бергендиги үчүн жылга киргизсе керек.

**Доңуз.** «Камандай качырганыңан кайта тартпа» деген макал бар. Эски заманда кыргыз чечек оорусунан абдан корккон. Чечектен аман калуу үчүн эгерде элди чечек каптаса, чечек чыкпайт деп доңуздун этин дары катарында жеген. Доңузду кыргыз кара кийик деп да айткай жана тукуму тез өсүп, көптөн тууган үчүн жылга киргизсе керек.

Индустанда байыркы заманда бир түрдүү эл уйга табынганына караганда улуу кытайдын гербиси болгондуктан жана эң эски заманда кытайдын Лили деген ханзаадасы кыргызды бийлеген себептен 12 жыл эсебин кыргыз кытайдан же индустандыктан алса керек. Балким кыргызга биздин эрадан 500 жыл мурун кытай жеринен келген динлин ала келдиби, тарыхчылардан 12 жылга жаныбарды киргизген кыргыз деген сөз бар, эгерде 12 жылга жаныбарды кыргыз баштап киргизген болсо, эң эски кыргызды, мындайчасынан айтканда, кыргыздын түбү тоок, коен, улууну жылга кошконуна караганда аларды көчмөн эмес, маданий журттан болуугa деп айтуу мүмкүн. 12 жыл жеке кыргызда болбостон башка күн чыгыш элдеринде дагы бар.

### Кыргыз атанын жыл аттарын белгилеши

Илгери Кыргыз ата бир доорду он эки жылга бөлүп, ал жылдарга ар кайсы жаныбардын атын атап белгилемек болуп: «жыл эсебине катышайын деген жандыктын баары келгиле» дегенде, он үч түрлүү жаныбар жетип келген экен. Кыргыз ата туруп келип: «жыл аты он эки болбосо, эсеп төп чыкпайт, бириңер кайткыла» дегенде, эч кимиси кайтышка ынанкырабаптыр. Кыргыз ата: «кимиңер жылдын башына киресиңер? Ошону токтоткула», десе, он үч жан тең эле: «Мен жылдын башына кирем» деп талашып, бири бирине жол бербептир. Ошондо Кыргыз ата: «Эй, азиз жандар! Эртең бүрүлдөн калбай, баарыңар чогулгула. Мен калыс болоюн, ким мурда чыккан күндү көрүп, алдын айта алса, ага башкалар күбөлүк кылса, ошол жылдын башы болсун. Күндүн чыкканын көрө албай он үчү иретке калып калган жан жыл катарынан чыгып кетсин» деген экен. Он үч жан «Эртең менен уктап калбайлы, азыр эс алып эрте уктап, таң менен туруп, күндүн чыгышын карайлы» деп жайларына кайтышыптыр. Кыргыз ата таң эртең менен он үчү

чогулаар жайга келип караса, он үчү тең таң белги бергенде, чыгышты бет алып, ынтаасы, зээни менен күн чыгышын байкап турушкан экен.

Ар иште калыс Кыргыз ата, жер абдан жарык болгондо, он эки жылдын ортосуна келип, чыр чыкпасын деп, чындыкты байкап турган экен. Кыргыз ата: «Иш оңуна айланыптыр, чычкан баатыр жыл эсебине кирбей эле коёюн, деген окшойт» деп ойлоптур.

Он эки жылдын күн чыгыш жактын четинде, тартайган төө ансайын моюн созуп кокоюп, күндү байкап, кепшеп турган экен. Ал кезде, баары эле жылдын башы төө болот деген ойдо экен. Күн нуру бөксөгө түшкөндө, он эки жан тең эле: «мен мурда күндү көрсөм экен» — дешип, удургуп тынчы кетип, шашып калган экен.

Күндүн чекеси кылайышы менен чычкан баатыр: «мен күндү көрдүм, ашкере көрдүм!» деп чыйылдап жиберген экен. Кыргыз ата жана башка жандар чочуп кетишип, чычканды карашса, ал төөнүн как чокусунда, эки колун серейтип: «Мен көрдүм» деп кыйкырып турган экен. Кыргыз ата: «Жылдын башы чычкан» деп жарыялаган экен. Артынан эле уй: «Мен көрдүм» деп челкейип туруптур, Төө чокусунан Чычкан баатырдын үнү чыкканда чочуп, күндү көзү көрүп турса да: «мен күндү көрдүм», дегенге тили күрмөлбөй, «баф» деп бакыргандан башка эчтеме дей албай, жылга кирбей калган экен.

Кишиге каратып «сенин жылың төө беле?» же «жылың төө болсо да эмне болуптур» деген сөз ушундан калган түрү бар.

**Тумаш мерген**
**(биринчи вариант)**

*Инв.№1784(51-52),*
*5171 56-68-б.,*
*5174 101-109-б.*

Илгери кыргызда бир атактуу мерген өткөн экен. Ал өмүрүндө он оңко тургузган дейт (Элдик түшүнүк боюнча кайберендерден бир миңди атканда миңинчи кийик оңко турат имиш). Кайберендин ээси буга нааразы болуп, ага нечен ирет белги берет, түшүндө «кайберендин тукумун көп кырбай жүр» деп аян да берет, бирок мерген ага болбой, эчки-текени эпсиз кыра берет. Мерген бир күнү аң уулап чыкса, кечке эчтеке жолукпай коёт. Аябай ыза болуп үйүнө келе жатса, бир түп балдыркан бүлк этип, эликтин чаар-ала жону көрүнөт. Атып салып келсе өзүнүн жалгыз уулу Карагул экен.

Атасы ууга кеткенде бала энесинен эликтин чүкөсүн сураса, энеси бербей уруп коёт. Бала энесине таарынып, атасынын жолун тосуп чыгып, балдыркандын түбүнө келип уктап калыптыр. Ошентип, кайберендин каргышы тийип, Тумаш мерген жалгыз уулун атып алыптыр.

## Тумаш мерген
## (экинчи вариант)

*Инв.№235. 41-42-б.*

Илгери Тумаш мерген аттуу кыраан мерген жашап, өз өмүрүндө он оңко тургузат. Байыркы кыргыздардын ишеними боюнча мергендин атканы миңге жеткенде миңинчи элик оңко туруп «кайберендин тукумун эпсиз кырба, бир кырсыкка учурайсың» деп белги берет дешет, түшүндө да аян берет. Бирок мерген кайберендин эскерткенине болбой, эчки-текени эпсиз кыра берет. Күндөрдүн биринде Тумаш дагы да келе жатып, атасынын жолун тосуп чыгып, балдыркандын түбүндө элик тон кийип «уктап жаткан баласын элик экен деп атып алып, жалгызынан айрылган мерген «Карагул ботом» деп боздоп, кайгыга батат.

## Дубана

*Инв.№117. 47-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын ӱрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

Дубана эл кыдырып чарк уруп жүрө турган адамдар болот. Дубананын колунда «аса-муса» аттуу тайак болуп, үстүнө даакы кийип, башына күлө кийип селде чалынып, дүйнөнү бир да сүйбөс жек көз менен карап, түрдүү сөздөрдү айтат:

Үйүм, үйүм дейсиң сен,
Үйүң токой чырпыгы.
Малым, малым дейсиң сен,
Малың токой чымчыгы.
Эсил кайран балам деп,
Эми кайдан табам деп,
Ата калды бир чөлдө.
Эсил кайран балам деп,
Эми кайдан табам деп
Эне калды бир чөлдө.
Солкулдайсың тирүүңдө
Солдойоорсуң өлгөндө.
Шалкылдайсың тирүүңдө,
Шалдайаарсың өлгөндө.

Дубаналардын кай бири жолборс терисинен жасаган, куштун тырмактарын жипке тизип мойундарына асынып, аса-муса деген биртүрлүү өзүнчө жасалган чагарак жынжыр кадалган. Дубаналар башына ак жүндүү жаныбардын терисин сыртына каратып тыштап, бийик кылып кийген. Үстүнө ошол сыйактуу даакы тон кийген. Тынымсыз жүргөндө «ак» деп ар түрлүү сөздү айтып жүргөн. Айылга келип чарк уруп элдин бергендерин алган.

XIX кылымдын ортолугунда кыргызды аралап жүргөн Жылаңаяк дубана дегенди элдеги абышкалар мындай айтышат: «Жылаңаяк дубана бир эле эң жыртык чапан, дамбал, башында күлө эле болот. Бугунун

Солтонкул байыныкына бир топ байырлап кетет. ат менен басчу үч күндүк жерди жарым күндө басаар эле. Солтонкул бир күнү айтат: «Дубанам, сени мен жакшы кийиндирип койойун» деп. Дубана айтат: «Сенин кийиминден өзүмдүкү артык» деп. Бычак менен өзүн урганда жалт-жалт эткен көз уялткан кабат кийимдерди Солтонкул көрөт. Дубана айтат: «Ээ, жакшысы кандай экен?» деп. Бир күнү дубана башка айылга кеткенде эттен дубанага койбой Солтонкул жеп койот. Бир убакта дубана келип «эт кана?» дегенде, «унуткан экенсиз» дегенде, дубана айтат: «оомийин, жакшысы мени унутсаң бир атанын балдары мекеге барбай калгыла» дейт. Аалыбай уулу деген бир атанын балдары меке жузүн көрбөй калды дешер эле. Жылаңаяк дубананы Ысык-Көлдөгү саруу уруусунан Каранайза дубана деген ээрчип алып кытай жери Какшаалга барганда чериктин Турдуке деген жинди манабы Жылаңаяк дубананы урдурат. Дубана каргайт. Турдуке тез эле өлөт. Жылаңаяк дубананы каранайза дубана ээрчип алып Кытай чөлүнө кирип барганда, дубана Каранайзага: «сен эми мени менен жүрө албайсың, жакшысы эми кет» дегенде Каранайза ыйлап кайта тартат».

### Шаамашырүп дубана

*Инв.№117. 47-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

Шаамашырүп дубананын аңгемелери эл арасында жыш айтылат. Анжыйан кыргызынан Ардай деген уруусу Шаамашрүптү кармап алып «бул жайчы экен» деп, камышты тоо кылып үйүп, ортосуна дубананы отургузуп өрттөйт. Камыш чатырап күйгөндө бир камышты минип алып учуп кете берет да, ардайларды каргайт:

«Камыш атым жүрмейди,
Капыр ардай билмейди».

## Дөө, пери, жин, шайтан, көрүнчү

*Инв.№117. 47-51-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

**Бакшы**. Кыргызда бакшы деген эл аралап, ооору-сыркоону эмдеп-домдоп көрүп жүргөндөр болгон. Бакшылардын башкаларга көрүнбөй, өздөрүнө гана көрүнгөн, бакшылардын кызматын орундаткан «чымындары» болгон. Чымыны көп бакшы күчтүү бакшы болгон. Бакшылардын эң күчтүүсү «кара жиндүү бакшы» деп айтышкан. Байлатып койгон жинди ооруларды кара жиндүү (күчтүү) бакшыларга көргөзгөн.

Бакшылар айкырып-кыйкырып, колуна бычак шамшар алып оору кишини койгулап, жаргылчак таштарды көтөрүп алып өз төшүн өзу уруп, жазы темирди отко койуп кыпкызыл кылып ысыганда аны тили менен жалап, ар түрлүү укмуштуу сөздөрдү айтып бакырып, олуя-мазарларды чакырып, ар түрлүү коркунуч улуу көп сөздөрдү айтып, муну көргөндө карап турган кишилердин эстери ооп, көңүлдөрү айнып, үйдн ичи көл болуп, үстүндө өрдөктөр сүзүп жүрөт. Көбүнчө оорулар соп-соо болуп айыгып да кеткен. Кайсы бакшылар чымындарын бакшыга алдырып жиберип, (боростой – жөнөкөй – ред.) болуп калган. Эч бир иши жок бекер жүргөндү «чымынын кактырган бакшыдай» деген ылакап бар.

Бакшыларга айыккан оорулар сый кылып мал берген. Бакшылар түнкүсүн көргөн.

**Бүбү**. Зайыптан чыккан бакшыны «бүбү» деп койгон. Бу дагы нак эле бакшынын жолун жолдогон.

**Тамырчы**. Кыргызда ооруган кишини билегин кармап «ысык оору экен суу ич, суук оору экен күчтүү тамак ич» деп жүргөн тамырчылар көп болгон. Кыргызда оорудан көбүнчө суу ичип айыккан. Суу ичкен кишилерди тамырчы тупадан-туура тамак-

ка киргизбестен, адегенде күчү жок көк сорпо, ак жарманы эки-үч күн ичирип туруп, андан кийин тамакка салган. Кабыргасынан түкүргөн, алдынан сезгенгендерге карандай эле суу ичирген. Бир айлап суу ичкен оорулар болгон. Алардын жилиги тамам үзүлгөндө анан барып мал болгон (сакайып кеткен – *ред.*). «Канчы табыптар» түрлүү ооруларды кан алып айыктырган. Кыргызда мындай жергиликтүү ооруларды айыктырган кылдат тамырчы-табып көп болуп, ооруларды айыктырып, тартууга мал алышкан.

### Дарымчы

*Инв.№117. 45; 50-51; 70-71-бб.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

Оозду кара жама жеген, шишик жылаан менен бөй, кара курт чаккандарды дарымчылар түкүрүп айыктырган. Дарымчы чыныга суу куйуп алып, ууртап, ар түрлүү дуба сөз айтып түкүргөн. Жылаан, бөй чаккандарга ар түрлүү жылаан жана курттун атын айтып түкүргөн. Мындай сөздөрдү айткан:

Алабата бүрү менен,
Ажыдаар түгү менен.
Арал-арал, аралга көч,
Арал отун оттогон маралга көч ж.б.

Дарымчылар жылаан чаккан киши же малды дарымдаганда бир бычакты сабынан жерге сайып коюп дарымдаганда жети суунун жыланы келип бирден оролуп бычактан өткөндө, эң акырында чаккан жылаан бычакка оролгондо өлөт да, киши же мал айыгат. Дарымчылар дайыма жылаандар менен арбашканда жылаан аяк өйдө тик туруп оозун кыбыратат. Киши да дубасын айтып турат. Экөөнүн тең ичи көөп чыгат. Эгер аттарын тапса, ошол замат эле жыгыла да, ичи жарылып өлөт. Жылаан менен

кара кой жана торгой да арбашып, көбүнчө торгой жеңилип, жылаан соруп алат. Кара кой дайыма жеңип, жылаандын башын үзүп сугунат.

**Учуктоо.** 70-б. Оору кишиге күүгүмдө бир темирди отко кызарта ысытып алып, аякка суу куйуп, темирди суугa салып, түрлүү ырымдуу сөздөрдү айтып, сууну ууртап алып бүркүп: «учук болсоң учуп чык!» деп ырымдап, оору кишини суугa түкүрткөн.

**Суу чачуу.** 71-б. Бир киши ыраакы жерге барып келсе, же бир киши аттан жыгылса, же балбан жыгып, эр сайса, аякка суу куйуп башына айландырып (колдун ичин көздөй үч жолу – *ред.*) түкүртүп (үч жолу) туруп, сууну алыс чачат (аякты босогого көмкөрүп койот – *ред.*).

**Садага чабуу.** 50-б. Ооруган, жоодон кутулуп калганда дагы ошо сыяктууларга улактан садага чабуу, кара торпок энчилөө, кийимдерин таратуу болгон.

**Көз тийүү.** Кишиге, малга көз тийүүдөн абдан сактанышкан. Көк көз мончок тагынышкан.

**Көчөт көчүрүү** 71-б. Бакшы, бүбү куубаш сары чүпүрөккө ырымдап талаага жолго таштап, балакетти оодарып көчүрөт. Муну «көчөт көчүрүү» дейт. Көчөттү ким таап алса, оору ошого ооп көчүп кетет.

**Албын.** 45-б. Ашуунун бели, сырт жерде суюк аба жетпей кишинин деми кысылууну «түтөк» деп коёт. Түтөк деген «Албын» аттуу жин-кыздын бир түрү болот эмиш. Ага уят сөздөн айтып кууса, уялып кача баштап, түтөккөн киши эс алат экен.

**Түтөккөндөрдү** (45-б.) мындай сөз айтып эмдейт:

Албын, албын, албынтай,
.......... ......... кирди тай
Убайымдын белинен
Убап-чубап ..... качты
Бебейимдин белинен
Беш жүз .... аттанды.
Балалардын барпар баш
Барбайм деп кайта келгени.
Уландардын үшкү баш

Үшкүрүп кайта келгени.
Абышканын шал ....
Шалдайып кайта келгени.
Мойуну жоон боз ....
Болбой кууп бергени
Талкуу тилдүү куу ......
Талга чыга бергени.
Мойуну жоон боз ....
Тартып туруп атканда,
Талдын башынан
Талп деп ыргып кеткени.

**Мант байлоо**. 51-б. Колго, бутка же башка бир жерге «көз жара» түшсө, жибектен колго, бутка, моюнга байлайт. Муну мант байлоо дейт. Бу мант өзү түшөт.

### Ыйык көтөрүү

*Инв.№117. 51-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

Бала элирип ыйлаганда бир кой же эчки ыйык көтөрөт, ал мал менен баланы шилекей алыштырат. Ыйык көтөргөн малды башкага керектебейт. Акыры ушу малды сойуп түлөө кылып элге таратат.

### Түш

*Инв.№117. 50-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

Түштө көргөн окуяларга кыргыздар ишенет кай бир кишинин көргөн түшү келип да калат. Ар киши өзүнүн кармап калган белгилери болот. Мисалы,

түштө эгин көрсө, пайда табат. Чоң дарыя суу көрсө өмүрү узун болот, көргөн суулары өмүрүндө иче турган суулары болот. Кой көрсө балаага дуушар болот. Төө кубаласа катар болот (ажалы жетип зыян болуп калат – *ред.*). Үйдө чийки эт көрүнсө дагы зыян чыгат. Өлгөн киши келип тамак ичсе, зыян чыгат, өлүктөн тамак ичүү жакшы. Түштөгү сары нерсе кайгы болот. Жорго минсе да зыян болот. Өз үйүнөн кишилерге тамак берсе, зыянга учурайт. Түштөгү ак нерселер жакшылык болот. Калың мүрзөнү аралап жүрсө жакшылык болот.

Жаман түш көргөн киши эрте туруп, көргөн түшүн суугa айтып түкүрөт. Ыйласа кубанат. Эркек эшек көрсө, зайып камыр көрсө жакшылык болот. «Эр карып эшек түшөбөйт, катын карып камыр түшөбөйт» деп, мындай түш сейрек кирет деп койушат. Жылуу суугa жуунса, дөөлөткө жетишет. Ай көрсө, чоң даражага жетишет. «Түштүн мойуну кылдай, башы казандай» деп, жаман түш болсо да жакшылыкка жоруса жакшы болот деп эл ишенет.

**Бал китеп ачуу**. Уйгур, өзүбек молдолор кыргызды аралап келип, бал китеп ачып элди ишендирген.

**Баш тегеретүү**. Уйгур, өзүбек молдолор эри аялын же аялы эрин чанса, дем салып бири бирлерин жакшы көрүштүрүп койгон. Бул баш тегеретүү «жылуулук» деп айтылган.

### Оорунун ээси (кабыргадан түкүрүү)

*Инв.№117. 51-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан. 1944-ж. сент.*

Менин чоң энем Дилде айтаар эле: туугандарынан Мала деген бир көзү ачык оору кайдан тийгендигин анык билген киши экен. Бир күнү Мала ооруп үйдүн капшытында төшөктө жатса иттер абалап, кишилер

келип, үйдүн жабыгын ачат. Мала ордунан тура калып жүктүн бурчуна кыналат. Тигилер жаткан төшөгүн атат. Атуучулар кете беришет да, Мала ордуна келип жатат. Аткан кишилер башка айылга барат, эки айылдын иттери ичип-жеп абалайт. Эртеси Малага кабар угулат: «Баланча киши кабыргасынан түкүрүп калыптыр» деп. Төрт-беш күндө а киши өлүп калат. Кабыргасынан түкүргөн кишилерди «көк атчандар атып кетет» деген чоң ишеним бар кыргызда. Ар бир оорунун өзүнчө ээси бар деп нык ишенет. Чагылгандын огун таап алганда түкүргөн кишилерге эзип ичирет.

# ТОТЕМДИК МИФТЕР

## Буруттардын келип чыгышы

Түндүк Батыш монголияда жашаган буруттарда да өздөрүнүн түпкү теги жөнүндө кызыктуу уламыш айтышат. Кыштын күнү хандын кызы эшикке чыкса асмандан карга аралаш көк бука түшүп келаткан болот. Көк бука менен аралаш түшүп жаткан кар кыздын оозуна кирет, кыз кош бойлуу болуп калат. Көк бука ташка айланып кетет. Кыз кийин төрөгөн баласын ташбукага алып барып таштайт. Ал аман-эсен чоңоюп андан буруттар тарайт.

## Кыргыз кырк кыздан тараган

*Инв. №148. 261-264-б.*
*Талас кыргыздарынан жыйнаган:*
*Каюм Мифтаков*
*17-июль, 1923-ж.*

Мурун заманда бир падышанын өзү өлүп, андан Анал деген кыз, Мансур деген уул калат экен. Узак убакыттар Анал менен Мансур экөө бир туруп Анал деген карындашынын түндө жоголуп кете турганын билген. Аналдын жоголуп кеткенинен калк Аналды ойношуна барат экен, ойношчу кыз экен деп исмин чыгарып Мансур карындашын бир күнү аңдып жатып артынан барса, Анал ак сакалдуу ак селделүү карылар арасында бир нерсе ичип отурганын көргөн. Мансур эшикти какса карындашы колунда туткан шербети менен чыгып, колундагы шербетин Мансурга берген. Шол шербетти ичүү менен Мансурдун көзүнө жер көктөгү сырдуу нерселердин бары да көрүнүп «Анал ак, мен Алхан, деп дивана болуп жүрүп кеткен. Аналга шарап берип отурган ак сакалдуу кишилер кырк чилтен деген кырк олуя экен.

Мына шол сөздү айтып жүргөнүндөн Мансур падыша тарабынан сотко алынат да, бу да шаар капкасына алдырат. Андан соң дарга тарттырат. Анда да өлбөгөн сөз отко салып жандырба. Мансурга яндургач анын күлүдa «Анал ак, мен алхак» деп учуп кетет. Күл шол дервишче учуп барып бир падышанын туртунун оозуна барып түшөт да, пул үстүндө да, күл көбүк болуп «Анал он, мен алхак» деп жүрөт. Падышанын кызынын кырк жолдош кызы бар эле. Алар көбүктү күдөп алып татып көрүшсө аябай даамду болот. Ар кайсы бирден татып көрсө бары да бооз болуп калат. Андан соң бул кабар падышага угулат. Падыша булардын барын дарга тарттырманчы болот. Акырында безирлер берген кеңеш менен 40 кызды киши барбаган тоого кууп чыгарып каарланат. Кырк кызга ээрчилет бир ит да алар менен бирге барат. Алар шол тоо арасында бири эр, бир кыз тууп өздөрү бир айыл болуп калат. Балдары бир-бирине никеленет. Кыргыз мына ошол 40 кыздан таралган калк экен. Аслинде кайыптан 40 чилтен фатихасынан экен.

### Төрө тукум

*Инв. №148. 261-264-б.*
*Талас кыргыздарынан жыйнаган:*
*Каюм Мифтаков*
*17-июль, 1923-ж.*

Хан өз кызын бир сандыкка салып даряга салдырып жиберет. Аны бир тегирменчи таап алып, ичин ачып көрсө ичинде бир сулуу кыз болот. Сандыктан чыгарып алып үйгө алып кирсе сандыктан чыккан кыз да уул табат, катыны да уул табат. Хандын кызы шол жерде эрге тийип туруп калат. Ана шол хан кызынын кайыптап бүткөн баласынан кыргыз, казак ичиндеги төрө исимин алган кишилер туган экен. Төрөнүн төрө болмокторунун себеби ошол экен.

## Бугу уруусунун пайда болушу

*Инв.№319. 118-б.*

Адамдарды жаныбарлардан чыгышы жөнүндөгү уламыштардын айрымдары кийинки мезгилдерге чейин жашап келген. Муну биз бугу уруусунун келип чыгышы жөнүндөгү уламыштан да билебиз. Бул уламышты XIX кылымда кыргыз жеринде болгон орус саякатчысы сарыбагыштык бир адамдан жазып алган. Ал уламыш боюнча бир сарбагыштык жигит Нарын тарапка барып Талды-Булак капчыгайында бугу, маралга мергенчилик кылат. Кокусунан ал бир аңга түшүп кетет. Аңдын ичинен чоң тешикти көрүп аны менен жүрүп отурат да Аламышыктын тоосунан келип чыгат. Ал жерден бир бугунун башы чыгып турганын көрүп атып жиберсе ал бугу баштанган адам болуп чыгат. Бугу кейпиндеги адам өлөр алдында: «Менин карындашымды аялдыкка ал» – деп керээз калтырат. Мерген макулдугун берет. Көрсө анын карындашынын да башында бугунукундай, бирок кичине мүйүзү болот. Ошол аялдан тараган тукумдарды кийин Бугу байбиченин балдары деп бугу уруусу аталып калат.

## Кайыптын кызы

Ат-Башы, Нарын арасындагы Аламышыктын тоосуна тогуз киши мергенчилик кылып барат. Канча күн жүрүшсө да эч бир илбээсин, кийик жолукпайт. Азыктары түгөнүп кетебиз дешет, алардын ичинен ага, ини Карамырза, Асанмырза дагы болот. Биздин дагы эки күндүк азыгыбыз бар, силер кете бергиле, биз калабыз дейт. Тиги жети киши кетип, ал экөө калат. Экөө эртеси эртең менен эрте чыкса соечор турган экен. Атайын десе «атпа, жалгызымды» деп бир кыз чыга келет. Ошондо экөө кызды кармап алып келет. Ал кыздын башында бармактай болгон

эки мүйүзү болгон. Сен кайдан, кайсыл элден болосуң деп сурашса: «Мен кайып болгон берендердин тукумунан болом» дейт. «Кимибиз алабыз» деп экөө талаша кетет. Кыздан сурашат. «Менин денеме адам баласынын колу тие элек, сиздин колуңуз биринчи тийди. Сиз алыңыз» дейт Асанмырзага. Экөө чатакташат. Улуу агасы Арыкмырзадан сурашат. «Кызды тапкан экөөңөрсүңөр, экөөңө бир кыз болбойт» дейт. «Мен силерге мал берем». Экөө: «бөлүп алалы, а кызды Алсейитке алып берели, анын аялы начар чыгып калды» дейт. Алсейиттин биринчи байбичеси Токтобек болгон. Ошентип мүйүздүү кызды Алсейитке никесин кыйып алып берет. Үйлөнгөндөн кийин кыз: үч нерсе айтам ошону так аткар дейт:

1. Төркүнүмдү сураба
2. Мени чаппагын, бутуң менен теппегин
3. Мен сууга киринем десем унчукпай кеткин дейт.

Бир күнү мүйүздүү кыз сууга киринем десе Алсейит унчукпай кетет, баратып кайра кайрылып келип, кыздын жуунуп жатканын шыкаалап коет. Аны байкап калган кыз «Эмне карайсың, эми балдарымдын көзү кара болуп калбадыбы». «Кара болуп калды» дегени көрүп билгенин балдары билбей калды дегени экен. Ошондон кийин Алсейит калган шарттарын так аткарган. Күндөрдүн биринде мүйүздүү кыз эликтин сүтүнө талгак болуп калат. Анан ага Асанмырза, Карамырза эликтин желинин алып келет. Бир күнү Асанмырза менен Карамырза атып келген эликтин эмчегин мүйүздүү кыз ээмп жатканын Арыкмырзанын байбичеси көрүп калат. Ошол учурда калмак ханынан элчи келет. Ага жооп кылып Арыкмырза Алсейитти жиберет. Калмак ханы жалгыз кызы Чекимжанды ага кошуп жөнөтөт. Тамак бышырганды, кыргызча сүйлөгөндү жана мүйүздүү кыздын сырын үйрөнүп кел деп жиберет. Четимжан алардын баарын үйрөнөт. Бугу эне эч кимге көрүнбөй жуунуп, суусун эч кимге баспаган жерге төгөт экен. Аны байкап жүргөн Чекимжан бугу

эне жуунган сууну мен төгүп келейин деп, ал суута өзү жуунуп, кээде ууртап да койчу экен. Аны сезгиги менен байкап калган Бугу эне ага: «Мен киринген суута киринип, ууртап да койдуң. Эми сенин да урук тукумуң меникинен да көп чыгат. Менин кереметим да сага өттү» деп өзүнө сиңди кылып алат. Ошентип олтуруп Алсейит Чекимжанга да үйлөнөт. Алсейиттин үч байбичеси болот. Биринчисинен Боор. Азыр ал ууру Түп районунун Чоң-Таш, Корумду айылдарында жашашат. Экинчиси мүйүздүү байбичесинен Жамангул, Бата. Бугу эне Алсейитке Жамангулга сен аял алып бер. Мен батага аял алып берем деп үч ай жоголуп анан өзүнүн сиңдисин алып берет. Жылдар өтүп мүйүздүү эне каза болот. Кыламык кар жааган экен. Эртеси карды эки аттаган из калып, мүйүздүү эне кайып болуп кетет. Ошону менен бугу эне көмүлбөй калат. Бата тогуз уулдуу болот экен. Жамангул эки балалуу болот. – Кыдык, Белек. Кыдыктан Тоң району, Белектен Түп району. Бата кийин Бапа болуп аталып кеткен. Үчүнчү байбичеси Чекимжандан Туума деген ат Кашка деп аталып кетет. Туумадан Кара козу, Ак козу, Боз козу, Кенже козу, Кара күчүк деген беш уулу болот.

### Мүйүздүү байбиче

*Инв.№533. 2-дептер*

Орозбактын Карамырза деген уулу мерген болгон. Ал бир күнү Ала Мышык тоосуна аңчылап барып бир бугунун торпогун атат. Анын жанында дагы бир торпогу турган экен, ал качпай, торпокту жыттагылап, көзүнөн жаш төгүп мөөрөйт. Карамырза аны да атмак болот. Ошондо ал торпок кыз түрүнө өзгөрүлүп: Абаке, мен кайберенмин, бул атканың менин бир тууганым эле, мен муну таштап кете албай калдым, – дейт. Карамырза: Сен калп айтасың го, менин көзүмө көрүнгөн жин-пери болбо, – деп жа-

кындап барып кармап алат. Ошондо кыз: Мага адам колу тийип калды, эми болбой калды, мен кайра кайберен боло албай калдым, сени менен кеттим, өзүң нике кыйып ал, – дейт. Мен олжоке кызды албайм деп, Карамырза кызды Алсейитке алып берет. Бугу байбичеден көп тукум тарап – бугу аталып кетет. Эл аны «Мүйүздүү байбиче» деп эл абдан сыйлачу. Карамырза бой көтөрүп, «олжоке» деп теңсинбегени үчүн, Бугу байбиченин каргышына калып, тогуз уулунун сегизи өлүп, бир гана уулунан тукум тарап, аз болуп калат.

### Бугу уруусу жөнүндө

*Инв.№643 (5281)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Кылжырдан Ороспакты жана Дөөлөс деген эки уулу болот. Ороспактынын Арык, Асан, Кара жана Мырзакул деген төрт уулу болот. Үч агасы Мырзакулду келинчек ал дешип кыз тандоо үчүн кыргыз элин – оң, солду бүт кыдыртат. Мырзакул эч жерден кыз жактырбай  элди кыдырып жүрө берет. Мырзакулдун жыйырма жылкыны коштотуп алган жыйырма жигити биттейт-куштайт, арыйт, ач болот. Мырзакул катын алат деп жүрүп биттеп, куштап өлөбүзбү дешип Мырзакулдун жыйырма жигити бирлеп, экилеп качып олтуруп бүт баары качып кетип калышат. Мырзакул жалгыз калат, жыйырма жылкысын союп жеп жүрүп түгөткөн, аты чарчаган. Атын тыныктырып алуу үчүн Мырзакул Ала-Мышык тоосунун талаасына келип бир нече (он чакты) күн өргүп жатат. Тоолорго чыгып кекилик жана башка илбесиндерди жаасы менен атып жеп оокат кылып жүрөт. Бир күнү Мырзакул бир өндүр бойлоп ууга чыгып баратса бир кыз сууга киринип жатат. Мырзакул ошол кызды кармап алат, ал кыз тоо жаныбарларынын терисин жамынып жүргөн, кийими жок, кам эт жеген, денесинде түгү

болгон. Ал кызга Мырзакул чепкенин кийгизет, да аны атына учкаштырып алып үйүнө алып келет. Эки жеңеси (Асан менен Кара мырзанын катындары) кайдагы сандырактаган, эч нерсе билбеген жапайы немени алып келди дешип Мырзакулду жаман көрүшөт, кызды жактырышпайт. Арык мырза сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу деген, өзү сүйүп алып келди, тим койгула, өзүн бөлүп башка үй тигип бергиле дейт. Мырзакулга башка үй тигип берип келинчеги экөөнү ошондо бөлүп коюшат. Мырзакул өзүнчө оокат кылат. Бир күнү Асан мырза менен Кара мырза экөө тоого ууга чыгышмакчы болушат. Бул экөөнүн кийикке чыгарын билип Мырзакулдун келинчеги тигил эки жеңесине акем эртең кийике чыгат, ошондо бооз, аркар атат, ошол аркардын төш терисин төшүнүн башынан баштап эмчектерин айланта сыйырып, ошол терини эмчектери менен мага алып келип берсин, акеме айтып коюңуздар дейт. Ал эки катын Мырзакулдун келинчегинин сөзүн келиниң ушундай деди деп эрлерине айтышат. Асан мырза аркардын эмчегинин ага эмне кереги бар экен, биздин бооз аркар атаарыбызды ал кайдан билет экен деп көңүлсүз жооп берет катынына. Асан менен Кара мырзалар аттанып-тондонуп, кийикке чыгышат. Тоону аралап баратышса алдынан бир топ аркар чыгат, андан бир аркар атышат. Асан мырза Кара мырзаны муузда дейт. Аркар бооз болот. Кара мырза аркар бооз экен, келиниң бооз аркардын төшүндөгү терисин эмчектери менен сыйырып келип берсин дебеди беле, ал эсиңизде барбы дейт. Асан ал олуя болуп калыптырбы, ага аркардын эмчегинин эмне керéги бар экен, ал дөөдүрөй берет да, унутуп калыптырбыз деп коебуз, мууздай бер деп аркарды мууздатат. Аркардын терисин, ичеги-кардын таштап этин үйүнө алып келишет. Мырзакулдун келинчеги кайнагаларынан аркардын эмчегин жеңелери аркылуу суратат. Асан мырза менен Кара мырза эсибизден чыгарып коюптурбуз деп жооп беришет. Ошондо Мырзакулдун келинчеги эки кайнагасын тукуму төрт

түтүндөн ашпасын деп каргап жиберет. Күндөрдүн биринде Арык мырза ууга чыкмакчы болот. Мырзакулдун келинчеги Арыктын аялына акем ууга барат, бооз аркар атат. Ошол аркардын төш терисин эмчеги менен сыйырып мага алып келип берсин дейт. Ал келиндин сөзүн Арык мырзага айтат. Арык мырза ууга чыгып кетет. Бир ойдо бир топ аркар чыгат. Андан бир аркар атат, ал аркар келини айткандай бооз чыгат. Арык мырза менин бооз аркар атарымды кантип билди, мунун терисин эмчегин айланта сыйырып алып барып берейин дейт да төш терисин эмчегинин айланасына чейин сыйырат. Аркардын этин жана эмчегин алып үйүнө келет. Эмчекти келиниме берип кой деп берет. Аялы эмчекти келинине алып барып берет. Келин акемдин тукуму өссүн, өнүп өсүп көгөрсүн деп алкайт. Келининин алкаганын төкпөй-чачпай Арык мырзага айтып барат. Арык аялына келиним аркардын эмчегин эмне кыларын байкап билгин дейт. Арыктын аялы күн-түн дебей келинин аңдып калат, бир күнү кечинде боз үйдүн бир жерин ачып шыкаалап карап турат. Мырзакул тамагын ичет, келинчеги экөө жатышат. Мырзакул уктап кетет, келинчеги төшөгүнөн турат, шамды жагат, жүктүн бурчуна коюп койгон эмчекти алып, төш жагын керегенин башына илет, эмчегин ылдый салаңдатып калат да эмчекти эме баштайт, эки ууртунан буркулдап көбүрүп көбүк чыгат. Эмчекти ээмп болгондон кийин терини тышынан бөктөп жүктүн бурчуна коюп коёт да өзү акырын барып жатып алат. Арык мырзанын аялы барып көргөндөрүн эрине бүт айтат. Арык мырза кытайлар, калмактар кыргызды чаап жоокерчилик кылган кезде бул келин талаага калган кыз окшойт, ошондон жапайы айбандарды ээмп чоңойгон жана ошондуктан айбанзаада болуп калган, кам сүт ичкен, кам эт жеген, ошонун натыйжасында денесине түк чыккан болуу керек. Эми Асан, Кара жана алардын аялдары эмне десе ошо десин, бирок сен жаман айтып келиндин көңүлүн калтырбагын, аны боюңа тартып,

жакшылап, билгениңди айтып, ар нерсеге үйрөтө бергин дейт аялына. Мырзакул бугу аялынан Алымсейит жана Тынымсейит деген эки уулдуу болот. Алымсейиттин тукуму Ысык-Көлдүн күңгөйүндө жашайт. Тынымсейиттин тукуму Нарында жашайт. Бул эки атанын тукуму чоң энеси Мырзакулдун байбичесине байланыштуу бугу уруусу аталып кеткен. Алымсейиттен тарап келип, ал тукумдан Балбай жана башкалар мыкты болуп чыгат. Тынымсейит тукумунан тарагандарынын ичинен Чоко жана башкалар мыкты болуп чыгат. Арык мырзадан тараган тукумдан Кыдыр аке, Калыгул, Кыдыктар мыкты болуп чыгат. Арык тукуму Тоңдон Нововознесеновкага чейин жашайт. Асан мырза менен Кара мырзанын тукуму азыр да айыл эмес, бир звеного да жетпейт.

### Мүйүздүү байбиче колдогондо

*Уламыш алынды: Кыргыздар*
*3-китеп, Б., 1995, 21-б.*

Сарыбагыш бугунун артынан түшүп кууп келатса Тарас кара ат минген, такыя кийген, үкү сайынган бир кыз элдин ичинде пайда болуптур. Кызды кармап алабыз деп элдин баары (сарыбагыштар) кыз менен алек болот экен. Кыз элди адаштырып Төрөкелдиге барат. Төрөкелди кызды көрүп чындап аркасынан түшөт… (Кыскасы, Төрөкелди колго түшөт. Сарыбагыш эли бул кабарды угуп качат. – Н.Н.) …Кара ат минген кызды Төрөкелди жыгылгандан кийин тирүү пенде көрбөптүр. Санжырачылар мүйүздүү байбиченин арбагы колдоп, бугунун тукуму калды деп айтышат. Уккандын баары кара атчан кыз мүйүздүү байбиченин арбагы эмес өзү деп айтышат.

## Бугулар

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939–1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

Сарыбагыштын (Кылжырдын) Орозбагынын Арык, Асан, Карамырза, Мырзакул деген төрт уулунан тарагандар, майда белек, тынымсейит жана алардын ичинде жүргөн майда курама уруктар: коңурат, эстек, торок, кызыл сакал, отуз уул ж. б. бугу аталат. Уламышка караганда бугу «мүйүздүү эне» кайып кызы касиеттүү аял имиш. Карыялар «мүйүздүү энени» мындайча айтышат. Орозбактын Асан, Карамырза деген эки уулу аң уулап Нарындагы Ала-Мышыктын тоосуна барат имиш. Мергенчилик кылып жүрүп бир жерде улагын эмизип турган маралды көрүп калышат. Атып жиберсе: «Жалгызымды аттың, баланды ат, ботонду ат» деген үн чыгат. Караса музоо эмип турган жерде бир аял пайда болот. Ал аялды учкаштырып айылга жөнөшөт. Жолдо келе жатып аял: «Олжого мурун кимдин колу тийсе, ошол алат дечү эле, маган колуң мурун тийди, мени өзүң ал» деп Карамырзага акыл айтат. Кайыптан пайда болгон аялды айылга алып келип, акылдашып отуруп, Мырзакулга токтолушат. Себеби анын аялы Токтобек деген итти жүз кылам деп жалаң ит багып, алек болгон жөнүрөөк киши экен. Кеңешип отуруп табылган кайып аялды Мырзакулга алып беришет. Күндөрдөн күн өтөт. Бир күнү Карамырза аңга чыгып бара жатканда талаадан табылган аял «мүйүздүү эне»: «Акем элик атса, аткан элигинин төшүн эмчеги менен алып келип берсин» деп абасынан айттырат. Карамырза элдин тили менен «мүйүздүү энени» Мырзакулга берип койгонуна кийин өкүнүп калган экен. Тигил сөздү укканда, ич күйдүсү эске түшүп: Кечээ өзүм талаадан таап келген күң,

бүгүн мени менен теңтуш болуп, мен аткан эликтин төшүн жегиси келет деп ачууланып, «мүйүздүү эненин» талабын орундатпайт. Кийинчерээк Арык аңга аттанып кетип баратканын көрүп: «Элик атса төшүн эмчеги менен маган алып келип берсин» деп абысынынан айттырат. Ал күнү Арык аткан элигинин төшүн эмчеги менен келинге алып келип берет. Ал төштү түн ичинде казанпака жайып коюп эмчегин эмсе, кадимкидей сүт чыккан имиш. Эмчекти эмип, талгагы кангандан кийин, эшикке чыгып: «Арык акемдин тукуму менин тукумумдан кем болбосун, Асанмырза, Карамырза тукумуң жүзгө жетпесин, башың бир жерге кошулбасын» деп каргайт. Ошол себептен Карамырза, Асанмырзанын тукуму аз болуп калган дешет. Арык акенин тукумунун көп болушу алардын дайыма Мырзакулдун балдары менен теңата болуп жүргөнү касиеттүү эненин батасынын тийгенден дейт.

Ошентип талаадан Асанмырза, Карамырза таап келген аял кайып кызы, башында мүйүзү бар касиеттүү киши болгондуктан Сарыбагыштын (Кылжырдын) Орозбак деген уулунан тарагандардын баары (арык, белек, тынымсейит ж. б,) ырым кылып, «бугу — мүйүздүү эненин» ураанын чакырып калган экен. «Мүйүздүү эненин таягы, үзөңгүсү» дешип кийинки жылдарга чейин майлап, катып жүргөндөрүн биз да көрүп калдык.

## Ак Буура

*Инв.№1784 11-13-б.*

Мурда бул жер какыраган чөл экен. Кургакчылык көп болуп турган. Дөөтү уста кырк жигити менен келип жер казып атып кырк күндө ушу дарыяны чыгарган экен. Дарыянын ээси сүттөй аппак Ак Буура. Ак Буура эч карыбайт, өлбөйт, ачка да болбойт. Анткени дыйканчылыктын пири боз көгүчкөн жем ташып берип турат. Буура башын бери каратып жатса суу кирип ташкындайт, ары карап

чөккөндө суу тартылат. Дарыянын бууракандап калышы ошондон. Ал жылына бир маал чыгып жер кыдырат имиш. Эгер чыкпай койсо, дыйканчылык жакшы болбой, элдин пейили тарыйт.

**Ай тамгалуу айгыр**

*Жазып алган: Абрамзон С.М.*

Илгери дөөлөс ичинде Калчабай аттуу кедей болгон экен. Ал бир күнү дөбөгө чыгып барса жаңы туулган кулун жатат дейт. Эки жагын караса, жан көрүнбөйт. Үйүнө келип түлөө өткөрүп, эртеси барса, тору айгыр, тору айгырды тегеректеп тогуз бээ турат дейт. Тору айгырдын маңдайында, жамбашында ай тамга жаркырайт имиш. Калчабайдын малы көбөйүп байыйт экен. Ошентип жалгыз кызын коңшу турган сарууларга эрге узатмак болот. Кудасы кыздын себине Тору кашка айгырды сурайт экен. Айгырын берип койгондон кийин дөөлөстөрдүн малы-жаны четиниен кырыла баштайт. Айласы кеткен дөөлөстөр бир кишисин жиберип, Тору кашка айгырды өлтүрүп, башын кайра алып келгенде мал-жандын өлүмү токтойт экен.

*Уламыш алынды: Абрамзон С.М. Из этнической истории киргизов / Тюркологический сборник. – М.,1966. С.166-167*

**Чилде**

*Айтып берген: Ботбай келини Бүбүсайра Абдырахман кызы 1927-ж.т. Кемин. Боролдой айылы*
*Жазып алган: Буудайбек Сабыр уулу*
*Жомок жана жомокчу. Б., 2008. 209-б.*

Уккан кулакта жазык жок. Кышты – токсон, чилде, беш тогоол, кемпир суук, жалама айран дейт. Кыргыз өткөн заманда кыштыр-жайдыр тоону тоо

билбей, зоону зоо билбей кыдырып турчу экен. Бир мерген болуптур. Үйүнө конок келсе кайберенди өз малындай эле атып келип, коногун коноктоп жиберчү экен. Күндөрдүн биринде кышында кийик атып келиш үчүн тоого чыгат. Кыдырып жүрүп, бир зоонун түбүндө кадимкидей эшик бар экен, мерген таң калат, карап калса бир сулуу кыз чыгып мергенди көрүп, кайра кирип кетет. Мерген ого бетер таң калып:

– Ой тобо ушул тоого нечен жылы кыдырып, коён жатагына чейин беш колумдай билем. Мындай эшикти көргөн эмес элем. Бул – бир керемет. Тобокел, кирейин,– деп мылтыгын октоп, бычагын да дайындап, оңтойлоп кирип барат. Кирсе кадимкидей эле үй, бир ак сакал салабаттуу карыя, бир кара мурут керилген жигит, беш жашар эркек бала болот. Мерген тартынбастан салам айтат.

Үй ичиндеги карыя менен жигит алик алып, карыя:

– Кел, балам төргө өт,– дейт. Төрүндө кадимкидей эле оюлуу талпак кийиктин терисин жерге салган мерген отурат, үй ичи жылуу, анан сүйлөшө кетет. Карыя: «Жол болсун балам, кышында ак кар, көк музда коркпой жалгыз тоо кыдырып кыйын мерген окшойсуң» дейт.

– Ооба, чоң ата, мен жаштайымдан ушул күнгө чейин кесибим аңчылык. Насибим кайберендин эти. Ушул тоону нечен жылдан бери кыдырып түнөк кылып алдым эле, ой-кырын беш колдой билем. Бирок сиздердин үйдү биринчи ирет көрүп, таң калып олтурам. Бул жерде улар гана жашоочу эле. Адам жашайт деп үч уктаса түшүмө кирген эмес. Сиздер кайдан ооп келген адамсыңар,– деп сөз салат. Ошондо карыя мындай деп жооп берген экен:

– Балам, таң калаарың эп. Сага түшүндүрөйүн. Биз кыштын ээси болобуз. Мен токсон карыя болом. Үч ай жатып чыгып кетет. Мынабу жигит менин уулум – Чилде. Кырк күнү чыкылдап катуу

суук болот эмеспи. Ушул туура, балам кырк күнү чыкылдап, суугун коё берип жатып чыгып кетет.

Мынабу беш жашар балам «беш тогоол, беш тогоол өтпөй бел чечпейт» деген ушул. Аңгыча эшиктен бир байбиче кирет. Уулуна ачууланып: «Кыз эмчектүү калды, кысырак жалдуу калды», эмне кыймылдабайсың деп кыйкырат уулуна. Колун чекесине серепчилеп: – Кокуй татай бул ким,– деп мергенди карап калат. Карыя сөзүн улап: – Бул менин байбичем, жанагы алма өрүктү, жер-жемишти үшүткөн кемпир – суук, тиги бала – менин кызым. Аш-Афран деген башындагы байчечекей көйнөгү көпөлөк, жазындагы жалама айран ошол болот. Биздин өмүрдүн акыркы милдетибиз кыш ээси. Токсондон ашпаймын да, кемибейм. Балким, кырктан ашпайт да кемибейт, кичине балам бештен ашпайт. Аш-Афран да ошол эле калыбында, кемпирим болсо кыйкырып, бакырып, жер жемишти жеп кетет. Мерген көргөн көзүнө ишенбей дал болуп олтуруп калды.

Карыя Аш-Афран кызын: – Бул балага даам сун,– деп буюрат. Кызы эликтин туягына толтура айран куюп сунат. Мерген колуна алып ууртайын дегенде эле ээн жерде олтуруп калат. Баягы адамдар, баягы үй көздөн кайым болуп кетет. Бирок мергендин колунда туяк менен толтура айран калат. Мерген айранды түгөтө албайт. Үйүнө көтөрүп барат. Туяктагы айранды бир айыл бүт ичип түгөтө алышпайт. Ошол туякты айраны менен үйүндө сактап коюптур дешет.

## МИФТЕН УЛАНГАН АҢЫЗДАР

### Улукман аке

*Инв.№ 647 (5285) 3-дептер 102-104-б*
*Айтып берген: Аман Айдарканов*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*21.02.1975*

Бир кездерде Улукман акени бир калифа (падыша) бир себеп менен айыптап баласы менен жерге көмдүрүп коет. Улукман акени көмдүрсө калифа өлөт. Анын ордуна турган калифа да өлөт. Бул калифанын ордуна турган үчүнчү калифа бир күнү тамак жеп олтуруп алкымына сөөктүн сыныгы кирип кетет, ал сөөктүн сыныгы кайра чыкпайт. Ошол кезде ал сөөктү чыгаруучу табып, дарыгер болгон эмес. Калифанын тамагы шишип, ириңдеп кетет. Ошондо калифага бир акылман киши келип, ушул кезде Улукман аке болсо жакшы болот эле, сөөктү ошол киши чыгарат эле дейт. Калифа ал киши кайда дейт. Улукман акени сизден мурунку үчүнчү калифа баласын менен тирүүлөй көмдүрүп койгон дейт. Калифа Улукман аке өлгөн эместир, барып Улукман акени көмгөн жерди тапкыла да аны казып Улукман акени алып келгиле деп кишилерин жиберет. Ал кишилер жерди каза турган куралдарын алып жана бир чака, бир аркан алып жөнөшөт. Барып көрүн табат, аны казышат, чуңкурду сыйпалашса адегенде майда сөөктөр учурайт. Ал сөөктөрдү чакага салып сыртка чыгарышат. Сыртта тургандар бул баласынын сөөгү экен, дагы тыяк-быягын сыйпалап карагыла дейт. Көрдүн ичиндегилер көрдүн боорлорун сыйпаласа бир киши урунат. Ал кишиден сиз Улукман акесизби дейт. Ал ооба дейт. Сизди калифа чакырып жатат, жүрүңүз дейт. Мен ай менен күндүн жарыгына чыксам кокус болушум мүмкүн, ошондуктан күнгө караганда караңгы болот, көрдөн чыгаарым менен ошол үйгө кирип көзүмдү үйрөтөйүн. Көрдүн жанына үй тиги-

шет. Улукман аке көрдөн чыгып тигилген үйгө кирет. Улукман акеге тамак-аш алып келишет. Улукман аке мага адегенде тамак бербегиле, эки-үч күнгө чейин үч маал бир кашыктан үч кашык күнүгө шербет (бал) берип жүргүлө, үч күндөн кийин гана тамак ичейин дейт. Улукман аке ошентип үч күн шербет жейт. Аз болсо да кубаттанат, оңоло түшөт. Үч күндөн кийин тамак иче баштайт. Улукман аке эми эки жаныма 14-15 жаштагы кыздардан эки кызды алып келип он чакты күн жаткыргыла дейт. Эл эки кызды алып келип Улукман акенин эки жагына жаткырат. Эл Улукман акеден бул кыздардын кандай пайдасы бар деп сурашат. Улукман аке мен жерде көп жыл жатып күч-кубатым кетти, жаштын денеси кубат берет, жерден өткөн закты (сызды) тартып алат дейт. Он күндөн кийин Улукман аке калифага барат, калифанын тамырын кармап көрөт, башын чайкап коет. Сиздин сөөгүңүздү чыгаруу үчүн балаңыздын каны керек, ошол канды ичсеңиз анан сөөк чыгат дейт. Калифа мен өлсөм ушул 13-14 жашар баламды ордума коеюн деген тилегим бар эле, жалгыз баламды кантип өлтүрөйүн, канынын кереги жок, өлсөм өлүп калайын деп болбой коет. Эл сиз кеткенден кийин биз сиздей калифаны кантип табабыз, сиз жашсыз. Жаш катын алсаңыз дагы эле балалуу болосуз дешет. Калифа көпчүлүктүн сөзүнөн чыга албай макул болот. Улукман аке беркилерге эч кимге көрсөтпөй бир кой алып келгиле деп шыбырап коет жана баланы алып келгиле деп ачык айтат. Эл койду жашырып коюп баланы киргизет. Улукман аке балаңызды мууздаганда сиздин жүрөгүңүз жарылып кетиши мүмкүн. Ошондуктан көзүңүздү байлатып коюңуз дейт. Бир-эки жигит калифанын көзүн таңат. Улукман аке баланы эшикке чыгартып жибертет да койду мууздаттырат. Кой корулдаганда калифа чыдабай бала-а-а-м деп бакырып жиберет. Ириңдеп боршоп турган сөөк ириң-пириңи менен атылып кетет. Ошентип сөөк чыгат.

## Умай эне

Качандыр бир заманда Датка аттуу момун адам жашаптыр. Анын жети кызы болуптур. Эң кичүү кызынын атын Умай деп, чоң атасы Түкүбай акылман өзү койгон экен.

Алты кызы турмушка аттанып бөлүнүп кетет. Датка бир жагынан кубанса, экинчи жагынан өкүнөт, капаланат, аларды ойлогон Датка түнү бою күңгүрөнүп чыгат.

Атасынын муңканып, кайгы тартканын эстүү кыз Умай сезип калат. Убакыт аз өттүбү, көп өттүбү ким билсин, Умай укмуштуудай дарыгер болуп чыга келет. Ал жөнүндө эл арасында кеп тарайт. Умайдан дарыланып кеткендер куландан соо сакайып, ал жадагалса жан бүткөндүн баарын аяп, дарылай турган болду.

Умай ар дайым сыркоолууга чоң атам Түкүбайдын эми тийди деп айтып, эч качан мен дарыладым, мен сакайттым деп айтчу эмес экен.

Күндөр өтүп, жылдар жылып, Умай эне болду. Күн санап эненин аты ааламга угулуп, дүйнөгө тарады. Эми эл анын көлөкөсүнө сыйынчу болду. Ал гана эмес менменсинген дарыгерлер сыркоолууну көрөр алдында, оболу Умайга сыйынып: «Менин колум эмес, Умай эненин колу», деп туруп эмдеп баштай турган болот.

Көптүн батасын алган Умай эне түбөлүккө өлбөс болуп калыптыр. Кимдин үйүндө сыркоо бала-бакыра болсо, ал ошол жерде болот дейт. Табы айныганга эмдомун салып, тезирээк айыгып кетишин тилейт дейт. Эл арасында азыр да Умай эне өтө жакшы көргөн кишисине гана жолугат деген ишеним сакталып калган.

## Төөнүн сүтү

Улукман акенин дарыгерлиги жөнүндө эң эле көп аңыз айтылат. Бир жолу, Улукман аке эл кыдырып

жүрүп, жети жыл төшөктө жаткан оору адамга жолугат. Анын тамырын кармап айыкпасын айтат. Бирок ортодон он күн өтпөй, баягы төшөктө жаткан жигитин ойноп жүргөнүн көрөт да, таң калат. Жигитти эмнеден айыктың десе, төөнүн сүтүнөн дейт. Ошондо, Улукман аке: «Атаңдын көрү ай, айыгаар ооруунун дарысы-өзү келет деген, чын экен го, сага; жети жыл туу кылган төөнүн сүтү жана кара чаар жыландын уусу керек эле, мен алар табылбайт го деп, айыкпайсың деп койгон элем. Көрсө, төөнүн сүтүн саап койгондо, жылаан уусун төгүп кеткен тура» дейт.

### Жамансарттын көргөнү

*Инв.№394. 71-74-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Жамансарт дегендин жер кыдырып жүрө турган адаты болот. Бир күнү жолунан опол тоодой алп жолугуп, Жамансартты ат-маты менен алаканына салып көтөрүп алып андан ары жер кыдырып кетет. алп Жамансартты жанына алып алып далай жер кезет. Акыры тигилген боосу жок боз ордо үйгө алып келет да, алысыраактан карап турат үйдөн бир катын чыгып, дөөнү кол булгап чакырат. Тиги катыны экөө үйгө кирип кетет, үйдүн ичинен коркурап-шоркураган үн чыгып, үйдүн этегинен жошолоп кан агат.

Дөө Жамансартты чакырып: «Тиги өлүп жаткан менин жээним, тууган болсо да мени кууп жиберип, мал-бул, катынымды тартып алды эле. Ээн-талаа эрме чөлдө жан сактап каңгып жүрдүм. Ошондон бери карата бир ооз үн чыгарып сүйлөгөнүм жок. Анткени сүйлөсөм, демим боюмдан чыгып кетип, бу зордукчуга алым жетпей калмак. Ар бир азамат кылмакчы болсо, шарга салып айтпастан ичине сактаса, деми чыкпай, ойлогон ою-күчү кетпей

ордунан чыкмакчы. Эгер ортого салып айта берсе, оюнун күчү кетип орундалбай калмак» дептир.

Алп эми элин аралатып көрсөтөт. Эли дагы өзүндөй алп экен. Мен сага калкымдан катын алып берейин деп, кыздарды тандатат. Кыздар Жамансартты алакандарына салып чакмак алып ойнойт. Жамансарт айтат: «Мен өзүм кичине киши болсом, алп кыздарга күйөө боло албайм. Мен ыраазы» дейт. Алп көп дүнүйө берип, жерине жеткирип коёт.

## Бакайды көргөндөр

*Инв.№394. 75-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Байыртан берки болуп өткөн жомокчулардын айтуусуна, коп жашаган карыялардын айтуусунда Бакай азыр да тирүү, дүйнөнү кезип жүрөт имиш. Каныкей экөө. Кээ бир кишилер Бакайды көргөн болот. 1910-жылдарда Ысык-Көлдө сөз боло баштады. Балан киши Текес жактан Бакайды көрүп сүйлөшүптүр деп. Аты белгисиз бир Текес жактан Бакайды көрөт. Жалгыз өзү ээн талаада келатса, тал түштө эле бир боосу жок боз ордого дуушар болуп келип түшөт.

Төрдө аппак сакал бир киши төмөн жагында бир ак чач кемпир капшытта чоңдугу бүркүттөй болгон ак ителги, улагада чоңдугу тайдай болгон бир тайган жатат. Аксакал киши: «Кел, балам, өйдө чыгып отур» дейт. Аксакалдын жанына келип отурат. Ак чач кемпир туруп сабаадан кымыз куят. Кымыз ичип болгондон кийин сөз баштайт: «Балам, элиңде Манас, Бакай, Каныкей деп жомок айтышабы?» дейт. Киши: «айтышат» дейт. Аксакал: «Балам элиңде айткан Бакай мен болом, отурган – Каныкей, туурдагы – Акшумкар, улагада – Кумайык.

Конурбайдын кароолдо жаткан куу өрдөгүн Акшумкарга алдырганда этинен таткандыктан өлбөй калып, дүйнөнү кезип жүрөбүз дейт. Мындай сөздү укканда киши чочуп токтоно албай, кайдан келип калдым деп кетүүгө кам урганда, «Балам, бизден чочуба, бизди айта бар, кош бол» дейт. Киши аттанып кете берет да, көргөнүн элге айтып келет.

### Бакайга учураган экинчи киши

*Инв.№394. 77-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

1925-жылдар тегерегинде бир партийный кызматчы Жумгалдан Нарынды карай аттанат күздүн күнү. Күн жаап тумандап кечке жуук боло баштаганда бир коктунун ичиндеги аппак болгон бир чоң кыргызча үйгө кездешип конууга түшө калат. Төрдө ыраңы эң жакшы киши, ак чач кемпир, ителги, тайган бар.

Аксакал киши: «Келгиле, балдар, өйдө чыккыла» дейт. Экөө отурганда: «Балдарым, элде Манас, Бакай, Каныкей деп жомок айтабы? дейт. Ошол Бакай мен болом, тиги кемпир Каныкей деп, жогорку сөздөрдү айтат. Кандай үйгө келдик деп, опкоолжуп жөнөгөндө «Балдарым бизден чочубагыла, элиңерге айта баргыла, кош, аман болгула» дейт.

### Тайган

*Айтып берген: Кожомкулова Жамила*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Ат-Башы. Ак-Моюн. 2005*

Тайган тууралуу илгертен калган ылакап, макал. Ит кырааны тайгандыр, тайганды таптап салгандар, тамактанып тойгондур табам десең тайган тап, жакшы тап, жакшы бак.

Туйгунду күтпөй тайган күт, тайганды багып тойгун журт. Туйгунду салбай тайган сал, тайганды салган тапкан мал. Тайган каман, илбирс, бугу, марал, аркар, кулжа, эчки, теке, карышкырды тобу менен алган. Тайгандын кыраандыгы жогоруда айтылган. Аңдардын кайсынысы болсо да, бир тиштөө менен ооз омурткасын бычырата тиштеген. Бир серпип өтүү менен толорсугун сууруп таштаган. Жаки жото жилигин бычырата тиштеген. Алгыр тайганы бар айылга түн ичинде  эч убакта карышкыр келбейт. Кыргыз күлүк ат, бүркүт, шумкарды кандай көрсө, тайганды да ошондой ардактайт. Тайган салышка кыргыз өтө уста болуп аны көбүнчө кедей чарбасы алган. Тайгандын эрлиги тууралуу илгертен айтылып келе жаткан эски сөз бүркүттүн иканынан аз эмес.

Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Жеңиш айылынан кесип өткөн бир ичке жол бар. Ал жол эки тоонун ортосунда. Ошол жол менен кете берсең «Чычкан ичи» деп аталчу жерде бир чоң таш бар. Анын аталышы таш тумшук. Ошол жер абдан ыйык жер. Таштын түбүнөн эки булак бар. Бирөөндө болсо керосин сыяктуу агат. Ошону чоң эне-аталар айтышат, мурун керосин чыкчу деп. Бир булак таптаза агат. Ошол ыйык жерден бир күнү Баатырбек деген адам кызуу болуп алып айылга түшүп келе жатыптыр. Баягы таштан өткөндөн кийин эле, баягы атчан адамды көтөрүп чааптыр. Ошо жерге сулк эле жатып салыптыр. Аты үйүнө качып барып энтигип туруп калыптыр. Ошондо адамды издеп табышып үч күндөн кийин эсине келген. Ошондон кийин бакшы молдолор сыйынып турушат. Мен азыр ошол таштын чоңдугуна таң калам.

**Өмүраалынын укканынан**

*Инв.№312, 2-дептер, 19-24-б.*
*Жыйнаган: А.Чоробаев*
*Айтып берген: Өмүраалы Чоңбала уулу*

*84 жашта, кесиби мерген*
*Нарын өрөөнү, Кош-Булак колхозу. июнь, 1956-ж.*

Илгери Куранчы мерген деген болгон экен. Ал Куранчы кийиктеп жүрүп бир желмогузга (жезтумшукка) кезигет. Ал жезтумшукту атып жибергенде көкүрөгүн баскан бойдон чыркырап барып бир үңкүргө кирет. Үңкүрдүн үстү жагына чыкса түндүгү бар, түндүктөн караса бир жезтумшуктун абышкасы, кемпири, бир келинин көрдү. Анда абышка айтат келинине: «Сен Куранчыга жолукпа дебедим беле, жолуксаң тукум курут кылат деп жүргөнүмдү унуттуңбу» деп кайгырат. Куранчы адегенде абышканы, анан кемпирди, келинди баарын атып салып, үңкүргө кирсе, таштан бешиги бар баласы бөлөлүү турат. Аны да кошо өлтүрүп алып кетип баратса, бир короо айыл жасалгалуу үйлөр тигилип, ал жердеги кыз-келиндер, элдер Куранчыны тосуп алат. Биздин тукумду курут кылган душманыбыздын тукумун үзгөн сен элең, ошон үчүн кыз беребиз дешип, бир сулуу кызды абача тиккен жасалгалуу үйгө киргизип, сонун төшөк салып, койунуна жаткызды. Колукту (аячы) болгон кыз айтты: «Сен, Куранчы, таң атканча уктабай жатсаң – дүнүйөнүн жыргалы сеники болот» дейт. Бирок Куранчы уктап калып ойгонсо, эртең менен өзү жаткан төшөнчүнүн орду бар, башка эч нерсе жок, көздөн кайып болду. Кыз жатаарда айткан: «кокус уктап кетсең мындан айла жок – кайып болом, эгер мени керек десең, баланча боодон ары барганда атам ак бугу, энем Ак марал бар, ошого сыйынсаң бир айла болоор» деген эле. Ошондон Куранчы эч айласын таппай, жинди сыйактуу болуп жүрүп белгилеген жерине барса, адегенде Ак бугуга кезигет. Ак бугу айтат: «мындан ары дагы карагайга барып, ак маралга кезиксең бир айла болот – менден айла жок» дейт. Андан Ак маралга барып, алыстан сыйынды. Анда Ак марал кайын энеси экен. Ал айтат: «балан жерде бир кудук булак бар, ошо жерге ор казып алып жатсаң,

бир убакта үч көгүчкөн келип сууга түшөт. Алар сууга түшкөндө колуктуңду тааныйсың. Кийимин чечинген-де ала качып алсаң – табышасың» дейт. Муну менен Куранчы аңдып жатып үч көгүчкөн келип көйнөгүн чечинип, сууга түшүп жатканда кийимин алып калат. Аны менен кубулуп кете албай, колукту токтойт. Жыл маалында Куранчы уктап жатса, түн ичинде бир Карасанчы келип Куранчыны ойготот. «Жүрү, кийикке» дегенде чочуп кетип, колуктусу көздөн кайым болот. Ошо бойдон Куранчы бир жылы «дат» деп жүрөт. Бир жылдан соң эшиктен үн угулат: «Ой, Куранчы, ме, балаңды ал!» деп. Караса – бешикке бөлөнгөн бир кыз турат. Куранчы багып жүрдү. Ошо кыз – Бугу байбиче деген ошо. Анын тууган балдары жалпы бугу уруусу. Ал эми ошо бугу эненин чачын жууган суусун дайыма ичип жүргөн күндөн туулган Жылкайдар имиш. Андан Тилекмат, Тилекматтан – Чыныбай.

## Бугу эненин каргышы

*Айтып берген:*
*Сулейманов Кадырбек Абдылдаевич*
*Нарын өрөөнү, Эмгекчил айылы 54 жашта*

Орозбактын беш уулу: Арык мырза, Мырзакул мырза, Асан мырза, Кара мырза, Тоног мырзалар Ысык-Көлдү, Нарынды жердеп турушкан. Кышкысын Ысык-Көлдө, жайкысын Нарында жайлап көчмөн эл болушкан. Төрттүк мал (кой, жылкы, уй, төө ж.б. малдары менен) жайкысын Нарынга келип бээсин байлап: куш салып, тайган агытып аңчылык кылып турган. Азыркы Нарын шаары турган жер дарыянын өйүзү. Эки тарабы тең баш аягына чейин түнт токой, карагай-чер болгон. Токойдо: бугу, марал, кийиктин түрлөрү, аюу, жолборс, илбирс, сүлөөсүн, каман, карышкыр, коён, суур, кашкулак кыскасы эмне жаныбарлар болсо бүт болгон.

Асан мырза менен Кара мырза көзгө атар мерген болгон. Ал кезде Нарында эл сейрек жайгашкан. Жаныбарлар аябай өскөн. Жайкысын көңүл ачып охотчулук жасап, кеч күздө кайра Ысык-Көлгө кыштап келип турушкан. Бир жылы дагы адатындай Нарынга көчүп келип жайлап, мергенчилик менен Асан мырза, Кара мырза жигиттери менен Нарындын Ала мышык тоосундагы «Кайып булак» деген жеринде он-он бир жаш курактагы сулуу кыз токойдун арасынан күн ысыгында келип, булактан аккан көк кашка таза сууга жуунуп, чачын тарап, өрүп, бир аз ойноп, көздөн кайым болуп токойго кирип кетип көрүнбөй жок болуп кетет. Ачуусу келген Асан мырза, Кара мырзалар токойдон чыга калган маралды мээлеп атканы калганда кыз чыга калып, маралды тозуп, жалгызымды атпагыла, анын ордуна мени алгыла деп өзү колго түшүп берет. Асан мырза, Кара мырза кызды алып келип агасы Арык мырзанын үйүнө берет. Арык мырзанын байбичеси өз кызындай багып, өстүрүп 14-15 жаш чамасында өтө акылдуу, аял жумуштарына уста, колунан көөрү төгүлгөн, өтө сулуу кыз болуп өсөт. Асан мырза менен Кара мырза көздөрү түшүп, агабыз Арык мырза «Кызды экөөбүздүн бирибизге берет го» деген үмүттө жүрүшөт. Бирок Мырзакул мырза жаш өлүп калды, андан калган Алсейит менен Тынымсейит мен аталык камкордук көрүшүм керек деген ой менен байбичесине кеңешип кызды Мырзакулдун улуу баласы Алсейитке чоң той берип үйлөнтөт. Алсейит ага чейин эки аял алып, ал аялдары начар болуп, тукумдары начар болуп калган. Алсейиттен эки уул төрөйт: Бапа, Жаманкул деген. Бапаны төрөөрдө маралдын сүтүнө талгак болот. Энесине айтат, энеси эки кайниси Асан мырза менен Кара мырзага айтат: «Марал атсаңар желинин кошо сөгүп келип бергилечи, келин талгак болуп жатат» десе тиги экөө биз албай калдык деп ичи күйүп жүргөн немелер: кечээ эле биз кармап келген олжоке кыз,

бизге маралдын сүтүн таптырат бекен деп тил албай коюшат. Байбиче болгон сөздү Арык мырзага айтат, ал киши түшүнүп, эртең эле эки инисинин артынан жүрүп отуруп барса бир маралды экөө жаңыдан эле атып, союп жаткан экен. Арык мырза өзү карап туруп, желинин сөктүрүп алып келип, байбичесине карматат. Байбичеси келинди чакырып алып берет. Келини дароо боз үйгө кирип, ашканага желинди арта салып шорулдата эмет. Тил албай койгон Асан мырза менен Кара мырзага «тукум аз болсун» деп бата берген экен. Ошол бата менен Ысык-Көлдө экөөнүн тукуму аз. Дагы бир үй кызматчы аял бугу эненин башына суу куюп, үй оокатын жасоочу экен. Бугу эне баш жууган сууну таза жерге төккүн, менден көргөн билгендериңди эч кимге айтпа деп ант алган. Бир күнү тиги аялдын абысын, теңтуштары болбой сураганда  анча-мынчасын айтып коет. Аны «бугу эне билип калып, сен антты буздуң, сенин тукумуңан кулагы укпаган, көздөрү кароо балдар төрөлөт деген экен. Айтканындай бир уруу туулган балдар ошондой болгон. Күндөрдүн биринде Алсейит ата менен кеңешип «Бапага колуктуну мен алып берейин. Экинчи уулга атасы сен алып бергин» дейт. Макул болуп, бир жума жоголуп, теги белгисиз бир сулуу кызды алып келип чоң той менен үйлөнтөт. Ал келини Бугу эненин өзүндөй акылдуу, нарктуу ишкер, адамкерчиликтүү бардык жагынан төп келген келин болот. Экинчи баласына түштүктөн атасы куда түшүп жүрүп, жакшы жерден аял алып берет. Бугу эне кийин бул дүйнөдөн кайтыш болгондо: ал кезде кыргыз жайы-кышы дебей жашоосу боз үй болгон. Бугу эненин сөөгүн өзүнчө, бир чоң боз үйгө жайына алып коюшат. Кыргыздар ар кайсы жерде чачкын болгондуктан, топо салгыла деп кабар бердирип, үч күнгө創 создуруп калат. Эртең коебуз үч күн чарчадыңар деп сөөк турган үйдүн эшигинин айланасын бекитип, өзүлөрү башка үйгө кирип бөлүнүп эс алышат. Эртең менен намаз маалында

таң сүрө үн чыгаралы десе «Бугу эненин» сөөгү жок, табыты турат. Түндө кар катуу жаап суук болгон. Кардан из кубалап бир бугунун изи боз үйдөн чыгып тоо таянган, андан ары борошо шамал уруп, изи көрүнбөй калган. Ошентип Бугу эне кайыптан бүтүп, кайра кайып болуп кеткен.

### Жалгыз аяк

*Инв№704 (5342) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Көчмөнчүлүк убакта кыргыздар каалаган жайлоосуна барып конуп, жалгыз үй деле жашап жүрө беришчү экен. Ошол кездерде алар жаратылыштагы түркүн түстүү жаныбарларга кезигишкен экен. Жез тумшук, жалгыз аяк, чаңырык ж.б. адам кейпиндеги коркунучтуу жаныбарлар көп болчу экен деп чоң энем айтып калар эле – деп сөзүн баштады Бүбүасыл апа. Жашы токсондон ашкан айылдагы кадырлуу карылардын бири.

Ал маегин мындайча улады. Малга жайыт издеп алыскы тоолордун арасына бир адам көчүп барат. Жайытына түш оой жетип, көчүн түшүрүп, үйүн тигип коюп аялын эки кичинекей баласы менен калтырып өзү малын айдап келгени кетет. Аялы өз үй оокаты менен алек болуп журтта кала берет. Май сызгырып турсун деп оттон алып коет. Түн жылуу, Ай жарык, түндүктөн түшкөн айдын жарыгы казанда турган майга төгүлүп турат. Аңгыча казанды тиктеп олтурган келиндин тестиер баласы «Апа карасаң майга кишинин көлөкөсү түшүп турат» дейт. Абайлап караса чын эле тоонун чокусунан карап олтурган киши сөлөкөтүнө окшоду. Келиндин оюна алда немелер келип, жомоктордо айтылчу укмуштуу жез тумшук элестеп коркуп кетти. Бирок балдарын коркутпайын деп эч нерсе айткан жок. Ошентип

майын куюп, балдарын жаткырып чыракты өчүрөт. Эмнегедир жүрөгү дүкүлдөп корко баштады. Балтаны колуна алып эшикти түрүп коюп, босогонун бир жагында олтурду. Аңгыча дабыш чыгып кандайдыр бир нерсе кирип келе жаткандай туюлду. Эшиктен ичкериге аттаган киши кейпиндеги, саксайган немении моюнун балта менен кыя чапты. Көрсө ал жалгыз аяк экен. Бул аялдын коркпогон эрдиги жомок болуп элде айтылып калыптыр.

### Мал баккандагы окуя

*Инв.№704 (5342) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Уктап жатып тура калсам эле кыламык кар жаап коюптур. Короонун ары жагына басып барсам бир үңкүр турат. Ал үңкүрдүн жанында бир буттун изи турат, эшик төрдөй жерге секириптир. Анан үңкүргө таш ыргыттык, эчтеке чыккан жок. Ал изди жалгыз аяктын изи экен дешти. Эки-үч күнгө чейин коркуп жүрдүк. Бул окуядан кийин бат эле Соң-Көлгө көчүп кеттик. Сырдуу окуя табышмак бойдон калды.

### Көкдобул
### (биринчи вариант)

*Инв.№666(5303)*
*Айтып берген Маламберди Сооронбаев*
*Жазып алган Ж.Казакбаев*

Жанкарач баатырдын иниси Баястандын ити болгон, ал иттин сырттаны болгон. Ошондуктан аны Сырттан дешчү. Сырттандын өңү таргыл болгон, чоңдугу кунан чыгаар ноопаздай, мойну кучак жеткиз турпаты жолборс десе жолборс эмес, карышкыр десе карышкыр эмес укмуш болгон. Сырттандын тилин

Баястандын аялы билчү, булардан башка киши билчү эмес. Сырттан башка кишинин тилин алчу да эмес, көбүнчө Баястандын аялынын тилин алчу. Бир күнү Жанкарачтын жылкысына куралдуу жүз киши кол салат. Жанкарач эмне кылаар айласын таппай Баястанга жоо келди, Сырттанын алып жоого чыксын дегин деп бир жигитин жиберет. Баястан аялы Сырттанга тамак берип, жоо келди, Баястан менен жоо чык дейт. Сырттан тамакты ичпей коёт да туруп керилип-керилип алып Баястанды ээрчип жоого жөнөйт. Жоого барганда Баястан ал, Сырттан, деп жоону көрсөтө берет. Сырттан жоого качырып кирип жүз кишини ат-маты менен ыргытып баарын талкалайт, чөптү кыйшайткан добулдай кыйратат. Жоону жеңгенден кийин Жанкарач ак боз бээ союп, түлөө берет жана Сырттан жоону добулдай кыйратты, ошондуктан Сырттандын атын Көкдобул коёт. Көкдобул мындан мурун Баястан бир киши менен тамашалашып алыша кеткенде тигил кишини ат-маты менен ыргытып жиберген. Жанкарач ошондон улам Көкдобул душманга жарайт экен деп калган. Баястан казактар менен чабышып казактарга колго түшүп кеткен. Жанкарач жүз жылкы берели Баястанды бошотуп бергиле дейт. Казактар жүз жылкыңардын кереги жок, Көкдобул бергин, анан Баястанды беребиз дешет. Кыргыздар Көкдобулду кантип алып кетесиңер, ал карматпайт, байлатпайт, байлатса да силердин жетегиңерге жүрбөйт дешет. Казактар кандай кылып берсеңер өзүңөр билгиле, акылың өзүнөр тапкыла дешет. Ошондо Баястандын Көкдобулдун тилин жакшы билген аялы, Көлдобул, сен иттин сырттанысың, Баястан адамдын сырттаны, Баястанды казактарга барып куткарып кел, өзүң алардын колунда үч жыл туруп кел дейт. Көкдобул туруп оозун кере ачып, керилип-керилип алып казактарды ээрчип жөнөйт. Баястан кутулуп келет. Баястан кутулуп келгенден кийин Көкдобул казактарда үч жыл жүрөт, үч жылдан кийин качат. Качып келе жатып кечинде бир казактын үйүнө келет. Ал үйдүн ээси эт

бышырып, аны эки-үч табака салып олтургандарга тартмакчы болгондо Көкдобул бир табак этти тиштеп алдына тартып алат, аны суугандан кийин жеп алат. Көкдобул ошол үйгө түнөп түнү менен бир карышкыр, эки түлкү тиштеп келип үйүнүн жанына таштайт. Эртең менен ал үйдөн чыгып жүрүп олтурганда Көкдобул Чүйдүн суусунун «Таш өткөөл» деген кечүүсүнө келип бир куланды (жылкынын жапайысын) кармап алып жейт, ал куланды жеп жатканын кыргыздар көрүп калат. Ошол кезде кыргыздар Чуунун боюна малы менен Көктөөгө барып койлорун төлдөтчү. Көргөн ит сенин итиң окшойт, адам жанына даап бара албайт, сүрдүү экен дешет. Баястан «Таш өткөөлгө» барат, караса ал ит Көкдобул, аны ээрчитип үйүнө келет. Көкдобул ошентип кайра келип Баястандын колунда жашайт. Бул сөз Сооронбаев Маламбердиден жазылган.

## Көк Добул
## (экинчи вариант)

*Инв.№5213, 6-б.*

Таластык бир кишинин «Көк Добул» аттуу ити болуп, ал аюу, жолборс, илбирсти да терип, ээсин бат эле байытат. Иттин атагы казак, кыргызга тарайт. Ошондо казак султаны бүтпөгөн бир доону шылтоо кылып, Көк Добулду сурап кетет. Барганда ал иттер менен кошулуп, сөөк жебей, кан-жин ичип наар тартпай, үрбөй жатып алган дешет. Аны бир аксакал киши байкап: «Оо, кокуй, иттин сырттаны турбайбы!» деп атайы арнап, мал сойдуруптур. Ошондо гана ордунан туруп, чарадагы бышкан этти жеп, эртеси ууга чыккан дешет. Ошентип, ит казак жеринде беш жыл туруп калат, ээсин олжого тундурат. Аюу, жолборс, илбирстен миңди алганда эли-журтуна кетүүгө уруксат сурап, дагы да наар албай, бутун тартпай жатып алган дешет. Муну ээси түшүнүп: «Болбостур, эли-журтуна жиберейин, аюу, жолборс,

илбирстен миңди алганда кетирем деген сөзүм бар эле, ошону эске салып жатат» деп мал союп, конок кылып, мойнуна алтын каргы тагып узаткан экен. Ошентип, Таласка келип «ит туруп мен унутпасам, киши туруп ээм унуткан экен» деп ээсине таарынып, айылга келбей, дөбөгө жатып алат. Муну бир койчу көрүп айтып барганда ээси ат коштоп, эли-журтун чогултуп, тосуп алып келет.

## Көкдобул
## (үчүнчү вариант)

*Инв.№647(5285) 2-дептер*
*Азык Момунов атасы Момундан уккан*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*24.01.1975*

Чүй боорундагы Түлөбердинин тукуму Жангарачтын айылында жашаган бир кедей киши Таластагы тай акесине учурашканы барат. Ошол учурларда тай акесинин тайганы эки күчүк тууйт. Барган жээни таякесинен тайганынын бир күчүгүн сурайт. Тай акеси алсаң алгын дейт. Жээни күчүктү сүтүнөн ажыратпайын деп, келерки жылы келип алып кетемин дейт да күчүктү ала келбей таштап, өзү гана Чүйгө келе берет. Ал киши кийинки жылы тайганымды алып келейин деп барса, таякеси тайгандын күчүктөрүн сурагандарга берип жибериптир. Жээни тайганым кана дейт. Тай акеси сен быйылкы күчүгүн алгын, былтыркы күчүктөрүн сурагандарга берип койдум, тайганым тууганы турат дейт. Жээни тайганы тууганча күтүп жатат. Тайган март айында бир гана эркек көк күчүк тууйт. Ал күчүк көзүн ачканда дагы күтүп жатат да күчүк көзүн ачкандан кийин аны алып жана ага жолдо бере турган сүт алып жөнөйт. Ал киши күчүктү өлтүрбөй аман-эсен Чүйдөгү Жыламыштагы үйүнө келет. Бул кишинин таякеси менин тайганым мындан мурун эч качан

жалкы тууган эмес, бактыңа быйыл гана жалкы тууду, аты Көкдобул болсун деп атын коюп берет. Көкдобулджу Таластан алып келген жылы сентябрь айында айылга карышкыр тиет. Айылдагылар карышкыр-карышкыр дешип карышкырды жапырт аттуу кууп кетишет. Көкдобулдун ээси Көкдобулун караса ал жок, жаш немени карышкыр чайнап коёт деп коркуп, бирөөнүн жаман атын минип алып карышкырды кууган элдин артынан чапкан бойдон кетет. Карышкырды кууган эл кайра келе жатышып Көкдобулдун ээсинин алдынан чыгышат, алар кайда баратасың дейт. Тигил киши Көкдобулду издеп бара жатамын дейт. Эл сенин күчүгүңдү карышкыр тиштеп (өлтүрүп) кетти, карышкыр тоого чыгып кетти деп тамашалашат. Көкдобулдун ээси карышкыр кеткен тоого чыгат. Анан алдынан бир жылкычы чыгат. Ал жылкычыдан «Менин күчүгүмдү көрдүңбү» дейт. «Сенин күчүгүң тетиги жерде бир карышкырды өлтүрүп, өзү жанында турат, мен карышкырды алайын десем бербей койду» дейт. Тигил киши Көкдобулга чыгып барат, Көкдобул карышкырдын моюн, омурткаларын сындырып өлтүргөн, өзү жанында аны кайтарып турган. Тигил киши Көкдобулду ээрчитип, карышкырды өңөрүп үйүнө келет. Жангарачтын иниси Баястан деген киши Көкдобулду угат да уй, жылкыдан үч-тогуз мал айдап келип Көкдобулдун ээсинен Көкдобулду сурайт. Көкдобулдун ээси «Мен бай эмесмин, кедеймин, манаптарга окшоп жакшы аттарым, күлүктөрүм, жорголорум болбосо, кур дегенде мага окшогон кедейде бир жакшы ит турсун деп Баястанга Көкдобулду бербей коёт. Көкдобулдун ээсине ошол жердеги кишилер атайын кастарлап сурап келгенден кийин тайганыңды бергин, ал манап жана анын агасы Жангарач, ал чындаса чычкак улак бербей зордуктап да алып коёт, андан көрөк манаптын кыйыгына калбай Көкдобулду бергин, малын олжо кылгын дешет. Кедей коркконунан Көкдобулду берет. Баястан үч тогуз малды кедейге берип, Көкдо-

булду алып кетет. Көкдобулдун астына кара көлдөлөң салат, үстүнө жууркан жабат, кызыл манаттан тышталган ичик кийгизет. Тумшугуна тумурга кийгизет, жемсесине чалма байлайт, жакшы тамак берип жылуулап багат, үйдүн ичине байлап коёт. Кеч курун тамагын берип, тумшугунан тумургасын, желкесинен кажысын алып бош коёт. Көкдобул жалгыз өзү түнү менен ууга чыгып өзүнө жолуккан карышкыр, кулан жана башкаларды кырып таштайт да таң атканда үйүнө келет. Баястан жигиттерин, коңшуларын ээрчитип, Көкдобулду алып эртеси Көкдобулдун кыргандарын издеп чыгат. Көкдобул өлтүргөн жаныбарларын кайсы жерде экенин өзү барып көрсөтүп турат. Баястандар аларды жыйнап алып келип турушат. Ошол учурлары күндүз айылга бир карышкыр келип калат, эл карышкыр-карышкыр деп дүрбөлөң түшөт. Аны Көкдобул угуп, үйдүн ичинде байланып турган жеринен жулкунат, үйдүн бир жагын бир жагына капшыра коёт. Эл Көкдобулду чечип, тумургасын алып коё беришет. Көкдобул карышкырды алат, ал карышкырдын сырттаны экен. Ошол күндөрү Медетбек деген бир киши Баястандын Көкдобулун сурап келет. Бирок, Көкдобулдун өнөрүн көрүп, аябай ыраазы болуп кетет. Көкдобул Баястандын колунда үч жыл турат. Ошол кездерде Жаманкара баатырды Кенесары, Ноорузбайлар колго түшүрүп алат. Жаманкаранын иниси Кабылбек болуп кыргыздар беш жүз тубар бээ берели же беш жүз азыйдын пулун берели Жаманкараны бошотуп берсин деп Кененсарыга киши жиберет. Көкдобулдун кабарын уккан Кененсары  бизге беш жүз бээсинин кереги жок, бизге Көкдобулду берсин, анан Жаманкараны бошотуп беремин дейт. Кабылбек Жангарачка келип, Кененсары мага беш жүз бээнин кереги жок, мага Көкдобулду берсин, анан Жаманкараны беремин дейт. Жангарач Баястанды чакыртат да ага Жаманкара башына төөнүн териси тигилип, бутуна кишен салынып, эки колун кайчылатып туруп жы-

рыңкүндө салынып Кененсарыда туткунда жатат, беш жүз тубар бээ берели, Жаманкараны бошотуп бер десе, Кененсары беш жүз бээнин кереги жок, мага Көкдобулду берсин анан мен Жаманкараны бошотомун дептир, сен Көкдобулду бергин, аны Кененсарыга берип, Жаманкараны бошотуп келгин дейт. Баястан менден эмнени сурайсың Көкдобулдун өзүнөн сура дейт. Жангарач Көкдобулду алдыртат. Ал Көкдобулга сен иттин сыртанысың, Жаманкара адамдын сырттаны, ал Кененсарынын колунда туткунда жатат. Кененсары Көкдобулду берсе, Жаманкараны бошотом дептир, эми экөөң бири-бириңе убашы кылбайсыңбы дейт. Ошондо элдин ортосунда жаткан Көкдобул тура калып силкинип-силкинип эстейт. Жангарач, Кабылбек тур аттанып жөнөгүн, Көкдобул барса сени ээрчийт дейт. Кабылбек аттанып жөнөйт, Көкдобул ээрчип артынан жөнөйт. Ошол бойдон барып, Кабылбек Көкдобулду Кененсарыга берип, Жаманкараны бошотуп келет. Көкдобул Кененсарынын колунда үч жыл туруп калат. Баястан эл менен жайлоого көчүп баратканда бир кырда туруп Көкдобул эсине түшүп, ушул убакка чейин мени унуттуңбу, мени эсиңе алсаң боло деп ыйлайт. Ошол Баястандын айткан сөздөрүн элестеп Көкдобул Иледен (Чүйдүн суусунун аягынан, ошол жерди казактар Иле деп аташат – Ж.К.) шашке ченде качып чыгат. Көкдобул Олуя-Атанын (Жамбыл шаарынын) аягындагы үч суунун куйганынан казак Сенкибайга жолугуп калат. Кырк жигити менен ат агытып, куш салып жүргөн Сенкибай анын Көкдобул экенин тааныйт да атынан түшө калып «Кулдугум бар арстан, конуп кетпейсиңби» деп эки колун бооруна алып кулдук урат. Көкдобул Сенкибайды ээрчип, анын үйүнө барат. Сенкибай бир койду союп, аны чала бышырып Көкдобулга берет. Экөө кечинде бирге жатат. Сеникибай уктап калгандан кийин Көкдобул туруп уучулукка кетет. Түнү менен үрүп карышкыр, арстан, жолборсту кырат, таңга жакын кайра Сеникибайдыкына келет. Эртең менен Сенкибай туруп,

Көкдобулга: «Арстаным, кетсең эми уруксат» дейт. Көкдобул кылчактап кетпейт. Сенкибай жүргүлөчү жигиттер Көкдобулду узатып коёлу деп аттанышат, Көкдобул өзүнүн түнү менен өлтүргөндөрүн Сенкибайга көрсөтөт. Өзү ошону менен жүрүп олтуруп кеч бешимде Жыламыштагы Баястандын кыштоосуна келет. Баястандын кыштоодо көң чаап жаткан жигити Көкдобулду келди деп сүйүнчүлөп Баястандын бир тогуз малын алайын деп Баястанга чабат, барып сүйүнчүлөйт. Баястан ошол жигит менен жайлоодон кыштоосуна келет. Келсе кыштоосунда Көкдобул жок, сен калп айткан турбайсыңбы деп Баястан жемелейт. Жигити Көкдобулду кантип таанybайын, өлүп кетейин көргөнүм чын деп карганат. Баястан издөөчү салып Көкдобулду издетет. Издөөчү сурамжылап жүрүп, бир жылдан кийин Иленин боюнда кой кайтарып жүргөн чалга жолугат, ал чалдан көк тайган көрдүңбү деп сурайт. Ал койчу чал Иленин боюнан бир көк тайган көрдүм, эки көзүнөн коркуп жанына бара албай койдум дейт. Издөөчү Көкдобулду таппай кайра келет, Баястанга койчу чалдын айтканын айтат. Көкдобул ошентип дайынсыз жок болуп кетет. Көкдобул Баястан күтүп турбайт деп наарazы болуп кетип калат.

### Күү баяны

Илгери бөлөк элден, бөтөн жерден ат арытып, жол карытып, комузун угуп, сый-урматын көрсөк деп кыргызга конок келиптир.

Үй ээсинин жалгыз уулу өлүм алдында жаткан. Үй ээси капыстан келген коногуна сыр билгизбей тосуп, каадалуу нуска кебин айтып, комузун чертип отурду. Меймандардын бирөө жанаша боз үйдөгү кыйналган үнгө кулагын төшөп суроо салды:

– Кишинин онтогону угулабы? Ким бу?

– Мал го.. – деп койду үйдүн ээси. Бир оокумда, казан чыгарарга келгенде үйдүн ээси берки боз үйгө аста кирип, уулунун а дүйнөгө узап кеткенин көрдү.

– Эми комузунду бир чертип кой, угалы да кайталы, – дейт.

Үй ээси кереге башындагы комузун алып, чертип кирди. Бу саам комуз ботодой боздоду белем. Комузду тыңшаган меймандар кара башын жоктоону угушту. Эми эле шаттыкка баткан үй ээсинин жүрөгүн кайгы чалганын сезип калышты. Каада-салтты билген коноктор дагы сыр бербей, үй ээси менен коштошуп, жолго аттанып, желе бою тартып узап кайра тартып аттардын башын шарт бурушуп, баягы аза күткөн кыргыздын үйүнө өкүрүп түшкөн экен.

Кыргыз эли конокту «кудайы конок» деп ыйык сезген, конок менен кошо үйгө ырыскы келет деп, сыйлуу тамагын өзү жебей, кайыптан келген коногуна сактаган.

## Камбаркан

Камбар деген кандын жалгыз уулу тентек чоңоюп, ит агытып, куш салып дооран сүрчү дейт. Күндөрдүн биринде ит агытып, куш салып кеткен бала үйүнө кайтпай калат. Камбар кан киши чаптырып, туштуш тарапка кабар салат. Арадан күндөр өтүп, ай тогошот. Дарексиз жоголгон баласынан тынчы кеткен кан, жумурай-журтту жыйып жар салат: «Ат минүүгө жараган эркек колуна жарак алып, уулумду издеп чыксын. Жакшы кабар айтып келген кишиге өз боюндай алтын берем. Кимде ким жаман кабар алып келсе, анын башы кесилет. Кокус эч ким эч кандай кабар билдирбесе, баарыңардын башыңар алынат».

Атка минүүгө жараган эркек түп көтөрүлө дүргүп, тердиктей жер койбой тинтип жөнөйт. Эчен күн, эчен түн тынымсыз издөө салды эл. Акыры күйгөн токойго кез болушту. Көрсө түнөп калган токойдон өрт чыгып кандын уулу, аты, тайганы менен өрт ичинде калган экен. Күйүп куурган талдын бутагына илинген жандыктын ичегиси шамалга термелип укмуш дабыш чыгат экен. Ошондо жок издеген элдин

ичинен бирөө карагайдын сөңгөгүн жара чаап, баягы үн чыгарган кылды керип чертип көрсө, баягы үн дагы чыгат дейт.

Айылга барып Камбар канга уулунун каза тапканын күү менен угузган экен. Комуз ушинтип жасалып, анын биринчи күүсү Камбардын күүсү атанган дейт.

«Күүнүн башы Камбаркан» деген ушундан калган.

### Ажыбек тууралуу аңыз кеп

*Инв №46*
*Айтып берген Эмилбек Мамбеталиев*
*(саяк уруусу) Каба саяк, оң.*
*Жазган Абдыразак Өмүрзаков*

Ажыбек, Карбоз бир тууган экен. Кетмен-Төбөдө Үч-Терек деген сельсоветте жашашкан экен. Ажыбек бай болот. Анын түндүк жагында Көк-Дөбө деген жер болот, ал жерге жылына бир маал койун ортолотуп баручу экен. Бир жылы койчулар орун алгандан беш-алты күндөн кийин койлорго туз бердирип келүү үчүн Ажыбек өзү барат, эки күн жатат. Бир түнү «Ажыбек!» деп байды бир адам койдун чекесинен туруп чакырат. Ажыбек «Эртең койдун жогору башына чыгып жат» деп айтып кетет.

Ажыбек «Мага дөөлөт» (байлык) келет экен деп сүйүнөт. Короосунун башына чыгып жатат. Бир убакта кой дүр үркүп качат, Ажыбек тура калса, жез тумшук келип калып кармаша кетет. Өзү чоң балбан киши болгондуктан Ажыбек көпкө чейин кармашат. Утуру бири жыгып, көп убакыт өтөт. Бир кезде Ажыбек койчуларын келгиле деп чакырат, койчулары коркуп барбайт, бир убакта Ажыбектин онтогон үнү чыгат, бир кезде онтоосу да басылып калат.

Койчулар таң атканча коркуп барбай, эртең менен барышса, Ажыбек өлгөн болот. Мыкчып кийимдерин тыткан, чечип караса, бир колтукту гана ойгон,

башкасы таза, этин жеген эмес, кан тамыр калбаган, соруп кеткен. Койчулар эртеси элге кабар кылат. Туугандары келип Тогуз-Тородон Ажыбек уулу Кадыр жана Ажыбек уулу Соңку (бөлөктүн балдары) дегендерди, бир канча кишилерди чакырып барып жолдугуңар жана союшуңар деп эки козу берип кайтарып, сөөгүн өз эли Кетмен-Төбөгө жүктөп кетет.

### Жалгыз көздүү желмогуз

*Инв №46*
*Айтып берген Эмилбек Мамбеталиев*
*(саяк уруусу) Каба саяк, оң.*
*Жазган Абдыразак Өмүрзаков*

1923-1924-жылдары Каноочунун түштүк тарабы «Көк-Чолок», «Ак-Суу» деген зоолордун арасында Чоңко уруусунан Канай деген бай мал оторлотуп барып конот. Айылынан эки бала мергенчиликке чыгат. Ак-Суунун кыры деген зоого барышат. Бири ат багып зоонун кырында калат, бирөө кийик издеп төмөн түшүп кетет. Бир аздан кийин мылтыктын үнү чыгат. Караса мылтыгы менен бала жан алы калбай өөдө карап качып келе жатат. Атка мингизсе үйгө карай чапкандан башканы билбейт. Жолдошу тизгиндеп, «коркпой айт» деп кыстайт. Өңү кубарып-саргайып кеткен:

«Үч жаман нерсе көрдүм. Өзү тайлак жүн сыяктуу түктүү, бир-бирибизди көрүштүк да, өйдө карай качтым. Антпесем куткара турган эмес эле. Артыма карасам кууп жакындап калыптыр, мылтыгымдын түздүгүнө ишенип, жүрөктөн ары атып качтым. Бардаш кылып туруп кайрат менен аттым. Алар үймөлөктөй түшүп токтой калышты, маңдайларында бирден көздөрү бар экен, түктүү экен, коркуп башкасын байкабай калдым».

Окшуп, кусуп, эч кеп айталбастан жылдыз толгондо өлөт. Эртеси беш-алты киши чогулуп барып баланын изин, тигилердин изин жана канын көрү-

шөт, бирок коркуп ары бара алышпайт Тердиктей чөп жапырылып калган болот.

**Аңдагы аңыз кеп**

*Инв №46*
*Айтып берген Эмилбек Мамбеталиев*
*(саяк уруусу) Каба саяк, оң.*
*Жазган Абдыразак Өмүрзаков*

1930–1931-жылдары Түрүкмөн Кыдыршаев деген мерген бир жолдошу менен барып Каноочунун чыгышында Кашка-Суунун оозунда жатат. Мергендердин кепеси болот: жаан-чачындан коргонуп, эттерин сакташ үчүн пайдаланат. Ошондо эт бышырып жеп жатса, жатарда чөптү шартылдатып эле бирөө келет. Отко койгон аттары кошкуруп үркүп төшкө чыга качат. Кепенин ичиндеги тайган табышка чуркап чыгат, 100-150 метр жерге табышты көздөй үрүп барат, табышка жетип эле каңк дей түшүп, кайра качып, оттон секирип өтүп, кепенин төрүнө өтө качат. Түрүкмөн деген 28-чачмасын октоп, кепенин оозун көздөй сундуруп, балага улам-улам чычала ыргыттырат, анткени табыш жакындай берет. Таң аткыча ошентип чыгышат. Тайгандар коркуп кепеден чыкпайт. Бияк, тияк баары зоо, ал жердеги чөптөр жапырылып адам аралагансып из түшүп калган. Бирок чөптөн эмненин изи экени билинбейт. Корккон бойдон эртең менен качып баса беришет.

**Жезтумшук**

*Инв №46*
*Айтып берген Эмилбек Мамбеталиев*
*(саяк уруусу) Каба саяк, оң.*
*Жазган Абдыразак Өмүрзаков*

1935-жылы мен (Эмилбек, Эшенкан баласы) Лөлү Түйтеев, Жанаалы Абышев, Айдаркул Ормонов бе-

шөөбүз эки мылтык менен кийикке бардык. Кийик атып Көк дөбөнүн чатында, Көк ирим суунун башында Каноочунун чыгыш жагында жаттык. Эт салып, отту чоң жагып, челекке асма кылып бышырып, аттарды отко коюп (суунун башка булуңуна) өткөрүү отурдук. Биз отурган суунун башы Каноочудан агып келет. Ошол жактан камышты шатыратып басып эле бирөө келатат. Биз добушту угуп коркуп ат болду бекен деп чуу-чуу десек жалтанбай эле түз келе жатат. Мен да, Лөлү да мылтыкка ок сала баштадык. Башкалар: Жанаалы абышка отун кескен балтаны, экөө алып, арт жагын терекке такап, эмне болсо да бир чаап өлөлү дешип даярданып калышты. Ит жок «алха!» десек токтобой эле келе жатат. Коркуп мен атайын десем мейлиң дешти. Бийик камыштан чыкса эле жаныбыздан чыга турган. Шатыраган жакындаганда эле атып жибердим. Токтой түшүп даа эле келе жатат. Дагы бир аттым. Анан Корумга барып шалдырата басты, таш калдыраган жакты көздөй дагы бир аттым, от ташка тийип жарк дей түшкөндө, кайра изин көздөй кетти да, добуш жоголду. Таң аткыча от жагып, уктабай чыгып, эртеси баса бердик.

Иттер андан коркот, мылтык менен оттон ал коркот, башкадан коркпойт, түндөсү келет, күндүз көрүнбөйт, жезтумшук дейбиз. Бирок өзүбүз көрбөдүк. Непаада гана көрүнөт. Каноочуда киши көп болот, ошондуктан мергендер түнөп атышат. Жезтумшук ошондо гана көрүнөт.

### Албарсты

*Тянь-Шань району*
*Карл Маркс атындагы колхоз*
*1980-ж. июль*

Ал кишинин айтымына караганда, албарстыны көргөн экен. Жети-сегиз жашар бала кезинде, үйдөн

бир топ окчун жерде күн батарга жакындап калган кезде өзүнө чамалаш, бою кичине, чачы саксагай, өңү сары, эмчектери тизесине чейин салаңдаган жылаңач кыз келет. Ага акырындап жакындап ырсактап күлүп, ары-бери секире баштайт. Бир оокумда бала кыйкырган боюнча ээси ооп жыгылат. Өлүп кала жаздайт. Кыйкырыкты угуп атасы чуркап келет да эси оогон уулун үйүнө көтөрүп барып молдолорду чакырып окутат. Ошондон кийин гана ал жакшы болуп сакайып кетет. Кийин ал киши албарстыны дегеле көрбөптүр.

**Жезтумшук**

*Инв. № 1851*
*Жазып алган Ы.Абдрахманов*
*Айтып берген Жулум карыя*
*94-жашта Тогуз-Торо. 1929-ж.*

Обо энеден жаралган «балдардын улуусу албарсты, кичүүсү жезтумшук» болгон имиш. «Жез тырмак болсо ээн, элсиз жерлерде жүрөт. Жалгыз адам же мал же кийик болсо жакын жерден шап дедире кармап, алып, канын соруп этине тийбестен кетип калат экен. Ал малдын этинин чүпөрөктөй да даамы калбайт. Аппак сазан болуп калат. Жезтумшуктун тегирмен кармаган жерде жаны чыгат, ал жерге жолобойт. Кишиге жолукса жүрөктөн тумшугун салып, канын соруп алып ыргытып салып кете берет имиш. Өзүн анык көз менен көргөнүм жок, алып таштаган малын көрдүм. Басып калтырып кеткен изин көрдүм, кадимки жылаңаяк баскан орто адамдын изиндей. Боку деген мерген бир жолдошу менен чыгып, туюнуп калып өз боюна этиет болуп калган. Туюнган себеби бугу атып алышып, жан казанга эт бышырып олтурушса бир жаш келинчек келген экен. Тумшугун жеңи менен далдалап алып, эч сөз айтпастан унчукпай келип анын маңдайында олтуруптур. А мерген болсо «келүүчү эми келди» деп ичинен ой-

лонуп сактанып калыптыр. Ал эми мерген сөз сураса «жөн эле отту көрүп от сураганы келдим», деп жооп кайтарган экен. От алгандан кийин кетип калыптыр. Мергендердин жүрөгүнө тамак баспай, ашып-шашып отту күчтөп жагып салып, киши боюндай эки дөңгөч алып келип, экөө тең ага чапандарын айкарасынан жаап таштап, кишилер уктап жаткандай кылып коюшат. Өздөрү болсо мылтыктарын октоп алып жашынып олтурушуптур. Түн ортосу болуп далай убакыт өткөн соң эки караан акырын жылып басып келатканын көрүшөт. Эки жезтумшук кулак тундурган үн менен чаңырып келип алиги чапан жабылган дөңгөчтү киши экен деп басып жыгылат. Аңдып отурган Боку мерген бирин жыга атыптыр. Экинчисин тиги мерген жаза атып, бири жыгылып, экинчиси качып кетиптир. Эртең менен карашса өлүп калганынын муруну, эки колунун тырмагы, эки бутунун тырмактары кызыл жез өңдөнгөн темир экен. Кесип айылга алып келишкенде көргөнбүз. Мен ошондо он, он беш-он алты жаштын биринде элем. Кийин муну Кокондун ханы алдырып кеткен.

## Иттин улушу

*Инв №666 (5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Ит өзүнүн ээсин кырсыкка учурабас үчүн ээмди балээден сакта деп улуйт. Ит улуганда аны урбоо керек. Мисалы 1940-жылы БЧК каналына Осмоналиев Салбар барып эл менен канал казышкан. Ошондо канал казуучуларга тамак жасап берүү үчүн беш үй болгон. Беш үйдүн бирден беш ити болгон. Ошол беш ит 1941-жылы июнь айында бешөө тең улуй башташат, алар үч-төрт күн удаа улушкан. Эли улуган иттерди булар бир балээни көрүп турушат деп иттерди улушпасын деп кубалап урушкан. Ошондо моңолдор уруусунан чыккан элүүлөрдөн ашып кал-

ган Сыдык деген киши кой урбагыла, улуган иттин тилеги жакшы болот. Ит ээм аман болсун деп тилеп улуйт деп иттерди урдурбай койгон. Ошондон үч-төрт күндөн кийин эле Советтер Союзуна Германия кол салып согуш чыккан. Бул ишти Салбар 36 жашында өз көзү менен көргөн.

## Долоон мерген

*Инв. №508*

Илгери өткөн заманда Долоон аттуу мерген болгон экен. Долоон тоодон кийик уулап жүрүп, бир эчки атып алган. Аны союп болгон да, отту жагып, боорун отко салып бышырат. Боорду тазалап, бир кесип оозуна салаарда сойгон кийиги туруп качат. Долоон артынан кууп жөнөйт. Бир нече кырды ашыра кууп, акыры жетпей тургандыгына көзү жеткенден кийин, Кийик сени менен дос болдум сырыңды айт, же антыңды ала кет деп кыйкырат. Кийик кайрылып тура калат да, адамча сүйлөп: «Менин сырымды Мисир шаарында туруучу Экмат бар, ошондон ук» дейт да, көздөн кайым болуп жок болот. Долоон үйүнө келди. Сырын эч кимге айткан жок, бирок кийин айткан Мисир шаары, андагы Экмат эсинен такыр чыкпады. Ары ойлоп, бери ойлоп, акыры Мисир шаарын издөөнү чечти. Устага барды да, темир таяк, темир чокой жасатты. Үйүнө келип, жолго азык камдап алып, Мисир шаарын издеп жөнөдү. Издеп отуруп, темир чокою жоюлуп, темир таягы теменедей болгондо, үч жыл толгондо Мисир шаарына жетти. Шаардан бир адамдан Экматтын жайын сурады. Ал адам: Экмат шаардын өөдөгү четиндеги суунун үстүндө тектирчеде турат. Үйүнүн жанында көп эшек жайылып жатат. Ошо жерден табасың – деди. Долоон жүрүп отуруп, күн батып бара жатканда Экматтын үйүн тапты. Экмат эшиктин алдында даарат алып отурган экен. Долоон салам айтты да, досум аман

турасыңбы? – деп амандашты. Эшик ачып үйгө киргизди да, намазын окуууга киришти. Намаз окуп бүткөндөн кийин, жайланышып отурганда: Кайсы досум болосуң мен таанылбайт экенмин деп Долоондон сурады. Долоон кийиктин окуясын, анын айтуусу боюнча издеп келгендигин айтты. Экмат: Кийиктин сырын коё туруп мен өз сырымды айтайын ошону ук досум, андан кийин кийиктин сыры чечилер деди да, өзүнүн башынан өткөн окуясын айта баштады.

Менин атам орто чарба киши болгон экен. Көргөн баласы жалгыз мен экенмин. Ак тилек үчүн баламды кайындап коёюн деп, бешикте кезимде дагы бирөөнүн бешиктеги кызына кайындап коёт. Ошентип мен үчкө чыкканда атам өлүп калат. Мен энемдин тарбиясында чоңоюп, он жетиге чыгам. Бир күнү энем үйдө олтурганда мага мындай дейт: Балам бойго жеттиң. Атаң дайындап койгон колуктуң бар. Ошого барып кел деди. Мен макул болдум. Бир өзүм теңдүү жигит кошуп, кайныма жөнөттү. Кайным бир күнчүлүк алыс турат экен. Эрте жөнөп, кеч киргенде кайын атамдыкына бардык. Күйөө келди деп жеңелер түшүрүп, бир ак өргөгө киргизди. Ал кыздын өргөсү экен. Кызды жеңелер алып келишти. Ойноп-күлүп отурдук. Тамак ичкенден кийин ал элдин салты боюнча күйөө менен кыз калып, башкалар бүт кетет экен. Балдыз, жеңе, күйөө жолдош баары кетти. Колуктум туруп төшөк сала баштады. Мен эшикке чыгып кайта келдим. Төшөк даяр болгон экен. Чечине баштадым. Аңгычакты жүктү көздөй басып барып, бир чоң жагданды ачтым эле, жагдандан бир кара мурут жигит чыгып келди да, алаканына түкүрдү эле, бир нерсе жалт дей түштү. Жигит: Камчы бол – деди. Жалтыраган нерсе камчы боло калды. «Ыскыт бол» – деп мени камчы менен бир чапты. Саздагы кара кашка ызгыт болуп, ызылдап калдым. Мойнумдан кармап, эшикке ыргытып жиберди. Үйдүн жыртыгынан карасам баягылар күлүп, ойноп жыргап жатып калышты. Акыл-эсим баягыдай. Өзүм ыскытмын. Үнүм чыйылдап чыгат.

Эмне кылуу керек. Күндүз учсам жырткыч канаттулар алып жеп коёт. Андан көрө түн жамынып учайын деген чечимге келдим. Түн жамынып учуп бир далай жерге бардым. Таң да атты. Карасам саздын четиндеги калың айылга чукул барып калыпмын. Саздагы бир дүмүр баштын түбүнө жатып, уктап калыпмын. Чочуп ойгонуп кетсем түш ооп калыптыр. Ачка болдум. Же ыскытча чымын, чиркей балыр жей албайм. Айыл жакты карасам бир чоң ак үйдө ат байлануу турат. Мейли ачка өлгүчө ошол үйгө барайын деп чечтим. Учуп отуруп бардым да үйдүн түндүгүнө кондум. Үйдүн ичи толгон эл. Эт жеп жатышкан экен. Түндүктөн түштүм да, дасторкондун четине конуп, эттен чокуп жей баштадым. Олтургандар таңыркап, колдорунан эттери, бычактары түшө баштады. Бир аздан кийин бир карыя адам үй ээсине: Бул жакшы жышана, ыскыт эмес кубулуп жүргөн феризат болор. Түбүндө сизге жакшылык келтирер дегенде үй ээси абдан кубанды. Жалгыз уулума энчилеп куш кылып берейин. Кийин болгонун көрө жатармын. Эми түлөө кылыш керек – деп жемден ак боз бээ алып келип союп, түлөө жасады. Ошондон баштап баланын менчиктүү кушу болуп калдым. Бала мойнума, төбөмдөгү жүнүмө каухар, алтын мончокторду такты. Ары-бери учурат. Бир нерсени алып келүүгө жумшайт. Сайра дейт. Бардыгын айтканындай аткарам. Эл таң калышат. Бирок менин сырым ачылган жок. Бир күнү айылдан алыс жерде бир топ бала менин кызыгыма батып жүрдү. Мен ойлондум. Ушул алтын, каухар мончокторду алып барып берсем, адамдыкка айландырып жиберер деп. Балдардан алыстап уча баштадым. Балдар «куу», «куу» деп чакырышты. Мен учуп кете бердим. Түн жамынып баягы колуктунун үйүнө бардым. Баягы күйөө экөө ойноп олтурган экен. Жүгүнгөндөй ишарат кылдым. Күнөөмдү кечип, адам жазаар деп ойлодум, бирок ойлогондой болуп чыкпады. Кармап алды да, мончокторумду жулуп алды. Төбө чачтарым кошо жулунду. Баары кереметтин

алаканына түкүрүп, «Камчы бол» деди эле камчы болду. «Ыскыт болгондо да, жакшы турмушта жашаган тура «ит бол» деп камчы менен бир чапты. Бир куу дөбөт болуп калдым. Камчы менен бир чаап эшикке кууп чыкты. Эми эмне кылам. Үмүтүм таш капты деп, үйдөн алысыраак кабакка барып ыйладым. «Ыйлагандан не пайда» деп өзүмө өзүм кайрат бердим. Эки-үч күн айыл пааналап жүрдүм. Ээлеген ээм болбогондуктан айылдагы иттер жатыркатып талашты. Башка иттердей жугунду, башка нерселерди жеп, иче албайм. Түн жамынып, үйлөрдөн тамак уурдап жеп, ичип ууру ит атыгып, айылга жаман көрүнүп кеттим. Бул айылдан башка жакка кетүүнү чечтим. Түнүндө бир үйгө кирип, айранын ачып ичтим да, таңга жуук тоо тарапты көздөй жөнөдүм. Жүрүп отуруп тоонун этегиндеги отордо кой семиртип жаткандарга барып калдым. Булар төрт короо кой баккан төрт адам экен. Баарысы бир чатырда жашап турушат экен. Мен баарысынан улуусу алтымыш чамасындагы адамга үйрү болуп калдым. Менден башка төрт короодо ит жок экен. Ошондуктан болгон тамак меники болду. Түн ичинде беш короону тең айланып үрүп чыгам. Койчулар түнкү короону кайтаруудан жеңилип калышты. Үйүр ала абышканын койун күндүз кайтаруучу болдум. Бара-бара беш короо кой бүт менин карамагыма өттү. Күндүз беш короо койду бири-бирине кошпой кайтарып келем. Бир күнү койдун жанында жүрсөм, беш карышкыр койго тийди. Адам эмесминби, амал менен жүрүп, беш карышкырды бүт өлтүрдүм. Кызыл ала болуп чарчап, кабарлоо үчүн үйгө келсем төрт койчу уктап жаткан экен. Абышканы этектен тиштеп тартып ойготтум. Абышка көзүн ачканда, кызыл ала болуп турган мени көрүп, чочуп кетип, берки жолдошторун ойготту. Балээ болгон экен! Итти карагылачы! Койду карышкыр кырган ойшойт! Жүргүлө деп шашып жөнөп калышты. Кой жайылып жаткан жерге да келишти. Өлүп жаткан беш карышкырды көрүп, менин мойнумдан

кучактап, мурдумдан өөп жатышты. Карышкырларды союп алышып, койлорду айдап, кечинде үйгө келишти. Төрт терини төртөө алып, катыша албай чырдашты. Акырында карыган койчу калыстык кылып, бир тери мага тийди. Терини короонун четине салып койушту. Баштагыга караганда жылуу теринин үстүнө жатып, оңуп калдым. Дагы бир күнү кой кайтарып жүрүп, муштумдай алтын таап алдым. Алтынды тиштеп алып, үйгө алып келип абышканын астына таштадым. Алтынды бөлүшө албай дагы чырдашты. Абышка дагы калыстык кылды. Макул болсоңор иттин мойнуна көзөп тагып коёлу. Ит көргөн элге көрктүү болсун. Башка кызматы да бизге жетишет деди. Бардыгы абышканын сөзүнө макул болуп, алтынды мойнума көзөп тагып коюшту. Алтындын мага эмне кереги бар. Баягы бажага алып барып берейин мүмкүн алтынга ыраазы болуп, адамга айландырып жиберер деп ойлоп, бажа менен жолугууга жөнөдүм. Жатар мезгилде барып үйдүн жыртыгынан карасам, ойноп олтурушкан экен. Шарт кирип бардым, чочуп кетип, байкап карап калышты. Мойнумдагы жаркыраган алтынды көрүп, бажа басып келип моюндан алды да: Көрчү мунун ит болгондо мойнуна алтын тагынып, сыйлуу болгон тура. Муну чычкан жедирейин деп, кереметин алаканына түкүрүп, камчы жасады да «мышык бол» деп бир чапты. Серейген кара мышык болуп калдым. Моюндан кармап туруп эшикке ыргытып жиберди. Эми булардан жакшылык келбестигине көзүм чындап жетти. Жүрүп олтуруп, ошол шаардын вазиринин кызынын үйүнө барып үйүр болдум. Адам болбогонум эле болбосо, тамак жагынан кемчил эмесмин, жылуу төшөккө жатам. Бош убактыларында мышыгым деп эркелетет. Бир күнү падышанын экинчи увазиринин кызы келди. Экөө сүйлөшүп олтуруп, келген кызы падышанын кызы жөнүндө төмөнкүлөрдү айтты. Байкуш кыз! Абдан мыкты кыз эле. Оору кыйын да. Оорусу жандуу дейт. Атаэнеси табыптан табыпка салып, айыктыра албаганда

шаардын сыртына боз үй тиктирип, ошого алып барып таштаптыр дейт. Күндө эртең менен барып көрүп турушат экен. Жакшы эле теңтуш элек. Барып көрүп келсек деп, кеңешке келдим деди. Менин кызым барууга макул болду. Булар сүйлөшүп жатканда кунт коюп уктум. Ойлоп отуруп кыздар менен барууну чечтим. Баары бир адам болгондон кийин ошол кыздын жандуу дартын көрөйүн, алым келсе ошол дарттан кызды айыктырайын, же жандуу дартка алым жетпесе, ошондон өлөйүн дедим. Кыздар барууга камынышты. Пайтон даярдоого жигит жиберишти. Пайтон да келди. Пайтонду жигитке айдатпай өздөрү айдап бармакчы болушту. Кыздар эшикке чыкканда мен да кошо чыктым. Мышыгыбыз да кызды көрүп келет экен деп күлүштү да жүрүп кетишти. Кыз турган жер шаардан түшчүлүк алыс экен. Түш ченде биз кыздын үйүнө жеттик. Кыздар түштү да, үйгө кирип, падышанын кызы менен амандашты. Үчөө чогулуп алып ыйлашты. Бир убакта соолугушуп, сөзгө киришти. Падышанын кызы өзүнүн дарты жөнүндө теңтуштарына кеп сала баштады. Мен үзүк менен туурдуктун ортосуна кирип алып анын сөзүн уга баштадым. Курдаштар! Менин оорум жандуу оору. Күндүз менин жанымдан кетип калат. Кеч киргенде келет да таң атканча кыйнайт. Күндөн-күнгө дарманым азайып келе жатат. Өлүүгө аз убакыт калды окшойт. Кош болгула. Курбулар! Мен көп айтууга болбойт деп эчкирип ыйлап жиберди. Кыздар да кошулуп ыйлашты. Күн кечтеп калгандыктан, кыздар ыйын басып, кучакташып коштошту да жөнөмөкчү болушту. Мен үйүндө жүргөн кыз, мени эстей коюп: Мышык кайда деп издеди. Эч кайдан таппады. Менин оюм кетүүдө болгон жок. Калып калып кыздын жандуу дартын көрүүдө болду. Ошол дарт менен кармашып, жеңип чыгуу же жеңдирип биротоло өлүүдө. Кыздар ары издеп, бери издеп, таппагандан кийин жөнөп кетишти. Мен жабыкта кечтин киришин күтүп жата бердим. Мен күткөн кеч да кирди. Кыз каухар

таштан жасалган шамды күйгүздү. Эми качан келет деп, чыдамсыздык менен күттүм. Көз байлангандан кийин эшиктен катуу кыйкырган үн чыкты. Шерменде өлбөй тирүү барсыңбы? Же өлүп калдыңбы? Энекебай, бармын деп кыз жооп берди. Кыздын дарты карыган кемпир экенине эми көзүм жетти. Аңгыча эшик ачылды эле, балбылдаган алакандай тегерек от көрүндү. От эмес маңдайында жалгыз көзү экен. Башында чачы куудай ак. Салынган жоолугу жок жылаңач кемпир кирди. Көрө сала коркуп кеттим. Өзүмдү өзүм токтотуп былк этпестен карап турдум. Эки аяктап басканына караганда адам сыяктуу, башка сүлдөрү адамга такыр окшобойт. Колдору таш баканыкындай. Тырмактары оркоюп чыгып турат. Бети адамдыкындай эмес. Кирпинин тумшугуна окшошот. Үстүндө кийген кийим жок. Куду пилдин терисиндей каткан кара тери. Шерменде ким келди? Менин сырымды айттыңбы? Келген кыздар эмне деди? Мага айттырбай өзүң эле айта бер? Энекебай вазирдин кыздары келди. Менин алымды сурап кайта кетишти. Сиз жөнүндө эч нерсе айткан жокмун деп кыз калтырап-титиреп турду. Дагы ким келди деп бакырганда «менин келгенимди да билген экен, билбесе да кыз айтат го деп жүрөгүм оозума каптала түштү. «Эми өлгөн экемин» деп ойлодум. Бактыга жараша кыз «эч ким келген жок» деп жооп берди. Кемпир да экинчи жолу сураган жок. «Мени билген эмес экен» деп жүрөгүм ылдыйлап, эсимди жыйнадым. Кемпир төшөктө жаткан кыздын аягына барды да, уу тармактарын денесине батырып, ийри тумшугун тамагына салды да, соро баштады. Кыз байкуштун бир үнү көктө, бир үнү жерде болуп, кыйкыра берди. Бир оокумда кыз эси ооп үнү чыкпай калды. Кемпир ордунан туруп, курсагын сылап, ары-бери басты да:
- Тиги шаардын падышасынын кызынын канын көп соруп тоюп калган экенмин, мунун канын аз соруп калдым, уйкум келет. Башым да кычышат. Башымды каратып эс алып алайын деп өзүнчө кобурады да

шерменде тур өөдө, башымды кара! Эс алып алайын деди. Эси оогон кыз эсин бир аз жыйнады да, үшкүрүп өөдө турду. Кемпир кыздын тизесине башын жөлөдү. Кыз кемпирдин башын карай баштады. «Эми тилекти бере көр. Көзү илинип кетсе, мен да жалгыз көзүнө тырмагымды батырсам – деп даярдана баштадым. Бир аздан кийин кемпирдин жаркыраган көзү бозомтук боло түштү. Уктаган экен деп ойлодум. Жабыктан акырын жылып түштүм. Өзүм мышык болгондон кийин басканымдан эч ким шек алган жок. Жылып олтуруп, кемпирдин баш жагына жеттим. Тырмагымды даярдадым. Тез секирип, эки алдыңкы колумдун тырмагын жалгыз көзгө матырдым. Эки арка бутумду шилиге такадым. Ошол замат эле кемпир: Айланайын Экмат! Кагылайын Экмат! Колуңду тарт! Сенин ыскыт болгонуңду да, ит болгонуңду да, мышык болгонуңду да билем. Ушул жерге келгениңди ыштуу кийиздин жыты менен билбей калыпмын. Колуңду тарт! Тилегиңе жеткизейин. Калп айтсам арыктагы сууга агып өлөйүн. Чөйчөктөгү сууга чөгүп өлөйүн деп жалынды. Мен ойлодум. Менин кубулуп жүргөнүмдү билген, мени кубулткан жигитти да билүүгө тийиш. Муну кемпир кытмырлык менен айтпай жатат. Сурайын. Айтар бекен деп кемпирден сурадым. Менин кубулганымдын бардыгын билдиң. Мени кубулткан жигит ким ошону айт. Анан колумду тартам дедим да, тырмагымды мурункудан да, катуураак матырдым. Айланайын Экмат! Акырын! Эми бардыгын айтайын! Ал сени кубултуп жүргөн жигит менин уулум. Колуңду тартсаң, колуктуңду өзүңө алып берип, дагы самаганыңды жеткирем деди. Ал жигит мунун уулу болсо, кемпирде да керемет болуу керек. Ошону бергиче тырмагымды абдан батырайын деп ылдам айт жаныңдан үмүт кылсаң, уулуңдагы кубултуучу керемет сенде барбы? дедим да тырмагымды дагы катуулаттым. «Жок эле айланайын! Ишен жаным чыгып баратат» деди. Адамга көрүнбөй көзүн байлап, тирүүлөй адамдын канын соргон сенде кантип

керемет болбосун. Кереметти берсең аман каласың. Бербесең өлөсүң – деп тырмагымды абдан батырдым. Кыйналып баратам. Кереметти ал да жанымды кой деди да, оозунан жалт эткен нерсени жерге түкүрүп жиберди. Шамдагайлык менен ыргып түштүм да, оозума ууртадым. Кемпир эки колу менен чачын жулуп, ыйлап отуруп калды. Кыз: Айланайын мышык олуя! Кагылайын мышык олуя! – деп жалынып жатты. Баягы бажадан үйрөнгөмүн. Кереметти колума түкүрдүм да «Камчы бол» дедим. Камчы болду. «Эшек бол» деп кемпирди бир чаптым эле кемпир куу эшек болуп калды. Эшекти эшикке айдап чыгарып, үйдүн боосунан бирди чечип алып, бек байлап койдум. Кайта кирип кызды: Эми эч нерседен камсанаба, уктап эс ал дедим да, өзүм баягы ордума барып жатып, уктап калдым. Санаам тынгандан кийин катуу уктап калыптырмын. Эртеси эртең менен кыздын ата-энеси кызды көрүү үчүн келсе, үйдүн жанында бир куу эшек байланып турат. Муну көрүп падыша таң калды. «Бул жерге эшекти ким байлаган?» «Ким болду экен?»Кыздан эшек жөнүндө угалы деп, үйгө киришсе кыз абдан катуу уктап жатат. Өңү нурланып, күндөгүдөн өзгөрүп калган. Кызды акырын тартып ойготушту. Кыз ойгонор замат: Айланайын ата-эне! Мен айыктым. Мени мышык олуя айыктырды. Менин дартым эшиктеги эшек. Мени эс ал деп коюп, эшикке чыккан. Кайда кеткенин билбейм. Мышык олуяны тапкыла! Мени көчүрүп кеткиле – деп кыз сүйүнүчү койнуна батпай ата-энесине айтып жатканда алардын үнүнөн ойгонуп кеттим. Кой эми буларга адам болуп көрүнөйүн деп чечтим да, акырын жабыктан жерге түштүм. Кереметти алаканыма түкүрдүм. «Камчы бол» дедим. Камчы болду. Камчы менен өзүмдү адам бол деп бир чаптым эле баштагы калыбыма келип калдым. Үйгө кирип падышага салам айттым. Падыша алик алды да, менин жай маанимди сурады. Мен башымдан өткөн окуянын баарын айттым. Падыша менин окуяларыма айран таң калды. Кызынын дар-

тын айыктырганыма ыраазы болду. Падыша элине кабар бердирип, ошол жерге чоң той берди. «Кызымды ким айыктырса ошого берем» деп убада кылган экен. Кызын убадасы боюнча мага берди. Кыз менин күйөө болушума каршы болгон жок. Мен падышадан колуктум менен ушул жерде турууну сурандым. Падыша макул болуп, ошол үйдү жана дагы кызына тиешелүү энчи берип, бизди калтырды. Биздин жаныбызга бир нече кошуна келип айыл конду. Мен энемди издеп барсам, энем малынан айрылып, карып болуп калыптыр. Көчүрүп келдим. Энем жалгыз баласынын жыргалын көрүп, жайланып калды. Кемпирди тирүүлөй адамдын канын соргон мен да кыйнайын деп, кошунанын балдарына жылаңач этине чычырканак жүктөгүлө деп берип койдум.

### Бажаны жеңүү

*Инв. №508*

Бир күнү түн жамынып баягы бажага бардым. Акырын келип шыкааласам кадимкисиндей экөө ойноп олтурат. Түз эле кирип баруу кыйын, анткени анда да керемет бар. Кокус менден мурун камынса, мент кылып коёт. Ошондуктан айла таап кереметти алуу керек. Эми эмне кылуу керек? Ары ойлодум, бери ойлодум. Акыры бир акылга уюдум. Менин оюм бүткөн учурда колукту кеп баштап калды: Кереметти өмүр бою сен эле алып жүрөсүңбү же мага да бересиңби? Мүмкүн болгон учурда сага да берем. Мен турганда сага эмне кызыкчылыгы бар. Мен кереметти оозума салып жатууга кызыгам. Күндүз үйгө алып калууну каалабайм.

Кокус уктап жатканда оозуңдан бирөө уурдап кетсе кантебиз. Эшик бек болсо, чычкан эле уурдабаса ким уурдайт. Берсең бүгүн таңдайыма салып жатайын. Кандай уктаар экемин – деди. Колуктунун көөнүн кыйбады да, кереметти берди. Чалкаңдан жатпа.

Мени карап жат. Кокус чалкаңдан жатып уктап калсаң, кубулуп үйгө кирген адам болсо, оозуңду ачып коңурук тартып жатканда оозуңдан алып кетет – деп эскертти да жатып калышты. Мен ойлоп тапкан акыл да чычкан болчу. Булардын укташын күттүм. Бир далай убакка сүйлөшүп, ойноп жатышты да, уктап кетишти. Мен кескек чычкан болуп кубулуп, керегенин аягынан үйгө кирдим. Ашкананын бери жагында аякта суу бар экен. Ага куйругумду салдым. Кайра келип күлгө сойлоттум. Ушинтип даярданып жатканымда чукуранып колукту чалкасынан жатып калды. Катуу уктаган бажа аны туйбай калды. Андан кийин коңурук тартып оозун ача баштады. Таңдайындагы кереметтин жарыгы жабыкка тийип турду. Эми ишти баштоо керек. Баш жагына бардым да, ылдамдык менен куйругумду мурдуна сойлоттум. Мурду кыбыраганына чыдабай колукту катуу чүчкүрдү эле, оозунан керемет ыргып кетип, төшөктүн аягына түштү. Тез жеттим да, колума алып камчы бол дедим. Эң мурун өзүмдү бир чаап, адам бол дедим. Тигилерди күтүп турдум. Колукту чочуп ойгонду да, күйөөсүн булкуп: «Керемет жок, оозумдан алып кетти. Кокуй өлдүм! – деп бакырып ыйлай баштады.

Ушундай болот десе тил албайсың. Эми өлдү. Муну баягы мышык жасаган сенин күйөөң алды.

Жок мен катуу чүчкүрдүм. Ошондо оозумдан ыргып кеткен өңдөнду.

Бол жарык кыл. Үйгө түшсө табарбыз деди. Шашылыш жарык кылып үйдүн ичин карашса баягы мышык жасаган бажа турат. Көргөндө үрөйү учуп кетишти. «Жан соога» «кечир» деп жалынышты.

Тирүүлөй адамдын канын соргон желмогуз: «Мен үч жолу алдыңа кечирим сурап келгенде эмне үчүн кечирбейсиң. Эми сага кечирим жок» деди да, «эшек бол» деп камчы менен экөөнү эки чапты эле, колукту кызыл сур эшек, бажа кара эшек болуп калды. Эшикке айдап чыгып, байлап коюп үйгө кирди. Жүктөгү жактанды ачса, баягы өзүнүн алтыны, мончоктору жана башка

кымбат баалуу буюмдар бар экен. Жүктөн эки куржун алып, керектүү буюмдардан куржундарды толтурдум. Эки куржунду бажага артып, колуктуну миндим да түн катып жүрүп олтуруп үйгө келдим. Кемпир эчак өлдү. Мен мынчалык улгайып калдым. Алар тукумдап, тетиги талаадагы жайылган көп эшек болду. Менин да тукумум өстү. Уулум үйлөнүп, кызым турмушка чыкты. Кереметти андан кийин пайдаланган жокмун. Себеби өзүм өңдүү бирөөнү жапаа тарттырамбы деп. Менин башымдан өткөн окуям ушул. Сиз дос болгон кийикти мен билбейм. Ал дагы мен өңдөнүп кубулуп жүрсө керек. Мүмкүн мени ал билер. Эми Долоон досум кийиктин сырын угууга алыстан издеп келипсиң. Эмне аласың ичиңде калтырбай чыныңды айт дегенде Долоон бир аз ойлонуп турду да: Мен сизден эки иш сурайм:

1. Жайылган эшектерди адам кылып жибериңиз.
2. Кереметтин күчү менен үйгө тез жеткирип коюңуз. Мындан башка эч нерсе сурабайм. Көп ойлонуп отурбастан «Макул Долоон досум» деди да, кереметти алаканына түкүрүп, камчы жасады да, атын минип жайылган көп эшекти «Адам бол» деп бирден чаап чыкты. Бардыгы жылаңач адам болуп калды. Кийимдүү адамдарга кире албай токойго качып кетишти. Киши кийикти түпкү ата-энемди ошолор деп айтышат. Долоонду бүркүт кылып кубултту да, кереметтин бирин оозуна салып берип «Барганда адам болууну өзүң билесиң» деп коштошуп туруп калды.

*Тянь-Шань областы, Нарын району,*
*Эмгекчил жети жылдык мектеби*

## Жезтумшук

*Инв №527 (306)*
*Жыйнаган Абдразак Өмүрзаков*
*1946-жыл*

Атабыз үч катын алган. Ортончу энебиз Казбүүнүн чоң атасы Кайназар, анын атасы Саргөбөн,

анын атасы Карагул, анын атасы Бостери деген чоң мерген экен. Ал киши Каноочто кийиктеп жүрүп Каноочунун чатында 10-15 жаштагы бир бала менен жатып калат, жер зоолу, капчыгайлуу болгондуктан коркунучтуу болот. Жан казанды асып, ооз отун талкалап растап, милтесин ырастап, атыла турган кылып коеюн деп даярдап, милтесин кайра матага кыстарып, дары сээп, ырастап жерге шыйрагын сайып койгон кезде бир элечек кийген келин маңдайдан чыгат. Бала билбейт, мерген бат атарын / мүйүздөн жасалган, кайыш капкагы бар, 6-8 канасы бар дары салгыч / даярдап, дарыга толтуруп асынып алган мерген билет да даярданып турат. Ок чонтойунун оозун ачып даяр болуп турат, бала сезип эки жагын карап, а да көрөт.

– Ака, ака, мынаяктан бир келин келе жатат, – дейт.

– Жакын жерде айыл болот, отко келаткандыр, – дейт мерген, баланы коркпосун деп.

Бала байкабай от жага берет. Бостери сөөк кесчү кестигин сууруп колуна кармайт. Келин бир жеңи менен оозун думбалап келет. Оозун, көзүнүн канча экенин билгизбеске аракеттенип күүгүмдө обочолоп отурат. Аталарыбыздын айтууна карай эртерээк кетириштин амалын кылайын деп балага этти чыгар дейт, анткени жүрөгү солугуп калат, адегенде кубулуп келип кетип, анан кечинде келип чыңырып басат дегени эсине түшөт. Этти чыгарып балага бир томолок кесип берип, туурап жатты устукандап. Жегендин ордуна, корккондуктан, пеш кылуу үчүн жиликти сөөгү менен кыя кесип бир жагын балага, бир жагын бычакка сайып туруп «келинге» берет, ал жеңи менен жемиш болот, үрпөйө түшөт, бирок мерген билет. Мерген өзү да жай албай кабырга, жилик болсо да кыя кесип эле эрте бүтүрөт. Алло акбар деп бата кылар замат келин туруп кетет, сүйлөбөйт, сөөк кескенде кана «болотту болотко салбаңыз» деп бир ооз гана сөз айтат.

Качкан менен из кууйт деп аталар айтчу эле деп аттарды отко коюп баланы да ордунан которот. Өзүнүн, баланын чапандарын эки дөңгөчкө жаап, тебетейлерин уктаган киши сыяктуу үстүнөн кыйгач кийгизип коет. Отту чоң жагып коет. Атты алысыраак коюп, андан берирээк өздөрү жатат. Баланын кулагына кебез тыгып коет, коркпос үчүн. Балага айтат: «Качкан менен кутулбайбыз, алышып көрөлү» дейт.

Бир уйкуда келет, от күйүп турат, дөңгөчтөр жатат. Келин басып келе жатып дөңгөчтү көргөндө эле түрүн бузуп чыңырып келип басып калат. Чыңырыгына капчыгай жаңырат. Даярданып турган мерген атат. Колун силкип алып кыңырандап сүйрөлүп, узун чөптүн арасы менен качып жоголот.

Мерген, бала экөө даярданган бойдон жатып таң атырат. Таң атканда дөңгөчкө барышат, баш жагы менен как ортосунан тырмактары кирип кеткен болот. Жез тумшуктун изинен кан чууруп кеткен. Эми зыян кыла албайт деп баланы чоң ташка чыгарып коюп, аттарды таштап, Бостери мерген изин кууп кетет. Зоону аралап бир бийик зоого чыгат: из кан таамп жүрүп отуруп, бир үңкүргө кирип кетет. Кириштен коркуп үстү жагына чыгат. Үңкүрдүн түндүгү болот, андан караса келин жатып калган экен. Бир кемпир, баласы жана келини үчөө экен. Ок кабыргага тийген экен. Кемпир ок тийген жерге түтүк салып соруп, канын алып таштап коет, Бостери көрүп турат, алар көрбөйт. Түрлөрү тайлактын жүнү сыяктуу болот. Кемпир «Бостери сенин укум-тукумуңду кууп жетпесе» деп сүйлөнүп жаткан болот. Бостериге коркунуч түшүп, атып туруп качайын деген ойго келет. Кемпир баласына өч ал деп тапшырат, бала макул болот. Ошол кезде Бостери баласынын далы ортосун болжоп туруп атат да кача берет. Маңдайларында гана бирден көздөрү бар экен. Ошондон кийин Бостери коркуп ошол жакка барбай калат.

## Мергенчиликтеги уу тартиби

*Инв.№312, 2-дептер, 25-26-б.*
*Жыйнаган: А.Чоробаев*
*Айтып берген: Өмүраалы Чоңбала уулу*
*84 жашта,кесиби мерген*
*Нарын өрөөнү Кош-Булак колхозу. июнь,1956-ж.*

**Өмүраалыдан:** Илгерки убакта уу кылыш аз болгон. Уу кылабыз деген сөз айыл башчы кишинин уюштуруусу менен курулат. Ууга чыгардан бир күн мурун элге кабар берип, бала-чакаларды түнү менен жиберет. Барган кишилерди айрыкча жөө жүрүп кийик үркүтүп айдакчы болуп жана ат көтөрүүчүлөрдү «кара санчы» дейт. Атчан ээрчиген кишилерди «салбырынчы» дейт. Мындайча айтканда укуктары бирдей. Ал эми баягы түн менен жиберген какмачылар бир багытка ууга туюк зоокаларга бир нече тайган менен камайт. Тийиштүү тозотторго мергендер отуруп, камоо туюкка кирген кийиктерди ата баштайт. Мылтыктын үнү чыгаар замат уккан эл «ташка тий» деп кыйкырат. Анткени ырымы болот. Кыйкырыктар тоо жаңыртып турат. Анда канчалык кыйкырык көп болсо, кийик колоп, бир жагынан тайгандар үрүп, кийиктин эси чыгат. Кайда качаарын билбей туруп берет. Мына ошону «уу» деп айтат.

## Мергендин каадалары

*Инв.№312. 2-дептер, 1-10-б.*
*Айтып берген:*
*Өмүраалы Чоңбала уулу 84 жашта*
*Тогуз-Торо өрөөнү, Кош-Булак колхозу*
*июнь 1946-ж.*

Өмүраалы Чоңбала уулу чоң атасы Надырбек, анын атасы Абыла, анын атасы Төбөк. Кесиби

мерген. Тобоктон бери карай. Адегенде мерген кийикке жөнөгөндө «эшикке батпаган баштуудан, төргө батпаган төштүүдөн берсин, алоу акпар» деп, үйдөн же аксакалдын батасы болот. Маселен бир киши ээрчисе, ээрчий түшүп жумушу чыгып калып калган болсо, мерген чыгып атып алса, калып калган киши эртеси барып шыбагалаш болот. Анын шыбагасы теке атса өөктөп сойуб сакалын, төшүн, бир сан, бир кол жана учасын алат. Сегиз сан эттин теңи. Агер кулжа, эчки, улак атса сакел чыгарбай төрт сан этине шыбагалаш болот. Агер куран атса мойногун алат (жандоочу жолдошу). Агер кара санын көб болсо, аксакал уча менен сакал болот. Киши көб болсо, мергендин өзүнө көөдөн төшү, башы тийет.

Мерген кийик аткан жерине бирөө барып калса, ал мерген кийикти сойуб кетерине чукул болуб калса, берки киши сойгон жеринен узатбай камчы ыргытат, камчысы жетиб калса: «камчы таштаб узатбай жеттим» деп, тең орток болот. Агер камчы жетбей калса, шыралгасын алат. Шыбага (ортокко) кирбейт. Бугу аткан мерген болсо, капчыгын тең бөлүп (терисин) алат. Эти тең бөлүнөт. Агер эки киши болсо этти тең бөлүп, кайыпты үч бөлүп, бир бөлүгүн «мылтыкка» деп чыгарат («мылтыктын жүлгүсү» деп койот). Бугунун терисинин жонунан «кайчык» деп куюшкандык кайыш тилип жолдошу алат, бир мүйүзү жолдошторуна тийет. Мүйүз өтө баа болот, аны кытай жеринде күчү жок суугa байлап арттыруучу дары болот деп, кыргыз арасында жүрөк оору, ич ооруга эзип ичет, кандуу чагында. Бышты жашына дейре музоо, торпок, кунан, быштысында «жалгыз казык» деп, мүйүзүн айтып, өзүн соёчор деп атак койот. Андан чоңойгонун алты айры, сегиз айры, уялуу бугу дейт. Белгиси: мүйүздүн башы чокмороктой айрылып көбөйөт.

Мылтыктын адеген согушу башталарда ошол уста эки ой менен балка чабат: «Аңга» деп соксо, ошо мылтык жазбай кийикке тийет дейт. Агер «канга» деп соксо, ал аңга тийиши кем болуп, кишиге уруш

убагында жазбай тийет. Мылтык кырсыктабаш үчүн кийик атканда шыйрагын, жаагын кан менен ырымдап кандайт. Ал эми «аңга-канга» деп согулган мылтыкты айыра тааныш үчүн мындай далил бар: Хандык уста кандын айтуусу боюнча мылтык согуп бүткөн соң бир боз бээ сойуб мылтыктарды кандайт ошо мылтыктардын бири деп билгеним он эки жашымда бир бээ бериб атам аркалуу бир мылтык саттырыб алыб көб жыл атыб жүрдүм. Эч кандай жазбай, шыкаалатыб сая кеткен жок: огу тийсе тийбесе да шыкаалаб сундурганда жыгылып турган. Ошону аңга согулган экен деп билебиз. Экинчи белгиси кээде илиб койсо өзүнчө ыргалыб, шакылдап турганда аңга жөнөб кетип, бетиме алганда куру келген эмесмин.

Ал мылтыктар дайым Кокон кандарыны сок-турган куралы болучу. Ал эми, «канга» дегендин белгиси: кийикке оңдуу тийбей, өзүнчө от алып атылып кишини майып кылып, же урушта жазбай тийип кырсыкканы көбүрөөк болот. Ал мылтыгы кырсыкканда жылаанды белге чаап сойлой албаган-да мылтыктын оозу жылаандын башына тийгизет. Жылаан башын мылтыктын башын оозуна салыб, заарын чачат. Агер ага болбой кырсыктаса дүкөнгө сайып оозун кызартып туруп сугарып койот. Ошону менен басылат. Мерген өзү адат кылыб жүрсө, ошол адатдан тышкары мергендин көөнүнө кинем кетсе, мисалы, кийик этин отко салганда тулгага тийсе, жаки кекиртегин туура кесип алса, катын мылтыкты аттаса – кырсыгат.

Мергендикти үйрөнүүдө Тойгон деген карыя ага-ларыбыздан билип адеп кийик атып келгенде учасын чийки алып барып бата алдым. «Бармак тиштеп» деп койот. Ал Чоң мерген аслетинен Куту, Байатар басма, ок, күпсүр, дарысы менен берди. Абдан чоң, абдан атактуу мерген болдум. Айуу, бугу-марал, ил-бирс, сүлөөсүн, суусар, карышкыр сыяктуу баалуу аң атсам, бир жандыктан сойуб түлөө кылыб этин элге

берчүмүн. Эч кандай таштан-тоодан шумдуктууга учураганым жок. Биздин тооларда илгери коркунучтуу жандар болот деп уктум – көргөнүм жок. Жаш кезимде эки көңдүктүн ортосун Ылама деген төрдөн бир кичине, кыска жүндүү жандар аттым. Өлүгү зоода калды. Не экенин билбейм, түрү боз, эки аягы бар.

**Жылкы болгон өгүз**

*Айтып берген: Ботбай келини Бүбүсайра*
*Абдырахман кызы 1927-ж.т.*
*Кемин. Боролдой айылы*
*Жазып алган: Буудайбек Сабыр уулу*
*Жомок жана жомокчу 208-б.*

Зеңги баба уйдун тукуму, бир өгүз өзүнүн уй болуп жаралганына капа болчу экен. Сасык мурун уй дейт. Мындан көрө жылкы болсомчу. Алар таза болот. Күлүк келет. Мүчөсү да сулуу,– деп ойлонуп туруп,– мен жылкыларга кошулуп кетсем анан жылкыга окшоп да кетээрмин,– деп, жылкыларга кошулуп кетет.

Жылкылар оттосо оттоп, жуушаса жуушап, жүрө берет. Уйларды көрөйүн деген көзү жок, күндөрдүн бир күнүндө бир жетим кулунга карышкыр тиет. Карышкырды жылкылар тээп, өгүз сүзүп, эптеп аман алып калышат. Бир далайга жылкылардын жанында жылкы болуп жүрө берет. Күндөрдүн биринде карышкыр өгүзгө тиет. Жылкынын баары бирөө да карабай үрккөн бойдон кетип калат. Ылдыйкы сазда жүргөн уйлар, өңкүлдөп жүгүрүп келип, өгүздүн шайы ооп калганда карышкырды сүзүп өлтүрүп, өгүздү куткарып калышат. Ошондо өгүз өзүнүн текебер кылып жаңылганын билген экен. «Өз өлтүрбөйт, жат жалгабайт» деген сөз ушундан калыптыр.

**Ичтен чыккан ийри жан болсо да, балам дегендин келип чыгышы**

*Айтып берген: Кожомкулова Жамила*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*

Илгери бир хан болуптур. Ал кеч үйлөнүп балалуу боло албай жүрүп, аялынын боюнда болот. Бир күнү журт которуп жүрүп отурат. Аялы эмне көрсө эле жегиси келип талгак болот. Бир күнү бир ырчыны көрөт. Чийки жумуртка ичкенин. Ал убакта кайдан жумуртка болмок эле. Ошондо бай тооктун этин жемейинче тура алчу эмес экен. Ошондуктан ал төрт, беш тоок алып алыптыр. Бир жерге отурукташып калышат. Бай мал мүлкүн айдап жүрбөстөн, малдарын алтынга алмаштырып ийет. Ошо алтынын бир жерди казып көмүп коет, үстүнө көң жыйнап салат. Баягы аялы жумурткага талгак боло берет. Ошондо бир ордолуу жылаң өрттөнбү же башка окуяданбы ал да журт которуп келип тегерегине келет. Баягы көңдүн арасына жыландар жумуртка тууп мына чыгайын деп калганда энеси тамак издеп кетет. Ошондо тоок ошол жакка бара жатып жыланды көрүп чочуп кетет. Ошондо жыландын жумурткасын келин көрүп калып анын баарын алып келип көзүн жуумп туруп ичип алат. Баягы келин ошондон кийин обору ачылып тамакты көптөн жей баштайт. Ага баары таң калышат. Ал эми жылан келип балдарын издейт. Күндө боз үйгө келе берет. Болду болбоду ушул үйдө деп. Ага болсо чоң эне дос бололу деп ак чача берет. Жылан кетпей босогого тура берет. Ошондо атасы баарынан сурап, аягы келинге такалат. Ошондо бир чоң энени алып келип сурашат. Ал бияктан көчкүлө деп айтат. Бул ордолу жылан — тукумуңарды жоготмоюнча эс албайт. Ошондо баары кеңешип көчмөк болушат. Баягы жерге көмгөн алтындын үстүнө жылан жатып алат. Баламды таап бергиле анан аласыңар деп. Чоң

эне келин менен кайнатасы калсын, калган баарың көчкүлө дейт. Ошондо бир кой союп этинин баарын бышырат. Аны келин бирин койбой жейт. Ошондо чоң эне сен эми оозуңду чоң ач да көзүңдү таңабыз дейт. Баягы келин ошондой кылат. Жыландар эми суусашты сууга чыгышат дейт. Оозуна тирөөч коюп оозун чоң ачтырышат. Ошондо алты жылан чыгат. Эми артыңарды карабай кеткиле дейт. Бирок, келин эмнегедир артын улам-улам карай берет. Бирдемеси калгандай болуп эле. Кийин ошол жерге эмнегедир баргысы келип жүрөт. Бирок ал жерге барып өзүнчө сыйынып келет. Ичтен чыккан ийри жан болсо да балам деп айткан сөз ошондон калган.

*Ат-Башы. Ак-Моюн. 2005*

## МИФТИК МАЗМУНДАГЫ ТАРЫХ АРАЛАШКАН САНЖЫРА АҢЫЗЫ

### Кыргыз

*Жазган: Ыбырайым Абдыракман уулу*

«Маджму ад-таварихте» кыргыз деген атты чечмелеген легенда да бар. Бул убакта, Румдан Хорезмге чейинки аймакта гуздар деген эл жашаган. Бирок аларды, Сирияны башкарган Езияданын тукумунан чыккан – Абу-л-Хайыр, Джафар Садык деген имам менен бирдикте талкалайт. Абу-л-Хайырдан талкаланган гуздар Хотон, Кашмирге сүрүлөт. Ал жерде жай таба албай, Кабулга өтөт. Кабулда аларды баштап келген имам өлөт да, гуздар Өзгөнгө келишет. Ал жерди Султан Санжар деген башкарып турган болот. Ал келген гуздарга салык салса, алар төлөбөй коюшат. Ага жини келген Султан гуздарды кырып таштайт. Андан кырк гуз гана качып чыгып, Ходжент тоосуна жашынат. Ошол кырк гуздун тукуму кийин кыркогуз - кыргыз болуп кеткен дейт. Бирок мындай сөзгө ынанууга болбойт, себеби «кыргыз деген эл бар» деп кытай тарыхында 201-жылы катталып калган. Ал эми элди мусулманчылыкка үндөгөн Мукамбет пайгамбар 600-жылдары өмүр сүргөн VII кылымдан жайылган.

## Оң-сол

*Жазган: Ыбырайым Абдыракман уулу*

Элдик санжырада оң, сол деген сөздөр абдан көп айтылат. Уруулар жөнүндө сөз болуп калса; ал – оңго кирет, ал – солго кирет деп, калышат. Ал эми – оң, сол деп, эмне үчүн аталып калган десең, ар түрдүү уламыштарды айтышат. Алардын бири мындай. Байыркы кыргыз урук-урук болуп көчүп-конуп жүрүп, кийин, Долон бийдин тушунда гана оң, сол болуп бөлүнгөн дейт. Долон бийдин аялы эгиз төрөйт. Эки уулунун бирин Ак уул, бирин Куу уул атайт. Экөөнүн тукуму өсүп, эли көбөйүп, жайытка жер талаш башталыптыр. Ошондо Долон бий бириң оң тарапка, бириң сол тарапка жайлагыла деп Соң-Көл менен Кара-Кужурду бөлүп берет. Ошондон кыргыз оң-сол атанып калат. Мындай уламыштарды XIX кылымда, кыргыз жергесине келген орус саякатчылары, окумуштуулары көп жазып алышкан.

## Ак уул, Куу уул

*Айтып берген Жээнгазы уулу Токтосун*
*73 жашта*

Ак уул, Куу уул эгиз болгону чын. Оң, сол, деген анын энеси болгон: «Ак уул, мурда төрөлгөнү – оң бөйрөгүндө жатканы, Куу уул кийин төрөлдү – сол бөйрөгүндө жатканы». Алардын тукуму ошол энесинин айтымы боюнча оң, сол болуп бөлүнүп кеткен имиш.

Бирок Чыңгызханга чейинки тарыхта кыргыздын бийлеп турган жери Ибер-Шиберди ээлеп – Селенгиден Ангарага чейин созулуп турган кезде Оң-кан же Унг-хан деген болуп, кытайлар аны Онг-хан же Ван-хан (өлкө өкүмдары) деп сыймыктуу даражада атаган дейт. Оң хандан Тайбука тукуму тараган. Тай-

буканы Күчүм кан талкалап, Тайбуканын небереси Сейдак Букарга качкан.

Оң хандын небере кызы Тогуз-катын Чыңгызкандын небереси Кулагу-хандын улуу катыны (байбичеси) болгон дейт. Эми мунун баары Сибир тарыхында бар. Аны казып окуп иликтеп-жиликтеш керек да.

## Нух, Түрк, Татар, Моңгул

*Инв.(322)119, бети 1-59*
*Айткан: Арык Термечиков*

(*Колжазмада документ «Кыргыздар» деп аталат. Мазмунуна карап «Нух, Түрк, Татар, Моңгул» деп койдук – ред.*)

Жер жүзүнө эң биринчи келген адам топурактан жаралгандыктан адам деп айтылды (адам деген сөз жердин кыртышы деген сөз). Адамдын сол хава эне жаралды, адамдын зайыбы(тириктен жаратылгандыктан хава деп айтылат). Адам менен хаванын тукуму тирүү кезинде эле 40 миңге жеткен экен. Адам миң жашка чыгат.

Адамдар көбөйүп толгон учурда Нух деген жолбашчы башкача айтканда пайгамбардын убагында бүтүн жер жүзүн суу басып, Нух кемеге өзүнүн үй-бүлөсү жана пайдалуу жандыктан бирден эркек, ургачыларды салып өлүмдөн калып, суунун үстүндө алты жүрөт эмиш. Алты айдан соң суу бөксөргөндө азыркы Малазиядагы Арарат (куранда Эмуды тоосу деп аталат) Нух кемесин токтотот. Жер жүзүндөгү бардык жандар жана адамдар суута карк болуп нухдун үч уулу, өзү асман калат. Азыркы жер жүзүндөгү адамдар ошол үч уулдан тарап чыгат эмиш. Жер жүзүн баскан бул сууну арапча Тофан суусу деп, Нухду да экинчи адам аташкан эмиш.

Тофандан кутулгандан кийин Нух үч уулунун ар кимисин бир жиберген эмиш. Хам аттуу уулун Индос-

тан тарапка, Сам аттуу уулун Иран (Персия жакка), Яфис аттуу уулун түндүк уюл тарапка жиберген эмиш.

Нух үч уулуна айтат: Адам баласынан үчөөңөрдөн башка киши калбады, эми үчөөңөр үч тарапта тургула! Тукум-бутагасыңар көбөйсө жерди бөлүп бергиле!

Яфис атасынан буйругу менен Арарат тоосунан кетти. Эдил, Жайык сууларынан бойуна барат. Эмили да эки жүз элүү жыл анда жүрүп дүйнөдөн көчөт. Яфистен сегиз уул болуп, аттары булар: Түрк, Саклап, Кытай, Камари, Тарх, Япон, Манжур.

Яфис өлөрүнүн алдында Түрктү ордуна отургузуп башка уулдарына айтат: «Түрктүн сөзүнөн бир да чыкпагыла» деп. Түрк атасынан кийин көп жерлерди кыдырып көрүп жүрүп, бир жерди жаратып анда турат. Бу чакта ал жерди Ысык-Көл делген.

Меш жагыла турган үйдү Түрк чыгарат. Түрк урууларындагы болгон үрп-адаттар андан калат. Түрктөн төрт уул болуп, алар: Түтүк, Хикил, Бирсыжар, Симлак. Түрк өлөр алдында Түтүктү өз ордуна калтырып кайтпас сапарга кетет. Түтүк да акылдуу киши болуп, Түрк ичиндеги көп үрп-адат жана заңсыттарды ал чыгарат. Түтүк бир күн ууга чыгат, бир кийикти союп кебеп кылып отурганда, колунан бир бөлөк эт жерге түшкөндө кайтаалап оозуна салганда, эң таттуу даам келет, туздуу жер экен, мындан кийин туздун пайдасын билип, тамакка туз салуу башталат. Түтүк эки жүз жыл өмүр сүрүп өтөрдө ордуна Элче Ханды өз ордуна койуп, акырет сапарына кетти. Элчеханда көп жылдар падышалык кылып аштарды ашап, жаштарды жашап атасы кеткен жерге кетет. Элчехан өлөрүндө Бепбакуй ханды ордуна отургузду (Дитин мааниси жери Бакуйдун мааниси болуп, эл улугу деген сөз).

Бу да көп жылдар падышалык кылып, өлөр алдында Кийик ханды ордуна калтырып дүнүйөдөн көчтү. Кийик хан да атасынын ордуна отуруп, бир канча жылдар адилдик менен өкүм кылат, уулу Алинча ханды ордуна коюп калк барган жерге аяк шилтеди. Алинча хан көп жылдар калкына падышалык кылып келди.

Нухдун заманына чейин Яфистин бардык тукуму мусулман болуп, Алинча заманында журт түзөлгөн эл дөөлөттү болду. Өзбектин мисал сөзүндөй: «ит семирсе ээсин кабат» дегендей, ошол заманда ар бир кишинин бир сүйгөн кишиси өлө турган болсо, уулу, кызы же ага, инилерибы аларга окшош этип үйлөрүнө бир куурчакты жасап коюу адат болду. «Бул биздин баланчанын сүрөтү» деп аны сүйүшкөн. Тамактын адегендегисин куурчактын алдына коюп, тамактын алдында жана артында куурчакты өбүшкөн, жүздөрүн, көздөрүн сүртүп, ага баш уруп сыйына турган болушкан.

Алинча хандын эки эгиз уулу уулдары болуп, улуусу Татар, кичүүсү Моңгул эле. Алинча картайганда элди эки уулуна бөлүп берди. Бул экөө бир бирлерине жамандык кылышпай, жакшылыктуу мамилелерде жашап өтүштү.

Татархан өзүнөн баштап, жети уулуна чейин падышалык кылды. Татар хан көп жылдар падышалык кылып өттү, уулу Букахан атасынын ордуна калып көп жылдар падышалык кылып акирет журтуна жөнөдү. Андан кийин уулу Аттуу хан падыша болуп, бир нече жылдар жашап дүнүйөдөн сапар кылды. Андан кийин уулу Атсыз хан ордуна бир нече жылдар жоолорду жеңип, ууларды уулап атасынын артынан кетти. Андан кийин уулу Ордохан болуп, бир нече жылдар бозо, кымыз ичип коркок кытайды бычат, кемесиз сууларды кечип атасына кетти. Андан кийин уулу Байдуу хан падыша болуп бир нече жылдар жашап Моңгул менен Татар падыша болгондон соң, Байдуу заманына чейин араларында эч бир чоога болбогон. Моңгулдун уулдары өз элдерине, Татардын уулдарына падышалык кылышкан.

Байдуу пикирсиз ойсуз киши болгон, Моңгол хандын уулдары менен жоо болуп, алардын элин чаба баштаган. Ошол арада ажалынан өлгөн. Андан кийин уулу Сүйүнч хан учурда, Моңгол менен Татар элдери арасында душмандык оту жалынында, көбүрөөк убакта Моңгол жеңген.

## Моңгол хан

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган: Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь - октябрь*

Чыңгыз хандын дүйнөгө келгенине чейин Моңгол сөзү (Моңол) болгон. Түркейлердин тилдери келбегендиктен бара бара Магул деп айта турган болгон. Мунун маанисин жалпы түрк билет: кайгы деген мааниде.

Олдун мааниси: Жеңил тил маанисинде болуп, башкача айтканда кайгылуу, жеңил деген маанини берет. Бул уруктан тогуз келип падыша кылышкан: Алар оболкусу Моңгол хан, акыркысы Элхан болот. Түрк элинин ичинде ар бир нерсени тогуз кылмак адаты, Моңголдордун тогуз ханынын санынан алынган. Моңгол хан көп жылдар падышалык кылган. Моңголдон төрт уул болуп, уулусу Карахан, Өзгөн хан, Көзхан, Көрхан. Моңгол хан өлөр алдында аксакал катары Кара ханды өз ордуна дайындап кетет. Карахан атасынан соң бүтүн элге падыша болгон. Ир тоосу, Кер тоосу бу заманда алар Уулу тоо, Кичи тоо деп аталат, ошондо жайлашат, кыш болгондо Кара-Курум, Сыр-Дарыя жакасында кыштаган.

## Уламыш

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь*

Бир хан өзүнүн кызын «дүнүйөдөн так, жумурткадан ак өткөрөм, башкача айтканда, «күйөөгө бербейм» деп, эки дарыянын аралына бактырат, жанына кырк кыз жолдош берип, аш, тамакты гана жеткиришип берген. Дарыяга салынган күл ага-ага көбүккө

айланып, Аналды Хак, Менде Хак деп сүйлөнүп келе жатканын көрүп, хандын кызы алып жутуп коет. Андан соң кыз жүктүү болуп калып, кызынын мындай маскара болгон кабары ханга угулуп, хан капа болуп текшерип келсе, бир кызыл иттен башка эркек жандан бирөө да жок экен. «Адам болсо да бир кеп эле, ити менен бой кошкон кызымды кантип бала деп айтам» деп, кызын дарыяга ыргыттырат. Кыз агып жүрүп бир заманда кырга чыгып, кырды мекен кылып, кырдын кызы аталат. Ошол кыздан туулган бала да «кыр кыздан болду» деп, кырк кыз аталып, бара-бара кыргыз деп аталып кетиптир.

Шайыхмансур бул вариантты тараткан экен.

«Кырк кыз кыргыз анасы,
Шайык Мансур дадасы,
Кул кожо акмат кысасы».

Өзүбектердин оозундагы сөздөр. Казактар тупатуура эле кыргыз кызыл иттен тараган дегенден башка сөздөрдү айтышпайт. Аркадан Казактын Чөжө акыны Байтик баатырга мындай деп амандашкан экен:

Болдуңба саг-саламат Байтикбе, Аналхак, Маналхактан болгон тегиң Осмонаалы молдо жазган «Тарых кыргызя» да да, кыргыздын сапарына андан Алхак андан Рашдилхак деп баштайт. Ша деп Ирандар падышаны, хандарды айтышат. Хак болсо анык арап сөзү. Ал сөздөрдү жанагы жомоктон да ташка чыкпаска ойлоп жазса керек. Кыргызча хан, бий дегени абдан туура болор эле.

*СССР илимдер академясынын кыргыз филынын кыргыз тил, адабият жана тарыхынын илим изилдөө институнун илим кызматчысы Абдырахманов Ибраим, шаар Фрунзе ул. Дзержинский №38*

## Тайбука санжырасы

*Инв.№81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*

*Айткулу Убукеев (1939-1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

Тарыхтарда жана тарых билген кишилердин айтуусуна караганда Сибириянын түштүк тарабын жердеген түрк элинин абыдан атактуусу кыргыз эли. Мындан 4800 жыл чамалуу илгери атагы ааламга белгилүү болгон Угуз хандын бир небереси деп турган жерлерине качан келгендиги жана кандайча келгендиги тарыхтарда маалым эмес. Ушул жагдайда укумчу карыялар да эчтеме айта албайт. Бул маселе жөнүндө менин пикирим төмөндөгүдөй, бирок ал пикиримди өзүм да толук далилдүү деп эсептей албаймын: Батыш Сибирде 346 жылдап хандык кылган кыргыздар, алардын акыркы кандары Жедигер хан, Бекболот хандар Көчүм хандан жеңилип, өз баштарын куткаруу үчүн Букара тарапка качканда эл ошол качкан хандарын ээрчип Анжиян, Наманган, Алай тоолоруна ооп кеттиби деп ойлоймун. Чыңгыз хандын күн батыштык чабуулунда кыргыз Мамык дегендин уулу Тайбука хан да Чыңгыз ханга багынып, өзүнүн колу менен Чыңгыз хандын күн батыштык чабуулунда бирге болгон экен. Чыңгыз хан 1220-жылы Букараны багынтканда Тайбука хан Иртыш, Том, Тоболдо хандык кылууну Чыңгыз хандан өтүнүп сурайт. Чыңгыз хан Тайбука хандын жогоруда айтылган суроосун орундатып, хандыкка уруксат берет. Хандык Тайбука хандан кийин анын уулу Кожоханга өтөт. Кожохандан кийин анын уулу Маркан хандык кылат. Маркан Упак деген казак ханынын карындашына үйлөнөт. Кийин Упак Марканды өлтүрүп Абдур жана Жапалык деген балдарын туткун кылып Казанга алып кетет.

Кийин Казанда Абдурдун Мухамбет деген уулу жана Жапалактын Ангыш деген балдары

Упак хандан атасынын кунун кууп, өч алып, өзүлөрүнүн аталарынын хандыгын кайра тартып алышат. Ангыштан кийин бийлик Касым ханга өтөт. Андан кийин Ангыштын Бекболот жана Жедигер деген балдары хандык кылат. Ошентип Тайбуканын балдары биринен кийин бири хандык кылып отуруп, Батыш Сибирде (Иртыш, Ишим, Тобол тарапта) 343 жылдан ашык эмес, 136 жылдан кем эмес хандык дооранын сүрүшкөн. Бардыгы болуп жети хандык бийлиги өтөт. Муну мындайча далилдөөгө болот. Сибир тууралуу жазылган тарыхтарга караганда, батыш Сибир хандыгы Тайбука хандын тукумунан Шибан уруусунан болгон Көчүм ханга 1563-жылдарда өтөт, Андай болгондо Чыңгыз хандын Букараны багынтып алган жана Тайбука хандын Чыңгыз хандан батыш Сибирдин Ыртыш, Ишим, Тобол тараптарына хандык кылууну сурап алган жылы 1220-жыл болот. Ошентип арадан 343 жыл өтөт. Демек кыргыз уруусунан болгон Тайбука хандын укум-тукуму батыш Сибирде 343 жыл хандык кылган деген сөзүбүз мына ушуга таянып айтылат, Көчүм хан менен болгон уруш тууралуу. Тайбука уруусунан болгон Жедигер хан менен Шибан уруусунан болгон Көчүм хандын ортосунда көп жылдар согуш болот. 1563-жылы Көчүм хан Жедигер хан менен Бекболот хаңды жеңет, эки хандын кол алдында болгон элди өзүнө багынтат. Бекболоттун баласы Сыдык деген Букарга качып баш калкалайт. [Талып Молдонун жазгандарына түзүүчүдөн кошумча: Сибир хандыгы боюнча тарыхты аңтарганда Көчүм кандан сүрүлүп Букарды карай оогандыгы тууралуу, Сыдык эмес – Сейдяк (кээ биринде Шийдяк) аттуу жигит Тайбука тукумунун акыркы башчысы (последний тайбугинец) деген маалыматтар көп булактарда жазылат: «Другие сибирские летописи говорят, что Сейдяк, после смерти своего отца и дяди,

правил в Сибири, пока не пришел из Казанских степей Кучум, который взял город и принудил Сейдяка бежать в Бухару». Мында Тайбугу династиясынын акыркы ханзаадасынын ысымы «Сейтек» атына уйкашып тургандыгы бир жактан; экинчи жактан, дагы бир уламышта Сейдякты балтыр бешик кезинде энеси Букарга алып качат деген сюжет бар. Бул 1563-1578-жылдар (Википедия: Сибирское ханство) (*ред.*)].

Сибирь тарыхынын мына ушундай айтылган маалыматтарына караганда, хандыгын Көчүм ханга алдырган кыргыз уруусунун бет ала кача турган, баш калкалай турган азыркы Орто Азия аймагы болуп калгандай. Хандары Көчүм хан тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин Тайбука уруусунан тарагандардын кийинкилеринин бири Бекболот хандын баласы Сыдык Букараны (Туркестанды) көздөй качканда эли да ошол тарапты көздөй качкан го. Ооп көчүп отуруп Анжиян, Наманган, Алай тоолоруна келген го деген ой туулат. Адатта ханы качкан жакка эли да качат эмеспи, качпай коё албайт.

Эгер андай болбогондо Батыш Сибирде кыргыз Тайбука уруусунан калган эл барбы, болсо кайсы жерде же ошол 400 жылдан ашык убакыттын ичинде тукум калбай жок болуп кеттиби. Же болбосо Батыш Сибирге Тайбука жалгыз кара башы келип хандык кылганбы деген суроо туулат.

Албетте, Тайбука Батыш Сибирге келгенде, келип хандык кылганда, жалгыз эле өзү келбестен жерге-жээги, эли, колу менен келип, хандык кылган деп ойлоого болот. Тайбуканын таянганы өз эли, өз колу болбосо, албетте батыш сибирликтер аны көпкө чейин хан кылып кармап турбай, бат эле жыгат эле. Жыйынтыктап айтканда, Тайбука батыш Сибирге хандык кылууга көчкөндө байыркы Эне-Сайды жердеген кыргыздар да ошол тарапты көздөй ооган болууга тийиш. Эгер

мындай болбосо, илгертен Эне-Сайды жердеген, ошол жерде өсүп-өнгөн кыргыз калкынан хакас наамы менен калган бир аз элден башкалары кайда кетти? (Тайбука Көчүм хан колдуу болуп өлгөн соң небереси Сейтак Букарга качканбы? – *ред.*). Биздин оюбузча Чыңгыз хан кыргыздын ханы Орос-Айналды өзүнө багындыргандан кийин, кыргыздар Эне-Сайдан Батыш Сибирге хандык кылган Тайбуканы ээрчий козголо, оой көчкөн болууга тийиш. Жедигер ханды Көчүм жеңгенден кийин Бекболот хандын баласы Сыдык Көчүмдүн кысымына чыдай албай Букараны көздөй качканда ал жактагы кыргыздар жогоруда айтылгандай, Сыдыкты ээрчий Түркстан тарапты көздөй оодарыла көчүп Анжыйан, Наманган, Алай багытындагы тоолорго топтолгон болууга тийиш. Алар бул жерлерден бара-бара азыркы жердеп турган аймакка Ат-Башы, Нарын, Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал, Чүй, Таласка жайылып тургандай сезилет. Тарыхта Анжыйан, Наманган, Фергана тарапта узак убакытка созулган туруктуу кыргыз хандыгы болгондугу билинбейт. Эгерде качып, бозуп бир жактаң, маселен Сибирден ооп келип чогулган кыргыз эли Фергана тарапты көп мезгил байырлап жашап калган болсо эч болбогондо хандык, бийлик белгилери же журту калган болоор эле деп болжолдоого болот.

Мына ошентип, Кыргыз эли азыркы жердеп тургаи жерине Чыңгыз ханга багынгандан кийин батыш Сибирге карай ооп, андан кандык Көчүм ханга өткөндөн кийин Сыдыкты ээрчий XV–XVI кылымдарда Фергана тарапты көздөй качып, бозуп келген болууга тийиш деген ой туулат. Кийинчерээк Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Талас, Чүй, Ысык-Көл, Текес, Кулжага тарашы ыктымал.

## Сибир хандары

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь*

Сибир орустарга караганда чейин ал тараптарда татар хандарынын падышалык кылгандыктары тарых маалым болгон. Текшерип караганда бу хандардын ата-бабалары Чыңгыз хандын доорунан баштап, Сибирде падышалык кылып келгендиктери анык болгон. Кыргыз хандарынын Чыңгыз кол астында болгондору Ырыс дархан гана болбостон батыш Сибирде да ага табын болгон кыргыз хандарынын бардыгын бизге тарыхтар көрсөтөт. Биз азыр ал орундардын хандарын билгенибизче жазмакчы болом. Бирок бу хандардын туулган жана өлгөн жылдары биздин колубуздагы эң толук Сибир тарыхтарында айтылбагандыктан биз да өздүгүбүздөн алардын туулган жылдары жана өлгөн жылдарын белгилеп тарыхка кыянат кыла албайбыз. Ошондуктан тарыхта алар акында тарыхтарда эмне жазылган болсо биз да ошону менен канааттанабыз.

## Тайбука хан

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь*

Чыңгыз хан Бухараны алганда (1220-жылы) кыргыз хандарынан Мамык хандын уулу Тайбука батыштагы жүрүштөрдө жүрүп көп кызмат көрсөтөт. Чыңгыздан Эртиш, Табул, Эшим, Тура дарыялары боюндагы сураганда, Чыңгыз анын өтүнүчүн кабыл

кылып сураган жерлерди берет. Тайбука өзүнөн кийин ал орундарды балдарына калтырат. Бул тууралуу Миллир жазат: Чыңгыз хан көп сандуу аскерлер менен эртелеп, эшим дарыялар боюндагы жерлерди өзүнөн карамагына алгандан соң ыраактык себептүү өзүнө баш ийген бир төрөгө берүүсү этимал. Тайбука хан болгондон кийин азыркы Түмөн шаарынын ордунда тура баштап, ал жерге өзүнө шаар салдырып, Чыңгыздын атына Чинкидин деп атаган. Миллир: «Эски чептин калган дүмүрү анда азыр да жатат» дейт.

Тайбука хан доору бүтүн дүнүйөгө сокку берилген доор болгондуктан анын жыргалдуу өмүр оздургандыгы шексиз го.

**Кожо хан.** Тайбукадан кийин анын уулу Кожо хан, хан болот. Мунун эч кандай аңгемеси тарыхтарда көрүнбөйт.

**Мархан.** Кожохандан кийин анын уулу Мархан болот. Мархан Казан хандарынын Упак хандын карындашын аялдыкка алып, баштараак таттуу турушса да, аягында душмандашып, Упак хан күйөөсүнүн үстүнө чабуул жүргүзүп келип Марды өлтүрөт. Мардын Абдыр, Жапалак аттуу балдарын туткун кылып Казанга алып келет. Упак хандын Сибир журтуна кожолук кылуусу эң аз убакыт гана болуп калган.

**Мамбет хан.** Туткун болуп Казанга жиберилген Абдырдын Мамбет аттуу Жапалактын Анкыш аттуу уулдарын татар төрөлөрүнүн бир тарабынан качырылып сакталган экен. Мамбет чоңойгондо Упактан өч алууну ойлоп, көп жолдоштор азырдап Чинки-Тура шаарында турган Упакка баса келип, аны бүтүндөй жоготот. Чинки шаары да талкаланат.

Казандыктардын дагы кол салуулары шектүү болгондуктан Мамбет хан Чинки-Турада калууну туура көрбөстөн Эртиш боюна турууну ылайык көрөт. Эртиштин чыгыш жагындагы бийик бир мурунду борбор үчүн туура көрүп ошондо турду. Бул орун Сибир тарыхтарында Эскир (Искер) деген аталган.

**Аңгыш хан.** Мамбет хан өлгөндөн кийин, атасы менен бир туугандын уулу Ангыш падыша болгон. Мунун атактуу иштери болбогондуктан хан болгондуктан белгилүү.

**Касым хан.** Ангыштан Мамбеттин уулу Касым хандык кылат. Ал өзүнөн кийин Бекболот, жедигер деген эки уулун калтырып, булар экөө сибирде падышалык кылышат. Бекболот тууралуу тарыхтарда башкача кабарлар болбосо да бир ак Жедигер тууралуу кыйла кабарлар бар.

**Жедигер хан.** Жедигер хан сибирде падышалык кылган жылдарда бүтүн татар өлкөлөрүндөгү мусулмандар көп дарыяларына батырылып, алды качандан бери болуп калган дөөлөттөрүн колдорунан кийип калышкан эле. 1552-жылы Казан хандыгы орустар тарабынан бүлдүрүлүп, экинчи ирет баш көтөргүстөй абалга коюлган эле. Чингиздин Имбан деген мемиресинин тукумунан Күчүм деген чыгат, жедигер хан мен бул Күчүм арасында кыйла замандан бери урушар болуп келген эле, акыры Жедигер хан жеңилип, Күчүм жеңип, ал аскери менен эскирге басып барып чабуул кылып, Жедигер менен Бекболотту өлтүрүп бүтүн Сибир журтун колуна киргизет. Бекболоттун Сайтак (Сейтак) деген уулу Букарага качып аталарынын башына келген балаадан кутулат. Тайбуканын хан тукумунун соңу – Сейтак болот.

Жедигер хандын Күчүм тарабынан өлтүрүлүп, сибир хандыгынын Тайбука уругунан Итбан хан тукумуна көчкөндүгүн соңку орус тарыхчылары 1563-жылда деп эсеп кылышат. Батыш сибир хандыгын Чингиз Тайбукага Букараны алган 1220-жылда берген болсо, алчагында Тайбука менен анын наслинен келгендердин Сибирде хандык кылуулары 343 жыл, өлгөнү 1227-берген болсо, ал убакта 336 жыл болот. Кандай болбосо да Сибир хандыгынын өмүрү 343 жылдан артык 336 жылдан кем эмес.

Тайбука тукумунан хандык кылгандар, өзү менен барабар 7 киши болот. Казан ханы Упактыда Сибир ханына

санасак 8 болот. Баары хандык өмүрү болгон 336 же 343 жылдарды 8 эле хандын өмүрү сыйдыра албастыгы Көн Үлгө келсе да бу 300 дөн артык жылдарда 8 гана хан болбоско тийиштей көрүнсө да Тайбука уругунан келген хандардын өз араларында коогасыз ынтымак менен өмүр өткөргөндүктөрү аны менен катар ал жердеги табыйгаттан ден соолукка жакшы болуусу себенинен ар бирөөнүн картайганга чейин жашап узун убакытка дейре хандык кылгандыр. Миллар дагы ушу пикирди кубаттайт.

Бекболоттун Сейтак деген уулу Күчүмдөн качып Букарга баргандыгын жогоруда айттык. Күчүм тарабынан жалгыз гана Жедигер хан менен Бекболот экөө гана өлтүрүлбөстөн анын толгон бектери, төрөлөрү жан аскерлери кыйратылгандыр. Букарга жалгыз эле Бекболоттун уулу Сейтак качпастан бир топ бектери, төрөлөрү жана аскерлери аны менен катар караган элдеринин бир кыйласы үрккөндүр. Артыкча кыргыз уруулары мүмкүндүгү болушунча шып кала качып кутулгандары кутулуп, тутулгандары кул, күң болуп калгандыр. Ал сыяктуу чоң которулушта эмнелер гана болбойт. Тайбука хан батыш Сибир хандыгын Чыңгыздан сурап алган убакта чыгыш Сибирдеги жана чыгыш Түркстанда чектеш турган кыргыз урууларынан да кыйласы барып батыш Сибирге конгон болуусу тийиш. 300 дөн ашык убакыт укум-тукумдары хандык кылат Тайбука тукуму жандарына кыргыз урууларын көп орундаштырган болуулары тийиш. Мен Батыш Сибирге кыргыздардан Мамык хандын уулу Тайбука хандын «хан болгон» деген тарыхы маалыматтарда «Хадий Атласы» деген татардын орус тарыхтарынан пайдаланып жазганынан пайдаландым. Ал китептин аты «Сибир тарыхы» 1912-жылы басылган. Ал тарыхта, Жедигер хан менен Бекболот экөө Күчүм тарабынан өлтүрүлүп, Бекболоттун уулу Сейтак Букарага качкан дегенден башка эч нерсе айтпайт.

Менин пикиримче: Букара жана Тажикстанда кыргыз уруулары Сейтак качууда үркүп барып тур-

ган уруулар болууга тийиш. Азыркы кыргыз урууларынын карыган абышкаларынан кайсы бирлеринин ооздорунда мындай деп айтылган ыр үзүндүлөрү бар: «Кара каш торгой суу кайда, Эртиш кайда? Эл кайда? Элге жетер күн кайда?!» деп. Бул ыр албетте бекеринен эле чыга койгон ыр эмес ко, Эртиштен аргасыз айрылган элдин муңу го. Батыш Сибирден орун алган кыргыздар уруулары Букарага ооганда, бир нечелери үркө алууга чамасы келбестен туткунда калат, ата баладан, эне кыздан жана бир туушкандарынан да ажырап калат чоң тополоң чоң сапырык болууга тийиш. Демек Батыш Сибир өлкөлөрүндө кыргыз урууларынан тукумдарынан болгондору балким бу күндөрдө да бар чыгар. Эртишти эстеп ырдалган бир үзүндү ыр түндүк кыргыздарда бар, ал эми түштүктөгү кыргыздардын ооздорунда бар болду бекен? Мындай маселелерди эл аралап нак текшербесе болбойт, эл ичиндеги бирин экин-билген карылар өлүп жок болуп кеткенде, изилдөөгө эң бир кыйын.

**Кыргыздын Исар Гисар Куляптан качан көчүп келиши тууралуу**

*Инв.№380*
*Оштун тарыхый материалдары. Нокат*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Анын неченчи атасы көчүп келген жана алардын жаштары тууралуу. Галака баатырдын балдарынан Кашкарып Балтабаевдин нече атаман Галака баатырга жеткендиги Балтабаевдин өзү менен (67 жашта өзү) алты атага жетти. Башка чалдарда бешинчи-алтынчы аталары калгандыгын айтты. 46 жашка келген Бактыбай Атказаровдун атасы 50 жашында, Бактыбай үч жаш убагында

өлүптүр. Атказар, Турду, Жуваш, Ырыскулбек болуп, төртүнчү Ырыскулбек Исар, Куляптар 40 жашында көчүп келиптир. Анан ошондой андагы фактыларды жыйнап кыргыздын көчүп келүү датасын 1720-1730-жылдарга белгиледим.

Кыргыздын кайсы убакытта Букарда, Букардын тегерегинде болушун билүү үчүн дагы ошондой белгиледим. Мисалы Мунгуш Көк жатык уруусунан. Кашкарт Балтабаев Гапаказат ары дагы беш ата менен Букарда, Букардын Көкүлдаш медресесинде тууп, ошондо окуп чыккан. Нооруз Молдого өзү менен он бир атада жетти. Ошентип башкалардан да сурап түштүк кыргыздардын тегерегинде 1550-1600-жылдарда Букар тегерегинде болгондугун белгиледим. Ошентип түштүк кыргыздардын Букар, Коргон тике, Исар Кулямь аркылуу ушу жерлерине келишкендиги баардык айтуучулар тарабынан аныкталды.

Андан ары Кара-Дөң Жайык (арал өзөнү) так эч бир факты менен белгилөөгө мүмкүн эмес. Ошондой болсо да беш-алты ата жогору Эдил деген аттар кезигет. Эдил-Вагон деген сөз. Мисалы Барпы Жолдошов Калбайдын 4 атасы Эдил Жээнбаев. Бул Эдил башка гана келген жок. Аны Эдилде болгондуктун бир белгиси. Аны да үч адам гана айтты. Анын бир ичкилик Тент Мурасмов Мирзалы, экинчиси катаган Бактыбай Антказаров. Ошондой болсо да, бүткүл түштүк кыргыздар эмес, тарыхый фактыларга караганда кыпчактарды айрылган Кара-Деңиз, Жайыктан келишкен деп түшүнүүгө мүмкүндүк бар. Максатка келик: Чатак, жаңжалдуу маселелерди бул системага киргизбедим. А эгерде киргизип болсом, «эмиш» деген сөз менен алып, көпчүлүк тарабынан кабыл алынбагандыгын көрсөтүп өттүм.

### Мурунку кыргыздардын маршруттары

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары (Нокаттын)*

*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков*
*2.06.1925 – 10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Түштүк кыргыздар эң мурун Идил, жайыктар букарага келген имиш. Бухарадан Памирге келип, анда Бадахшан, Саркол, Гиссар тоолоруна келип орношушкан. Ал убакта Алай менен Тянь-Шань тоолорунда күчтүү калмактар бар экен. Ал калмактардын үстүнө үч мертебе басып барышса да, үчөөндө да калмактар кыргыздарды айдап, кайра Памирге жиберишкен. Кыргыздын бир бөлүмү Гималайдын тескей жагы менен Пишаврга чейин барышат. (Бомбайга да барып кайткандары болгон экен). Алай, Тянь-Шанда тургандар суур этин жейт экен. Алар өлүктөрүн көмбөй этке ташташат экен. Ошентип суур жеп, өлүгүн көмбөй жүргөн. Калмактарга ваба соруу келип, баардыгы да кырылат. Ошол убакта Чоң-Алайда жашаган чоң багыштар да кырылат. Бош калган жерге кыргыздар келип сейрек олтурушат. Бирок төмөнкү Идил (Ванга) Жайыктан келген калмактар аларды басып келип, кыргыздарды дагы айдап жиберишет. Анан көп узабай ал терме калмактарды катуу кырып, кытайга айдап салышат. Анан өздөрү алайга орношуп калышат (46-47-48-бб).

**Угузхандын баяны**

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган: Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь*

Кара хандын уулу зайыбынан бир уул туулуп, ал көрүүгө эң сонун, ыраңы ай менен күндөй нурдуу болгон. Төрөлгөндөн соң үч судкага чейин энесинин эмчегин эмбестен ар түнү бул бала энесинин түшүнө

кирип айтат: «Ой эне мусулман бол!» деп. «Мусулман болбосоң өлсөм өлөрмүн, сенин эмчегиңди эмбейм!» деп. Энеси мусулман болот, бала эмчек эмет, энеси көргөн түшүн мусулман болгондугун эч кимге айтпаган. Ошондуктан түрк калкы, Яфистен Алинча заманына чейин мусулман болушкан экен.

Алинча хан падыша болгондон кийин калктан малы, башы абдан көп болуп, дөөлөткө мас болгондуктан кудайды унуткан. Карахан заманында, атасынын мусулман болгонун эшитсе, уулу өлтүрүүчү экен. Ал убакта моңголдордун заниттары мындай болгон экен: бала бир жашка толмоюнча ага ат койбогон. Кара хан баласы бир жашка толгондо элге жар салдырды, чоң той берди. Той күнү баланы элдин ортосуна алып келип, бектерине айтат: «Биздин бул балабыз бир жашка толду, балага ат коюп бергиле» деп.

Бектер жооп бербестен эле мурун бала айта баштайт: «менин атым Угуз» деп. Тойго келген журтун уулу, кичүүсү бардыгы айран азар калышат. Көпчүлүк айтышат: «Бул бала өзүнүн атын айтты мындан артык ат да болбос» дешти. Угуз бойго жетип жигит болгондо атасы Карахан өзүнүн иниси Өзхандын кызын алып берет.

Угуз атасы Карахан менен мусулмандык тууралуу жоолашканда, элге кишилер жиберип айтат: «Атам кол менен камынып мени өлтүрүгө келе жатат. Мени жактоочулар мага келсин, атама болушам дегендер атама барсын» деп. Элдин көбү Караханга барышат азыраагы Угузга кошулат. Карахандын инилеринин көп уулдары болуп, аларды Карахандан айрылып кетет деп эч кимдин көңүлүнө бир да келбеген. Алардын баарысы Угуздун тобуна келишкен. Угуз аларга Уйгур деп атайт. Уйгур түркчө Жабышуучу деген мааниде. Алар келип Угуздун этегине колдору менен бекем жабышкандыктан аларга Уйгур деген наам берилген.

Угузхан, атасы Караханды урушуп жеңет. Урушта башына ок тийип Карахан өлүп, ордуна Угузхан болгон.

## Угузхандын урушу

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган: Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь.*

Угузхан хан болгондон соң элдин бардыгын мусулман болууга чакырып, мусулман болгондорун урматтап болбогондорду чабат. Ал убакта Караханга табын элден башка да эл көп болуп, бир чоң элдин бир башка падышасы болгон, кичик элдер ага кошулуп турган. Карахандын мусулман болгон элдери Угузханга кошулуп, болбогондор башка хандарга барып кошулган. Угуз хан ар жылдары моңгол журтунда турган согушуп жеңип турган. Ошондой болуп урушуп отуруп бардыгын алган экен. Качып кутулгандары Татар калкы ал убакта Чурчутка жакын турган, Чурчут дегенда бир чоң журт болуп, шаарлары жана өздөрү да көп болгон. Булар кытайдын түндүк уюл жагында болгон. Инд жана Тажиктер аларды чын деп айтышкан. Угузхан барып татарды чабат, Угуз хан жеңет да аскерлерин кырып, эсепсиз олжолорду жүктөөгө унаалар жетишпейт. Бир уста келип акыл тегеретип отуруп, араба жасап, аны көрүп бардык кишилер араба жасашып олжолорун арабага салып кетишкен. Арабага калк ат коюшту, андан мурун арабанын аты да, өзү да жок экен. Араба жүргөндө каңк-каңк деген доош чыгаргандыктан аны жасаган кишини Канкла деп, бардык Канкла эли анын тукуму экен. Угузхан жетимиш экиге чейин өзүнүн сөөгү өз түркү болгон моңгул, татарлар менен урушуп, жетимиш үч жыл болгондо бардыгын өз оозуна каратып жеңип, мусулман кылат. Андан соң барып кытайды алат. Чурчут менен Таңгутту алат. Таңгутту Тажиктер Тебит деп айтат. Андан кийин барып Кара кытайды алат. А да чоң журт болуп, кишилеринин арасында Инд сыяктуу кара болуп, Индостан менен кытайдын

арасында Индия деңизинин боюнда. Кытайдын аркы жагында, деңиз боюнда чоң тоолордун араларында көп элдер болуп, падышасынын аты Итбирак деген экен, аларга барып урушуп, Итбирак жеңип, Угузхан качкан экен. Урушкан жердин бери жагында эки чоң дарыя болуп, ал эки суунун арасында бир нече күн туруп качкан аскерлердин алды, артын жыят. Улук падышалардын адати адаттары мындай экен. Ыраак сапарга чыкканда өзү жана жакын бектери жана үй бүлөлөрүн бирге ээчите барган. Угуз хандын бир беги үй-бүлөсүн ээрчите барган эле, өзү урушта өлүп, зайыбы кутулуп, эки суунун ортосунда хандын артынан жетет, боюнда бар экен толгоо кирет, күн суук экен, кирерге үй таба албай бир чириген жыгачтын ичине кирип эркек төрөп, муну ханга маалымдайт. Хан «мунун атасы биздин алдыбызда өлдү; тарбиялап асырарга кишиси жок» өзү бала кылып алат да, атын Кыпчак койду. Бучактар ичи көңдөй жыгачты да чыпчак деп айтышат экен, кара калктын тилдери келбегендиктен «к» тыбышын «ч» деп окушуп, ал кыпчакты чыпчак деп айтышып жүрүшкөн. Ал баланы хан өзү колунда тарбиялап, эр жеткенден кийин орус, улак, мачар, башкарып элдери жоолору эле. Кыпчакка көп аскер кошуп берип, ошол жактарга Дон, Эдил сууларынын бойлоруна жиберди. Үч жүз жылы падышалык кылып отурат. Бүтүн кыпчак эли анын тукумунан тарайт экен.

Угуз хандын заманынан Чыңгыз хан заманына чейин Дон, Эдил жана Жайык бул үч суулардын бойлорунда кыпчактан өзгө эл жок болгон. Төрт жүз жыл чамалуу ал жерде отурушат. Ошондуктан ал жерлерди Дашти кыпчак деп айтылган.

Угузхан Итбирак хандан жеңилгенден кийин он жети жылдан соң дагы жүрүш кылып бирок хан менен урушуп басып, Итбирак ханды өлтүрүп, элин каратып, мусулман болгондоруна тийбестен, болбогондорун кырып, балдарын кул кылып алып кайтат.

## Угуз хандын Туран менен Индостанга барганы

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган: Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь.*

Угуз хан бүтүн моңгол, татар элдеринин аскерлерин жам кылып Орто Азиянын каратып андан Балихка барып андан Гур жерин алганда, аскерлеринен бир нечелери суук кардын тоскоолдуктарынан кийин барат. Каналарга Карлыктар деп ылакап берип, барлык Карлык эли алардын тукумунан тарайт. Андан соң Кабил, Газнинди алып, анан Кашмирди алат да, Магулстанга кайтып үйүнө түшөт. Угуз хан Иран, Шат жана Мисир.

## (Эгипет) тарабына барганы

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган: Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь.*

Угузхан батыш тарапка улуу жүрүш кылып, хурасан, Иран, Ирак, Азербайжан, Армен, Шам жана Миссирга чейин алды. Бул жүрүштө колдон бөлүнүп артта калган бир үйлүү кишини Угузхан себебин сурап текшерип отуруп, жардамдар берип, сен жүрүшкө барба Калач деди, бардык Калач эст анын тукумунан тарады. Аларды бул убактарда Хилч деп аталат Түркстанда көп болот, Хурасан менен Иракта да көп болот экен.

Угуз хандын балдары жана мемирелеринин аттары.

Угуз хандан алты уул болуп, улуусу Күн хан, Ай хан, Жылдыз хан, Көк хан, Тоо хан, Деңиз хан. Бул алты уулдун ар биринин төрттөн уулдары болгон. Булар улуу аялынан туулган уулдар. Кичи аялынан туулган уулдарда болгон. Күн хандын Калы,

Бият, Силка, Июли, Кариюли аттуу төрт уул болгон. Айхандан Язир, Ябир, Будирга, Букир төрт уул. Жылдыз хандан Ушар, Кырнак, Бекитли, Каракан төрт уул болот. Көк хандан Байсиндир, Бажина, Жоол, Жетижи төрт уул. Тоо хандан Салур, Симир, Алайуажили, Үркөр төрт уул. Деңиз хандан Экдур, Бекдуз, Ава, Канк төрт уул.

Угуз хандын кичи аялынан жана төрттөн уулу болуп, бирок кайсы атанын уулдары экендиктери маалым эмес, Аттары булар: Кине, Кунө, Турбагыт, Карайлы, Султанлы, Окла, Кокла, Сужла, хирасанла, Жузитчы, Жамчы, Турумчу, Комай, Сорка, Корчик, Сурачик, Карачик, Казгурт, Каргыз, Тикен, Лала, Марда, Шуй, Сайыр.

Угузхандын жыйырма төрт мемиресинин мамилесинин маанилери. Кала (бекет деген манисинде), «Бият» (дөөлөттүү мааниде). Алка июль (Мубафык маанисинде). Кара эли (ар кайда отурса мештүү үй менен туруучу маанисинде). Язир (элдер агасы маанисинде ). Ябир (алдына эмне учурса жыгат мааниде).

Будсирга (журталмак жана аны сактоочу маанисинде). Дукир (жүкүрүк маанисинде). Ушар (ишти тез иштөөчү маанисинде), Кырнак (бөкө маанисинде), Бекидли (жакшы сөздүү маанисинде), Каркан (Аштуу маанисинде), Байсиндир (дөөлөттүү маанисинде). Бична (Сагат кылуучу маанисинде), Жавилдир (намыстуу маанисинде), Жинни (баатыр маанисинде), Салур (кылачтуу маанисинде), Ыспыр (байлардын байы маанисинде) Алайун тили (ала аттуу маанисинде), Экдир (Улук маанисинде), Укдуз (кызматкер менен маанисинде ), Ава (даража, жогорлук маанисинде), Каньк (ыйык маанисинде).

Мен бул жогорку аңгемелерди Абулгазынын «Түрк санжырасы» деген китебинен пайдаланып жаздым. Мен бала чагымда окуп жүргөн убагымда арапча тарых китептин биринен окуганымда эсимде бар. Ал китепте Жиругуздар тукуму деген.

### Моңголдор тууралуу экинчи бир вариант

*Инв.(322)119, бети 1-59*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган Абдыракманов Ыбрайым*

Ташкентте чыга турган казак тилиндеги «Ак-жол» газетасынан 1922-жылы «Моңгол тарыхы» деген бир макаланы кесип алып сактап жүрдүм эле, андай мындай деген: «кытай тилинде жазылган эски тарых китептердеги сөздөргө караганда 8-кылымдын башында тукумунан бөлүнүп чыгып орундашкан элге эски убакытта кытайлар жана башкаларында «Маңгул жүркү» деген ат коет.

Маңгул жүркү өзүнчө бөлүнүп чыга келип Сибирдин чыгыш жактарында, Саян тоолору, Күнөс, жылдыз жана Текес жактарында орунтукту болуп, ошол жерде өсүп-өнүп өз алдынча көп журт болуп жашап келген. Маңгул жүркүнүн бир бөлүгү «будда» désinde калмактар экен. Маңгулдун өз тукумунан үч баласы болгон экен: 1) улуу баласы Галзин, 2) ортончусу Көкүлдү, 3) кенжеси Эңке.

Бул балдардын тукумдары өтө көп болгон. Кыскача айтканда Галзинден калмактар. Көкүлдөн татарлашып кеткендери менен уйгурлардан катышкандары да аз эмес. Эңкенин тукуму Чынхан чыккан уруу жана кыргыз казак өзбек. Мурунку убакта бул калктар бир атанын балдары экендиктер Маңгул тарыхында өтө ачык көрүнөт.

Эми булардын эмне үчүн бир биринен ажырап кеткендиктерине келсек, буларды арап калкынан соодагерлери Маңгул арасына барып дин тараткан Эшенде жана Шайыктары да барып калктарынын арасына барып сөз таратып Маңгул түрктөрүн көбүн Ислам динине үндөгөн. «будда» динин жамандап, Ислам динин мактап, калктын көбүн Ислам динине киргизген. Бул XIV кылымдын аягы, XV кылымдын баш кези.

Араптар Маңгулдарды бирин бирине жамандап, касташтырып, жогорку айтылган соодагерлер от жагат. Ошон үчүн Маңгул арасынан бузуктук чыгып, Эңкенин тукуму, «биз мусулман Маңгулдардан ажырап өз алдыбызча бөлүнөбүз, өзүбүзгө журт болобуз» деп Маңгулдардын бөлүнүп, жейт суу жагына көчүп чыгып. Бир азы качып, Галзин тукумуна кайрылып туруп калат. Бул качкандарга Маңгулдар «Кас деген атты коет. (Касик деген сөз, Маңгул тилинде качкын деген сөз). Касиктер качып барып бир жерден орун алган. Качпай. Качпай калгандарын «Калмак» деп ат коет. Касик деген сөз, Маңгул тилинде качкын деген сөз.

Касиктер качып бир жерден орун алган. Качпай калгандарын «Калмак» деп ат койгон. Калмактарга биригип калгандардын бир аз кесиктерге кошулуп бурулуп кетет, буларга калмактар «бурут» деп ат коет.

Касик деген сөз, бурут деген сөз азыр да «казак» деген сөз. Бурулуп кетиш деген сөздөн алынган бурут дегенибиз «кыргыз». Казак, кыргыз XV кылымдарда өз алдынча уюмдашкан журт болгон. Эми булардын арасынан «өзүбек» болуп бир азы бөлүнөт (1456-жылы жазында). Булардын көпчүлүгү көчмөн болуп, чарба мал менен күн көрүп, кырда мал багып жүргөн, бир азы колунда мал багып жүргөн, бир колунда мал жок болгондуктан жатак болуп, базарда, калпактарда оокат кылып, жан багып, өз алдынча жашап кетишкен. Алык-салыкты болсо кийинчерек казактарга төлөбөй өздөрүнүн өкмөттөрүнө төлөп, өзүнчө бөлүнгөн. Мына ошондон кийин казактар: «өзүнчө бөлүндү, өз эрки өзүндө, өзүнө өзү бек болду, эми булар бизден бөлүнүп Өзүбек болсун» деп Өзүбек атын койгон. Булардын Өзүбек болуп кетүүлөрүнүн себеби ушу. Мына ушу жогорку айтылган себептер менен Маңгул калкы бир нече бөлөккө бөлүнүп кеткен. Мурунку убактарда алына карай Маңгул түрктөрүнүн маданияттуу калк болгон эмес.

Маңгул түрктөрү бир нече бөлөккө бөлүнүп кеткенден кийин булардан караңгы булардан билимсиз калк болбоду. Бирине бири кас душман болуп, эсепсиз кан төгүшүп келе жатышкан бир калк. Казак, кыргыз калкынан илгертен бери айтып келе жаткан макалы бар: «Алтоо ала болсо ооздогу кетет. Төртөө түгөл болсо, төбөдөгү келет». Бул макал жогоркудан калса керек.

## Кыргыздын тарыхы

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь*

Биз жогоруда түрк урууларынан болгон Маңгулдардын Сибир жактарда өсүп-өнгөндүктөрүн айттык. Сибирдин түштүк тарабын толтуруп жаткан түрк коомдорунун эң атактуулары эч бир шексиз кыргыздар экендиктери анык чындык. Кыргыздардын тарыхынан аңгеме кылуудан мурун алардын мурунку турган орундардын айтып кетүүнү макул көрдүк.

Тарыхчы Абдулгазы, кыргыздар жөнүндө мындай дейт: «Угуз хандын мемирелеринен кыргыз аттуу бир мемиреси бар болгон, кыргыз анын тукумунан тараган, бирок бул убакта кыргыз тукумунан тараган, бирок бул убакта кыргыз тукумунан кишилер аз болуп, Маңгулдан, татардан жана башка уруулардан малын багуу үчүн жайып жерлер издешип, кыргыздын жерлерине келип орундашып, буларда кыргыз наамын көтөрүшөт. Бирок алар өздөрү кайсы уруудан экендиктерин жакшы билишкен. Кыргыз, окшош жут деген эки бөлөк облус болуп, бир бирине жакын болгон. Силкина, Анкыра Муран аттуу эки дарыя суу болот. Бир канча көп эл Анкыра Муран кыргыз жеринин чегинен өткөндөн соң көп сууларга кошулат да, эң чоң суу болуп бара-бара ачуу деңизге

куят. Куйган жерине деңиз боюнда чоң бир шаар болуп, көчмөн эли жана малы эсепсиз көп, жылкысы эң чоң, тайынын чоңдугу кунандай болгон. Жылкынын баары ала болгон, башка түстө болбогон. Ал шаардын аты Алакчын болуп, анын жанында күмүш кени бар. Ал элдин казаны, аяк, табактары, кашыктары бардыгы да күмүштөн болгондуктан өзүбектердин «Ала жылкылуу, алтын очоктуу эл болор эмиш» дегени булар экен. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин кыргыз эли жана анын тарабындагы анын эли бардыгы Төлөй ханга карап калат. Төлөй хан өлгөндө хандык анын уулдарына көчөт. Төлөй хандын улуу байбичеси, баары балдарынын энеси «Сүркөктай бийке» хандык ыктияр анын колунда болот. Алхан катын үч бегин баш кылып, бир миң кишини Алакчынга жиберет да айтат:»Колуңардан келсе чапкыла, келбесе кабар алып келгиле» деп. Баргандарга көп убакыт өткөндөн кийин, баргандардын жети жүзчөсү өлүп, үч бек үч жүз киши менен кайтып келип кабар беришет: Алар туурасында эшиткен кабарлардын бардыгы да чын эмиш: «Күмүштү көп алдык эле, кемени суунун агымына каршы жүргүзө албагандыктан таштадык. Авам эң жаман Эшмен кырылды» дешет. Абулгазынын Силкина деп айткан суусу, азыркы күндө орустар тарабынан Селенга деп ат коюлган суу болуусунда эч бир шек жок. Бул суу монголиядагы Ханхай тоолорунан чыга турган адыр менен Чилоту дарыяларынан пайда болуп, андан кийин ондон Орхун дарыясы кошулуп, батышка бурулуп, Байкал көлүнө куят. Силкина суусунун азыркы карталарда түшүрүлгөн Селенга болуусунда Шек болбосо да, Акыра Муран суусунун азыркы күндө кайсы суу экендиги жөнүндө тарыхчылар арасында кыйла талаптар бар. Ошондуктан кыргыздардын мурунку орундарын дайын кылуу кыйла четин иш.

Акыра Муранды Фишир кытайдын Гванг-Го дарыясыдыр дегендей айтат. Кыргыздардын мурунку орундары Силкина менен Гванг-Го суулары арасында

болгон демекчи болот. Фиширдин бу сөзү бүтүндөй эле далилсиз болбосо да, бирок ал сөздү бир нече себептер үчүн чындык деп айтууга болбойт. Сибир тууралуу тарых жазуучулардын эң чын текшергичи болгон Миллир, Анкир мурандын азыркы Амур дарыясы болуучулугун бекитип айтып Кыргыздар ушу Силкина менен Анкара муран арасында тургандыкан Абулгазы Силкина суусун Анкыра мурандан сирак санабайт. Абулгазынын суусу Абулдан башка эместир. Бирок менин билүүмчө Анкыра муран суусу азыркы убакта орустар тарабынан Ангара деп аталган суу болушу тийиш. Муран моңголчо дарыя-суу маанисинде болгондуктан Анкара Муран демек Анкыра суусу деген сөз болот. Анкыра менен Ангара сөздөрү арасында канчалык жакындык бардыгын ошону менен барабар түркү калктардын кээ бирлери тарабынан «г» тыбышынын «к» этип сүйлөгөндүгүн текшергенде биздин айтканыбыз чындык экенинде шек кылууга орун калбаса керек. Анкара Мурандын Ангара экен суусу экенин далилдөөчү нерселер бу эки сөздүн жакындыктары гана болбостон тарыхы белгилер менен табылган эски нерселер да ошону кубаттайт. Ошондой түрк тили менен түрк жазуусунун эң кадимки эстеликтери Енесей, Орхун дарыялары боюнда таштарга жана кыяларга жазылып калтырылган жазуулар болот. Эски калдыктарда текшерүүчү окумуштуулардын айтууларына караганда, бу жазуулар биздин доордон (VIII) жана (VI-VII) кылымдарда дүнүйөгө келтирилген нерселер болот. Тарых жана сөздүк жактарынан текшерип караганда Орхун суусу боюндагы жазуулардан тилин азыркы түштүк түрктөрдүн катарына саналганы окшош Енисей дарыясы боюндагы жазууларды да мурунку кыргыздардын жазуулары деп саналат. Дагы ошону да этибарга албай коюуга болбойт, Орхун дарыясы боюндагы кадимки тилинин эстеликтери кандай тамгалар менен жазылган. Бул окуялар Орхун боюнда туруучу калктар менен Енисей боюнда

туруучулардын адабияттары жана тилдери бир болгон улут экендиктери эң ачык билинет.

Биздин бу жазгандарыбыз Анкыра мурандын Ангарадан артыгыраак Енисей дарыясы экендигин ачыкыраак далилдешсе да, бирок Анкыра сөзүнүн Ангара сөзүнө жакындыгы ошону менен барабар Енисей менен Ангаранын аралары ыраак эместиктери жана бир тарапка агат катташуулары, Ангаранын суусу Енисейдыкынан кыйла көп болуп Абулгазынын суулардын баары келип Анкыра муранга кошулат дегенине бизди Анкыра – Ангара суусу деп айтууга аргасыз этет. Абулгазынын Анкыра муран боюндагы Алакчын шаары менен аттары жана күмүштөрү жөнүндө жазган кабарлары билим жүзүндө далилденбеген нерселер болбогондуктан аларды Гванг-Го дарыясы боюнда таба албагандыктары сыяктуу Амур боюнда да табышкандары жок. Ошондуктан ал нерселердин Ангара боюнда болбостугун Анкыра мурanды Ангара эмес экен деп ойлоого жарабайт. Биз мунда максат жакшы андашылсын үчүн дагы бир нерсени айтып кетүүнү ылайык көрөбүз. Азыркы географияларда Ангара дарыясын Енисейге төгүлөт деп көрсөтүлөт. Енисей аталганы Ангарадан кичине болуу менен, мурунку аты Кем болгондугу жана тескерисинче Ангаранын төмөн жагында Енисей дарыясын азыркы Анкара (жогорку түнгүска) деп эсептөөгө тийиш.

Кыргыздар ижираттан 3400 жыл илгери дүнүйөгө келүүсү болжол кылынган Угуз хандын мемиресинин тукумдары болгондуктары алардын эски улут болгондуктары маалим. Алар кытай тарыхтарында эң мурунку замандан бери айтылып келген. Мурункулуктун абдан терең замандарында кыргыздардын Гян-Гон (Гаң-Гуң) аталган өзүнчө падышалыктары болгондугун бизге тарыхтар көрсөтөт. Бирок биздин доордон I-II кылымдар илгери Гуннулар тарабынан жеңилип, аларга баш ийүүгө аргасыз болгондуктан Гуннуулардын батыш тарабына орундашкан. Кыргыздар Гуннуулардын кол астында болгон заман-

дарды азыркы Енисей губернасынын түштүгүндө болгон калктар менен катыштык кылган. Ушул катышуулары аркасында бара бара тиги Гян-Гун аты жоголуп алар «хагас» деп атала баштаган. Бул хагас аты жалгыз кытайлар тарабынан берилген гана ат болуп, кыргыз аты менен аталып келген болуусу тийиш. Кытайлардын кабарларына караганда кыргыздардын жазуулары менен тилдери Уйгурдукуна жакын болуп, диндери шаман дини болгон экен.

VI кылымдын үстүндө кыргыздар эң бир күчтүү өкмөт түзүп, анын чектери чыгыш жагы Байкал көлүнө, түштүк жагы чыгыш Түркстанга чейин жыйрыган экен. Кыргыз деген наамдын эң обол айтыла башталышында ушу кылымдарда болгон экен. Император экинчи Юстин тарабынан 569-жылда Токю ханы Диза булга элчи кылып жиберилген (замарих) тиги хан кул белек берген экен. Жогорку далилга караганда кыргыз деген наамдын ушу замандарда гана экспеденцилерге маалим болуусунан мурунтан бери кыргыздын өздөрү арасында керек болбосун керек этпейт. 758-жылда кыргыз падышалыгы уйгурлар тарабынан кулатылып, андан кийин алар тууралуу бир аз убакытка чейин күдүк болуп калат. 836-жыл менен 841-жылдар арасында уйгурлар начарлаган соң кыргыздардын жаңыдан баш көтөрө баштап, 840-жылда Уйгурлар менен кыргыздар арасында башталган урушта уйгурлар жеңилип, кыргыздар алардын бир бөлүгүн өздөрүнө каратат. Бул чактарда кыргыздардын турган орундары Енисей дарыясынын баш жак тарабы экен. 873-жылдан баштап кыргыздар (хагастар) тууралу кытай кабарлары кесилет. X кылымда кыргыз падышалыгы начарлагандыктан Уйгурларда кыргыздардын колунан бошоого чаркы келет.

Чыңгыз хан доорунда (XIII кылымда) кыргыздар Чынгыздын кол алдына кирет.

Абулгазы мындай дейт: «Чынгыз хан Алтан, Турамыш деген эки элчисин кыргызга жибергенде

айтат: «мага карасын» деп. Бул убакта кыргыздын падышасы Ырыс-Айнал киши эле (Айнал төрө деген мааниде) Бул кыргыздын көп жашаган жана байыркыдан тарыхы сөздөрдү сүйлөгөн абышкалары, Ырыс дархан деп айтышат (даркан эриктүү төрө деген сөз). Ырыс кыргыздын билермандары менен кеңешип туруп, «Чыңгызга баш ийип карабасак болбойт» деп, жакшы кишилери менен көп тартуу тартмактары менен Чыңгызга жиберет. Тартуулардын башы буту, мурду, көзү кызыл акшумкар экен» деп баян кылат. Бул тууралуу орус тарыхчыларынын жазгандарында Абулгазы хан тарабынан берилген маалыматтардан башка нерселер эмес. Тарых түрк мамирасында Ырыстын Чыңгыз ханга карашы кайсы жылда болгондугу баян этилбесе да, бирок орус тарыхтары аны 1207-жылда дейт. Ырыстын хандык кылган орду монголияга жакын, азыркы Енисей дарыясынын баш жагында болуусу керек.

### Терме калмак доору (1720-жылдар)

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары (Нокаттын)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Терме деп башкырлар боз үйдү айтат. Терме калмак деген боз үйлүү калмак деген сөз. Казак менен кыргыз түштүк Кыргызстанды чоң калмактардан ээлеп калганда Эдилдин (Волганын) төмөн жагынан көп терме калмактар алардын үстүнө көчүп келет. Терме калмак казакты түндүккө, кыргызды түштүккө айдап, алардын жерин ээлеп калат. Бу калмактар Чынгызкандан соң көп калмактын зордук кылышын эң кийинкиси. Бу калмактар

мурункуларга караганда күчсүзүрөөк болот. Себеби булар төмөнкү Эдилден бери карап узак жол, азап тартып күчсүздөнгөн болот. Бирок кыргыздар Ысар, Көлөптөн келип калмактарга жортуулчулук кылат. Ал убакытта кыргыз мылтык, ок дарыны Индистан, Иран элдеринен үйрөнүп келген убактысы болгон. Бу терме калмактарда мылтыктын болбогонун көргөндөн кийин кыргыздар өз жерлерин кайра кайтарып алууга чара көрө баштайт. Ошентип кыргыз Алайга көчүп келбей туруп жортуулчулары калмакка көп кыргын көрсөтөт. Кыргызга мурунку калмактын ким экендиги белгилүү эмес: алар Тебит калмактарыбы, же монгол калмактарыбы. Бирок бу кийинки терме калмак кыргызга маалум, алардын төмөнкү Эдил-Жайыктан келгендиги да алардын азыр кайда тургандыгы да белгилүү. Бир күчтүү уруусу Тыргоот калмагы, азыр Цень-Зянь провинциясында Тияншандын чыгыш жагында Чоң жылдыз жайлоосунда жайлап, Тияншандын Үрүнжү Манас кара шаарга караштуу этектеринде кыштап жүрүүчү калмактар бул тек Тыргоот калмактары. Алайдан көчүрүлгөн калмактар. Түндүк Кыргызстан көп кыргын көрсөтүп, көчүрүлгөндөр. Иле өзөнүнүн башында Каш-Текес тармактарында туруучу Зуурган-Сүмүн (алты бурч), Намин-Сүмүн (сегиз бурч) калмактары. Булар күчтүү түндүк кыргыздарынан жана казактардан абдан көп кыргын көрүшүп, 2-3 проценти гана кытай жерине чыга калган. 1916-жылы кыргыздын кытайга эли Кунаска үрккөндө аларда түндүк кыргыздарды абдан жаман каршы алышкан. Казак кыргыздардын малдарын көрүнө талап же уурдап алышкан. Ал калмактар бул күнгө чейин ыйлаган баланы кыргызга беребиз деп же кыргыз келди деп коркутушкан экен. Кыргыздын эл адабиятында калмактар тууралуу материалдар толуп жатат. Макалдан баштап жомокторго «Манас», «Семетей» жомокторуна чейин толуп жатат.

Мисалы:

1. Алты сан жаткан ойротту.

Олоң (кызыл) Байыр кыз бузду, түндүк кыргыздардын макалы.

2. Кытайды урук бер да арыкка кой,

Калмакты казан бер да азыкка кой!

Бул Алай, Чоң Алай кыргыздарынын макалы. Белгилүү кытай дыйканчы эл. Калмак сүттөн казанга арак жасап ичүүчү эл. Калмактардын турмушун абдан жакындан билиши кыргыздын калмакка көп аралашканын көрсөтөт. Ошентип кыргызда эки жүз жылга чейин аралашып, достошуп, жоолошуп, келген калмактар менен 18-кылымдын башында эң кийинки урушта терме калмактар жеңилип, кытайга качат.

Эскертүү: Таластан калмактар эл айтуу боюнча 1750-жылдарда айдалган.

2. Ош областында 1730-жылдарда айдалган. Чон-Алайлыктар 1820-жылдарда айдалган. Бирок бул калмактар Торгоот калмактары 19-кылымдын башында кайра Алайга келет. Алайлык кыргыздар аларды дагы да айдап салат.

Кыргыз доору. Кыргыз эли Бухара тегерегинде 1550-1600-жылдарда болот. Келдибектин атасы Науруз Молдонун Бухаранын Көкүл таш медресесинде окуп жатканына караганда ушул жылдарга туура келет. Белгилүү Бухара ысык жер болгондуктан көчмөндүү элге анда туруууга болбойт. Ошол себептен кыргыздар Памирди көздөй жүрүп Гиссар тоосунда токтойт. 49-б.

### Калмак доору

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары*
*(Нокаттын)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Бул күндөгү ар бир эски коргонду калмактыкы дешип жүрүшөт. Мисалы, Кеңеш сельсовети Ворошилов колхозунда Төрт-Көл коргону же жер Жаркоргон деген бир коргон бар. Бул коргон 200 метр күн чыгыш жагы. 180 метр түндүк жагы. Коргондун түбүнүн кеңдиги 10 метр, бийиктиги 4-5 метр. Ал коргондун түштүк батышында 30-40 метр бийиктигинде буранасы бар. Аны арык менен оротуп алынган. Күн батыш жагы ачык. Бул коргон жасалып бүтпөсө керек. Коргон кытай системасында буруштарын бураналап салынган. Кыргыздар калмактан качып Исар Көлөпкө үч барыптыр. Бул калмактар абдан күчтүү болгон калмактар окшойт.

Ашууларда бийик тоо чокуларына жол боюндагы бийик жерлерге таш үйүлгөн. Ал таштар үйүлүп-үйүлүп чоң дөбө болгон. Себеби озгон-баргандын бардыгы да ошол дөбөгө таш салып өтөт. Эски арбактар, кудайлар кайра бир нерсе болуп туулганча ошондой бийик жерлерде чогулуп турушат имиш. Калмактардан калган таш төбөлөр Ноокаттын жол үстүндөгү бийик жерлерде толуп жатат. Калмактар өлүктөрүн ит, бөрүгө таштагандыктан аларда мазар-кабыр болбойт.

### Чагатай дөбөлөр

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары*
*(Нокаттын)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Ноокат району Кызыл тейт колхозунун түштүк батышында бир километр ырактыкта чагатай-дөбө деген эки дөбө бар. Анын кичик Чагатай дөбөсү 6-7 метр бийиктигинде, чоң чагатай дөбө 3-4 метр бийиктигинде, жери Янги-Ноокат сельсовети, Молотов

колхозуна караштуу. Белгилүү Чагатай Чыңгыз хандын Орто Азия менен Күн чыгыш Түркстанды (Кытайдын Цен-Зянь провинциясы) сураган уулу болот. Мунун атына өзбек тили мурун чагатай тили деп аталган. Жогоруда чагатай тилинен дар шаригат деген бир мурунку кол жазма китептин табылгандыгын көрсөтүп өттүм. 947-б.)

(48-б.) Бул мурунку калмактар суур жейт экен. Өлүктөрүн көмбөй, ит-куш жесин деп майлап таштап кетет экен. Буларга ваба (халира, чума) оорусу да пайда болуп, ошол оорудан абдан көп кырылат экен. Ошол катарда оорудан Чоң-Алайда турган чон багыштар да кырылат экен. Ушул ваба оорусу мурунку калмактарда да, чон багышта да абдан аз гана адам калат экен.

Казак доору. Ваба оорусу менен кырылган калмактардын ордуна казактар көчүп келип, алар менен бирге жана бир аз кыргыз көчүп келип ээлеп калат. Казактан эч бир тарых дарек калган жок. Кыргыз эл оозунан казактын Алайдан кеткенде арман кылып ырдаган бир эки жол арман ыры жүрөт. Ал ушу:

Ай көл ай, Боз бел ай,
Атаңдын көрү Көл-Бел ай.
Экинчи варианты:
Ай көл ай, Көк-Бел ай,
Атаны биздин Көл бел ай.

Көк-Бел Ноокаттын күн чыгыш жагында Алай району менен чектеш жер. Азыр анда Көк-Бел деген чоң мал совхозу бар. Ай-Көл Ош районунда Бооз-Бел Янги-Ноокатта казактар тууралуу башка маалумат жок. Бирок эл адабиятында казактарга каршы душмандык сезилет. Мисалы, «Жалайыр» жомогунда Жалайыр баатыр казактар тарабынан өлтүрүлөт. Белгилүү түштүк кыргыздар башка жерлерде дагы өзүнүн узак маршруттарында казактар менен менен көп кезигишкен.

## Кыргыздын ислам динин алышы

*Инв.(322)119*
*Айткан: Арык Термечиков*
*Жазган Ыбрайым Абдыракманов*
*Кочкордо 1944-жыл, июнь – октябрь*

Кыргыздар ислам динин кайсы кылымдарда жана кандайча болуп алгандыктары ушу күнгө чейин ачык белгилүү эмес. Бирок мусулман болуп келгендиктери анык. Кыргыздын көп жашаган карылары жана көптү көргөн көрүп, биз көп билебиз деген кишилеринен бул динди качан жана кандайча алгандыкты сурамжылаганда түшүнүктүү канааттарлык жооп бере алышпайт. «Башынан эле ислам динин алып мусулман болуп келген кыргыз» дешет. Манас эпосун текшерип караганда дин анчалык рол ойнобостон кайрат баатырдык, акыл, күчтүү рол ойнойт, дин анчейин эле ооз жүзүндө кала берет. Чындап текшерип каралганда кыргыз эли динден эң эле коомай тургандыгы анык болуп турат. Менин пикиримде мындай демекчи болом: Күчүмдөн үрккөн кыргыз уруулары Букара аймагына барганда ислам динин билбей эле баргандыктары чындыктай көрүнөт, анткени – батыш Сибирге хан болуп отургандан кийин андагы майда урууларды бир баштан ислам динине кыргыз киргендиги ачык көрүнөт. Күчүм Букара менен тыгыз байланыш жасап, Букарадан Эшен молдолорду үзүксүз чакыртып алат дин үйрөттүрөт.

Жеринен ооп, кулаганынан үркүп барган кыргыздар да ошол учурда ислам динин алышы тийиш. Парган Букарада ислам дини VIII кылымда эле арап өкмөтү убагында эле, шаарларда ислам дини орной баштап, бул XVI кылымдарда ислам дини жедеп нак орун алып калган жана чагатай жана фарсы, арап тилдеринде толгон дини китептер чыгып келген болот. Батыш Сибирден үркүп, ата мекенден ажырап карайлап барган кыргызды ислам динине кирбесеңер

биздин жерге туруугa болбойт деп кыса баштаганда, кыргыздар аргасыз баштагы ата-бабаларынан бери колдонуп келген үрп-адат жана заңыттарын таштап жиберип тез эле ислам динин ала койсо керек. Күчүмдүн да Букарадан молдолор чакыртып алып, батыш Сибирдеги урууларга ислам динин таратып жаткандыгы да, бул ооп барган кыргыздарга анык билингендир. Азыркы манасчылардын жомокторунда кай бир орду келген жерлерде динге байланыштуу кудай пайгамбар жана башка дини сөздөрдү айтып коюшат. Каргануулары болсо мындай:

«Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Ак бараңдын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун.
Ашуусу бийик тоо урсун,
Агыны катуу суу урсун;
Ата-бабанын арбагы урсун!
Туз урсун» жана башкалар....

Манас жомогундагы дин сөздөрүндө албетте өзүбек молдолору заказ берип киргизсе керек, болбосо жомокчулардын сөздөрүн айтпастан нагыз эле жомоктун өзүн айтуулары тийиш. Текшерип каралганда, кийин кыргыздар Кокон хандыгына баш ийип, андан россия падышылыгына колония болгон убактарда гана дин өрчүп кыргыздарга тарап, Мекеге баруучулар көбөйүп кеткендиктери анык иш. Ошондо да кыргыздар динден кыйла коомай тургандыгын толуп жаткан фактилер көргөзө алат. Кыргыз элине дин абдан сиңип орун алып кетпегендигине көчмөндүк турмуш да себеп болгон. Кыргыздар белгилүү шаарлардан ыраак болуп тоолордо жабайы жашап турган кыргыздарды аралап эшен, кожо, молдолор келип ислам динине үгүттөп, ооруларды эмдеп-демдеп, тумар жазып берип, бал ачып жүргөндөрүндө, кыргыздар да ислам динин алып мусулман болуп, эшен, кожо, молдолорду эң артык сыйлап мал, дүнүйөлөрдү көп берип узатып туруугa тийиш.

Кыргызды аралап келген эшен, кожо, молдолорда, шаар калкына кыргыздарда мактап барууга керек, меймандос, берешен, элпек калк эл экен деп. Кыргыздар, эшен, кожо, молдолорду кайтарып жибергенден кийин диндин шарттарын колдонбостон, байыртан бери колдонуп келе жаткан заң – үрп-адаттарынан ажырабастан эле колдоно берет. Бул дин өзүбек жана уйгурдун эшендери кыргыздарга ар жылы келип турган.

Улуу Манасчы Сагымбайдын айткан «Манасын» мен 1922-жылдан баштап жазып, 1926-жылы 400 басма табакка бүт жазып бүтүргөнмүн. Сагымбай эң күчтүү акын эле «Манас», «Семетей», жомогунан башка да толуп жаткан ар түрдүү сырлар, жөө жомоктор аны менен катар ар кайсыларды эң көп билген киши эле. Сагымбай эски молдолордун эң көп биле тургандары менен да көп аралашып, айткандарын калтырбастан бүт айтар эле. Сагымбай, кыргыз тууралуу да эң көп сөздөр жана жөө жомокторду эң көп айтар эле. Сагымбай «Кыргыздар өздөрүнүн ким экендиктеринин бир да билишпейт кыргыздар байыркы улуу элден болуп, Алтай, Каңгай, Бар-Көл, Тур-Көл, Ит ичпестин-Ала-Көл жактарында туруп, уйтүгүндөй кытайларга кыргыздан башка ким каш кайтарган экен! Ар түрдүү душмандардан жепсөөрүндөрүнүн астында калат отуруп араң эле сүлдөрү калган учурунда, ал эле эми бүтүндөй жок болорунда, таалайга жараша Совет чыгып жаны калды го! дечү эле. Сагымбайдын 3-бөлүм «Манасынын» баш жагында мындай дейт:

«Бабабыз экен Кара хан,
Баары Яфис балдары,
Күн чыгышка тараган.
«малдуулар малсың жайы, - деп,
Бакырлар аштык айда» - деп.
Алынча хан атабыз,
Адамын эки бөлүптүр,
Ал адамдар баарысы,
Айтканына көнүптүр.
Малдуусу кырга калыптыр,

Бакырлар калаа салыптыр.
«Кырда калды малдуу» - деп
Кылымга маалым ушул кеп.
Байгуратка конуптур,
Барган сайын дүркүрөп,
Бар дүйнөсү толуптур.
Улуу тоого таянып,
Чөптүү жерге жайылат.
Кырдагы угуз балдары,
Төрт түлүк мал балдары.
Уй, жылкы, төө барларын,
Урматтап күтүп малдарын.
Төлдөтүп багып койлорун,
Бакырларга бериптир,
Чөл-биябан ойлорун,
Бакырлар барып муюшуп,
Ондон, бештен уюшуп.
Топурак, жыгач үй кылып,
Тобуна бирин бий кылып,
Калдайтып кала салыптыр,
Уюшуп шаар салгандан,
Уйгур атка калыптыр»

Сагымбайдын айтуусунда, «Угуз хандан 50 уулу болуп, кырка мал чарба күтүп кырда жашап, онунун тукуму уюшуп калаа салып, эгин эгишкендиктен уйгур аталып мал багып кырда калгандары кыр угуз аталып, бара-бара кыргыз атына өткөн» дейт. Тоголок Молдонун «Манасында» да мындай дейт:

«Түп атабыз Угуз хан, Угуз хандан кыргыз хан» деп.

Мен өзүм да бала кезимде көп сөз сүйлөгөн абышкалардын бир тобун көрүп, сөздөрүн көп уккамын, бирок уккандарды бекерге кетирбестен эсиме нак тутуп сактап жана кат сабаздыгымды жойгондон баштап жазып алып алып да жүргөмүн. Абышкаларын, кемпирлер, Алтай, Каңгай, Ит ичпестин-Ала-Көлдөрдү тамшанып, көп жөө жомокторду ошолорго негиз деп айтар эле.

Осмонаалы молдонун «Кыргызя» деген китебинде да, кыргыз деген сөз, кыр кезгендер деп жазган.

Кыргыздар тууралуу башка элдерда билгендерин айтышат.

1) Өзүбектердин Шайык Мансур деген олуя деп жүргөнү мындай дейт. «Араптарда, Аналхак, Маналхак, деген эки олуя болгон экен. Хак деген алланын аты болот. «Сен өзүңдү өзүң аллага, кудайга теңедиң» деп, ошол элдин ханы олуяны тирүүлөй отко өрттөтүп күлүн дарыяга салып агызып жиберген.

2) Мухамметтин Саабаларынан Акеше андан Шайык Мансур анедан Кунсуп андан Жусуп, мунун зайыбынан боюнда болгон учурда, чыгыш жактан 97 үйлүк калмак көчүп келет. Кайдан келдиңер деп сураганда, алар айтат:

Алтай тоонун арал жагынан 18 күндүк жерден көчүп келе жатабыз кыргыз деген калмак болобуз дейт.

Жусуптун зайыбы эркек төрөдү, бул баланын атын да кыргыз койду.

Кыргыздан Ногой аттуу бир бала болду. Ногайдан Нойгут, Кайыган, Кайчак, ....

## Уруулардын бөлүнүшү

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Бул тарых атабыз Түрктөн баштап кыргыз элин айрым кылып ажыратып чыгат. Тарых билүүчү окуучуларга эскерме.

*Байымбет, 1920-жыл*

Тарых билүүгө адам керек. Аны интизарлуу окупбилип, үйрөнүп алса, өзүнүн кайдан келгенин, кай түрлүү калк экенин, таратылыштан бери дайындап билип алат. Тарых билбеген адам, нени билет?

Бул себептен барасаттуу адам баласына тарых билмек бек пайдалуу. О керектүү жумуш.

...Даражалуу атабыз Ноо байгамбардын үчүнчү баласы Жапистин уулу – Түрк. Бул Түрктүн жыйырма сегиз уулу болгон. Бүт түрк балдары, Түрктөн таралып, Алтайдан, аягы Түркстанга чейин туруп, өнүп-өскөй. Бул жерлер түрк жердеп. турган себептен Түркстан деген атак коюлган. Раматлик Түрк атабыздын алтындай Жасаты атагы дайын айтылуу Көркүлдө калган. Бул кезде Көркүл атагы калып, Ысык-Көл аталган.

Эми Түрктүн өзүнөн тартып кан болгон балдарынын аттары: Түрк, анын уулу Түтеккан, анын уулу Элчикан, анын уулу Бококан, анын уулу Кийиккан, анын уулу Алынчакан. Бул Алынчакандын эки уулу: Татар, Монгол болгон. Татарлар өзүнчө тата деген атак алып кеткен. Булардын тукуму Казан, Газали, Булгари, Кара Өткөл, Кызылжар, Семей деген жерлерден орун алган.

Түрктүн сегизинчи муундагы тукуму Угузкан. Угузкан атактуу кан болгон. Угузкандын уулдары Бурут, Бурат, Кыргыз. Бураттын уулу Мок. Моктун тукуму айтылуу кара калмактар. Буруттан эки уул: Оуйгур, Байгур. Оуйгурдан үч уул болгон. Аңгирия, Бицгирия, Чанту. Ангирия, Бицгирия Рум түркүнө жамынып кеткен. Бул кезде Бицгирия атак алып өзүнчө турат. Эми Кыргызкан баяндалат. Бул Кыргызкан бүтүн түрккө атактуу адилеттүү кан болгон. Өз заманында бир күнү салтанаттуу тактысында отуруп, көңүлүнө бикир түштү: «Атам Түрктөн тартып өзүмө чейин сегиз ата кан болду. Өзүм менен тогуз кан болду. Бул тогуз кандыкты куттуктап той берем» деп калкын жыйып кеңеш кылып, чоң той берди.

Тойдо тамаша, мөрөйдү арбын кылды. Күрөш, эңиш, эр сайыш, ар түрдүү мөрөй кылды. Ар кандай мөрөйгө тогуз малдан берди. Бул Кыргызкандын берген салтанаттуу тоюнун мөрөйлөрү, той тамашасы, тогуздан берген нускасы, биздин түрк баласына нуска, көбүнчө биздин кыргыз элине расим, нарк

болуп калды. Кудалык, достук же айып жана башка бирөөгө мал берсе тогуз малды берет.

Экинчи маселе кыргыз балдарынын сыпаты. Кыргыз эли мындан мурун 2700 жыл чамасында дайындуу. Кыргыз эли деп салтанат, салты дайын болуп келген. Кыргыз туулуп, өнүп-өскөн жерлери Казан-Көл, Ак дениз боюнда, Алтай тоолорунун арасында. Оркон дарыясынын боюнда, Эртыш дарыясынын өрөөнүндө жана Эртыш, Оркондун ортосунда Шапшак деген жерде турган. Өзүлөрү үйлүү көчмөн калк болгон. Баккан мал чарбасы көп болгон. Жылкы малдары чаар жана ала келген. Ала жылкылуу, ак калпактуу кыргыз деп атак алып турган. Ал убакта монголду Түрк ынтымагын кетирбей колуна кармап турган. Жана жигиттери, келин-кыздары эркин эле. Кыз, келиндердин ырдаган ырлары мындай:

Ак теңиз, Алтай боюнда,
Күндө жыргал тоюндан.
Күнү-түнү көп ойноп,
Таркабайт кумар оюндан.
Жердебей турган жер бекен?
Шапшактын башы шамалкөй,
Шаары жок боз үйлүү.
Түркта кыргыз амалкөй,
Той тамаша толкунда,
Толуп жатат ар жерде.
Токмок салды, кыз оюн,
Болуп жатат ар жерде.

Ал убактыда Кыргызкандын ордун баскан өз насилинен атактуу кандары болгон. Соноркан, анын уулу Олчоңкан, анын уулу Жоокачты кан, анын уулу Басалгалу Баатыркан деген. Бул Баатыркан өз заманында чексиз баатыр адам болгон.

Кыргыз өскөндүктөн, далай жерлерге кол созууга көңүл кылган. Ал кездеги элдин көбү көчмөн эле. Мына Истампулдагы атактуу түрктөр ошол Алтайда турган. Бул убактыда Осмония атак алган эски түрктөр дагы Алтайдан келген. Жана калың татар,

казак, кыргыз, каңгүн, калмак, байкор, уйгур, тажик, түркмөн, бүтүн түрк балдары Казан-Көлдөн тартып, Алтай, Тянь-Шань тоолорун бүтүн ээлеп турган. Ал кезде бүтүн түрк балдарынын бакканы чарба мал, жарактары мылтык, жаа, саадак, атканы бугу, марал, аркар, кулжа, эчки, теке жана башка аң болгон.

Кыргыз эли ошол толуп турган убактысында үч жүз жыл кандык доорун сүрүп өткөргөн. Кандары мамлекеттен мамлекетке өкүмүн жүргүзгөн. Бул элден кандык өксө болгон эмес. Бул үч жүз жылдын ичинде кыргыз душманын басып алган. Бастырган эмес. Кыргыз эли өзүлөрү бай, өлкөсү кең эл келген. Эл ичиндеги карып, мискин, жетим, жесирге кайрымдуу, ырайымдуу эл болгон. Ошол кездеги кыргыздын жигиттери өрттөн кайтпаган, жоодон качпаган баатыр эле. Карылары нарк, санат сүйлөгөн акылдуу даанышман болгон. Аялдары адептүү билгич эле. Келиндери кенен өсүп, кенен басып, келбеттүү болгон. Кыздары кымбат кийимдерди кийип, эрки менен жүрүп, өздөрү сулуу, сөздөрү жылуу болгон. Кыз кийбесе уят деп, бар тапканын кызга кийгизген. Кыргыз эли Алтайда турганда өзүлөрү тың, жарагы чың болгон.

Жоо-жарактарды мындай күткөн:

Башына туулга деген темир кийген. Үстүнө кийгени тор темирден торгой көз бадана соот болгон. Чыканактан тартып колдорунда карыпжын деген темир болгон. Көкүрөгүн кармаган чарайна деген, белин бекиткен белдемчи кыяк деген темир жарактары болгои. Бул жарактардын сыртында душман аткан окту тосо турган темирден калканы болгон. Бул жоо-жарактарын кийип, топчуланып, үпчүлөнүп, кандай каршылашкан душманга киргенде да качкан эмес. Бул кыргыз эли башкүндөн эле баатырлык атак алып келген. Жоо-жарак, шайман куралы жок адамды адам санында көргөн эмес. Жараксыз жигиттен кайраттуу катын жакшы деген.

Кыргыз элинин баатырлыгы түрүлгөн түмөн түрккө, ойрот, тыргоот, каңкан, какан, чынга чейин дайындуу болгон. Бул Кыргызканды Кытай Какаткан дейт. Кыргызды да Какаждар дейт. Какаждар деген себеби: Кытай журтунда «рэ» деген тамганы сүйлөбөйт, (бул «рэ» тамга кьггайда жок). Ал себептен кыргызды бүгүндө дагы «какаж» дейт.

Алтай тоосунда атактуу баш жагында Жунгария деген жери бар. Аяк жагында Инизей деген жер бар. Бул Жунгария Каракалмак, каңгүңдүн турган жерлери. Жана Йнизей деген жер. Сөз жүзүндө тилден тайгылып жүрөт.

«Инизей» эмес. Бул Ээнсай деген жер. Кадимден кыргыздын кандары ордо кылып, орун алып турган кенен жер.

Баатыр Манастын атасы бай Жакып орун алып, өрүш кылып, мал төлдөтүп, көбөйткөн жер. Жана баатыр туулган жер. Манас балачагында ойноп, жыргап, дуулдаган жер. Энесай эмес, Ээнсай деген жер.

Эми мурунку түрктөрдүн сөзү келет.

Бул түрк балдары Алтайда турганда өзүлөрү малга мас болуп, үч жүз жыл кандык доорун сүрүп, асилет жоо, жарагы бүт болуп, бүтүн түрк баласы көпкөндүктөн элирип, бүтүн дүнүйө жүзүнө кол созгусу келген. Баарысы баш кошуп, маслакат кылган. Эртиш дарыясынын боюнда Жыргал-Сай, Талды-Суу деген жерде, бул убактагы каны узун бойлуу, терең ойлуу Байтык кан деген кан болгон.

Бул Байтык кан кыргыз уругунан болгон журт жайылып келгенден кийин көпчүлүк журтка насыят айткан: «Бул мажилиске келгеи каның, бегиң, караң, төрөң, кары-жашың уккула. Бул алакандай Алтайды менден талашпагыла. Барыңар өнүп-өсүп көбөйдүңөр. Жер боору жазы эмеспи. Ар кимиңер ар жерден каалап, тандап жер алгыла. Бул жер деген баладан балага калган мүлк болот. Алакандай Алтайга жамынып туруп оокатыбыз кантип өтөт? Татарлар, силер дагы түрктүн бир уругунан арбын элсиңер.

Мына Исекиптер, силер дагы кадимден бери атактуу эски түрксүңөр. Бул кезде бүтүн түрк баласына дөөлөт келип турган кези. Эринчектик кылбай, жер менен чоң казына болот. Балдарыңарга казына, мүлк калсын. Жалпы түрк балдары, жалпы баарыңарга айтам. Урум, Кайсар, Константин, Опол деген жер, Исекиптер, сенин жериң эмес беле. Азыр бул күндө ошол жерди Арабдар келип жердеп турат дейт. Бул арабдар жер ээн жатса жердебейби? Бирөөнүн жеринде немене акысы бар? Барганда өзү эле чыга берет. Менин бул айткан насыятым силерге жактыбы? Же жаккан жокпу?» деп Байтык кан айтып өттү.

Бул насыйкат бары журтка жакты. Татарлар, Исекиптер көпчүлүк журтка ажыраш аяк кылып, чоң той берип, Эртиш дарыясын бойлоп көчүп калды. Келип ээ болгон жерлерин, башка элден ажыратып алып, орундап жатып калды.

Бул «искин» деген сөз. «Эски түрк» деген сөз. Булар эски түрк атак алып, орун басып калды.

Урум, Кайсар, Ыстампул, Константин, Опол деген жерлерге ээ болуп, түрктүн атагын чыгарып, атактуу кан болуп калипа, султан деп атак алып, айтылуу чоң кандар катарында болду.

Эми өзүбек, тажик, түркмөн, кыргыз, калмактын айырымы айтылат;

Алтайда өзүбек, тажик, кыргыз, калмак деген эл болгон. Дайындуу алты жерде атактуу көлү болгон. Алтайдын башында Сонор-Көл деген көл бар. Экинчи, ортосунда Көкөндөр деген чоң көл бар. Үчүнчү, Ит ичпестин Алакөл деген көл бар. Төртүнчү, Ысык-Көл. Бешинчи, Соң-Көл. Алтынчы, Чатыркөл деген көл болгон. Жердеген калың кыргыз эл болгон. Ал кезде калмак-түрк атагын бузбай аралаш турган. Жыргалдуу Алтайды жердеп турган. Атканы аң, агытканы тайган, салганы бүркүт, куш, чапканы күлүк, мингени жорго болуп эркин жыргап турду. Бул арада, бир нече жылдар өттү. Кандык кыргыздын колунда болду. Калмакка кандык берген жок.

Ошондуктан калмак менен кыргыздын арасына араздык түшүп, калмак чегин бөлө баштады. «Баарыбыз тең тууган болсок, теңдүү оокат кылабыз» деп чыкты.

Ал кезде кыргыздын каны Алпаркан деген киши эле. Калмактын башчысы баатыр Дорбун деген киши эле. Дорбун бул таарынчы менен Моктун иретин бөлүн, кытай канына арызданып, кыргыздан бөлүнүп кетти. Бөлүнгөндөн кийин тынч турбай, кыргызга асыла баштады. Тилине тилин, дилине дилин кошуп, Моктун сөзү кытай канына кабыл болуп, «кет түрк тууганыңа» деп кыргызды Алтайдан айдап чыгарды. Кыргыз келип Ала-Тоону жамынып; Алтайды сагынып, башы Жаргент, Челекте, аягы Ызар, Көлөптү орундап туруп калды.

Ага чейин башкарар адамы жок болуп, кыргыздын эрки кетип эндиреп калды. Ал кезде кытайлар Түркстандын жерине кызыгып, эндиреп турган кыргыз, казакты, кытайлар Алтайга айдап барып, иштен калтырып, өзүлөрүн ар жерге таратып бөлүп-бөлүп жиберди. Түркстанды бүтүн кытай ээлеп алды. Бүтүн Түркстанга кытайдан улук койду.

Анжияндын атагы башында Баргана эле. Буга Андажал деген кызды улук койду. Кыздын атынан Андажан аталып калды.

Кокон шаарын жактырып чон баа берип, экинчи Какан деп Бежинге баалап атак койду.

Наманген шаарынын аты мурун Төрө-Коргон эле. Буга Наманкан деген киши улук болуп, бу шаар Наманкан аталып калды.

Кожант деген шаар башында Улуу-Кент деген шаар эле. Муну жактырып Коожант деген атак койду. «Коо» деген сөз кытай тилинде, жакшы деген сөз. Муну жакшы шаар деп атак койду.

Бу жерди бүтүн ээлеп алып туруп, айтылуу Алooканды баш кылып, кырк миң үйлүү кытай жиберди. Бул жерге бир нече жыл кытайлар ээ болуп турду. Акыры ошол кезде баатыр Манас Алтайда туулуп эр

жетип, баатырлык кайратын аябай, кытайды сүрүп айдап чыгарып, бүтүн Түркстанды түрк балдарына бошотуп берди.

Ал убактагы кыргыздар дайындуу бир нече урукка бөлүнгөн. Мисалы, Эсбет, Досбут, Эштек, Жедигер, Кыпчак, Катаган, Өзүбек, Тажик, Түркмөн, Сайрак, Нуркунан. Бул кезде Түркстан кыргызында эл баккан баатырлары да мыкты болгон.

1. Эсбет деген элден Күйүкдү деген чыккан. Ташкенге кан болуп, Талас, Чүйдү жердеп турган. «Таластын башы Суусамыр, суусаган эрге жолуксун» деген макал ошол Күйүкдүдөн калган. Күйүкдүкандын уулу Жамгырчыкан, анын уулу айтылуу Көкөтөй кан, анын уулу Бокмурун.

Көкөтөй Ташкенге орун басып, атактуу кан болгон, анын акылман чечени Байдын уулу Баймурза деген киши болгон.

2. Досбут деген элден алтын көкүл, кер көкүл кандын уулу, жоокери Көкбөрү, Көкбөрү байдан Көккоён, Султан жана чечен Шыбырчечен. Өзү сүйлөңкү, тартынбаган чечен киши эле.

3. Эштек деген элден Жамгырчы деген болгон. «Эштектердин Жамгырчы, Эрдигин Эштек даң кылчу» деп атыгып чыккан.

4. Кыпчак деген элден, тору кыпчактан Сарбантаздын уулу Үрпү баатыр чыккан. Жана Дөкү-кыпчактан айтылуу Эламандын Эр Төштүк чыккан.

5. Катаган деген элден айтылуу баатыр абаң кан Кошой чыккан. Элетенбайдын уулу Эр Агыш чыккан. Кулетенбайдын уулу Куу Койоли чыккан.

6. Өзүбектен Санчыбек чыккан. «Анжыянда Санчыбек, атпай журту өзүбек, кошоматчы бепилдеп, кобураган сөзү көп» деп атыгып чыккан.

7. Нуркунан деген элден баатыры Манас, чечени Байжигит, акылман карыясы Бакай, жообөрүсү Серек, жолборсу Сыргак, акылманы Ажыбай, беги Кутунай, берени Чубак, кырааны Алмамбет болгон.

8. Жедигер деген эл Ысык-Көлдүн башында, Кызыл-Кыя, Санташ, Түп, Жыргалаң деген жерде турган. Жедигердин Эр Бакыш деген баатыры болгон.

9. Тажик деген элде, Самарканда Шамурат деген каны болгон.

10. Түркмөн деген элде, айтылуу Амыркан деген каны болгон.

11. Сыр дарыяньш боюндагы Сайрак деген элде Турсункан деген каны болгон. Булар тоо-таштарда көчүп жүргөн көчмөн эл болгон.

Булар баарысы Манастын амырында, Манаска байланган эл болгон. Бактылуу эрдин жолдошу жана кыргыз элдеринин коргону болгон.

Чыңгыз кандын заманына чейин, Манастын тукумунан носурат кайтканча бул эл бек кубаттуу турган. Ал ацгыча заман которулуп, Семетей өлүп, Сейтек жетим калып, Канчоро менен Кыястан азыраак кордук көргөн.

Сейтектин уулу Кенендин убактысында калган кыргызды Кенен баштап алып Ыстампул түркүнө жамынып кеткен. Бул кезде Жийделү-байсын-Сынап-Курт деген жерде баатыр кыргыз атак алып, өзүлөрүнчө кароол болуп турат. Алман, зекетин Ыстампулдун канына берет.

Жана Катаган уругу Оогандын канына карап кеткен кара калкан Кундус деген жерде турат.

Кыргыз түбүнөн көп эл эле. Муну Чыңгызкан бүлдүрүп жоготту. Калганын Чыңгызкан айдап барып, эл четине, жоо бетине чеп кылып токтотуп койгон. Ак-Теңиз, Оркон, Каракалкан, Шарпылдак деген жерде өзүлөрү чарба, көчмөн болуп турат. Булар дагы кыргыз атагын колунан кетирбейт.

Кыргызды башында Чыңгызкан амал менен караткан. Ырыска тогуз шумкар тартуу алып барган. Тогуз шумкарды Ырыска берген.

Ырыс ага, бул шумкарлар сизге тартуу кылып бергеним. Мага жол ачып бергин. Күн батыш тарабына казат сапарын кылып чыктым. Буяктагы элди каратып алсам, Ырыс-Чыңгыз болуп жыргап жатабыз деди.

Бул сөзгө Ырыс алданып, Чыңгызканга жол ачып берди.

Чыңгыз аскерге бүтүн кыргызды айдап алды. Ар жердеги согушка салды. Өлүп, кырылып, коромжу болду. Чыңгыз бул күн батар жактагы элди каратып алгандан кийин бул амалды кылды.

Өзүнүн төрт уулу болгон: Жуучу, Чагадай, Октой, Толо деген. Жана сегиз убазири болгон: Соботой, Кулкөтөй, Куубелек, Күлжүрек, Каражар, Өгүзкүлдүр, Келеңгер деген.

Жуучу деген уулун татарга кан кылды. Чагадай деген уулун Кырым, Капказга кан кылды. Октой деген уулун Коконго кан кылды. Өзүбек, тажикти колуна тапшырды. Толо деген уулун өз колуна алып, Алтайдын Бабута деген жерине Токуй деген шаар салып, такты куруп, сурак кылып жатты.

Эми Чыңгыздын максаты Пежинди алмакта. Мунда дагы кыргыздын калган-катканын, Ырысты баш кылып айдап алып барып, кытай чегине койду.

Ырыстын иниси Долон жана Сабатайдын иниси Муратай экөө айдалып бара жатып кеңеш кылды.

«Бу Ырыстын ырысы ченелди. Бул Чыңгыздан бизге жакшылык келбейт. Эми биз, өз жаныбыздын камын кылалык» деп бул экөө айдоо-байлоодон кутулуп, кайра качып, нечен күн жол басып, Анжыян жактагы Азирети Айыптын тоосуна келди. Долон бул жерге токтоп калды.

Муратай: «Мен бул жерге турбаймын. Кулак уккус, көз көргүс жерге кетемин» деп качып, Кожонт шаарына барды.

Кожонтко кан болгон Чыңгыздын Октой деген уулун кыпчак Эрданекан өлтүрүп, «бул кытайдын кордугу бизге далай өткөн», деп Кожонтко уруп-басып кан болгон экен. Бир уулу, бир кызы бар экен. Уулунун аты Эреше, кызынын аты Мания.

Бир аз жылда Эрданекан өлүп, ордуна Эреше кан болду. Муратай Эрешеканга увазир болду. Өзү билгич, акылман адам эле. Ар кандай кызматка айттырбай жакты.

Эрешекан карындашы Манияны Муратайга чоң той кылып, никелеп алып берди. Муратайдын асли түбү Сайрак деген кыргыздын уругунан эле. Муратайдан Мания бир уул тууду, атын Пайыз койду. Жана бир кыз тууду, атын Айымкан койду. Бул балдарды туугандан кийин каза жетип Муратай өлдү. Пайыз эр жеткенче энеси Манияны кыргыз наркы менен Пайыздын иниси Карек деген алды. (Карек Пайыздын иниси болбосо керек, анткени өз энесин өзү алабы?) Карек өзү окумуштуу, чоң молдо киши. Коректен төрт уул туулду. Улуусу Абырайым, анан Сыдык, Жусуп, Шакир. Пайыз бикир кылып, бул арада энеси Маниянын Карекке тийгенин жактырбай, көзүнө салкын көрүнүп, энесине да ыраазы болбой жүрдү.

Ал аңгыча бир катар заман которулуп, Долонбай дагы дүйнөдөн көчтү. Иш Агул, Губулга калды. Анын балдары Адигине, Тагайга калды. Долон бий өзү акылдуу, кенен пейил адам болгон. Анжыян, Кокондун кабат-кабат шаарларына Арканын Ала-Тоосунун атыр жыттуу көк ала майдан, бир колотун бербеймин деп, мал чарба менен, Ала-Тоону аралап көчүп жүрүп өттү, маркум атабыз Долонбийдин алтындай жазаты (мүрдөсүгө) Кочкор, Нарындын ортосунда Долондун бели деген жерге коюлган. Бул Долон аталып калган.

Долонбий кытайдын туткунунан качып келгенде бир кызга кайындаган. Бул кыздын боюна бала бүтүп уул тапкан. Долонбий «кыз колуктум уул тууду. Кыздан тууган балам, кыз Моңмош болсун» деп атын Моңмош койгон.

Мурунку байбичеси эки уул тапкан. Булардын биринин аты Агул, биринин атын Губул койгон. Бул балдар эр жегкенде, Долонбийдин ордуна бий болобуз деп, калк ичинде бийлик талашкан. Калк муну ажырата алган эмес. «Биздин наркыбызда улуу баласы атасынын ордун басып бий болчу эле. Кичүү баласы казына, мал, мүлккө ээ болчу эле. Мунун улуусу кимиси, кичүүсү кимиси экенин кайдан

билебиз? Экөөнүн улуу, кичүүсүн энеси билет» деп энесинен сурады.

Анда энеси калкка айтты: Эки баламды эгиз төрөдүм. Агулду мурун төрөдүм. Бул оң бөйрөгүмдө жаткан бала экен. Дүнүйөнүн жарыгын Агул мурун көрдү. Жана Губулду төрөдүм. Сол бөйрөгүм бошоду. Дүнүйөнүн жарыкчылыгын Губул кийин көрдү деди. Көпчүлүк акыйкат жеринен, энеси чын айтты деп бийлик даражаны Агулга берди. Башка мал-мүлк Губулга тийди. Агулдан эки уул болду: Адигине, Тагай. Бул Адигине уруусу бир канча көп эле. Уруктары дагы арбын. Агулдун балалары оң жагымда жатты дегенден оң аталып калды. Губулдун балалары сол жагымда жатты дегенден сол аталып калды.

Эми Губулдун алты уулуна келели:

1. Асыгалы. 2. Каңдабас. 3. Пичене. 4. Килет. 5. Кулансарык 6. Сапарбай. Асыгалыдан Чоңбагыш деген эл. Кашкар тоолорунда турат.

Каңдабастан Кутчу. Булар дагы көп эл. Таласта, Анжиянда, Кашкарда, чачкын.

Пиченеден Саруу деген эл. Көбү Таласта.

Килеттен Мундус деген эл, булар дагы Таласта, Анжыянда, калгандары ар элде чачкын турат.

Кулансарыкта Тентек Акмат, Телкул деген эки уул болгон. Булар түбүнөн сөзгө келбеген өкүм, кежир эл болгон, бири-бирине баш берген эмес. Бул себептен башсыз аталып кеткен. Бул басыз деген эл ошол уруктан.

Сапарбайдан тукум калган эмес. Кулансарык, Сапарбай экөө бир тууган. Кулансарыктын жалгыз кула байталы болгон. Сапарбайдын миң жылкысы болгон. Сапарбай көп жылкыны Кулансарыктын жалгыз кула байталын контуктап минип баккан. Эл ичинде «Сапарбайдын сан жылкысы көзүнө көрүнбөй, Кулансарыктын Кулабайталын контуктап минип жылкысын баккан» деген ылакап ошондон калган. Кашкар жакта жүргөн жери «Кулансарык, Сапарбай» деп жерге атак болуп калган.

Эми Адигине балдарын айталы. Адигине балдары көп урукка бөлүнөт. Бул элдин уруктары арбын. Адигине уругунан мыкты, элге пайдалуу кулачын жайып, эл баккан азаматтар көп чыккан. Өзүбек менен эрегиш ачып, «Кудаяркан ит багар, итин баксын. Бул эл бага албайт» деп Кокондун ордосунан айдап чыккан баатырлары болгон. Бир нече күн шаардан адам чыгарбай камап жаткан күндөрү болгон. Бүтүн кыпчак баласын кыргыз уругуна тартып колуна алган. Бул баатырлар Баргы деген уруктан. Кудаярканды Кокондон айдап чыгып кан болуп, кандык даражага баш берген айтылуу Алымбек, Парманажы, Карабагыш деген элден Койчу датка. Теңизбай деген элден Шапаке датка жана Дубана датка, Кыдыр ордачы. Жана Кыпчак деген элден Молдо Алымкул. Булар Коконду камап алып, Кокон шаарына жан киргизбей койгон күндөрү болгон. Өзүбектин балдары мындай деп ыр чыгарган:

Ичкенибиз жарма ашы,
Жегенимиз музоо көши,
«Баатыр кыргыз» деп койсо,
Качканымыз базар башы.

Эми уруктары айтылат: Баргы, Кара баргы, Сары баргы, Таз баргы, Кара багыш, Түлөйкө, Теңизбай, Тасма, Бостон, Баштык, Бөрү, Жору, Үзүлдү – он үч урукка бөлүнөт. Бул эл Өзгөн, Ош, Арабан, Ноокат деген жерде. Алай тоосуна жамынып турат.

Эми Тагай балдары айтылат: Тагай бийден үч уул болгон. Оросбакты, Дөлөс, Карачоро. Оросбактынын эки уулу болгон: Багыш, Көкүм деген. Бул багыш уругу кыргызда көп эл. «Кыргызда багыш көп. Казакта Жаныш көп» деп атак алган.

Бул багыш уруктары Өзгөндө, Намангендин айланасы бүт багыш. Жана Таласта дагы багыш көп. Көкүрөк Чангент деген жерлерде да турат. Жана Солто ичинде да көп багыш бар. Жана Кара Чоро балдары багыш менен бирге турат. Жалпы Багыш «Жанкорозбуз» деп атак алып, Талас, Анжыйанда.

Эми Дөөлес балдары айтылат. Дөөлөстүн өзүнөн үч уул болгон. Богорстан, Койлон, Сарыбагыш. Сарыбагыштын мойну оң жагына кыйшык эле. Ошондуктан Сарыбагыш дебей Кылжыр аталып кеткен. Богорстондон Солто, Койлондон Жедигер. Анжыйан тарапта турат, Кылжырдан Бугу, Сарыбагыш. Булар ар урукка бөлүнөт. Дайындуу болуп өз ордунда.

### Кыргыз ичиндеги башка уруулар

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Күнтуудан туулган Төлөк баатыр кечээ казак кайың саап, кыргыз Ысарга киргенде он эки жыл туруп калат. Бул арада Төлөккө кыпчактын бир мыктысы куда болуп, бойго жеткен кызын ала турган болгондо, же болбосо Төлөк баатыр кайра Жумгалга көчөрдө баягы кудасы Оогандын канынын ордосунан беш жашар, кулагында алтын сөйкөсү бар бир эркек баланы ала качып келип Төлөк баатырга, кызынын калыңына берип, кызын алып калган экен. Ошол баланы салык катарында алган экен. Демек ал кезде кыздын калыңына мал алууга анчалык кызыкпастан кул, күң кылыш үчүн кишиден салык салчу экен.

Баягы алтын сөйкөлүү баланы Төлөк баатыр бала кылып жүрүп, катын алып берген соң Үсөн деген уулуна энчиликке берген экен. Ал баланы Үсөн кулданып жүрүп, бир чекене аш берген соң аттын баш байгесине бир эчки сайып, тогуздун аягындагы байгеге баланы сайып жибергенде бир киши айткан экен: «Ой, Үсөн! Бул бала тегин жигит болбойт. Өзүң алып кал. Тукуму мыкты чыгат» дегенде тогуздун аягына келген ат ээсине бир ак эчки берип, Үсөн кайра сатып калды. Ошон үчүн баланын аты Ак эчки (Агечки) болуп калды.

Бул Агечкиден Шайбыр, Токтор, Жээнбек – үч уул туулат. Шайбыр өтө баатыр чыгат, төмөнкүдөй эрдиктерди кылат.

Кечээ кийин Медет датканын ашында (Кочкордо) солто Эшкожону конок алганда кой союп, кой этине аралаш семиз кунаажындын чүйгүн этин кошуп тарткан экен (Өтө уруусунан Дербишбай деген). Бул тартылган этке Эшкожо ызаланып: «Мага буканын чыбыгын тартты. Саякты чаап алып, айрыкча Курмангожону камчыга ченеп бөлүп алалы. Медети өлдү, эми кайсы кишиси калды дейсиң» деп сарыбагыш уруусун сөзгө алып, келерки жылы жаз алды менен чапмак болуп, солто, сарыбагыш баталашып тарап кетишкен.

Келерки жылында айткандай Эшкожо көп колу менен Шамшы ашып, Кочкор келип, Курмангожо уруусун чапмак болгондо Шайбыр баатыр аз гана жасоо айрып, алдын тосуп чыгып, Шергазы байдын «Келинкер деген атын жайдак минип, жекеге чыкканда Бөбүй Жаныбек баатыр жана Тыныбек баатыр дегендерди өлтүрө сайып, көп колдун мизин кайтарып, өз элин аман сактаган.

**Каракучкач уруусунда** Дайырбек байдын уулу Ымандын аялы (Ыман) көл башындагы Токоч уулу деген бугунун бир уруусунан катын алган. Кийинки жылда Ымандын кайын атасы келип, бир нече күн конок болуп жатып, үйүнө барганда күйөөм, кызым жалгыз бой экен, отун-суу, казан аягына жумшасын деп бир күң катын берип жиберет. Ал күндүн аты Чачпак күң болот.

Чачпак күңдү алган эч ким жок, өзүнчө жүрө берип, боюна бүтүп, бир эркек бала тууйт, Анын атын Жанузак коет. Жанузакты Жаныбек бий балам деп эле тарбиялап жүрүп, эр жетип чоңойгондо Жанузакка катын алып берет. Андан туулган Болоткожо, Канкожо – эки уул. Мындан балдары азыр «Каракучкач» уруусу болуп турат.

Курмангожо уруулары Кочкорду жердеп турганында Медеттин уулу Айтак баатырдын ашы болуп, Анжыйан-Арка дебестен көпчүлүк чакырылган. Демек Айтак баатыр жыйырма бир жаштагы ча-

гында бугу Ногой баатыр көл башынан келип Медет датканын үч жүз жылкысын тийип, Айтакты сайып өлтүрүп кеткен.

Муну менен Медет датка кийинки жылы Кокон канынан эки саркерин баш кылып бир миң кол сурап алып жана өзүнүн саяк уруусунан бир миң кол алып, бардыгы эки миң кол менен бугуну чапкан. Колдун теңин тескей менен, теңин күңгөй менен жүргүзүп бара жатканда колдун кабары боюнча бугулар Текестен ашып Тосор, Тамга деген жерлерге чейин түшкөн дейт.

Ошондо көп мал, дүнүйө жана бир канчасын колго түшүрүп келип, Кочкорго үй тиктирип, Айтакка аш берет. Бул ашта бардык мөрөйүнө баягы чабуулдан келген кыз, келин жигиттерден байге кылат. Ошондо эң аягы – балбан күрөш байгесине ак төөгө мингизип, кымкап кийгизип туруп бойго жеткен кызды сайган. Кадимки атактуу балбан (баатыр) Коной, Шургуй дегендердин араандап турган чагы дейт. Кокон канынын алдында багылган, атактуу кандын Ак Балбаны менен Кошой баатыр күрөшүп, Ак Балбанды жыгып, мөрөйүнө ак төөгө мингизген кызды алган экен. Ошо кызды катаган уруусунан бир адам алып, андан туулган тукумдары бар дейт. Кимдер экени белгисиз болуп, айтып берүүчү киши жок болду.

## Чоро менен бугу

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Мурунку «кырк жигит» Бектендин уюштуруусу боюнча Бугулардын көп кишиси өлүп жана жеңилип келгендигинин зити менен көл башындагы көп бугулар келип, кыштын күнү Арпага бет алып жөнөгөндө Арпанын бетиндеги Чоронун айылына жетпестен Көйгаптын талаасындагы Калмак Адыл дегендин үч жүз жылкысын жана Адылдын катын-баласын, он

бир баш бүлөсүн чаап кеткен. Жолдо бара жатып балтыр бешик эркек баласын кардын үстүнө жылаңач ыргытып таштап, он бүлөсүн олжолоп алып кеткен. Эми бул Адылдын калмак экенинин маанисин төмөнкү түр менен баяндайбыз: Адылдын атасы Боркок дегенди (үч бир тууган экен) Жанболот баатыр бала чагында жортуулда жүрүп калмактан алып келген (Текес жактан). Үч баланын биринен кадимки Балбай баатырдын Өмүр дегени туулат. Жана биринен солто ичиндеги Күрпүк баатыр деген туулат. Дагы биринен Боркок баатыр, андан Адыл. Бул Адылдын үч жүз жылкысы менен катын-баласын издеп суроо салып, жаки намысын алып бербестен, чоролор жатып алган соң бир жылдан кийин Адыл өзү, кадимки Карабагыш Болот баатыр (Мөөрдү ырдаган жээни эле) аны ээрчитип алып көл башындагы өзүнүн аталаш тууганы Өмүр баатырга барып тууганчылыгын айтып жатып, намысын Өмүр аркалуу төмөнкүдөй кууйт.

Адыл менен Болот баатыр экөө барганда бугунун мыктылары: Карач баатыр, Боромбай баатырга Өмүр кадырын салып, Адылдын үч жүз жылкысынан бир жүзүнүн көзү болгондуктан чогултуп берет. Катын-балдары тынымсейит Алыке баатырдын колунда калган экен. Алыке баатыр Нарында. Ошон үчүн Карач баатырды, Адылдын жанындагы Болот баатырды ээрчитип алып, Нарындагы Алыкеге жөнөйт. Карач баатыр Алыкеге келип: «Адылдын катын-баласын бергин» десе, бермек турмак, киши келдиңби, ит келдинби дебестен, Карачты тоготпой, кете бергин дейт. Ошону менен Карач баатыр ачууланып: «Сени шашпа, сокур... Эртең ушу маалда көрүшөбүз» деп, үйүнө кирбестен, атчан турган бойдон, салам-аликтин ортосунда эле түрлөрүн бузушуп, сөз тартышкан эки баатыр жаакташып, Карач жүрүп кетет.

Жылдыз толгон кезде бир айылга келип конуп, аттарын суутуп жатып калды. Бирок Карач баатыр эч кандай конгон жерден эт тамак жебейт. «Эмине үчүн баатыр тамак жебейсиң» десе, «жээр чакта

жээрмин» деп таңдан жүрүп кетти. Ал күнү кечке жүрүп отуруп, Боромбайга барып, ачуусу эки күнгө чейин тарабай келген Карач баатыр салам-аликтин ортосунда: «Оо, Боромбай, сен мени сокур итиңе каптырып, кыларың ушубу?» дегенде алдына тамак, бозо койсо: «Ичер чакта ичермин» деп Карач баатыр тамак ичпей, Боромбайдын конок үйүнө жатып алды. Боромбай баатыр Карачтан ызаланып келди боюнча түн катып кишилерди туш-тушка чаптырып, таң сүргөнгө чейин бир миң кол чогултуп, Карачтын алдына тизип койду.

Ошондо Карач баатыр кабагы ачылып, ачуусу тарай, бозодон абдан ичип, тамак жеп алган соң ойлоп: «Алыке сокурга мынчалык кишинин кереги да жок» деп, үч жүз гана киши тандап алып, баягы Болот баатырды жанына алып, Алыкени көздөй жүрүп кетти. Карач баатыр күндөп-түндөп олтуруп Алыкенин үстүнө барып: «Ой, Алыке сокур! Кана жасооң? Мен айтканымды, эртең ушу маалда кылам, сени шашпа дебедим беле. Канчалык алың бар? Эми Адылдын катынын, балдарын айыбы менен алдыма сал. Өзүм, кошуунумду кондуруп туруп эртең жолго сал» деди да жатып калды.

Эртең менен болгондо Алыкенин жылкысынан, айылынан жүз элүү жылкы карматып, Адылдын катын-баласын атказып алып, «мырза чабуул» деген ушу болот деп, үч жүз колуңа эки «обор адад» бир деп жылкы бөлүп берип көлгө жүрүп кетти.

Көлгө барып Адылдын катын-баласын тапшырып жыйнап берип, Чорону көздөй жөнөттү. Өмүр баатыр Адыл тууганына жүз жылкысынын көзүн таптырып бериптир.

## Саяк уруктары

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Эреше кандын атасы Эрдене кандын заманында Байыш баатыр Ныл дарыясыньш боюнда сандап, миндеп жаткан саяк (сит) уругунан Кожант шаарында Эреше канга вазер болгон Эреше кан өзү кыпчак уругунан. Бир нече жыл обозгер болуп туруп, Маниса-айым деген Эреше кандын карындашын алат.

Маниса-айымдан бир бала туулат, анын атын Ырай коёт (кудайым ырайымдуу кылар бекен деген ырымы боюнча). Ырай жаш кезинде эле Байыш баатыр дүнүйөдөн кайтат. Маниса-айымды Карек деген Байыш баатырдын иниси алат. Бул жерде Каректи эшен деп атап жүрүшчү болгон себеби, ал кезде Кожанттагы кандар, бектер молдолук жолу менен жүргөн үчүн, Каректин дайым молдолугунан Эшен Карек деп койгон.

Эшен Каректин агасы Байыш баатырдын Эрдене канга келүү себебине бир токтололу. Ныл дарыясынын боюн жердеген көчмөн калың Кыргыз болгон. Алардын уругун сит деп атаган (сайах), демек, ар дайым аңчылык, жаңы журтка күн сайын которулуп көчүп жана жортуулда жүрүүчүлүк аркасында сайах деп койгон. Ошонун натыйжасында Байыш баатыр твмөнкүдөй ойлогон: «Менин бир арманым, сырт жерине барып ордо курган кан, бектердин алдынан катын алып, тукумумду боору сары жерге таратсам, жана жалпы менден тараган уругумдун наамын сайахка айландыруу милдетим» деп ойлогон. Ошон үчүн Байыштын уулу Ырай жалгыз болуп калды деп Маниса-айым кийинки эринен (Эшен Каректен) төрт уул тууйт. Алар Ырай эсен-аман эр жетип, энесинин эрге тийип кеткени көзүнө салкын көрүнүп, Ала-Тоо көздөй бет алып качат. Келсе, Ала-Тоодо Тагай бий чоң үлүш берип жатканында кезигет. Жанында кадимки Домо кандын уулу бар. Бу Домо кан Намангендин жанындагы Төрө-Коргон деген кыштакты салган, кандык наам алган баатыр кыпчактын уругунан. Домо канды өзбектер кандык талашуу аркасында өлтүргөн соң баласы качып чыгып, сыртка келе жаткан Ырайга жолдош болот. Бул

баланын көтөргөн азык-түлүгү болгон үчүн Тагай бий Азык деп ат койгон.

Мурун Тагай бий Эреше кандын колуна ак үйлүү барып бир нече жыл жүрөт. Бир күнү кан ууга кырк жигити менен кетип бара жатса шаардын чет жагында бир адам көйнөгүн биттетип олтурганын көрөт. Жанындагы обозгеринен сураса бит караган кишинин Тагай бий экенин билип, уудан кайта келген соң, ордо кыздардан бир кыз алып берет. Ал аялы боюна бүткөн учурда Тагай бийдин ак үйлүүгө отурган жүрүшү бүтүп, элине кайтмак болот. Тагай бий кетеринде ордо кыздан алган аялынын колуна бир кетечи, бир кестик (пычак) тапшырат. Агер эркек туусаң балаң эр жетип чоңойгондо кетечи менен кестикти колуна берип Ала-Тоону көздөй жолго сал. Атын Кара Чоро койгун. Демек, атаң Тагай бий деп дайындап жөнөткүн дейт. Кара деген сөз карадан кан болот дегенге, чоро деген сөз кандын обозгери дегенге жатат. Ошон үчүн Кара Чоро деп наам алып жүрсүн. Агер кыз туусаң өзүң билип атын коюп, чоңойгондо эрге бересиң деп келген эле. Мында Ырай, Азык экөөнө баягы ордо кыздан туулган Тагай бийдин уулу Кара Чоронун кошулушу менен үч бала Тагай бийди тапты.

Тагай бийдин илгери ак үйлүүлүктөн кайткандагы катынына айткан керээзи боюнча эркек тууп, баласынын атын Кара Чоро деп атап койду, эсенаман эр жетип, он үч жашка чыккан соң энеси Ырай менен Азыкка кошуп, атасы Тагай бийге жөнөттү. Үч бала Тагай бийдин үлүш берип жаткан кезинде келип жолукту. Анда Тагай бий: «Кайдан келген балдарымсыңар?» деди. Ырай айтты: «Мен түбүм саяк, Байыш баатырдын уулумун. Энем Манисаайым эрге тийип, мен ага таарынып чыктым» деди. Азык айтты: «Мен Домо кандын уулумун. Атамды өзүбектер өлтүрүп, сууга салды. Ошону үчүн качып чыктым» (азык-түлүгүм менен) деди. Кара Чоро өзүнүн дайынын айтып, энеси берген белеги келече

менен кестикти Тагай бийдин алдына таштады. Тагай бий кубанып: Баарын тең өзүмдүн балам экенсиңер, сенин атың Саяк болсун деп Ырайдын түпкү уругун жойбостон саяк наамын берди. Азык-түлүк көтөргөн Домо кандын уулун атың Азык болсун деп ага наам берди. Кара Чорону – Кара Чором деп өз атагын койду. Бул балдарга өзүнүн балдарындай кылып энчи берди.

Тагай бийдин Богорстон, Койлон, Кылжыр жана Муңмуш деген төрт уулум бар, эми Саяк, Азык, Кара Чоро жетим балам болдуңар, экини бирдей тегиз кылып, бир тууган болуп оокат кылыңар деп жети баласынын дөөлөтүндө Тагай бий жата берди.

Эми Кара Чоро уруктары: жалпы Багыш, Жангорозбуз деп (түштүк), Анжыйан, Наманген жана Талас өрөөндөрүндө орун алып калышты, экинчиден энеси ордо кыздан болгон үчүн (тагаларына) тайакелерине жер жабыш болду.

Сайак уруулары: Сайактан Каба, Сары – эки уул; Кабадан Кайдуулат, Байболот, экинчи катындан – Шыкмамат, үчүнчү катындан Кутунай, Бегат. Жана бир катындан Качканак. Качканактан төрт уул: Түнкатар, Түнтөй, Актери, Бозтери... Кутунай, Бегаттан эки урук эл (Кетмен-Төбөдө). Шыкмаматтан Шыкмамат уругу көлдүн күнгөйүндө (Ысык-Көлдө). Бул Шыкмамат деген сөздө бир аз маани бар. Каба баатыр өзү желкесинде тутам келе турган жалы бар имиш, кыр аркадан куймулчакка чейин. Ошон үчүн Жалдуу Каба ыйык даражада тутуп жүрүүсү аркасында өзбек ичиндеги шайык тукуму бир кыз берген. Андан туулган баланын атын Шайык Мухамет деп койгон үчүн, кыргыздын чоркок тили боюнча Шайыкты жана Мухамметти таштап коюп эле Шыкмамат деп гана коюшту. Кайдуулаттан: Төрө Бердибек, Алакөз – эки уул. Алакөздөн Алакөз уруктары Ысык-Көлдө, Кетмен-Төбөдө турушат.

Төрө Бердибектен эки уул: Кулантай, Култай.

Култайдан Бөке, Белек – эки уул.

Баатыр Байболоттон: Айдаке, Асаке, Күрөң, Молой – төрт уул. Булар кунан чабыш тамашасында чыр чыгып, Молойдун кунаны чыгып келсе, Асаке байгесин бербей койсо калыстыкка Кайдуулатка барышат. Кайдуулат айтат:

Барыңдын тамгаңар бир – сайак тамга белги менен келдиңер, чыры жок оокат кылгыла десе, Асаке барып тамгасын жогор жагынан чегип, мен тамгалаш болбоймун деп тамгасын бөлөк белгилеген үчүн Асакенин тукуму «өйдө чекти» болуп калды. Асаке өзү Анжыяндын чыгыш жагында туруктап жүрүп өлдү. Ошон үчүн кыштактын аты Асаке болуп калды.

Сарынын уруктары: Атакара, Ботокара – эки уул. Атакарадан өзүнүн наамын алып, өзүбектен катын алуу аркасында (испаскен) Өзбекстаидын ичин жердеп туруп калды. Ботокаранын тукуму Тезек уругу. Бул Тезектин аты башка эле. Ат чабыш болгондо күлүк аты байгеден калып» (эң артына) калган үчүн – сенин атың тезек терип калды дейүү аркасында Тезек атанып калды. Тезектин бир топ уруктарынаи кийин атактуусу Бөкө, Тобук. Булардын уруктары Тогуз-Тородо жерлейт. Жана Ботокара наамын ээлеп Өзбекстанда аралашып калды. (Ботокарада) булардын ата-ата уруктарына бөлүнүшүп таратууга мүмкүндүк болбоду. Себеби жердин алыстыгы, биринчи жагынан болсо, экинчи жагыиан Өзбекстан менен аралаш болгон үчүн өзүбек биздерге тил жагынан да өзүбекке ооп, өзүнүн кыргыз экенин (жаки сайак экенин) билдирүүчүлөр жок болсо керек.

Байыш баатырдын Маниса-айым деген аялын өзүнүн иниси Карек алып, андан төрт уул туулат. Алар: Молдосыдык, Ыбрайым, Жусуп, Молдошакир, Молдосыдыктан жана Ыбырайымдан беш бала болуп, алар сырттагы агасы Ырай баатырды (сайакты) бет алып келе жатып Чымкент, Талас жакта (Түлкү башы) Беш-Терек деген жерди, туралтап калышты. Демек, өздөрү беш бала болуп келүү аркасында турган жердерн Беш-Терек деген наам аталып калды.

Же болбосо Кыз бөрк деген казактын уруусунун ичинде турушат.

Молдо Жусуптун тукуму Жетиген. Бу Жетиген Таластагы Кушчу-Саруунун ичинде токтоп калган уругу Жетиген аталып, Кушчу менен бир тууганбыз деген антта туруп «Сол» наамына кошулуп калды. Айрыкча Кушчунун чон уругу Төбөй, Сабай дегендер менен энчилеш болгон.

Молдошакирдин өзү өңү сары, көзү көк киши болгон үчүн экинчи жактан молдо болгондуктан Шакир атын Чекир молдо деп атыгып кетти. Бу Молдо Чекир энелеш агасы Ырай баатырды издеп жана Ырай баатыр дагы издеп, бири-бирин Сыр-Дарыядан табышат. Ал жерде Ырай баатыр жалаң отоо жортуулдап жүргендө кез болушат. Кайта үйүнө алып келип (Жалал-Абад, Арстанбап, Чарбак жана Азирети Айыпта турук алган жерине) энчи бөлүп берди. Чекир Молдодон Куртка, Түгөл – эки уул. Курткадан үч уул. Курткадан үч уул болгон үчүн Үч Куртка атак алып калышты. Бири – Кудайберди, бири Аккабак жана бири – Ыман. Булар жер бөлүштө (Тянь-Шанга келип) Соң-Көлдөн Нарын өрөөнүнө (Ак-Талаага) түшкөн ашуунун өндүрүндө (күнчыгыш, күнбатыш жана ортолук өндүрдө) жерлеп туруу менен жердин атагы да Үч Куртка деп калды (Кудайберди, Аккабак, Ыман үчөөнүн наамына).

Эми Кудайбердиден Кулжыгач, Чоро – эки уул. Кулжыгачтан (Күрүчбек деген байбичесинен): Караболот, Шаболот, Койуке, Жолуке – төрт уул. Булар эне атагын алышып Күрүчбекпиз деп Суусамырда турук алышты. Супкуна деген катындан Итемген, Сүтемген – эки уул. Итемгенден: Түлкү, Мурат. Түлкүдөн: Качыке, Кедей, Ажыбек, Шайыбек – төрт уул. Эми Түлкү баатырдын бир аз ангемесине токтололу.

Болот бий кадимки Санчы-сынчыны чакырып алып, мага катын алып бер дегени боюнча Таалаке таркылдакты сынап алып бергени Түлкү баатырдын эсинде жана Санчы сынчыга таарынып, бир жагынан

кыйыктамак болуп Санчыны чакырат. Демек Санчы сынчы өзү сайак болгон үчүн Сарыбагыш Эр Болот бийге мыкты тукум түшчүү катын сынап бересиң, мага неге сынап катын алып бербейсиң деди Түлкү баатыр. Санчы сынчы Түлкү баатырдын сөзүн кабыл алып, эмесе мени ээрчи деп Түлкү баатырды ээрчитип алып жөнөйт. Жумгал тоосун ашып, белге чыкканда (Чаамыңды) Тогуз-Торону көрүп туруп: «Алтын чөйчөк деген жер экен кандай да болсо ушу жерден табууга болот» деп күдүңдөп Тогуз-Торого түшүп барышты. Бир айылга (жатакчынын айылы) токтолуп, эл-жер сурамакка жана суусун ичүүгө кайрылышты. Айылдын четирээк жагына келгенде күн жааган болуп ыкчамдап бастырууну ойлоп калышты. Ошол арада бир топ кыз тезек көтөрүп жана бир колтуктан кураайлары менен жаанда үйлөрүнө карай чуркап калышкан учурларда музоолору энелери менен жамырап аралашып калды. Бөлөк кыздар көтөргөн куурай, тезектерин таштап, музоолоруна чуркашып, карбаластаган бойдон эки анжы болушту. Ичинде бир он эки-он үч жаштагы кыз бала музоосун кармап, куурайын кабынын алдына коюп өзү отуруп калды. Санчы сынчы баягы кызга бурулуп, айылдын кимдики экенин суроо менен бирге кыздын музоо кармап отуруп калышынан собол сурады. Кыз айтты: «Менин үч олжом бар. Тиги кыздардын үч зыяны бар, акелер. Менин үч олжом: бир – отунум кургак, экинчи өзүм каптын паанасында олтуруп кийимим кургак, үчүнчү – музоом эмбейт. Тиги кыздар үйлөрүнө барганча кийимдери суу, экинчиден – музоолору эмди, ошону менен катар үйлөрүнө барганда энелеринен гаяк жейт» деди. Санчы сынчы сурады: Балам, атаң кандай киши? деп.

Кыз айтат: Атам баатыр киши. Үйүбүзгө барар болсоңуз, айылдын нарыраак чет жагында жөлөлүү турган кырк найзасы бар,– деди.

Ошону менен Санчы сынчы Түлкү баатыр экөө жүрүп кетти да Түлкү баатырга айтты: Издегеним

табылды. Ургачынын өөк сырттаны, бөрү жатын, алтын согончок деген ушу кыз болот. Байкасаң, жатканында эки колу эки тизесине билегинче ашып калат деди. Муну алсаң эч нерседен коркпогон, эки жакка жортпогон, көзү чаар, өңү заар көкжал туулат. Бул экөөнүн тукуму, муруңку экөөнүн тукумуна букара болот. Жергеси көбөйүп бир өзөнгө ээ болот деди. Түлкү баатыр сүйүнүп: Баракелди, сынчым. Болот бийге караганда мага сынап алып берүүчүң дурус, жаш кыз болмок болду. Болот бийге көптөн-көчтөн калган алда кимдин жесири Таалаке таркылдакты алып бердиң эле, мага энеси өппөгөн кыз тандап бердиң. Эми жүр, сынчым, ошол кыздын атасына баралы. Жаан ичибизге өтүп кетпесин деп катуулап жүрүп жөнөп калышты. Айылга келип, кыздын айтуу боюнча атасы баатыр эмес беле дешип, кырк найза жөлөлүү үйдү таппады. Айылдын четирээк жагында бир кара алачык бар. Түндүгү жок, ууктун башы бири бирине жөлөнүшүп калган. Санчы сынчы парасат менен ойлоду да күлүп: Жүрү, Түлкү баатыр, тетиги кырк найза үйгө түшөлү, кыздын үйү ошо болсо керек деп келип түшүп калышты.

Ата-энеси картайып калган адамдар экен, жана абдан бейчара, кедей экени үй турмушунан көрүнүп калды. Жол болсун сурашып бир азга Түлкү баатырдын ким экендигин таанышып олтурган учурда алиги кыз кирип келди. Күндүн жааны ачылып, кечке маал короого мал келди. Кыздын атасы эрдин атын алыстан ук деп Түлкү баатырдын сыртынан кабарын угуп жүрсө да өзүн көрө элек кембагал алда канча сүйүнүп, жетине албай кызыр-байгамбар түнөгөнсүп, экинчи жактан толгон айылдын арасынан мага конуп калды деп бир канчалык кетөрүлүп, бар тамагын алдына кармап, жалгыз эчкисинин улагын союп, конок кылып күткөн экен. Эртеси болгондо Санчы сынчы абышка-кемпирге жуучу түшүп, кызын Түлкү баатырга алып берүү жөнүндө сөз кылса абышка-кемпир бир кыйлага ынанбай, «кантип менин кызымды

алмак эле, толгон токой эл турса, дөөдөй-шаадайлардын кызын албай, кантип меннн кызымды алсын» деп, акырында сөз чындыгына кеткенине ишенип, ичи-койнуна батпай сүйүнүп калышты.

Түлкү баатырга кызды бермек болдук десе, кызы көңүлдөнбөй, чана баштады: «Мени ата-энем бир ууруга берем дейт. Ат минип, жарак алып жортуулга чыгып, жол тосуп өткөн-кеткенди карактап алган кишинин аты баатыр имиш. Силер баатыр десеңер мен андайды ууру деймин» деп таптакыр кыз ататпай койду.

Бул кызынын сырын ата-энеси Түлкү баатырга билдирбей жашырып, нчинен атасы капа болуп, энеси оймок боочун салып: «туубай туна чөгөйүн, карабет, жашабай жатып эр чанганды ким койду? Айрыкча Түлкү баатырдын олтурган ордунан айлан. Кудайдын берип турганын кайра тээп жатканын көрбөйсүңбү. Эми Түлкү баатыр угуп калып шерменде болбогой элем» деп кыпылдагандын үстүндө болушту. Ал жерден Түлкү баатыр кызды гана алып кетүүнү ойлогон менен, негизинен кыз өтө жаш болгон үчүн ата-энеси менен көчүрүп алып, Кабак жолу аркылуу Жумгалды карап бет алды. Ал кезде Жумгалдын өндүрү жана Туура-Суу бойлору калың токой, көпчүлүк жерлери ээн болучу экен. Көч Орто-Кууганды токоюна келгенде жол боюнда бир кара чаар жолборс марап жатып алып, көчтү өткөрбөй, жаки жырткычтык түрү боюнча көчкө катылмак болуп, куркүрөп айбаттана баштады. Түлкү баатыр Санчы сынчы менен көч артында эле. Көч артындагы кемпир (кыздын энеси) токтолуп, артындагы Түлкү баатырга жолборстун марап жатканын кабар кылды. Токтобостон чаап келип Түлкү баатыр аттан учуп түшүп, белиндеги кылычын сууруп келип, жазганбастан жолборстун маңдайын жара чаап таштады. Түлкү баатыр атына минип, Санчы сынчыга карап, «Союп алыңар» деп бастырып кете берди. Кемпир кызына ачуусу келип: «Ушул өңдүү кишиин чанып,

тийбеймин дейсиң, карабет» деп аты менен кайрылып туруп, колундагы сабоо менен кызды чаап-чаап жиберди дейт. Ошону менен ата журту болгон Жумгалга келип, чоң той берип, Түлкү баатыр кызды алган экен. Андан Ажыбек, Шайыбек, Качыке, Кедей – төрт уул. Булардын тукумдары өз-өз аталарынын наамын айтып урууларга бөлүнөт. Мисалы: Ажыбек уулу, Шайыбек уулу, Качыке уулу, Кедей уулу.

Санчы сынчынын айтканындай Түлкү баатырдын төрт уулунун экөөнө экөө букара болгон. Демек, Качыке эчтемеден коркпогон, эки жакка жортпогон киши болгон имиш. Ач арстаны – Кедей. Бул экөө заманында баатырдык наам алган мыктуу болуп, Ажыбек, Шайыбектин тукумдары букара болуп келди.

Качыкеден, улуу катындан – Абайылда, Абайылдадан Черикчи, Черикчиден Дыйканбай. Кичи катындан Эраалы баатыр, андан Түлөөкө баатырбашы жана Кангелди. Кедейден Илепес, Илепестен Тооке, Шааке ж. б. (...). Кудайбердиден Кулжыгач, Чоро – эки уул деген элек. Кулжыгач (Кулчугач) уругунун белгилүү тукумдарын айтып өттүк. Эми Чоро уруктарына келели. Чородон Марка, Баарчык – эки уул. Маркадан Алдаберди, Калча – эки уул. Булардан тараган тукумдарын Чычкак деп аташат. (Себеби Калча Анжиянга күйөөлөп барып, жаңгакты көп жеп алып, колуктусунун койнуна чычкан имиш. Ошондуктан чычкак болуп аталып калды. Ага кошулуп таза болсо да Алдабердинин тукуму да чычкак наамда). Баарчыктан Карга, Тоймат, Жорукту, Кубуш – төрт уул. Каргадан Ырайым, Кумар – эки уул туулат. Бул Ырайым, Кумардын уруктарын Чоңчарык атайт. Демек Карга баатыр абдан чон киши болуу аркасында күндүз чечинип уктап калган учурунда бир улак көгөнгө байлаар маалда жок болуп, таба албай коюшат. Бир маалда Карга баатыр чечип койгон мөкүсүнүн (булгаары чокой) ичине кирип, жоголду деген улак жатып алган экен, ошондуктан Чоң чарык Карга деп жүрүшүп, тукуму Чоң чарык уругу болуп калды.

Ырайымдан сегиз уул. Булардын таралышы экинчиде жиберилет. Кумардын уруктары да экинчиде жиберилет. Тойматтан (улуу катындан) Жанболот, Чымынтай – эки уул. Конур деген катынынан Жанбала, Чайыш, Сарткозу – үч уул, Жанбала дегенинин себеби – Тоймат бий моңолдор жесиринен бир катын алса анда болор-болбос боюнда бар деген күмөн бар имиш. Эркек бала тууду деп угуп моңолдорлор доо кылып келсе жан берип бала өзүбүздүкү деп ишендирип, бербей койгоя экен. Ошон үчүн Жанбала уулу болуп атак алышты. Бирок энесинин аты Коңур болгон үчун Коңур ененин балдары деп жүрүшүп, көбүрөөк атактуу айтылтан уруусу Коңур уулу болуп калды. Ичинең Жанбала уулу, Коңур уулу деп экиге бөлүнөт. Чайыштан Жармат, андан Үмөт, Мамбет, Нүзүп. Булар да жогорку Коңур уулу атагында. Сарткозудан Кабылбай, Кабылбайдан Шооруук, Абылрамам – эки уул. Булар да Коңур уулу наамда.

Тоймат бийдин улуу катынынан Жанболот, Чымынтай деген элек. Жанболоттун маселесине токтололу. Тоймат бийдин байбичеси (Жанболот, Чымынтайдын энеси) өлүп калып жетим болгон соң Коңур ененин колунда калат. Коңур эне, албетте, өз балдарындай көрбөстөн, Чымынтайга чыңыртып соку жанчтырат, Жанболотту жаштайыиан жылкыга салып, көп азар көрсөтөт. Анда Тоймат бий айтат: «Койсоңчу, Коңур, Жанболоттун көзүнүн оту бар, көп азар бербе, жакшы бак деп. Тоймат бийдин тилин албастан, ар дайым жабыр көрсөтүп жүрүү аркасында бир күнү Жанболот укурук менен Коңур энени жыга чаап таштап (катуу жаралантып) качып, Арстанбап, Чарбакка кайдуулат Токтоназар баатырга барат. (Мурун Көгартты жердеп турчу экен). Ошону менен Жанболот ар дайым уурулукка Токтоназар экөө аттанышчу болгон. Ошентип жүрүп жанындагы бир жолдошу (Токтомуш деген) суугa агып кетип эси ооганда кармап алып, оозунан суу кусканда Токтонаар мындай деп ырдайт:

Токтоназар, Токтомуш болсок,
Тойматтын уулу Жанболот болсок,
Алайдын тоосун кыдырсак,
Сырдын суусун шимирсек.
Адигиненин белен боз
Айдап келип сиңирсек.

деп ырдап Алайды көздөй жөнөп кетишти. Бара жатышса алдынан бир жөө киши учурап (Кызыр имиш), эки нан берип туруп айткан экен: Мындан нары уурулук нээтти коюңар. Жолуңардан сегиз карагер байтал учурайт, бир айгыр быштысы менен тогуз. Айгырынын оң кулагында сыргасы бар. Ошону айдап кеткиле – тукум болот. Мындан ары ууру кылбагыла деп кете берди. Токтоназарга берген нанын жеп алыптыр. Жанболот чекесинен бир тиштеп, кайра койнуна катса, тиштеген жери бүтүп калыптыр имиш. Ошон үчүн Жанболотко бак-таалай конду деп, ким болсо да табынып, багынып калган дейт.

Баягы жөө кишинин айтканы чын болуп, тогуз жылкы табылып, андан кийин ууру кылбайт. Чын эле бышты айгырдын оң кулагы тилик сырга болгон үчүн, улам төлдөгөн жылкысынын он кулагына сырга салып жүрүүчү болгон. Эмдигиче ошол Жанболоттун тукумдары жылкысына сырга салат. Аны «Жанболот сыргасы» дейт. Ошону менен Жанболот баатыр деген атакты алып, Арстанбап, Чарбак, Азирети Аюб жана Көгарт, Отуз-Адырды жердеп, сырттан Суусамыр, Жумгал, Кочкор, Нарын, Ак-Талаа (Куртка), Тогуз-Тороо, Ат-Башы, Арпа жана Ак-Сай жайлоолорунан өтүп алыскы Кашкар шаарына чейин жортуп, баатырлык кылган. Ошол убакта кытай падышасынын баласы саякат кылып, бир нече дүйнөсү менен Чатыр-Көлгө келип, сонундукка аңчылык кылып жатканда Жанболот баатыр угуп, биздин Ала-Тоо арасына келген, менден жоопсуз аңчылык кылган ким? Балким жер чардап теңчиликке келдиби деп барып, үстүнөн басып карактап алып, кытай падышасынын баласын

өлтүрүп, Чатыр-Көлдүн көлүнө салып, көп дүйнөсүн (беш жүз кундузун) алган экен. Ошонун залдарынан кытайдын көп колу издөө салып, Түп Бээжинден чыгышып, Тогуз-Тороодо Жыртак үңкүр деген жерден Жанболот баатырды бир уулу менен кармап кетип, Түп Бээжинге алып барып, мойнуна күндөө, зоолу салып, жети жылы зынданга салган. Жанболот баатыр колго түшүп кеткенден тартып зч ким кабар ала албай, Түп Бээжинге жете албай эли жана калган бала-чака, туугандары кайгылуу абалда болгон.

Бул арада Сарынын тукумунан деген алп (чоң) Тобок баатыр деген адам экен. Тобок баатыр Жанболотту издеп, Түп бээжинге үч жылда жетип, амандык кабарын алып кайтат. Экинчи жолу дагы женеп (чындыгында көлүк – ат, төө көтөрө албаган өтө зор адам болгон экен Тобок баатыр) Түп Бээжинге кетип бара жатып Ат-Башыдагы черик Максүт бийге консо, бир чоң чара менен бир жупка жасатып алдына койгондо тамам-такыр жеп алып, чоң чараны бошотуп, Максүт бийге жылдырып туруп айткан экен: Сугунтайын десем эт эмес, сунайын десем кымыз эмес. Өзүң берген аталадан өзүңө бир алым, түбүнө бир алым калтырдым, Максүт бий, алып койгун деген экен. Бул сөзгө уялып Максүт бий тандамал ирик союп коноктоп, этин тамам-такыр алдына койгондо да бүт жеген дейт. Бир аз Тобок баатырдын дагы кээ бир кылыктарынан айта кетели. Талаадан мергендеп жүрүп бугу, марал атып алса, үйдөгү бала-чака утуру карап үмүт кылат деп, кисесине бир кесим эт, же боор салып коюп, белөктөрүн бүт кактап жеп, терисин белине салып келчү экен. Агер эчки-теке атса бүт эле жеп алып, терисин ийлеп, белине кыстарып келчү дейт.

Мына ошол өңдүү кенже алп Тобок баатыр дагы жөө жүрүп олтуруп, үч жыл дегенде Түп Бээжинге жетип, кытайдын улугуна (бадышасына) арыз кылган имиш. Албетте, кытай эли Тобок баатырдын өтө эле чоңдугуна жана келбети ноолугуна таңданып күн

мурун эле бадышага кабарлап калган болуу керек. Кытай бадышасы: «Кайдан келдиң, эмне арызың бар?» деп сураса Тобок баатыр, албетте, Жанболотко келгенин айткан соң: «Жанболотту таанысаң чыгарып беребиз» деп, бүт зындандагы күнөөкөрлөрдү короого чыгарып: «Кишиңди тааны» дегенде эч кандай таанылбайт. Себеби бардык күнөөкөр какачтанып, чач-кирпиги, сакал-муруту өсүп далысын жаап жана тырмактары ороктой болуп өсүп бити торгойдой кийим жыртык, кир, самсаалаган айбаалы түрүндө болгон имиш. Алардын ичинен Жанболотту айыра тааный албай жана моюндарына салынган күндө (тактай темир зоолу). Кантер айла табалбай туруп, «Жанболот, барсыңбы?!» деп кыйкырганда Тобок акемдин үнү экен деп: «Бармын, Тобок аке!» деген экен. Ошондо Тобок баатыр: «Тигине, Жанболот!» деп тааныган имиш. Анан кийин кытай бадышасы бир чоң, казыналыкка (баашалык) бактырылган бир чоң балбанын алдырып келип, «ушуга туруштук бер, эки жолу тебет, чөк түшүп олтуруп бергин, агер жыгылып калсаң – мөөрөй биздики, Жанболот чыкпайт зындандан, жыгылбай калсаң чыгарып беребиз» деген экен. Тобок баатыр маакул деп чөк түшүп олтуруп берген сон кытайдын чоң балбаны ыраактан качырып келип төшкө тепкенде кытай балбан өзү ыргып кетти дейт. Экинчи, арка жагынан чуркап келип далы ортого тепкенде дагы чалкасынан жыгылды дейт. «Тобок баатыр адамдын зору экен, алпы экен. Эки тепкенге туруштук берип жыгылган жок, эми бошотуп берели издеген кишисин» дешип, Жанболот баатырды уулу менен бошотуп берет. Жана Тобок баатырдын даңкы үчүн эки качыр берип, кытай бадышасы узатат экен.

Жолдо келе жатып Жанболоттун уулу түрмөнүн салдарынан кеселдеп өлөт экен. Тобок баатыр душман жерине сөөгүмдү таштабайм деп, өлүктүн этин шылып көөмп таштап, сөөгүн чогултуп шаң матага ороп, таштабай, көмбөй алып келип

Анжыяндагы Арстан-Бапка коёт. Мына ошондой окуяларды баштан өткөргөн Жанболот баатыр үч катын алат. Иниси Чымынтай бели бош киши болуп, бир арыкты жеке ээлетип коюп жата берди. Чымынтайдан Чымынтай уулу деген урук Курт-канын Кыдыр-Коргон деген жеринде турушат.

Жанболот баатырдын саруудан алган байбичесинен Кожоберди, Байбагыш, Ырыскул – үч уул туулат. Кожобердиден Эркебулан. Анын тукумдары Кожоберди уулу аталып калды. Бу Кожоберди өзү абдан кайраттуу, кара мүртөз, сүрдүү баатыр болгон экен. Жазыксыз кишилерди атып өлтүрүү (бута ордуна), мууздап союу иштери бала оюнундай адат болгон. Ошондуктан көпчүлүктүн айтууна караганда, жазыксыз жанды көп өлтүргөнү үчүн каргыш тийип, тукуму өспөй калды дешет. Барлык түтүнү – он, он беш гана түтүн Ак-Талаа району, Коңорчок деген жерди жердешет.

Байбагыштан Асан, Ыстам, Кыдык, Сыдык, Кубат, Манап, Кудайменде, Кудайкул, Мамбет дегендер туулат. Булардын уруктары өз өз аталарынын ураанын айтуу менен белгиленет. Мындайча айтканда Кубат деген уулунан Келдибек деген кыйын чыгуу менен жалпы жонунан Келдибек уулу деп коёт.

Ырыскул бийден Атантай, Тайлак деген эки уулу болуп, мурунку Кокон кандыгынын убагында көп баатырлык кылуу менен Кокон кандарынын эзүүчүлүк сурагынан сырттагы кыргыз элин куткарып, сурак бербөө аракети менен бир нече жолу куралдуу күрөш уюштуруу же болбосо кандын куралдуу аскерлерин жеңип, аскер башчы Арап дегенин алган. Аны өлтүргөн Тайлак баатыр. Жана Тайлак баатыр кытайдын басып алуучу куралдуу аскерлернн жеңип, Кашкар шаарын кыргыз кол алдына караткан эл баатырларынын көрүнүктүүсү. Бу Тайлактын уруулары Тогуз-Торо, Ак-Талаа өрөөнүндө Тайлак уулу жана Атантай уулу деп атыгат. Рыскул бийдин бир катынынан беш бала

болгои үчүн беш уул уругу деп атыгат. Булар Тогуз-Торо жердеп турат. Жанболот баатырдын бир катынынан Ырысменде. Ырысмендеден Алдаяр, Сүйүнбай, Эсиркеп – үч уул. Сүйүнбайдаи Сүйүнбай уулу, Алдаярдан Алдаяр уулу деген наамда. Бул уруктар Ак-Талаа өрөөнүндө турат.

Жанболот баатырдын казак катыны Алтын байбиче дегенден Дербишалы, Эраалы, Бегалы – үч уул. Дербишалыдан Сарыбай, Таштанбай – эки уул. Буларды энеси казак кызы болгону үчүн казак катындын балдары же болбосо казак айгыр деп уруктарын бөлөт.

Эраалыдан: Айчочон, Карабай, Баатай, Абыласан, Борош – беш уул. Булардын майда уруктары өз-өз аталарынын наамын ич ара айтышса да чонураак, мыкты чыкканынын наамын айтышып эле, мындайча айтканда Баатай уулу деп гана белгилейт. Демек, Баатай мыкты жана бий, бай болуп, анын уулу Касымбек деген өтө залим, эл жегич манап болгон үчүн анын үстөмдүгүнө кошоматталган. Эраалынын бир катынынан Жаныбек, Тыныбек – эки уул жана бир катынынан – Сопу, Токтомамбет дегендер туулат. Булар да Баатай уулу дешег.

Башкы Чородон Марка, Барчык деген элек. Мындан тукумдары ажыратыла элеги Марка эле. Бу Маркадан Буура деген жана Тогуз уул деген уруулар тарайт. Буура деп калуусу бир түрлүү жаманаттыга учурагандыктан (...) болгон иш. Мунун уруусун Бууралар дешет.

Эми Тогуз уул дегени тогуз бир тууган болгондуктан Тогуз уул аталып калышты. Демек, эң кичүүсүн кийин эр жетип чоңойгондо:

Тогуз уул топурак,
Тон жетпеген ак улак

деп ырдаган экен. Ошол эң кенжеси Акулак дегенинен Алике, андан Атакозу туулат. Бул Тогуз уулдун тукумдары арбын түтүн болуп Ак-Талаада турат («Үгүт» колхозу). Марка, Барчыктар менен бир тууган

Жорукту, Кутуш деген элек. Жоруктудан Бозтумак. Бозтумак болгон себеби: жайдыр-кыштыр казак порумунда боз көрпөдөн тумак кийүүчү экен. Ошону үчүн Бозтумак аталып Куртка боюнда бир уруу болуп турат. Кутуштан Сокучу деген уруу тарайт. Сокучу дегени – ар дайым эле соку жасаган чебер уста киши экен. Ошону үчүн сокучу деп жүрүп, тукумдары сокучу аталып калды (Куртка боюнда). Ушуну менен Чоро дегендин уруктары негизинен бүтөт.

## Каралакөз баатыр

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б., 1991. 194-б.*

Кокондуктар саяк кыргызына кастарын тигип калган. Каралакөз деген баатыр бала жигит Ат-Башыдагы чериктен, жаки Нарындагы тынымсейиттен болорго керек. Жылкы уурдап алмакка барып колго түшүп калганда аны алып келип, Куртканын бегине берген. Өзбектен Каралакөздү эртең шашкеде дарга тартып өлтүрөбүз деп жатканда Каралакөз түн боюнча киришип колундагы кайыш күндөнү тиши менен кыйып таштап, таң атканда керегедеги чот-керкини алып, бутундагы кишенди чабууга ыңгайлаштырып, кокусунан киши ойгонуп калабы деп турганда дарбазаны ачып кирип, өзбектин молдосу эртеңки намазга азан айткан. «Алдоо акпар» эки айтканда эки чаап, бутундагы кишенди түшүргөн. Үчүнчү «алдоо акпар» дегенде чот-керкини ала эшикке түйүлүп чыккан. Байлоодо турган эки аргымакты чечип, бирине минип, бирин коштоп алганда, молдо: «атсалалду кайрым» деген. Каралакөз деген: «атаңдын башы, эми эки аргымактан айрылдың!» деп дарбазадан чыккан. Молдо азандын аягына шашканынан чыга албастан: «жоо кетти!» деп кыйкырганда, Каралкөз чот-керкинин сабы менен аргымакты санга бир салып

чаап жөнөгөн. Нарындын суусун кече, Ат-Башынын тоосун бет алып, алкым менен жөнөгөн. Артынан кырк-элүү сарбоз кууган. Ат-Башынын тоосуна жакындаганда сарбоздор жетип: «качпа, дос бололу, азамат экенсиң, сенин бир кашык каныңды бектен сурап алалы, макул болсоң сарбоз кылалы, болбосоң аттап-тондоп кайтаралы» дегенде аттан ыргып түшүп, чот-керкисин таянып, кубалаган сарбоздорго улам-улам таш кулата бийикке чыгып кеткенде, эки аргымагын алып сарбоздор кайта кеткен. Каралкөз өзүн кармап берген айылга барып, койчудан тамак ичип, ушу түнү айылдын бир топ жылкысын тийип алып элине кеткен.

### Калмырзанын өлүмү

*Инв№524 (5116)*
*Жыйноочу Жанжигит Казакбаев*
*Бул сөздү Муратбеков Багыш*
*Кожомбердинин өзүнөн уккан*

1914-жылдары Жумгалдын Былкылдак деген жеринде топ болот. Бул топто болуш шайлоо болот. Ошол кезде болуштукту саяк уруусунан чыккан Чыны уулу Көкүмбай менен саяк уруусунан чыккан Илепес уулу Курман эки партия болуп талашып турушкан. Калмырза ырчы Чүй боорундагы тынай элинде турган, бирок Калмырза ошол шайлоо күндөрү Көкүмбайдын айылына барып калат, ал Көкүмбай менен жакшы мамиледе болот. Саяк уруусунун жараш уругунан чыккан Орок деген киши Токмок шаарындагы Турдакун деген уйгур байга жети жыл жигит болот. Кийин ирденип алып Орок Жумгалдагы элине көчүп барат. Орок бир жылдан кийин болуштукту Көкүмбай менен Курмандан тартып алууну ойлойт, ошол максат менен Орок өзүнө караштуу 70-80 түтүн жараштардын ар бир түтүнүнөн бирден жылкы жыйнап алып 70 жылкыны Анжиянга барып

сатат. Ал сатылган жылкылардын акчасын алып келип, ошол айылдагы мойнок уругунан Баялыны, катаган уругунан Турусбекти, каракучкак уругунан Абылданы, Көкүмбайдын өзүнүн жакын туугандарынан бир билерманын элүү үйү (түтүнү) менен жана башка бир-эки белдүү кишилерди колго алат. Болуш шайлоо үчүн Токмоктон (уезден) бир орус киши барат, ага тилмеч (перводчик) болуп Чүйдөгү шалта уруусунан чыккан Жаркымбаев Мыктыбек барат. Шайлоо болот деген сөздөн баштап Курман «мен сага кошуламын, сага добуш беремин» деп бир туруп Көкүмбайга, бир туруп Ороко убада берип, алар менен бата кылышат, бир сөздө турбайт. Шайлоо болот, шайлоонун убагында Курман Ороко кошулуп кетет да Ороко кол көтөрүп добуш берет. Орок жеңип болуштукту Орок алат. Көкүмбай жеңилип калат да Калмырзаны сен Курманды кордоп, жамандап ырдагын дейт. Ошондо Калмырза Көкүмбайдын тили менен мындай дейт:

Сен Илепестин Курмансың,
Күндө куран ургансың.
Байгеге жакын келгенде,
Башыңды чайкап тургансың, – деп кордоп ырдайт. Бул ырды уккандан кийин Курман ыза болуп, Калмырзаны жигиттерине урдуруп коет, өлтүрбөйт. Калмырза тынай элиндеги Дүр деген манаптын айылындагы үйүнө келет. Бир жыл өткөндөн кийин Калмырза ырдаш үчүн Көкүмбайдын айылына барат, бирок баргандан кийин Калмырза ооруп калат. Калмырза Куйручуктун бир тууган иниси Кожомбердиникинде жатып күзүндө ошол оорудан каза болот. Кожомберди өзү тынайларга кабарга келет. Тынайлар Калмырзаны Курман өлтүрдү дешип, Курмандан кун алмакчы болушат. Курман Калмырза Көкүмбайдын инилеринин үйүндө ооруп жатып өлдү, аны мен өлтүргөнүм жок дейт. Көкүмбай Калмырза биздин айылда ооруп жатып өлдү дейт. Бул сөзгө тынайлар ынабай, Калмырзаны өлтүргөн жокпуз деп

саяктар актыгыңар үчүн жан бергиле дешет. Саяктын чоңдорунан Байзак баатыр жан берүү үчүн жан алгыч тынай кайдасың деп элдин ортосуна басып келет. Жан берүүгө Байзак баатыр чыккандан кийин тынайлар ишенип Байзактын жанын албай токтошот. Куйручук менен Кожомберди Көкүмбайга эки ата өтүшкөн тууган болот. Куйручуктун чоң атасы Медет менен Көкүмбайдын атасы чыны бир тууган.

### Кененсарынын талкаланышы

*Инв.№643(5281)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Кененсары Наурусбай кыргызды чаап аламын деп аракет кылып калат. Кененсары, Наурусбайлар кыргызды чабамын деп жатат деген сөз Супатай аркылуу Жангарачка угулат. Жангарач Тынаалыны элчи кылып тартуу-таралгысы менен кыргыз, казак бир тууган элбиз, тийиштүү алык-салыгын алып турсун, сурагын жүргүзө берсин, урушпайлы-чабышпайлы деп Кененсары, Наурусбайларга жөнөтөт.

Ошол кезде Кененсары Супатайды чакырат. Супатай келет. Кененсары Супатайга мен кыргызды чабайын сен мага кол бергин дейт. Супатай казак, кыргыз бир тууган эл элек, кыргызды мурун эки чаптың, эми койбойсуңбу дейт. Анда Кененсары сен анте турган болсоң, анда сени чабамын дейт. Супатай качан керек кол жыйнап берейин, кулагына ченеп кийген бөркү бар, тизесине ченеп кийген тону бар, ашуусу бийик тоосу бар, агыны катуу суусу бар, байкап чап дейт. Супатай Жангарачка алдыртан киши жиберет. Кененсары арбака урунду, кой десем болбойт. Мен тилимди алган алаш уругунан (Супатай алаш уругунан болот) кол жыйып Кененсарыга беремин, кыргыз менен беттешкенде эле качкыла деймин, алар качат. Ошондо казак качты болот, алакандай казакты жеңип аласың коркпогун

деп кеңеш берет жиберген кишисинен, Супатай тандалган алаштыктарды жыйып алып Кененсарыга барат, салам айтып колун берет. Кененсары колун бербей жеңинин учун берет.

Жангарач Ашмарадан тартып элди көчүрүп Шамшыга алып барат, Таластагы Бүргөнүн элине, сарбагышта Ормонго кабар берет. Таластан кол келбей калат. Ормондон кол келет. Жангарач Турап деген сурнайчыга сурнай тарттырат. Бул Ормондун колу, тигил Бүргө баатырдын колу дедирет, кечинде кыр-кырга от жактырат. Аттарынын куйруктарына шилби байлаттырат. Шилбилерин сүйрөттүрүп Он бир жылга деген жылганын кыр-кырларына чубатып коёт. Кененсары Тынаалыдан кыргыздын баатыры кайсы эл болот деп сурайт. Тынаалы кыргыздын баатыры Бөлөкбай деген эл болот, тебетейи телпек, кийими келте дейт. Эмесе ошол жакка башта дейт. Тынаалы Кененсарынын колун баштап олтуруп Кара-Коңурга (Токмоктун чыгыш жагына) алып барат. Ошол тарапта Чүй суусунун бешке бөлүнүп аккан «Тай кечүү» деген кечүүсү болот. Эки элдин элчиси түштө беттешүүгө убада кылышат. Жангарач тууну Суумурун уругунан чыккан Жаныזакка ишенип карматат, кокус коркуп качпасын деп анын атына кишен салдырып койгон. Эки тарап түштө беттешмекчи болуп төрөлөр «Тай-Кечүүдөн» кечип өтүшөт.

Беттешкенде эле алаштыктар (Супатай жыйнап берген кол) кача баштайт. Казактарды кыргызды ортого алып көбүн кырат, ортодон чыгып кеткендер качып олтуруп Мыкандын суусуна (Токмоктун батыш жагындагы суу) барып тыгылып кырылат. Кененсары колго түшүп өлтүрүлөт. Науруспай Кызыл ооз деген аты менен жеткирбейт. Бөлөкбайлык Жаңыбай деген мерген Кызыл ооздун сый атат (ок сөөккө тийбей, терисин, этин, булчуңдарын жулуп кетет). Науруспай жеткирбей Мыкандын суусуна кире качат, сууга тыгылып калат да колго түшүп өлтүрүлөт. Ал өлтүрүлө электе эмне арманың бар

дейт. Науруспай: «Эки арманым бар. Биринчи арманым, тили жаңы чыккан үч жашар балам бар эле ошонун тилин укпай калдым, экинчи арманым, Кытайга кырк төө жиберген элем, ошонун пулу келди эле, ошонун ичинде эмне бар, эмне жок, ошону көрбөй калдым, армандарым ушул» дейт. Наруспай жыйырма беш жашка чыктым жүз жашаган кишинин үзүрүн көрдүм, эки ирекет намаз окуп алайын» дейт. Кыргыздар эки ирекет намаз окутат да, башын кылыч менен алат.

Ошентип кыргызды Жангарач билип, казакты Супатай билип калат. Кийин Кокон ханынан Ракматилла келип Жангарач менен Супатайды бийлеп калат. Ичип койду жеп койду деп эл Жангарач менен Супатайдын үстүнөн Ракматиллага арыз беришет. Ракматилла экөөнү боз үйгө камап коёт. Ракматилла Жангарач менен Супатайды башка жакка, башка элге кетирмек болдук, эрдин куну эмне болсун, эриштин айыбы эмне болсун, кыз чыкса эмне болсун, жаңы ереже чыгаргыла дейт. Эл бул сөзгө жооп кайтара албай туруп калат.

Ошондо казак элинин ышты уруусунан чыккан Бөлтүрүк деген чечен киши болгон, ошол киши ереже баштап турган Жангарачты бекитип алыңыз. Супатайды кекетип алдыңыз, эми ким баштайт, эч ким баштабайт дейт. Ракматилла топко жыйылган элден баштап турган эч ким жокпу дейт. Араң турган эл баштай турган эч ким жок, Бөлтүрүктү туура деп кыйкырышат. Ракматилла Жангарач менен Супатайды үй түрмөдөн чыгарат, күнөөлөрүн кечет. Эл эл боюнча калат. Ошондо Жангарачты датка деп ага алтын кылыч берет, Супатайды датка деп атап ага күмүш кылыч байлайт Ракматилла. Бөлтүрүк чечен киши болуп эч кимден жыгылган эмес экен, анын чечендиги Ракматиллага да белгилүү болуп калат.

Ракматилла бир нече жылдан кийин Бөлтүрүктү чакыртып алат, сен бирөөлөрдөн жеңилип уялган күнүң болгонбу дейт. Бөлтүрүк жакада (Чүй суусунун

боюнда) жайдын күнү үйүмдүн туурдугун түрдүрүп коюп жатат элем, ай жарык эле, бир көк дөбөт карышкыр тилин салаңдатып ылдый өттү, издегени табылган жок, кайра жогору өттү, тумшугуна эч нерсе урунбады, атайы үмүт кылып келген немеге короодо коюм болбогондуктан уялып жеңилдим, жаман уялдым дейт. Бөлтүрүктүн бул сөзүнө Ракматилла уялып Бөлтүрүккө үч жүз кой чогултуп берет.

### Чоро менен бугунун араздыгы

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Ормондун түрүүсүндө Чоро Тайлак баатырдын уулу Осмон датка кудалашып; таттуу болгон. Бирок, Осмон датканы тоготпостон, келин алганы барганда жайлата жооп бербестен жата берген дейт. Же келинин берем деп айтпай, же бербеймин деп айтпай кудалап келген кудасы Осмон датканы, жанындагы Тайлак баатырдын кадимки Кара Бөбөтой баатыры менен жаткырып койгон дейт. Ормондун кызын Осмондун Ботакан деген уулу алмакчы. Бул ортодо бир күнү казактан жана Бугудан түн ичинде жортуулчу келип, Ормондун айылынын жанындагы бардык жылкысын тийип кетишет. Артынан Ормондун куугунчулары жылкы айрып калуу үчүн арбын жасоо менен барса да алдары жетпей жана минген аттарынан да ажырап, сайдыртып жеңилишкен учурунда Осмон датка, Бөбөтой баатыр жана кудалап жатуучулар аттанып, найза, куралдары менен жоонун артына түшүп: «Жекеге!» деп чакырышканда казак жана бугулардын жекеге аттанган баатырларынан Бөбөтой баатыр Осмон даткалар ыргыта саюу менен жеңип алып, Ормондун жылкысын бүт ажыратып, жана андан тышкары алтымыш ат түшүрүп олжо алышкан экен. Ошондон түшкөн атты Ормон баатырга калың үчүн деп эшигинин алдына керме тарттырып, байлатып

койгон дейт. Жана Ормондун жылкысын ажыратып берүү менен, эки-бир атактуу жоонун кишилерин колго түшүрүү менен Осмон датка сүйгүнчүктүү куда болуп, «эми тоюңду соё бер, келиниңди алгын» деп Ормон баатырдан жооп болгон дейт.

Осмон датка турсунбу, келген элдин атын ээр токумун шылып таштап эле сойдура бергенде Ормонго келген эл аттарынан айрылгандыгын айтып арыздан-са Ормон жооп берген имиш: «Осмон датка Чородон жылкы айдап келиши жана кой деген тилди алабы? Өз билгенин кылат!» деп койгон дейт.

Ошону менен Ормон кызын жайып жатып көп дүнүйө менен берип чоро Осмон, же болбосо чоронун чоңдоруна татуулук менен турган дейт. натыйжасында Ормондун уулу Умөтаалы Чаргын Арпанын бетине жайлап, чоро Келдибек, Баатай, Осмон даткалар мене» бирдикте, ынтымакташып турат. Бир күнү Үмөтаалыдан акыл чыгат: «Акыры Бугудан кегим кетпейт (Ормондун куну). Ошон үчүн Бугуну чаап алалы деп азгырганда Келдибек, Баатай, Осмон даткалар макул дешип, Арпанын бетине жайлаган Бугунун бир топ айылын чаап, жылкысын, коюн талап алат. Ал малдын көбүн Үмөтаалы олжолоп, ошондон тартыш түндөп козголуп жапырт Кочкорду карай көчөт. Себеби, Бугунун айылы жасоосу эң эле көп, Арпанын ар бир жеринде, жаки Көл башынан бери кеп жыйылып келишин, Ат-Башы өрөөнүндө, Нарындын өрөөнүндө турат.

Ошондой Үмөтаалынын азгыруусу боюнча Бугунун бир айлы бүлүнүп, чабылып калган үчүн кектүү болот да эки миң кол менен Бугунун Көл башынан берки мыктылары кыштын кыраан чилдесинде Арпадагы Келдибек, Баатайдын айылына жөнөшөт. Бул эки миң колго жетекчи болуп Бугуларды уюштурган «Кырк жигит» Бектен деген (Сарыбаш уруусунан), Мурунку убакта Саяк, Чоро Кочкорду жердеп турганда калып калган саяктан Каралакөз деген баатыр бар. Каралакөз Бектенге жортормон-жигит болгон

экен. Кыш күнү күн кыска. Ат-Башы өзөнү менен күн батышты (Арпаны) бет алып эки миң кол айчык туулары менен келе берсин. Эмки сөз Каралакөздөн башталат.

Каралакөз буркандын талаасына чалгынга чыккан экен. Кожогулдун сайы дегенге келгенде Келдибектин көп жылкысына кез болот. Ал жерден бул кимдин жылкысы деп сурап, Келдибектики экенин билген соң, жылкычыга айткан экен: Келдибекке дароо жетип, айтып кабар кыл. Боюн бекке урсун. Келүүчү келип калды дегин. Ким айтты десе, Көз айтты дегин деп, кайта жолго түшүп, аскер башчы Бектенге келди да Каралакөз көп колду баштап алып, өзү көргөн жолго салды.

Эми Келдибекке баягы жылкычыларынын берген кабары боюнча Келдибек, Баатай жасоосун айрып, жылкысын Туюктун башын өрдөтүп, бардыгы алтымыш короо айыл экен, бир жерге чогултуп, камынып турат. Андагы элдин там үйлөрү жок, барлыгы боз үй менен тоодо, мал кыштоодо жүрүчү экен. «Көз айтты, боюн бекке урсун дейт» дегенде түн ичинде уук чечип, бир туюктун башын өрдөгөндө, түндүктү тегеретип, көзүнө кар тыгылып калган соң уукту сайып үй тигери белгилүү. Бектендин баштап келген Бугунун көп колу каптап келип Келдибектин айлына Тик-Кыянын түшөөнүндө түн ичинде жатып калды. Ал түнү Келдибектин уулу Ысырайыл жана Акымбек деген экөө жол карап кайгуулда бастырып жүрсө, элдир-селдир кишилер көрүнүп кобураганда Акымбек үн салып, сен баланчасыңбы? – деп өзүбүздүн айылдан экен деген ой менен чакыра калса, а кишилер «Ооба!» дейт экен. Анда Акымбек: «Насбайың барбы»,– десе, «Бар»,– деп, «келе бери бастыр» деп чакырып алып, келе калары менен чапа тизгинден алып Акымбекти байлап салат. Тигилер Бугунун жасоосу экен.

Ысырайыл качып, жердиктик кылып кутулуп кетет. Акымбек колго түшүп, таяк жеп байлалуу жата

берип, кыйнаганда барлык сырын, айылдын, жердин ченин дайындап айтып берет, Эрте менен таң үрүл-бүрүл куланөөк болгондо май сызгырып, ысык жарма кылып ичүүгө камынып, тезек терип, от жагып, май сызгырганда байлалуу жаткан Акымбек бир кичирээк баладан «кичи» деп сызык сураганда бала тура калып Акымбектин оозуна бир сызыкты салып жиберет экен. Дароо эле эл, же болбосо көрүп калган ырымчыл аксакал баланы тилдеп: «Бербе, чунак калгыр!» деп барып Акымбектин оозунан сызыкты «Жутпа! Таш-та!» деи камчы менен чапса болбой Акымбек жутуп жиберет экен. Ошондо ырымчыл карылары; «Кудай урду, ишибиз тескери кете бейм, адегенде душман ооз тийип калды, бала болбой жерге кир!» деп, баягы баланы тилдеп калды дейт.

Ал жерден Акымбекти союп, туу камдайлы де-шип, таңдын эре-сересинде, колу-бутун бириктире байлап жаткан учурда Келдибек, Баатайдын жасоосу каптап, карп-курп чыга келдн. Бугунун колу ша-шып, Акымбекти өлтүрө албай, дароо эле аттарына минип, Акымбекке карабастан жердин ачык жагына ыктай беришти. Эки жасоо беттешкенде: «Жекеге!» «Жекеге!» деп чакырышканда Бугунун бир бааты-рына Ысрайыл бет болуп чыгып, ыргыта сайган дейт. Экинчи жекеде Болот баатыр сайып түшүрөт. Аңгыча Ат-Башынын өрөөнүнө жогору качат. Каптап келаткан укмуштуу калың, кара туманды «Кырк жигит» Бектен көрөт. Караса, тумандын түрү өтө суук. Анткени тумандын арасынан айчык туунун сүрөтү көрүнгөн имиш. Ошол туман көздөгөн эмедей көп кол каптап кирип келгенде жана жекеге чыккан баатырлары жыгылып калганда эле, Бектен элдин туман аралабаган чет жагы менен качат. Ошону менен эч ким токтобостон, Бугунун көп колу артка чегинип жапырт качканда артынан кууп-сайып, нечен жүздөгөн элди ат-тонунан ажыратып, сайып олтуруп Кожогулдун сайынан (Масетилдин белинен) Чеш-Төбөгө чейин сүрүп, Чоронун үстөмдүгү болгон

дейт. Албетте, мында көп букара эл, жүздөгөн азамат кырылган. Демек, Келдибектин каракашка атынын тили жүгөндүн сүзмөсүнөн чыгып калып, тил үшүп түшүп калып өлгөн болсо, үстүндөгү кадимки Болот баатыр жеке гана далайды сайып жыгат. Баягы Каралакөз Бектен качканда эле Чоро ураанын чакырып Келдибекке кирип кеткен дейт. Бугунун колго түшкөндүн бирине да ырайым кылбастан, кыштын кыраан чилдесинде жылаңачтап тоноп, үйлөрүнө жолобостон, талаада карга катып кырылган.

Болот баатыр өзү Адылдын, Бердибектин жээни, Мөөр деген тай акесин алам деп, жигиттик жашка толуп, Мөөр да он бир-он экилерге келип калган чагы дейт. Демек, Мөөрдүн муруңку кайыны көл башындагы Бугулар болуп, ошол келген колдун ичинде экен. Ошон үчүн Келдибектин кара кашка атын минип, кылычын жалаң билегине илип, тыгы болот уңгулуу найзаны алып, Болот баатыр жаалданып аралап кирген дейт. Чындыгында Болоттун ою: ошо колдун ичиндеги Мөөрдүн күйөөсү, алуучу жак, же болбосо кайын атасы колго тийсе күм-жам кылып, биротоло Мөөрдүн башын ажыратып койсом деген максатта, бет алдына келген кишини тирүү койбой сайып өлтүрө берген дейт. Бирок, Мөөрдү алуучу жактардан ал зыяндын ичинде жок, аман кеткен окшойт дешет. Мына бул Бугу менен Чоронун биринчи чабышы бүтөт. Эми экинчи, Бугунун келишинен баштайбыз... (кийинкиде).

## Эсиркемеш уруктары

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Эсиркемештен Жылантемир, Бзктыбай – эки уул. Жылантемирден тараган уруктар ар жерде тарап кеткен. Бактыбайдан Машаа жалгыз, мындан Кожо-

берди, Карымшак – эки уул. Кожобердиден Атамбай, Көтөм- бай, Турпандык, Үрүстөм, Жанузак – беш уул. Булардын уруусун «Аюулар» дешет. Эсиркемеш өтө чон киши, мурду кең болгон. Ошон үчүн, саркороол чымчыгын ойноп жүргөн балдардан, тамашалап, мурдунун таноосуна катып койчу экен. Жана өңү суук сары киши болгондуктан «аюу» деп атап койгон.

Ушуну менен Катаган уруунун ичинде жүргөн калмак уругунан да бар. Өткөн замандарда калмактар Жумгалда (Тянь-Шанда) жердеп турган учурунда, калмактар сүрүлгөндө эки калмак калган экен. Бири уста экен. Ошондон уруктар таралып, азыр тукуму бар. Устанын аты – Чынтемир. Бу Чынтемир мусулман болуп, Кудайкул катын алып берет. Чынтемирде Элконду, андан – Жакшылык. Жакшылыктан Боку, Сыдык, Ногой – үч уул болгон. Экөөнөн тукум жок. Ногойдон бир бала бар. Экинчи калмактын аты – Бадакшан. Мындан Бекпай, Солтонкелди, Кулуке – үч уул. Булардын тукуму бар.

Булар Ажыбай детен наамда жүрүшөт.

Талөк дегенден Баймедет, Жантемир, Таттыбала – үч уул.

Баймедеттен Ичкилик, Шергазы – эки уул.

Жантемирден Сатыбалды, Барман – эки уул.

Сатыбалдыдан Аалыбай, Сооронбан, Сейит.

Ичкиликтен Шаамыркан, Мамырбай – эки уул.

Шергазыдан Жаманак, Солтоной, Чүрөк, Абик, Мүрөк, Эдиге – алты уул.

Күнтуудунун экинчи катынынан: Ниязбек, Сака, Чүкө – үч уул. Ниязбектея Шабото, Боруке, Сарыке – үч уул. Саканын уругу Көлдө. Чүкөдөн: Сарт, Жолдош, Токтомат, Болот – төрт уул. Сарттан Сарыбагыш жалгыз. Жолдоштон Аким, Надырбек, Ормонбек – үч уул. Токтоматтан Байтөлө, андан Илепес, Түлөө, Үч Куртка, Черик, Өмүр – беш уул. Болоттон Бегалынын уругу Көлдө. Шааботодон Кыды, Түлөөмат, Атан – үч уул. Борукеден Жаныбек, Түгөл – эки уул. Сарыкеден Чабыке жалгыз. Бул Ниязбектин Сака,

Чүкөлөрдүн уруктарын жалпы жонунан «Кургак» деп айтат. Себеби өтө куу, шум жигиттер болуп, күн сайын кечкурун кургак талпакты тегеректеп сабап: «Карма! Байла!» деп, тарсылдата берчү экен. Кечкурун айылды тооруп каткан уурулар болсо, сестенсин деген ой менен амал кылып, сактанып жана кыйын, чыйрак эл экен деп, аңдыган уурулар болсо кетип калсын дегени. Мына ошон үчүн, чындыгы кургак талпак сабашкандыктан «Кургак» атанган.

Эми Түгөлдүн үчүнчү катынынан Маңгыт, анан уулу Курманкожо, Курманкожодон Кудайбакты деген элек. Кудайбактыдан беш уул болуп өтө тың чыккан үчүн Беш Берен деп гана атыгып калды. Булардан Черикчи, Черикчиден Мамыт (Ажыбай Мундуздун ичинде).

Эми Сүйөркулдун бир аз эпчилдигине токтололу.

Бу Сүйөркул Кокон заманында кан алдына барып жүргөн учурда, бир 12-13 жаштагы бала токулуу келген элдин аттарынын арасында Сүйөркул баатырга учурап, бала бир түрдүү сыр айткан экен:

Аке, мен сырт элине кетким келет. Эптеп ала кетиңиз деген соң:

Эмесе сени мен таанабаган киши болуп, кан алдына арыз болоюн. Менин иним жоголуп кетти эле, ошого жар чакырып, суроо салып берсеңиз экен дейин. Агер аты ким десе Андакул эле дейин. Өз атыма уйкаш болсун. Сен дагы тааныган киши болуп: «Сүйөркул акемсиңби?» деп, мени кучактап көрүш деди.

Ошону менен маакулдашып алып, экөө көрүшпөгөндөй болуп ажыраашты.

Кан алдында Сүйөркул баатыр инисин издеп келген киши болуп арыз айтканда, кан элин жыйнап, чогулуш курап: «Баягы Сүйөркулдун иниси бул чогулушта барбы?» дедиртип жар чакыртты. Жана иниңдин аты ким эле дегенде Сүйөркул: «Андакул, барсыңбы?» дегенде, «Сүйөркул аке, бармын!» деп басып келип, кучакташып көрүштү да табышты. Ошол Андакулду алып келип, ини кылып алып,

катын алып берип андан Өтө жалгыз, Өтөдөн Элебес жалгыз, андан Сотобай жалгыз, Солтобайдан Итаяк, Бакетай, Дербиш – үч уул. Итаяктан Өскөнбай жалгыз. Бакетайдан Кызалак, Бекбоо – эки уул. Дербиштен Уйтуке, Бозтери, Көкүмбай – үч уул. Дербиштин экинчн катынынан Мамырбай, Байит – эки уул. Үчүнчү катындан Дыйкамбай, андан Тилемиш. Бул ортодо Андакул Сүйөркулдун алып берген катынына алымсынбай, Олжобек деген аялды аламын деп ойлойт. Бу Олжобек адегенде Кудайбактыдан Бешберен деген беш уул тууган. Андан, кийин жесир калып (кийинки эри Кунтуудан көп бала тууйт – саны укум-тукум.– отуз имиш), эрге тийе элек чагында Андакул арачы салып жүрсө бир бала барып, Күнтуудуга айтып койду:
Сенин жесириң Олжобекти Андакул алам дейт жана Кунтуудуну жаа менен атып өлтүрөм дейт.

Ал учурда Күнтууду жаш жана бойдок, короонун четине жатып жүрчү экен. Бир күну Күнтууду жаткан ордуна дөңгөч жаткырып, башына тебетейин коюп, өзү башка жакка изин жашырган үчүн. Ошо түнү Андакул жылкы кайтарып жүрүп, бир мыкты атты ылгап минип, не бар, не жок дегенсип сактанып, айылга келип, баягы Күнтууду жатчу жерге болжоп туруп (дөңгөчтү) жаа менен атып салып, жылкыга кете берет.

Эрте менен жаанын огун дөңгөчтөн сууруп алып, чоң үйдүн жабыгына кыстарып коюп, элди чакырып Күнтууду кымыз берип жаткан учурда Андакул жылкысын айдап келип, кулунду желеге байлап, кымыз ичүүгө үйгө кирсе, Күнтууду кымыз сунуп жатып, кылчая карап туруп, баягы жабыкка кыстарган жаанын бөрү тил огун алып: Бул кимдин огу? Тааныйсыңарбы, журт! дегенде: Бул Андакулдун огу экен,– дешет эл. Ошондо Күнтууду ачууланып: Сен түн ичинде өлтүрсөң, мен күндүз эле атып салайын! деп жаа менен тартып жиберсе, Андакул колун көтөрө-көтөрө бергенде бармагын сый берет экен.

Муну менен Андакул эшикке чыга жүгүрүп, атына чап ыргып минип качат. Албетте, атты тандап минген үчүн эч кандай жеткирбей кутулуп кетет. Ошо бойдон Чүйгө барып, Андакул казак ичине туруп ал жерден дагы катын алат. Ал казактан алган катынынан бала туулуп, бир кыйла (кырк үйлүү) тукуму бар дейт. Кызылбөрк ичинде, Баштерек деген жерде. Андакул андан кийин Анжыянга барып, дагы катын алат. Анда дагы тукуму бар дейт (кыпчакта).

Эми бул жерден Катаган деген атактан сөз баштайлы. Курманкожонун чоң атасы Түгөл өзү абдан бай киши болгон, Түгөл менен Куртка биртууган (Чекир Молдонун уулу). Куртканын үч уулу; Үч куртка деп, үч өзөндү ээлеп мыкты болуп, Түгөлдүн балдары анчалык чыйрак эмес болуп, Жумгалдын өзөнүндөгү Чоң-Сайдын боюнан (Түгөл-Сай) конуш алып турду. Түгөлдүн малы эсеби жок көп болгон үчүн Үч Куртка малдын четинен суук колун салып, пайдалана берген. Ошонун залдарынан Түгөл көп малын айдап, көчүп, Суусамырды жайлатып, андан нары Олуя-Ата Таласка көчүп түштү.

Анда Олуя-Атанын каны Эр Эшимкандын элине аралашып, кошулуп конот. Бир күнү Эшимканга бир жигити Түгөлдүн келип конгонун айтат: Бир бай адам көчүп келип конду. Жылкысы оюк кула экен, эсеп жеткис деп. Анда Эшимкан элине жарлык кылды: Ошол көп жылкыдан алып, чекесинен жей бергиле! деди. Ошон үчүн калың жылкынын четинен бөлүп айдап алып, тийме-тийме жей беришсе да жылкысынын артынан суроо салып барбастан, жана жоктоп түгөлдөбөстөн Түгөл бай жата берди.

Бир күнү Эшимкан кадимки Санжы (Санчы – *ред.*) сынчыны ээрчитип алып, ошол байдыкына барып келели, жана ким экенин билели деп Түгөл байдыкына келишти. Бул бай имине үчүн жылкысын жоктобойт? Имине үчүн дайынын билгизбейт? деген ой менен келип түштү.

Айылга жакын келгенде желенин четинен бир кула быштыны Санжы сынчы көрдү да Эшимканга айтты: Каным! Кокустан бай ат мингизсе, тетиги кула быштыны алгын, тулпар экен! деп көрсөттү. Ошону менен Эшимкан түшүп, отуруп, таанышып, Түгөл бай Эшимканга жезде болуп табылды. Себеби: Түгөл байдын Жараш деген катынынын төркүнү саруу экен. Албетте, Эшимкандын эли Саруу болгон үчүн Түгөл байды жезде кылды. Түгөл бай абдан сыйлуу конок кылып отуруп, Эшимканга бир жакшы ат мингизмек болуп, эшикке чыгып, жылкысын чогулта баштаганда баягы Санжы сынаган кула быштыны жылкычыга мингизип, жылкы чогултууга жөнөттү. Демек, ошончо көп жылкыны чогултууга он эки айгыр чарчап, жүрбөй калчу экен. Агер баягы кула быштыны минсе бат эле жыйнап келчү. Бул кула быштынын укмуштуу экенин Түгөл бай таанып билчү экен.

Үйдө олтуруп Санжы сынчы байбичесинен сурады:

– Байбиче, канча мал бар? – дегенде байбиче:

– Канча экенин билбеймин, жылына он эки карыш кап менен тикме чүлүк кылдырып, жылыга туулган торпоктордун мурдуна тактырсак, чүлүк жетпей калып, бир кыйла торпоктун мурду көзөлбөй калат. Жана бир күндө жалаң кара кашкасынан үч жүз торпок биттелет. Жылкынын эсебин билбейм,– деди.

Анда Санжы айтты:

– Байбиче, дүнүйөгө көзүң тойдубу? – деп.

Анда байбиче жооп берген экен:

– Дүнүйө курусун, көз тойбойт экен. Бир күнү Түгөл бай бир тоодак атып, тоодакты алабаканга илип койсом, чаткаягында майы сызгырылып жерге тамганда жез чарачык табакты алдына тосуп койсом үч толду. Ошого гана көзүм тойду, – дегенде Санжы айткан экен:

– Көзүңүз ач экен. Тукумуң токолдун балдарынын көзүн карайт, жана тукумуң аз айыл болор, э-э!.. – деген дейт.

Бул байбиченин өз аты Кыстарбек экен. Бар сарамжалы тегиз, өз башы ырыскылуу, оймоктуудан

уз болгондугу үчүн Түгөл байга жарашып калгандыктан, атын Санжы Жараш койгон экен.

Эшимканга Түгөлбай ат карматып келсе, Эшимкан албайт экен.

–Бай, мага берсең кула быштыны бергин десе, Түгөл бай жылкынын түрүн-сырын тааныган киши болгондуктан, бере албайт экен. Бирок: Башын бербесең күчүн бергин, калмакка казат кылат элем,– дегенде, макул деп кула быштынын күчүн берет. Кула бышты өтө кашаң болгондуктан Шапкула деп атак койгон.

Эшимкан үйүнө барып, Шапкуланын жанына үч атын агытып, үч жылы минбей, илик салбай коюп, үч жылдан кийин бир атты сойсо, жилиги туюк, көңдөйү жок, бүтүп калган болот. Ошондо Эшимкан калмакка кол аттанат. Албетте, Шапкуланын сөөгү, жилиги туюк болду деп минип алып, өзүнүн элинен миң киши жана катагандын Кан Турсун дегенинен миң кишн кол алып, элин кан Турсунга тапшырып, эки миң кол менен жөнөп кетет.

Калмакка барып, мөрөйү үстүм болуп, эсепсиз көп мал, дүнүйө аруу буюмдар алып, олжо аттын кара капталынан болуп, үч жылы токтолуп, калмакты сурап калат. Бир күнү Эшимкан көп колу менен калмакка кайтып, кошуунду: «Шашпагыла, акырын келе бергиле. Мен элден кабар алып, амандыгын билейин» деп, Олуя-Атаны көздөй кайра тартты.

Эшимкан менен бирге жолдош болуп, бир жорго минген киши, бир аксур ат минген киши, эки кара буурул ат жана бир тору айгыр минген киши кошо чыкты. Эшимкан менен кошо чыкты. Шарпкуланын жүргөнүнө чыдабай адегенде Кызыл Заңташтын жөлөнүшүндө жорго минген киши калды. Ал себептен а жер Жоргонун Бели атанды. Андан кийин Өрүктүнүн талаасында эки буурул атчан калды. А жер Карабуурулдун талаасы деп. Андан кийин күнгөйдөгү Чырпыкта тору айгырчан киши калды. Ал жер Тору-Айгыр аталды.

Эшимкан ошол күнү Олуя-Атага барса как эткен карга жок, жан адам таппай, ан-таң болуп: «Бу, элимди жоо чапкан экен, сүрдөөн күн чыгышка кеткен экен...» деп, кайра тартып, көлдү кездөй жөнөдү. Эшимкан элин кайдан табаарын биле албай келип Бууганга түшө калса (Көтмалды – Балыкчы) бир топ сөөк чала мүлжүлүү калганын көрүп: А-а, менин элим ушу жакка кеткен экен, жана өтө ачкалыкка учураптыр, сөөктү чала мүлжүптүр деп Тоңго барса күн батты. Айылды бакалап, түн жамынып кабар алайын деп турса айылдан бир катын короо кайтарганына кулак салып тыңшаса, мындай деп ырдайт:

Кой кайтарган биздин кыз,
Козу салган биздин кыз,
Отун алган биздин кыз,
Оокат кылган биздин кыз,
Отту жаккан биздии кыз.
Биздин,
Энчегер бойлуу Эр Эшим,
Эсен барып, соо келсе,
Биздин кыздай болор
Бекен сиздин кыз...
Катагандын кан Турсун,
Кан Турсун сени ант урсун

– дегенин угуп, Эшимкан бастырып келип, катынды эңип четке алып чыкты да: Сен имине деп ырдадың, короо кайтарганда? – десе, жогорку ырын айтат. Ал жерден элинин дайын-отун сураса, Эшимкан калмакка кол аттанып, үч жылга кечигип калганда, катаган кан Турсун Эшимкандын. элин чаап алып, Олуя-Атадан сүрүп, көл башы тескейиие жана ар кайсы жактарга, Анжиян, Ташкенге жана казакка тентитип жиберип, Эшимкандын кызын кызалак кылып, жакшы көргөн катынын кан Турсун өзү алып, Тоңго, катаган эли менен келип, чоң коргон чеп салып жатып калганын укту. Баягы катын Эшимкандын жатпаган катыны экен. Ал жерден таанышып, катынын андан кийин жакшы көрүп жүрмөккө убада берип, айрыкча короо

кайтаргандагы (жогорку) сөзүнө ыраазы болуп, «эч кимге сырыңды айтпай жата бергин» деп, Эшимкан жүрүп кетти, колунун келээр жолун утурлап. Эшимкан Өрүктүнүн талаасына барганда колунун алдынан чыгып, кан Турсундан алган миң колго сырын айтпастан, калмактан түшкөн көп мал, дүйнөнү бүт бойдон кан Турсундан алган колуна бөлүп берип, ыраазы кылып, жайбаракат жаткырып койгон соң түн ичинде өзүнүн миң колуна кан Турсундан алган миң кишини байлатып таштап, өзүнүн миң кишисин эки абарадан беш жүз төөгө жүктөп, үстүнө чатыр жаап, бир топ кишилерине жетелетип, тескей менен жүрүп олтуруп, Тоңдоку кан Турсундун чебине түн ичинде келип, чептин эшигин кайтарып турган киши аркылуу кан Турсунга кабар кылды: Мен Кашкардан келе жаткан кербенмин. Беш жүз төөдө жүгүм бар коргонун ачтырсын, ичине түнөп, эртең менен канга алым берип, анан жүрүп кетебиз деди. Эшикчи кан Турсунга бул сөздү айткан соң «чепке кирип жатсын» деп уруксат кылды. Эшимкан кербенчи болуп алып төөлөрдүн жүгүн түшүргөн соң, чатыр жапкан аскерлерин таң сүргөнчө буйрук берип, кан Турсундун чебин талкалатып, далай элин кырып жатып үч күн атышты. Үч күндөн кийин кан Турсундун колундагы жакшы көргөн катынына Эшимкан арачы жиберди: Агер көңүлү менде болсо чептин ичине суу кайдан кирет, айтсын дегенде катын айтат: Тоңдун суусунун башынан жер асты менен түтүк (арык) салдырып, чептин ичине киргизген дегенде Тоң суусунун башынан чапан агызып сүйрөтүп жүрүп, чапан бир жерге тыгыла калса «көзү ушул жерде экен» деп, чым томкоруп тыктырып, сууну түтүктөн соолтуп кан Турсундун кырк желдети, өзү баштап, кургакчылык болуп, ички чептен тышкы чебине чыдабай чыга качышканда, Эшимкан кан Турсунду атып өлтүрдү. Катын-балдарын ажыратып алып, катаган деген элди бүтүн тымтыракайын чыгарып, мал, дүнүйө, кыздарын олжолоп, көпчүлүгү менен элди Ооган жакка сүрүп жиберди. Эшимкан кан Турсундун кызын колуна

сактап, өз катындарын жана анын катындарын алып Тоңдо жата берди.

Бул кабарды угуп Түгөл бай: «Шарпкуланы алып кел, жана соога сурап кел» деп Маңгыт деген уулун жиберди (Жумгалдан). Маңгыт Эшимканга (Тоңго) барган соң мындай деди: Бул Шарпкула Түгөл байда экенинде кашаңынан Шарпкула болду эле. Мен сөөгүн тундуруп, үч жылы коё берип, жилигин туюктап минсем, канат жасап учканга чейин ылдам болду. Жана ат ээсин тапканда арбактанып, тулпар экенин ашкере кылды жана Текестен чыгып, Олуя Атага күнүн барып, кайра Өрүктүнүн талаасынан аскеримдин алдынан чыктым, аны менеи катар душманымды жеңип, намысымды алдым. Эми, күчүн деп Түгөл байдан алдым эле, эби келсе башын берсин. Бирок азыр мен алып калганым адамгерчилик эмес. Алып барып бергин деп Шарпкуланы Маңгыттан жетелетти да кан Турсундун кызын кошуп; «аяш атама алып барып бер» деп жөнөттү.

Шарпкула менен кан Турсундун кызын алып келгенде Түгөл бай элди жыйнап, тай союп, тиги кызды мага нике кыйгыла деп алууга ой кылат. Кыз туруп жанындагы кыздан сурайт: Бул эл иминеге котолоп чогулат? дегенде жанындагы кыз айтат: Сени байга алып берет экен, ошого чогулат эл дейт. Анда кан Турсундун кызы айтат, бетин чымчып: Ушундай да көөдөк киши болобу? Ошондон бери (Тоңдон) бирге, болумдуу уул, бойго жеткен кыз жолдош болуп келсек, ээн талаа, эрме чөл болсо, кантип бой кошпой коймок эле деп ойлосо болбойбу? деген экен. Бул сөздү алиги кыз жеңесине айтып, жеңеси энесине айтып, энесинен элге угулуп, элдин бир даарынан Түгөл байга айтылып угулду. Анда Түгөл бай: Кокуй эмесе, балдар болбой калган экен го. Балага нике кыйгыла деди да Маңгытка алып берди.

Кийин Эшимкан Олуя-Атага көчүп, элин чогултуп олутуна барганда Шарпкуланы кайра Эшимканга берип жиберди. Ошо бойдон Эшимканга буудан болуп Шарпкула кала берет.

Эми ошол кан Турсундун кызынан туулган Маңгыттын балдары жогорудагы айтылган Сүйөркул баатыр, Казыгул Эсиркемиш дегендерди тууган. Ошон үчүн, энеси катаган кызы болгондуктан бул үчөөнүн уругу Катаган деп аталып калды.

Эми Казыгулдан... (...)[22]

Курманкожонун экинчи катынынан жолболоттун уруктары:

Жолболоттон Көчөбай, Досой – эки уул.

Көчөбайдан Элке, Эрмек – эки уул.

Элкеден Табылды, Байит, Үсөн, Өтөп – төрт уул.

Табылдыдан Алчын, Үцүр – эки уул.

Байиттен Эсенаман, Атагожо, Байсал – үч уул.

Үсөндөн Итике, Кыдыр – эки уул.

Өтөптөн... Туугандары Чүй жана башка жерлерде,

Эрмектен Жанек... Кооман, Коной – үч уул.

Жапектен Самтыр жалгыз.

Коомандан Байменде, Атабай, Абдыракман – үчөө,

Конойдон тукум жок.

Самтырдан Карымбай, Мамыт.

Эми Кошойдон Маңдибай, Бердике, Сегизээк – үчөө,

Маңдибайдан Элтой, Үчкуртка – эки уул.

Бердикеден Талабай, Султан – экөө.

Сегизээктеи Абылгазы, Шергазы, Жетикушчу.

Булардын уруктарынын атагын Котон деп айтат.

Котон деген себеби төмөнкүдөй:

Курманкожо экинчи катынынын боюнда бар чагында коё берген экен. Анда бир Эрмамат деген уйгур баягы катынды алып, Кашкарга алып кеткенде Сүйөркул баатыр намызданып барып, Кашкардан издеп таба албай, Эрмамат өзү Котендик экен, Котенден катынды алып келет, Баягы боюнда кеткен бала Котенге барары менен туулган имиш, ошон үчүн атын Жолболот деп Сүйөркул баатыр коёт. Бала чонойгондо Котенден келген болчусуң деп жүрүүсү боюнча Котон деп аталып калды.

**Байталчы уругу:** Ушул Котон (Жолболот) менен бир тууган, энелеш агасы Байболоттун уруктары ажыратылат.

Байболоттон Тилемиш, Тогузак – эки уул.

Тилемиштен Токтомамбет, Калча, Түлөгабил – үч уул.

Тогузактан Муса, Эсенкожо – эки уул.

Эми буларды байталчы деген себеби: Илгери жортуулчу баатырлар жылкы тийип келгенде мөөсүлү үчүн Байболотко өңчөй байтал, бээ бергени үчүн Байболотгун тукумдарын «байталчылар» деп коюшту. Демек, качан болсо, мөөсүлдөн жылкымды өстүрөм деп, Байболот өзү каалап, жылкынын ургаачысынан алучу экен. Билбегендер кычы сөз менен башкача түргө жоруп коюшат...

## Төлөк санжырасы

*Инв.№643 (5281) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Илгери Эштектин убагында кашкар элинде кыргыздар көп болгон, ошондуктанбы же башка себептенби кашкар эли кыргыз эли менен жакшы мамиледе болгон. Ошол кезде Эштек кырк баласы менен кашкар элине барат. Кашкар эли ошондо Эштекти өздөрүнө калыс хан болсун деп хан көтөрүшөт. Эштектин өзүнүн баласы Төлөк он бир баласы менен Эштек менен кошо Кашкарга барат. Эштектин хандык убагында Кашкар элинен Эштеке душман боло баштайт. Ошол душмандар Эштектин балдарын өлтүрүү үчүн душмандык кылып чечектин кагын (чечек айыккандан кийин анын карттары-кабыктары күбүлүп түшө баштайт, ошол карттарды-кабыктарды «как» дейт. Ж.К.) суугa эзип беришет. Ошондо Эштектин кырк баласы чечек менен ооруп кырылып калат. Төлөк Кашкар элинин душман боло баштаганын билип атасы Эштек-

ти жана өзүнүн он бир баласын алып кайра кыргыз элине качат. Ат жок болгондуктан Эштек өзү баш болуп он үчү тең эшек минип качышат. Эштек эшек минип качкандыктан эл ичинде «Эштек эшек минди, балта түйтө (балта мокоп тултуйду) болду, баатыр болсоң, Солто камчылан» деген сөз калат. Ошондон «Эштек эшек минди, балта түйтө болду» деген лакап калат. Ошондо Солто Эштектер менен Кашкар элине барбай өз айылында калган. Ошондуктан Эштектин күчү кетти. Солто сен Кашкарга каршы күрөшкө чык деп Солтого айтышкан. Эштектер эшек минип келе жатышканда алдынан (жолунан) жайылып жүргөн калмактын жылкылары көрүнүп калат. Аттуу болуп алалы дешип Төлөк он бир баласы менен баягы жайылып жүргөн калмактын жылкысына тиет, ал жылкыны элине айдап келишет. Калмактар жылкысын таанybасын үчүн Төлөк жылкыга эн салдырат, тамга бастырат. Ошентип малга эн салуу, тамга басуу Төлөктөн калат. Жылкынын өңү, түсүн буруу үчүн жылкынын денесине ысык суу чачтырат, ысык суу тийген жердин жүнү жыдып түшөт, алардын ордуна ак жүн чыгат. Тору ала, кара карала болуп калат. Эн тамга салынган менен өңү бурулбаган жылкыларды жылкысын издеп жүргөн калмактар бул менин жылкым, буларга энди ким салган, тамганы ким баскан деп кысымга алат. Ошондо кыргыздар бул энди Төлөк салган, тамганы Төлөк бастырган дешет. Калмактар Төлөктү чабат. Ошондо Төлөк жана анын жети баласы же колго түшүп туткун болгону, же өлтүрүлгөнү белгисиз жок болуп кетет. Төлөктүн Асан, Үсөн, Эдиге жана Дөрөй деген төрт баласы мында калат. 1) Асандын тукумунан баш көтөргөн жакшысы Шамен баатыр болот. Шамен баатырдын айылы Жеңиш совхозунда (Аламүдүн району) да (Кара-Молодо) жашайт. Шамендин өз тукумунан совхоздо жыйырма түтүн бар. Жалпы Төлөк уруусунан жүз түтүн бар. Шамен баатыр Байтиктин убагында казактар кыргыздарга кол салат, ошондуктан казактарды тосуп олтурайын

деп казак менен кыргыздын чек арасы «Агала-Таш» деген жерде (Чүй дарыясынын боюнда Казакстандын Кордай деген районуна караштуу Черный речка кыштагында) жашаганы көчүп келип, ушул «Агала-таш» жеринде Шамен баатыр карып болжол менен жетимиш-сексен жаш курагында ооруп дүйнөдөн кайтат. Канай уулу Байтик Шамен баатырдын дүйнөдөн кайтканын угуп, Шамен баатыр казактарды кыргыздарга кол салдырбай элин, жерин коргоп жүргөн киши эле, анын сөөгүн казактар алып кетпесин, Шамен баатырдын сөөгүн кыргыз ичине алып келип көмүш керек деп Шамен баатырдын сөөгүн алдырып келип, Фрунзе шаарынын күн батыш жагындагы Чала-Казактын түндүк жагындагы Ак-Чийге койдурат. Ошондон кийин ошол Ак-Чий жери Шамендин Ак-Чийи деп аталып калган. Аламүдүн району «Аламүдүн совхозу» Баш-Кара-Суу кыштагында Төлөк уулу Асандын жыйырма чакты түтүн тукуму бар, мисалы, Итпай уулу Сарыказак, Тойгомбаев Темираалы ж.б. Асан тукумунан Калинин району Тельман колхозу Кум-Арык кыштагында жыйырмадан ашык түтүн бар. Мисалы, Эсирке, Үрүстөм, Ысрайыл, Ысматилде ж.б. Асандын Ажым, Чокон жана Күчүк деген үч бала болот. Ушул «Кеңеш» совхозунда, Баш-Кара-Суу кыштагында жана Кум-Арык кыштагында жашаган Төлөктөр бүт Ашым тукуму. Чокондун тукуму «Кеңеш» совхозунда жана Москва районунун Төлөк совхозунда (Үч суунун куйганында) жашайт. Күчүктүн тукуму Кум-Арыкта жана Үч-Суунун куйганында жашайт.

2) Үсөндөн Коңурат, Коңкош жана башка бала болот. Коңураттан баш көтөрүп Чынык баатыр чыгат. Чынык баатырдын эли Москва районунун Төлөк совхозунда (Үч-Суунун куйганында) жашайт. Булар жетимиш-сексен түтүн келет. Коңкош тукуму Фрунзе шаарынын күн чыгышындагы Төкөлдөш кыштагында жашайт, алар он беш-жыйырма түтүн эл жана Үч-Суунун куйганында да бар. Коңкоштун тукумунан Мамыраалы, Кыдыраалы жана Төлө

дегендер жакшы чыккан. Төлөдөн Аскар Төлөев композитор болуп чыкты.

3) Эдигенин тукумунан Айдаке, Туруке (Турдуке – *ред.*) деген төө көтөргөн чоң таман балбандар чыккан, бул тукумдар Аламүдүн району «Аламүдүн» совхозу Баш-Кара-Суу кыштагында жашайт, булар да жыйырма чакты түтүн келет.

4) Дөрөйдөн тукум барбы же жокпу белгисиз. Нарын облусу Кочкор районунун «Чолпон» совхозунда да төлөктөр жашайт. Бул Төлөктөр Асан, Үсөн, Эдиге жана Дөрөйлөрдүн кишисинин балдары экени белгисиз жана алар канча түтүн экени да белгисиз. Ош облусунун Жалал-Абад тарабындагы Массыда бир айыл төлөк жашайт. Кытай мамлекетинин Текес деген жерде жашаган калмактарда да төлөк эли жашайт. Ал төлөктөр биздин бул Кыргызстандагы жашаган Төлөктөрдөн көп калк. Ал төлөктөр Төлөктүн өз баласы Саманчыдан таркап чыккан эл, бирок Төлөк Эштекти Кашкардан алып качып келе жатканда калмактардын жылкысына тийгенден кийинки калмактар жылкысы тууралуу кыргыздар менен урушканда белгисиз жоголуп кеткен Төлөктүн өзүнүн жети баласынын тукуму деген ой болжоо бар. Бул төлөк элинин санжырасын Жумабаев Алымбай 1928-1929-жылдары Шамен баатырдын өзүнүн баласы Төрөкелди дегендин уулу Акматтан уккан. Акмат ошол жылдары отуз-кырк жаштарда болгон. Акмат бул санжыраны Түлөбердинин уулу Карбос, Карбостун уулу Кенесары, Кенесарынын уулу Жантайдан жана өз атасынан уккан.

## Оболу Санчы санчы

*Инв.№643 (5281) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Оболу демек олуя деген сөз. Санжы өз аты болуп, *-жы* мууну сынчыга кошулганда *-чы* өтүп кеткен. Кыргыз оболу машайык деп айта беришет. Санчы

сынчы XVШ кылымдын биринчи жарымында болгондугу болжолдонот. Кыргыз эли Санчы сынчыны эң сүйүп ошол күндөн ушул күнгө дейре унутпай айтып жүрүшкөндүктөрү анык. Санчы сынчы кайсы улуттан экендиги белгисиз, бирок кыргыз урууларынын ичинде жүргөндүгү анык.

Санчы сынчыны кыргыз урууларынын эл бийлеген бийлери, зор аксакалдары тынымсыз чакыртып сынаткан. Ар уруунун азыркы кай бир сөздүн жөнүн билген кишилери Санчы сынчы балан бий жана баатырдын келечек тукум-укумдарына чейин сынагандыктарын айткандарынын бардыгы ырас болгондугун айтышат.

## Санчы сынчы Болот бийди сынаганы

*Инв.№643 (5281) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Сарыбагыш уруусунан болгон кадимки Үчүкө, Түлкүнүн Үчүкөсүнөн Маматкул, Дөөлөт, Кубайберди аттуу үч уулу болот.

Маматкулдан Темир, Болот эки уулу болот. Болот бий даңктуу бий болуп Ысык-Көл, Чүй, Тянь-Шандагы кыргыз урууларын бийлейт.

Болот бийдин беш уулу болуп, бардыгы начар болуп калгандыктан беш күрөң аталып калат. Күрөң демек жөнөкөй деген сөз. Болот бийдин уулдары жөнөкөй болуп калды деп эл да жыш айтып жүрүшөт.

## Таалаке тууралуу

*Инв.№643 (5281) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*317.04.1980*

Сарыбагыш ичинде Чагалдак деген начар жана аз бир уруу болот. Андай урууну кыргыз букара деп

атаган. Чагалдак уруусунда Таалаке аттуу жесир аял болуп, Бугу уруусунун Тынымсейитинин Бешбала деген аз элдин Буржук дегендин кызы экен. Санчы сынчы бир күндөрдө Темирге айтат: «Өзүңдүн элиңде Таалаке аттуу бир жесир аял бар, ошону алсаңчы, тукуму көп жана акылман баатырлар чыгат» дейт. Темир «Ошол дардайган кара катынды кантип алайын, албайм» дейт. Санчы сынчы Болот бийге келип айтат: «Чагалдактын жесири Таалакени Темирди ал деп айтсам, жаа бою секирип бышкырык атып болбоду. Темир экөөңдүн бириң алсаң тукумунан кыргызга чеге боло турган сонундар чыгат. Башка киши алган менен сонундар чыкпайт, экөөңдүн бирөөң болсо гана болот!».

Болот бий санчы сынчынын өзүнө кулак коюп айтат: «Сынчым кана кандай сонундар чыгарын бир баштан терип айтчы», – дейт Болот бий. Санчы сынчы Таалакеден көргөн сынын бир баштан берип айтат: «Болот бий Таалакени алсаң адегенде эркек бала төрөйт. Ал бала жатын чайкаар болот. Таалакенин жатыны кир ошондуктан жатын чайкаар болуп анын тукуму момун гана байлар болот.

Жатыны тазарганда экинчисинде дагы эркек бала төрөйт, ал баш койкоң болот. Акылман баатыр болуп, бет алышкан душмандарды талкалайт. Тукуму эң көп болот. Баш койкоңдон ат качырбас боз айгыр туулат. Четке бир киши чыкпастан ошонун айланасында топтолот. Элди коргойт. Ат качырбас боз айгырдан жалдуу барак туулат. Бул кандык наам алат.

Жалдуу барактан убара чаркөө орунсуз иштерди кылган жинди канкор туулат. Буга сыймык токтойт. Мунун тукуму да көп болот. Бул Таалакеден маңдайы жарылган баатыр, таңдайы жарылган чечен, бармагы жарылган чебер чыгат. Булардын доорлору аяктаганда жалдуу барактын тукуму темир усталарына айланып кетет.

Эң акырында Кубалай баштуу Куу аркар, чабалай баштуу чап жаактуу чыгат. Мына ушунун убагында

бул тукумдан мүсүрат кетет. Төмөнкү таптар башкача айтканда букараларга бийлик өтөт дейт. Санчы сынчы убагында оң колунун шадысын маңдайын калкалап күндүн чагылышына карагандай карап айтуучу экен. «Эми көзүм жетпей кетти, жердин бети жылдыздаган жарык болуп, ар түрдүү дооштор угула башталды» дейт. Азыркы жүрүп жаткан техниканы айткан көрүнөт.

Эскертүү: Болот бий Санчы сынчыга мындай суроо берет: «Айткан айыптын келечекте боло турган иштеринин бир белгисин азыр көргөзсөң кантет» дейт Болот бий.

Жайдын күнү эл жайлоого көчкөн мезгил экен. Санчы сынчы Болот бийди жанына алып көч чубап өтө турган жолдун боюна, Семиз-Белде бир дөбөчөгө түшүп отурушат. Көч чубап өтүп турат. Көчтүн артында чолок кара уйга алачыгын арткан, колунда таягы бар, этегин кайра түргөн аңырайган кырк жаш чамалуу келген кара зайып жөө келет. Уюн байлап салып отуруп заара кылып жөнөп кетет. Санчы-сынчы Болот бийге айтат: «Мен айткан Таалаке ушул, азыр барып заара кылган жерди көрөбүз деп Болот бийди алып барат. Как жерге заарасы канча бою кирип кеткендигин көрүшөт.

Санчы айтат: «Бул Таалаке аялдын тукуму уу чыгат, Болот бий тартынбай алгын» дейт. Болот бий сынчынын айтканына макул болуп, той өткөрүп Таалакени алат.

### Жатын чайкаар / Салыбек

*Инв.№643 (5281) 3-дептер*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Таалаке Болот бийдин казанын кармап кеңири турмушка өтөт. Боюна бүтүп эркек бала төрөйт. Атын Салыбек коюшат. Кир болгон жатындан чык-

кандыктан ал өзү жоош гана киши болуп, бай болот, тукуму да коңур момун болуп, Салыбек уулу аталып Кочкордо турушат.

**Баш койкоң / Эсенгул**

*Инв.№643 (5281) 3-дептер*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Таалакенин экинчи боюна бүтүп дагы эркек бала төрөп, ал баланын аты ким коюлгандыгы белгисиз. Жайлоо убагында Болот бийдин айылы жакадан жайлоону карай көчөт. Таалаке кулундуу бээ минип, баласын бешикке бөлөп, өңөрүп жөнөйт. Бир убакта бээ жулунуп илгери кеткен кулунун көздөй ээ бербей жөнөгөндө Таалаке баланы бешиги менен чийдин арасына ыргытып жиберип көч менен кете берет. Көчкөн айыл конушка конуп, үйлөр тигилип жаткан убакта, дөңгө түшүп отурган Болот бий көзүн салып «Ээ, Таалакенин бешиги көрүнбөйт ко!» дейт, Таалакеден «Балаң кайда?» деп сурашса бээ ала качканда чийдин түбүнө ыргытып жибергендигин айтат. Мындай сөздү укканда Болот кокуйлап жигиттерин ээрчитип мылтыктарын алып шашып жөнөшөт. баланы ыргыткан жерге баргыча түн кире баштайт. Болот бий баштап баргандар мылтык аткылашып таң атырат. Чийдин арасында бешиги менен бала аман жатат. Жаңы тууган бир элик тайтайып туруп балага эмчегин эмизип турган болот. Кишилерди көргөндө элик басып чыга берет. Бала кыпкызыл болуп тердеп, оозунан ууз куюлуп жаткан болот. Болот бий баланы аман таап алып чоң той берип, эсен табылды деп атын Эсенгул коюшат. Калың эл бул бала тегин бала эмес деп айта баштайт. Эсенгул бою узун, шыңга, көзү кыргыйдын көзүнө окшош болуп акылман жана баатыр чыгып кыргыз урууларын сырткы душмандардан коргойт. Казактын

Абылай каны, Катагандын каны Садырды Берди кожо деген баатырына карматып барып өлтүрөрдө мындай сөздү айтат:

«Ылаачын арыш, кыргый мээ,
Болот бийдин Эсенгул,
Айткыла менин кебимди,
Кызы талак калмак төрөдөн,
Ала көрсүн кегимди!»

Абылай кандын түбү нагыз монголго барат экен. Санбарак деген баатырын Абылай кан түмөндөгөн кол менен кыргызды чабууга аткарат. Санбарактын колу Кочкор бетине барып киргенде белде бир Кочкор жүрөт аны кармап алышып соймокчу болушканда бир карыясы айтат: «Бул кочкорго тийип болбойт, бу жердин аты Кочкор, бул колдоп турганы» десе да болушпай кармап алып союшат. Ошо замат батыш тараптан таш учурган катуу бороон болуп, колдун алапайын куурат, Эсенгул баштык кыргыздын колу Санбарактын колуна саят. Өлгөндөн калгандары жөө чубашып кетет. Айтак аттуу бир баатыр азыркы район турган Кара-Коо /Кочкор/ селосунун түштүк жагындагы чапка бекинип жаткан жеринен Эсенгул таап алат, Айтак ак бараң мылтыктын оозун өбүшүп достошот, аман кое берет, ал чап азыр да Айтактын чабы деп аталат.

Эсенгулдан Садырды кармаган Абылай кандын Бердикожо баатыры да кол менен келип жеңилип өлүм болот.

Эсенгулдун байбиче зайыбынан сегиз уулу болуп аттары булар: Куттуксейит, Кубат, Абдыракман, Шооруk, Базаркул, Назар, Ниязбек, Карасарт. Булар Эсенгулдун сегиз беги деп аталып келинген. Ар кимисинин тукумдары көп болуп, Кочкор, Нарын, Атбашы жерлерине турушат. Эсенгулдун токол зайыбынан болгон балдары чала манаптар деп айтылып, букара катарында калган.

Ат качырбас Бозайгыр (Ниязбек) сынчынын айткан ат качырбас боз айгыр деген Ниязбек болуп,

ал эч бир четте чыкпаган, ага айланып турган болот. Эч бирөөнү колдобогон адилет болот. Ниязбектен да сегиз уул болуп аттары булар: Бердикожо, Бердибек, Ормон, Субан, Ажы, Шатан, Кожобек, Ырыскубек, булар Ниязбектин сегиз бек деп аталып келген. Токол аялынын балдары чала манап деп аталган.

Жалдуу барак (Ормон) Ормондун кежигесинен куйругуна чейин жалы болгон. Ормон кан атын алып сырткы душманга сокку урган. Абылай кандын уулу Касым кандын Кененсары, Норузбай деген канкор баскынчы төрөлөр чыгып, үч жүздүн казагын тынымсыз чаап, акыры сансыз кол менен келген экен. Ормондун кайраты жана акылмандыгы менен төрөлөр жеңилип, Кененсары, Норузбай, Эржан, Сарыжан төрөлөр өлүм болушат. Казак кыргыз элдери тынчтык табышат.

Убара Чиркөө (Үмөтаалы) Ормондун бир канча уулдары болуп, эң улуусу Үмөтаалы болуп, бул барып турган канкор эч бир жазыксыз кишилерди болбогон шылтоолорду колдонуп өлтүрө берет. Үмөтаалыдан да он төрт уул болуп, аягы темир усталыкка айланат. Үмөтаалы балдарынын аттарын жалаң таш коёт: Оттукташ, Көкташ, Жайташ ж.б. Үмөтаалынын өзү темир устасы болуп уулу Оттук таш эң даңктуу уста болот. Оттукташтан Санташ, Балташ, Шамсидин деген уулдары болуп, барденке соккон, кемелер жасаган усталар эле. Санташ, Балташ 30-жылдардын ичинде каза болгон. Шамсидин азыр да бар жетимиш жаш чамалуу. Үмөтаалынын уулдарынын кыздары да уста болгон. Сынчынын айткандарынын бардыгы ордунан чыккандыгын түндүк Кыргызстандагы карыялар какшап айтып келишкен.

Жердин жылдыздан жарык болуп кетти деген азыркы жүрүп жаткан техниканы айткан көрүнөт.

Маңдайы жарылган баатыр (Субан) бул армандуу такаган чексиз баатыр болгон. Субандан Адыл, Мусаке. Адыл да зор баатыр болуп падышалык өкмөт тарабынан өлтүрүлөт. Мусакеде Байгазы зор манап

болуп эл бийлейт. Байгазыдан капсалаң, Эсенгул экөө да зор манаптар болгон Капсалаң 1906-жылы Мекеге барып өлөт.

Таңдайы жарылган чечен (Бердикожо) мунун тукуму жөнөкөйлөр болуп калат.

Бармагы жарылган чебер (Бердибек) мунун тукуму да жөнөкөй болуп калат. Кожобек тукуму да жөнөкөй болуп калат.

Ниязбектин сегиз бегинин эң кенжеси Ырыскулбек болуп, андан да бир канча уулдары болуп, Осмон, Кайдуу деген уулдары мыкты чыгып эл бийлейт.

Кубалай баштуу куу аркар (Чоко) Кайдуудан Чоко он беш жашынан атка минип болуш болгон эң акылман жана сөз тапкыч чечен. Сабырлуу, элчил, эч ачууланбаган, эч бир кишиге жаман айтпаган маданияттуу газет, журналды үздүксүз окуган. Жүрүш-турушу эң таза болгон. Падышалык өкмөт Чокого көп асылып суддап айдап турган. Казакстанга айдалып барганда Ленинге жолугуп партияга партбилет алгандыгын эл айтышат. Анжиянга да айдалган. Уулу Казыны эң жаман көргөн элди кыйнап жатат деп. 1913-жылы Атбашыда дүйнөдөн кайткан. 58 жашында. Кыргыздын эли Чокону мырза деп жакшы көрүшкөн. Чокого көп элди чакырып чоң аш берилген.

### Чабалай баштуу, чап жаактуу (казы)

*Инв.№643 (5281) 3-дептер*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*17.04.1980*

Санчынын айткан Чабалай баштуу чап жаактуу, куу кулак деген Чоконун уулу Казы болуп, бул эң курч, ачуулуу, элди тынымсыз каардаган күндө чыгым салып шайын кетирген. Чыгым таап бере албаган кедейлердин аялдарын баштарын ачып асып, койлор алган, ошондуктан атасы Чоко жаман көрөт. Казы 1930-жылы Оренбургга айдалып барып өлгөн.

Ниязбектин жана башка аялдарынан да уулдары болуп дагы бир аялынан Түлкү болуп жигит убагында капыстан качырып чыккан жолборстун мээсин мылтык менен чыгара чаап өлтүрөт. Түлкүнүн Төбөй уруусунан алган аялынан Кооман, казак аялынан Тезекбай экөө да чоң манап болуп эл бийлеген.

Ниязбектин Жаман деген уулунан Качы, андан Мамбет, андан Касымаалы бу да зор манап катарына өтүп, элин каарып отурган. 16-жылдын көтөрүлүшүнө айылы менен Кашкарга үч күн барып эки ай чамасында кайта келип, дарга тартылган. Тууганадары пасылкадагы орустан өлтүрүлгөндүктөн Момунаалы, Бочунаалы дегендер, алар да тартылат.

Эсенгулдун эң улуу уулу Кутуксейиттен Шамен эң адилет элчил, акылман киши болот. Шамендeн Байтерек андан Балбак бул чектен тыш залим болгондуктан Кубат уулу Муратаалы Балбак болушту койчо мууздап өлтүрөт.

Эскертүү: Эсенгулдун сегиз беги жана Ниязбектин сегиз беги беш болушка толуп, болуштун атарын аталарынын аттарына бекиттирген. Ажы эли, Субан эли, Эсенгул эли. Сегизбектер элди элчилеп алышкан.

## Санжыра (Бугу уруусу)

*Инв.№643 (5281)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Кылжырдан Ороспакты жана Дөөлөс деген эки уулу болот. Ороспактынын Арык, Асан, Кара жана Мырзакул деген төрт уулу болот. Үч агасы Мырзакулду келинчек ал дешип кыз тандоо үчүн кыргыз элин – оң, солду бүт кыдыртат. Мырзакул эч жерден кыз жактырбай элди кыдырып жүрө берет. Мырзакулдун жыйырма жылкыны коштотуп алган жыйырма жигити биттейт-куштайт, арыйт, ач болот. Мырзакул катын алат деп жүрүп биттеп,

куштап өлөбүзбү дешип Мырзакулдун жыйырма жигити бирлеп, экилеп качып олтуруп бүт баары качып кетип калышат. Мырзакул жалгыз калат, жыйырма жылкысын союп жеп жүрүп түгөткөн, аты чарчаган. Атын тыныктырып алуу үчүн Мырзакул Ала-Мышык тоосунун талаасына келип бир нече (он чакты) күн өргүп жатат. Тоолорго чыгып кекилик жана башка илбесиндерди жаасы менен атып жеп оокат кылып жүрөт. Бир күнү Мырзакул бир өндүр бойлоп ууга чыгып баратса бир кыз сууга киринип жатат. Мырзакул ошол кызды кармап алат, ал кыз тоо жаныбарларынын терисин жамынып жүргөн, кийими жок, кам эт жеген, денесинде түгү болгон. Ал кызга Мырзакул чепкенин кийгизет, да аны атына учкаштырып алып үйүнө алып келет. Эки жеңеси (Асан менен Кара мырзанын катындары) кайдагы сандырактаган, эч нерсе билбеген жапайы немени алып келди дешип Мырзакулду жаман көрүшөт, кызды жактырышпайт. Арык мырза сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу деген, өзү сүйүп алып келди, тим койгула, өзүн бөлүп башка үй тигип бергиле дейт. Мырзакулга башка үй тигип берип келинчеги экөөнү ошондо бөлүп коюшат. Мырзакул өзүнчө оокат кылат. Бир күнү Асан мырза менен Кара мырза экөө тоого ууга чыгышмакчы болушат. Бул экөөнүн кийикке чыгарын билип Мырзакулдун келинчеги тигил эки жеңесине акем эртең кийике чыгат, ошондо бооз, аркар атат, ошол аркардын төш терисин төшүнүн башынан баштап эмчектерин айланта сыйырып, ошол терини эмчектери менен мага алып келип берсин, акеме айтып коюңуздар дейт. Ал эки катын Мырзакулдун келинчегинин сөзүн келиниң ушундай деди деп эрлерине айтышат. Асан мырза аркардын эмчегинин ага эмне кереги бар экен, биздин бооз аркар атаарыбызды ал кайдан билет экен деп көңүлсүз жооп берет катынына. Асан менен Кара мырзалар аттанып-тондонуп, кийикке чыгышат. Тоону аралап баратышса алдынан бир топ

аркар чыгат, андан бир аркар атышат. Асан мырза Кара мырзаны муузда дейт. Аркар бооз болот. Кара мырза аркар бооз экен, келиниң бооз аркардын төшүндөгү терисин эмчектери менен сыйырып келип берсин дебеди беле, ал эсиңизде барбы дейт. Асан ал олуя болуп калыптырбы, ага аркардын эмчегинин эмне кереги бар экен, ал дөөдүрөй берет да, унутуп калыптырбыз деп коебуз, мууздай бер деп аркарды мууздатат. Аркардын терисин, ичеги-кардын таштап этин үйүнө алып келишет. Мырзакулдун келинчеги кайнагаларынан аркардын эмчегин жеңелери аркылуу суратат. Асан мырза менен Кара мырза эсибизден чыгарып коюптурбуз деп жооп беришет. Ошондо Мырзакулдун келинчеги эки кайнагасын тукуму төрт түтүндөн ашпасын деп каргап жиберет. Күндөрдун биринде Арык мырза ууга чыкмакчы болот. Мырзакулдун келинчеги Арыктын аялына акем ууга барат, бооз аркар атат. Ошол аркардын төш терисин эмчеги менен сыйырып мага алып келип берсин дейт. Ал келиндин сөзүн Арык мырзага айтат. Арык мырза ууга чыгып кетет. Бир ойдо бир топ аркар чыгат. Андан бир аркар атат, ал аркар келини айткандай бооз чыгат. Арык мырза менин бооз аркар атарымды кантип билди, мунун терисин эмчегин айланта сыйырып алып барып берейин дейт да төш терисин эмчегинин айланасына чейин сыйырат. Аркардын этин жана эмчегин алып үйүнө келет. Эмчекти келиниме берип кой деп берет. Аялы эмчекти келинине алып барып берет. Келин акемдин тукуму өссүн, өнүп өсүп көгөрсүн деп алкайт. Келининин алкаганын төкпөй-чачпай Арык мырзага айтып барат. Арык аялына келиним аркардын эмчегин эмне кыларын байкап билгин дейт. Арыктын аялы күн-түн дебей келинин аңдып калат, бир күнү кечинде боз үйдүн бир жерин ачып шыкаалап карап турат. Мырзакул тамагын ичет, келинчеги экөө жатышат. Мырзакул уктап кетет, келинчеги төшөгүнөн турат, шамды жагат, жүктүн бурчуна коюп койгон эмчекти алып,

төш жагын керегенин башына илет, эмчегин ылдый салаңдатып калат да эмчекти эме баштайт, эки ууртунан буркулдап көбүрүп көбүк чыгат. Эмчекти ээмп болгондон кийин терини тышынан бөктөп жүктүн бурчуна коюп коет да өзү акырын барып жатып алат. Арык мырзанын аялы барып көргөндөрүн эрине бүт айтат. Арык мырза кытайлар, калмактар кыргызды чаап жоокерчилик кылган кезде бул келин талаага калган кыз окшойт, ошондон жапайы айбандарды ээмп чоңойгон жана ошондуктан айбанзаада болуп калган, кам сүт ичкен, кам эт жеген, ошонун натыйжасында денесине түк чыккан болуу керек. Эми Асан, Кара жана алардын аялдары эмне десе ошо десин, бирок сен жаман айтып келиндин көңүлүн калтырбагын, аны боюңа тартып, жакшылап, билгениңди айтып, ар нерсеге үйрөтө бергин дейт аялына. Мырзакул бугу аялынан Алымсейит жана Тынымсейит деген эки уулдуу болот. Алымсейиттин тукуму Ысык-Көлдүн күңгөйүндө жашайт. Тынымсейиттин тукуму Нарында жашайт. Бул эки атанын тукуму чоң энеси Мырзакулдун байбичесине байланыштуу бугу уруусу аталып кеткен. Алымсейиттен тарап келип, ал тукумдан Балбай жана башкалар мыкты болуп чыгат. Тынымсейит тукумунан тарагандарынын ичинен Чоко жана башкалар мыкты болуп чыгат. Арык мырзадан тараган тукумдан Кыдыр аке, Калыгул, Кыдыктар мыкты болуп чыгат. Арык тукуму Тоңдон Нововознесеновкага чейин жашайт. Асан мырза менен Кара мырзанын тукуму азыр да айыл эмес, бир звеного да жетпейт.

## Бугулардын Ат-Башыга оогону

XIX кылымда бугулардын (алардын ичинде арык, белек) Текестен көчүрүлүшү менен мал дагы, жан дагы жабыркайт. Ошол Текестен көчүп келген Өмүрзак, Карач дегендер көп үйүр жылкысы менен Ат-Башынын чыгыш жагына отурукташат.

Алар менен жергиликтүү уруу башчысы Матайдын ортосунда наразылык чыгып, Матай Көбөн деген жайчыны эрте жазда күндү жайлаттырып, алардын жылкысы бүтүн кырылат. Бугулар жөө-жалаңдап, Ысык-Көлгө кайрадан жөнөшөт.

## Наалы эже

*Инв№704 (5342) 2-3-дептер 54-63-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*(6 жука дептер)*

Адигине, Тагайдын бир трууган эжеси Наалы эже кыркка чыкканча эрге тийбейт. Эки иниси үйлөнүп бала-чакалуу болушат жана экөө тең кеп-сөз билги, эс-акылдуу болуп мыкты чыгышат. Бирок экөө тең эжесинин эрге тийбей жүргөнүн эстерине алышпай жүрө беришет. Бойдоктуктан Наалы эже ошол кезде бүткөн боюна жара чыгып ооруга чалдыга баштайт (бүткөн боюна жара чыгууну эл эр менен жатпагандыктан деп билишет – *Ж.К.*). Наалы эженин инилери элден-журттан тамырчы, табып таап алып келишип, Наалы эжени көрсөтүшөт. Ал табыптардын эч кимиси Наалы эжени эм-домун кылышса да жарадан айыктыра алышпайт. Эл болсо «кайран киши эки инисин багамын деп олтуруп никесиз кетти» деп сөз кылышат, эжесин эрте тийиңиз деп айтууга жарабады деп эки инисин ушакташат. Ошол кезден мурунураак түрк элинин ханынын аялы каза болот, ал аялдан Көкө (улуусу), Дайыр (кичүүсү) деген эки бала жетим калат. Хан аял алат, бирок ал аял эки балага өч болот, бул эки баланы ал аял ханга жамандап чагымдап турат. Хан аялынын чагым сөзү менен өзүнүн эки баласын кор кыла баштайт. Эки бала (Көкө менен Дайыр) атасынан үмүттөрүн үзүшүп бир өгүздү минип учкашып алышып айлынан качып чыгышат. Бул экөө кайыр сурашып тентип

олтуруп, дубаначылык кылып жүрүп Адигине, Тагайдын айылына келет. Адигине менен Тагай «жаш дубана экенсиңер, биздин бир Наалы деген эжебиз ооруп жатат, ошол эжебизди көргүлө, эм-домуңарды кылып айыктырып бергиле» – деп экөөнү үйлөрүнө ээрчитип келишет. Көкө Наалынын денесиндеги жараларды көрө баштайт, Наалынын этек-жеңин ачып жараларга эм-домун кыла баштайт. Ошентип олтуруп Көкө бир нече күндөн кийин жаралардан айыктырат. Адигине менен Тагай эжесинин айыкканынан көңүлдөрү шат болуп, Наалы эже бизди багып чоңойтомун деп жүрүп ушул жашка келдиңиз, күйөөгө чыгып бай да күтпөдүңүз, биз да сизди күйөөгө чыгыңыз деп айтбаппыз, ал айып бизде, аз айып көп күнөөбүздү кечириңиз, сиз эми эрге тийиңиз дешет. Ошондо Наалы эже: «Инилерим, мени эрге тийиңиз деп жатсыңар. Болуптур, эрге тиейин, бирок менин этимди эч ким көргөн эмес, бир гана күн жана жылдыздар көргөн (суруга киргенде) жана этегимди шамал гана ачкан, эми эм-дом кыламын деп этимди Көкө көрдү, ошондуктан ушул Көкөгө тиейин» дейт. Адигине менен Тагай Көкөгө тийсеңиз тийиңиз дешип макул болушат, атайы үй көтөрөт (жаңы боз үй жасатат). Ал үйдүн ичин жасалгалап келиштирет, кооздойт. Ошентип жатып Адигене менен Тагай Наалы эжени Көкөгө беришет. Ошондо эжеме чай кайнатып берип жүрсүн деп Адигине менен Тагай калмактан колго түшкөн Дор деген күңүн кошо берет. Дор Көкөнүкүндө жүрүп, кимден экени белгисиз боюна бүтүп калат. Наалы эже туубас чыгып калат. Ошондуктан Наалы Дордун боюна бүткөнүн көрүп ичине бир нерсени эл боюнда бар экен деп айтсын деп торсойтуп байлай баштайт, Дордун ичи чоңойгон сайын Наалы да ичин чоңойто баштайт. Бир күндөрү Дор толгото баштайт. Наалы эже Дор төрөгөндө ал үйгө эч кимди киргизбейт. Дорду аман-эсен төрөтүп алат, өзүнүн ичиндеги торсойтуп жүргөнүн чечип ыргытып жиберип, баланы жууп, тазалап ороп-чулгап өзү багып алат. Баланын

атын Оңол коет. Дор Наалы эжеге: «Наалы эже, баланы мен төрөдүм эле, менин атым чыкпай калабы?» дейт. Ошондо Наалы эже: «Анын да туура, сенин да атың өчпөсүн баланын атын Оңолго Дорду (сенин атыңды) кошуп, Оңолдор деп коелу» дейт. Дор ага макул болот. Ошону менен баланын аты Оңолдор болуп калат. Бирок кийин кандайдыр бир себеп менен Оңолдор деген моңолдор деген сөзгө (атка) айланып кетет. Бул баладан моңолдор уруусу чыгат. Наалы эжеде мындан башка бала болгон эмес.

### Солтонун күлүк аты жана Чаа

*Инв№704 (5342) 2-3-дептер 54-63-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*(6 жука дептер)*

Эштектин баласы Солтонун күлүк аты болгон, аны бир баатыр (бул баатырдын атын бул санжыраны айтуучу киши унутуп койгон Ж.К.) Солтодон үч айга күлүк атыңыздын майын (күчүн) берип туруңуз дейт. Солто алсаң алгын деп макул болот. Ал баатыр Солтонун күлүк атын алат, ал атты минип алып, жоокерлерин ээрчитип алып калмакка барат, аларды чабат. Ошондо калмактын ханынын кызы колго түшөт, ал кызды ал баатыр үйүнө алып келет, өзүнө аны күң кылып алат. Солтонун күлүгүн болсо, эч кимге көрсөтпөй жер тамга баккын деп бир жигитине берет. Ал жигит ал күлүктү эч кимге көрсөтпөй жер тамга баккын деп өзүнүн бир жигитине берет. Ал жигит ал күлүктү эч кимге көрсөтпөй жер тамга бага берет. Үч ай мөөнөткө алган күлүк атты кайра Солтого берүүнү баатыр унутуп коет. Солто менин күлүк атымды алган баягы баатыр үч ай эмес, бир жыл болуп калды, ушул күнгө чейин атымды бербейт, атым аман-эсен барбы же жокпу барып билип келчи деп бир жигитин баягы күлүк атын алган баатырга жиберет. Ал жигит баатырдын айылына келет,

келсе ал баатыр элине үлүш берип жаткан экен, бул жигит ошол жерде жүргөн адамдардан баатырыңыздар кайда, барууга уруксатпы дейт. Анда бирөө сиз ушул жерге тура туруңуз, мен баатырга барып уруксат сурайын деп ал баатырга барат, ал сизге бир киши келди, келсинби дейт. Баатыр келсин дейт. Ал жигит кайра келип, Солтонун жиберген жигитин баатырдын үстүнө алып келет. Баатыр Солтонун жиберген жигитин: «Сен ким болосуң, сени мага ким жиберди?» дейт. Тигил жигит: «Мен Солтонун жигитимин, мени сизге Солто жиберди, Солтонун күлүк аты аман-эсен барбы?» дейт. Баатыр: «мен баса ал күлүктү кайра берүүнү унутуп койгон турбаймынбы, ал күлүктү үч ай мөөнөткө сурап алганмын, азыр үч ай эмес, бир жыл болуп калды. Солтого уят болгон турбаймынбы». «Ээ ат багар, баягы күлүк ат барбы?» деп атты жертөлөгө бактырып койгон жигитинен сурайт. Ал жигит күлүк атыңыз бар, аман-эсен жертөлөдө турат дейт. Баатыр атты бактырган жигитине күлүктү токуп туруп мында алып келгин дейт. Жигит барып күлүк атты токуп келет. Баатыр Солтого уят болдум деп колго түшкөн баягы хандын кызын Солтонун күлүк атына мингизип туруп, Солтонун жигитине Солтого бергин деп кошуп жөнөтөт. Солтонун жигити келип, баатыр сиздин атыңызды эч кимге көрсөтпөй жертөлөгө бактырып коюптур. Атыңызды сизге өз убагында бербеген уятына мына бул калмакты чапканда алардын ханынын колго түшкөн кызын атыңызга кошуп сизге берди деп кызды жана күлүк атын тапшырат. Солто кызды өз үйүндө күң кылып алып жүрөт. Солто аял жагынан чыдамы жок киши болот, ошондуктан ал ошол күң кызына чаап (ашып) коет. Ал кызга кошулсаң кошулгун деп Солтого Солтонун байбичеси уруксат берип коет. Ошону менен Солто күң кыз менен катыш жасап жүрө берет. Ошентип күң кыздын боюна бала бүтүп калат. Ал күң ай-күнү бүтүп, убактысы жетип бир күнү эркек бала тууп коет. Баланын атын Чаа

коюшат. Солто Чааны төөнүн комуна оротуп туруп башка бир үйгө бактырып коет. Чаа жети жашка чыкканча ошол үйдө, ошол комдо багылып жата берет. Чаа сегиз жашка чыкканда торпокко минип алып улакка чапкан экен. Чаа ошондой чыйрак (бышык) бала болот жана анын колу, буту тарбаңдап узун болот, салаалары шадылуу болот. Ошентип Чаа Солтодон никесиз туулат жана ал хандын жээни болот. Санчы-сынчы келгенде Солто Санчы-Сынчыга байбичеден туулган Күнтуу менен Күлтууну көрсөтүп сынатат. Чааны эмнегедир көрсөтпөйт. Санчы-Сынчы Солтого сенин бул эки балаңдан башка дагы балаң болуу керек эле, ал баланды эмне көрсөтпөйсүң дейт. Ошондо Солтонун байбичеси тигил баланды көрсөтпөйсүңбү деп тизеге нукуп коет. Солто чааны көрсөткүлө дейт. Чааны комдон чыгарып көтөрүп алып эшиктен үйгө киргенде эле Санчы-Сынчы көрө салып «болду-болду» деп баланы жактырып маңдайын сылаган экен. Ошол Чаанын тукуму (Түлөберди, Байсейит, Бошкой, Жамансарт, Момокон, Жангарач, Канай, Байтик, Чолпонкул ж.б.) мыкты чыгат. Илгери кушчу уурусунан чыккан Осмон деген молдо Кетмен-Төбөдө (Токтогул районунда) жашаган. Баласы эр өлтүрүп койгондуктан Осмон молдо Кетмен-Төбөдөн качып келип Чүй боорундагы Түлөбердинин уулу Бошкойго баш калкалайт. Бул молдодо кыргыз элинин санжырасы болгон. Ошол санжыраны Молдосанов Таар 1936-жылы Кара-Балта району (азыркы Калинин району) «Кум-Арык» колхозунда (азыркы Тельман атындагы колхоздун Кум-Арык кыштагында) жашаган Осмон молдонун небереси Молдобек деген кишиден уккан.

Мен бул 1-жана 2-бөлүк санжыраны мурун жазбаганым үчүн Аламүдүн району «Аламүдүн» совхозу, Кайырма кыштагы Көчөк көчөсү 86-номерлүү үйдө жашаган Күнтуу уруусунун Сарбан уругунан чыккан 79 жаштагы Молдосанов Таардан жаздым.

## Лаачылар

*Инв №666 (5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Лаачы уругу кыпчак уруусунан чыккан. Лаачы уругунун мекени Анжыянда, Өзбекстандын Анжыян шаарынан ар тарапка көчүп тарап кетишкен. Кыргызстандын Лейлек районунун Кребшен деген кыштагында, Баткен районунун Дегмен, Раут, Таян жана Кыштут кыштактарында жашашкан. Ошол Баткен районунун Дара селолук советинин раут кыштагында жашаган Лаачы уругунан чыккан Султанов Тарза деген киши күчтүү, илимдүү молдо болгон. Тарза Ташкен шаарында жети жыл мусулман мектебинде окуган. Тарза окуусун бүткөндөн кийин өзүнүн жашап турган Раут кыштагына келген, ал жерге мечит күтүп калпа болгон. Тарза калпаны ошол Баткен районундагы кыштактарда жашашкан лаачылар бүт кадырлашкан, анын айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарып турушкан. Кыштактарда жашашкан элдерден бирөө жарым малын же башка нерсесин уурдаса, ал келип Тарзага малымды ким уурдады экен, ошол ууруну таап берсеңиз экен деп даттанса Тарза калпа күнөмдүү, шектүү кишилерди чакыртып алат да аларга кимиң ушул кишинин малын алсаңар бергиле, эгерде жакшылыкча бербесеңер, мен тузду дубалап аны алдыңарга коемун, ошол дубаланган тузга сиесиңер, малды уурдабаган ак кишилер дубаланган тузга кадимкидей шар сиет, ууру болсо тузга сие албай туттугуп калат деп алды менен түшүндүрүп эскертет. Ошолордун ичинен кээ бирлери мен алдым эле деп ошол замат мойнуна алат, кээ бир уурулар мен алган жокмун деп танат. Шектүүлөр тангандан кийин Тарза калпа тузду дубалап туруп сийгиле деп аларды бирден сийдире баштайт. Малды албаган ууру эместер, тузга шар сийип кутулуп кетет. Ууру тузга сие албай туттугуп калып кармалат, ал уурдаган малын төлөп берет. Тарза калпа карышкырдын тара-

мышын жумшартуу үчүн адегенде аны жылуу сууга салып коет, ал катып калган тарамыш, бир аздан кийин былбырап жибийт, анан аны дубалап туруп отко салат. Тарамыш отто жыйрылып тырыша баштайт. Ошентип Тарза калпа ууруну да, уурдалган малды да таап жүргөн. Дөгмөн, Таян, Кыштуг жана Раут кыштактарында жашаган лаачылар кары-жаш дебей, эркек-аял дебей ар жума күнү Тарза калпага, анын мечитинде дутар чертип, ырдап бийлешет. Ыр менен коштоого алынган дутардын муңдуу үнү менен муңдуу ырга шолоктошуп ыйлашат, элжиреп боорлору эзилет. Ошентип оюндары бүтөт, анын артынан Тарза калпа өзү дуба окуп зикир чалууну баштайт. Окулуп жаткан дубага ышкысы түшүп, отурган эл «алла үй-алла үй» дешип баштары ары-бери шылкылдай баштайт. Бара-бара «я алланы» айтышып олтурган орундарынан силкилдеп козголо башташат, үндөрү бийик чыга баштайт. Ошентип, бардыгы кызып орундарынан турушат, «я алланы» «алла үйдү» жана башканы катуу доош чыгарып айтышып күрсүлдөй башташат; ары-бери түртүшөт, жөөлөшөт. Ошентип узак убакытка чейин зикир чалышат. Эң аягында бардыгы чарчап, суй жыгылышат. Адегенде бирөө жыгылат, анан экинчиси жыгылат, бара-бара баары эс учун билбей жыгылат. Эркек аял дебей, жаш кары дебей биринин үстүнө бири жыгылат. Көптөн кийин эстерин жыйып үшкүрүп, бышкырып тарашат. Алар бузуку ишке (ойноштука) барышбайт, алар динге бекем болушат. Бирок лаачылар оюн-күлкү менен зыярат кылгандыктан улам аларды көрө албагандар лаачылар кудайга сыйынышканда дутар чертип ырдашат, бийлешет, ойнош кылышат дешип ушакташат.

## Жетигендердин Таластан кетиши

*Инв №666 (5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Талас жеринде жашаган кушчулардан эки бир тууган киши экөө тең бай болот жана эл башкарган

мыкты болушат. Экөө элди экиге бөлүп алып бийлик кыла башташат, жаатташып болуштук талаша башташат. Жыккан жагы жыгылган жагын басмырлатат, кордойт. Ошондуктан жыгылган жагы тигил тууганына таарынып, Кочкордогу Ормон ханга барабыз деп бүт баары көчө башташат (бул эки бир тууганды н аттарын айтуучу эсинен чыгарып койгон). Алар Таластан көчүп келип, Кара-Балтанын күн батыш жагындагы Күрпүлдөк кыштагынын жанына келип конуп калышат. Казакстан Жамбул областынын Мерки районунун эли (казактары) жайыт жерибизди жедирип койду, малыбызга жайыт калбады, бул элди бул жерден көчүрүп кетириш керек дешип Таластан көчүп келген жетигендерге кол салышат. Эки элдин ортосунда катуу кыргын болот. Бул кыргын Күрпүлдөктүн жанындагы суунун боюнда (жанында) болот, суудан кан агат, көп киши ошол кыргында ойрон (өзүбекче вайран) болот (кырылат). Ошол сууда эл ары-бери өтүүчү кечүү болгон, ошол кечүү «ойрон кечүү» деп атала баштайт. Ошондон улам ошол суу «ойрон» деп аталып кетет. Жетигенден чыккан Абыке деген баатыр казактарды өз айылына чейин кууп талкалайт. Ал согуштан кийин жетигендер ошол жерден (ойрондон) чыгышка карап дагы көчө башташат. Унаалары тың күчтүүлөрү Боом менен көчүп олтуруп Ормонго барышат. Унаалары (көлүктөрү) начарлары Ормонго жетише албай Боомдун оозуна барып конушат, ал жерде көлүктөрүн эс алдырыш үчүн, тыныктырыш үчүн бир нече күн өрүүлөп калышат. Ошол кезде Карабек уулу Жантай жетигендерге эми күз бүтүп баратат, кыш болсо жакындап калды, ушул жерге эле калгыла, биздин Чоң-Кемин, Кичи-Кемин деген жерибиз бар, биз да элбиз, эч болбосо кыштап кеткиле дейт. Жантайдын ошол сөзү менен өрүүлөп жатышкан жетигендер Ормонго карата көчпөстөн ошол жерге калып калышат. Ошол калыш менен жетигендер Жантайдын элинде жыйырма

жылча жашап турушат. Шабдандын иниси (атын айтуучу унутуп койгон) жетигендин Түмөнбай деген жакшысы менен сөз талашып чатакташат. Түмөнбай таарынып Таласка кайра көчүп кетемин дейт. Шабдандын иниси көчүрбөймүн, эгер көчө турган болсоң бир түндө алтымыш кызырак (туубай кызыр калган байталдар) байлап даяр кыласың, эгерде бир түндө даяр кылбасаң көчпөйсүң дейт. Түмөнбай көчөмүн, көчүрө албасаң катыныңдын дамбалын башыңа кийгин дейт. Макул деп экөө антташат. Түмөнбай өзүнүн анты боюнча ошол түнү эле алтымыш кызыракты даяр кылып берет. Анан Түмөнбай элин көчүрүп келип Кара-Балтанын өзөнүнө кондурат, алардын да көлүктөрү тыңдары Таласка көчүп кетишет. Начарлары ошол өзөндө калышат. Кара-Балтанын өзөнү чер токой болгон. Ошол жерде калган элдин малдары ошол чер токойдо жатып кыштан чыгат. Ошентип ошол калган жетигендер Чүйдө калып кетет. Ормонго барган жетигендердин да бир нечеси кайра Таласка көчүп кетишет, бирок алардын да бир нечелери Кочкордо калышат. Болушту шайлоо убагында Ормондун колу аз болуп шайлоодо Ормон жыгыла турган кырдаалга келет, ошондо жетигендер Ормон тарабына өтүшүп кол көтөрүп Ормонго болуштукту алып беришет. Ошондон кийин элде «Ойронду Ормон кылган жетиген» деген сөз калат. Бул жетигендер үч жүз түтүн эл көчүп чыгышкан. Таласка көчүп кеткенден калган жетигендер Чүй боорунда жана Кочкор районунда азыркы убакта жашап турушат. Бул сөздү Осмоналиев Салбар он үч жаш кезинде өзүнүн чоң атасы алтымыш-алтымыш жети жаш чамасындагы Маматкожо Ажыбек уулунан уккан жана Чертике уруусунан чыккан «Манас», «Семетей» айтуучу элүү жаштарга келген Табалды деген кишиден уккан Табалды сөзмөр киши болгон. Маматкожо болсо Шабдан менен Коконго барып, Коконду каратышкан. Шабдан Маматкожону төрт түлүк малдан төрт

тогуз мал берип сыйлаган. Маматкожо эл ичинде Маматкожо баатыр болуп аталып кетет.

*Бул сөздү Калинин району «Победа» колхозу Ийри-Суу (Токтош) кыштагында жашоочу жетиген уруусунан чыккан 78 жаштагы Осмоналиев Салбардан жаздым.*

## Ниязбек болуш

*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Айтып берген: Жаманкулов Абдыжапар*
*Кара-Буура району, Талас.*

**(санжыра)**

Ата-бабабыз байыркы мезгилде, исламдан мурда Теңирге сыйынып келген. Теңир берген теңдик адамдарга гана эмес, жан-жаныбарларга, жаратылышка да таандык деп түшүнүшкөн. Адамдарды ылгап, байлыгына, бийлигине жараша мамиле кылууну Теңир берген теңдикти бузуу, демек «күнөөлүү болуу» деп эсептешкен.

Ушул өңүттөн алып караганда Талас өрөөнүнүн Кара-Буура аймагында 1895-жылдан 1913-жылга чейин 18 жыл болуш болгон Ниязбек жөнүндө анын чыныгы теңирдин теңчилигин билген, баалаган инсан экендиги жөнүндө сөз учугу узарат.

Ушул жерден бир аз чегинүү жасайлы. Ниязбекке улуу агасы Шадыбек батасын берип, өз ордуна болуштукту өткөрүп бериптир. 1888-жылы Сарымсак датканын экинчи уулу Шадыбек болуш болгон. Чычар багыштын шыгай уруусунан чыккан, Олуя-Ата, Бухарада окуган Молдо Ашырды атасы менен бир туугaн Усубаалы бай Шадыбекке катчы кылып берет.

Каткан элинин байы Атантайды көп салыктан бошоткону үчүн Шадыбек болуштан: «Ушул балаңды жибер, бойдок экен, мен үйлөнтүп коёюн» деп сурайт. Болуш макул болот. Атантай үй тигип, үйлөнтүп, ат мингизип, мал берип, көчүрүп келген.

Шадыбек болуш менен Аманбек болуш казактан жер талашат. Шадыбек болуш катчысы Молдо Ашырды ала барган экен. Жыйынтыгында Молдо Ашырдын жазганы туура болуп казак-кыргыз чек арасы Аксай, Көк-Сайдан бөлүнөт.

Шадыбек болуштун карылыгы жетип калганда болуштукту өзүнүн алты баласынын бирине ыйгарбай, Ниязбек инисинин адамкерчилик касиетин, жылдызы балбылдап турганын байкап, бата берип болуштукту тапшырган. Албетте, туугандары чычалап таарынган, пенде да. Ошентип Ниязбек болуш болду. Баса, Ниязбектин эл башкарып, журт бириктирип, ынтымак уюткусун бекемдей турган, бараандуу, үлгөр касиети бар экендигин кытай уурусунун мыктысы, акыл кенчин барктаган Молдо Асан бий даана байкап, билгенин айыл аксакалдары көп айтышат. Булардын ичинен Мамбет уулу Жаманкулдун айткандары бир топ ынанымдуу.

Молдо Асан жайлоодон келе жатып Акур-Ташта чөп чаап жаткандарга кайрылып түшүп калат. Чөп чапкан жигиттер учурашууга чогулуп калышат. Уй мүйүз тартып отурушуп, куржундагы бышкан эт, боорсок, курут дасторконго жайылат. Ошондо кыраакы Молдо Асан жүзүнөн нуру төгүлүп, көзү оттой жанган жигитке карап:

«Чаначтын бир бучкагын чечип жуткура койгулачы, өтө чаңкаган көрүнөт» деп сынадыбы же уятка калтырайын дедиби, жылмайып коет. Ниязбек «бисмилла!» деп шимире жута берди. Чанач бөксөрө түшкөн экен. Жылкычынын көзү алая түшөт. Калган кымызды баары бөлүп ичишет. Эттен, боорсок, куруттан чөпчүлөргө мол таштатып Молдо Асан андан ары жөнөп кеткен экен.

Молдо Асан дайыма жигиттеринен он чакты кадам алдыда жүрчү экен. Ошондо шогураак жигити жете келип:

– Ээ, бий аке, бу бир жайман багыштын таз жигитин мынча урмат кылдыңыз? – дегенде Молдо Асан:

– Ошондой болду. Бул жигит эл башы болот. Адамдык асыл нур жүзүндө жайнап турбайбы, – деп бастырып кетиптир.

Кийин Молдо Асан айткандай эле болуптур. Ниязбек болуш болгондон тартып, өзүнүн зирек акылына таянып, «Биримдиги жок эл кубатсыз», «Ынтымагын жоготкон эл – ырыскысын качырган эл» деп, улуулардын айтканын эсине бекем түйүп, Кара-Бууранын батыш жагындагы кытай уруусу, чыгыш жагы Боотерекке чейинки уруулар менен сөз билги, акыл калчаган аксакалдары менен тыгыз байланышта болуп, муктаждыктарын, суранычтарын канааттандырып бийлик жүргүзүп турду. Ошондуктан эл анын теңдигине ыраазы болуп баркташчу. Чычар багыштын Тооке бийи жайлоо, кыштоо жөнүндө суранганда мурун Сарыбайлар ээлеп турган Тамчы, Тайты кыштоолорун чычар мал багарларга алып берген.

Ниязбектин жеке өзүнө таандык адамкерчилик касиети жогору, жоомарт, кайрымдуу, сабырдуу адам болгон экен.

Мына ушундай жөнөкөйлүгү, акылкөйлүгү менен эл ичинде кадыр-баркы артып, он сегиз жыл болуш болгон.

## Саяк уруусунун чыгышы

*Инв.№ 524 (5116)*

Тагай канга элчи кирген экен. Ол кишини Кожант шаарынын каны кыштатып калат. Анда кан бир күнү Тагайды чакырып кел дейт. Тагайды караса бир жерде битин каранып жатат. Тагайга ал жерде кал катын алып берет. Ол менен бир жыл турганда Тагай кетмекчи болот. Кетип атканда зайыбы менен боюмда бир бала калды дейт. Тагай: «Эркек болсо атын Карачоро кой, кыз болсо өзүң оокатыңды кыл. Эгер атамы издейм десе, менин артыман жибер дейт.

Менин белгим ушул деп өзүнүн кестигин берет. Ал айткандай эркек бала төрөйт. Атын Карачоро коюп коет. Ол бала чоңойду. Сарттын балдары атаң ит кыргыс дей берди (Анткени энеси сарт эле).

– Менин атам ким? Кыргызмынбы? – дейт.

– Сенин атаң Тагай. Өзү кыргыз – дейт да кестикти колуна берип, атасын истетип жөнөттү. Жолдон бир селсаяк жолукту жана бир бала. Мен экөөңөрдүн азыгыңарды көтөрөм деп ал да кошулду. Дагы бир сарт бала кошулду. Төртөө болуп Тагайга келишти. Тагай балдардын жайын сураса. Сиздердин бала болобуз дейт.

– Атың ким?

– Атым Карачоро.

– Белгиң барбы?

– Бар, – деп кестикти берет. Менин балам экенсиң.

– Бул кайсы бала?

– Бул селсаяк бала экен. Мени ээрчип чыкты.

– Эмесе, аты Селсаяк болсун – деп саяк уруусу тарайт экен. Бу кайсы дегенде азык көтөртүп алдык дейт. Бул кайсы дегенде. Бул сарт бала дейт. Эмесе аты Баарың болсун деп атын коет. Карачородон – Келдике эли. Асыктан – асык. Баарындан – Баарын эли. Булар Чүйдө турат.

### Саяктын түпкү теги

Кыргыз санжырасында Саяк жөнүндө көп варианттар айтылып жүрөт. Алардын ичинен биздин оюбузча чындыкка жакыны жана кеңири тараганы төмөндөгү.

Карахандын Абасханынан Кыргыз төрөлөт. Абастын аялы кырк көкөрү менен кырда сейилдеп жүрүп төрөп койгондугу үчүн атын кыргыз коет. Мында кыргыз кырдын кырк кызынан чыкканы маанилүү. Кыргыздан Каадалбек, андан: Үрүстөнбек, Арстанбек. Үрүстөнбектен отуз уул болуп, көп урук эл болот.

Арстанбектен Алчынбек, андан Тоорухан, мындан Барсхан, андан Карахан, Карахан Төгөй, Төгөйдөн Көгөй, андан Ногой, Ногойдон Оroздy, Нойгут, Көкчөкөз, Көзкаман, Ороздунун он уулу болгон. Анын төртөө белгилүү Асан, Бай, Улакан, Жакып, Байдын айтылуу Бакай, Улаккандан Сыргак, Жакыптан Манас, Манастан Семетей, андан Сейтек, Сейтектен Алымсарык, Кулансарык. Андан Кенен баатыр.

Мына ушул жерден санакты токтотуп, Манастын чоң атасы Ороздунун бир тууганы Нойгуттун тукумдары жөнүндө сөз кылалы. Анткени биз кеп кыла турган Саяктар ушул Нойгуттун ак батасынан келип чыгат. Абалтадан айтылуу «Манас» эпосундагы чуусу чубалган чубак. Чубактан Бекчоро, Бекчородон Тегизбек, андан Жатыкбек, Жатыкбектен Көкүшбек, андан Сапарбек, Сапарбектен Алдаш, Алдаштан Алымбек, Алымбектен Сурантай, Сурантайдан үч бала – Чабытай, Сабатай, Муратай.

Чыбытай элине хан болот. Хандык кылып турганда Чыңгыз хан Чыбытайга тогуз кара шумкар тартуу кылат. Супатай, Дархан деген эки вазирин жиберет. Тартууга алданып, экинчи жагынан Чыңгыз хандан чочулап, кыргыздар моңголдорго кошулат. Чыңгызхан кыргыздарды кытайга каршы урушка айдап, көп кыргынга учуратат. Аны көргөндөн, тукум курут болгондон корккон Муратай өзүнө ээрчиген кыргыздарды алып Кожент шаарын көздөй качып келет. Ал жерден Жусупбек, Сүйүнбек деген эки балалуу болот. Балдары чоңоюп эр жетип калган кезде Муратай жарык дүйнө менен кош айтышат. Жусупбек менен Сүйүнбек үйлөнүп, Жусупбектен – Абдырайым, Сүйүнбектен – Эшенкара төрөлөт. Муратайдын небереси Абдырайым чоң атасынан жана өз атасы Жусупбектен калган малы-мүлкү менен ашып-ташып, байып, бүткүл Коженттин сыйлуу адамына айланат да, байлыктын аркасы менен Эрдене хандын кызы Маанишайымга үйлөнөт. Андан эркек балалуу болуп, баласынын атын чоң той берип,

Байызбек коет. Эрдене хан күйөө баласы Абдырайымды бектикке көтөрөт. Ошол учурда Эрдене хан өлүп, анын уулу Эреше хан тактысын ээлейт. Көп узабай Абдырайым да өлүп, Байызбек жетим калат. Байызбектин энеси Маанишайым жети жыл жесир бойдон каралуу олтурат. Бул кезде Абдырайымдан атасынын бир тууганы Сүйүнбектин уулу Эшенкара Бухарага барып окуп «карылыкка» жетет (кары деп куранды жатка билген кишини атаган). Ал мурда үйлөнгөн эмес. Маанишайым өзүбектерге тийгенден намыс кылып, Кожент аркылуу бир адам жиберип Бухарадан Эшенкараны алдырат. Маанишайым ошол кайнисине башын байлатат. Андан Дайырбек аттуу уул төрөлөт. Дайырбектен үч уул: Садык, Жусуп, Шакир. Бул үчөө тең молдо болушкан. Кийин өзүбек, кыргыз бузулганда, качып энесин, байызбектин тукумун издеп келип, саяк ичинде туруп калат. Шакирдин көзү көк, өңү кара болгондуктан Чекир молдо атыгып кетет. Ал үч балалуу болот. Өйдөчекти, Үч куртка, Түгөл. Кийин Чекир саяктар деп аталып калган.

Эрезеге жетип калган Байызбек энесинин эрге тийгенине таарынып, качып келет да, атасы Тагайды издеген, Кара Чорого кезигип: «Атым Байызбек. Бирок атыман айтпа, антпесең артыман куугун келип алып кетет, анда Кара Чоро: Сени тентиген Саяк деп жүрөм дейт да ээрчитип алат. Ошол учурда өзүбек менен кыргыз арасы бузулуп, чатак чыгат да Абыл төрө өлүп, анын баласы Төрөкан да кыргыздарды издеп качып чыгат. Колунда азык салынган баштыгы бар Төрөкан Кара Чоро менен Байызбекке кошулуп, Тагай бийге келишет. Тагай үчөөнө тең менин балдарым деп элге тааныштырат. Ошентип, элдик санжыра боюнча Кара Чоронун тукумунан Багыш, Баарын уруулары. Байызбектен Саяк уруусу, Төрөкандан азык уруусу тараптыр.

Кытайдагы кыргыздын тарыхчы-санжырачысы Анвар Байтурдун берген маалыматына караганда

биздин замандын 5-6-кылымдарында Тянь-Шань, Памир тоолорунда жашаган бир канча уруулары кыргыздар менен ассимиляция болуп, кыргыз уруулары деп эсептелген. Булардын ичинде Коңурат, кыпчак, соксон уруусунун түпкү теги болгонбу дейбиз. Тоголок Молдонун санжырасында да Байызбектин баштапкы чыккан уруусуна карата сайракты саяк деп аташып калганы жөнүндө сөз болот. Ал эми селсаякты байыркы тегин билбеген, окубаган адамдар карапайым түшүнүк менен баяндай койгон окшойт.

Эми ошол Байызбектен тараган Саяк уруктары, тукумдары жөнүндөгү карама-каршылыктарга, чаташкан жерлерге токтолсок. Биринде баласы атасы катары көрүнсө, экинчисинде атасы баласы катары, үчүнчүсүндө бир тууганы катары айтылат. Булардын ортосунда көп заман өткөндүктөн, «мунуку туура, тигиники туура эмес» деп кесе айтыш кыйын. Ошондой болсо да негиздүү деп ойлогон вариант боюнча саяктын (Байызбектин) өз тукумун таратып көрөлү.

XIX кылымда кыргыз жеринде болгон орус саякатчысы Г.Загряжский сарбагыштык бир кишиден жазып алган. Ал уламыш боюнча бир сарыбагыш уруусунан бир жигит Нарын тарапка барып Талды-Булак капчыгайында бугу, маралга аңчылык кылат. Кокусунан ал бир аңга түшүп кетет. Аңдын ичинен чоң тешикти көрүп аны менен жүрүп отурат да Аламышыктын тоосунан келип чыгат. Ал жерден бир бугунун башы чыгып турганын көрүп, атып жиберсе ал бугу баштанган адам болуп чыгат. Бугу кейпиндеги адам өлөр алдында: «Менин карындашымды аялдыкка ал» деп керээз калтырат. Мерген макулдугун берет. Көрсө анын карындашынын да башында бугунукундай, бирок кичирээк мүйүзү болот. Ошол аялдан тараган тукумду кийин Бугу байбиченин балдары деп Бугу уруусу аталып кетет. Бирок ошол эле мезгилде бир бугулук адам: – Тагайдын Кылжыр деген уулунун башында бугунун мүйүзүнө окшогон мүйүзү болгон, ошондон биз тараганбыз

деп Г.Загряжскийге эскерткен. Бугу уруусунун бугу байбичеден тарагандыгы жөнүндө уламыш кийинки мезгилдерде да кеңири айтылып келген.

Уламыш боюнча Кара Мырза, Асан аттуу эки мерген Ала-Мышыктын тоосунан (тоо Тян-Шан тарапта) аң уулап жүрүп, маралдардын арасында жүргөн мүйүздүү эркек бала менен кыз баланы жолуктурушат. Кийин ошол мүйүздүү кызга Мырзакулдун жээни Жаманкул үйлөнүп, андан бугу уруусу тарайт.

Уламышта илгери тогуз уулу, бир кызы бар көп жылкылуу Толуман деген болуп, кызын калмак канына узатканда жылкынын Камбар-Атасы Тору Кашка айгырын (калмак ханы айгырды берүүгө мажбур кылат) мингизип жиберет. Айгыр кеткенден кийин жылкысы кырыла баштайт. Ошондо Толуман кичүү баласы Чулуш Кашканы (Түндүк-Батыш Моңголиядагы төөлөстөрдөн катталган уламышта Чулуш-Мундус аталат – Б. К) калмактарга жумшайт. Ал калмак жеринде эки жыл жүрүп, Тору-Кашканын көкүлүнөн бир тутам кыл кыркып, андан нокто өрүп алып келет. Толумандын жылкысы кайрадан көбөйө баштайт. Калмак ханы муну билип: «Баланы кармап келгиле» деп кишилерин жумшаганда Чулуш-Кашка Ысык- Көлдү көздөй качып кетет. Бул жерден үйлөнүп, туруп калат. Ошондон улам алар кыздарын күйөөгө узатканда тору кашка атка мингизбей калат.

### Жалдуу Каба

Байызбектин (саяк) Сарык деген уулунун байбичеси баланы көп төрөп, бирок бирөө да токтобой коет. Карыганча бала көрбөй «куу баш» атка кономбу? деп капа болгон Сарык бай «Кулжанын буту сынган» деген жерден бир аксакалга жолугат. Аксакал Сарыктан капа болгон жерин сураса: «Ээ, аксакал, мен капа болбогондо, ким капа болот. Өлсөм артымда ыйлаар бала жок, малга ээ адам жок» дейт. Анда аксакал: «Ай Сарык бай, сен сараңдык кылбай, элдин батасын

ал, анан мал сурасаң Чолпон Атага бар, баш сурасаң Манжылыга мазарга бар» дегенди унуттуңбу дейт да көздөн кайым болот. Аксакалдын айтканын Сарык туура табат да, байбичесин ээрчитип жигитине жүгүн өңөртүп Манжылыга мазарга барып бир-эки күн түнөп келишет. Буйрук менен Сарыктын аялынын боюна бүтөт. Кышка жуук төрөтү келип, байбиче толготуп калат. Ушул учурда Ала-Мышык тоосунан кийик уулаймын деп бараткан Кайдулат Сарыктын үйүнө түшкөн экен. Кайдулаттын аялы такыр төрөбөгөн адам эле. Ошондуктан өлүмдөн корккон Сарык, бул баланы ырымдагысы келип: «Ээ, Кайдулат, сенин аялың төрөбөйт. Менин аялым төрөгөн менен балдарым токтобойт. Бул баланын киндигин кеспестен тону менен ороп алып үйүңдү көздөй чап, аялыңа Ала-Мышык тоосунан аркар тууп жаткан жеринен таап алдым деп алып баргын. Сенин аялыңа ырым болсун, «Мындан ары төрөп калгысы бардыр». Баланы аңдын даакысына ороп киндигин кеспей, тону менен Кайдулаттын койнуна катып берет. Кайдулат баланы катып үйүн көздөй чабат. Үйүнө келсе байбичеси уктап жаткан болот. Байбичесин ойготуп: «Тур бат, Аламышыктын тоосунан аркар тууп жаткан жеринен үстүнөн чыктым, эркек бала экен» деп шаштырат. Түндүгүнөн бакан сала коет да, байбичесинин алдына талпак төшөйт. Эл тура электе бир кой алып келип мууздап жиберет. Баланы талпактын үстүнө таштап салып койчусун ойготот:

«Тур бат. «Сүйүнчү! Кайдулаттын катыны эркек төрөдү» деп тегеректегилерге кабар бер». Боюнда бар экени билинбей эле жүрүп, көкүрөк көтөргөн киши экен дешип эл таң калып балага азан чакырып ат коюшат. Эл кийиктин дакысын «каба» дешчү экен (баланы даакыга ороп келбедиби). Ымыркайдын далысында жалы болгондуктан Жалдуу Каба деп ат коюшат.

Кайдулат балага чоң той берип тойго Сарыкты да чакырат. Ошондо Кайдулат байбичесине кеңешип:

Биз да балалуу болуп калгыбыз бардыр, бу баланы ырымдап Сарык акеме качыралы дейт да кайра Сарыктын байбичесине барат. Сарык да куру койбой, ырымдап тогуз ат берип сатып алган экен. Ошентип, баланын жөн жайын Кайдулат, Сарык жана Сарыктын байбичеси гана билет. Калган эл Кайдулаттын байбичеси төрөдү десе, Кайдулаттын байбичеси баланы Ала Мышыктын тоосунан таап келген деп түшүнөт.

Эл баланын ырым-жырымын кылып оозантып, Кайдулаттын байбичесине бергенде, эки эмчегине сүт дирилдеп агып, энелик мээрими түшкөн экен. Көп өтпөй байбичесинин боюна бүтүп эркек төрөйт. Кайдулат Кабаны Сарыктан түн ичинде элге көрсөтпөй алып келип ырымдап, өз баласына Түнкатар деп ат коет. Кийинки жылы байбиче дагы бир эркек бала төрөйт да атын Түнтөй коет. Ошентип Кайдулат Түнкатар жана Түнтөй деген эки балалуу болуптур.

Сарык бай байбичеси менен келтеден өлүп, Каба эки жашар кезинде томолой жетим калат да үй-жайы, мал-мүлкү менен Кайдулаттын колуна келет. Күндөр өтүп ал чоңое берет. Кайдулат мылтык атып, жаа тартат, бул өнөрдү Каба да үйрөнөт. Эл «Кайдулат өз баласын кайра алды» десе, байбиче мурункудай эле «Кабаны таап келген» деп жүрө берет.

Ошентип турмуш өз нугу менен өтө берет. Билинбей Каба он үч-он төрткө чыгып калат. Түнкатар менен Түнтөйлөр да он эки-он үчкө келген кези. Үч уул бир үйдө чогуу өсүүдө. Кайдулат Кабаны өзгөчө жакшы көрөт. Себеби ал акжолтой болуп, төрөбөгөн байбичеси эки эркек төрөп бербедиби. Кабага Кайдулат аттын жакшысын, тондун тазасын кийгизет. Тандап мингизген жоргосу чапкан атты сүрөйт, байгеге чапканда дайым чыгып келет. Кыскасы, жорго мыкты болгон экен.

Күндөрдүн биринде Кара-Кужурда чоң той болуп, ага Кайдулатты эрте чакыртып кетет. Бул кезде Каба уктап жаткан болот. Ойгоо болсо атасы менен

кошо кетет эле. Эки иниси Кабадан мурун ойгонуп, Кабанын жоргосун талаша кетишет. Байбиче өз атыңарды мингиле, Каба ойгонгондо өзү минет десе да болушпайт, мушташа беришет. Айласы кеткен байбиче балдарына «Силер өз баласыңар, Каба бакма бала, бакма таарынчак болот» дейт. Буга кызыккан балдар мушташын таштап айткын деп талап кылышат. Байбиченин айласы ого бетер кетип, билгенин калп-чынга аралаштыра мындай дептир:

Атаңар Ала-Мышыктын тоосунда куш салып жүрсө кушу калың бадалдын арасына конуп алат. Тегерегин айланта бастырып карап чыкса бир да жылчык болбойт, да кушуна жетпейт. Эптеп атып бадалдын арасына кирсе оозунан ак көбүк куюлуп, балтыр эти балпайып жаткан баланы көрөт. Келме келтирип баланы жерден алса, шилиден тартып туу белине чейин оңго суланган жалын, белден ылдый эки эли болгон жалын көрөт. Эки жагын караса эч ким көрүнбөйт. Алыстан карап турган кайберенди көрөт. Кайберен ээмп турган ыйык бала экен, кайберендин мыктысы Каба деп ат коюп атаңар үйгө алып келген. Кайыптан жаралган бала ыйык болот. «Агаңарды сыйлап жүргүлө» деп байбиче балдарын алдап салыптыр.

Байбиченин айтканын балдар кийинчерээк элге тарарат да, «Чын эле байбиченин боюнда болуп төрөгөндөй болгон жок эле, тоодон таап келгени ырас го» деп божомолдошуп ооздон оозго тарап, элге азыркы кезге чейин «Каба кайыптан жаралган» деген сөз ошондон жайылып кетсе кетсе керек.

Ошентип уйкусу канган Каба турса, атасы да, инилери да жок. Энесинен сураса эртең менен эле атасынын тойго кеткенин, атасы тураары менен артынан келсин дегенин айтат. Жоргосун токунуп, тойго келатса, алдынан эки иниси чыгат. Эртең мененки болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып беришет. Мурда мындай кепти укпаган Каба ачуусу менен андай болсо силер атаңарга бара бергиле деп

кайра тартат. Короонун четине аттан түшүп, ээр токумун шыпырып, жүгөнү менен атты бир салып, айдап жиберет. Таарынган бойдон ээр токумун жазданып жатып алат. Байбиченин жалынып-жалбарганын тоотуп да койбойт. Кечинде Кайдуулат эки уулун ээрчитип үйүнө келет. Кабанын эмне үчүн барбаганын сурайт. Анда байбиче:

Билбеймин. Эртең менен Кабанын атын бербей өз атыңарды мингиле деп сенин артыңан жибергем. Эч кандай чыр-чатак жок эле кеткен. Бир кезде карасам короо четинде жатат, жалынсам да, жалбарсам да турбады. Бирөөдөн жаман кеп укканбы, айтор турбай жатат, - деп жооп берет. Кайдулат да аттан түшүп бир топко чейин асылып да, жалынып да тургуза албайт. Каба болсо былк этпестен жата берет. Асылып, такыр болбогондон кийин:

Мага эмне асыласыңар, мени Ала-Мышыктын тоосунан таап алган турбайсыңарбы деп өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлайт. Ушуну уккан Кайдуулат аябай ачуусу келип, байбичесин өлөрчө сабайт. Араңдан зорго Кабаны тургузуп үйүнө алып барат. Мындан кийин Кайдуулат Кабаны кайда барса да ашка, тойго, мергенчиликке барса да, күнү-түнү менен ала жүрчү болду. Бирок Кабанын күндөн күнгө сабыры суз тартып, өңүнөн азып жүдөп баратты. Кайдуулат баланын чечилбей бараткanын байкагандан кийин ага аял алып берүүнү ойлойт да, көп өтпөй бир казактын байынын кызын алып берет да энчисин, мал-мүлкүн бөлүп берет да, кандайча Ала-Мышыктын тоосунан таап келгендигин – Кабанын өз атасы Сарык экенин, Сарыктын байбичеси төрөгөндүгүн айтып берет. Ошентип Каба иштин жөн жайын толук түшүнгөндөн кийин ачуусу тараптыр.

Каба казак аялынан үч балалуу болот: Актери (Ош тарапта), Бозтери (Көлдө), Энтери (Тогуз-Торо, Ак-Талаа).

Кийинчерээк Кайдуулат Кабаны абдан ыраазы кылуу үчүн кыпчак Кан тийбестин кызы Акберметти

алып берет. Акберметти алгандан кийин Кабанын дөөлөтү ого бетер көтөрүлүп, чоң короо айыл болот. Акберметтен Шыкмамат. Анын азан чакырып койгон аты Шайык Мукамбет.

### Шыкмамат же күнгөй саяктардын таралышы

Каба Акберметти алгандан кийин казак байбичеси катуу күнүлөйт. Күндөрдүн биринде Кабанын айылы жайлоого көчөт. Күн ысык болгондуктан, чоңоюп калган үч уулуна (Бостери, Энтери, Актери) жылкыларын айдатып алып эрте кеч үй-жайын, эмеректерин көчүрүүнү байбичесине жана жигиттерине тапшырат. Каба кеткенден кийин байбиче күнүлүк кылып, өз үйүн жүктөтөт да, Акберметтин жүгүн журтка таштап жайлоого көчүп кетет. Көч келгенден кийин байбичесинен Акберметтин көчүн сураса: «Түндө ошондо жатпадың беле, ошого эркелеп байдын өзү көчүрбөсө сени менен көчпөймүн деп калып калды» деп чаңырат. Каба жигиттерин ээрчитип, Акберметти көчүрүүгө жөнөйт. Журтка келсе теңделүү төөсүн, токулган өгүзүн, байлалуу музоо-торпогун таштап Акбермет байгеге чабылып жүргөн ак жал тору атын токунуп, Шыкмаматты өңөрүп, Кабанын белдик кисеси менен белин бек бууп, түштүктөгү атасыныкын көздөй «чу» койгон экен. Каба эмне кыларын билбей, бир жигитин ээрчитип, Акберметтин изине түшөт. Из менен суугa келсе, бир жардын башынан суугa кирген изи бар, бирок суудан чыккан изи жок. Кыскасы тирүүлүктүн эч кандай белгиси билинбейт. Айласы куруган Каба аялын баласын жоктоп айылына кетет. Бул учурда Акбермет аман-эсен төркүнүнө келет. Атасына болгон иштин маани-жайын түшүндүрөт. Атасы Акбермет менен Шыкмаматка үй көтөрүп, энчи берип, өзүнчө бөлүп коет. Акбермет төркүнүндө болгону менен мал-жаны өзүнчө, баласын чоңойто берет. Күндөр өтүп, жылга айланып, Шыкмамат чоңоюп он төрт-

он бешке келет. Эркеликтен өтө тентек чоңоет. Күндөрдүн биринде айылындагы кемпирдин жалгыз баласын уруп койсо:

Жалгыз тамчы сел болбойт,
Түптүз жерде бел болбойт.
Желке тери тон болбойт,
Жээн тайга эл болбойт,
Куралы болбой эл болбойт,
Жылкы тийбей мал болбойт.

Кыйын болсоң дене кул болбой атаңды таап ал, - деп каргап коет. Ыза болгон Шыкмамат энесине келсе, энеси буудай кууруп аткан кези эле. Энесине:

– Буудайдан бир уучтап берчи, – деп атчан туруп сурайт. Баласын кыя албай ысыгына карабай буудайдан уучтап бергенде Шыкмамат энесинин колун ысык буудай менен кошо бек кармап туруп:

– Менин элим кайда, атам ким, чынын айт! – дейт. Энеси колу күйгөнүнө чыдабай баласына болгон ишти болгондой айтып берет. Шыкмамат атасынын бар экенин билгенден кийин эл жеримди издеймин деп чыр салат. Ошондо Акбермет атасы менен кеңешип, Шыкмаматка уруксат беришет.

Таятасы кырк жигит жарак-жабдыгы менен, энеси тамак-ашы, кийим-кечеси менен камсыз кылышат. кырк киши бата турган чатыр камдап, бир жакшы козуну сойдуруп бүт бойдон эжигейге бышырттырып дасторконго ороп, куржунга салып азыгы менен кошо бир төөгө жүктөтөт. Кетеринде Акбермет баласына эли-жерине барчу жолду айтып берет. Шыкмаматтар энеси айткандай Нарындын суусунун боюнан орун алышат. Бир жигити менен суудан өтүп мал издеген адам болуп көрүнгөн адамдан «бул кимдин малы?» деп сураса, баара эле «Кабанын малы» деп жооп беришет. Бир баладан Кабанын үйү кайсы дөбөдөгү чоң үйдү көрсөтөт. Акырын баамдап карап чоң үйдүн алдында кермеде эки күлүк ат аса байланып турганын Шыкмамат байкайт. Чий менен туурдуктун ортосуна тура калып

атасын абайлап караса түспөлү энеси айтканга окшойт. Шыкмамат атасынын кереметин көрүп кайра тартат. Колуна келсе, колу даяр, чатырды тигип, мамыны орнотуп, 2-3 бээ сойдурат. Өзү жигиттери менен Кабанын жылкысына тийип, миңдеген жылкысын тешик таштан өткөрүп салат да, ошол жерден күтүп жатат.

Каба жылкынын изине түшүп келсе, из өтө жай кеткен. «Бул кандай из?» деп атынын оозун кое берип, тешик таштан өтө бererде бирөө салам айтып, чап колдон алат. Аттан түшүрүп, колундагы жаасын алып, Кабаны акырын жетелеп чатырга алып барат. Шыкмамат «тешик таштан бир да адам өткөрбөгүлө» деп буйрук берет. Каба колго түшөөрүн түшүп, бирок эч кандай зордук-зомбулук көрбөгөнүнө айран таң калат. Шыкмамат:

-Ата, балдарыңыз жок беле, жылкынын артынан өзүңүз келипсиз, өзүңүз келгендиктен, жылкыңызды кайра беремин, капа болбоңуз, орозоңузду ачпай келдиңиз, тамак-аш ичип алып, малыңарды айдап кетиңиз. Эгерде малыңыздын артынан башка адам келсе жаман болот эле. Баарын кырып, жылкыңызды айдап кетет элем, - дейт. Бат эле колго суу куюлуп, эжигейге бышырылган жаш козунун эти Кабанын алдына коюлат. Этти кесип жегенге бычагы жок Каба кысталып олтурганда Шыкмамат «О жарыктык, бычагыңыз жок беле, мына» деп киседе илинип турган кестикти сууруп алып, жууп Кабанын алдына коет. Каба колуна кестикти ала коюп аябай чочуп кетет. «Бул кандай иш, кудай менин Шыкмаматым аман-эсен бар экен го» – деп Каба эки жагын каранып, көзүнө жаш алат. Шыкмамат чыдабай атасын кучактап жыгылат. Атасын сагынган неме көпкө чейин кучагынан чыкпайт, Каба да уулун кучагына кайра-кайра кысат.

Каба чоң той өткөрүп, Акберметке кайрадан нике кыйдырып алат. Айлына келип Шыкмаматка энчисин берет.

Шыкмамат атасынын тамгасын бузуп, жылкыларынын оң жагына кыйгач тамга салат. Мына ошондон кийин «Бузук тамга Шыкмамат» атка конот. Шыкмамат ошол бойдон агаларынан бөлүнүп, атасы Кабаны колуна алып, күңгөйдөгү «Кырчын» деген жерди жердеп калат. Каба ушул Кырчындан көз жумат. Шыкмаматтын да атасыныкындай жалы бар экен. Каба Шыкмаматка Сарбагыш эли Дөөлөттүн кызы Токтобүбүнү алып берет. Шыкмамат Кудаш, Култай деген эки уулдуу болот. Култайдын тукуму түштүктө, Кудаш бийден тараган эл азыркы Ысык-Көл районунда жайгашып, «күнгөй саяктар» деп аталат.

Айтылуу Кудаш бийдин эки катыны болот. Улуу катындан Куртка-Мерген, Бектемиш, кичи катындан эки уула – Кожояр, ошондой эле тондуу эки уулу Алдаяр, Ынжай же (Бөлөкбай) болот.

## Бакачы

Бектемиштин Шайык деген уулу болгон. Ал киши ары сөзгө чебер, ары баатыр адам экен. Бир жолу Кара-Ойдун сазына боз үй тигип, тай союп уяттуу коногун тозот. Бай казанга этти салып, бышырып жатканда казанга бака түшүп кетет. Конокко тартуудан уялып, жаткан жигиттеринин шагын сындырбас үчүн Шайыбек той казандагы этти бүт жеп койгон экен. Ошондон улам анын Шайыбек деген аты өчүп Бакачы деп аталып калган дешет.

Дагы бир уламышта Шайыбек жолдоштору менен жол жүрүп келе жаткан болот. Жолдоштору Шайыбекти тамашалаш үчүн анын кесесине байкатпай бака салып коюшат. Бир аз жүргөндөн кийин «Ээ Шаке, сизди элге көрсөтпөй бака жейт дешет, ошо чынбы?» деп сурайт жанындагылардын бири. Буга аябай чычалаган Шайыбек аны сабап коерунда: «Оо жарыктык, кандай немесиң чычалап ишенбесеңиз, тиги кесеңизди ачып көрүңүзчү, бака жок болсо,

сабамак тургай өлтүрүп салыңыз, - дейт беркиниси. Шайыбек кесесин ачса чын эле ак бака секирип түшөт. Ошондон кийин жолдоштору шылдыңдап «бизге көрсөтпөй бака бышырып жеп жүргөн экенсиң арам бакачы»,деп жүрүшүп «Бакачы» атка конгон экен.

Шайыбектен Кудаяр, Кожош. Кудаяр эки катын алат. Улуу катындапн Жайыл, Кудайменде, Азар Чулум, Жорул, кичи катындан Барымтай. Барымтайдын өзүнөн бала жок экен. Барымтай Чолпон-Атанын өрдөшүнөн келатса, колунда куурайдан жасалган чоору бар бир кичине бала «Чоор, чоор аке» деп чакырат. Барымтай баланы учкаштырып алса, «бакта ороз, бакта ороз»деп төмөн жактагы бакты көрсөтөт. Көрсөткөн бактын түбүнө келсе бир бала уктап жаткан болот. Аны да алып келатса, ары жактан дагы бир баланын «Тур, тур ата, тур ата» деген үнү угулат. Бул үчөөнү тең үйүнө алып келип, багып алат. Барамтай баланын атын Чороке, «бакта ороз» дегенин Бактороз: ал эми «тур ата» дегенин Дураты деп ат коет.

Бакачылар азыркы кезде Чоктал, Өрнөк, Чоң-Сары-Ой, Бает, Курск, Долинка айылдарында Чолпон-Атада жана Хутордо отурукташкан.

## Сарымсак датка

Талас. Кара-Буура району

Чоң Кара-Буура айылынын негиздөөчүсү Сарымсак датка. Бакайыр айылы да Сарымсак датканын журту. Анын уруусу «багыш». Багыштын ичинен «найман» уруусу деп аталат. «Багыш» уруусуна кирүүчүлөр Саркул, Аккөйнөк, Узунжелте, Чычар, Күчүк, Аккуржун. Багыштардын турчу жерлери: Кара-Буура, Бакыян, Бейшеке, Бакайыр, Чоң Кара-Буура.

Бакыяндан: каткан багыш, куттук сейит, саламкут, бечел.

Бакайырдан: Райдан тараган. Багыштардын ичинен көрүнүктүүсү Сарымсак датка. Сарымсак датка 1800-жылы туулган. Даткалыкты 1854-жылы алган. Сарымсактын балдары – Шатман. Ал 1817-жылы төрөлгөн. Ал көрүнүктүү кыргыз эли, баатыр башы атак-даңкы бар.

2. Шадыбек болуш болгон.
3. Нурмолдо
4. Бекмамбет
5. Жолчубек
6. Жолдошбек – чоң молдо болгон
7. Кутман бий
8. Райымбек бий
9. Алымбек
10. Ниязбек. 1857-жылы туулуп, 1914-жылы өлгөн. Он сегиз жыл болуш болгон.

Сарымсак датканын атасы Бекбото бий болгон. Бекбото бийдин балдары: Элтой, Сарымсак, Тойчу, Жедигер, Садырбай деген беш баласы болгон. Бекбото бийдин бир тууганы Сарыбай датка, Сарыбайдын эң тун баласы Кожобек. Кожобектин баласы Муса, Мусаныкы Алымкул.

Бекбото бийдин беш аялы болгон. Бешөөбү тең төрөгөн эмес. Ошонун арасында Бекбото бели оорукчан болот. Чоң Кара-Буура айылынын үстүндө Бекбото бийдин коргону бар.

Бир күнү Бекбото бийдин эшигине аксакалдуу чал келет. Бекбото бийдин жигиттери ал чалды тосуп алып, Бекбото бийдин үстүнө алып барышат. Ошол чал минтип айтат:

– Бекбото, сага мен сүйүнчү айтам, үчүнчү аялыңдын боюнда бар. Ал куда кааласа кыргыз элине белгилүү, атактуу адамдардан болот, – дейт да сүйүнчү сурайт.

Ошондо Бекбото:

– Оюңуздагыны айтыңыз, сүйүнчүңүздү берем, – дейт. Ошондо олуя киши:

– Сары айгырыңды бер, – дейт.

Бекбото байдын малынын куту Сары айгыр жана Бекбото үчүн кырсыктуу айгыр ошол эле. Аны Бекбото билбейт. Ошондо Бекбото айтат:

– Эгер менин изимди улап баса турган бир бала болсо, айгыр эмес, кара башым тартуу – дейт. Сары айгырды токутуп, олуяга берет. Ошондо олуя «Сары айгырдын сырын айт» дейт: «Мени жолго, белге таштап кетпейби» дейт. Анда Бекбото минтип айтат:

– Сары айгырымдын түндө эки кулагынан от жанып турат. Түндө ууру-бөрүгө алдырбаган, мүдүрүлүп кагылбаган, Сарым менин аябай сак – дегенде олуя минтип айтат: Балаң төрөлгөндө аты Сарымсак болсун дейт.

Сарымсак датканын аты олуянын айтымы менен коюлган. Сарымсак датканын окуясы ушундай болгон экен.

«Кыргызга белгилүү, көрүнүктүү, эл үчүн иштеген, эл коргогон, элди ойлогон, элдин эл азаматы болсун» деген, мисалы, «Оң колун сунса оң жакка жеткен, сол колун сунса сол жакка жеткен уучу узун болсун» деп батасын берген. Ошентип олуянын батасы кабыл болуп, тажик, казак, орустар менен байланышкан элдик кишилерден болгон. Сарымсак датканын биринчи аялы тажик кызы болгон. Экинчи аялы кыргыз, үчүнчү аялы өзүбек. Кыргыз элине белгилүү Шераалы хан Сарымсак датканын күйөө баласы болгон. Сарымсак датка Кокон хандыгында, ордодо көрүнүктүү ордо адамы болуп кызмат кылган. Сарымсак датканын жээни Малабек, Сопубек хан болгон. Соно деген Бекбото бийдин кызы бул Кудаярхан менен согушуп, Кокон хандыгынан чыгып кетет. Себеби Кокон жоокерлери «Ак мечитти» мусулман шаарын орустар жашоого алат. Сарымсак деген орустардан жеңилип калат. Ошонун негизинде Кудаяр хан менен келишпей, Кокон хандыгынан чыгып кетет. Сарымсак датка Ала-Бука тараптагы «Итагар» ашуусунан ашып, Чаткалга түшөт. Аркасынан Чотур деген Кокон орусунун жоокерлери менен кууп жетип согуш башталат.

Ошондо жекеме-жеке найза сайышып, Сарымсактын баатыры Кушчу уурусунан Байтерек баатыр чыгып, сайып салат. Баатыры өлгөн Кокон жоокерлери кайра аркага кайтышат. Сарымсак датка Таласка ата журтуна келет да, олтуруктаашып калат.

## Сарымсак датка

*Инв.№524(5116)*
*Жыйноочу Жанжигит Казакбаев*
*Сокулук району, Жал кыштагы. 1974-ж.*

Кокон хандыгынын доорунда Наманган, Хасан, Ала-Бука аймагында бийлик жүргүзгөн андан тышкары дагы датка наамын алган 1853-жылы орустар Ак мечитти Кызыл Ордо шаарын алууга аракеттенгенде Кудаяр хан, Сарымсак датка, Шатман кожо, Маткерим шайык башкарган жерлерди жиберген. Мыкты деп ишенген 300 тең жазага тартылган. Бирок кийин кудаяр хан орустардын артыкчылыгын сезгенден кийин алардын аскер башчыларына ырайым кылган. Ошондон кийин Сарымсак датканы Наманганга аким кылып коет. 1862-жылы Алымкул аталык баш болгон бир топ бийлерди, Мала ханды өлтүрүп, Шаа Муратты хан көтөрүп, анан бийликти кыргыздар алышат. Муну уккан Канат Шаа Букардын ханы Музафар Кудаярды колдоп чыгышкан. Алымкул Кокондон кетүүгө мажбур болуп Сарымсак датка менен биргелешип Кудаярдын жоокерлери менен чогулушуп Андижан шаарын ээлеп алышат. Кийин алар Алымкул, Сарымсак датка Наманган шаарынын жанында Сарымсак Чаткал тарапка качууга мажбур болот. Ошентип Сарымсак датка Талас аймагына келип азыркы Кара-Буура, Бакайыр жерлерине отуруктаашкан Үч-Коргон чебиндеги баягы Кокондун аскерлери не бир жолу чабуул жасаган. Ошентип Сарымсак датка отуруктаашкандан кийин Кара-Буура суусун буруп, Кара-Молону этектеп, жер

моло, көк дөбө, Ак чий жерлерине чейин суу чыгарып, эгин эгип айдоо жерге айландырган. Азыркы учурдагы биз суу ичип жаткан канал ошол Сарымсактын каналы деп аталат. 1864-жылы орустар Олуя-Атаны алганда Сарымсак датка Чаткал жайлоосунда жүргөн. Кийин ал көчүп бара жатканда ага орус отряддары күчүнө жетпей калышкан. Ошону менен эле Ала-Бука Наманган аймагында жашаган багыш уруусун баштаган Сарымсак датканын коргону Өзбекстандын Ворзик кыштагында болгон. Ал жерге бир нече мечит, тегирмен салдырды. 1847-жылы жазында Ажыбай датканын уулу Нурал датка Кудаяр хандын таятасы Токтоназарды өлтүрүп, анан Талас элине жоо болуп келе жатканда Нармухамемеди алдын-ала токтотуп эки элди элдештирейин бул – Сарымсак датка Кушчу уруусунан чыккан Сатылган болуш менен Берен уруусунун башчысы Жанкороздун жер талашуусун да тындырган эл ичинде кеменгерлик касиетке ээ болгон. Ошондой эле Сарымсак датканын уулдары, неберелери ошол орус падышачылыгына Совет бийлигине чейин болуш бийлигинде болушкан.

Эми Сарымсактын экинчи уулу Шадыбек жөнүндө кыскача баян.

## Шадыбек болуш

*Инв.№524 (5116)*
*Жыйноочу Жанжигит Казакбаев 1974-ж.*

Сарымсактын экинчи уулу бул – Шадыбек болуш. Ал 1838-жылы Кара-Буура өзөнүнүн чыга беришинин оозунда Сарымсак датканын атасы Бекболот бийдин коргончосунда туулган. Сарымсак датка 1862-жылдары орус падышасы менен алака түзүүдөн кийин гана жашап калган.

### Санчы Сынчы Солтонун балдарын сынаганы

*Инв№524 (5116)*
*Жыйноочу Жанжигит Казакбаев*
*Сокулук району, Жал кыштагы. 1974-ж*

Солтонун Күнтуу, Култуу, Чаа аттуу үч уулу болуп, эки уулу көркөм ырандуу болот. эң кенжеси Чаанын ырайы серт, курсагы чоң бала болгондуктан казанбактын алдына көмкөрүп көтөрүп жаткызып багып жүрөт.

Солто эки балам жакшы эле болор. Чаанын ысык эле жаны бар бир жан болуп калды го деп ойлоочу экен.

Чаа үч жашка чыкканда баса албай бечел болот. Солто Санчы Сынчыга улуу баласы Күнтууну сынатат. Сынчы сынап айтат: «Бул баланддын аты күлүк кызы сулуу чыгат». Экинчи баласы Күлтууну сынап айтат: «Мунун тукуму урушчаак келип бакан болот, башка кыйын иштерге жарабайт». Санчыдан укканда Солто шалдайып отуруп калат.

Сынчы жана айтат: «Сенден эң кыйын тукум чыга турган экен, бул экөөңөн башка балаң жокпу» дейт. Солто мындай укканда ичинен капа болуп: «Эми мындан кийин туучу бала болбосо, жаман бечел сынына толмок беле!»

Сынчы дагы сурайт: «Солто дагы балаң барбы?» дейт. Солто жадаганда айтат» «Казанбактын алдында жаткан жаман бечелди алып келгилечи» дейт.

Бечелди алып келишет. «Мына менин издегеним эми табылды» дейт сынчы. Айтат: «Баш кайкаң, ат качырбас боз айгыр, ач арстан кыргызды баскандар оендор жана төрт түлүгү шай болгон байлар ушул бечел каранын тукумунан чыгат, тукуму да абдан көп болот. Чаадан каракчы, Талкан эки уул болуп, Каракчынын тукумунан тарагандар Бөлөкбай аталып падышалык убакта төрт болушка толгон. Бөлөкбайдан 19-кылымдын биринчи жарымында жолборсту ти-

рүүлөй кармаган Жамангара баатыр чыгат. Ач арстан деп айтканы Карчу болуп, орус жаңы Кыргызстанга келгенде кам-чам алынбай турулган барданкени солдаттан колунан чаап кирип жулуп чыгат. Карчунун уулу Сулайманда эл бийлеген чоң манап болот.

Талкандын тукумунан тарагандар жети болушка толуп, Тулөберди баатыр, Эшкожо, Канайлар чыгат жана Байсейит. Бошкой болот. Ат качырбас боз айгыр Канай болот. Баш кайкаң Жангарач баатыр болот. 19-кылымдын ортосунда бүтүн кыргызды баскан Байтик баатыр чыгып, баскынчы Кокон кандыгына Рахматулла улугун өлүм кылып оруска кошулат.

Бөлөкбай эли эл четинде, жоо бетинде болот. Чолпонкул манап да Түлөберди болгон.

## Сарымсактын бузугу

Бул окуя мындан 140-150 жыл мурда болгон. Анда Кокон хандыгы өкүм сүрүп турган мезгил. Ошол убакта кулан сарык уруусунан Сарымсак деген бий өткөн. Ал хан менен араздашып жигит желеги менен казак боордошторго өтүп кетмей болот. Бул убакта бир айылдан төө жоголот. Көч менен кошо кетип калдыбы деген ойдо төө издеген жигит Турпак-Белде Сарымсак бийдин көчүнө жете келет. Ал жай сурашып, жигит келген жөнүн айтат. Бий ишенбей «бул хандын тыңчысы» деп байлап, көч менен кошо салып кетип калат.

Авлетим тоолорунун этегинде Шүдүгер-Ата деген мазар бар. Көч тынбай жүргөнчө чарчашып, ошол мазарга токтоп, бир аз эс алышат да, бий уулу Шатманды бир жигити менен арттан келген куугунду тосуу үчүн калтырып, көч андан ары сапарын улантат. Чатка барганда жол эки айрылып кетет. Бири Ой-Алманы өрдөп, бири Уу-Төрдү өрдөп кетет.

Көч Ой-Алманы өрдөп кетет. Артта калган жигиттер адашып, Уу-Төргө кирип кетишет. Бирок, көчтөн дайын жок. Көргөндөрдөн жолду катар сурап жүрүп отурушат. Бирок көчтү көрдүм деген адам жок.

Ошол убакта эл, Сарымсак бий чаап-талкалап келе жатыптыр деген каңшаар угуп, тоо-тоонун башына көрүнбөй турган буйткаларга жашынып калышкан экен. Өз коргонуусун сактап ар-ар жерге чеп курушкан.

Көк-Кыя атына заты жарашкан бул жер коркунучтуу чеп курууга ыңгайлуу болгон.

Аты эле айтып тургандай бул – үстү асман мелжиген көпкөк жалама зоо, асты типтик шагыл, кокус бутуң тайып кетсе, түбүндөгү күркүрөп буркан-шаркан түшүп, ээ-жаа бербей, жээгиндеги аскага өзүн бир уруп, кайра артка кетенчиктей жинигип агып жаткан сууга «чулп» этесиң да күм-жам болосуң.

Ушундай жүрөктүн үшүн алган коркунучтуу зооканын боорунда жалгыз аяк жол бар. Кезинде ошол жолго да чеп курулган экен. Азыр да ошол чептин анча-мынча урандыларын көрүүгө болот.

Корумду Куланды деген сыяктуу Көк-Кыянын жака белиндеги жолдон бурум коктулар элдин жашынар бутасы болгон.

Эл башчылары «сактыкка кордук жок» дешип, күндө коктунун оозуна сакчы коюшуп койчу экен.

Ошондой күндөрдүн биринде Корумдунун оозуна магап уруусунан Адыл деген баатырдын жанына акчубак уруусунан бир жигит кошуп сакчылыкка коюшат.

Коктунун оозунда ташка жашынып олтурушса, үч аттуу көрүнөт. Жакын келгенде Адыл бирөөнү чокмор менен чаап өлтүрөт. Жанындагы ак чубак жигит анын атын минип элине барат да, сыйлык алып жакшы көрүнүш үчүн , Сарымсактын бир жигитин чаап өлтүрдүм деп элди дүрбөтөт. Адыл келсе эл дүрбөп жаткан болот.

Сарымсактын жигитин мен өлтүрдүм десе, ак чубактын жигити жок мен өлтүрдүм деп эч болбойт. Анан эл аксакалдары чогулуп, кеңешип бир калыс бүтүмгө келишет да, аларды барса келбес жака жиберет. «Барса келбес» жагы азыркы Өзбекстандын Хозретима кыш-

тагынан орун алган. Байбулак Ата мазары экен. Ал жерге баргандардын күнөөсү бар болсо, кайра келбейт экен. Адыл да ошол калп айткан акчубак жигитин ээрчитип ошол мазарга жөнөп калат.

Жолдо баратып Сары үңкүргө жетпей аты мүдүрүлүп кетип Акчубак жигит өлгөн экен.

Эми Шатмандан кеп салалы. Шатман жигиттери менен Уу-Төрдүн Көк-Кыясына чейин барып кайра кайтышат.

Анын бир жигитин жолдо акчубак, мамаяр, сарболот уруулары атып коюшат. Шатман ызасына чыдабай «Эл эмес экенсиңер, журт эмес экенсиңер, элге эч кандай зыяныбыз жок эле, биз хандан качып келе жаткан элек» – деп кейип, өлгөн жигитинин атын жетелеп, жөнөй бергенде кайра кайрылып: «Аты Бөдүгара, чөнтөгүндө акчасы көп, аруу жууп, аздектеп денесин жерге жашырып койгула» деп бастырып кете берет.

Эл аны Шүдүгер – Атанын күн чыгыш тарабындагы коктунун оозуна коюшат. Азыр дагы эл анын арбагын сыйлашып, ага таазим кылып, куран окуп турушат жана ал коктуну «Бөдүгаранын коктусу» дешет.

Көч Ашуу-Төр аркылуу Таласка ашат. Баягы төө жоготкон жигит дале көч менен кошо. Сарымсак бийдин байбичеси оорулуу экен. Чаткалдын Талды-Булак айылына жеткенде байбиче каза табат.

Коёрго ылайыктуу жер жое кайгырып, дөңгө чыгып, айланага көз чаптырат. Ошол учурда бийдин көзүнө бир чоң кан таш урат. Ал таштын түбү көрүп баскан сымал бирде көтөрүлүп, бирде басылып, көтөрүлгөндө көк түтүн асманга буркурап учуп турган экен. Ал ошол жерди жигиттерине каздырат. Каздырса, ал жерден адамдын сөөгүн табышат. Сөөктүн жаш тумары дале сакталуу экен. Молдого тумарды окутса, сөөк кадимки Табылды баатырдын сөөгү болуп чыгат. Бий байбичесинин сөөгүн ошол жерге коюп, сапарын андан ары улайт. Ошентип, кадимки элдик баатыр Эр Табылдынын сөөгү Чаткал районунун Талды-Булак айылына коюлган экен.

Көч Таласка келет. Сарымсак бий жөн-жайын түшүндүрүп эл болоюн жер бер десе, эл башчылары ачык жооп беришпейт. Бул жерге батпайт экенбиз дешип, андан ары казактарга ашып барат.

Казактар Сарымсак бийди сынатышмак болуп, сынчы алдырышат. Бий болуштардын баары дөбөгө чыгып сынчыны күтүп отурушат.

Бир убакта тээ алыстан шүдүңгүр минген сынчы көз ачып жумганча дөбөгө чыга келет.

Шүдүңгүр деген буттары узун, ичке, мүйүзү да ичке тарткан, аябай күчтүү, аябай тез баскан өгүздүн бир түрү болот экен (туурасы – шүдүңгүт – *ред.*).

Келе жатканда эле эки шамдагай жигит тосо чыгып, күчү жетпей тээ бир комго жерге чейин сүйрөп кетип, араң токтотушат. Сынчы түшүп топко барат да, «Жолоочу меймандын алды мээримдүү, арты суук экен» – дейт. Ошондо Сарымсак бий кошуунга кабар берет экен: «Бу казактар да батырбады, кайра Таласка кетебиз, даярдангыла!» – дейт.

Бий баласы Шатман бизди батырбаган казактарга бирди көрсөтөйүн деп алтымыш жигитин жоо-жарагы менен алып калат. Ал Таласка жетерине үч күн калганда артынан казактын үч жүз жылкысын айдап жете келет. Ошентип, көч кайрадан Таласка кирип келет. Таластын эл башчылары чогулуп сүйлөшүп, жоо-жарагы менен жаны ачып жүргөн Сарымсак бийден чочулап ага жер берип, эл кылып алышат.

Антип-минтип жүргөндө арадан билинбей үч жыл өтүп кетет. Ал мезгилде баягы төө жоготуп туткун болгон бала өз элине кетүүнү самайт. Кетип калайын дейт бийден коркот, кала берейин десе «туулган жердин топурагы алтын» дегендей ага-тууган, элин-жерин сагынат.

Бир күнү ойлонуп отуруп бийден уруксат сурайын, жиберсе жиберди, жибербесе калам деген ойго келет. Чай ичип отуруп бала өз оюн айтат. Анда бий: А балам, аны мен унутуп койгон турбайымбы, мурдарак эле айтсаң болмок деп аны жөнөтөт.

Баланы үч жыл боло кол астында кармап, куру жибергенден намыстанып, ага астына ат, үстүнө тон кийгизип, алтымыш жылкыны айдатып элине жиберет.

Аларды айдап Таластын Кара-Буурасына келе жатса, астынан Шатман чыгат да: «А, ууру, жылкы уурдап кайда баратасың?» дейт.

Жок, мен ууру эмесмин. Мен элиме баратам. Куру кетпе деп буларды бий атам берди дейт.

Ошондо Шатман ачуусу келип, какбаш чалдын сага бере турган жылкысы бар бекен деп балага он бешин калтырып, калганын айдап кетип калат.

Элине келсе, ата-энеси аны Сарымсак өлтүрүп койду деп балага аш бердирип койгон болот. Аялы башкага күйөөгө чыгып кеткен болот.

Бузурманкул Сулайманкул болуштун катчысы. Бул эгин-тегин жыюу мезгилинде эгиндин эсебин алып, Кызыл-Жардан келе жатып Байбулак-Атадан бир чалга жете келет. Ал чал биз жогоруда сөз кылган төө жоготкон жигит экен.

Экөөнүн жолу бир болгон соң жолду кыскартууну суранат. Ал чал «Көзүм менен көргөнүмдү айтайынбы же кулагым менен укканымды айтайынбы?» – дейт.

Анда Бузурманкул: «Укканыңдын кереги эмне, көргөнүңүздү айтыңыз» – дейт.

– Болуптур балам көргөнүмдү айтайын, кулактууларга айта жүр деп жогорудагы окуяны баяндап берген экен.

Ал чал азыркы Аксы районунун Кош-Дөбө айылында өткөн.

Бузурманкул болсо ушул эле райондун Айлатун айылында өткөн экен.

### Сарт калмактын келиши

*Инв 647 (5285)*
*Айтып берген: Аман Айдарканов*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев*
*1974-1975-ж.*
*3-дептер 104-б.*

Тилекматтын атасы ар кимдин жылкысын кайтарып жүргөн киши болгон, анын атасы ким экени белгисиз, дайны жок. Тилекмат мыкты чыгып бугуну бийлеген. Тилекмат өлгөндөн кийин Тилекматтын баласы Чыныбай мыкты чыгып бугуну бийлейт. Бугулар бизди тексиздер бийлеп жүрө береби, биз өзүбүзгө Балтабайды хан көтөрөбүз, бээ союп бата кылабыз дешип жатканда бийликтен түшө элек Чыныбай 20 киши менен келип Балтабайды эки колун байлатып, мойнунан жетелетип 20 км жерге барат. Балтабайдын бутунда кызыл өтүгү болгон, анын согончогу жооруп канайт. Чыныбай Балтабайды өлтүрө албай кое берет. Кийин бугулар бээлерин союп Балтабайды хан көтөрдү. Балтабай хан атанды. Бугулар Чыныбайды чекелетип таштагандан кийин Чыныбай мага эл керек деп Кулжага барып 600 түтүн сарт калмакты көчүрүп келет. Ысык-Көлдөгү сарт калмактар ошентип келишет.

*Айтып берген: Аман Айдарканов*

**Таластан калмактын кеткени**

*Инв.№647 (5285)*
*Айтып берген: Аман Айдарканов*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев*
*1974-1975-ж.*
*3-дептер 112-б.*

Таласка калмактар мурун да бир келип узак туруп кеткен экен. Анан кийин дагы да жети суу жактан калмактар келип, 20-30 жыл туруп кеткен. Калмак кеткен жылы Ажыбек деген бир бала тууп токсон жашка чыгып Кеңкол деген жерде өлгөн. Ал өлгөн жылы тууган бир бала алтымыш жашында өлгөн. Анын өлгөнүнө он эки жыл болот. Ушуга караганда калмактар Таластан 1761-жылда көчүп кеткен болот. Калмактар Таластан кеткен соң кайра Жети-Сууга кетишкен.

Калмак Таластан көчкөн соң Таласка Алай тоосуна туруучу Сару, Кутчу, Алакчын деген кыргыз уруулары келишкен. Булар ушул келгенден кийин күнгө чейин Таласта турушат.

### Ат-Башыдан калмактын бузулушу

*Инв.№394. 51-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Он жетинчи кылымдын ичинде Ала-Тоону калмак басып турган. Кыргыз Анжиян тарапта бозуп жүргөн. Бул сөздү Акчубактын Жаныбек уулу деген уругунан Байыкенин улуу Нуржелке-Таштан деген тарыхый сөздү көп билген Сыдыкбай деген киши угуп калган. Анжыян кыргызынан аты белгисиз Таштан айтса да, Сыдыкбай атын унуткан бир баатыр ар дайым Арпа, Ак-Сай, Ат-Башыдага калмактан жылкы алып келчү экен. Жазында ушу баатыр баягы калмактан мал алууга келип Маселенин белине чыкканда Ат-Башы жактан мурдуна сасык жыт жыттанат. Андан Ак-Бейитке келсе кырылган көп койдун өлүгүн өйүз-бүйүз кашаа кармаган болуп, ошонун жыты экен. Ат-Башыга чоң жут болгон экен го деп ойлоп, таңданып, калмакты жут ойрондогон белем, абдан билейинчи деп Чалдыбарга, азыркы Кошой коргонго дейре келет. Сазда алтымыш чакты жылкы жатат. Ээси кайда болду экен деп ары-бери караштырып бир калмак катынга учурайт. Катын баатырдын сен кимсиң? дейт.

Калмак катын: «Үч жылы катарынан катуу жут болуп бузулду. Биринчи жутта малды үчтөн бирлеп, ортодогуга ортолоп, быйыл түгөл алып, калмак жөө чубап Ысык-Көл жака кирип кетти. Киши көп набыт болду. Үч Буркан төрөнүн үч миң жылкысы бар эле, жуттан кырылып, жети жүздөй жылкы калды эле, өлгөнүнөн калганын алып артыбыздан келгиле деп,

алты-жети эркекти таштаган. Азыр алтымыштай эле жылкы калды, эркектер балык уулап кеткен, балык менен жан сактап турабыз. Чоң-Дөбөдө турган токойлуу төрдө жети жүз төө бар эле, баары кырылып, отуздай калды. Эки күн болду, бизден бир киши барып сүйлөшүп келди, эртен Кашкулактан кошулуп, Көл жакка кетебиз» деп сөзун бүтүрөт. Баатыр калмак катындан толук сөзгө канып, отуз чакты жылкыны айдап кетет, жолдо жүрбөгөнү өлөт.

## Уруу уруулардын өз ара тартыштыгы жөнүндө

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Сарыбагыш саяк ортолору. Он сегизинчи кылымдын ичинде Саяктын Чоро уругунан Жанболот баатыр дегени болгон. Бул Жанболот баатырдын жылкысы Кочкордун бетинде, Айтактын чабы деген жерде оторлотуп, жылкычылар ою менен жүргөн учуру. Мындайча айтканда кымызга мас болушуп, бир-бирлери менен тамаша түрүндө экиге бөлүнүшүп, кунан-тайлар жарыштырып, байгесине канжыга тизгин сыяктуу майда нерселерди мөрөй кылышып ойноп жатышкан учурунда сарыбагыш уруусунан эр Ниязбектин иниси (тууганы) Айдаке баатыр деген бир жакка жолоочулап бара жатып, жылкычыларды көздөй кымыз ичип өтүү үчүн кайрылган экен. Бул ортодо алиги тай жарыштырган жылкычылар дуулдашып: «Келиңиз, Айдаке баатыр!» – деп, кымыз берип олтуруп турганда, бир жылкычы келип: Менин тайым чыкты, келе байгесин! дегенде, мас болгон жылкычынын бирөө туруп: Мына байгең. Айдакени мөрөйгө сайгамын! деп коёт экен. Ошондо Айдаке баатырга ызалык пайда болгон. Айдаке баатыр агасы эр Ниязбекке бул ызаланган ишин айтат экен. Ошондон бир түрдүү намыс туулуп, эр Ниязбек саяк Качыке баатыр, Медет датка дегендерге элчи (арачы) жиберген

экен: Жанболотту менин алдыма алып келип тартуу тартмак кылабы же болбосо кол жыйнап барып, Жанболотту чаап аламбы? Агер туруштук берсе урушар жерин айтсын. Жанболот Качыке баатыр менен Медет датканын тууганы экени анык. Ошон үчүн жооп берсин деген экен. Бул сөзгө Качыке баатыр менен Медет датка эр Ниязбектен кооп кылып: Бул сөз ырас сөз экен. Албетте, Жанболотту алдына тартуу-тартмагы менен алып баралы. Эр Ниязбек ызаланып, намыз кылбасын деп, келген элчини узатты.

Эмки сөз Качыке баатыр менен Медет даткадан козголот.

Жанболотту чакыртып алып: Сенин жылкычыларың бейбаш ооз экен. Кымыз ичебиз деп Айдаке баатыр кайрылса, тай, кунан чапкан кара жарышына мөрөй үчүн Айдакени байгеге сайдык деп коюптур. Бул сөзгө сарыбагыштар намызданып, жасоо курап жатат дейт. Албетте, Ниязбектин жасоосуна туруштук бере турган ал жок. Ошон үчүн тогуз ат алдыргын. Жылкың жакын эмеспи, алдына тартууга алып баралы дейт.

Жанболот баатыр макул алып, үйүнө барып, тогуз ат айдатып Качыке, Медет датка менен жер болжошуп, болжогон жерине аттарды алып жол боюна жеткирет. Жанболот амал менен Качыке баатыр менея Медет датканы алдайт: Баатыр, менин көйнөгүм үйдө калды эле, жуудуруу үчүн чечип таштадым эле дегенде: Кокуй эмесе, сен бүгүн барып, көйнөгүңдү кийип, эртең эрте баланча жерге келе койгун. Биз күтүн туралы деп, тогуз атты айдап, жер моюндап (Кубакынын белине) барып жатып калат.

Бул ортодо Ниязбек кабар угуп калган болот.

Жанболот көйнөк кийип келем деп Ак-Учукка (үйүнө) келгени менен Айтактын чабындагы жылкысын жана айылын, элин жапырт көчүрүп, түн боюнча Нарын өрөөнүнө бет алып качат. Качыке баатыр менен Медет датка болжогон жер Кубакынын белине түнөп жата берет. Ал кезде Ниязбектин айы-

лы Чүй өзөнүндө (жол арыгы тайгак да экен). Мына келет, ана келет менен эртеси да кечке жатышат. Эки күндөн соң бир жолоочу келип айтат: Жанболоттун көчүнө мен учурадым. Чаар-Арча, Килемчени ашып, Соң-Көлдүн Беш-Мойногунда кетип баратат дегенде: Кайыр эми, болбостур. Бизди алдаган экен деп, тогуз атты айдап, Качыке баатыр, Медет датка болуп барат.

Анда Ниязбек ойлоп: Кантсе да сен Жанболотко бир ата жакын туугансың, ошон үчүн сен эле качырып жибердиң деп тартуу кылган тогуз атына ыраазы болбостон Качыке баатырды ызалап койгон экен. Демек, Кулжыгач, Чоро бир тууган. Кулжыгач уруусунан Качыке, Чоро уруусунан Жанболот тарап чыгат. Мына ошон үчүн ыза көрүп (сөгүү, тил угуп), таяк жеп алып, Качыке баатыр дагы ыза болуп, ичине намыз туудуруп үйүнө кайтат. Качыке баатыр картайган чагы болуп, Жанболот үчүн ыза болдум, намызымды жалпы саяк кууп алып береби? деп жүрүп, көп жылдар бою теңдигин ала албайт. Бул ортодо Кулжыгач, Чоронун белдүү баатырларынын өлүп кеткендерин жоктоп арман кылып: Эч болбосо Тайлак баатыр тирүү болсочу, намызымды кууйт эле деп, саяк урууларына кабар берген дейт.

Ошондо Жанболот Нарын өзөнүнө келип, Куртка деген бир чоң арыкты ээлеп жата берген. Качыке баатырдын кабары боюнча Жанболоттун баатыр уулу Кожоберди деген бир нече жүздөп кол алып, Качыке баатырдын үстүнө Жумгалга жөнөйт. Жана бул кабар боюнча Кетмен-Төбөдөн өйдө чекти (саяк) Карашанаа баатыр деген бир канча кол менен келип, Качыке баатырдын үстүнөн көп кол Чүйгө бет алып, кыштын ала-шалбырт маалында жөнөйт.

Көп кол узап кеткен соң Качыкении Эраалы деген уулу ишенимдүү жакшы аты жок болгон үчүн кол менен бирге жөнөй албай, үйүндө калып калган экен. Бирок чыдап тура албастан, атасы Качыке баатырдын Маралтору деген атын суратып, Карабердиш деген инисин жиберди. Качыке баатыр Маралторуну

кол чидер, бугу чылбырлуу ноктосу менен берип туруп осуят айтты: Жоо-душман менен беттешкенде бугу чылбыр белинде бек курчанган болсун, кокус жыгылып калса, ат ойноп, эч кимге карматпай үйгө келет. Болбосо жоо колуна түшүп кетет деген экен.

Ошону менен колдун артынан жөнөп Эраалы Кара-Кыя, Сарала-Сазда жете келди. Албетте, Шамшы суусунан келе жаткан жол-жолоочулар болсо байлап алып, Ниязбекке кабар түшүрбөй жүрүп олтуруп, түндөп Ниязбектин айылын басып, төө, уй, малын чаап алат. Чүй өзөнү эрте көктөгөн себептен бардык жылкы, кою Чүйдүн өйүзүнө – Кара-Коңузга кеткендиктен колдоруна жылкы тийген жок. Төө, уй (кара малды) сүрүп чыгып, бери жакка узатып койгон соң Эраалы Маралтору менен таң сүргөн ченде Ниязбектин үйүнө барып: Какбаш чал, жатасыңбы? Мен Качыкенин уулу Эраалы! Жылкыңды тийип алганы кол куралып келдик эле. Жылкың Кара Коңузда экен. Уй менен төөңдү тап-такыр тийип алып жолго түштүм. Таң кулан өөк болуп калды. Чамаң болсо малыңды ажыратып кал. Келбесең катыныңдын элечегин башыңа салгын. Агер мен качкан бойдон кетип калсам – мен салынайын! деп, үйүн найза менен бир чапты да Эраалы кайра тартып, жолго түшүп, Шамшынын оозундагы Агачактын желесине келип күтүп турду көп эл.

Эр Ниязбек жасоолдорун жыйнап, Сегизбек наам алган балдары менен куугунга жөнөдү. Көбүнчө Эраалынын элечек кийишели деген шерти боюнча кайраттуу дем-күчтөрү менен колдун тосуп жаткан жерине келип, бет болду. Албетте, илгерки элдин бузулбас эрежеси, канчалык өлүм алдында жоолашып жатышса дагы: «Жекеге!» деген кыйкырык боюнча, аламан, тартипсиз уруш болбойт экен. Адеп эл беттешкенде эле Ормон баатыр (Ниязбектин уулу): Жекеге! Жекеге! деп чакырып, ат ойнотуп чыга калганда саяктан Эраалы Маралтору менен качырып барып, Ормонду ыргыта сайды да байлап колго түшүрүп алышты.

Экинчи «Жекеге!» деп чакырык таштаганда Эраалыны Субан ыргыта сайды. Атасынын осуяты боюнча чылбырды белине байлаган үчүн кайта ыргып минип, Эраалы колго түшпөй кутулуп кетти.

Үчүнчү жекеде Субанды Кожоберди ыргыта саят. Бирок ал да ыргып атка минип кутулуп кетти. Ошону менен Ниязбек жагы туруштук бере албастан, жана малдарын ажыратып алмак турсун, Ормондон айрылып, артка чегинип качты. Жоо артынан Эраалы Маралтору менен кууса да, артыкча Ниязбекти көздөгөнү менен, эч кандай Маралторуга Ниязбектин Чаар аты жеткизбейт экен. Алыстап бир жерге барганда Ниязбек кылчайып: Ой, Качыкенин уулу, тарт кайра! Өзүңдү атып салайын дейм – Ормонум колго түшүп калды. Минген атыңды атып салайын дейм – карыганда атаң жөө калат! деп кыйкырса болбостон Эраалы качырат. Анда Ниязбек айтат: Эмесе белиңдеги саадагыңды атып салам! – деди да курчанган саадагын ыргыта атты дейт. Ошондо Эраалы чочунуп кайра тарткан дейт.

Мына ушуну менен көп кара мал алышып, Ормонду колго түшүрүп Жумгалга келген имиш. Ормонду, албетте, колго түшүргөн соң Дөөлөт деген устага тапшырган экен, ар дайым байлоодо болуп, ит күнүнө түшүрүп, кордуктап багуу үчүн. Анда Дөөлөт дароо эле Ормон келери менен эки колун байлоо үчүн аракет кылганда айбаттанып, эрдин тиштенип, бир түрдүү ачууланган эрдиги менен Дөөлөгкө тап берем десе Дөөлөт чоркоктугу аркасында барскан-балка менен Ормонду мурунга чаап жиберген имиш. Ошонун залдарынан мурдунун үстү бузулуп, кийин кан-жел болуп калган дейт.

Ормон ошону менен бир жылдан ашык убакыт колго туткун болуп жүрөт. Бул ортодо сарбагыштар эр Ниязбекке ар дайым келип: Качыкеге тартуу алып барып Ормонду бошотуп келбейлиби? десе Ниязбек эч кандай болгон эмес экен. Калган жети уулум болот. Ормонду бышырып жесин. Саяктын алдына тартуу тартып жүрөмбү деп койгон дейт.

Ошону менен Ормон жайы-кышы туткунда. Чачы өсүп, башын, бетин жапкан. Керектүү күндөрүндө элечек ороп уй саадыруу жана башка кордуктар менен асырап келди. Эки колу бири бирине кадалуу бойдон, бутунда кишени менен Ормон баатыр качууну ойлоп, туткунга алып жүрүүчү Дөөлөт устанын колунан чыгып, түн бою буттагы кишени менен жылып, Былкылдактын сазынын туурасында (күңгөйүнө) бир суу жеп кеткен жаракага далдаланып жатты. Бир эки күн турса ачкалык же болбосо кыйноонун залдарынан (бут сөөгүнө кишен өтүп, колуп байлап кадаган темир өтүп) өлүүгө мүмкүн экен.

Ошол учурда катаган уругунан бир киши төө издеп жүрүп Ормонго учур келип, жашыруун түрдө антташып, Ормонду качырып жибермек үчүн, издеген төөсүн таштап, үйүнө барып жарак алып келип, колу-бутундагы кишенди алып, бир нече күн эс алып, тоюнткан соң, аттап-тондоп Ормон баатырды үйүнө жеткирет. Ормон үйүнө барган соң бүтүн колуна тийген сарыбагыш уруктарын уюштуруп, Чүй боюнан Кочкорго көчүп келүү менен катар саякка асыла баштайт.

Биринчиден, Айдакенин байгеге сайылышын, экинчиден, өзүнүн кордук көрүп, уй сааганын унуткус түрдө эсинен чыгарбай сактоо менен өзүнө караштуу элин (сарыбагышты) чогултуп, эки-үч күн элге сөз айтпай эле, улам-улам калган-каткандарын жыйната берет. Акырында көпчүлүктөн бир киши ылгалып чыгып, Ормон баатырдан жооп сурайт:

– Эки-үч күндөн бери чогулдук, сиздин имине айтаарыңыз бар? – дегенде Ормон баатыр эл ичине басып келип:

– Ой, журт! Менин айтаарым ушу бир эле кызыл тебетей болсун! – деди да үйүнө кирип кетти. Ошону менен эл тарайт. Андан кийин бүткүл сарыбагыш жалгыз Ормонго баш коюп, Ормонду: «тааңа таш» деген эч ким болбойт. Кызыл тебетей болду да калды.

Муну менен Ормон күчүн жыйнаган убакта Кул-

жыгач Качыке баатыр шектенип, коркунучтуу болгондуктан Чорого жан тартып, Мынагелди, Макмал жайлоолоруна жайлап калган учурда Курмангожодон (Медет датканын элинен) отуз чаар ат тартууну Ормон алат. Себеби: «мен жокто Соң-Көлдү жерден жүрүпсүңөр, мындайча айтканда уурдап жайлаган экенсиңер» деген гана колдон келет иш кылган. Ошону менен Ормон өтө локулуу, айлалуу жана эч нерседен коркпогон баатыр болуп, теңдигин кетирбеген бойдон даражасы уланып жүрө берет.

### Кыргыздын орус падышасына карагандыгы

*Айткан Тоголок Молдо*
*Жазган: Абдыкалык Чоробаев*

Ормондун заманында емиш-емиш орус келет дейт деген кабарларды угуп калган кез. Ал учурда Кокон чүлүк Ормонго ооп калган. Орус Омбу деген жерге келип түшүптүр деген чын кабар боюнча көпчүлүк эми имине айла кылабыз дешип Ормонго акыл салат. Анда Ормон бир түрлүү амал ойлоп: «Кокон канына да, оруска да сурак бербесек» деген акылды кылып, орустун келер жолун утурлатып элчи жиберет. Ал элчиге эч кандай кеп-сөз айтпастан, он койдун терисин өңдөтүп туруп бир малакай тебетей жасатып, атайын бир коштоо аттын белине тартып берип жөнөтөт. «Ушу тебетейди орустун улугуна алып барып тапшыр. Ким берди десе, Ормон берип жиберди, ар дайым башына кие жатчу тебетейи эле, сизге белек кылып берип жиберди. Кийип жатып жүрсүн дейт, деп гана айткын. Бөлөк эч нерсе дебе» деп элчини жөнөтөт.

Элчи үй ай жол жүрүп Омбуга барып, орустун чоңуна тебетейди тапшырган соң орус бир түрлүү коркунучтуу ойго түшүп: «Бул тебетейди кийген кишини жер араң эле көтөрсө керек» деп, чын эле Ормондун айдыңы, чоңдугунан жолоп Омбудан бери өтпөй, үч жыл токтогон дешет.

Ошол учурда Кокон хандыгы тарабынан кыргыздарга динди үйрөтүп, шариат жолдорун түшүндүрүп, ага ылайык шариат өкүмү боюнча үшүр, зекет жана башка салымдар алуу үчүн молдо, кожолор куржунга китептерин салып, Ормондун үйүнө келип, намаздын тартиптерин түшүндүрүп конуп калган дейт. Анда Ормон: «Кантип намаз же болбосо китептеринин карала каттарын билебиз?» деп, даңдыроо болуп турганында молдолор эшикке даарат алганы чыгып кетсе, ордунан тура калып, куржундагы көп китепти буту менен тээп: «Кайсы бирин үйрөнүп билүүгө болот? Ушунун баарысы амазбы?» деп, жана сүйбөгөндүк аркасында китептерди чачкан экен. «Сен молдо, кожо-сарт болсоң жана кокондуктарга сүйлөйсүң да, мага сүйлөбөйсүң» деп молдолордун шариатына кулак салбастан Коконго кетирип жиберген дейт. Ошонун натыйжасында бир далай (Ысык-Көл, Кочкор) элин жеке өзүнө каратып алып, ханга (кокон хандыгына) сурак бербей жата берген. Жалгыз гана коркунучу орус болуу менен турган мезгилде, бугу урууларынын чабуулунда Ормон өлөт.

Андан кийин Ормон өлдү деген кабарды угуп, Омбудагы топтолуп жаткан орустар шыдыра келе баштап, адегенде Алматыга орун алып, калаа салып, жердик боло баштаган. Андан кийин Төрөгелди баатырга орустан белек үчүн бир кылыч келип, Ысык-Көл жана сырттагы кыргыздардын оруска багынышы жөнүндө нечен элчилер келсе да түздөн түз сурак берүү иши болгон эмес. Калайманга түшкөн элдин бир жагы багынганды ойлосо да, бир жагы башка бир жакка көчүп, үркүп кетүүнү каалаган. Алалык мисалга: орустар Алматы, Чүй бойлорун ээлеп, Токмок шаарын тургуза баштаган убакта, жаки кече кийинчерээк Шабдан ыктыярдуу атреятка начандик болгон учурда узун сакал майырды бир нечен казак орустары менен ээрчитип, Жумгал. Кочкор жактарын уюштуруп, оруска багынтып, (каратып), Нарын өзөнү жана Фергана

өзөнүнө бет алып келе жатканда Тайлак баатырдын уулу Осмон датка орусka сурак бербеймин деп, өзүнө караштуу элин көчүрүп, кытайды (Кашкарга) карай көчөрдүн алдында жасоосун айырып туруп, камына утурлап (Тогуз-Тороодо) Шабданды басып, узун сакал майыр терекке чыга качып, Баяке баатыр жана Боркемик Ырайымбекти, Келдибекти кармап, колго түшүрүп, байлап кетет. Ошо бойдон Көгарт ашуусун ашып, Кулданбестин алкымы менен Кашкарга үркүп барып, он бир жылга дейре Кашкардан келбей, орусka сурак бербей турган. Акырында Мамыркан деген Осмон датканын уулун орустар ак үйлүүгө (туткунга) кармап жатуу менен он бир жылдан кийин бардык эл тегиз багынды деген кабар менен жана Мамыркандан атайы киши барганда келген экен.

Мына ушу сыяктуу ар бир жер-жерлерде бир далай жылга дейре багынбоочулуктар көп болгон.

Эскертүү: Мамырканды адеп орус келип, Чүй боюна турук алганда Нарын өзөнүнүн болушу (волостной управитель) Калайбек аркылуу туткунга алынган. Ошол баласы ак үйлүүдө жатканына карабастан Осмон Кашкарга эли менен көчкөн.

...Ошол учурларда орус бадышасын, же болбосо орустун келишине эл бачым эле моюн суна койгон жок. Мисалы орус Орто Азияны багындырып алганда, кокон кандарын жеңсе да, Алай тоолук кыргыздар өздөрүнчө кандык айырып алып, максатында орусka баш ийбөөчүлүктү ойлоп, бир кыйла жыл бүлүнгөн.

Мунун окуясы айрыкча узак аңгемелер менен жазылат...

Эң акырында Шабдандын атреят башчы болуп Ферганага баруусунда, Курманжан датканын жетекчилиги аркасында багынат.

## Солто кыргызынын калмак менен чарпышып турганы

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б.,1991. 139-б.*

Кошой бий Кетмен-Төбөнүн Коңур-Өгүз деген жеринде турган. Ушул чактан кутчу уругунан Ныша, Асансарт, Дөрбаш, Койкоң, Назар деген кишилер бөлөкбайдан Барат, Баймат деген баатырларды Чүйгө жумшап, Илиге кеткен Коңтаажыдан бөлүп калган Маргашка калмакка улук болгонун угуп, анын жылкысын тийдирип алып турган. Илиде жаткан Коңтаажынын жылкысы бир сапарда Солтоной тийип келе жатканда калмактын Дөңкөнөй деген баатыры мындай ырдаган:

Жайсаң сары жонунан
Басып кетпе, Солтоной,
Кара-балта, Кайыңды
Ашып кетпе, Солтоной.
Токто, токто, Солтоной.

Солтоной:

Кара-Кыштак, Меркеден
Көчүргөмүн жеримден.
Калмак каны Коңтаажы
Жылкыңды алдым элиңден.
Келсең келгин, Дөңкөнөй.

Солтоной кырк киши менен аттанып келип, Сокулуктун жанында жаткан Дөңкөнөйдүн элин чаап, катын-кызын алып келе жатканда Дөңкөнөй көрүп, уруша албай качканда Солтоной чабдар аты менен кубалап жетип, жаралуу кылып койгондо, Дөңкөнөй Сокулуктун суусун кече качканда Солтоной токтоп калган.

Чабдар аттуу Солтоной,
Буурул аттуу Дөңкөнөй.

Таластан Бердике баатыр баш берен аттанып чыгып, Ак-Сууда жаткан Маргашканын жылкысын

алабыз деп келип, атынан не себептен не экени билинбей ажырап калганда Маргашка көрүп, экөөбүз дос элек, сени кыргыздын баатыры десем, уурусу экенсиң деп, бир арык ат берип, элине коё берген. Бердике ызалыктан Таластан кол жыйнап келип, Маргашка менен согушту. Маргашкага ок тийди. Ошондо Бердике «жатасыңбы, Маргашка?» дегенде, «жатпаганда кантейин, атып кеттиң жамбашка» деген.

Маргашка өлгөн соң калмактар кеңешип, жарашып туралы деп Кошой бийге элчи жиберип «ак үйлүү» сураганда Кошой макул алып, Солтонойдун Итаяк деген уулун жиберген. Солтоной алтымыш жашка келгенде Тынайдын он үч жаштагы Атаке деген уулун солтодон он үч жашар Момоконду алып, эки жүз киши менен келип, Кара-Балта, Ак-Суудa жаткан калмак менен урушуп, көп мал алып, Кара-Балта ашып, жылкыны жүз киши менен жөнөтүп, Солтоной Атаке менен Момоконду жанына алып калып, Кызыл-Белестен тосуп жатканда, бешим убакта Жыламыштан Дөңкөнөй баштык көп калмак урушка чыгып, урушта Солтоной баштап отуз киши өлүп, калганы качып Кошойго барган. Кыш түшүп калып, Кошой калмак менен уруша албай калган. Себеп Коңур-Өгүздүн жолу бекип калып, кыштын күнү Чүйгө киши келе албай калат. Мындан соң калмак кыргыздан коркуп, Көлдү көздөй жылжый баштаган.

Солтоной өлгөндөн кийинки жылы солтодон Ныша, саяктан Качыке, сарыбагыштан Тынай ичинде болуп, көп киши жасанып барып Ысык-Көлдө турган Аккуйрук деген калмакты талкалай чапты. Мындан соң калмактар бир бет болуп туралы деп, Чүйдөн, Сырттан сүрдүгүп, аягын Боомдун капчыгайы кылып Ысык-Көлгө чогулушту.

## Сарыбагыш кыргызынын Чүйдөн кабар ала баштаганы

*Белек Солтоноев*

*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б., 1991. 141-142-б.*

Тынай Түлкү уулу Кабакта кара үйлүү Карман-Туз деген жерде туруп жети үйлүү киши жайында бир кара нардын сүтү менен жан багып турган. Күзгө жакын конокко анын ботосун союп берген. Кышында бир чүйлүнү таап алып, кекилик, чил алдырып ошону менен жансактап чыккан. Чыдай албастан Таласка ооп кетишкен. Анда бараткканда Бердике баатырдын Жаныбек деген баласы менен Атаке Тынай уулу белкуда болуп, андан туулган алты агайын Карабек жана башкалары.

Маматкул менен Тынай Таласта, бир кабарда Кетмен-Төбөдө турганда, «калмак бар бекен» деп, жер чалдыртып үч жөө киши жиберген. Бул үч киши Кер-Кол менен Кызыл-Омполго бир нече күн жашырынып жатып, эл табылбай арман кылып ырдагандары:

Элкин тоого биз чыксак,
Эл карааны көрүнбөйт.
Көлдө жаткан көп өрдөк
Ылаачын жетсе бөлүнбөйт – деп, зарылып ырдашкан.

Бул үч киши суу кечпестен кайтадан Кочкор менен Суусамырды бойлоп кеткен.

Намангандын улугу Темир Наматкул уулу (сарыбагыш) чакырып алып: «Иледеги Коңтаажынын тулпарларын ала качып келип берсең, сураганыңды берем» деген. Темир жалгыз келип, Желаргынын күн жак Карача деген жылгага бекинип жатканда улуу шашке кезде калың жылкы жапырылып оюн салып, алды Боролдойдун күн чыгыш жагынан Чоң-Сууга кирип суу ичкенде, арты Коңурдун жолунда болгон. Ошол чакта Коңтажынын он эки миң жылкысы бар экен. Жылтырдан суу ичип, үч жүз-төрт жүз чамалуу жылкыны баштап, жүнү жок жарканат сыяктуу териси бар бири кара сур ат ары-бери ой-

ноп, ал чөптүн башын бир чалып, бул чөптүн башын бир чалып, кулагын тикчийтип, эки жакты карап элеңдеп турганын көрүп, тулпар жат кишиден качпайт дечү эле деп, жүгөнүн курчанып жылга ылдый чуркап келип, тулпарга колун созгондо качпастан тура калган. Өлө-мата мойнунан кучактай калып, жүгөнүнката коюп ыргып минип, үч буттап отко койгон. Атын көздөп жүрүп кеткенде жылкычылар көрүп калып он эки калмак кубалаган. Темир өз атын коштоп чү деп жүрүп кеткенде калмактар артынан түшүп кубалап келип, Темир Кетмен-Төбөнүн суусунан сүздүрүп чыгып кеткенде, калмактар суудан кече албай кайта тарткан. Экинчи күнү намаз багымдатка азан айтып жатканда Намангендин шаарына кирген. Намангендин улугу Темир ыраазы болуп, эмне сурайсың, сураганыңды берейин дегенде Темир: сарыбагыш деген элди жыйып бериңиз, жериме кетейин, уруксат бериңиз, – дегенде макул алып, сарыбагышты жыйып берген. Андан соң сарыбагыштар Кетмен-Төбөнү бет алган.

## Калмактан качкан саруу

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б.,1991. 145-б.*

«Кытайдан калың аскер каптап келип, калмактын чекесин кырып жатат» деп калмактар качууга камынып, беленденип сүйлөшүп жүргөн чакта таластык үч жаш жигит үч күлүк аттын тилин кыл менен бир нече күнү бууп коюп, аттар ичтерин тартып, эттери жеңилип, бир нече күнчүлүк бир чоң сууга келген кезде калмактар кууп жеткен чакта кечүүсүз жерден сууга кирип кеткен. Булардын бир аты жана бир жолдошу аты менен сууга агып өлгөн. Эки жигит суудан аман барда (бугу кыргызынан Теңизбай уругунан Оторбай ажынын 1905-жылындагы

декабрь айындагы сөзүндө) Таластагы көп саруурга кетпестен, анын тукуму азыркы бугунун ичиндеги сарууда, бирок тукуму аз деген.

## Солто Кошой бийдин Чүйдөн кабар алганы

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б.,1991. 145-147-б.*

Кошой бий баатырларын чакырып алып, «калмактар Чүйдү ээн таштап, Көлгө карай көчтү деген кабар бар» деп, асылбаш уругунан Дорбаш, Көкөй жана Койкоң-Назар деген кийикти жөө кубалап жүрүп чарчатып кармап алуучу «жөө күлүктөрүн» жиберип, бул эки жөө күлүк. Чүйгө келип, бекинип жатып, түн ичинде от кайдан чыгар экен деп карап жатышты. Анчалык жагылган көп от жок. Мынакелди Макмалдан төмөн Кара-Кыштактын тоосунан жылтыраган от көрүп, кайтадан барып Кетмен-Төбөдө Коңур-Өгүздү жердеп турган Кошойго көргөндөрүн айтышты, ал оттон башка кең Чүйдө бир дагы от көрө албадык дешти. Кошой бий: «эки кызы менен бир мылтыгы бар, бир жан казаны бар, бир киши Чүйдө калды эле, кийик атып жеп оокат кылып жүрсө керек» деп, барып алып келишке кайта киши жумшаган. Эки жөө күлүк келип аңдып жатып, түн ичинде чөп алачыкта чалды кыздары менен баса калып «биз Койкоң-Назарбыз» дегенде: «Калмактар Чүйдөн ооп кетти, кеткенине 13 жыл болду» деген. Бул кишинин эки кызы менен алып барып, Кошойго тапшырган. Аюунун жана башка түрлүү кийиктин этин жеп жүрүп, жандарын сактаган үчүн ал кишинин тукуму «аюукор» аталган. Бул аюукордун тукуму азырында чылпак ичинде турат. Жана өзүнүн уругу дагы чылпак болгон. Бул киши аң уулаганда эки кызын дайым ээрчитип жүргөн. Арчаны жаап коюп, арчанын түбүн казып, жер үй

кылып алып күндүз от жакпастан, дайым түн ичинде от жагып, оокат кылган.

Кыргыз Алайга качканда калмакка жалынып, бирин-серин калган кыргыз көп болгон. Жаки Анжиан, Алайга качып барганда жан сактай албай кайтадан тезинен келип, калмакка карап жан сактап турган. Ушул сыяктуу болгон сарыбагыш кыргызынан, таздар уругунан Райымбек бугу Белекти жамынып, калмакка туруп калган. Райымбектин Шайыбек деген иниси таякесине барып, тогуз байтал берсе албастан, бир буулум көшөгө алган. Алып келип кечинде күн жаап турганда аны үйдөгүлөрү көрүп жатканда буулум көшөгөдөн чыккан жылтыракты музоо издеп келе жаткан калмактын бир катыны жаанда кап жамынып олтуруп корголоп, көрүп коюп, калмактын улугуна айтып барган. Калмактын улугу чакырып алып абдан кыйнап, уруп сураганда Райымбек айтпаган, айтпагандын азабынан өлөрчө жаралуу болгон. Райымбекте мындай асыл буюмдун жок экени ырас экен го деп калмактын улугу аны эки боз бээнин сүтү менен жуудуруп баккан. Райымбек айыккан күнү калмактын улугу жол жүрүп бара жатып, Райымбекти кошо жүрсүн дегенде Райымбек: «оорумун» деп, төшөккө жатып калган. Калмактын улугу келе жатканда Райымбек бөрү карагаттын кургатканын оозуна сала коюп, калмак келгенде кан түкүрүмүш болуп бөрү карагатты түкүргөн. Калмактын улугу Райымбек анык оору экен деп: «эми сен калгын, башка кишилериңди кошуп бергин» дегенде: «мен өлсөм керек, жакын тууганымды калтырыңыз» дегенде калмак макул алып, жакын туугандарын калтырып, Райымбектин бир баласын ала кеткен. Мындан соң Райымбек баласына карабастан, туугандарын бүт алып, Тогуз-Тородо жаткан бугу-сарбагышка кирип кеткен. Баласы келбестен ошол калмакта калып калган.

Калмактын улугу баш болуп, бүркүтчүлөрдү нечен мертебе салып, бирок бүркүткө түлкүнү алдыра

албаганда Райымбектин Дайыр деген бир тууган иниси бир сапарда калмактын улугун канчалык кишилер менен ээрчитип чыгып, түлкүнү калмакка кактырып, түлкү качканда бүркүт үч талпынып, төртүнчү талпынганда Дайыр бүркүттү коё берген. Калмактын улугу: «эмне үчүн үч талпынганча бүркүттү түлкүгө коё бербедиң?» дегенде, Дайыр айткан: «Эгерде биринчиде коё берсем, түлкүнү бүркүт илген боюнча бир күнчүлүк жерге кетет эле» дегенде улугу, баштык калмактар Дайырга ыраазы болуп, бир нече жылкы берген. Ушул себептен калмактын улугу уруштан кайта келгенде «кайран Дайыр» деп, качкан кыргыздын башкасына кейибестен, Дайырдын качып кеткенине көп капа болгон.

## Кыргыздын калмакка кылган чабуулу

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б., 1991. 147-148-б.*

Калмак Чүйдө калган жок деген кабар анык болуп, бүткүл кыргыздын көзү жеткен соң жалпы кыргыздан жабдыктуу, жакшы аттуу беш миң киши жыйылып аттанып чыгып, Таластын башы Ала-Бел, Өтмөк деген жерге келип, калмактын мол жери Боом капчыгайынын күн батыш Көк-Жарда жайлап жатат деген кабарды алган соң, саруу кыргызынан Бердике баатыр менен сарыбагыш кыргызынан Тынайдын уулу Атаке баш болуп, таңкуланөөк болгондо үч миң киши Ашмардан чабуул койгон. Күн батканда Көк-Жардагы калмактын улугу жаткан үйгө келип, калмактын улугу керебетте мас болуп жатканда жара тартып таштаган.

Калмактын бойго жеткен эки кызы жана катыны Атакени бири мойнунан, бири эки бутунан, бири колдон алып жыга турган болгондо. Бердике кирип, ал үчөөнүн башын кыя чаап таштаган. Бул келиште

Бердике жайдак кунан минип келген. Мунун соңунан чабуул койгон кыргыздар жетишип, калмактын мал-мүлкүн жана көп катын-кызын олжологон. Калмактар күндөп-түндөп үркүп качып, Көлдүн башына кеткен. Ушул чабуулда түшкөн калмактан тараган тукумунун бири азыр Шамшы элиндеги алмакүчүк уругундагы бешкалмакկы дешет.

Эски тарыхтарды текшерсек, эл-журт бир калыпта болбостон, толуп-төгүлүп, бирде жетилип, кайтадан кетилип, бирде жыргап бирде куурап, оодарылган табийгат миң кубулуп, түрлөнүп, эл-журт далай-далай кан ичерлердин азабынан какшап, кан дайрасына батып, кырылып, азайып, кайтадан эл-журт болуп куралып турган. Баарысынын тарыхын бул жерде айтып өтүү кажат эмес, тарыхка ишенип жазган менен анда дагы толук болбостон, кемчилиги көп. Тарых билдим дегендер төрт-беш миң жылдан наркы окуяларды толук айтып бере албайт. Ошонун бириндей, эң байыркы эски замандан бери кыргыз далай таланып, кырылып, кайтадан куралып, журт боло келген.

Тарыхка караганда анда-санда оттуктун отундай кабарын көрүп, бүткүл болгон окуялардын анык кабарын билбейбиз. Анык чын күбө: ай, күн, асман, жер. Ай менен күн болсо жаркырап-жайнап, карасаң сөз уялтып, көк болсо көгөрүп, жер болсо жымырайып, эчтеме көргөнүм жок, билбедим дегенсип, акыл-билим менен өзүң өткөн күндөгү тарыхыңды таап ал дегенсип тургандан башка жалынсаң да жооп бербейт. Амалың жок, аргаң келип, кагаз үстүндө жок, тим болбосо 300-400 жылдан берки кабарды кайдан таап аламын деп акыры там сүзгөн сокур уйдай болуп, карыяларга келип соктугасың. Карыялардын көбү окуусу жоктуктан бир аз кабарды билгени болсо, мурунку-кийинки окуяларды аралаштырып жиберет. Жана ар элдин карыясы өз уругун мактап айтат. Ушул себептен тарыхка умтулган киши кабарды башкалардын берген кабарлары менен урунуштуруп, текшерип, алардын ичинен

анык ырас болгон кабарды текшерип жазууга туура келет. Кедей-жалчы кембагал болсо илгертеден залим, манап, байлардын кызматында болуп, тарых сөзүн билмек түгүл, тамак кайгысы болгондуктан өмүрүндө жокчулук көкөйүн кескендиктен, тарыхынан адашып калган. Билгендери өтө аз. Ошондуктан кыргыздын тарыхын билген, көбүнчө өз тарыхын көтөрүп, жаткап сүйлөөчү манап, бий, байлардын насилинен болгон.

Мына эптеп-септеп жыйып алган тарых сөзүн эки ача кылып адаштыруучу дагы баягы өзүң көтөрүп мактаган зулумдар, бай-манаптар, бийлер болгон.

## Кыргыз Алай, Анжиандан кайта Аркадагы өз жерине келип орношкону

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б., 1991. 149-150-б.*

Кыргыз Анжиан, Алайга кеткенде Ысык-Көл, Чүй, Кочкор, Жумган, Ат-Башы, Нарын, Таласта калмактын улуктарын байларын жамынып, коңшу болуп же болбосо Туюк, Чың, Коңулда, Нарындагы аягы Кабак сыяктуу бек жерлерде калмактан айбыгып, корголоп көрүнбөстөн бирин-серин калган, көбүнчө саяк кыргыздарынан жанын багып жүргөн азыноолок чарба малы көбүнчө уй-эчки болуп, артыкча аңчылык менен оокаттанып турган. Жогоруда айталган жерлерде калмак чекен болуп, жер байы болгондуктан чыккан чөп, караган-бадал талааны басып кеткен. Бир топ чийдин түбүн бир ат же бир уй он беш-жыйырма күн оттосо да чөбү түгөнбөгөн. Эрмен, кара куурай, сүттүгөн, мыядан атчан киши бастырса төбөсү көрүнбөгөн. Токмок менен Чоң-Кеминге чыккан жылгындын бийиктигинен төө жашынып, жолсуз жерден киши жүрө албаган. Талаага чыккан бетеге аттын омуроосунан чыгып, анда элик балалаган.

Камышты каман, жолборс ээлеп, аны бирин-серин жабдыксыз киши аралап жүрүшкө өтө коркунучтуу болгон. Талас, Чүй өзөндөрүндө жолборс көп болгон. Талаада куурай, чөптүн калыңдыгынан күз кезекте шамал болгондо камгак уча албатсан, ар кайсы жердин жырасына дөбөдөй болуп үйүлгөн. Заардуу жылан жана башка бөйөн-чаян көп болгон. Чүйдүн күн жүрүшү Кара Балтадан төмөнкү кумдарга кулан көп болгон. Анын тушма-туш тескейинде бөкөн болгон. Туура сууларды бойлогон түнт токой, кайың-тал, сөгөт, чычырканак, саржыгачтан чычкандын мурду өткүс болгон. Ошол токойдо бугу, марал, каман жана жолборс көп болгон. Тоодак жайылган койдой болуп, талааны бербестен, бетеге, шыбак, жылтыркандын түбүнө жумурткалаган. Көктөмдөгү көк чөп, чирик куурайдан озуп чыга албастан, эл жайлоого карк чыккан мезгилде көк шиберден талаа араң боз ала болуп көрүнгөн. Ар кайсы туура сууларды бойлоп чыккан чытырман токой алкымдан тартып, Сырттын, Ысык-Көлдүн, Чүйдүн, Кеминдин сууларынын куйган чатына жете созулган. Түлкү көп болуп, талаага күчүктөп, коёндун тукумун үзүп жиберген. Бирин-серин жүргөн кишини карышкыр көп жеген. Калмак кетип, кыргыз келбестен мурун карышкыр жээрине мал табалбай, көр ачып жеп, көркор болуп кеткен.

Ташкен, Кулжа, Анжиан, Кашкар, Олуя-Атадан башка араларында шаар жок болуп, калмак четтеш казак арасына кирген (азыноолак белек баштык бугу болбосо) бирин-серин кыргыз болгон. Ачкалыктан киши этин жеп, араларынан мыкаачы болгонду дагы угулат. Иледеги казактан Чүй өзөнүнө, Ысык Көлдүн түн жагына келип аз-аз жердегендери болгон. Анжиандан жөө келип, үстүндө үй жок, ач-жылаңач келген эл казакты уурдай баштаган. Казак Илеге түшүп кетсе дагы, артынан кууп барып кыргыздын уурдаганы тыйылбаган. Ушул себептен казак, кыргыздын арасы чоң, бузулууга себеп болгон. Ал тууралу кийин айтылат.

Анжиан, Алайга жете тамак үчүн ар кайсы шаардагы, кыштактагы өзбекке, кыпчакка тентип кеткен кыргыздын бир канча жылдан соң малданып, оокаттанганы болуп оңоло баштаганда кайтадан Аркадагы өз жерине келүү үмүт менен Өзгөн, Кетмен-Төбө жана Намангендин түн жагына келе баштап, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Талас, Ысык-Көл, Чүйгө атчан жана жөө күлүк деп, аттан калышпаган кишилерин 1745-жана 50-жылдар чамасында жашырын жиберип, жер чалдырып, калмактын эмне болгондугунан жана кайда тургандыгынан кабар билип кел деп, ар кайсы урук эл бет-бетинен жумшап, жиберип турганын жогоруда көрдүк эле.

## Өз жерлерине орношуу

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б.,1991. 150-152-б.*

1758-60-жылдарда солто, саяк, сарыбагыш, саруу кыргыздарынын көпчүлүгү Кетмен-Төбөгө чогулушуп кеңешип, калмактын бүткүлү менен Чүй боорунан чыгып, көкүрөгүнө чогулганы билинди. Алар кайтадан төмөндөп келе албайт, эми бүткүлүбүз менен барып, ата-бабабыздын кир жууп, киндик кесип, туулуп-өскөн жерине барып, өз-өз конушубузду ээлейли деп, баары жапырт Арканы бет ала көчкөн.

Кушчу, саруу, кытай уруктары мурунку бабаларыбыздын конушу деп күн батышы Талас, Күн чыгышы Меркеге чейин (аягы Чакмак) орношуп турган. Эл баштыгы кушчу Бүргөнүн атасы Жетим баатыр болгон. Солтолор Меркенин күн чыгышынан тартып, күн чыгыш Ысык-Атага чейин туруп, 85 жашында Кетмен-Төбөдө Кошой бий өлүп калып, эл башчысы баласы Жамансарт болгон. Жайыл деген баласы баатыр болгон.

Саяктар Кетмен-Төбөдө турганда арасы бузулуп, ушул себептен арка саягын алып келген Мурат Алдакоргон деген киши болуп, Түнкатардан бөлүп чыгып, Жумгалга, Нарынга орноштурган.

Сарбагыштар күн батыш Чүйдүн, Ысык-Атанын күн чыгышынан тартып, Чүйдүн көкүрөгү, Ысык-Көлдүн көчүгү Кочкор жана Нарындын түн жак тоосуна турган. Баштыгы Тынай менен Маматкул болгон.

Бугулар Нарынга келгенде кеңешип, калмактар Ысык-Көлдүн көкүрөгүнөн кетпесе керек. Башка жерди солто, сарбагыш, саяк, саруу, кушчу ээлеп кетти. Калмактын чети кайсы жерде экен деп билип келүүгө бугу кыргызы бапа насилинен Садык баатыр деген жигитти баштык кылып, бир канча жигитти чалгынчылыкка жиберген. Булар Сырт менен Кара-Кужурга келип, андан Тескей басып жүрүп, Көлдүн башы Кызыл-Кыя, Санташка жете барып, калмакты таба албай, Каркырага чыгып барып, көчүп бара жаткан калмактын артынан бир нече жылкы уурдап алып кайта келип, күңгөйлөп жүрүп, Көтмалдыны басып, Тескейде ээн жактан Барскоонго Кыркмачкер деген күлүк аты менен жана эки жигит алып калып, кайта жолдошторун жибергенде, алардын берген кабары боюнча бугулар бүткүлү менен келип, күңгөй-тескей Көл баштарына келип орношкон. Жана Көл башында калган. Кыргыз Анжиан, Алай, Кетмен-Төбөдөн Арканы көздөп көчкөндө бир-бирин уурдап, карактап алышып, тынчсыз болгон. Чөккөн төөсү болсо үстүнө минип алып, колуна таяк алып, таң атканча кайтарып турган. Элдин баары текши өз-өз жерине орношкондо баланча жерде ата-бабабыздын бейити бар дечү эле дешип, топтошуп бейит башына барышып, бир нече күнү табынган.

Баланча суудагы зоо ташка, чапка, жарга аталарыбыз салык салдык дечү эле деп, салыгын издеп тапкандар болуп, таппай калганы да көп болгон. Элдин баары бирдей ата-бабабыздын жерине келдик деп жерсууга табынып, түлөө кылган. Калмактар жер-суунун

атын буруп, өзүнчө ат коюп алышкан. Көтмалдынын талаасына, тоосуна кар түшпөгөн кара болуп, жана да күнгөй-тескей Кочкор, Чүйдүн урунт жери болуп, аркар-кулжа, эчки-теке, Көк-Ойрокто болсо бугу-марал, Көтмалдыда коён-кекилик, чил, суу канаттуулары көп болгондуктан, көбүнчө балыгы менен отунуна карап, бугу, саяк, сарыбагыштан көп киши жердеп туруп, тезинен эс алып, малданып кеткен үчүн Кутмандуу коюшкан. Ал заманда Көтмалдынын чийи менен токою эң дүпкүр болгон. Көл жээгинде токойдун калыңдыгынан киши аралап жүрө албаган. Жанын багуу үчүн ителги, шумкар, куш, бүркүт тапташып, аң алдырып, оокат кылып турган. Бир кабарда көп малдуу бир калмак Көтмалдыны жай кылып турган дейт. Ушул себептен Көп малдуу, Көтмалды аталган. Бир кабарда Тескей, Күңгөй, Кочкор, Чүй жана тоо аша Кеминден ал аркалуу Иледен келген алты жолдун урунт тоому болгондуктан, ал заманда уурдап, карактап алып турган заманы болгон үчүн Көтмалдыдагы турган элге Көтмалды аталды дейт.

Чүй өзөнүнө калмактар кетсе да, казактар бирин-серин келип жердеп турган. Аны жаңыдан келген кыргыздар уурдап, малын тийе качып, тынчын кетирген. Мына ошондуктан казактар Илеге ооп кеткен. Анда да кыргыздар артынан барып малын уурдап турган. Акыры казакар көпчүлүгүнө салып, кыргыз менен Жалдуу Барак келип согушкан. Анын тарыхы төмөндө келет.

## Ошол замандагы кыргыздын колдонгон тамгалары

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б.,1991. 152-154-б.*

Кыргыз эң эски замандан бери бүткүл малына эн тамга жана сырга сала келген. Эгерде малы жо-

голсо, ошол эн тамгаларына карап, таанып алган. Эн менен сырганы кулагына салса, кой-эчки, уйдун кулагына эн салып, жылкынын кулагына эн менен сырга жана да санына тамга салган. Төөнүн кулагына салган энди «сөйкө» деген. Төө жаңыдан тууганда ал туулган ботосунун кулагына сөйкө салып энесинин башып жаңы туулган катындыкындай ак элечек менен ороп, өзүн ком менен жаап, анын үстүнөн дагы ала кийиз менен ороп-чулгап белинен бекем курчап койгон. Эгерде ботосу өлсө, энеси көзүнүн жашын көлдөй боздойт, төөнүн боздогону башка бүткүл жан-жаныбардан, адамзаттан дагы муңдуу болгондуктан, аны ылакап кылып, «ботосу өлүп боздогондон дагы үнү муңдуу экен» деген сөз бар.

Жылкынын кулагына эн-сырга салгандан башка артыкча кылып санына тамга салуу себеби: 1) Кыргыздын бүткүл оокаты ат үстүндө жүргөндүктөн жана да согушуу болсо да жалаң гана атчан болгондуктан аттын кадыры өтө артыкчылыгы; 2) Кымыз менен эти жоодо жаралуу болсо жана бир түрлүү кеселге жылкынын жалаң ич этин жеп жана терисине төшөнсө айыгып кетүү жана да катуу суукта жылкы жайынын башка майдан өткүр болуп, ичкенде кишинин үшүтпөгөндүгү; 3) Башка малга караганда жылкы өзүнчө болсо да, уурдалып болсо да тез убактан жыйытынан өз өрүшүнөн алыстап узап кеткендиги, анысы жоголуп кетишке себеп болгондугу; 4) Көчмөндүк себебинен бүткүл кыргыздын тиричилигинде жылкынын биринчи даражада роль ойногондугу, ушул себептен ар уруу-урук малына өзүнчө тамга салган.

Кыргыздын колдонуп келе жаткан тамгалары эң эски замандан колдонуп келе жатса да. Анжиан--Алайга барганда өздөрү тентип кетип малдарынын жоктугунан тамгалары калып калган, аркага келгенде ар урук атырай көчүп ата-бабасынын эски конуштарына конуп, бир бирине алыстап жана мал өсүп, анын үстүнө кыргызчылыгын карматып бир-

биринин малын уурдай баштаганда эски тамгаларды кайтадан салган, ал тамгалары төмөнкү:

1) Солто – ай тамга Енесейде кыргыз турганда тамгасына окшойт.

2) Саяк – керки тамга 1 **у и б** тамгаларына окшойт.

3) Саяк – Кылыч тамга Бул тамганы кийин салса керек. Энисей тамгаларында учурайт.

4) Бугу Э тамгасына окшойт.

5) Сарбагыш жагалмай тамга.

6) Черик – X жагалмай тамга. Тескери **к** тамгасына окшойт.

7) Карабагыш X тамгасына окшойт ж.б.

8) Багыш – + жаакта – О д арибине жакындайт.

9) Чоң багыш –

10) Моңолдор – X

11) Найман –

12) Коңурат –

13) Асык –

14) Адигине – майда урук, сарттар С

15) Кытай – жогору тамга

*Кытай – төмөн тамга

16) Саруу – жети уруу, ай тамга, эски тамга – -С

17) Кушчу – Y

19) Баргы –

20) Казак тамга – Э 9

Бүткүл тамгалардын сүрөттөрүн текшере келгенде эзелки кыргыздын Энисейде турган заманындагы жазуу тамгалары болуп, ал жазуу тамгалар көбүнчө эски түрктүн тамга, ариптерине дагы окшоп, бул тамгаларды илим ээлери Энисей ариби, Орхон ариби деп термин берген. Бул тамгалардын көбүнчө жазылганы эски түрк хандары. Билге хан жана Күлтнгин хандын бейиттерине ташка оюлуп бүтүлгөн үчүн ал тамгаларды төмөндө жаздым.

*Муну тапкан, таржымалаган Томсен.*

## Кыргыздын калмактан жылкы алып, айылын чаап турганы

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*1-китеп. Б., 1991. 154-158-б.*

Кыргыздар ичте казак менен чатакташып турса, күлүк аттуу, идердүү жигиттери эң азында жүз кишиден болуп куралып, калмактан жылкы тийип, айылын чаап, башын олжолоп турган.

Болоттун Эсенкул деген кансоргуч баласы (сарыбагыш) үч жүз жигит алып аттанып барып калмакты Тарбагатай деген жерден элин чаап, жылкысын тийип алып келе жатканда, артынан көп калмак жыйылып куба чыгып, Иленин күн жаккы тоосунда катуу согуш болуп, согушта Эсенкулдун Кожомшүкүр деген иниси өлүп калып, анын сөөгүн арык тукумунун (бугу) Итала деген күлүк аты менен согуш үстүнө калың калмактын арасынан Эсенкул эңип алып, качып кутулган. Бул урушта бугу, сарбагыштан отуз жети киши өлгөн. Кечке жакын качып бара жаткан жигиттерден бир жүз чамалуу жараланбаган эр жигиттерден ылгап алып, жолдун туурасынан бугуп туруп, калмактын бир далайы качкан кыргызды кубалап өткөндө Эсенкулбаштык бугу, сарыбагыш качырып чыгып калмакты кырып таштаган. Көп карыянын токтолгон кабарында үч жүз жетимиш калмак өлгөн. Кыргыздар кайтадан калмакты элине жете сайып барып, көп мал алып, жыйырма-жыйырма беш сулуу кыз-келинди олжолоп алып, «мен аламын», «мен аламын» деп жаңжал чыгарганда, Эсенкул «камчы карматкыла, кыз-келиндин кармаганы кимдин камчысына түшсө, ушул алсын» деген. Камчысы түшкөн кыз-келинди алып тарашкан. Ушул колго түшкөн кыздын бирин алган бугу кыргызынан арык тукуму Кыдырдын чоң атасынын атасы Олжобай баатыр. Бул кыз артыкча кошокчу болуп, Эсенкул өлгөндө анын кошкон кошогу:

Жөлдүсүнө жүздү алган,
Олжосуна кызды алган.
Октон кайра тартпастан,
Өбөлгүгө узду алган.
Ойрот менен кыйрашып,
Эрлигине бизди алган.
Ажал чиркин аткан ок,
Акыры сокту бу жалган.

Бул узак кошок болуп, замандын озуу боюнча көбү унутулуп кеткен. Эсенкул заманында арка кыргызынын (кабарлардан кан Садыр болбосо) биринчи кишисинен саналган, мунун кылган баатырлыгы төмөндө көрсөтүлөт. Өзүнө теңтуш молой уругу сарыбагыштан Рай деген баатыры болгон.

Кыргызда макал (ылакап – *ред.*) бар: «эгер катыны жаш болсо, камчысы жакшыга түшкөн» экен деген. Ушул макал (ылакап – *ред.*) боюнча Эсенкул камчы карматса керек. Сарыбагыш кыргызынан, жантай уругунан Ажыгул, Бешкемпир жана Боктубай үчөө бир нече жыл Текес, Жылдыз, Күнөз, Тарбагатай жана Алтайдагы калмактан Ибике, Инжим, Жакам, Сенкилтай, Мадыхан деген туушкандарын издеп жүрүп таба албаган. Калмактын ханын көтөргөндө түшүп кеткен кишилерин издеп мындан барган кыргыздар анда барып колго түшкөн кыргыздын бир далайын таап алганда алардын өздөрү жана катын-балдары ыйлашып көрүшкөндө калмактын улуктары көрүп, ырайым кылышып, буларды азат кылат. Мунун ичинде жогоруда айтылган Ибике, Инжим, Жакам, Сенкилтай, Мадыхан дагы болгон. Жана да бугу кыргызынан тынымсейит уругунан Шопок бирге болуп, буларды алып келип, солто кыргызы Үкү багып турганда (сыягы, калмакка барган кыргыздардын баштыгы солтодон болсо керек) Ибике баштык жакын тууганын, жогоруда айтылган Боктубай таанып, бул кишилер менин бир тууганым деп касам берип, элине ээрчитип кеткен. Бул беш агайын кишилердин тукуму азырында «беш калмакы» аталып Чүй району, Чоң-Кеминде турушат.

Жогоруда айтылган Боктубай, Бешкемпир деген бир трууган инисин, дагы бар далай жолдош алып, эки бир тууганын калмактан дагы бир далай жылы издеп жүрүп таба албастан кайта келе жатып, калмактан жылкы алып, калмактар уруша чыгып, кыргыз жеңилип калып, башка жолдоштору өлүп кетип Боктубай, Бешкемпир жана бир жолдошу үчөө бир ат менен качып кутулган. Бир канча күнү ачка жүрүп баткак жеп, Көкчолок деген атынын эки кулагын бышырып жеп, кара санынан кан алып бышырып жеп, үчөө бир атты алмак-салмак минип жүрүп отуруп, акыры Боктурбай менен Бешкемпир жолдошун өлтүрүп этин жеп, ошону менен элине жетишкен.

Бугу кыргызынан, бапа уругунан Садык баатыр деген бугу сарыбагыштан эки жүз жигит алып, калмакка аттанып барып, Иленин түн жак тоосунан өтүп, нары талаа болуп калганда тоо башына жолдошторун таштап, өзү Кыркмачкер деген күлүк аты менен кечинде жер чалып кетип, күн чыгарда келип, мындар ары жол ээн экен деп, күнү-түнү жол жүрүшүп, калмактын айылына жетип үч миң жылкы жана бир далай кыз-келин алып кайткан. Ошол олжого түшкөн кыздан бир кызды бугу Бирназарга бергенде, аны Жылкыайдар деген жылкычысына алып берип, андан Тилекмат туулуп, андан атактуу манап Чыныбай жана башкалар туулган. Ушул чабуулда колго түшкөн калмактар кыргыз болуп, калганынын тукуму отуз түтүндөн артык болуп, анын көбү 1916-жылындагы бузукта кырылды.

Сарыбагыш кыргызы, жантай уругунан Көзөкөнүн Тыныбек деген уулунун Ажыгул баштык беш бир тууган балдары калмактын колуна кетип, анын малын багып, жан сактап жүргөн. Калмакка түшкөн кыргыздар астыртан кабарлашып, ар жерден жолугушуп качып жатканда башка жерде калмакта кызмат кылып жүргөн эки иниси кабарсыз калып, Ажыгул эки иниси, бир карындашы менен качып келе жатып, түн ичинде жашынып от жагып тамак кылып жатканда калмактын кароолчулары от улап келип, Ажыгулдун инисин атып

өлтүргөндө Ажыгул мылтыгын ала коюп атышууга камынганда, карындашы баарыбызды кырат деп чыркырап кармап калып, отту дароо өчүрө сала качып чыккан. Караңгыда кайда кеткенин калмактар билбей калган. Ажыгул калган бир иниси жана карындашы менен бир далай жерге келгенде инисине чечек чыгып, аны багышып, бир туюк чердин арасына жатып калышкан. Бир нече күндөн соң иниси: «Кокустан тукумсуз болуп калабыз, суук түшө электе элге кетүүгө камынгыла, суунун жээгине чөп алачык кылып берип, жанына көп отун коюп, оттук бычагымды таштап жана көп таш үйүп коюп, өзүңөр кеткиле, эгерде издеп келип калсаңар өлгөн болсом, таш үйүлгөн боюнча калар, тирүү болсом ташты чачып кетейин, ошондон билесиңер» деп, тигилер айтканындай кылып, Ажыгул карындашын ээрчитип кыргызга бет алып жүрүп кеткен.

Ажыгул кыргызга келип, карындашын солтонун айрыкком уругуна берип, өзү саруудан катын алып, андан Итигул жаңыдан туулганда жантай уругу Бердике деген балага катын-баласын тапшырып, менин айтканым – балага мылтык атканда үйрөткүн деп, өзү чечек чыгып калган бир тууганы жана калмакка калган эки бир тууганын издеп жүрүп кеткен. Чечек чыккан инисине келсе, үйүлгөн таштан бири калбастан чачылган. Андан ары калмакка барып, үч инисин Алтайга жете тогуз жыл издеп жүрүп таба албастан, эч кабарын билбестен кайта келген. Келсе ажыгул өлгөн экен деп түңүлүп, катынын Бердике бала алган. Өз балаңызды таанып алыңыз деп, Итигулду көп балдардын арасына аралаштыра койгондо, өз баласы Итигулду таанып алган. Ошондо Итигул тогуз жашта экен.

Бу Ажыгулдун тукуму Чүй району, Чоң Keминде болуп, бир жүз чамалуу түтүн азырында ВКП (б) нын партиясында Термечиков, Жумабаев. Фрунзедеги кызматчыдан жана совет кыргызынын биринчи совет акыны болуп таанылган Аалы Токомбаев.

Бир кабарда мындан соң дагы Ажыгул калмактан туушкандарын издеп барып таба албастан, агайын-

туугандары жогоруда айтылган Ибике, Инжим, Жакам, Сенкилтай, Мадыханды таап ээрчитип келген. Ошол уйгу-туйгу аламан заманында Алтайдан калмак сүрүп келген төрт миң түтүн кыргыздын Иле менен Таластагы чачырандысынан Ала-Тоодогу кыргызга келип туруп калгандары дагы болгон. Бирок алардын тукуму баланча деп эч ким билбегендиктен, айта албайт. Алыс жолдон калмактан тентип келген оң-сол кыргыздан үч жүз кишини солто кыргызынын үкү уругунан Ногой деген киши Карабалтанын башына бир жыл чамалуу багып турган.

Казак, каратегин жана өзбекке сиңип кеткен кыргыздын бүткүлү дээрлик келбестен анда туруп калган. Кашкар менен Турпанга кеткендери дагы болгон. Кайсы элден болсун кайтадан элин-жерин издеп, бирин-серин келе жаткандын көбү жолдо ачжылаңач болуп көп өлгөн, сенделип жалгыздап келе жатканда карышкыр жегени да көп болгон.

Сарбагыш кыргызынан жантай уругунан Каратермечик (Айуке) баш болуп көп киши Иленин башына барып, калмактан жылкы тийгенде калмак уруша чыгып, кыргыздар: «Эртеден кечке чейин кара жер качса да, Каратермечик качпайт» деп, Каратермечиктин жолдоштору качканда өзү атышып жатканда Каратермечикке ок тийип өлгөн. Жолдоштору келип Итийбас деген агасына угузганда, ал «өзүм болсом өлтүрөт белем» – деп сакал-мурутун жулуп жатып өкүргөн. Чамасы 1770-75-жылдарда болгон.

Калмак менен кыргыздын, көбүнчө бугунун ортосу орус оторчусуна кыргыз караганга жете бузулуп жүрүп, тынбастан жылкы алып, айыл чабыш, катын-кыз олжолоп алуу болуп, мунун арты 1865-66-жылдарда тыйылды. Мындан соң дагы бугу, саяк кыргыздарынын бирин-серин барып, калмактан жылкы уурдап алуу, 1916-жылындагы кыргыз бузугуна жете болуп турду. Ушул себептен качып барган кыргыздын малын мүлкүн, катын-кызын Текес калмагы талай баштады.

## ТОПОНИМДИК УЛАМЫШТАР

### Арпа, Ат-Башы

*Инв.№394. 80-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Тяншандын түштүк тарабындагы арпа жайлоосун мындайча айтышат. Байыркы заманда бир киши жолоочулап келе жатса аты жүрбөй калат. Ээр токумун алып, бош агытып салып, жатып калат. Эртеси кармап минейин десе, карматпай кайып болуп качып кете берет. Жүрбөй келген ат бир бир түнөп тыңыган бу жердин чөбү арпа турбайбы дейт.

Аты карматпаганда атып алып, аттын баш терисин бутуна чарык кылып тартып алып, ээр токумун мойнуна артып алып:

Арпа жазы, ат эрдин масы
Ат башы, эр башы,
Кайда калбайт бир башы – деп кете берет.

Ат тыңыган жер Арпа, атты атып өлтүргөн жер Ат-Башы аталат.

### Нарын

*Инв.№394. 82-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Нарын деген ат кандайлыктан коюлгандыгы ачык эмес. Калмак заманында Нарынды эң бай бир калмак жердеп турган экен. Ошондуктан Нарын деп айтылган

экен деген сөздү айткандар бар. Сагымбай айтаар эле: эң бир катуу жутта тик тургандан мал калбай калып бир гана нар эсен калгандан нар аман калып ошондон Нарын болуп калган дечү. Менимче анда нар деп гана айтылар эле. -ын деген куранды мүчө кандайлыктан жалганды экен. Нарын деген калмактын атында аталгандыгы дурус болуу керек.

## Ала-Буга

*Инв.№394. 83-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Нарын өзөнүнүн төмөнкү батыш жагында Арпанын суулары жыйналып Нарынга куят. Ал суу Ала-Буга деп аталат. Сагымбай айтаар эле. Жанагы чоң жутта мал бүткөндүн баары кырылып, ошо суунун боюнда бир эле ала бука калган экен. Ошондон Ала-Буга аталган. Бара-бара Ала-Бука аталып кеткен. Менимче Ала-Буга деген балыктын бир түрү бул суудa көп болгондуктан айтылгандыр. Болбосо бука деген сөз кандайлыктан бугага айланат экен.

## Жак-болот

*Инв.№394. 85-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Нарындын чыгыштын тарабында «Жак-болот» деген тар жылга бар. Байыркы заманда эки жалкоо жолоочулап келе жатып бир конот, кыштын күнү көрүнөт. Тамак кылып ичүүгө от жакмакчы болушса да, экөө «сен жак, мен жак!» деп отурушуп муздап ачка өлүшөт. Бирөө экинчисин «от жак» десе, «болот» деп, ошондой алмак-салмак болот дешип отургандыктан ошол жылга жак-болот деп аталып калган экен.

## Ат-Башынын аталышы

*Инв. №704 (5342)*
*2-дептер 31-32-б.*
*Айтып берген Черикбай Аркарбеков*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*

Кытайдагы уйгурлардын ичинде жашаган кыргыз улутунун черик уруусунан чыккан Жакып деген киши ошол жашаган жеринен качып чыгат. Узак жол жүрүп аты чарчайт, ач болот. Жакып чөп оттоп дем алып алсын деп чарчаган атын ээрин албай отко кое берет, өзү да эс алып жатат. Алымбектин аты тоюп эс алат, өзү да эс алат, эми атымды минип жөнөйүн деп атына басып барат, кармайын десе аты карматпай коет. Алымбек кубалап отуруп бир жерге келет. Ал жерде бир айгыр үйүр жылкы жаткан экен, анын айгыры Алымбектин атына келип кол салат. Алымбектин аты айгырдын алдыңкы буттарынын бир бутунун тизесинин томугун жулуп алат. Ошол жерде айгырды ал эч нерсеге жарабай калгандан кийин союп ташташат. Демек айгыр ошентип өлөт. Айгыр өлгөн жерде бир булак суу болгон. Ошол булак суу «Айгыр-Булак» аталып калат. Жакыптын аты ал жерден да карматпайт, качып жүрүп олтуруп бир булак суусу бар жерге келет, ал жерге келгенде ат оонайт. Ат жерге ары-бери оонаганда үстүндөгү ээр токуму түшүп калат. Аттын токуму түшкөн жер «Токум-Булак» деп аталып калат. Ат ал жерден карматпайт жана качат. Алымбек атын кубалап жүрүп олтурат. Ат карматпай олтуруп «Сарт-Кечүү» деген (анча-мынча эли (уйгур, өзбек бар) кыштакка келет. Ошол кыштактын кишилери атты көптөтүп тозуп кармап калышат. Ачуусу келип калган Жакып атынын башын алат, анан ал башты эл көрсүнгө талдын башына илип коет. Ошондон улам «Сарт-Кечүү», «Ат-Башы» аталып кетет. Бул сөздү Аркарбеков Черикбайдан жаздым.

## Соң-Көл жайлоосунун тарыхы

*Инв.№524(5116)*

Азирет Нунун заманында асмандан топон суу жаап. Ал жаан дүнүйөнү бүт сууга алган. Айтканга караганда дүнүйөнүн үстүндө суу 40 күн турган. Ошондо Азирет бирден эркек ургаачыны алып, асманга чыккан. Ошондо Нунун үч уулу болгон.

Кан, Сам, Жафас.

Мына бүт дүнүйөдөгү эл ушул үч уруудан тараган. Муну экинчи адам ата деп койгондон биз жаңылбайбыз. Эми ушул Соң-Көл ошол жааган топон суудан калган деп айтылат. Бул Соң-Көлдүн башынан аккан катуу суу жок. Аягынан агып барып, дарыяга кошулган жери да жок. Көлдөн бир булак же бир жарым кулак суу гана Нарын дарыясына куят. Көл өзүнүн жээгинен 10 метрге чейин тайыз, адам түшүп киринүүгө болот. Андан ары тереңдеп, түшүүгө коркунучтуу. «Соң-Көл» жайлоосунун тегереги тоо болуп, ал тоолор тегерек келип, ортосундагы ойдуңдан орун алган. Кээ бирөөлөр айтышат, Ысык-Көл менен тушташ келишет деп. Көлдү бүт кыдырып чыгуу үчүн Кыргызстан жүрөрман аты менен бир күндө кыдырууга да болбойт. Көл-тоодон (өзүн курчаган) бир ат чабым келет. Көлдүн тереңдиги Николай заманындагы жер техниктеринин өлчөөсүнө караганда тереңдиги 80 метр келээр дешет. Ушул Сөң-Көлдө адам баласына пайдалуу жандыктар жашайт. (эгер балыкты салса, көзү агарып, көп узабай эле өлүп калат дешет). Кара-Үңкүр менен киргенде күн батыш жагын Соң-Көлгө караштуу дейбиз. Соң-Көлдөн чыккан бир кулак суу Кажыртынын суусуна куйган жерде быкыраган балыктар жашайт. Андан Соң-Көлгө эч өрдөбөйт. Эми Соң-Көлдү башта Сонун-Көл экен деп айтышат. Жок, Сонун-Көл эмес эле, Соң-Көлдү мурун жайлаган калмактын каны Коңтажынын кызынын аты Соң-Көл экен, ошондон

калган экен деп айтылат. Нунун уулу Жанастан- калмак, кыргыз, кытай болуп тарады. Ошондо Соң-Көлдү калмактар жана кыргыздар кошо жайлап турушкан экен (6-7-кылымдар болсо керек).

Буга далил калмактардан эстеликтер көп. Кээ бир жерлерде калмак кишилеринин ташка тартылган сүрөттөрү учурайт. мындай таштар көбүнчө Тулпар-Таш деген жерде учурайт жана кыргыздардан да бийиктер бар. Мына ошол кез, Манастын чыга элек кези болушу керек. Ал убакта калмак элинен баатыр бир сулуу кыз чыгат. Жери салкын таза жер экен деп, Кең-Саздан аркы Салкарда жата берди. Ошондон калган таштан жасалган желе-желе уйлар калды. Ошол баатыр кыздын аты Сөң-Көл экен. Ушул кезде бытыранды кыргыз эли бир кандыкка бириктирип, Манас, Манас болуп, баатыр атакка конуп, турган кези болот да, калмактарга кысым көрсөтө баштайт. Ошондо калмактар бузула баштайт. Таластан Манас аттанып кырк жигити менен Соң-Көлгө жүрдү дейт. Муну Катагандын кан Кошой укту дейт. Ат-Башыдан кан Кошой жол жүрүп, Манас калмак менен чабышмай болду дегенди угуп, аттанып келе жатты. Алмамбет дүрбү салып олтурса, баатыр Соң-Көл кыз Таш-Кечүүдөн кечип биякка чыкты дейт да, ал эмне деген жан экенин билбедим дейт. Ошондо Манас амир кылды дейт. – Эмне жан болсо да, өлтүрбөй тигини алгыла, – дейт. Бул убакта Алмамбет, Чубак, Сыргак келе жатканда, кыз Алмамбеттин үнүн угуп токтой калганда, Алмамбет дароо сөзгө алып калат. Калмактан чыккан кызды алып кетебиз дешип, алып келе жатканда кан Кошой астынан чыгып:

Баатыр Чубак жол болсун,
Башсыз кандын көк жалы,
Жолуңду кудай оңдосун,
Соога, соога эр Чубак
Жол болгондо мол болсун – дейт.

Ошо кызды кан Кошой алып, үч уул андан туулат. Мына ушул кездерде калмактар Соң-Көлдө катуу бу-

зулат. Аларды күнүгө чаап отуруп, калмакты Текеске кууп, Соң-Көлдү бүт кыргыздар жайлап калышат. Буга далил көл жээктеринде көп эстеликтер бар (Манастын таш тулгасы, мамысы). Эми бул убак өтүп, ушул азырда Курманкожо эли Туз-Ашуу, Сарт-Ашуу, Кара-Кыя, Кыр-Жол, Өзүбек, Көк-Булак, Балыкты, Сар-Булак, Шилбили, Каракечени ашып, Соң-Көлгө жайлашат. Совет өкмөтүнөн мурун жаа бир аз кийин Кулжугач эли да жашап, андан кийин алар Сөөккө, Көлмөгө жана башка жайлоолорго оошот. Бул элдер Жумгал району деп азыр аталат. Жумгал районунан Соң-Көлгө Жаңы-Арык, Кызыл-Туу селосу жайлашат. Көлдүн батыш жээктерине Нарындын аягы Куртка, Боз-Айгыр, Кадуу, Тамаке, Молдо, Эдил үңкүр ашууларын ашышып, Соң-Көлдүн тескейинде (түштүк) Ыман, Чоро (саяк) эли жашашат. Бул азыр Ак-Талаа, Куланак району. Бирок булар бут эмес. Жапырык, Кум-Белди ашып, Ажы Субан деген эл жашайт (Сарыбагыш уругу). Булар азыр Нарын району болуп бүт жайлашат. Калганы башка жайлоого жайлашат (таш тулгадан ылдый Жылдыз-Көлгө чейин). Өйүзүндөгү Кен саска азыр Надырбек жашайт. Илгери 16 болуш эл жайлашкан. Булар Кочкор, Чолпон району (теңи да эмес). Булар Соң-Көлдүн чыгыш түндүгүрөөк жагында жайлайт. Булар Жаман Эчки, Ак-Таш, Кум-Белди кошуп жайлашат. Бардык Соң-Көлдө жайлаган райондор: Жумгал , Кочкор, Чолпон, Куланак, Нарын, Ак-Талаа району. Бул Соң-Көл жайлоосуна илгертен бери ным эгин себилип айдалган эмес, анткени эгин бышпай Соң-Көлдүн аягы Кум-Белде 12 жылдан бери алтын иштелип чыгат. 1946-ж. Тескей Таш-Төбө алтын бар деп (агын сууда) инженерлер белгилеп кетишкен. Карагечени эңкейгенде Таш-Көмүр бар. Бирок мунун бери бети гана карайт. Азыр Соң-Көлдүн даана өзүндө кен чыга элек. Жаныбарлары:

Көл үстүндө ак чардак, суудан чыгып

Учпаган шуру көз деген куш бар, көзү оттой, кызыл.

Чоңдугу кара чулдуктай бар,

Аккуу мурун болчу эле, азыр эки-үч жылдан бери мен такыр көрбөдүм. Көл үстүндөгү өрдөк каздарды Нарын, Жумгалдан тууган куштар дайым алып жешет. Соң-Көлдүн түзүндө жана Адыр тоосунда көк суурлар жана түлкүлөр жашашат. Бугу, марал мында жок, адырында аркар, кулжа, абдан көп, бирок эчки, теке жокко эсе да жеп баса беришет (илгери Апар көз деген айгырды жеген экен). Мындан башка илбирс, жолборс, аюу жашабайт: кашкулак семиз, көп болот. Илгери май айында Соң-Көлгө коноор элек. Ошондо ала шалбырт кары болоор эле. Ушуга карабастан мал көтөрүлө баштаар эле. Соң-Көлдө негизи кыпкызыл бетеге өсөт. Бетегеден жеген койлор айдамайынча эртең менен турбайт. Койду карасаң бөйрөгү бөксөрбөйт. Жумгал менен Нарындын аңыз отун оттогон койлордун бөйрөгү бөксөрүп калат. Тоосунда жалбырак болуп шибер, көбүргөн өсүп, муну төөзү жейт да шиберди, көбүргөндү, козу кулак, кымыздыкты жеген койлор майы курчап ого бетер семирет. Жайлоодо ат чапса бырс эткен чаң болбойт. Ошондо аттан жыгылган кишинин бетин айрууга куурай жок, кайра жуурканга түшкөндөй сезилет. Соң-Көлдүн түзүндө балдар жилик чагып жеөгө таш таппайт. Мындан башка кара кыяк болот. Кара калың чөп, казысы болот жылкынын деп, жылкы жегенде казы алат. Таруусу төтө мекирек, жылкынын болот тоюту деп, муну жеген жылкы укмуштуу семирет. Соң-Көлдөн семирген жылкынын казысы үч элиден ашпайт. Бирок мунун чөбүнүн таасири таман чыккандарга караганда кыштан семиз чыгып, майын адам жесе жүрөккө бачым тиет. Кыскасы таман казы алган жылкыдан, Соң-Көлдүн жылкысынын майы үнөмдүү келип, курч келет. Соң-Көлдө мындан башка да жөргөмүш чыгат жана анын даны тааруудай болуп адам да, мал да жейт. Мал жесе бул да семирет, муну менен катар кемирчеги болот. Кемирчеги башка жерлерге караганда эң таттуу келип, адамга жеш үчүн жакшы. Ал эми башка жайлоолордой ышкын көп чыкпайт да, кээ бир жеринде эки үч тал гана чыгат.

## Бишкек

*Инв. №643(5281)*

Чаанын кичи катынынан Жоочалыш туулат. Жоочалыштан Кенен жана Бөлөк деген эки бала туулат. Кенендин уулу катынынан Кемирбек жана Темир. Кичи катыны Кубулдан Пишкек туулат. Бишкек казак элиндеги Иле суусунан боюнда туулат. Ошол убакта атасы Кенен кымыз быша турган пишпек жасап олтурган. Ошондо бала төрөлөт, Кенен өзү азан айтат, аты Пишпек болсун деп атын өзү коёт. Кенен менен Белек экөө балдары менен он чакты үй болуп Иле суусунун боюнда жашап турушкан. Пишкек эки жашка чыкканда ал жерден көчүп келип, Кенен он чакты үй болуп Аламүдүн тоосунун башындагы Чуңкурчакка жайлашат, ошол жерде кышташат. Пишкек үч жашка чыкканда атасы Кенен өлөт. Энеси Кубулду Белек алат. Кубул Белектен Жарпаңды төрөйт. Жарпаңдын улуу катыны Таттуубаладан Борсолдой, Куттукбай, Карабий жана Орус деген төрт уулу болот. Жарпаңдын кичи катыны Сымма калмактан колго түшкөн. Сымманы Жарпаң жетимиш үч жашында алат. Сыммадан Итбарак, Байбайрак, Олжобай деген үч уул болот. Байбиче катын токол катындын төрөгөн балдарын көрө албай, аларга жакшы аттарды ыраа көрчү эмес, жаман-жуман аттарды койдурчу. Токол катындын балдарын күңгөйгө жатаар кул деп коюшчу. Мисалы, байбиче катын Сымманын кичи баласына энеси Сымма олжодон түшкөн күң деп атын Олжобай койдурган. Сымманын Итбайрак, Байбайрак деген балдарынын аттары да ошондуктан коюлган. Чаа хан болгон, анын Баалы деген кичи катыны Турсун деген хандын кызы болгон. Турсун хан Катаган уруусунан чыккан. Чаа Турсунханды чабат, Турсун хандын Баалы деген кызы колго түшөт, Баалыны Чаа өзү алат. Баалы биринчи жолу кыз төрөйт, би-

рок ал кызы чарчап калат. Кийин Чаа жортуулга кеткенде Баалы дагы эркек төрөйт. Чаанын байбиче катыны энеси Баалы жоодон түшкөн, ошондуктан аты Жоочалыш болсун деп баланын атын күндөштүк менен койдурат, Чаа жортуулдан келет, байбичеси баланын атын көрө албастык кылып койгонун угат: «Ата-а байбиче ай-я баланын атын Жоочалыш деп бекер койгонсуң, мунун тукуму бай болот, балдарың ушунун тукумуна көз каранды болоор э-э-э» деген экен. Катаган уруусунан Шамшыда ушул азыр да он жети-он сегиз үй жашайт. Бишкек жоош жана үй кишиси болгон, бай оокаттуу болгон. Пишкектин Жорго, Чочой деген уулу ошол кезде бий болгон. Пишкек карыйт, балдарына мен өлсөм, мени тоо арасына таштабагыла, мени ары-бери жүргүнчүлөр өтө турган чоң жолдун боюна койгула, алар мага куран окуп бата кылып турушсун деп керээз айтат. Кийин Пишкек каза болот. Балдары Пишкектин сөөгүн төөгө артып келип чоң кара жолдун ( Кара-Балта-Токмок жолунун) боюндагы чоң дөбөгө коюшат. Ал дөбө Аламүдүн сайынын жанындагы азыркы автовокзалдын түбүндөгү дөңсөө, ал дөбөнү түзөтүп ордуна үй салышкан, дөбөнүн орду дөңсөө болуп билинип турат. Ары-бери өткөн жүргүнчүлөр, кербенчилер, соодагерлер конуп-түнөп турушкан. Аламүдүн суусу күндүз кирип кеткендиктен эл андан кечип өтө албай дөбөгө түнөшүп эртең менен суу тартылып калганда кечип өтүп жүрүшкөн. Ошол дөбө адегенде Пишкек дөбөсү деп аталып кетет. Кийин Пишкек дөбөсүнө эки үйлүү сарт келип там салган, чайкана ачкан, барып-барып сарттар көбөйүп ошол жер кыштакка айланат. Кийин Ракматилла келет, ал ордо салдырат, чеп курайт, аскер кармайт, базар ачат, ошентип өсүп чыгат. Пишкек дөбөсү Пишкек кыштагы аталат. Пишкек кыштагы Пишкек шаары аталат.

## Кара-Балтанын аталышы

*Инв.№666(5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Илгери Кара-Балтага Россиядан орустар көчүп келе башташат. Ошондо бир орус көк дат баскан сары балта таап алат. Ошол балтасын алып, ал орус бакы уруусунан чыккан Бекитай деген кишиге келип жер саткын дейт. Бекитай сатайын дейт. Ошол жериң үчүн ушул балтаны беремин дейт орус. Бекитай балтаны алып көрөт, мурун элден алтынды көк дат басат деп угуп жүргөндүктөн ал бул балта алтын экен деп Кара-Балтанын азыркы территориясын оруска берип балтаны алат. Орус таап алган балтасынын алтын экенин билбеген. Кийин орус бул жер меники бул жерди кара балтага сатып алганмын дей баштайт. Ошондон баштап ал орус алган жерин «Кара-Балта» аталып кетет. Бекитай мурун кедей болгон, бирок алтын балтаны алгандан кийин байып кетет. Балта деген өзүбек 1880-1890-жылдары ушул Кара-Балтага келип, чоң сарай салдырат, чайкана жана дүкөн ачат. Ал чайканага соодагерлер, кербенчилер келип түнөп кетип турушкан. Балта ушул совет өкмөтүнө чейин тирүү жашаган. Кийин Балта өзү кетип, баласы Атабала ушул Кара-Балтада калат. Атабала Улуу Ата Мекен согушуна катышат, андан кийин Атабала 1950-1951-жылы ушул Кара-Балтада өлөт. Салбар Балтаны, анын баласы Атабаланы өз көзү менен көргөн, ал эми Бекитайдын алтын балтага жер сатканын чертике уруусунан чыккан манасчы, семетейчи Табалдыдан уккан.

## Ысык-Көл

Азыркы Ысык-Көл турган жерде илгери ырайымсыз калмак каны бийлик кылып турган дешет. Ал элди аябай эзип, бей-бечара, кембагалдарга зулумдук

кылып келген. Аларга чексиз салык салып, күнөөсүз адамдарды жазага тартып, эч сураксыз башын алып туруптур. Ошондо колунда малы жок, үйүндө дүйнөсү жок бир кедей чал кандын алдына барып: «Каным, амириң адилетсиз, бийлигиң катуу, өзүңдө ырайымың жок, эл дегендин убал-сообу болот. Калкка жеңилдик бер, амириңди жумшарт!» деген экен. Ачуусу келген кан: «Бир жолкуңду кечирдим, чал. Эгер дагы бир жолу ушундай суроо менен келе турган болсоң, башыңды алдырам!» дейт.

Ар кандай чыгымдардан элдин абалы ого бетер начарлап, кан өзүнүн ырайымсыздыгынан баш тартпаган соң, алиги карыя чыдап тура албай, кандын алдына барып баягы сөздөрүн экинчи ирет айтыптыр. Кан тактысында наша чегип отуруп: «Өзү эртең даргага асылсын, ал эми катын-балдарын кескилеп өлтүргүлө!» – деп буйрук берет да, ал карыянын бир көзүн ойдуруп салат. Кандын ордосунан чыгып байкуш чал үйүнө келип, катын-балдарына: «Бүгүн түндөн калбай качпасак болбойт. Силер эки Шүдүңкүт тапкыла да, бала-бакыраны мингизип, төө кыяны өрдөп чыга бергиле. Мен шаарга сел каптатып, адилетсиз кандын өзүн да, шаарын да жок кылам!» деп өзү шаарда калат.

Баласы атасы айткандай эки шүдүңгүттү даярдап, бардык кедей-кембагалдарга, шаардан чыгып кеткиле деп кабарлап, тоого качып чыгып кетишет. Чал болсо ошол шаардагы чоң кудукка келет да, тулпарын байлап коюп, колуна кетменин алып, кудуктун түбүнө акырындап түшүп барат. Кудуктун түбүнөн каканактай болуп чыңалган чанач кейиптенген бир нерсени табат. Ошол каканак кудуктун суусун тосуп турчу экен. Эгер шаардын каны адилетсиздигин күчөтө берсе, баары бир тиги каканак бир күнү өзүнөн-өзү жарылмак. Чал селдин кабыгын кетмени менен бир салып жарат да, өзү канаттуу тулпарына минип, тоону карай качып чыгып кетет.

Ошентип шаардын каны бүтүндөй мал-мүлкү,

жан-жөөкөрлөрү, миңдеген колу, жарак-жабдыктары, курдурган ак сарайы менен суунун түбүнө кетет. Кудуктун суусу уламдан-улам күчөп каптап, акырында көлгө айланып кеткен экен. Мына ошол көл кийин Ысык-Көл бүт дүйнөгө белгилүү болуптур.

### Ысык-Көлдүн чыгышы

*Инв.№ 666(5303)*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев*

Азыркы Ысык-Көлдүн ордунда илгери суу болгон эмес, жаткан кургак болгон. Ал ойдуңда эл жашаган, ал эл тартиби, адамга мээрими жок, салам айтып адам менен учурашууну билбеген, бузулган эл болгон. Ошол кезде Чүй боорунда эки көзү жок олуя чалыш бир киши болгон. Ал киши Ысык-Көлдүн элинин бузулуп обу жок болуп кеткенин уккан. Ошондуктан ал киши көлдүн элин аралап келүүнү аңыз кылыт да, уйдун шүдүңкүтүн (күлүгүн) минип, өзүнө жол көрсөтүү үчүн бир кичине баланы учкаштырып алып жөнөйт. Ал киши көлгө барганда көлдүн аягындагы жашаган элден баштап элден оокат сурап дубаначылык кыла баштайт. Ал кишиге эч ким эч нерсе бербейт, кайра аны шылдыңдашат, мыскылдап кордошот, коноюн десе эч кимиси кондурбайт. Ошентип жүрүп олтуруп бир кемпирге жолугат, андан кайыр сураса ал бир чөйчөк айран алып чыгып берет. Ал айранды алып баласы экөө ичет. Кийин андан ары дагы элди кыдырып жөнөйт. Көлдүн башына чыкканча ошол кемпирден башка эч ким эч нерсе бербейт. Ал дубана көлдүн башына чыгат, бир жерге барып түнөп жатат. Ошол жерде ушул өрөөндө жашаган эл кайыр сураса бир кемпирден башкасы кайыр бербеди жана эч кимиси кондурбады, кимиси болсо мени шылдыңдашат, мыскылдашат. Салам айтышпайт, салам айтсам алик алышпайт, бузулуп кеткен эл экен, кудай ушул элге бир балээ көрсөт деп тилеп жатып уктап калат. Ал

киши уктап жатып түш көрөт, түшүндө эртең менен мындан жогору жөнөгүн, ошол жакта бир чоң түп камыш бар, ошол чоң камышты түбүнөн тартып кескин, ошондо бир олуя (болуучусу) болот дейт. Дубана эртең менен туруп жогору басат, бир түп чоң камышты көрөт, аны түбүнөн тартып кыят, түбүнөн атырылып чоң суу чыга баштайт. Дубана шүдүңкүтүн минип, баласын учкаштырып төмөн көздөй жөнөйт. Суу дубанадан өтүп кетпестен ашып-ташып тирелип токтоп келе берет. Эл суудан дүргүп качышат, суу элди үй жайы менен тебелеп-тепсеп басып келе берет. Ошондо басып келе жаткан суудан коркуп кыйкырган бирөөнүн үнү угулат. Дубана бул кыйкырган ким дейт. Бала бул кыйкырган баягы бизге айран берген кемпир дейт. Ал кемпирди бери чакыр дейт. Бала кемпирди чакырат. Кемпир келет. Кемпирди дубана колунан кармап сыртка чыгып кетет. Дубанага тирелип агып келе жаткан чоң суу күр деп агып түшүп бүт элди басып калат. Ошондон чоң көл пайда болгон. Ошол көл ушул Ысык-Көл.

## Жети-Өгүз

*Инв.№1784 16-б.*

Илгериде бир киши жети торпогу жоголот. Аны издеп азыркы Жети-Өгүз тоосу турган жерге келсе, торпоктор ошо жерде оттоп жүрүптүр. Аларды чогултуп айдап кетейин десе бир ачуу үн чыгат. Киши үн чыккан жакка жалт карап, жети өгүзүнүн жети ташка айланып орноп калганын көрөт.

## Жети-Өгүз

Илгери-илгери бир жесир аял болгон экен. Анын Асан, Үсөн деген уулдары бар экен. Ошол аял жашаган айылда сансыз, түтөгөн малы бар, бирок өзү абдан ач көз, сараң бай болуптур. Жакырлыктын

айынан байкуш аял эгиз балдарын ошол байга жалчыга берет. Асан менен Үсөн байдын торпокторун кайтарып, эптеп жан багышат.

Бир күнү алар торпокторду кайтарып жүрүшсө, күн бузулуп, туман түшөт. Борошолоп кар жаап, мал көрүнбөйт. Эптеп торпокторду айдап, кечке маал келишсе, жети торпогунун саны чыкпайт. Ары карап, бери карап, эртеси күнү кечке издешсе да жети торпоктун дайны жок.

Ач көз бай жини келип, Асан менен Үсөнгө:

«Торпокторду тапмайынча келбегиле!» деп буюрат.

Эки бала апасы менен коштошуп, торпокторду издегени кетишет. Күндөр өтөт, айлар өтөт, торпок эмес эки бала кошо дайынсыз жоголот.

Эне болсо кайгыга чөгүп, чачы куудай болот. Айласы кеткенде, күтүүдөн тажап, балдарын өзү издеп жөнөйт. Жер кезип, издебеген жери калбай балдарын чакырат.

Бир күнү дагы тоо-ташты аралап келатса, алдынан тоодой болгон жети өгүз чыгат. Эне баягы жоголгон жети торпок экенин таанып, мөгдөп ыйлайт. Торпоктор ээн талаада жүрүп, семирип, жапайы болуп кетишкен экен. Ошондо эне:

«Каргыш тийген өгүздөр! Силер үчүн эки уулумдан айрылдым! Жетөөң тең ташка айлангыла!» деп каргайт.

Ошол замат өгүздөр жети кызыл тоодой болгон ташка айланыптыр.

Азыр да ушул тоолордун арасынан «Асан!», «Үсөн!» деп бирин-бири издеп чакырган балдардын үнү угулат дешет.

### Манастын күмбөзү

Азыркы «Манастын күмбөзү» аталган Таластагы күмбөз Манас баатырдыкы эмес. Жоокерчилик заманда элдин көсөмдөрүн жана атактуу баатырларын билгизбей көмүшкөн. Себеби душман сөөгүн казып

кетпесин деген. Манастын зайыбы Каныкей өзүнүн акылмандыгы менен бул күмбөздү Манас баатырга арнап салдырган да, сөөгүн бөлөк жакка койдурган.

Манас баатырдын сөөгү ошол Кең-Колдун сол түндүгүндө турган Эчкилүүнүн зоосу деген кара аскага коюлган дейт, асты-үстүнө кол жеткис бекем таш төшөп, анын үстүнөн суу агызып койгон дейт.

## Шырдакбектин ордосу

Нарын шаарынын четинде бир ураган коргон бар, ал кадимки Шырдакбектин хандык сарайы болгон жер дейт. Ушул күндө да анын Бозжоргосу байланган мамы бар имиш. Шырдакбек өзү анчалык деле эл сураган чоң хан болбоптур. Көбүнчө Бозжоргосу менен даңкы чыккан экен. Шырдакбек Бозжоргосува минип эрте атганса, түшкө чейин Анжыянга кирип барчу экен. Кайра коногунда Нарында болчу экен. Бир күнү калмактын ханы Коңтаажы Бозжоргого кызыгат да, Шырдакбектин аялына тыңчы жиберет. Шырдакбектин аялы эрин чанат да, эрин өлтүрүп, Бозжоргого минип качып, Коңтажыга келет. Анда калмактын ханы:

Күйөөң сени кандай бакчу эле? дейт.

Күнүнө кырк кара койдун шыйбылчагын чагып, ошонун чучугуна күрүч басып берип бакчу эле,– дейт. Калмактын ханы: «Ошол жакшылыкты билбей эриңе чыккынчылык кылсаң, мага да ошону кыласың» деп, атка сүйрөтүп өлтүрөт. Андан кийин Шырдакбектин ордосун талкалайт. Азыркы коргон ошондон калган деген сөз бар.

## Таш-Рабат

Таш-Рабат жөнүндө эл арасында ар кандай уламыштар айтылат. Кээ бирөөлөрү Таш-Рабатты хан ордосу болгон дешсе, кээ бирөөсү Жибек-Жолуна курулгандыктан кербен сарай болгон деген уламыш-

тар бар. Таш-Рабаттын хан ордосу деп аталышынын себеби хандын ордосуна окшош. Анда хан олтурган так, вазирлер олтурган өзүнчө такты бар деп божомолдошот. Бул жер касиеттүү болгондуктан бакшы, бүбү жана башка көзү ачыктар келип сыйынып кетишет. Таш-Рабаттын табышмактуулугу анын бөлмөлөрү бир санасаң кырк болуп, бир санасаң кырк бир болуп чыга келгендигинде. Ошентип ал санаган кишини адаштырат. Таш-Рабатты карасаң таштары бири-бирине кыналып ушундай чеберчилик менен жасалыптыр. Бөлмөлөрдүн кээ биринде зындан, кээ биринде кудук жана башка адамды кызыктырган кубулуштары көп. Зынданга кайсыл эшик менен кире тургандыгы алигиче белгисиз бойдон келүүдө. Кээ бир бөлмөлөрүнүн эшиктери да бекилип калган. Таш-Рабаттын дубалынын кээ бир жерлери бүтпөй калган дешет.

Ал жөнүндө мындай аңыз-уламыш айтылып жүрөт:

Бир абышка он эки баласы менен калган имиш. Таш-Рабаттын жанындагы жылгадан Кытайга кербендер өтүп турчу экен. Дал ошол салып жаткан учурда кербен өтүп, алардын арасында сулуу кыздар да бар экен. Атасы балдарына кыздарды карабагыла карасаңар ташыңар мага жетпей калат дейт. Атасы өзү ылай басып таш коюп дубалын тургузуп жаткан. Балдары атасынын айтканына карабай эле ошол кербен кыздарды карайт. Ошондо ташын ыргытса жетпей ошол бойдон Таш-Рабат бүтпөй калган деген ойлор эл арасында айтылып келүүдө.

Советтер Союзу гүлдөп турган мезгилдин бир учурунда кичинекей чабан койлорун айдап мөндүрдөн калкаланыш үчүн Таш-Рабаттын ичине кирет. Кирип от жагып жылынып олтурса, алыстан аттын дүбүртү угулат. Дүбүрт жакындагандан жакындап келе жаткандай туюлат. Бала ойлоп коет жаандан качып келе жаткандар го деп. Адамдардын үндөрү уламдан улам чоңое баштайт. Чабан сыртка чыгып караса эч ким жок. Бирок алиги чыгып турган үн басылган жок.

Кичинекей чабан коркконунан малдарын айдап үйүн көздөй жол тартат. Көрсө ал ата бабаларыбыздын арбактары экен. Бир кездери Таш-Рабаттын эшиги жок болгондуктан малчылар малдарын камап короо катары пайдаланышкан. Ошондон улам ата бабаларыбыздын арбактарынан сүйлөгөнү угулчу экен. Таш-Рабат ушунчалык касиети күчтүү болгон жай. Ал жерге молдо, бакшы, бүбү көзү ачыктар барып сыйынып турат. Эң ыйык жер.

**Тогуз коргоол**

Илгери өткөн заманда аскасы асман тиреген тоо арасындагы бир кичинекей айылда ай десе, аркы, күн десе, көркү жок Канышай аттуу сулуу кыз болгон экен. Ал сулуу гана эмес, акылы тунук, ата-энесине жароокер, жан-жаныбарларга боорукер жан болуптур.

Көргөн адамдын жоосун алып Канышай солкулдап бойго жеткенде, Жети-Өгүздүн Сыртын жердеген Санташ менен Боомдун этегин жердеген Улан аттуу эки жигит экөө бирдей ашык болуп калат. Алар Канышайга жагуунун аракетин кыла башташат. Жаа тартышса да балбан күрөшкө түшсө да, эңишсе да аларга эч ким тең келбейт. Жигиттердин эр жүрөктүгү, кайраты, баатырлыгы, жалтанбастыгы, улууга урмат, кичүүгө ызат, көрсөтүп турган элпектиги, жан-жаныбар түгүл, чөп-чарга да зыян келтирбеген боорукерлиги, чынчылдыгы, адилет-калыстыгы, айтор, бардык жакшы касиеттери Канышайга жагат. Бирок, кимисин тандаарын билбей башы катат.

Ошондо Канышай бир кызыктуу оюн ойлоп табат. Ал устага кооз такта жасатып, эки жагына тогуздан, ортосуна эки чара ойдуруп, жигиттердин ар бирине 81 коргоол берет. Бул оюнду «тогуз коргоол» деп атайт. Өтө акылдуулук менен өзү чыгарган эрежени эки жигитке түшүндүрөт. Бул оюнда кимиси жеңсе, ошонусуна түбөлүк жар болууга убада кылат. Эки бозой такта бетинде нечен күн, нечен түн тайма-

шат. Ошол мезгилде Канышайдын сулуулугун, аны алмакка эки бозойдун таймашып жатканын уккан хан кызга жуучу жиберет. Кыз хандын жуучусуна макул болбойт. Бирок тигил каарданып, күч менен алмакчы болот.

Ханды каалабаган кыз аскадан боюн таштайт. Ал кулап түшкөн жерден оргуштап күмүш булак атылып чыгат. Тогуз коргоол ойноп, бирин-бири жеңе албай жаткан жигиттер аскага чыга качышат. Бирок, тагдырдын күлбөгөн бул тамашасына чыдабай, алар да өз бойлорун көлгө ташташат. Алар суунун бетине тиери менен эле шамалга айланышат. Күйүткө чыдабай, ызылдап боздошот. Ошондон ушул күнгө Улан менен Санташ шамалдары бири башталса, экинчиси коштоп, капаланып Канышайды жоктоп, уңулдап улуп, Ысык-Көлдү байырлап калышкан экен.

### Санташ менен Улан

Азыркы Ысык-Көл турган жерди жердеген эл ичинде бир сулуу кыз болуптур. Ал кызды өрөөндүн күн батыш жагын жердеген элдин Санташ аттуу жигити, күн чыгыш жагындагы элден Улан деген жигит ашык болуп калат имиш. Эки жигит кызды талашып жекеге чыгып туруучу экен. Эрегишкен эки жигиттин айынан кыз жаштайынан көз жумат. Ал жыгылган жерге көйкөлгөн көл пайда болуптур. Кызга жетпей калган эки жигит дагы күйүткө чыдабай, шамалга айланып кеткен экен. Бирок бороонго айланганы деле экөө эрөөлүн токтотпойт дейт.

Санташ Каркыра, Чымынды-Сай, Нарын-Колдон бери карай үйрүлүп жолго чыкканда,, асманды кара булут каптап, тиги Түп, Жети-Өгүз, Байсоорун тараптан чөп учуп, чаң ызгыйт дешет. Көлгө жеткенде көлдү толкутуп, түрмөктөтүп жиберет. Ошол түрмөк – баягы Ысык-Көл деген кыздын өрүм-өрүм болгон чачы дейт. Санташ суук түшө баштап, кеч күз келгенде көл үстүн сапырып кирет. Улан тиги Кы-

зыл-Омполдон келип, Балыкчыга жеткенде жөн эле кызыл кум учуруп, кызыл кум эле эмес, шагылды да учурат. Этек-жеңди жулкуп, көз ачырбайт, ырылдап, кээде чийдин үңгөөсүн оодарып, бак-даракты омкоруп таштайт. Көл үстүндөгү кайыктарды оодарып, өркөчтөй толкунду пайда кылат. Толкундуу көбүктөр баягы Ысык-Көл деген кыздын ак көйнөгүнүн кең этектүү жээги дейт. Кеч күздө Ысык-Көлгө келсеңер, Санташ менен Уландын көл ортосунда кармашып жаткан учурун көрөсүңөр. Алар кармашар кезде көлдүн бети түнөрүп, күн күүгүмдөнүп бүркөлүп, тумчугуп, карарып чыгат. Көл үстүндө адегенде майда ак көбүктөр пайда болот. Ал баягы Ыйык-Көл деген кыздын чачырап кеткен көз оту дейт. Көз от көлгө түшкөндө ак болуп кеткен имиш. Ысык-Көл бир ойноп-күлөөрүндө, бир түшүнөн чочуганда, көз оту жайнап, чачырап кетчү экен. Ошондо көл үстүндө кармашып жаткан Санташ менен Улан кыздын караанын көрүп, буулукканы тарап, көпкө дейре нес болуп, суналып жатып калат дейт.

## Чолпон-Ата

*Буудайбек Сабыр уулунан. 124-б.*

Ушул Чолпон-Ата тоосун жердеген бир баласыз абышка болуптур. Балага зар болуп жүргөндө кемпири кыз таап, атын Чолпон жылдыздын атынан Чолпон коюптур. Кызы бойго жеткенде атасы калыңына кызыгып жалгыз кызын бир үксүйгөн чалга бермек болот. Кызы атасына нааразы болуп, тоо башына чыгып өз жанын өзү кыят экен. Атасы уудан келсе кызы тоо башында таш болуп катып калыптыр. Атасы да кызынын башын кучактаган бойдон таш болуп калган дейт. Балыкчы тараптан баратканда, же Түп жактан келатканда Чолпон-Атанын тушундагы тоо тарапты карасаң адегенде Чолпон кыздын көзүн, анан кирпигин көрөсүңөр. Аңгыча кашы да

көрүнөт. Анан баш кийиминин астынан кыздын мурду, ээрди көзгө чалдыгат. Өсүп чоңойгон жерин карап жаткансып моюну да созулат. Тоонун күн батыш жаккы эңкейишинде чачы өсүп, бети чүрүшкөн абышка көрүнөт.

Соодаке Сейдиман уулу Ысык-Көлдө туулуп-өскөн.

Соодаке жомокчунун чоң атасы Сейитти эл көбүрөөк чакырса: «Карыз тамакты мен жебейм» деп кээде барбай коюучу экен. Зарлап жүрүп Сыдыкбек, Сейдиман, Акмат деген үч уулдуу болот. Ошондон кийин «мына эми чакырса бара берем, элдин карыз тамагынан кутултарым эми бар» деп айткан экен.

Соодакенин айткандарынан:

– Бая илгери элдин темин басканын көрдүңүз беле?

– Көргөм, ортосуна мамыны орнотуп алып... Ого өгүз деп, мамынын түп жагына күчтүү өгүздөрдү салып койчу. Капталын мамыга жолотпой, тийгизбеген күчтүү өгүзгө үзөңгү баб жаныбар деп ат койчу. Үзөңгү бабны тепе, ыйык деп калганы ошондон».

### Болоттун үңкүрү

*Айтып берген: Сопиев Сопей 1925-ж. т.*
*Ысык-Көл району Кожояр айылы 2005*

Ак Мөөр Соң-Көлдүн сулуулугу менен атагы чыккан кызы болот. Анын айдай сулуулугу жөнүндө Соң-Көлдөн тышкары бөтөн жерлерге да жайылат. Азыркы Нарындагы Ат-Башыда ошол мезгилде башкарган каардуу хан Жантай Мөөргө кызыгып аялдыкка алмак болот. Муну уккан Мөөрдүн сүйгөн жигити Болот жөнөкөй жылкычы Жантайдан коркпостон Мөөргө арнап арман мүнөзүндөгү ашыктык ырларын колго комуз алып ырдай баштайт.

Ханга бул иш тез эле жетет, болгондо да жигиттери чогулуп Болотту бийик аскасындагы бир үңкүргө камап салышат.

Ошентип өз сүйүүсүнө жетпесе да каардуу хандан жалтанбай, махабат отуна баш ийип берген эр жүрөк болот көз жумат.

Ошол үңкүр азыр да бар дешет. Ат-Башынын ушул үңкүрү «Болоттун үңкүрү» деп аталат экен.

### «Кыз-күйөө» жери кантип жаралганы жөнүндө

*Айтып берген: Сопиев Сопей 1925-ж. т.*
*Ысык-Көл району Кожояр айылы 2005*

Илгери бир кишинин жалгыз сулуу кызы болот. Ал кыз бойго жетип, көп жигиттерге жага берет.

Кыз жашаган айылдын манабы, сексен алты жашка келген Суруй деген чал кызды алмак болуп атасына калыңын, сексен күлүк, элүү төө, беш жүз кой бермек болот. Кыз зар болгон сүйүүнүн кумарына кангандын ордуна кемшейген чалдын токолу болмок эле. Кыз ыйлады, жалынды, каргады байлыкка кызыккан ач көз ата аны аяп да койгон жок. Калың берилген соң тойдон кийин кызды Суруйдун үйүнө алып кетмек болгон күнү кыз качып чыкты. Короонун ары жагында кызды жигити күтүп турган эле. Экөө кол кармашып түн ичинде жолго чыгышты. Кыздын жоголгондугун үйдөгү келиндер тез эле билишти. Жигиттер ат чаап артынан түшүштү. Жигиттердин келе жатканда Кочкордо боом капчыгайдан өтүп жатышкан эле. Мына жигиттер өздөрү да көрүндү. Эми кыларга чара болбоду. Же артка кайрылып, тагдырга моюн сунбай же махабаттан айрылбай бирге түбөлүк өтүү. Кыз бала кол кармашты да Боом капчыгайдан ылдый карай суруга боюн ташташты. Ошентип ошол капчыгай азыр да «Кыз күйөө» деп аталат.

## Манастын таш тулгасы жана мамысы

*Инв.№524(5116)*

Катагандын кан Кошой калмактын каны Коңтажынын кысып, Соң-Көлдү олжого алганда Манас 40 чоросу менен Таш-Дөбөнүн жанында, Жылдыз-Көлдүн башындагы босто таш коюшкан (Соң-Көлгө). Таш тулга кыдырата узунунан коюлган. Узундугу жарым километрге келет. Таш тулганын саны жыйырмача келет. Тулганын ар буту асыр ар бирөө жаткан уйдай келет. Ал эми жерге батып калганы канча экени белгисиз. Таштын көлөмүнө караганда 10-12 киши козголто албас. Таш тулганын өңдөрү кысыл келип, сай ташындай эмес, борпоң келет. Келбети тоголок жумуру сыяктуу көрүнүп турат. Тулгадан асыр эч суурулганы жана бузулганы жок. Бул жерде эч кандай таш жок. Менин оюм боюнча тоодон кулатып келүү керек же Таш-Төбөдөн (5 км) бери кулатып келүү керек. Таш тулганын жанында Манастын Ак куласынын мамысы бар. Мамынын узундугу менин боюм менен тең. (Узундугу-бою ортодон жогору бойлуу 65см. Келет). Бирок мамыга колумду сунуп, согончогумду көтөрсөм , башына жетем. Мамынын жоондугу кучактан ашык. Жерге кирип турганы канча, ал белгисиз. Мамы таш тулга орнотулганда гана орнотулган. Мамынын түбүндөгү Ак куланын чапчыган. Андан ары 300-400 метр жерде Манастын ат баймактаган жери бар, таштын чоңдугу мамыдан кичрээк, жана дагы ичкерээк келип жерде кагып орнотулган. Булардын тегерегинде татынакай жана кыпкызыл бетеге. Тегерегинде эч таш жок. 5 км. Алыстыкта таш бар.

## Тулпар таш

*Инв.№524(5116)*

Кыргыздын Сөң-Көл жайлоосунда көлдүн батыш жагында (көлдүн четинен 1,5 км алыстыкта) жана

батыштагы «Көк-Булак» деген ашуудан 500 м. бери, ортолукта Тулпар-Таш деген таш бар экен. Таштын оордугу 70 кг.га жетет. Бул баш жагынан салганда аяк жагы жукарып кетип, 7 см келет. Таштын туурасы-40 см., түштүк жагынын бети да жукарыңкы келип, бийиктиги 4 см. Келет, өңү болсо карамтыл келген боз таш. Эми таштын учунан квадраты сынып калган (бардык тарабы 10 см. Келет). Өзү көл жээгиндеги жолдун боюнда жатат. Ошону менен бирге жанында 10 метр алыстыкта таш коргон бар. Ал дөбөчө болуп турат. Коргондун ичинде үч мүрзө бар. Коргон экиге бөлүнүп, биринде эки мүрзө бар, экинчи бөлмөсүндө бирөө бар. Бирөө чогуу бир коргон ичинде. Коргон-Таштан (койдой таштан) бир метрче жерден көтөрүңкү келип турат да, жалпы эле тегереги дөбөчө. Айтууга караганда, бул мүрзө кыргыздардын мүрзөсү деп айтылат. Бул жер азыр «Тулпар таш» атыккан.

## Ысык-Көлдүн түбүндөгү эл жөнүндө

*Инв. №643 (5281) 1-дептер*

Кытай менен калмактар козголуп кыргызга келе электен мурун Ысык-Көлдүн айланасындагы элде Коңко деген киши чыккан. Коңко тегерегиндеги чачыранды чыккан элди каратып алып олтуруп эли көбөйөт, ошол элге өзү падыша болот. Коңко падыша болгондон кийин дагы чакан-чакан элди чаап ала берет. Азыркы көл ошол кезде болгон эмес, азыркы көлдүн ордун кенен ойдуң жер болгон, Коңко элин бүт ошол ойдуңга жайгаштырган, анын элинин саны он миңдеп көбөйөт. Коңконун кулагы эшектин кулагындай узун болгон, кулагын жашырып башын бир нерсе менен бүркөп жүрчү экен. Коңкодон эли бүт корккон, ал жадыгөй дубачы болгон, тескери дуба окуган. Ошол тескери дубаны бүтүн эли окуган. Коңко өзүнчө дин күткөн, ошол кездеги башка элдин динине кирген эмес: алар башка эл сыйынган динге

сыйынган эмес. Бир күнү Ысык-Көлдүн башындагы элде башына ак куу кийген, куржун салынып эшек минген бир дубана пайда болот. Ал дубана Ысык-Көлдүн башынан баштап элден кайыр сурай баштайт. Ойдуңдагы жашаган элдин эч кими ал дубанага кайыр беришпейт, кайра аны эл кууп жиберип турушат. Ал дубана кайыр сурап олтуруп ойдуңда жашаган элдин ортосуна келет, ошол жерге келгенче дубанага эч ким эч кандай кайыр беришпейт. Ойдуңдун ортосуна келгенде дубанага бир кемпир жарты нан берет, ал кемпир мусулман болгон. Ошол дубананын артынан капкараңгы болуп туман басып келе берген, ал туман эмес басып келе жаткан суу болгон. Дубана тетиги агып келе жаткан ссуна карагын деген кемпирге, бул суу жети жерден оргуштап чыгып агып келе жатат, качкын деген. Кемпирге ошол сөздү айтып коюп, дубана көздөн кайым болот. Көлдүн түбүндөгү ойдуңда жашаган Коңко падышанын элин суу каптап басып калат, ошентип ошол ойдуңда Ысык-Көл пайда болот.

## Ысык-Көлдүн жээгиндеги өзүнчө бир ысымынын аталышы

*Айтып берген: Кожомкулова Жамила*

Мурун көлдүн жээгинде Могелан деген адам жашаптыр. Ал баягы жээктерди тазалап жүрчү экен. Баягы адам өлгөндөн кийин анын балдары көчүп кетиптир. Ошондо ошол жашаган аймакты атынан коюп коюшуптур. Бирок азыр деле Магеландын неберелери келип эс алып кетишет. Мен ошону өзүм сураштырып көргөм. Бул чындык.

## Чатыр-Көл

Ак-Сай жайлоосунда Чатыр-Көл деген жер үстүндө теңдеши жок эң кооз, сулуу тунук көл. Анын суусу да ичимдүү, даамы да жакшы. Тоого чыгып карасаң

тиккен чатырдай болуп көрүнгөндүктөн Чатыр-Көл болуп калган. Дүйнө жүзүндө канча түрдүү куш болсо, ошонун баары жайында ушул көлгө конот.

Илгери бир жолоочу кышында Кытайга баратып ушул көлгө туш болот. Эшеги менен муздун үстү менен өтүп баратып орто жерине барып калганда, муз жарылып эшеги көлгө түшүп кетет. Жолоочу өзү эптеп аман калат.

Арадан эки-үч жыл өтүп, баягы киши Ысык-Көлгө келет. Көлдү бойлоп баратса, бир аксакал карыя көлдүн жээгинен эшектин чомун таап алып, аны карап отурган болот. Жанагы өтүп бара жаткан жолоочу өзүнүн эшегинин чомун тааный коюп:

– Аксакал, алдагы менин эшегимдин чому экен. Мен муну мурдагы жылы Чатыр-Көлдөн жоготком. Эшегим кышында сууга түшүп кетти эле. Муну кайдан алдыңыз? – деп сурайт.

– Сен жинди болгон немесиң го. Чатыр-Көлдө жоготкон чомуң бул Ысык-Көлгө келип калгыдай канаты бар беле? – деп чунаңдап уруша кетет.

– Ишенбесеңиз, он, жаккы тигишин сөгүп көрүңүз. Эки жамбы алтын чыкса меники, - дейт жолоочу киши.

Аксакал карыя менен жолоочу эшектин чомунун оң жаккы тигишин сөгүп көрүшсө, чын эле эки жамбы алтын чыгат. Жолоочунун сөзүнө ишенген аксакал кандайча болгонун сурайт. Жакасын карманган экөө:

– Ой, тобоо, Чатыр-Көл менен Ысык-Көлдүн кошулуп турган агымы аркылуу эшектин чому Ысык-Көлдөн чыккан тура, – деп экөө таң калат дейт.

Мунун канчалык чындыгы бар экенин ким билет, бирок бул уламышка карап, чын эле экөөнүн ортосунда байланышы бардыр деген ойго келесиң.

### Кетмен-Төбө

*Айтып берген: Өмүралиев Орозаалы. 52 жашта (чоң эжесинен уккан)*

*Токтогул өрөөнү. Ак-Тектир айылы*
*Жазып алган: Өмүралиева Жанар*

Илгери бир Жезир алп деген чо-оң алп дыйкан киши болгон экен. Ал бир күнү Нарындын суусун бөгөп тосом деп, кетмени менен бир чоң тоону бөлө чаантыр. Тоону чапканда кетменинин башы сынып кетип, кетмендин сабы экиге бөлүнгөн тоонун арасында калыптыр. Ошондон тоо экиге бөлүнүп, дөбө болуп, кетмен тийген жер Кетмен-Дөбө атагып калган имиш.

## Бурана

Илгери жоокерчилик замандарда Баласагын аттуу капкалуу шаар болгон экен. Анын түштүк батышында турган дөбө «Кароол дөбө» деп аталып, ал жерге тиги жагы Олуя-Ата, бул жагы Бурулдайдан тарта айланасы бүт көрүнгөн мунара курдуруп, ал жерге күнү-түнү күзөт коюлуптур. Ошондон тартып Кегети буранасы сакчылардын жайы болуп, анын тегерегиндеги дөбөлөрдө ар түрдүү капкалуу жайлар курулуптур.

Жоокерчиликтин бир катуу кармашында бул шаар талкаланып жок болот да, сакчыларга курулган бурана калып калган. Бурана ыйык болгондуктан кызыл-кыргын, кара-сүргүндөрдө да талкаланбай, ушул күнгө чейин жеткен. Бул күнү да эч ким тийбей ыйык көрөт. Жаңыдан орус баскынчылары келген кезде бир көпкөн орус офицери буранаы замбирек менен аттырган экен. Ошол офицер эртеси эле жин ооруута кабылып, жети күнгө жетпей көз жумган экен дешет. Ошондон кийин орустар да экинчи кол салышкан эмес. Замбиректен бузулган буранаынын баш жагы кийин ондолгондой болду.

## Жыламыш

*Инв.№41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Эшкожонун Жыламыш деген жылкысы болот. Ошол Жыламыш чечек чыгып өлөт, анын сөөгү Жыламыш тоосуна коюлат. Ошондон кийин бул тоо Жыламыш деп аталып кетет. Эшкожо Түлөбердинин улуу катыны Бурманын улуу баласы болгон.

## Кыз-Күйөө

Илгерки бир замандарда Ысык-Көлдүн Тоң, тарабындагы бир байдын ашкан сулуу кызы болуптур. Ал кызды ошол байга жалданып жүргөн жылкычы жигит сүйүп калат. Кызды алууга калыңы жок, калың төлөгөн күндө да томояк жигитке бай кызын бермек беле. Жигитти кыз да сүйүп калат. Эмне кылыштын айласын таппаган эки жаш күйүп жүрө беришет. Акыры байдын кызын күйөөгө узатмак болушат. Ошондо жигит кызды алып качмакчы болот. Бул сунушка кыз да макул болот. Күн болжолу жете электе кызды кудалаган байдын уулу келип түшүп, кызды алып кетмекчи болот. Ошондо жигит жылкыларынын арасынан эки мыкты атты токуп минип, кызды алып качат. Жигиттин Чүй тарапта илик-жилик туугандары бар экен, ошол жакты карай бет алышат. Аңгыча кыз менен жигиттин качканын туюп калышып, артынан куугун түшөт. Качып бараткан кыз-жигит Боом капчыгайынын ичиндеги эки асканын жанына келгенде, бирөө оң жаккы бетке, экинчиси сол жаккы бетке качат. Алды-артынан чыккан куутунчулар экөөнү ошол жерден кармашат да, байдын буйругу менен экөөнү тең ошол жерден союп ташташат.

Эки жаштын күнөөсүз канынан эки булак жаралып, сызылып агып чыгып, ошол жер «Кыз-Күйөө» аталып калган.

## Айбийке

Лейлек районунун түштүк чегинде азыркы Карабулак айыл өкмөтүндө Айбийке аттуу ажайып кооз айыл бар. Ага баргандар жайлоолорунун кооздугуна суктанышып, атына заты жарашкан бул жер «Айбийке» деп кандайча аталып калганын сурашат. Ал мындайча экен.

Кайсы бир өткөн заманда ошол аймакты жердеген акылман хан болуптур. Ал калкка кадыры, бу дүйнөнүн баарына акылы жетсе да, көп жыл жашап бир да балалуу болбой, арман кылган экен. Кийин хан жалгыз кыздуу болуптур. Кызын ардактап «Айымбийке» деп ат коюп, кастарлап чоңойтот. Айымбийке да атына жарашып, айдай сулуу, акылдуу-эстүү, өнөрлүү болуп өсүптүр.

Хандын кызына тегерегиндеги бардык элдер суктанышып, жуучулукка келишет. Бирок акылман хан «Кызым өз тагдырын өз чечет» деп, эч бирине макул болбой, таруулаган байлыгын албайт.

Айымбийке күйөөлөп келген жигиттердин байлыгын эмес, акыл-эсин, адамдык сапаттарын сынап, акырында, карапайым бир кедейдин сымбаттуу уулун жактырат.

Хан элин жыйып, кырк күн той өткөрүп, кызын узатарда себине деп, дал ушул Карабулак айылынын тоо таянган өрөөнүн тартуу кылган экен. Айымбийкенин акылына, журтту бириктирген акылмандыгына, сулуулугуна баа берип, эл анын атын «Айбийке» деп атап алыш-кан экен. Айбийке өмүрлүк жары менен узак өмүр сүрүп, көп балалуу болуптур. Бүгүнкү күндөгү ошол айылдын эли Айымбийкенин тукумдары деп айтылат.

Азыр бул жердеги «Айбийкенин жайлоосу», «Айбийкенин кыштоосу» жана «Айбийкенин булагы» деген аталыштар – уламыштын жалган эмесинин далили эмей эмне.

## Айгүл гүлү

Баткен жергесинде Кара-Булак аттуу айыл бар. Айылдын жака-белиндеги Айгүл-Таш деген тоодо көп жерде кездешпеген бир керемет гүл өсөт. Аны ошол жерликтер Айгүл дешет. Бул аттын сыры илгерки уламышта бар.

Илгери-илгери ушул жерде калдайган калың журтун калыс бийлеген бир хан жашаптыр. Анын ай-чырайлуу жалгыз кызы болуптур. Кызы хандын аскерлерин башкарган кол башчы жигитке, жигит кызга ашык экен.

Бир күнү кандын айылын жоо чаап, баягы Козулан деген жигит жоодон өлөт экен. Жоо кеткен соң Айгүл кыз жигиттин каза тапканын угуп, тоо башынан өз боюн таштаптыр. Эл ошол кыздын каны тамган жерден Айгүл деген гүл чыгат деп, ыйык санашат. «Касиеттүү гүлдү тепсебегиле, үзбөгүлө!» деп ата-энелер балдарга үздүрбөйт.

Аскадан кулаган жерге кан чачырагандай кызыл ыраң гүлдөр көктөм сайын жайнап чыгат. «Айгүл чыкты, жаз келди!» деп кубанат эл, дешет, ата-энелер балдарына. Айгүл-Таш, Козулан-Таш деген тоолор бар бул аймакта.

## Кыз Мазар

Кыз Мазар деген капчыгай ичи: арча, карагай, жапайы карагат, бөрү карагат, ышкынга толуп, жолдун четинде көк кашка тоо суусу агып өтөт. Жан-жаныбар, алгыр куш жердеген аябай кооз жер.

Бул капчыгайдын «Кыз Мазар» аталып калышы жөнүндөгү уламышты укканым боюнча жаздым.

Илгери Акбулактыктар өрүшүндө малы күтүрөп, желе-желе бээ байланып, кымыз, айран, жуурат, эжигей, курут, сары май берекеси төгүлүп, бир айыл болуп ынтымакта жашашчу экен. Айылда туура

сүйлөгөн сөзү, көрө билген көзү бар калыс Бердике уста жашаптыр. Кемпири экөө карыганча жалгыз кызынан башка баласы болбоптур. Күндөн-күнгө кызы суналып, ажары жанган, келишимдүү, айдай сулуу, колунан бардык иш келген уз, акылы жетик токтоо болуп, суктанбаган жан калбайт. Жуучунун саны көбөйүп, бирок кыздын көңүлүнө жакпайт. Жетиген уруусунун Жедигер байы, жетимишке барып калса да, Айгеримди токолдукка алам деп эки жолу колун суратып киши жиберет. Бердике ичинен чочуласа да, ичи күйүп түтөсө да:

«Кызым өзү каалаганына барат, Жедигер байга менин кызыман башка кыз толуп жатпайбы?» деп жөнөтүп коет. Бул жоопту уккан Жедигер бай жинденип үчүнчү жолу өзү келип: «Кызыңды сыйың менен бергиниң, болбосо кемпириң экөөндү кул кылып, үйүндү өрттөп, кызыңды зордоп алып кетем. Эртең даяр кылгын» деп жигиттери менен тебелеп кетчүүдөй омуроолоп кетет.

Кыз ошондо эркекчесинен кийинип, чачын башына ороп түйүп, жан азыгын алып, бычагын жанына салып, ата-энесин ойготпостон жөнөп кетет. Жедигер байдын жигиттери жетип келишип, тоого чыгып бараткан кызды көрүп «тигине кармагыла» дешип, аттарын таштап жабыла жөнөшөт. Кыз тоонун кыл чокусуна чыгып жүрөгүнө бычак сайып жан берген экен.

Капчыгайдын кире беришиндеги кош булак кыздын көзүнөн аккан жаш дешет. Капчыгайда кыз жаткан мазар бар. Кыз Мазар аталышы ушундан экен.

## Көкө-Мерен

Илгери-илгери өткөн бир замандарда ушул азыркы Нарын турган жер учу-кыйры көрүнбөгөн чытырман түнт токой болуп, анда не бир түркүн жан-жаныбар, не бир сонун түмөн түрлүү канаттуу куш безеленип сайрап турчу дешет. Ошол ажайып бейиш бакты

мекендеп, аңчылыкты кесип туткан кыргыздардын моңол деген уруусунан Көкө аттуу ары балбан, ары көзгө атар мерген чыгыптыр. Ал ата кесибин улантып, мергенчилик менен күн кечирип жатканда, өзүнүн жериндеги азырак элди кара тумоо, чечек, сынга, мерее сыяктуу дабаасыз дарт каптап, жумурай журт кыйналат. Ошондой дарттын зардабы, же жоокерчилик замандагы уруулар ортосунда кандуу кагылышуу мурда тез-тез болуп туруучу.

Күндөрдүн биринде Көкө мерген аң уулоого барат, бирок көзүнө эч нерсе чалдыкпай, колуна мүдүр нерсе урунбай, ойду-тоону бүт кыдырып, арып-ачып келе жатса, алдынан бир бугу ойт берип чыга калат. Мерген анын соңунан түшүп кубалап, жаасын тартып калат, кийик жараланганына карабай карагай аралап качып олтурат. Баатыр из кубалап артынан барса, кийик бир асканын түбүнө ташка жыгачтан жөлөп, үстүн карагай, арчанын бутактары менен жаап жасалган жарты алачыктын жанына токтойт. Аңгыча жарты алачыктан тери шым, кемсел, башына малакай кийген бир байбиче чыгып, ага аралдуу кийикти көрсөтүп:

«Мен кайберендин ээси болом. Сен «элимди багам» деп, кайберендерди эсепсиз кырып тукум-курут кылдың, кайберендердин учугу уланбас болду. Касиеттүү кайберен эненин каргышына калдың. Мындан ары өзүң кырган кайберендерге жем бол!» деп бата берип, көздөн кайым болот.

Ошондо элин багам деп аңчылык кылып кайберендерди ашыкча бүлгүнгө учураткан Көкө мерген чөпкө айланып калыптыр. Жаралуу кийик ошо чөптү жеп сакайып кетет.

Ушундан улам бул чөптү эл «Көкө Мерген» деп жүрүп, бара-бара «көкөмерен» атанып, жабыркаган жарааттарга шыпаа, дабаасыз дарттарга дабаа болуучу чөп чай катары бааланат. Көкөмерен гүлүнүн көк болгону Көкө мергендин көк мылтыгынын көк экенин билгизет имиш.

## Аюб-Булак, Кыз-Булак

*Инв.№1784 78-79-б.*

Илгерки заманда Аюб пайгамбар жашаптыр. Ал өтө оорулуу болуп, денеси бүт бойдон жара болуп кеткен экен. Аюб пайгамбарга периштенин боору ооруп, бир күнү ага: «Сен турган жеринди оң бутуң менен теп» дейт экен. Аюб пайгамбар жерди тепсе, ал жерден ысык суу чыгат. Ошол сууга Аюб пайгамбар жуунуп, денесиндеги жарааттардан айыгат. Андан кийин: «Эми сол бутуң менен теп» дейт периште. Сол буту менен жерди тепсе, жылуу суу чыгат. Ал суудан Аюб ичип, бүт оорусунан айыгып кеткен экен. Ошондон улам Жалал-Абат курортунун бир булагы «Аюб булак» деп аталып калыптыр.

## Өзбектер жана Ош шаары

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары*
*(Нокаттын)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

А) Ош шаарынын аты тууралуу бир нече легендалар бар:

1) Мурунку убакта бир адам арабдан чоң өгүздөр менен Макатулладан (макка шаары) баштап кош айдоого чыгып бул күндөгү ошко жеткенде өгүздөрүн кайра буруп, Өш деп Макатуллага жүрүп кеткен экен. Ошондон кийин Өш деген сөз Ош шаарына ат болуп калган экен.

2)Мурунку убакытта Ош шаары Ош деген бир уруу журт салгандыктан ошол уруунун аты шаарга ат болуп калыптыр. (Абулгазиев Жородон. Ошто.) (40-б)

Б) Ошто Сулайман тагы жанындагы мазардан шейхтар (мазар кароочу, Сулайман тагын кароочу карыялар) быйыл бир таш тааптыр. Анда ушундай жазылган: Хаза кабиршайхул имамул ажаллүз зохидүл хож ходжахүл хакка галал хаккий фахараллохо рад дени анвар иоллогаллигали ибни Гусман гафуруллахи Шабан бассагуми атим. (40-41-бб)

* * *

Дагы бир чоң ташка көп куран сөздөрүн жазып аягына 707 деп койгон. Ал ташта өткөн жыл гана табылган. Бул таштарга караганда 1305-жылды Ошто Имам Шайх-Ахун же Муфти турган. Экинчи түрдү айтканда областной имамдардын баштыгы болгон. Мындан 645 жыл мурун Ош областной же Орто Азиянын бир провенциясынын борбору болгон жана мусулмандар жашаган.

### Сахаба мазары

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары*
*(Нокаттын)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Янги-Ноокат сельсовети Маданият колхозунда абдан эски бир мазарды Сахаба мазар дейт. Кабыр таштары көп, бардыгы да арабча тилде: хатты сүлүс, хатты кофий, хатти фарсий, каллиграфиясы менен жазылган. Бирок эч бир таштын жазылган жылы жок. Бул мазар тууралуу легенда: мурунку убакытта дин таратуучу  сахабалар (Мухаммед пайгамбарды көргөн адамдар) келип капырлар менен урушуп, өлгөн сахабалар экен. Ушул урушта өлгөн сахабалар ушул мазарга көмулуптүр дешет. Экинчи бирөөлөрү

Габбассийлердин жергиликтүү эл менен урушуп, өлгөн адамдардын мазары дешет.

Сарьян мазар. Дагы ошол маданият колхозунда жети гектар жерди алып турган чоң эски мазар бар. Мында да арабча жазылган кабыр таштары көп. Алар да жогорудагыдай үч түрлүү калиграфия менен жазылган. Бирок эч биринин жылы жазылбаган.

### Карынбайды жер соргон

Карынбай деген бай азыркы Өзгөндүн түштүк аймагында Куршаб деген жерде жашап, төрт түлүктүү малга бай жана да малга кароо бай экен. Карынбайдын малы дүркүрөп, жыл сайын өсөт экен. Түндүк жагы Көкарттан тартып, Жазы, Кара-Кулжа, Алай тоолорун малы басып кетет. Карынбай төрт түлүк малын көрүп туруш үчүн төө өркөчтөнгөн бийик тоого көчүп чыгат. Ошол жерден айланасындагы төрт түлүк малын карап турат. Карынбайдын мал баккан эли, жакындагысы, алыстагысы, колоттогу койчусу, кырдагы жылкычысы, талаадагы төөчүсү, чөлдөгү дыйкандары – баары чогулушуп, Карынбай төөдөй болгон тоого көчүп барды дешет. Карынбай ал жерден бардыгын көрүп турат деп баарысы коркот. Тоо төөгө окшош болгондуктан төөчө деп жүрүп, ошондуктан төөчө аталып калган.

Карынбай түздүн баарына эгин айдатып, жонос-жонос кылып үйүп алса дагы, көзү тойчу эмес дейт. Эгин айдаган дыйкандары ушунча дан жыйнаса дагы көзү тойбойт, мунун көзү топуракка гана тоёт дешчү. Ошондуктан, бардыгына тойбойт деп, эли Карынбай атап калышкан.

Карынбай күндөрдүн биринде, малынын көбөйгөнүн карап турат. Бир периште келет.

Карынбайдын алты аялы болот. Алтоонун алты үйүнө дүнүйөсү толот. Ошол күндөрдүн биринде аялдары килемдерин, жууркан-төшөктөрүн, жаздык-баштыктарын, идиш-аяктарын, казан-табактарын бардыгын эшикке чыгарышып, күнгө жайышат.

– Малга тойдуңбу? – деп, ошол күнү периште байдын алдына келип сурайт.

– Дагы туягынча болсо экен! – дейт канием кылбаган Карынбай. Малы туягынча болуп көбөйөт.

– Тойдуңбу? – деп, периште Карынбайдан сурайт.

– Дагы туягынча болсо экен! – дейт. Анда периште, жерди:

– Тарт! – дегенде, Карынбайдын тизесине чейин жер сорот.

– Данга тойдуңбу? – деп, периште Карынбайдан сурайт.

– Дагы ошончо болсо экен! – дейт Карынбай.

– Дагы тарт! – дейт периште жерди.

Карынбай эми бел кырчоосуна чейин жерге кирет.

– Дүнүйөгө тойдуңбу? – деп, периште Карынбайдан сурайт.

– Дагы ошончо болсо,– дейт Карынбай.

– Тарт! – дегенде периште, Карынбай кекиртегине чейин жерге кирет.

– Эми бардыгына тойдуңбу? – деп, периште Карынбайдан акыркы жолу сурайт.

– Эми тойдум,– дейт Карынбай. Периште жерди:

– Тарт! – деген экен.

Ошондо, Карынбайды жер толук жутуп, ошол жер чуңкур болуп калган дешет.

Ошондон бери «каниет кылбасаң Карынбайдай жер сорот» деген уламыш айтылып калат. Төөчүнүн үстүндө Карынбайды жуткан жердеги чуңкур ушул убакка чейин сакталып калган. Карынбайдын бардык малы жапайы болуп кетсин деп периште айтып, малы бүт жапайы болуп кетет.

## Капир башы (Кампир башы)

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары (Нокаттан)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*

*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Ноокат районунда Кыргоол сельсовети Арал колхозуна караштуу түндүк жагындагы адырда Капир башы деген жер бар.Ал тууралуу мындай легенда бар: Мурун сахабалар, арабдар ушул жерде капырлар менен катуу урушуп, көп капырлар кырылыптыр. Ушул капырлардын башы ушул жерде узак убакыт жаткандыктан, ушул жерди Капир башы деп айтылыптыр. Картага Камир башы деп жаздырышкан.

Дар шаригат. Ноокат району Кыркоол сельсовети Арал колхозунун төрагасы Маматалиев Мырзалыдан чагатайча жазылган ушул кол жазма китепти алдым. 206 беттик, эң аягына башка адамдын колу менен 1112 сахарада деп жазылган. Быйыл хижири 1367-жыл башка адам колу ал адам жазылганына да 253 жыл болгон. Мунун жазылыш тарыхы 5-6 жүз жылдан да кем болбосо керек. Бул китепти атасы менен бир тууган молла Азимхан Бекназаровдон алган.

Бардыгын жыйып айтканда Сахаба мазары Капир башы согуштары арабдардын Габбассилер убактындагы согуш жана ушул убакытта өлгөн адамдар болуунда шек жок. Анын үстүнө бир нече жүз жыл мурун кыргыздар Чагатай (Өзбек) тилинен да пайдаланып келгенин көрсөтөт. Ошондой болсо бул жердеги өзбектер эскиден бери карай (1000-900 жыл) туруп келгендиктерин көрсөтөт. (42-43-бб)

**Кыргыздар**

*Инв.№380 Оштун тарыхый материалдары*
*(Нокаттын)*
*Жыйнаган, тартипке келтирген*
*Каюм Мифтаков 2.06.1925*
*10. 1947. 1-бөлүм*
*машинка көчүрмө*

Кырк кыз тоодо жүргөндө, отуз уул, онусу кыз тууган, отуз уул падышанын шаарынан намыс кылып кайра барышпаган. (Биздин энелерибизди жалап деп айдап жиберген падышанын шаарына барбайбыз деп), бирок он кыз падышанын шаарына кайра кайтып барган. Ошол он кыздан ичкиликтер пайда болгон дешет.

Адигине, Тагай, Наал – үчөө бир тууган, бирок Наал жылкычыдан бала таап ошого арданып Тагай агасы аркага көчүп кетиптир. Адигине-кечик агасы Ата конушта калган. Наалдан туулган Мунгуштун балдары да аны менен бирге жашаган.

Ичкилик деп айтуунун себеби ички жактан келгендиктен айтылган. Тагай балдары сыртта аркада болгондуктан аларды сырттык же аркалык деп айтылган (44-б.).

Жер астындагы чоң хумдар. Ноокат району Кыркоол сельсовети Өсөр колхозунда чоң көрүстөнгө каршы Кара-Дөңдүн жанында беш-он метр жердин астында адам узундугунда чоң тогуз хум бийик жардан көрүнүп турушат. Алар мындан бир нече миң жыл мурунку абдан эски хумдар окшойт.

Үч-төрт аршиндик сөөктөр. Ноокат району Янги-Ноокат сельсоветине караштуу чагатай-дөбөлөрдүн чыгыш жагындагы жол бойлорунан үч-төрт аршындык сөөктөр 1925-жылдарда табылган экен. Бирок аны эл башка жерде көмүп коюптур (46-б.).

*Маданият колхозунун счетеводу Козубаев Бурхандан*

*1923.09.47*

## Мүрөктүн суусу

*Инв.№394. 65-б.*

Илгери бир бай жашап, анын үч кызы болот. Мезгил өтөт, байдын кыздары карый баштайт. Бирок бир кызы такыр карыбайт. Мунун себебин байкаса, ал кыз дайыма ысык суусу бар бир булакка жуунуп жүргөн экен. Ошондон улам бул булак кийинчерээк «Кыз-Булак» деп аталып калган экен.

## Чолпон-Ата

Азыркы Чолпон-Ата шаары турган жерде бир кедей адам жашаган экен. Ал байдын малын багып оокат кылуучу дейт. Көпкө чейин балалуу болбой, жашы улгайып бара жатканда бир кыздуу болот. Ал абдан сулуу, эстүү болуп бой тартат. Кызы чоңоюп келе жатканда, апасы дүйнөдөн көзү өтөт. Абышка менен кызы катуу кайгырат, бирок айла жок, тиричилик өтө берет, кызы Чолпон экөө тең күн өткөрүп оокат кечирет.

Бай Чолпондун сулуулугуна, акылдуулугуна суктанып, бой тартып келе жаткан кызга куда түшөт. Атасы да ага каршы болбойт. Кыязы, жетишпеген жашоодон өзү да кыйналса керек, кызым кыйналбаса деп ойлогон го. Кызы карыган байга баргысы келбейт, атасы көшөрүп болбойт.

Бир күнү атасы мал артынан кеткенде, кыз тоого чыгып, көз жашын көлдөй төгүп, бул жашоодон аша кечип, тоодон боюн таштамакчы болот. Эңкейип секире берерде, ал ташка айланат да, калат.

Кечинде атасы үйгө келсе кызынан дайын жок. Ана келет, мына келет менен бир топ убакыт өтөт. Айылдагылардан сураса, эртең менен тоого бет алганын айтышат. Атасы күйүгүп тоого чыкса, таш болуп катып калган Чолпон эңкейип турат. Картайганда көргөн кызынын абалын көргөн атасы сакалынан жаш агызып ыйлап турат. Же кемпири болбосо, кызынан тирүүлөй ажыраса, айласы куруган чал да секирип өлгүсү келет. Ошондо жалгыз кызынан ажыраган абышка да ташка айланат.

Күн ачык турганда Чолпон-Ата шаарынын үстүндөгү тоонун кырында эңкейип турган кыз жана секирип келе жаткан сакалдуу атасынын элеси катып турат дейт. Байыркы заманда мына ушул жерди айылдагылар кыздын атынан Чолпон жана атасынын элесинен Чолпон-Ата деп атаган экен.

## Санташ

Санташ дөбөсү жөнүндө эл оозунда мындай бир уламыш бар:

Тимур (Тамерлан) XV кылымдын акыркы чейрегинде Самарканддан биринчи жортуулга чыгып, Кытайдан Ние провинциясына бара жатканда, Ысык-Көл өрөөнүндөгү тоо арасындагы өткөөл аркылуу өткөн.

Ушул жерге жакындаганда аскерлердин башында бара жаткан Тимур ар бир жоокерге бирден таш алып, бир жерге ыргыткыла деп буюрат. Дөбөдө үйүлгөн таштын саны Тимурдун аскерлеринин санына туура келген.

Тимур аскерлери менен жортуулдан кайра кайтканда, кайрадан баягы тоо арасындагы өткөөл аркылуу өтүшөт. Тимур аскерлерине дөбөдөгү таштарды бирден алып башка жерге үйдүрөт. Таш дөбө абдан кичирейет,. Демек, өткөөлдө калган таштардын саны канча болсо, ошончолук аскер жоодон кайткан экен. Таш дөбө кичирейгенине караганда, жоодон бир канча аскер кайткан эмес.

Ошондон бери бул жер Санташ деп аталып калган.

Бирок Санташ деген шамалдын дагы аты бар Көлдө.

## Соң-Көлдүн пайда болушу

Соң-Көлдүн кандайча пайда болгону жөнүндө эл арасында мындай уламыштар айтылып келе жатат. Соң-Көлдүн ордунда бир өтө каардуу хандын ордосу жайланышыптыр. Ал ушунчалык каардуу болуп, аялдарын ушунчалык кордоп, кыйнап, залим-зулумдукту көрсөтчү экен. Хандын аялдарына кудайдын боору ооруп, жер жарылып, ошол жер чуңкур болуп, суу толуп Соң-Көл пайда болуптур.

## Ысык-Көл жөнүндө уламыш

Илгери-илгери азыркы эл боло электе, Ысык-Көл болуп толо электе жашаган эл жайыла качып, Күнгөй менен Тескей тоолорунун бөксөсүнө коно электе, азыркы Ысык-Көлдүн орду мелтиреген мейкин талаа болуп, чыгышынан Түп, ага түндүк капталынан Кош-Ак-Суу, түштүгүнөн Ак-Суу, Кара-Кол, Кызык-Суу сыяктуу суулар төмөндөгөн булактар кошулуп, биринен таш, биринен кум, биринен жошо кошулуп, Чар дайра деп аталып батышка карай агып, кийин Кочкор суусу менен кошулуп Боомдун ичин күлпүлдөтүп, кенен Чүйдү басып, аягы Казы-Курт тоосуна чейин агып кетчү экен. Чар дайрасынын эки тарабы калың камыш, чытырман токой болуп эл эки тарабына көчүп-конуп жашоочу экен. Ошол кезде өтө каардуу Ошпур деген кан болуптур. Ошпур элин кыңк эткизбей бийлеп алат. Кийин ошол жерге шаар да салдырыптыр. Салыкты аябай көп салчу экен. Ошол эле учурда айына бирден жигит алчу экен. Ал алган жигиттери дайыны жок болчу экен. Ошентип олтуруп айылдагы кары аксакал Абыгай аттуу абышканын Адыргы аттуу жалгыз уулуна кезек келет. Абыгай байбичеси Маасымкан экөө баласынын өлүмгө бара жатканын билип ыйлап-сыктайт. Бирок Абыгай менен Маасымкан көптү билгендиктен бир амалын табууну ойлойт, Маасымкан ойлоп табат. Ал эмчегинин сүтүн саап анын үстүнө кичинекей камыр жууруп, ал камырдан боорсок бышырып Адыргыга берет. Ушул боорсокту канга жегиз. Бирок өзүң жебе, жерге таштаба, жесең дароо муздак суу ич деп Маасымкан менен Абыгый айта турган акылын айтып Адыргыны узатат. Ал келгенден кийин хан менен ээн үйгө кирип сакал-мурутун алдырат экен. Андан кийин тебетейин чечсе кулагын көрүп таң калат. Анын кулагы эшектин кулагына окшош экен. Ал кулагын байлап тебетей кийип алчу экен. Ушул кулагымды эч ким билбесин деп чачын алдырып, жигиттерди өлтүрөт экен деп ойлойт. Ал чачын ала баштайт, жеңине салып

алган боорсоктон бирден таштайт. Ал менин ырыскым деп жеп алат. Энеси кылып берген тогуз боорсоктун сегизин жейт, ал эми бири жеңинен түшпөй калат. Чачын алып бүткөндөн кийин хан кылычын алып башыңды тос дейт. Ошондо Адыргы айтат: «Сен мени өлтүрө албайсың, себеби сен мени менен эмчектеш болуп калдың, сен энемдин эмчек сүтүнө бышырылган боорсокту жебедиңби» дейт. Ошондо ал кылычын кайра тартып кулагым жөнүндө эч кимге айтпа, ата-энеңе дагы дейт. Адыргы макул болуп хандын үйүнөн чыгып келе жатса жанагы калган боорсок түшүп кетет. Энесинин айткандарын эстеп, өзү жеп алат. Ичи көөп жаны оозуна такалат. Дал ошондо жанталашып хандын капкактуу кудугуна келет. Анын ичи ошончолук көөп жанталашкандыктан «эшек кулак, эшек кан, чочко кулак, чочко кан» деп канча жолу кайталаганын дагы сезбей калат. Ал суу ичип, эс алгандан кийин үйүн көздөй жөнөйт. Ошпур хан эртең менен туруп эки жакты караса капкакталуу кудугунун жанында эл чогулуп жатат. Акырын басып барса, кудуктун жанында гүлдөр түркүн өсүмдүктөрдүн баары «эшек кулак, эшек кан, чочко кулак, чочко кан» деп үн алыша сүйлөшөт. Карап турган эл каткырышып күлүшөт.

«И иттин баласы Адыргы адам менен айбанга гана эмес, жер жүзүндөгү өсүмдүктөргө да мен жөнүндө сөздү жайган тура» деп ойлоп, каардуу хан арданып, капкакталуу кудуктун суусу асманга атылып шаарды суу каптай баштайт. Абыгый желмаянын минип Адыргыны учкаштырып, Маасымкан шүдүңгүсүн минип күңгөй тоосуна чыга качышат. Чар дарбазанын эки жагындагы сары талааны жана шаарды, элди суу басат. Ойдо жок алаамат болуп, далай жандар өлөт, мелтиреген сары талаа төмөн чөгөт. Сары талааны жарып аккан Чар дайрасы Чүйгө карай акпай калат.

Сары талаанын ордуна көгөргөн Ысык-Көл жаралыптыр, качып кутулган Абыгый менен Маасымкандын тукумунан ушул кыргыз эли таралыптыр деген имиштер бар.

## Күйүк булак

*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Айтып берген: Жаманкулов Абдыжапар*
*Кара-Буура району. 2006*

**(болгон окуя)**

Илгери Күйүк булактын аты эмне деп аталганы белгисиз. Бир узун өзөндүн ичи толо камыш болгон экен. Ошол камыштын ичин мекендеп жолборс жашаган экен. Камышка жакындап калган жан-жаныбарды же болбосо ошол жерден өткөн кыядан адамдарды да баса калып башын таштап, денесин жеп жүргөн көркоол жолборс болгон экен. Ал жолборс камыштын арасында шалдыраган булактын ээсиндей атчан келе жаткан жигит, суусаганынан суу ичейин деп камышты аралаган жигитти баса калып жеп койгон экен. Дагы бир келин баласын көтөрүп келе жатса, ылдынан ыргып чыга калып, келинди басып калганда, колундагы бөбөгү колунан ыргып кетет. Келинди жеп, бөбөктү жыттап коюп, ушунчалык мыкаачы болсо дагы наристеге тийбей кетип калат. Келиндин аркасынан келе жаткан үч-төрт киши бөбөктү таап алып шилбили өзөнүнүн ичинде олтуруктташкан эл менен акылдашып, ошол өзөндөгү камышты өрттөп, мергендер жолборсту атып өлтүрүшөт. Камыш күйгөн өзөндө мурун шылдыраган булактын үнү угулса, ошол окуядан кийин, жээгин күл баскан шылдыраган тунук агып жаткан булактын аты «Күйүк булак» деп аталып калган экен.

## Түгөл-Сай

*Айтып берген: Медербек Кулов 1937-ж.т.*
*Жумгал району, Түгөл-Сай айылы.*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан 2004-ж.*

Илгери Жумгал өрөөнүндө бир ашкан бай жашаган экен. Анын аты Түгөл болуптур. Анын көп жылкылары бар болчу. Ошол Түгөлдүн үйүнүн жанында сай акчу экен. Түгөлдүн жылкылары ошол сайдан суу ичишчү экен. Күндөр өтүп Түгөлдүн жылкылары көбөйө берет. Мына ошол жылкылары баягы чоң сайдагы сууну ичишип өткөндө суу соолуп калчу экен. Мына ушунча жылкысы менен атагы чыгып жаткан Түгөлдүн мартабасы көтөрүлүп, ал сай Түгөлдүн сайы деп аталып калыптыр. Ошол Түгөл-Сай аттуу айыл мына ошондон улам ушундай аталып жүрөт.

### Кызарт

*Айтып берген: Медербек Кулов 1937-ж.т.*
*Жумгал району, Түгөл Сай айылы*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан 2004-жыл*

Кызарттын бели негизи илгертеден эле суук, дайым бороон-чапкын болуп турат. Бул белдин Кызарт аталып калышынын себеби, төмөнкүдөй.

Илгери-илгери Кочкор өрөөнүнүн айылында орозо айында эл оозун ачып, айт болот. Мына ошондо Кочкордун айтылуу кыздары айттап чыгышат. Баш аягы кырк бир кыз айттап жүрүшөт. Бара-бара алардын айтташы күчөйт. Жүрүп-жүрүп отуруп алар өздөрүнүн алыстап кеткендигин байкашат. Кочкор менен Жумгалдын ортосунда бир чоң бороондуу бел бар болчу экен. Кыздар так ошол бороон өтчү белге келип токтошту. Ошол мезгилде орозо айы, жай мезгилине туш келсе керек. Кыздардын арасындагы бай кыздары үлпүлдөк жука кийинишип алышыптыр. Алардын арасында бир эле кедей кыз бар экен. Ал кыздын кийими жок болгондуктан, ал кышкы тонун кийип чыгыптыр. Жанагы белге бороон болуп, кар түшөт. Кырк кыз үшүгөндүгүнөн бири-бирине ыкташат. Кар токтобойт, кайра күчүнө кирип каарданат. Кыздар абдан кыйналышат. Акыры кыздар

биринин артынан бири өлүмгө учурай баштайшат. Кырк кыз тең бирдей кыйрагандан кийин, баягы тончон кедейдин кызы калат. Мына ушинтип белде бир кыз артып калган үчүн, ал бел «Кызарт» деп аталып калган экен.

### Беш-Таш

*Айткан: Абазбеков Нурмамбет Таабалдиевич*
*Кара-Буура району, Кичи Кировка айылы*
*Жыйнаган Нарынбаева Нуржан*

Бул көк тиреген карагай, арча, кайыңдыдан беш гана асканын бети көрүнүп турган жер экен. Ошондуктан көрүнүп турган беш асканы жергиликтүү калк «Беш-Таш» деп атап койгон экен. Ал касиеттүү жер, анын эң башында көлү, аягында мазары бар. Бул жер да Таластын эң кооз жерлеринин бири.

### Шумкар уя

*Айткан: Абазбеков Нурмамбет Таабалдиевич*
*Кара-Буура району, Кичи Кировка айылы*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*

Илгери Шумкар-Ууяны элдер «Марал таш» деп аташкан экен. Анткени, бугу маралдар ошол аскага жашынып туруп калышкан учурлары көп болгон экен. Мына ушул «Марал таш» кийин эл тарабынан «Кароол таш» атка конгон. Анткени Манастын чоролору бир кезде ошол асканын башына чыгып кароолдоп турушкан экен. Ал жерден Таластын баш аягы, азыркы Жамбыл шаарына чейин көрүнүп турат.

### Кара-Буура

*Айткан: Абазбеков Нурмамбет Таабалдиевич*
*Кара-Буура району, Кичи Кировка айылы*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*

Илгери бир бай олуя болгон экен. Ал күндөрдүн биринде катуу ооруп калат экен. Ошондо ал олуя өзүнүн кишилерине кайрылган экен:

Билесиңерби бул төөлөрдүн арасында Кара-Буура деген төө бар. Мен өлгөндө ошол төөгө мени артып төө кайсы жерге чөксө ошол жерге мени койгула, - деп керээз айтыптыр. Ал төө ыйык жерге чөгүп берет деген экен. Ошентип баягы олуя дүйнөдөн кайтат экен. Ошондо ал олуянын кишилери анын айтканын жасашат. Төөгө артып аркасынан бара беришет. Бир убакта бир жерге келип чөгөт экен. Тиги кишилер таң калат. «Эми эмне ушул жерге көмөбүзбү?» деп. Ошол Кара-Буура чөккөн жерге баягы олуяны коюп кетишет экен. Ошол олуядан кийин ал жердин аты «Кара-Буура» деп аталып калган экен.

## Көл суусу эмне үчүн туздуу

Илгери бир атанын эки баласы болуптур. Алар чоңойгондо, улуусу байып, кичүүсү кедей бойдон калыптыр. Кичүүсүнүн кедейлиги ушунча, анын үй-бүлөсүн бакканга наны да жок экен. Күндөрдүн биринде ал аң уулап кылып жүрүп, ок тийип жараланган аркарды кармап алат. Кан агып алсыраган жаныбар адамча тил сүйлөп, андан: «Кое бер мени, жакшы адам, мен сага бир сонун белек берем» деп суранат. Кедей кое берет.

Аркар айтканындай эле, эртеси өзүнөн-өзү туз тартып чыгара турган жаргылчак тартуулайт. Кедейден аны шылтоо таап ала албаган бай түн ичинде келип, капка салып уурдап кетет. Көл жээгинде катууну ойлонуп, анан кайра ал оюнан айнып, кайыкка салып барып аркы жээкке жашырууну чечет. Бирок кайыкка салаары менен жаргылчактан өзүнөн-өзү туз тартыла баштайт. Кардай аппак, сатса алтынга бааланууучу сонун тузга байдын жан-алы калбай кубанып калак шилегенди унутуп коюп, жаргылчакты тындырбай иштете берет. Аңгыча тоо болуп үйүлгөн

туздан кайык коңторулуп кетет да, ач көз бай туз, жаргылчак менен кошо көл түбүнө чөгөт.

Ошондон ушул күн көз жаштай тунук жаралган Ысык-Көл туздуу болуп калган экен.

## Нан-Коргон

Илгери-илгери бир кедей жашаптыр. Кемпири экөө жалгыз эчкиси менен күн көрүүчү экен. Экөөнөн Жалал деген жалгыз уул туулат экен. Атасы өлүп, энеси уулу менен калат. Бир күнү Жалал уктап жатып «буудай» деген үндөн түшүнөн чочуп ойгонот. Жанына чечип койгон топусунун ичине бир кочуш буудай толуп калыптыр. Ал буудайды эгип, нан кылып жан багат экен. Үйлөнүп, а да уулду болот. Уулун ээрчитип отунга барат. Ал баласына: «Нанды ушалаба, күкүмүн жерге түшүрбө» дечү экен.

Апасы жаңы бышкан нанды тасмалга ороп, баласынын белине түйүп берген. Жолдо баланын курсагы ачып:

– Ата, нан жесем болобу? – дейт.

– Күкүмүн жерге түшүрбө, бутка тепселбесин, абайлап жегин, уулум, – дейт Жалал.

Бала көзүнө көрүнгөндүн баарын атасынан сурап баратып нандын бир күкүмүн жерге түшүрүп жиберет. Атасы экөөлөп издеп, бирок калың өскөн чөптүн арасынан нандын күкүмүн таба алышпайт. Жалал аябай кайгырат. Таппагандан кийин жеңин түрүп ылай уютуп, нандын күкүмү түшкөн жерди коргон менен тосот. «Нанды мал аягы тепсеп, адам аягы басып, кор болот. Нан ыйык. Нанды кор кылууга менин акым жок» деп, Жалал дыйкан салган баягы коргон «Нан-Коргон» аталып, эл ичинде ушундай сөз калган экен.

## Козу-Баглан

Исхак Раззаков туулган Коросон өрөөнүн чыгыш тарабынан Козу-Баглан дарыясы агып өтөт. Бул

дарыя Лейлек, Козу-Баглан, Кожо-Бакырган деп аталат. Ал дарыянын жээктеринде алгачкы адамдар пайда болгон. Жашыл токой, чөптөргө бай.

Козу-Баглан жомогу мындай: Байыркы заманда Кытай, Индия тарапта бир падышанын жалгыз кызы бой тартып, акыл-эси жетилип калганда катуу ооруп жатып калат экен.

Ошондо Жибек Жолу аркылуу биздин Лейлек аймагынан өтүп, Самарканга каттап жүргөн, көптү көргөн бир акылман карыя: «Ханым, алыска тоолуу, ак мөңгүлүү тоолордон башталган, таштан ташка урулуп кайнап бышкан касиеттүү Козу-Баглан деген дарыя агат. Ошол дарыянын суусу көп ооруга даба болот деп угуп жүрөм, мүмкүн ошол дарыянын суусунан табылса Сиздин кызыңыз жакшы болот» дейт. Бул кабарды угуп, сүйүнгөн падыша Козу-Баглан суусунун табууга буйрук берет. Илгери биздин аймакка келген соодагер саякатчылар алыскы Мекенине Козу-Баглан суусунан таберик кылып алып кетчү экен. Бирок аны келип алып кайра баргыча кыздын дарты күчөй турган болот.

Хан сарайына келген акылман: «Эгер Козу-Баглан дарыясынын касиеттүү суусу табылбаса, анда ошол дарыяны кечип өтүп келген аттын туягын сууга чайкап ошол сууну ичип көрсүн» дейт. Хан бул сөздү угуп ачууланат, бирок ошону жасоого мажбур болот. Козу-Баглан суусун кечип барган аттын туягын чайып ичиргенден кийин айлап төшөктө жатып калган кызы айыгып кетет.

Ошондон Козу-Баглан дарыясынын суусу дары, касиеттүү деп айтып калышат.

### Эшек кулак хан

*Китептен жазып алган К.Жантөшев*

Тээ илгери азыркы көлдүн ордуна көздүн жоосун алган өрөөн, тегиз мейкиндик жатыптыр. Гүл

аңкыган шибердүү жайыттарда үйүр-үйүр жылкы, короо-короо кой жайылып, өрөөндө капкалуу шаар болуп, адамдар өздөрүнүн тиричилигин өткөрчү болуптур. Бул бай өлкөнүн даңкы кыйла элге тарайт. Бирок ошол элди башкарган ханы көрүнчү эмес экен. Анын жүзүн көргөндөр тек гана ханлын чач тарачтары болушат. Алардын бири да хандын чачын алууга баргандан кийин үйүнө кайтпайт экен. Чач тарачтарды хан өлтүрүп жатыптыр деген каңшаар угулат. Ошентип, алардын бардыгы бирден өлтүрүлүп отуруп, шаарда жалгыз чач тарач – жаш жигит гана калат. Анын атасы өтүп, энеси экөө эптеп жашап турчу экен. Мезгил келип ага да кезек жетип, хандын буйругу менен анын чачын алганга хандын сарайына жөнөйт. Хандын жигиттери жаш жигитти хандын бөлмөсүнө киргизип коюшат. Кирип барган чач тарач көргөн көзүнө ишенбей таң калгандан төбө чачы тик турат. Көрсө хандын кулактары кудум эшектикиндей экен. Хан ошондон уялып элге көрүнчү эмес. Хан анын акыркы чач тарач экендигин билип, аны өлтүрбөөгө ниет кылып, бирок жаш жигиттин көргөну жөнүндө эч кимге айтпасын талап кылып, эгер оозунан чыкса эле көргүлүктү көрсөтөөрүн эсине салат. Жигит коркконунан ханга ант берип, андан соң чачын алат, хандан белек алып үйүнө аман-эсен кайтат. Ошентип, бир нече жолу хандын чачын алат. Анан белек алып жүрүп үй тиричилигин оңдойт. Бирок жайдары, шайыр жигит күндөн күнгө кабагы бүркөө, суз, муңайым жүрө турган болуп өзгөрүп кетет. Энеси анын себебин билмекчи болуп сыр сурайт, беркиниси дегеле эч нерсе айтпайт.

Күндөрдүн биринде азаптанып жүргөн уулу энесинен кеңеш сурайт. Хан сарайынан көргөн шумдук аны кыйнаган, бирок ал адам баласына айтпаймын деп ант кылганын, бирөөгө айтып ичиндеги бугун чыгарбаска эч болбойт. Энеси аны уккандан соң «эски таш кудукка барып, ошого айтсаң ичиңдеги бугуңдан арыласың, жеңилденесиң» деп кеңеш берет. Энесинин

айтуусу боюнча ал кудукка келет. Эңкейип туруп: «О шумдук! Аллаяр таксыр ханыбыз эшек кулак неме экен! Уктуңбу! кудугум, менин айтканымды? Биздин ханыбыздын кулагы эшектин кулагындай экен!» деп катуу-катуу кыйкырат. Кубарган жүзүнө кан жүгүрүп жеңилдей түшөт. Чач тарачтын айткандары жаңырыктап, кудуктун түбү күлдүрттөп, кайнап ташыгандай шуулдайт. Күчөгөндөн күчөп отуруп, суу кудуктан ашып-ташып оргуган боюнча жөнөйт. Бала качат. Бирок суунун алдында калат. Суу мейкин жайыкты, шаарды тептегиз басып калат. Ошентип, өрөөндүн ордуна көл пайда болот да Ысык-Көл аталып калыптыр.

*Узин С.В. Тайны географических названий. М.1962; Жантөшев К. Жомоктор. Фрунзе 1958; Зюков Б. Под волнами Иссык-Куля. М; 1962.*

## Жети-Өгүздүн аталышы

*Инв.№ 524 (5116)*

Илгери бир бай жашаган экен. Анын көп малы боло турган. Ошол көп малынын ичинен байдын жакшы көргөн жети торпогу болуптур. Ал жети торпокту өзүнчө оттуу жерге оттотуп, кайтарышат. Жети торпокту (өзүнчө) байга жалданып, өз күнүн көргөн бир жесир аялдын жалгыз баласы кайтарат. Бир күнү ал жети торпокту адатынча откоруп жүрүп, түшкө маал талыкшып уктап кетет. Ойгонсо баягы жети торпок оттогон жеринде жок. Ары чуркап, бери чуркап издеп таппай калат.

Ошентип, бай жакшы көргөн бодо малынын жок экенин укканда аябай ачууланып, аларды жакшы кайтарбай койду деп, жесирдин жалгыз баласын жазалоону чечет. Жесир аял «Өмүрлөшүмдөн калган жалгыз туягым эле, бир ачууңузду мага бериңиз бай» деп жалынып-жалбарып бутуна жыгылат. Бай ага кулак салбастан байкуш жесирдин жалгыз уулун өлтүрүп салган экен.

Жыл өтүп, ай өтүп, баягы жети торпок унутулат. Байкуш жесир жалгызынын күйүтүн тартып, картайып өлбөстүн оокатын көрүп жашап жүрөт. Күндөрдүн биринде отун терип жүрүп, баягы жети өгүздүн оттоп жүргөнүн көрөт. Жети торпок чоңоюп өгүз болгон экен. Кемпир дал ушул жетөөнүн айынан жалгыз уулунан айрылганын эстеп, «менин балам силер үчүн жер астында жатат. Силер болсо жер үстүндө бейгам оттоп жүрөсүңөр. Ылайым жетөөң жети тоо болуп, таш болуп катып калгыла» – деп каргап жиберет. Кемпирдин каргышы тийип, баягы жети өгүз жети тоого айланып калган экен. Ошондон жердин аты да «Жети-Өгүз» деп аталып калыптыр.

## Ат-Башы

*Инв.№ 524 (5116)*

Бир киши Аксайдан ат минип келе жатып, Ат-Башы өрөөнүнө жеткенде аты баспай калат. Ал атынын башын кесип жыгачка сайып туруп, өзү жөө андан ары жолун улап кетет. Эл ары өтсө деле, бери өтсө деле аттын башы турган жер деп аталып, кийинчерээк Ат-Башы деп аталып калган экен.

## Таш Рабат

*Инв.№ 524 (5116)*

Таш Рабат бир башкача кайдан алынып келгендиги белгисиз – жалпак таштан курулган. Ал эми ошол таштарды бириктирген раствордун ушул убакка чейин окумуштуулар эмнеден жасалганын билбей келишет. Андан башка ошол таштарды да кайдан алып келгендигин билишпейт. Анткени ошол тегеректе андай жайпак таштар жок болгон эле. Ал эми ичиндеги бөлмөлөр саны боюнча ушул убакка чейин талаш-тартышты туудуруп келет. Себеби, кээ

бир адамдар бөлмөлөрдүн саны 40 десе, кээлери 41 дешет.

Кытай ханы кыргыздарды басып алып турган кезде Таш-Рабатты курдурган деген кеп да бар. Бирок бул так аныкталган эмес.

Рабат – дарбаза дегенди билдирет.

### Арашан-Мазар

*Инв.№ 524 (5116)*

Ак-Сайда Арашан деген касиеттүү мазар бар. Анын суусунун ден соолукка абдан пайдалуу дарылык касиети бар. Булардын майда-майда көздөрү бар жана андан суу кайнап чыгып турат. Төрөбөгөн аялдар барып, курмандык чалып, туура жасаса аткарылган. Мындан башка оорулуу адамдар суудан ичип айыгып кетишчү экен.

### Тегерек-булак

*Инв.№ 524 (5116)*

Өткөн заманда бир тегерек булак болгон экен. Атына жараша тегереги дөбө болуп, ошол дөбөнүн ортосунан булак чыгат. Булак – тал, чычырканак, ит мурун сыяктуу бадалдар менен курчалып турган. Ал булактын суусунун өтө күчтүү касиети болгон. Ал дартка дабаа, дарылык касиети чоң болгон. Ал булакта ээси болгон. Анын ээси ак инген ботосу менен болгон. Бирок ошол ак инген жөнөкөй кишилердин көзүнө көрүнчү эмес. Ал зайнап апанын атасы Өмүрканга дайыма көрүнүп турчу. Ким зыян келтирсе, көзүнүн жашы куюлуп, ботосу экөө ыйлап отурчу имиш. Бир күнү ошол ак инген бир топко чейин ыйлайт. Ошондон баштап ал ак инген Тегерек – Булактын тегерегинен көрүнбөй калат. Кийин булактан ошол ээси менен ак ботосу адамдарга таарынып, бир жакка кетип калган дешет. Анын себеби Тегерек-

Булактын каситети жоголуп жөн гана булакка айланып калган. Аны адамдар кадимки булак катары сугатчылык кылып чарбасына колдонгон. Азыр ошол булакты курчап турган тал, бадалдардан эч нерсе калган эмес. Аларды адамдар кесип, ар нерсеге пайдаланып салышкан. Тегерек-Булак суусу кышында да тоңбогонуна байланыштуу айылдагы таза суулар ошол булактан агып келет дешет.

## Кыз күйөө

*Инв.№ 524 (5116)*

Илгери бир байдын жалгыз кызы болгон экен. Анын кызы абдан сулуу, акылдуу болот. Күйөөгө тиер убагы келсе да, кыз эмнегедир күйөөлөп келген жигиттердин бирин да жактырбайт. Анын себеби бар боло турган. Ошол үйдө отун жарып, суу ташып, байга жалданып эптеп өз күнүн көргөн малайга ашык болуп, сүйүп калган экен. Малай да аны сүйүп, бирок кыз менен өзүнүн ортосундагы айырманы ойлогондо ичинен сызып тим болот. Убакыт өтүп, бай кызын өз эркине койбой бардар адамга турмушка берүүгө камынат. Муну билип калган эки жаш сүйлөшүп отуруп, качууга камынат. Акыры эртең той деген күнү качып чыгышат. Алардын качканын билип калып байдын жигиттери кыз менен жигиттин артынан кууп жөнөшөт. Кыз менен жигит болгон күчтөрүн жумшап качып отуруп чарчашат. Акыры байдын жигиттери алардын артынан жетип келип, кармап калышат да, экөөнү тең өлтүрүп, ошол жердеги шар аккан сууга салып жиберишкен экен. Ал эки жашты өлтүргөнгө эл абдан наараазы болуп, байды жалгыз калтырып, ошо сууну кечип өтүп, жашап калышкан экен. Ошол күндөн тартып «Кыз күйөө» деп аталып калган экен.

*Айтып берген: Кочобаева Шекер*

## Сары-Челек

*Инв.№ 524 (5116)*

Бул көл тууралуу далай уламыш айтылып келет. Сары-Челек Чаткал кырка тоосунда жайгашкан. Бул көл тууралуу тарыхта бөгөлмө жолу менен пайда болгон дешет. Анын тарыхына эл оозунда айтуулары боюнча кайрылып көрө турган болсок, көл илгери дарыя болуп агып турчу экен. Ал мезгилде ошол дарыянын боюнда саруулар конушчу экен. Ошол саруу уруусуна Жунгар кандыгы көз артып келген экен. Кантип басып алуу жолун издешет. Акыры Жунгар каны ачык эле согуш жарыялайт. Саруулардын колу канчалык аз болсо  да согушка даяр турат. Колу бир топ көп болгондуктан, Жунгарлар сарууларды тыптыйпыл кылуу максатында дарыянын эки жээгине жоокерлерге таш үйүүнү буюрат. Муну сезген саруулар тоодон каман айдап келип, кулак, мүйүздөрүнө дарактардан байлап коюшат.

Камандарды үркүтүп ийгенде чаң-будуң түшүп билинбей калат. Аларды көргөн жунгарлар үйгөн таш-топуракты кулатып ийишет. Агып жаткан дарыя бөгөлүп көлгө айланат. Ошондон кийин «саруу челек» деген атка конуп, кийин «Сары-Челек» болуп калган. Сары – саруу болсо, челек – чака деген маанини түшүндүрөт.

## Чеч-Дөбө

*Жыйнаган Нарынбаева Нуржан*
*Айтып берген: Жолдошов Абдыжалил*
*Ат-Башы району, 51 жашта 2005-ж.*

Ат-Башынын ыйык жерлеринин бири Чеч-Дөбө. Чеч-Дөбө Ат-Башыдан 2,5-3 км алыстыкта жайгашкан. Элдин айтымы боюнча Ат-Башы суусун тосуу үчүн Кудай таала бир кетмен топуракты чаап ыр-

гыткандан калган деп аташат. Чеч-Дөбөнүн касиеттүүлүгү Манас баатыр калмактын ханы Коңурбай менен согушканда кырк чоросунан ажырап ал эми калмактарды сүрүп чыккан. Кырк чоросунун сөөгүн чогултуп жерге коёт. Ал эми Алмамбетти мурда айткан керээзи боюнча аты Айсаралага жүктөп, ал ат кайда барып токтосо ошол жерге көмүшмөк. Манас Алмамбетти аты Айсаралага жүктөттүрүп коё бергенде Айсарала Чеч-Дөбөнүн үстүнө келип туруп калган. Эл чогулуп Алмамбеттин сөөгүн Чеч-Дөбөнүн үстүнө көмгөн деп айтылат. Азыркы убакта Чеч-Дөбөнүн батыш тарабында тогуз мазар булак суулар бар. Ал жерге жергиликтүү эл сыйынып, жыт чыгарып, Кудай-талаага жалынып турушат.

## Кошой-Коргон

*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Айткан: Бабаев Советбек 51 жашта*
*Ат-Башы 2005-ж.*

Ат-Башыдагы тарыхый эстелик жерлердин бири болуп саналат. Манасты Манас кылган кан Кошой деп Манаста айтылат эмеспи. Ошол Кошойдун коргону Ат-Башы районуна караштуу Кара-Суу айылынын (азыркы Кошой айылында) чекесинде жайгашкан. Аянты болжол менен 5 гектардан ашыгыраак азыркы кездеги урандысынын бийиктиги 5-6 метрге барабар. Калыңдыгы болсо болжол менен 4-5 метрче. Элдин айтымында коргондун чыгыш жана батыш тарабында 2 дарбазасы болгон экен. Батыш тарабындагы эшигинин түбүндө урандысынын бийиктиги 3-4 метрдей келген, диаметри 3 метрден ашыгыраак топурактан жасалган өзүнчө бөлөк коргон турат, аны эл Кошойдун ат-мамысы деп аташат. Кошойдун коргонунун тегеретесинде аң казылып, суу толтурулуп турчу экен. Ал суу коргондон 30 км алыстыктагы «ичке» деген коктудагы булактан жердин астынан

карапа менен бириктирилип жасалган «коого» аркылуу аңгекке куюлуп суу толтурулуп турчу экен. Кошойду калмактар камап киргенде коргондун дарбазалары бекилип, аңгекке суу толтурулган экен. Калмактар коргонго кире албай жатканда Кошойдун аялы чыккынчылык кылып кат жаздырып калмактын ханына ыргыттырган экен. Анда ичкенин башындагы булактын көзүнө саман салып агызып турсаңар саман коогонун көзүн бүтөйт. Суу жок калганда Кошой аргасыздан коргонунан чыгат деп билдирген делинет. Калмактар Кошойдун аялынын айтканы боюнча ичке коктусундагы булактын көзүнө саманды салып агызып отурганда жердин асты менен өткөн карапа коогонун ооздору толуп ичерге суу жок калганда аялы айткандай эле Кошой аргасыздан чыгып, ал эми калмактар коргонду талкалап кеткен деп айтылып жүрөт. Азыркы убакта коргондун тегеретесинен карапанын сыныктары, адамдардын сөөктөрү айдоо аянттарынан табылууда. Бул коргон болжол менен 8-9-кылымдарда деп болжолдонулат.

Кошойдун коргонунан 4-5 км алыстыктагы жерде Кара-Тоонун чокусундагы түздүктө Кошойдун ордо ойногон талаасы бар делинет. Диаметри 80-90 метрге чукул деп айтылат. Өзү тегерек такыр чөп өспөйт. Элдерден укканымда Кошой коргонунан чыгып ошол аралыкты 3-4 аттап койчу экен. Кечинде ордо ойногон жеринен «Жигиттер атты отко коюп койгула» деп кыйкырганда коргондогу жигиттерине угулчу экен.

### Ак-Бейит

*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Айткан: Бабаев Советбек*
*51 жашта, Ат-Башы району.*

Айтылуу Арпа жайлоосунун билбеген кыргыз болбосо керек. Ошол арпа жайлоосуна бараткан жолдо, Торугарт – Бишкек жолунун 450 чакырымында,

жол жээгинде кылымдан ашык убакытты ичине камтыган бейит турат. Азыркы убакка чейин бир кылымдан ашык убакыт жашаса дагы сынынан жазбай турганы, кандайдыр бир касиеттен белги бергенсийт. Бирок ал бейиттин ээси ким экени ушу күнгө чейин белгисиз болуп такталбай келүүдө. Эмесе сөз өңүтүн Ак-Бейиттин пайда болушуна бурсак.

Ошол кезде өрүшү малга толгон, атагы алыска кеткен бир аябай бай адам болгон экен. «Телегейи тегиз эч ким болбойт» деп элде көптөн бери айтылгандай биз кеп кылган байдын ашып-ташып кадыры элге сиңген менен баланын үнүнө зар болуп жүрүп мазарга түнөп, болгон ырым-жырымды жасап, бүбү-бакшылардын берген кеңештерин аткарып жатып, акыры үнү жетчү жерге жетип, ыңаалаган наристе үнүн уккан дагы убакка туш болот. Бирок төрөлгөн наристе бай өзү күткөн уул эмес кыз болуп төрөлөт. Бай буга да каниет кылып бешик тоюн берүүгө камдана баштайт. Көп жыл балага зар болуп жүрүп жеткенчеби бай кызына айтып жеткире алгыс даярдыкта той берет, кыздуу болгонуна сүйүнүп, өзүнүн шартынан кутулат. Күн айга, ай жылга айланып кыз бойго жетет. Суктандыргандай, ак маралдай керилген кыз болуп чыга келет. Кыз бойго жеткени ат тезегин кургатпай жуучулар келе баштайт. Бирок ошол убакта кыз кандайдыр бир ооруга чалдыгып, элди капага салып, бул жарык дүйнө менен кош айтышып кете берет. Бай кызынан айрылганда жети күн үн катпай азага батып аза күтөт. Кызынын кайрылгыс сапарга узаганын сезип көксөөсүн суутуш үчүн атайын Өзбекстандан уста жалдап келип топурактан жалаң малдын ак сүтүнөн ылай чылатып бейит курдурат. Сүткө чыланган топурактан жасалган бейит ак ак түстү бергендиктен Ак бейит деп азыркы убакка чейин айтылып калган. Ал бейиттин касиеттүүлүгүнө токтолсок. Өткөн кылымдын элүүнчү жылдарынын орто ченинде Арпа жайлоосунан жөө келаткан бир койчунун аялы кеч кирип жол көрүнбөй калганда

Ак бейиттин ичине кирип түнөгөн болот. Бирок ал өзү кирип түнөмөк болгон жер бейит экенин билген эмес эле. Бейитке кирип ылайыктап бир бурчунан орун алып аял чарчагынбы, дароо эле уйкунун жетегине жетеленип кетет. Канча уктаганын өзү да билбей качан уйкусу канганда ойгонгон аялдын көзү жарыкчылыкты көрбөй эки көзү тең сокур болуп калат. Кечинде эле куландан соо, эки көзү көрүп келген аял ошентип Ак-Бейитке түнөп эле бир түндө көзү көрбөй, азиз болуп калганы эле ал бейиттин касиеттүүлүгүнөн белги берип турбайбы. Айтмакчы ал аял азыр дагы Ат-Башы районунун бир айылында жашап али күнгө чейин көзү көрбөй келет.

### Ысык-Көл

*Жазып чыгарган К.Маликов*

Экинчи уламыш. Ысык-Көлдүн азыркы орду шаар орногон, көз кайкыган түздүк, мейкиндик болот. Ханы адилетсиз болуп, элге кысымды көп көрсөткөндүктөн, бир көптү көргөн карыя аны жазаламакчы болуп, кууктун түбүндөгү селдин оозун ачып жиберет. Ошентип суу шаарды каптап кетет. Кедей-кембагалдар тоого чыга качып, кутулуп кетүүгө үлгүрүшөт. Ал эми айрым варианттарда окуя мындайча баяндалат. Шаардагы калк динге ишенбеген болот. Ичинен бир аял чыгат, шаарда бузукулук жайылат. Кудай таала динсиз күнөөкөрлөрдү жазаламакчы болуп, шаарды эли менен сууга чөктүрүп жиберет. Дагы биринде, шаардын бузулган динсиз калкы бир мусулман олуяны шылдыңдап, келекелегин үчүн кудайдын каргышы менен жер титиреп, шаар жердин түбүнө калкы менен түшүп кетип, анын ордуна көл пайда болгон деп баяндалат.

*Маликов К. Ысык-Көл сүрөттөрү. Чыгармалар, 1-том, Фрунзе, 1960*

## Арашан

*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Айткан: Бабаев Советбек*
*51 жашта, Ат-Башы району.*

Илгери эл арасында Айдаркул деген кадырман ата жашаптыр. Ал ата көп жылдар бою балалуу болбой жүрөт. Кемпири экөө ыңаалаган баланын үнүн бир укканга зар болушат. Кийин карып калган кездеринде кудай тааланын буйругу менен аян көрүп уулдуу болушат. Сүйүнгөн Айдаркул ата менен кемпири экөө балага жакшы тарбия беришет. Баласы өзгөчө нур жүздүү, жүзүнөн жанары жанган сулуу жигит болуп көргөндүн көзү тойгудай баатыр чыгат. Жалгыз туягы он бешке чыккан кезде ошол элдин ханы чоң жоортулга даярданып, баланы өзүнө аскер башчы кылып дайындайт. Айдаркул ата менен кемпиринин мөгдөп ыйлап каршы болгонуна карабай алыска жортуулга аттанышат. Күн өтөт, ай өтөт, жортуулга кеткендердин эч кимиси кайрылып келбейт. Баласынын өлүү же тирүү экенин билбей Айдаркул ата менен кемпири санаа чегип, далай азаптуу күндөрдү баштарынан өткөрүшөт. Санаага кайыгып жалгыз уулунун азабын тарткан Айдаркул атанын кемпири уулунун кеткенине жыл айланбай көз жумат. Айдаркул атанын күйүтүнө күйүт кошулуп, өбөктөп карыйт. Акыры чыдабай жыл айланып калганда жакындары менен коштошуп атына минип, уулун издеп чыгат. Күнү-түнү улам эс алып, жер сууну кыдырып келе берет. Кундуз көл, жылдыз Чеч-Дөбөнү басып Ат-Башыны аралап келип, акыры Арашанга туш келет. Келсе урушта курман болгондордун сөөктөрү көмүлбөй жатат. Айдаркул ата уулуна курчаган кемер куурун таанып. Жалгыз уулунан айрылган атанын көзүнөн салаа-салаа жаш кетип, уулунун сөөгүн кучактап ыйлайт. Касиеттүү атанын ысык көз жашынан оргуган ысык булак аты-

лып чыгат. Ошол үчүн Арашандын көз жаш сыяктуу туздуу болуп калган экен. Айдаркул ата болсо каза болгондордун баарын көөмп, өзү баласынын бейитин таштап кете албай, ошол жерде жашап калыптыр. Кийин Арашанды жакалай конгон элдин көзүнө булактын ээси ар кандай болуп көрүнсө да, ак боз ат минген ак сакалдуу карыя деп коюшат.

## Бугу эненин мазар булагы

*Айтып берген: Мукаш Найманбаев.*
*Өзү муну Мукамбеттен уккан. Нарын шаары.*
*1960-ж.*

Нарын шаарынан батышты карай Куланак багытында Аламышык тоосунун тескей жагында бир булак бар. Булак чыккан жылганын баш жагы – көк ойдуңдун өйүз-бүйүзү майда бадал, карагай, карагат шагы жыш. Жергиликтүү эл ал жерди «Бугу эненин мазар булагы» деп коюшат. Ырасында эле кыргыздар булактын жогорку көзүн «мазар» дешип, айрыкча зайыптар көп келип сыйынышчу. Келген адамдар майда жыгач шиштерди жасап, баштарына кебез ороп майга малып туруп булактын тегерегине сайып коюп, шам жагып түтөтүп коңурсуган жыт чыгарып, куран окушчу дешет. Ал тоону «Аламышык» дебестен, «Аалам шайык» деп да коючу экен. Илгери ушул Нарын турган жер түнт токой экен. Ал жерде аңчылыкты кесип туткан көчмөн кыргыздардын кандайдыр бир аз уруулары жашап турушуптур. Алар мал багып, негизинен аң улоо менен жан сакташат. Ошол кезде элдин эң эле коркунучтуу душманы катарында кара тумоо, чечек, сынга жана мерес (ала) эсептелип, андан эл кырылып калышчу экен. Ошондой дарттын зардабынанбы же жоокерчилик замандагы кандуу кармаштардан уламбы, айтор түндүк жактан бир топ эл ушул жерге көчүп кели-

шип баш пааналашыптыр. Алардын күткөн малы, карманганы бугу болуптур. Кыргыздар турган Аламышык тоосуна жакын келип, баш паанектеп бир жылбы же андан ашыкпы жашап туруп калышат. Кыргыз тилин билишпейт. Жергиликтүү эл да алар менен сүйлөшө алышпайт. Буларды жергиликтүү эл «Ааламдын шайыктары» деп атап коюшчу экен. Ошондон улам бул тоо «Аалам шайыктын тоосу» аталып калат.

## АРАЛАШ ТЕМАДАГЫ УЛАМЫШТАР

### Алтайлыктын сөзү

*Инв. №666(5303)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Улуу Ата Мекендик согушта Осмоналиев 1942-жылы бир миң аскер менен Монгол Эл Респукбликасына барып Монгол менен Япониянын чек арасында турган. Ошондо бир киши жолугуп, – Биз Манасбыз, кыргызбыз, – деп колу менен көкүрөгүн кайра-кайра таптаган жана Манас Алтайдан Таласка көчүп кетээринде көчүүгө кудурети жетпеген чал-чабырлар, оорулар, сокурлар ушул Алтайда калган. Алдуу-күчтүү тыңдары Таласка көчүп кетишкен, «биз ошондо көчө албай калган кыргыздарданбыз» деген Салбар Осмоналиевге.

### Кызыл аяк

*Инв.№647(5285) 2-дептер.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

1940–1941-жылдары Кытай өкмөтү Советтер Союзу менен мамилеси жаман болот, чек аралар жабылат. Кытайдан бир нече уйгурлар соодагерчилик кылып Советтер Союзуна өтөт. Аларды Совет өкмөтү «отказчы» деп аташып жана башка иштер менен камай баштайт. Ошол кезде кээ бир уйгурлар бул тарапка элинен кызыл өтүк кийип өтүшкөн, аларды бул жактын эли «кызыл аяк» деп аташкан. Ошол уйгурлар улутуң ким деп сураса бизди камап коёт деп коркушуп биз уйгурбуз дебестен кызыл аяк дешкен. Ошол айтуу менен алар Совет өкмөтүнөн улуту кызыл аяк деген паспорт алышып, уйгур улуту жоюлуп, кызыл аяк улуту болуп кетишкен.

## Таранчы деп аталуунун себеби

*Инв.647(5285) 2-дептер*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

1844-жылы Шинжаңдын Манчиң деген ханы болгон. Манчиң хан элин катуу кыскан. Ошол кезде Назгум деген акылдуу кыз болгон. Назгум Манчиң ханга каршы көтөрүлүш чыгарууга элди үгүттөп уюштура баштаган, Назгумдун жетекчилиги менен көтөрүлүш чыккан. Манчиң хан ошол көтөрүлүштү басуу Назгумду баш кылып 1000 түтүн уйгурду Или дарыясынын боюндагы жерлерге көчүрүп жиберген. Бул уйгурларды алты шаарлык деп аташкан. Ал аталган алты шаар Хотен, Яркент, Кашкар, Ак-Суу, Кара-Шаар жана Кумул болгон. Тигил көчүрүлгөн уйгурлар мына ушул шаарлар тарабынан баргандыктан аларды Алтышаарлык деп аташкан. Бул көчүрүлүп барган уйгурлар эгин эгилбеген семиз жерге туш болушкан. Алар кайрак жерге бир пуд (16 кг) буудау сепсе, ошондон 100–120 пуд түшүм алган. Монголдор уйгурлардын буудайдан түшүмдү көп алышканына таң калышып, булар буудайчы турбайбы дешет. Буудайчы дегенди монголчо таранчы дейт. Алты шаардан барган уйгурлар ошентип таранчы аталып калышкан. Бул таранчылардан Кулжа, Алтай, Чавчек жана Үрүмчү шаарлары өсүп чыккан. Алты шаардан Якупбек, Сейтночи жана Кулжадан Садыр балбандар жана Манчиң ханга көтөрүлүш башташат. Бул көтөрүлүшчүлөрдү жана Манчинди Кытайдан Шиңдуубек келип басып калат. Шиңдуубек Шинжаңга хан болуп калат. Бул хандан кийин төрт шаардын уйгурлары Советтер Союзуна качып өтүп кетишет. Бул тарапка өткөндөн кийин алар өздөрүн уйгурбуз деп айтышуудан коркушуп таранчыбыз деп айтышкан. Ошондон кийин алар бул жакта да таранчы аталып кетишкен.

### Курманжан датка

*Инв.№647(5285) 2-дептер. 65-70-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Курманжан датка өзүнүн күйөөсү Алымбек датка өлгөндөн кийин Кокон ханына кеңешчи өңдүү болуп турат. Курманжан датканын баласы Абдылдабек Кокон ханынын аскерлеринин төрт чоңунун бири болуп турган жана Ооганстандын Ыскак деген ханына (Кабыл шаарына) Кокон ханы тарабынан өкүл болуп барып келип турган. Кокон ханы Россияга баш ийгенден кийин Курманжанды Түркстан крайынын крайлык генералы Каупман, Полковник Сковлев жана губернаторлук (облустук) генерал Черняевдер чакырат. Курманжан баргандан кийин алар Алайская царица деген наам беришет. Курманжанды Петровкада алып барып наам берип жана белги берет. Абдылдабек орустарга карабаймын деп Ооганга кетип калат, ошол жакта өлөт, сөөгүн ошол жакта сактап, бир айдан кийин Гүлчөгө алып келип көмүшөт. Курманжан Коконгобу же Ташкенгеби кетет, ошол кезде Курманжан датканын балдары жайлоого көчүшөт. Чек арага кетип баратышкан солдаттар көчүп бара жаткан кызыл-тазыл көчкө шылдыңдаган өңүү тийишет. Курманжандын кичи баласы Камчыбектин Асел деген аялы сезимдүү чыйрак аял болгон, ошондуктан аны өздөрү датка дешип коюшчу. Асел көчтү токтотот, үйлөрдү тиктирет, арак алдыртат. Ошол солдаттарды конок кылып арак берип сый сыйлайт, аларды боз үйлөргө бөлүп-бөлүп киргизет. Алар мас болуп калат. Асел алардын жарактарын жыйнатып алат, калганы качып кетишет. Бүт өлтүрүлдү деген сөз да бар. Бул окуя Каупманга угулат. Каупман Камчыбекти, Асанбекти, Мамытбекти жана дагы бирөөн трибуналга берет. Военный трибунал Камчыбекти, Асанбекти жана бирөөнү дарга асууга, Мамытбекти бир нече киши менен Сибирге айдоого өкүм чыгарат.

Бул өкүм боюнча үчөө дарга асылат, Мамытбек Сибирге айдалат. Аселден Кадырбек туулат.

## Долон бийдин балдары

*Инв.№643(5281)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Долон бийдин Сокулук Өзгөн жана Туумакашка деген үч уулу болгон. Долон бийдин Сокулук деген уулу тоосуна келип өлгөн, ошондуктан ал тоо Сокулук деп аталып калган. Долон бийдин Өзгөн деген уулу Өзгөндө туулган, ошондуктан ал жер Өзгөн деп аталып кеткен. Туумашка кайсы жерде туулуп, кайсы жерде өлгөнү белгисиз. Бул сөздү Борсолдоев Сатыке Шамшыда жашаган Мамбетаалыдан уккан.

## Толубай сынчы

*Инв.№524(5116)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Кыргызда: «Сынчы болсоң Толубайдай бол, ырчы болсон Токтогулдай бол» же: «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген ылакап бар.

Илгери Толубай-сынчы деген өтүптүр.

Хан казатка аттанмакчы болуп: «Жылкымдан ким тулпар тапса, самаганын берем, эгер жаңылса көзүн оём» деп жар чакыртат.

Элден эч сынчы чыкпайт. Хандын увазирлери сынчы издеп таба албай талаа менен келе жатышса, жардын түбүндө бир чал алдына аттын куу башын коюп алып ыйлап олтурат.

Тигилер тыңшап турса:

«Сенин тулпарлыгыңды ким билет, менин сынчылыгымды ким билет» деп күңгүрөнүп коёт.

Хандын увазирлери чалды ханга алпарат. Хан: «Атың Толубай, өзүн сынчы экенсин, эмесе менин жылкымдан тулпар тап, жаңылсан көзүндү оём» дейт.

Эртеси бийик мунара жасатып, астынан жылкыларды бирден айдатып Толубай менен хан турат.

Туура үч күн бою күлүктөр өтөт, бирок сынчыга бири да жакпайт. Акыры жибек килем төшөлүп, анын үстүнөн жибек үртүк жабылган хандын тулпарлары өтөт.

Хан: «Сынчым, буларга эмне дейсиң? дегенде, Толубай тек гана:«Тулпар эмес» дегендей башын чайкаган дейт. Шаардан жылкы койбой айдатып өтүптүр, бирок сынчыга жакпайт.

Акыры хан:

Эми кимдин аты калды? – дегенде, вазирлери:

Баягы бир кедейдин заң ташыган Чаар жаманы калды дептир.

Апкелгиле аны да! – деген соң, жигиттери айласы жок ошо жаман Чаарды апкелишет.

Хандын алдынан эшек кейиптүү, кырк жеринде жоору бар, араң басып жаман Чаар өткөндө, Толубай кубанганына чыдабай:

«Ханым, мына тулпар!» дейт.

Хан ачуусуна чыдабай: «Меии шылдын кылган наадандын көзүн ой!» деп буйрук берет.

Желдеттер келип Толубайдын көзүн оюп салышат. Анда Толубай көзүн басып туруп:

«Ханым, жарлыгыңыз бир, бирок көз кунуна ушу Чаарды бериңиз деп сураганда, хан «Алсын» деген белгини берип, өзү ары карап кеткен дейт.

Толубай жаман Чаарды жетелеп алып кемпирине барып, алиги Чаарды кырк бир күн жер алдына баккының дейт. Өлчөөсү менен жем, убагы менен суу берип, кырк бир күн болот дегенде, алдына кемпирин мингизип, артына өзү учкашып талаага чыккан экен.

Ошондо баягы хан сейилдеп келе жатканын билип, кемпирине хандын алдына атын тарттырып, ханга:

«Э, ханым, баягы жаман Чаарга жигит болсоң жетип ал!» деп аттын башын коё берген дейт.

Хан ызасына чыдабай, сан жигити менен кууп жетпептир. Хандын тулпарлары ошол замат эле караандабай калыптыр.

Толубайлар бир күндүк жерге кеткенде алда кайдан (артынан) бир аттын дүбүртү угулуптур.

Толубай:

Кандай ат экен?

Керчунак деген тулпар окшойт – деп кемпири жооп бергенде:

Аны кудай ала койсун, жука мээ арам көрүндү эле, күнгө тарт – дептир.

Кемпири күн жакка салганда, Керчунактын мээсине күн өтүп алда кайда кала берген дейт.

Экинчи күн өткөндө, дагы бир дүбүрт чыгат. Толубай биле коюп:

Бул кайсы экен? – дегенде, кемпири:

Керкашка деген тулпар окшойт – дээр замат:

Аны кудай ала койсун, жука туяк неме көрүнгөн эле, таштакка сал – дейт.

Керкашка бир аз эпкиндеп келип эле ташыркап жүрбөй калат. Булар үч күндүк жерге жеткенде, таң алдында жана бир укмуш-туу аттын дубүртү чыгат. Толубай:

– Бул кайсы экен? – дегенде, кемпири карай салып:

– Телкызыл деген тулпар окшойт – дегенде, Толубай: «Анык тулпардын бири ушул Телкызыл көрүндү эле. Өзү үч асый гана жашы бар, сырт жагында айыбы жок. Бирок буга мактоо жарашпайт. Бардык жагы келишкен менен мактоо көтөрө албайт. Аттын башын тике маңдайга тарт, мактоо салайын» дейт. Кемпири аттын башын бурар замат, Толубай:

Ай, жаныбарым ай, сендей да тулпар туулат экен ээ, сының не, сымбатың не, көркүң не, көркөмүң не. Жарыктыктын чуркашы ай. Пай-пай-пай дегенде Телкызыл мактоону көтөрө албай алда кайда кала бериптир. Телкызылды минген хандын өзү экенин билип:

Ханым, эч жеринен айыбы жок тулпар тап дегениңди эки кылбай таап бердим эле, биле албадың. Тулпар кадыры менен сынчы кадырын билмек кайда! Шерт мойнуңда, кайыр эми – деп, Толубай аттын

оозун коё берген экен. Акыры анын тулпары жерди бүт айланып, жердин кырынан ашып, бир деңизге түшүп өлгөн экен дейт.

### Токтогул ырчы

*Инв. №524(5116) 2 дептер*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Чыңгыз хандан кийин биз турган Орто Азия жерине Аксак Темир деген өтө каардуу хан бийликке келет. Мына ошол мезгилде кыргыз арасынан Толубай сынчы, Токтогул ырчы деген элге кадыры өткөн чындык үчүн чыркырап күйгөн даанышмандар чыгат экен.

Толубай сынчы кичинесинен эле ар бир нерсени туура баалап, ал айткан сын бардык тарабынан туура келип, акылман сынчы катары кадыр-баркка ээ болсо, Токтогул ырчы көргөн-билгенин жөн гана жамакташтырып ырдап койбостон, жергиликтүү бийликтин ээси болуп турган Жаныбек хандын кемчилдиктерин көзүнө көрсөтүп, элдин таламын талашып турат.

Токтогулдун сөздөрүнүн калпы жок, дайыма туура болгондуктан эл аны жакшы көрүп, кадырлап турушат. Анын ырынан элге калыстык кылбаган байлар коркот.

Бирок, ошол мезгилде кыргыздар ич ара бирикпей, аларды Аксак Темир басып алат. Аксак Темир элди мусулманчылыкка өткөрүүгө аракет кылат. Токтогул Аксак Темирдин мындай саясатына каршы чыгат да, кыргыз элинин башын бириктирип өз алдынча мамлекет болуусун каалап, «Манасты» айылдан-айыл кыдырып айта баштайт. Өзгөчө «Манас» айтканда ал Манастын кыргыз журтунун башын бириктирип турган саптарын айрыкча айтчу экен. Манас бабасынын эрдиктерин уккан эл ичинде эр-азаматтар Аксак Темирге каршы кол курап көтө-

рүлүш чыгарат. Аксак Темир эл ичинен чыккан баатырларды бат эле басып коём деп ойлогон, бирок күн өткөн сайын алардын катарын башкалар толуктап, Аксак Темирдин жоокерлери да бир топ кыргынга учурайт. Анан Аксак Темир кыргыздар мындай күчтү кайдан алып жатканын иликтей баштайт. Акыры алардын башын бириктирип, элдин эркиндикке шыктандырып жаткан «Манас» экендигин табышат да айыл кыдырып «Манасты» айтып жүргөн Токтогул ырчыны кармап келишип, аны ордо ырчысы бол дешет. Бирок, буга Токтогул ырчы болбой коет, ошондо анын жеңилгис душман экендигин билген Аксак Темир Токтогулду дарга астырат.

Ош күндөн бери «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген ылакап кеп жашап жүрөт.

### Токтогул ырчынын баласы

*Инв.№524(5116*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Илгери жоокерчилик замандагы бир салгылашта Токтогул ырчынын баласы колго түшүп кетет. Колго түшкөндөрдү ар кайсы байга малай кылып койгон экен. Ал да күндөрдүн биринде отун алып жүрүп, бир аттын куураган башын таап алат да, аны кучактап алып: «Тулпар туруп кор болуп, талаада жатчу сен белең, сынчы туруп кор болуп, куурай терчү мен белем!» деп ыйлап отурганын бир киши көрүп, уккан сөздөрүн канга айтып барат экен.

«Ошол жигитти алып келгиле» деп кан дароо эки жигитин чаптырат. Бала келгенде: «Сен тулпар тааныйсыңбы?» деп сурайт. «Башын тааныган, өзүн таанybайт дейсиңби» деп жооп берет бала. «Мага тулпар тандап бер!» дейт балага. «Жигит кошуп бер, таап берейин» деп бала да макул болот.

Кан баланы аттап-тондоп, жанына эки жигитти кошуп берип, эл аралатып жиберет. Бала издеген

тулпарын кандын шаарынан таппай, Сары-Арканын жайлоосун көздөй жол тартат. Жүрүп отурушуп бир агын сууга кез келишип, бала агын сууда агып бараткан аттын тезегин эңип алып: «Ушул тулпардын тезеги, суунун башында тулпар бар экен» деп суу бойлоп жөнөшөт. Жигиттер тигинден: «Кантип билдиң?» деп сурашат. «Ушунча ташка тийип, сууга агып келе жатып жарылбаптыр. Ушунуда билбеген киши болобу?» дейт таң калып.

Суунун башына барышса бир топ кербендер өргүп жатыптыр. Коптундун жанында аркасын чом кескен жоор ат оттоп туруптур. Бала аны көрө сала сүйүнүп: «Ушул атты сатып алгыла, анык тулпар экен» дейт. «Ушу кантип тулпар болсун, албайбыз» деп кандын жигиттери болбоду эле: «Тапкан тулпарымды алышкан жок», деп канга айтам. Кандан корккон жигиттер атты сатып алып, канга жетелеп келип берди.

– Тулпарыңды таапсың, эми муну ким таптайт? – деп сурайт кан.

– Тулпарды тапкан киши таптайт, - деп жооп берет бала.

– Таптасаң тапта, табы бүткөндөн кийин мага айт, – деди кан. Бала макул болуп, тулпарды таптап табына келтирди.

– Каным, тулпарыңыз табына келди, эми той кылыңыз, – деп канга тулпарды көрсөттү. Кан макул болуп той өткөрмөк болду.

– Тулпарды тойдо ким чабат? – деп сурады кан.

– Мен өзүм чабамын, каным, – деп жооп берди бала. Аттарды чубатууга салганда бала канга келип: «Тулпардын жемин билесизби?» деп сурады. «Жок, билбейм» деди кан. «Билбесеңиз, тулпардын жеми куржундун эки көзү толтура майга жуурулган боорсок», деди. Кан айтканын даярдатып койду. Чубатууга салган аттар кайрылып келгенде бала: «Кана, каным, азык», деди. Кан куржунду алдырып берди. Бала куржунду ээрдин кашына коюп туруп: «Тул-

парды минген турчубу, тууганга жетпей тынчубу, кош, каным!» деп чу койгон экен.

Жигиттердин баары чабылуучу аттарга минип, жабыла кууп калды. Ошонун ичинен бир байтал минген киши кууп келип, такымдап калганда бала кайрылып туруп: «Канга салам айтып кой, жылкысынын ичинде Туучунак деген бар, бир жетсе мага ошол гана жетмек. Ошону жакшы таптатып алсын» деп караанын үзөт.

Биртууганынын келе жатканын Токтогулдун кызы билип: «Алыс жерден кызыган тулпардын дүбүртү угулат, жылдызым келе жатат дейм» деп атасына айтты. Чал-кемпир эл-журтка кабар берип, жолго жети катар жибек аркан тарттырып, алдына жууркан салдырып тосуп турду. Кызып калган тулпар Токтогулдун айлына жетип, баланын тизгин тартканына ээ бербей, баягы катар-катар тарттырып койгон жибек аркандын алты катарын үзүп өтүп, жетинчисине барып токтоду

Ошондо Токтогул ырчы саяпкер баласына: «Атты таап минген экенсиң, бирок келер жериңе өлчөп таптасаң болмок!» деп айткан дейт. Туткундан бошоп, эл-жерине келген баласына чоң той берип, жыргалчылыкта жашап калышыптыр.

### Жаныбек хан менен Жейренче чечен

*Айтып берген: Курбан Кайназар уулу*
*1899-ж.т. Аксы Кара-Суу*

Бир заманда Жаныбек деген хан, Жейренче чечен деген болгон. Жаныбек хан менен Жейренче чечен бир күнү атчан бир жакка кетип баратса, камгакты шамал учуруп кетет. Жейренче чеченге Жаныбек хан:

– Тээтиги камгактан барып сурап кел! Каякка шашып барат? – деген экен.

Шамал учуруп бараткан камгактан:

– Жаныбек хан жиберди, сен каякка шашып баратасың? – дейт.

– Менин желгенимди бир гана жел, жатканымды бир гана кокту билет. Менден кеп сура деген каның акмакпы, же сен акмаксыңбы? – дептир камгак.

Кайтып келип, канга ушул кепти айтыптыр. Кан унчукпай тим болгон экен.

* * *

Экөө келатып, кара сууга чыккан камышка кез болот. Жейренче чечен:

– Быйыл жамгыр болбой, камыш өспөй калыптыр – дейт.

– Ыя, акмак ай, түбүндө кара суу агып жатса, жамгырдын эмне кереги бар? – деп, ачуусу келиптир кандын.

– Жок, андай эмес, жамгыр болбосо камыш өспөй калат, түбүндө суу болгон менен, – дейт экен.

Андан бери, ат суу иче турган кечмеликке келгенде Жейренче чечен атынын башын тартып, төрт буту суудa турса, атынын башын коё бербей коюптур.

Кан:

– Атыңды коё бербейсиңби, суудан ичсин, – дейт.

– Жана, камыштын түбүндө суу жатат, ошондон ичип өсөт дебедиң беле. Сөзүңүз оозуңузда дептир.

*Буудайбек Сабыр уулунан. 157-158-б.*

## Табышмактуу куйкум сөздөр

*Инв.№704(5342) 4-дептер, 95-97-б.*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев*
*24.04.1980*

1. Адамдын көзү тойбой, өзү тойбойт.

Чечмеси: үйүңө конок келсе, дасторконуңду жайкалтып кой. Мейманыңды көзү да тоёт, өзү да тоёт.

2. жатып ичээр болсоң Ташкенге бар.

Чечмеси: Илгери Ташкен шаарында жашаган эл бейтааныш адамды үйлөрүнө кондурчу (түнөтчү) эмес экен. Бир күнү бир аксакал киши үйүндө да, талаада

да иштебей солпунсур болуп басып жүргөн бир жигитти: «Эй, балам, сен жатып ичээр болсоң Ташкенге баргын»,- дейт Жатып ичээр, жан жыргатаар жер болсо, барамын дейт да ал жалкоо жигит Ташкен шаарына кетет, шаарга барат, эч кимди таанабайт. Көчөдөн ары-бери өткөн түрдүү адамдар, чайканада, ашканада түрдүү-түрдүү калк. Ошентип ал шаарда бир жума жүрөт, жанында акчасы калбайт, курсагы ачат, оокат алып ичейин десе бир тыйыны жок, алы-күчү кетип шайы кетет. Ал шаардан элетке чыгат, бир дыйканга жолугуп өзүнүн алы-жайын айтат. Ал дыйкан жигитке тамак берип курсагын тойгузат, эми сен бекер турбагын, менин үч дүмүрүм бар, ошол дүмүрлөрдү казып жерди бошотуп бергин дейт. Ал жигит араң казып чыгарат, экинчи дүмүрүн дагы араң чыгарат, үчүнчү дүмүрдү каза баштайт, алы кетет, чарчайт, дыйкандын аялы жигитке чай. Нан жана башка оокат алып келет. Кыймылдарга шайы жок ал жигит тамакты олтуруп ичүүгө жарабай кыйшайып кырынан жатып ичет. Ошондо ал жигит баягы аксакал кишинин «Жатып ичсең Ташкенге баргын» дегени ушул турбайбы, ошондо түшүнгөн экен.

### Кыргыздын кебете-кешпири, мүнөз, кыял-жоругу

*Инв.№117. 73-б.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Ат-Башы. 1944-ж.*

Кыргыз тоо арасында таза абада, тунук суу ичип, эт-майдын көзүндө болуп, эч бир санаа ойлобой, өзүнчө жаткандыктан бедени кубаттуу, кандуу, ыраңы кызыл, көзү ыраакты көрөгөч, чач-сакалы кылчык жүндүү, сакал-мурут, чачынан башка түгү жок монгол түспөлдүү эл.

**Кыргыздын мүнөз, кыял-жоругу**. Кыргыз бир эшиткен сөздү унутпай жүргөн. Эпчил. Кандай чоочун улут болбосун тез ыкташкан, жумшак сөз менен

жакындаша турган, сөздү капыстан таба турган, эпчилидик менен иш кылган. Боорукер, кандай жагалап келсе, анан барлык иштерин кечип жиберип, достошо турган, коркпогон эл. Иштерин тобокелге салган, бирок тез ачууланган, намыстуу, жүйөөкеч, жүйөлүү сөзгө тез көнө тургандар.

### Казак менен кыргыз

*Инв.№394. 92-93-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнц. 1947-ж.*

Казак менен кыргыз экөө туушкан болуп төрт түлүк малды бирге күтөт. Эки туушкан энчи бөлүүгө келгенде чырлашып, кыргыз кымыз быша турган бишкекти ала качып кетип, кара сабаа көрөңгө казакта калгандыктан оболтон акырга толкуган байлыкта калат. Кыргыз куу бишкекти алгандыктан казакка караганда кедей болгон экен. «Кара сабаа көрөңгө казакта калган турбайбы, куу бишкекти ала качкан турбайбы» деп карылардын оозунда бар.

### Бишкек баатыр

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Илгери Бишкек деген баатыр киши чыгыптыр. Жылдардын биринде эл талаадан тоого Аламүдүндүн Чуңкурчак деген жайлоосуна көчүп барганда Бишкек келте оорусу менен ооруп калат. «Келте» менен «чечек» оорусунан эл жугуштуу деп абдан коркчу экен. Бишкекти үй-бүлөсү менен Чуңкурчак жайлоосуна жалгыз үй калтырып, жамаатташ конгон эл жайлоого көчө качып кетет. Бишкек оорусунан өлмөк болорун билгенде:

«Балдарым! Бишкек деген ат өз керт башыма, эрдигиме гана таандык. Алдуу, күчтүү кезимде

эрдигиме, балбандыгыма таянып, эл билген, журт башкарган билермандар, байлар, манаптар мени караан-жоро кылып урматтап-сыйлап өздөрүнө жакын алып жүрүштү. Мурда караанымдан айланып чуркашып, тирек кылган бир дагы байдын, манаптын үстүмө келип көңүлүмдү сураганын көрбөдүм. Алар менин оорумдан коркушуп, журтка жалгыз калтырып көчө качып кетишти. Армандуу дүйнө деген мына ушундай экен, балдар. Эми мен, жарык дүйнө менен, силер менен, эл-журтум, жашыл жайлоо, таза аба, тунук булак, күндүн нурдуу шооласы менен түбөлүккө коштошомун. Бирок менин сөөгүмдү Чуңкурчак жайлоосуна, тоо-таштын арасына жалгыз бейит кылып калтырбагыла. Сөөгүмдү Аламүдүндүн суусунун боюна, кара жолдун түндүк жагындагы жээктеги дөбөгө алып барып койгула. Ал жерде да эч көрүстөн жок. Бирок, жыл бою Анжыян, Ташкен тараптан Токмок жана Ысык-Көлдү карай тынымсыз жүрүп турган жүргүнчүлөрдүн караанын мени жалгызсыратпайт. Колунардан келсе бир жылдан кийин күмбөз тургузуп койгула» деп Бишкек керээзин айтып дүйнөдөн кайтат.

Балдары атасынын айтканын айткандай аткарышат, сөөгүн Аламүдүн суусунун боюна кара жолдун алдындагы дөбөгө коюшат. Бир жыл өткөндөн кийин Бишкектин беш уулу атасына күмбөз тургузушат.

Өткөндөр ал жерге токтоп, куран окуйт. Соодагерлер кербен сарай салышып, чайкана ачышат. Ар улуттун өкүлдөрү отурукташа башташат. «Бишкекте түнөдүк, Бишкектен жөнөдүк» деп жүрүп, ал жер Бишкек деп аталып кетет.

Ошентип, жылдан жыл өткөн сайын ал жер чоң шаарга айланат. Кийин ал шаар республиканын борбору болуп, Бишкек шаары деп аталып калат.

Бишкектин беш уулунан тарагандар ушул күндө отуздай үй-бүлөнү түзөт. Алар Сокулук районунун Чаткөл айыл өкмөтүнө караштуу Түз деген айылда турушат.

### Балыкооздун сөзү

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Байтик: «Балыкооз, токсонго чыктың, бул дүйнөгө арманың жок» деген экен. Анда Балыкооз-Бекмурат бул дүйнөгө арманым бар, Манасты он эки жашымдан баштап айта баштадым эле, бирок, ушул жашка келгенче Манастын аягына чыкканым жок, толук айтып бүтпөдүм деген экен. Балыкооз-Бекмурат токсонго чыгып, токсон жашында дүйнөдөн кайтат.

### Көкөтөйдүн сөзүнөн

*Инв.№394. 113-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Ат-Башынын Сары-Коосунда бир ат чабыш болуп Тынымсейит менен аты байгеге талаш кирип, «сеники чыкты, меники чыкты» болгондо, кай бирөөлөр айтышат: «Ат токтогон жерде Чоко бар го, ошол анык көрдү, Чокодон сурайлы» дешти. Анда Көкөтөй айтат: «Арабанын түбүндө итче көлөкө талашып жаткан Чоко кайдан көрөт, бирге чаап келе жактан мен көрбөгөндө!» дегенде, Чоко да айтат: «Мен көрбөдүм. Кыргыздын чырларын билбейм» деп. Көкөтөйдүн сөзү туура болуп байгени тынымсейит (уруусу – *ред.*) алат.

### Шабдандын дубанага ат бериши

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Шабдандын уулу Самүдүнгө Тынай уруусунан чыккан Мамбетаалы анын кызын келин кылып алуу

үчүн куда болот. Мамбетаалы орусча окуган, элине кадырлуу киши болгон. Ошондуктан Мамбетаалыга байлар бир аттан жардам берген. Мамбеталы бир жүз атты отуз кишиге айдатып барып куда түшөт. Самүдүн бүтүн кудаларын чайлантат. Ал кишилер чайланып эшикке чыгышса жүз аттан бир ат калбай калган, Шабдандын эли бирден-бирден жетелеп кетишкен. Ошондо бир дубана Шабданга баатыр, мага эчтеке калбай калды, аттардан бири да жок дейт. Шабдан бастырмадагы атты бир жигитине алдырат да Думанага кармата берет. Думана адам жанына баралбаган келишкен сулуу сары кашка атты жип менен мойнунан жетелеп кете берген. Сары кашка атты көргөндөр анын жакшы ат болгонуна суктанышкан.

## Шамен менен Кожобек

*Инв.№394*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Сарыбагыш уруусунан кадимки сегизбегинин бири болгон Куттуксейиттин уулу эң кадырман жана бекчылардан болгон. Кыргыз оруска караганга чейин бири биринен акы алышуу болгон. 1880-жылы Ат-Башы токоюнда чоң топ болот. Ошол топто Шамен Кожобекти кээрдейт. Кожобек Карымшактын уулу. Ат-Башыдагы Эсенгул эли мурун Чүйдү жердеп турса, 1875-жылдарда Ат-Башыга көчүп келип орундашат. Чүйдөн келген кезде эң кедей болгондуктан жайдыр-кыштыр кийиз чокой буттарынан түшпөгөн. Ошондуктан чериктер сарыбагыштын элин «кийиз өтүктөр» деген. Топто уруу баштыктары беттешкенде Шамен манап оолугуп чериктерге карап: «Ээ, кудайдан жеткен черикке бизди маскаралаганды ким койду? Ниязбектин сегизбегинин эң кенжеси болгон, баарыбыздын чоң үйүбүз болгон Ырыскулбектин элин «кийиз өтүк сарыбагыш»

деп атап алыптыр. Түлкү ийинин карап үрсө котур болот деген сөз бар го. Сарыбагыш деген эл алты олоңдуу куюшканы кабат эл го. Черик бир ууч эле эл эмеспи. Черик алында көөп, буларга ат койгонду ким койду экен?» Шамендин сөзүнө Кожобек жооп кайтарат: «Шамен, сен кандай айтасың? Ала кушту атынан чакырат. Жеке өтүк кийгенди жүйүк, көн өтүк кийгенди көн өтүктүү дейт. Туугандарыңдын кийиз өтүгүн бутунан түшүрүп булгаары кийгизсең боло, намыс кылар болсоң! Аз тукумду көп тукум кырып салганды Адам-ата, Обо-энеден бери болгон бекен. Көптүгүңдү кимге милдет кыласың. Эчки эгизди, ит сегизди тууйт, жолборс бирди тууса да миң иттин жолун бууйт» дейт. Шамендин оозу таш капкандай болот.

## Домонун кызы

Илгери мүнүшкөр Домо дегенден бир кыз калат. Ал өмүрүндө эркек бала көрбөйт. Көзү тирүүсүндө кызын күйөөгө берет. Кыз оокаттуу жерге барат. Күйөөсү куш салып, ит агытууну жакшы көрбөгөн жөнөкөй адам болот. Арадан көп жылдар өтөт. Бир күнү иттин үргөнүнөн улам кайнатасы: «Балам, сыртка чыкчы, ит үрөт, бирөөлөр келди көрүнөт, ким болду экен?» дейт. Келини эшикке чыгып, анан кайра кирип: «Үч бүркүтчү экен: бирөө сүйүнүп, бирөө өкүнүп, бирөө күйүнүп келатат» дейт келин.

Анда кайнатасы: «Ал эмне дегениң, балам?» дейт. Келини сөзүн чече сүйлөп: «Үч бүркүтчү келе жатат: Сүйүнгөнү бүркүтүнө түлкү алдырыптыр, өкүнгөнү чала-була бирдеме алдырган көрүнөт, күйүнгөнү кур кайткан окшойт» дептир.

Аңгыча бүркүтчүлөр келишип, ат алынып, казан асылып, мейман күтүлөт. Сөздөн сөз чыгып, кайнатасы тигилердин жайын сураса, дал эле келини айткандай болуп чыгат. Эртеси бүркүтчүлөр аттанар алдында Домонун кызы: «Ата, мен десеңиз ушу эч-

теме албаган бүркүттү сатып алыңыз» деп кыйнайт..

Кайнатасы келининин сөзүн кыя албай бүркүтчүгө барып: «Бүркүтүнүздү сатып кетиңиз» деп сурады эле: «Ой кокуй, сатып эмне кылам, тим эле алыңыз» деди. Кайнатасы келип келинине, бүркүтчүнүн кебин айтса, келини: «Жок ата, ал калыстык болбос бекер алсак, ээсине убал болоор. Бул бүркүттүн эң төмөнкү баасы бир айгыр үйүр жылкы болот, ошону алсын да, бүркүтүн берсин» дейт келин. Кайнатасы өзүнчө капа болуп, антсе да келининин көңүлүн кыя албай, бүркүттүн ээсине жогорку шартты айтты эле, тиги киши: «Сиз эмне, шылдың кылып жатасызбы? Мунуңуз жарашпаган сөз, жөн эле алып калыңыз. Бир айгыр үйрү жылкы деген оңой эмес» деп жаа бою түйүлөт. Акыры келиндин кайнатасы болбой жатып, бир айгыр үйүр жылкыны айдап берип, баягы эчтеке албаган бүркүттү алып калат.

Бүркүттүн ээси кубанып жолго түшөт. «Балам, бул бүркүттүн өнөрү кайсы? Мунуңдан пайда болобу?» деп сураганда Анда Домонун кызы: «Ата, бул «төө комдот» деген бүркүт дейт. Кайын атасы келиндин айтканы менен баягы кушту тапка сала баштайт. Көрсө бүркүт тапталып, биринчи салганда эле каман алган экен. Ошондо балалык кылып, камандын жал кылын бүкүлү жеп, көкүрөгүнө кийиз болуп туруп калыптыр. Эми мезгил өткөрбөй бир ак боз бээни союңуз да, ошонун казысынан биринчи күнү табак ордундай, экинчи күнү чынынын ордундай, үчүнчү күнү андан кичирээк казы сугунтуңуз. Ошондо көкүрөгү жибийт да, катып калган кылды кусат. Өнөрүн андан ары көрө жатарсыз» дейт келини.

Кайнатасы келининин айтканын жасап, ак боз бээнин казысынан үч жолу сугунтканда, бүркүт камандын жалын кусуптур. Ошондо Домонун кызы: «Ата, эми бүркүтүңүздү аңчылыкка алып чыга берсеңиз болот. «Төө комдот» деген бүркүт. Муну салганда төөнү комдой бериш керек. Ал ар күнү арбытып алат... Ал бүркүттүн шерти болот. Ошон-

дуктан ар салган сайын киши улам көбөйүп, арбын барсын. Бүгүн бешөө чыкса, эртең он, бүрсүгүнү он беш киши, анан отуз, кырк болуп, арбып отурсун» дейт экен келин.

Келиндин күйөөсү эртеси жанына бир топ жолдош алып, бүркүттү салган экен, көзүнө көрүнгөндүн баарын алыптыр. Ошондон тарта бүркүт күнүгө алтымыш, жетимиштен карышкыр, түлкү, кулжа, теке алат. «Төө комдот» бир жума өтпөй эле, ээсин дүнүйө батырат. Не бир сүлкүлдөгөн сүлөөсүндөр батпай кетет. Домонун кызынын күйөөсүнүн баркы көтөрүлөт, эл оозуна алынып макталат. Күйөөсү күндөрдүн биринде «аял деген оозуна келгенди сүйлөй берет, анча көп кишини олжого орток кылбай эле, төрт-беш киши менен чыксам кудай алабы», дейт да, аз киши менен жөнөп кетет. Кечке жуук Домонун кызы эшикте кир жууп отурса, бүркүт келип туурдукка отуруп калат. Келин бүркүттү көрө коюп: «Атаны кокуй ай-йе, болбой калган турбайбы. Ата, бүгүн уулуңуз канча киши менен кетти эле?» деп атасынан сурады эле, кайнатасы: «Төрт-беш киши менен кетип баратса керек эле» деди. «Айтпадым беле, олда кокуй ай-йе, бешөөнү тең алган турбайбы. Тезирээк киши чаптырыңыз» дейт да, бүркүттү алып, ортоңку салаасын балта менен кыя чаап: «Кош жаныбарым, шартың ушул эмес беле?» деп учуруп жиберген экен.

Карыя жиберген кишилер барып карашса, бүркүт бешөөнү бирдей алып, боор этин оё жеп, калганын тим койгон экен дейт. Кыргыз баласында Домонун кызындай кушка тилмер саятчы, укмуштуу жан чыккан эмес дешет. Ошондон улам уламышты Домонун өзү көп оозго алынбай, Домонун жалгыз кызы сөз болуп калыптыр.

## Шергазы саяпкер

Саяпкер деп күлүк таптаганды айтат. Кыргыз элинде (Чүй тарапта) Шергазы деген саяпкер чыгып-

тыр. Ал кадимки эл оозунда айтылуу Керкашка ат деген күлүктү таптоочу экен. Өз өмүрүндө Керкашка атты астына салбаптыр. Кийин карып калган учурунда Байтиктин ашына (өз элине) чапмак болот. Алты дубандан ат келет. Ошондо казактан бир ашкан күлүк келет. Шергазы ошол казактын саяпкери жаткан үйгө тыңчы койдурат: «Булар эмне деп сүйлөшөр экен» деп, алиги койгон тыңчысы кеңкелес киши болумуш этип от жагып олтурса, казактын саяпкери; «Чиркин ай, Керкашканын саяпкери укмуштуу неме экен, атта айып жок, табында. Бирок карып калган экен, туягын саал кырып койсо бул жолу да чыгат» деп сүйлөптүр.

Шергазы муну угар замат: «Атаң көрү, айтса-айтпаса төгүнбү» деп Керкашканын туягын кырып коюптур. Байтиктин ашында, ошол Керкашка айткандай эле биринчи болуп келиптир.

## ТУРМУШТУК АҢЫЗ

### Майнеке

*Инв.№647(5285)*
*3-дептер 40-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Илгери Майнеке деген бирөө жашаган экен. Ал киши эки аяктуу адамдын эң начары, эң начары, эң жаманы болгон. Ал кишинин катыны да өзүнө окшогон келесоо киши болгон. Ошол кездн эки киши ишти же бир сөздү талашып калса, ошол маселе боюнча бири-бирине ишениспесе анда экөөнүн бири актануу үчүн Майнеке болоюн деп карганат, кээде Майнекенин баш катыны болоюн деп да карганып жиберишет. Ошол карганыш менен бул киши бул ак экен деп ишенип калат. Кээ бир киши Майнеке болоюн деп карганчы деп атайын тигини каргантат. Ошол кездерде Майнеке болоюн деп каргануу эл үчүн чоң ишеним болгон.

### Жыландын уусу, төөнүн сүтү, кууураган чөп

Тээ илгери бир байдын кулу болгон экен. Анын эч жамандыгы, терс кыялы жок, мүнөзү жакшы болуптур, жумшаса илгиртпей чуркап турчу экен. Бай кулуна аял алып берип коёт. Жумуштун оордугуна чыдай албай ооруп калат. Бай: «Жакшы бала болчу» деп табыпка көрсөтөт. Анда табып: «Жыландын уусу, төөнүн сүтү, шейит өлгөн адамдын мүрзөсүнүн үстүнө чыккан чөп дары» дептир.

«Оо, куураган кулга мындай керемет, касиеттүү дарыларды ким кайдан издеп, таап бермек эле» деп бай кулду жатакка таштап, өзү жайлоого көчүп кетиптир. Баягы кулдун оорусу күчөптүр. Кул өлөрүнө көзү жетип, аялын төркүнүнө коё бериптир.

Ошол мезгилде түндүктөн жылан түшүп, ууктан-уукка оролуп калат. Аял аны байкабай кетип калат. Бир оокумда эшиктен дабыш чыгат:

– Үйдөн эшикке чыга турган адам жок, өзүм ооруп төшөктө жатам, - дейт кул. Чоочун адам кирип келип:

– Алыстан жол сапарын улап келе жатам, дагы баса турган жол узак. Ботосу үйдө калып, минген төөнүн желини ооруп калды. Саап таштап кетем сүтүн, көнөчөк барбы, – дептир.

– Көнөчөктү өзүң издеп таап алгын, – дейт кул. Жолоочу төөнү өзү саап, кулдун тушуна коюп, жол сапарын улаптыр. Уукка оролгон баягы жылан түшүп баягы сүттөн ичип, уусун таштайт. Кул эптеп башын көтөрүп ичи көңдөй куураган чөп таап, бир учун көнөчөккө салып сүттөн соруп ичет.

Кайра башы жаздыкка кулайт. Ошентип канча күн, канча түн уктаганын өзү билбей калат. Ойгонсо көл-шал. Алды бүт суу. Бутун тартып сунса сопсоо. Кыймылдагандан заарканат. Кыймыл кирип, өзү соо. Эч жери мурункудай болуп оорубайт.

«Оо, кудай!» деп Кудайга жалынып-жалбарат. Ооруган жери бүт басылып, күндөн-күнгө сакайып жакшы болуп калат. Көрсө төөнүн сүтүн жылан ичип, уусун таштаптыр. Шейит өлгөн адамдын мүрзөсүнүн үстүнө тигилген экен кулдун үйү. Жыландын уусу, төөнүн сүтү, өлгөн адамдын мүрзөсүнүн үстүнө чыккан, бирок куурап калган чөп, айыгаар оорунун дарысы өзү келет дегендей, баягы табыптын айткан керемет касиетүү дарысы чын болуп чыгат.

Аялы кайрылып үйүнө келсе Эшиктин алдындагы караанды көрүп, күйөөм өлүп калган экен деп чоочуйт. Ыйлап олтургандан пайда жок, шаан-шөкөттөп

мени ким алып кетет деп кайраттанып басып келсе күйөөсү өлбөй типтирүү жүрүптүр.

## Көчмамбет молдо

*Айтып берген Токтосунов Төлөмүш 61 жашта*
*Жазып алган Нарынбаева Нуржан*
*Жумгал өрөөнү. Кызарт айылы 21-июнь 2003*

Ушу Кызартта Көчмамбет молдо деген болчу. Силер деле угуп калгандырсыңар, Көчмолдо деп койчу эл. (Жеңем: «Ооба, апам (кайын энесин, менин тай эжемди айтып жатат) мени дагы алып барып дем салдырган)». Төлөмүш ага: Ошо кишинин сууну уюта окуганын аскерден келген кезде өз көзүм менен көргөмүн. Келсем агам төшөктө экен. Эмне болуп ооруганына деле анча назар салбадым, жаш кез, аскерден жаңы келсем... Анан Көчмолдону алдырды атамдар. Күнү-түнү окуду. Астына чоң кесеге суу койдуруп алып. Силерге төгүн, мага чын, өз көзүм менен көрдүм: кадимки эле кара суу киселдей (орустун алмадан кайнаткан суусундугу – Н.Н.) болуп килкилдеп уюп калат экен. Агам ошол Көчмолдо окуган суудан ичип айыкты.

Жакында эле көзү өттү го, бир канча эле жыл болду. Азыр жаткан кабыры (мүрзөсү) табылбайт деп калышат. Өзүм атайы барып издеген эмесмин.

## Мээр чөп
(биринчи вариант)

Илгери бир хандын жалгыз кызы айыкпас дартка дуушар болот. Хан жарыя салып дарыгерлерди чакыртат. «Айыктара албасаңар башыңардан ажырайсыңар» дейт.

Ошондо бир кыйын дарыгер «Бир гана мээр чөптөн жасалган дары жардам бере алат» деген экен.

Хан жигиттерине үч күн мөөнөт берет. «Эгер таап келбесеңер башыңардан ажырайсыңар» дейт. Хандын жигиттери ары ойлонушуп, бери ойлонушуп, айласы кетип карыя аңчыга барышат. Иштин жайын түшүндүрүшөт. Карыя аңчы: «Бул чөптү табуунун бир гана жолу бар: сагызгандын балапанын таап келгиле» дейт.

Жигиттер сагызгандын балапанын таап келишет. Карыя аңчы балапандын бир канатын сындырат да жигиттерге берип, «Эми кайра ордуна алып баргыла. Сагызган балапанына келет, ошондо силер аттарыңарды суутуп даяр болгула, сагызган кайда учса ошол жакка барасыңар. Сагызган учуп олтуруп жалама аска-зоолорго барат, ошондо силер өтө кылдаттык кылып аңдышыңар керек, сагызган ошол аска-зоодон мээр чөптү таап, балапанына алып келет» дептир.

Хандын жигиттери баягы карыя аңчы айткандай кылышат, чын эле сагызган балапанынын жанында бир аз отуруп, учуп кетет. Жигиттер сагызгандан калбай жүрүп отуруп жалама аска-зоого жетишет. Жигиттер аярлап аңдып, баягы сагызган конгон жерди белгилешип, анчы айткан белгилер менен чөптү издеп табышат.

Ошентип чөп табылып, дарыгер дары жасап, хандын жалгыз кызын айыктырыптыр.

Сагызган болсо балапанына чөптү берип, канатын айыктырып чогуу учуруп кетиптир.

Илгертен элде:

«Миң дартка дабаа мээр чөптү, бир гана сагызган таба алат» деп айтылат.

### Мээр чөп
(экинчи вариант)

Бир кемпир бир жүз отуз жыл жашаган экен. Ошондо да түш жоруп, отун жагып, суу алып, кайраттуу олтурчу экен.

Балдары: «Энеке, сен кандайча минтип көп жашап калдың» деп сураса, энеси муну айткан экен:

Силердей бала кезимде отун алып жүрүп, бир тар капчыгайга кезиктим. Аябай чарчап, каным катты. Кай жерде суу бар экен деп өйдө жагымды карасам мөлтүрөгөн тунук булак агып турат. Жата калып ичип жатам, ичип жатам, дагы эле суусунум канбайт. Андай таттуу сууну көргөн эмесмин. Ичип болгон сон отунумду алып үйгө келдим. Кайра эртеси дагы баягы булактан суу ичейин деп барсам, ал булагым жок. Деги эле булак чыкчу жердей көрүнбөйт. Кийин эстесем, көрсө ошол мүрөк суу экен.

Ал чанда адамга жолугат дейт. Мен ошондон узак жашап калгам.

### Байчечекей

Илгери өткөн заманда короо-короо малы, өрүш бербеген жылкысы, сандыгына батпаган алтын-зери бар бир бай болуптур. Бай сексенге таяп калса да бала көрбөй, «баланын ыңаалаган үнүн укпай, бул жашоодон куу баш өтөмбү» деп кайгырып жүргөн мезгилде кебезден ак, айдан сулуу, гүлдөн назик, жалгыз чечекей кыздуу болот.

Мезгил өтөт кызы чулдурап сүйлөп, там-туң басып, атанын кайгыдан карып болгон жүрөгүн жашартып, жашына жаш кошуп, көңүлүн кушубак кылат. Күндөр айга, айлар жылга алмашып, кыз кол арага да жарап калат. «Кыз да болсо туяк» деп ата өзүн сооротот.

Бир күнү кыз талаадан ойноп келип эле, «башым» деп ооруп калат. Жеген тамагы аш болбой, төшөк тартып жатып калат. Тегеректеги табыптарды алдырат. Бирок, бири да кыздын оорусунун себебин билбей баштары катат. Айласы кеткен ата короо-короо малын, өрүш бербеген жылкысын, сандыкка батпаган алтын-зерин чачып, туш-тушка жарчы жайып, чабарман чаптырып, оорунун жайын билген табып издетет.

Келген шыпаакерлердин бирөө да сыркоонун сырын ача алышпай, келген жактарына тарай берет.

Амалы түгөнгөн бай: «Карыганда тапкан жалгыз чечекей баламан айрылат турбаймынбы, кудай!» деп ботодой боздойт.

Күндөр өтө берет, кыздын адам болбосу билинип, эл-журт камылгасын көрө баштайт. Ошол мезгилде кайдан-жайдан белгисиз бир жер кезген думана пайда болот.

Ал акырын кирип, кыздын тамырын кармап:

«Бактыңыз бар экен байым кызыңыздын үч күндүк гана өмүрү калган экен, улуу тоонун башында, калың карга карабай желегин жайган, сыздаган суукка туруштук берип өскөн, жаздын, жашоонун жышаанын берген бир кичинекей гана сары гүл бар, колуңуздан келсе ошону алдырыңыз, кызыңыздын дартына бир болсо ошол өмүр гүл гана даба болот» дейт.

Сүйүнгөн ата жигиттерди аттап-тондоп ошол улуу тоого жиберет. Жигиттер баягы кереметтүү сары гүлдү таап алып келишет. Табып аны кызга искетип, кайнатып берип, кыздын дартын тапка салып, кырк күн жанынан жылбай карайт. Кырк биринчи күн дегенде кыз төшөктөн туруп, сыртка өзү чыгып калат.

Ошондон кийин байдын жалгыз чечекейин өлүмдөн алып калган кереметтүү, бирок кичинекей гана сары гүлдү эл «байчечекей» атап калган.

## Жалбыз

Илгери Улукман дарыгердин Жалбыз деген жалгыз баласы болуптур. Баласы абдан акылдуу, зээндүү, өткүр болуп өсөт. Атасынын кубанычы койнуна батпай, баласына аябай ыраазы болот экен.

Улукман дарыгердин баласы ооруп калат. Оорусу күндөн-күнгө күчөйт. Улукман аке билген дарысынын баарын берет, бардык билген чөптөн дары жасап баласын дарылайт. Бирок баланын оорусу айыкпастан кайра күчөйт. Айласы кетет.

Бала акыры көз жумат. Күндөрдүн биринде Улукман аке чапанын желбегей жамынып, суунун

жээгинде отуруптур. Жээктен бир чоочун чөптү көрүп, акырын маки менен чөптү кесип алып, жээкке коюп, үстүнө макисин коюп коёт. Өзү колун жууп, жүзүн чайкап болуп, макисин алайын десе макисинин мизи карарып, чөпкө тийген жери эрип кетиптир. Ошондо Улукман аке:

«Атаңдын көрү ай, Жалбызым, Жалбызым, ушул чөптү билгенде, аман калмак экенсиң ай, жалгызым» деп буркурап ыйлаган экен.

Ошондон бери ошол чөптүн атын «Жалбыз» деп атап калышыптыр.

Жалбыздан көп сандаган дарылар жасалып, көп ооруга дары болуп пайдасы тийип келатат.

## Бейиштин мөмөсү

Илгери бир жалгыз уул амалкөй зайыбынын тилине кирип, карыган чакта энесин карабай коёт экен. Ошондо жаратkan периштесин жиберип ачкасынан алсырап жаткан кемпирдин оозуна бейиштин бир тоголок мөмөсүн салдырат имиш. Ажалы жетип күнү бүткүчө таңдайынан түшүрбөй соруп жата бериптир. Байбиченин таңдайында калган жемиштин уругунан кабырынын үстүнө көчөт өнүп чыгып, мөмө байлаптыр. Мүрзөдөгү дарактан бышкан жемиш ушундай сонун таттуу экен дейт. Ары өткөн-бери өткөн эл таңыркап, баягыдан ооз тийе берип, өлүк үстүндөгү жемиш бак бара-бара өрүк атыгып кетиптир дейт.

## Дарым, элдик ырым-жөрөлгө

Ушу жана мындан аркы маалымат
кыргыз жерин кыдырып
элдик казына-наркты жыйнаган
*Фиелструптун жазууларынан алынды*

**Чоң Кемин:**

Түлөө – курмандык чалуу, мисалы, кургакчылыкта кудайдан жаан тилөө. Мал союп, адегенде куран окуп (арабча) жаан тилешет. Андан кийин бышкан этти бөлүштүрүп, Кудайга эч нерсени калтырбай жешет.

Жер-Суу таюу – жайлоого чыгаарда жыл сайын курмандык чалуу. Ар түтүндөн – бир мал чыгарып, же бир нече түтүн биригип бир мал соёт. Эл суу жээктеп, жайык жерге чогулат. Малдын өңүнө маани берилбейт, бирок мүчөсүндө кемчилиги болбош керек. Эт бышырганга кемеге казышат. Ишти молдо же жөрөлгөнүн эрежесин жакшы билген уруунун карыясы башкарат. Эт бышкыча жаштар оюн-зоокко киришет. Майрамдоодо адатта күрөш жана башка оюндарын өткөрүп, ыр ырдашат, ж.б.

Бир кишинин эскерүүсүндө: апасы казанга жарма жасап жатып, бир кашык жарманы отко чачып, экинчисин – чамгаракка чачат, калган жарманы өзүлөрү ичишчү – аман-эсен, ден-соолукта, жакшы жашоодо жашайлы деп бата кылышат. Атайын дуба болгон эмес, тилек айтым же кара сөз менен айтылчу.

Жазында кулун торолуп, отуга баштаганда, эл бээ байлап кымыз ачытаардын алдында желе тартып, нан, каймак алып, аксакал карыяларды чакырып, үй ээлери желе башына барат. Аксакалдары кесеге айран куюп, желеге ак чачышат. Андан соң баары нан, каймак жеп, мал көбөйсүн деп бата кылышат. Үйүрдөгү кулундун баарысын энелеринен бөлүп айдап келип, желеге байлап, саан башталат. Алгачкы эки күн кымызды ичпей, көрөңгө топтойт. Эртеси айылды бүт чакырып, боз үйгө дасторкон жайып, тегерете отурган элдин колунда текши кесе болгудай кымыз куюшат. Коноктор кымыз ичип, үй ээлерине жакшы тилек айтып, кымыз мол болсун деп жаратканга жалынып, тарап кетишет.

Жер-Суу таюу жөрөлгөсүн өткөргөн соң дароо жайлоого көчүү башталат.

Үлүш – айылдын бай, малдуу кишилери элди сыйлайт, мындан кийин дароо көчүү керек эмес.

Жаңы үй салганда же жаңы боз үй көтөргөндө мал союп, элди үйдүн түлөөсүнө чакырып сыйлайт, ошондон кийин гана жаңы боз үйгө же үйгө киришет. Өргө көтөргөндө деле дал ушундай ырым жасалат. Жаңы конушта отту күнүмдүк жагып жүргөндөй эле тамызат.

(түркмөн-сайак)

Үлүштө желеге кымыз чачат.

Чинавай (Туурасы Чыныбай – ред.)

**Түлөө** – курмандык чалуу, төрт учурда жасалат: жер титирөөдөн кийин, кайталанбасын деп; эпидемия (жугуштуу оорунун абдан жайылып кетиши) учурунда; кургакчылык учурунда (жаанды тилеп); кырсыкка учураганда (аман калганына ыраазычылык билдирип) коркунучту жоюуда.

**Садага-түлөө** – үй бүлөнүн ичинен бирөө ооруп калганда, аксакалды чакырып, же үйдүн атасы бата окуп кой соёт. Түлөө-малдын этин бышырып, эл чакырып берет.

**Өпкө чабуу** – түлөөнүн бир түрү. Үй бүлө ичинен бирөө үйдөн соо-саламат аттанып кетип эле, сапардан ооруп кайтса, боз үйгө киргизбестен дароо эчки союп, терисин сыйырбай туруп, өпкөсүн сууруп алат. Жылуу өпкө менен башка, далыга, капталга, санга чабат. Андан кийин өпкөнү үйдөн алыс ыргытып жиберет, садагага чабылган улактын этин коңшусуна берет, үй-бүлө кишилери ал этти жегенге болбойт.

**Суу айлантып чачуу**. Алыс жолдон келген баласы жаман нерсени үйгө илээштирип ала келбесин деп, энеси кесеге суу куюп тосуп чыгат, кеседеги сууну башынан тегеретип, суугa түкүртүп, чачып жиберет. Чыныны оң колго кармап, колдун ичин карай үч ирет айлантуу керек.

*65-барча*

**Дамбыр таш** – эрте жазда алгачкы жолу күн күркүрөгөндө аялдар чаканы же көнөктү чөмүч менен ургулап, боз үйдү тегеренип, жыл жаанчыл,

чөп арбын, сүт мол болсун деп тилешет. Ушундай маалда жай мезгили башталат.

**Үлүш** – бээнин, кымыздын майрамы. Бул салтанатты айыл жалпы чогулуп өткөрөт. Топ-топ болуп, кээде мындай топко абдан көп эл жыйналат. Бээ байлабай, кымызы жоктор үлүш жасабайт. Суурулган казыктын чуңкуруна кымыз куйган. Калмактардан боштондук алгандан кийин бул салт унутулду. Үлүш өткөрүүнүн алдында кымызды көпкө топтоп, арбын чогултушат. Даам ооз тийгенден кийин, молдо арабча куран окуйт, анан баары алакан жайып бата кылган кезде ар ким өзү калоо-тилектерин кошумчалап айтат: мал-жан аман болсун, жылкы эсен болсун ж.б., мындай тиленүүнүн дуба сыяктуу атайын туруктуу формасы болбойт – катышып отургандар ар кимиси өз билгендей тилегин айта берет, кыргызча Кудайга жалпысы жалынат. Андан кийин – күрөш, мелдеш, оюн-зоок. Адатта үлүш баш оона же аяк оона айларында өткөрүлөт. Эл тегиз конуш алып, урук-туугандар жакын конгон убак тандалат.

Жер-Суу таюу жыл сайын өткөрүлөт, ал тургай кышында дагы, өзгөчө жайында, кургакчылык болуп баштаса. Ар кимиси өз алына жараша малын алып келип союп, өз казанына бышырган соң, баарын бир казанга чогултуп, топ-топ болуп чогулган элге тек-жаатына карабай бирдей таркатат. Жер-Суу таюу жөрөлгөсүн жер титирөөдөн кийин уюштурушат да, сөзсүз молдонун катышуусу зарыл болот. Башка учурда, жыл сайын өткөрүлүп жүргөн жөрөлгө боло турган болсо – молдосуз деле өткөрсө болот, ар бир адам өз билген тилегин айтып, кудайга жалынат. Мусулманча куран окугандан кийин, ар бирөө өзүнчө жаратканга, арбактарга кайрылып, эсенчилик, жакшылык сурашат.

Үлүштө кой союлат.

Жер-Суу таюу кырсык учурунда өткөрүлөт, араб кураны кыргызча, атайын формуласы жок эле катышып отургандардын ичинен, аксалдардын бири окуса болот, молдонун кереги жок.

### Бозбаштык

Жер-Суу таюу ар жыл сайын жылдын ар башка мезгилинде сөзсүз өткөрүлө бере турган жөрөлгө. Турмуш-шарттын ылайыгына карап эле дайынданып алып өткөрө беришет. Куранды аксакал окуйт, молдонун кереги жок. Таюу – бул курмандыкка чалуу, бирок учурдагы себепке атайы багышталат.

Үлүштө желеге кымыз чачышат, желенин суурулган казыктарынын чуңкуруна кымыз куюшат. Андан кийин дароо көчүп кетишет.

Үлүшкө урук-туугандар тобу катышат – 50дөн 100 түтүнгө чейин. Жылкы союшат, үч-үч күндүк кымыздарын көрөңгөлөп топтойт, бирин-бири чакырып, сыйлашат. Көп айыл бириксе, кандай өткөрүштү кеңешип-акылдашып эки топко бөлүнүп алышат да, мындай учурда майрам эки-үч күндө бүтөт. Бир нече кишини жасалгалуу боз үйгө чакырып, улууларга чапан жаап, жылкы тартуулайт; күрөш, байге, көк бөрү оюндары өткөрүлөт. Биринчи оюн-зоок болот, андан соң тамак тартылат (көк бөрү сарттардан келген, анан кыргыздардан казактарга өткөн).

Желеге кымыз чачуу – жаратылышка табынуудан калган салт.

*66-барча*

Үлүштү кеңешип макулдашып алып июлда (азыр көп учурда жума күнү) өткөрүшөт. Бул – мал-жанга бирдей жакшылык тилене турган жалпы майрам.

Мал союдагы, курмандык чалуудагы туруктуу формула:

Жалынмак менден,
Жалгамак сенден,
Эрте айттык, кеч калдык,
Апукул кечер, Аллах Акбар.

Мал союп жаткан киши айтат, калгандары алакан жайып турат. Малды жаш адам соёт, үч жолу кайталайт: «Бисмилла рахим» Ушуну менен майрамдоо аяктайт.

Жер-Суу ар кайсы мезгилде, ал тургай кышында деле өткөрүлө берет. Бир өрөөндүн эли ыңгайлуу жерге түгөл чогулуп, малын союп, нанын алып келишет. Бирөө куран окуйт. Калоо-тилектердин формуласы үлүштөгүдөй эле.

**Чоң Кеби ( Туурасы: Кемин – *ред.*)**

Жайында эки-үч асый болуп калган тогуз байталга бирден айгыр кошуп үйүргө бөлөт. Айгырды жетелеп келип, көкүлүнө кебез (пахта) байлап, башын күн батыш жакка каратып кармап турат. Аксакалды чакырып, бул окуяга атайы багыштап козу ала келип, кесеге айран куюп Кудайга – «үйүр жылкыбыз көбөйсүн» деп текши жалынат. Айрандан алып айгырдын чекесине сүйкөп, калганын ичишет. Алып келген козуну «күзүндө союп же» деп жылкычыга берет. Айгырдын жүгөнүн алып, байтал үйүргө кошот.

*Талас*
*кайназар*

Жер-Суу таюу, кудайы өткөрүү ырымы. Кургакчылык учурда эл дарыянын жээгине чыгып торпок же уйду курмандыкка чалат. Курмандык чала турган жерге айылдын эли жалпы келет. Жазында өткөрүлөт. Союлчу малды буудайга же башка нерсеге сатып алат. Малды адаттагыдай эле союшат, курмандык өткөрүлчү жерде бышырышат. Эттин артканын мурдагы эле курмандык ырымына ылайык жасашат. Курмандык учурунда Кудайдан жаан сурашат.

**Аламүдүн**
**солто-бөлөкбай**

Жер-Суу таюу кургакчылык болгон маалда өткөрүлөт.

Сатывалды (Туурасы: Сатыбалды – *ред.*)
буку (Туурасы: бугу – *ред.*)

Жер-Суу таюу – эпидемия, кургакчылык болгондо өткөрүлөт.

Дуба: « Ивара кудай е, малымды амангыл, жанымды амангыл, оору сыркодон амангыл. Карап турган өкүмөт да жашасын! Ивара! Кудайы! Малымды сакта, башымды сакта! Ушу жерде тургандар аман болсу! Жарыктык!

Курмандык чалуу учурунда уруу-урукка бөлүнбөйт. Суу жээгинде өткөрүлөт, түлөөгө ким келсе жалпы баары даам татышат, эч кимди куру калтырбайт. Малды адаттагыдай эле союшат, канды чогултпайт.

*111-барча*

*Чолпонкулов*
*Талас*
*кайназар*

Үлүш – жылда бир жолу өткөрүлөт. Айылдын баары катышат. Эки-үч күнгө созулат. Эки уруу кезек менен бирин-бири сыйлайт. Эртеден кечке чейин созулат. Оюн-зоок болбойт. Конокторду айыл-айылы менен бөлүп алып сыйлашат.

**Аламүдүн**
**солто-бөлөкбай**

Үлүш – жөн эле тамак берүү.
Чолпонкулов
Талас
кайназар
Кийиз той – күзүндө, койду кырккандан кийин, жүндү сабап, андан кийиз жасашат. Жардамга чакырган аялдарды сыйлап, кой союлат ж.б.

## Сарыбулак
## бугу

Үлүш – бир жылда бир, буку (туурасы – бугу, ред.) айында өткөрүшөт. Сыйлоо ар деңгээлде болот: байларда – бир айыл бир айылды коноктойт, кедейлерде – бир түтүн бир түтүндү сыйлайт. Бээ байлагандары жана башка малы бар адам, үч-төрт күн кымыз чогултуп, кой союп, элди сыйлап батасын алат.

Үлүштөн кийин көчүп кетүүнүн кажети жок.

Сатывалды
Сарыбулак
буку (туурасы: бугу – *ред.*)

Үлүш жылдын ысыгында өткөрүлөт, эки өрөөндүн эли бирин бири жалпы конокко чакырат. Ар бир үй ээси колунан келген малын соёт. Майрамдоодо биринчи кымыз ичишет, анан ат чабыш жана башка оюндарды уюштурушат, эң аягында – эт тартылат. Аксакал кишилерди жылкы сойгон, бай үйлөргө бөлүштүрөт, жаштарды майда жандык сойгон жупуну үй ээлери сыйлайт. Тамак желгенден кийин – эмки жылы да үлүш болсун, деп бата кылып жалпысы тилек айтат. Кайра жооп кайтарып коноктоо берки өрөөндө өтөт. Үлүштөн кийин сөзсүз эле көчүп кетүүнүн кажети жок.

## Кыдыр

Үлүш той – жылда бир жолу, жайдын ортосунда жылкы союп, чакырылган конокторду сыйлап өткөрөт. Коноктор тараганда, ээлери турган жайынан кеткенге камданышат: боз үйлөрүн чечип, жүктөп, эң аягында желени чечип, сууруп алган казыктардын чуңкурларына кымыз куюп, жер менен көмүп, шиш сайып, адатынча «Аллах Акбар» деп айтып кетишет.

*111-барча*
*Чолпонкулов*

*Талас*
*кайназар*

Өрүлүк. Жайлоого биринчи келген айыл, өздөрүнөн кийин көчүп келген айылды сыйлайт. Мал союп, эт бышырып, ал этти (же жөн эле тирүүлөй койду) жаңы конуш алып жаткандарга берип жиберет. Бул салт туугандардын арасында, коңшулардын арасында тараган.

Коңшуларды сөзсүз түрдө жай бою жок дегенде бир жолу сыйлоо – милдеттүү түрдөгү салт.

**Жанызак Талас, Чоң Кошой солто**

Өрүлүк келген айыл кичине (бирөө эки түтүн) болсо атайы даярдалган сый тамак берип жиберет, а эгерде айыл чоң болсо, баарын текши конокко чакырат.

Сатывалды

буку (бугу – *ред.*):

Келген коңшуну, өзүнүн үйүндө колунда болгон малы менен коноктойт.

*113-барча*

**Кыргыз турмушу**

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Кээ бир эркектер эгерде алыста жүрүп, түн ичинде айылына жакындаганда бузук эркек жүргөн болсо, кетсин деп дабыш салып келип үйүнө түшкөн. Он сегиз-жыйырмага чыкканча эркектин жүзүн көрбөдүм деген аялдар көп болгон. Өз аялымдан башка аялдын өмүрүмдө этегин ачкан эмесмин деген эркек көп болгон. Эгерде жоокерчиликте жаки кокустан ок жаңылган болсо, ал кишини таза аялдар аттаган, андайды «ок аттоо» деп атаган. Аягы суюк эмес эркек, аялдан отузга жете бала туулганын айтат. Аягы суюк

туубас аял болсо, жатыны катып мүйүз болгон үчүн тууту түгөнүп калган деген. Күйөөсү барып жүргөн кыздын күйөөсү өлсө, кызга кара кийгизип, чачын жайдырып, бетин тырматып (көбүнчө бай, манап), «өлүү кыз» кылып берген. Күйөөлөп жүргөндө колуктусу өлүп калса, аны бүткүл нерсесин жыйып, күйөөсүнө берген. Кайындуу же кайынсыз кыз болуп, аны аламын деген жигит болсо, жаки тийемин деп аздаган кыз болсо, эң катуу өлөр шерттин белгиси – жоолукка түйүп бир-бирине ок берген. Муну «ок түйүп берүү» атаган. Бүткүл кыргызда күйөөсү өлүп, аны кошкон кошок да учурайт. Бирок колуктусу өлүп кошкон жок. Жалгыз учураганы күн жүрүш кыргызында кандайча болсо да, 1830–1840-жылдар чамасында жаңыдан алган Туяна деген колуктусу өлүп, аны күйөөсү кошкон. Мындай деп башталат:

Кара айгыр, найман кыпчак деп,
Кайтараардан уялам.
Катынын кошуп ыйлайт деп,
Калктан жаман уялам,
Тору айгыр, найман, кыпчак деп.

## Сүмөлөк

Илгери көп балалуу бир үй-бүлө болгон экен. Атасы балдарына тамак издеп кетет. Энеси балдары менен үйдө калат.

Балдарынын курсагы ачып, энесинин тынчын алып, «Эне, курсагым ачты» деп ыйлай беришет экен. Энеси айласы кетип, балдарын сооротуш үчүн казанга суу куюп, майда таштан салып, кайната берет. Улам бир баласы: «Курсагым ачты, курсагым ачты! Тамак жейм» деп ыйлап жатты. Эне кургур: «Азыр тамак бышат» деп казанга отту жага берет. Балдары чарчап уктап калат. Балдардын зарын угуп, кудайдын мээрими төгүлгөнбү, кайнаган таш тамак болуп калган дешет.

Ошондон «сүмөлөк» келип чыккан. Сүмөлөк эрте жазда үрөн себилип жаткан мезгилде кайнатылып,

жалпы эл бирге даам тата турган улутгук тамак. Азыркы кезде Нооруздa атайын даярдала турган майрамдык тамак.

### Эл сөздөрү

*Инв.№ 643 (5281) 29-41-б.*

**Тооп.** Тооп – сүйүү. Мисалы баланын же малдын маңдайынан сылап-сыйпап сүйсө, аны маңдайынан сылап тооп кылды дешет.

**Ажаан.** Ажаан айбандын чыккан, ал арыстан, жолборстон да күчтүү болгон. Эч кимге моюн бербеген жаныбар болгон. Аны көптөп жатып тосуп тороп токтотушкан.

### Дөөлөт тоголок, мээнет жалпак, бак сокур

*Инв.№41(235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

1. Дөөлөт – байлык, колдон-колго өтүүчү туруксуз нерсе.

2. Мээнет – жокчулук, кырсык, биринен бирине урунуп, «эмгектен качсаң дөңгөкө» дегендей болот.

3. Бак – бакыт кайдан келгенин, кантип бакытка ээ болгонун, анын себебин билбей каласың.

Ушул себептен дөөлөт тоголок делет, мээнет жалпак делет, бак сокур делет.

**Беш нерсеге жакын бол.** 1.Талап. 2.Эмгек. 3.Терең ой. 4.Канаат. 5. Райым-боорукерлик. Адам ушуларга жакын болуу керек.

**Беш нерседен кач.** 1.Ушак. 2.Мактанчаак. 3.Эринчээк, жалкоо. 4.Бөөдөсүнөн мал чачпоо. 5.Кошоматчылык. Адам ушулардан качуу керек.

**Адам баласынын керт башындагы касиеттер.** 1. Акыл. 2. Ачуу. 3. Напси. 4. Канаат. 5. Махабат – сүйүү. 6. Райым. 7. Талап-тилек-максат. 8. Терең ой.

9. Кайрат. 10. Сабыр. 11. Уят-абийир. 12. Марттык. 13. Ар-намыс. Эгерде адам баласында ушул көрсөтүлгөн касиеттер толук болсо ал адамдын адамкерчилиги менен толук деп айтууга да болот, бирок, андай адамдар дүйнөдө кем кездешет.

## Кедей деп кимди айтабыз

*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*
*Ат-Башы. Ак-моюн. 2005*

1. Малы түгүл ити да жок томаяк, орочу, кимдин болсо ооросун сактап андан калаа алып оокаттанат.

2. Кедей же кара кашка кедей, минер атка кээде жетпей калат. Эгерде жеткен болсо анын бели беш жоор, аркасы алты жоор, жайы-кышы чоомдоп актыргалап, куйругу кесилип кетип чандырлап минет. Көбүнчө кырчаңгы болуп жал куйругу түшөт. Эгерде аты жок болсо, бир сыйыры болот, музоосун жылына, чындаса уюн манаптын чыгымына берет. Бай-манап алар менен байланышта болуп жүрбөстөн, дайым бетимче оокат кылат. Буларды «кежир кедей, жаки кербез кедей» деп айтат.

3. Отунчу, суучу – «малай жалчы» деген.

4. Жылкычы – булардын даражасы бирдей болбостон бүткүл малчы, малайдан жылкычылык артык болгон. Ошол себептен «жылкычынын бир көргөнүн хан, бир көргөнүн ит көрбөйт» деген макал бар.

5. Коңшу-колоңчу, катын баласы, өзү байдын малын багып, саанын саап, отун суусун алып берип каралашып жан сактайт. Муну «коңшу-колоңчу» деп атаган.

6. Эч кесип кылбастан, уйку, тамакты, башканы билбестен күнүн өткөрөт, муну «жакыр кедей» атаган.

7. Аштыкчы бай – манаптын аштык, чөп кызматчы мойнунда болот.

8. Койчу, кедей, сегиз, демек ушул сегиз түрлүү кедейлер.

## Кыргыздын муздаткычы

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Боз үйдүн бир бурчуна ороо казат. Ороонун тереңдиги эки метрче болот, оозу бир киши бата турган болот, ичин айланта кенен казат. Ага сүт, айран, каймак, эт, максым салып ичсе ал муздак болот. Сакталган продуктылар көпкө чейин бузулбай турат. Муздаткычтын ичине кичинекей шаты коюп коет, оозуна жыгач, табылса такта коюп коюлчу экен, анын үстүн талпак менен жаап коюшкан. Жер муздаткычы заводдон чыккан муздаткычка караганда продуктылардын даамын бузбайт. Ушундай муздаткычты Чүй боорундагы элден Бөлөкбай эли колдонгон.

## Үлүшкө кымыз, бозо даяр

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Колунда бар байлар үлүш берет. Алар үлүшкө кымыз, бозо даярдашат. Ал үчүн жерди үңкүр кылып казат, ал үңкүрдүн ичине коюу үчүн ардан, четинден ящик өңдүү идиш жасайт, ал идишти үңкүргө коюп, анын ичине бозо жана кымыз куят. Ошончолук бозо менен кымызга кадимки кыргыз койдун куйругун салып коюшат, алардын оозун бекитип коет, анан жыгач идиштин оозун дагы бекем бекитип коет. Анын сыртынан үңкүрдүн оозун бекитет. Үлүш берүүчү киши бозо менен кымызды үлүш берерден мурда кеминде үч ай мурун даярдайт. Үч-төрт айдан кийин бай үлүшүн бере баштайт. Ошондо бозо менен кымызын ачат. Узак убакыт турган бозо менен кымыз экөө тең суугa окшоп боз болуп калат, бирок, экөө тең спирттей күчтүү болот. Аларды үлүштө элге

берет. Бозо менен кымызды кээ бир байлар күздө даярдап жазда ачат, кээлери жазда даярдап күздө ачат. Үңкүрдө даярдалуучу бозо менен кымыздын аздыгына же көптүгүнө жараша казат.

### Баарынан карыжилик улуу

*Инв. №41 (235)*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Бир койдо баш менен чычаңдан башка он эки мүчө болот. Баш, чычаңдан жана башка он эки мүчөдөн карыжилик улуу болот. Себеби, энеден жандык туулганда дүйнөнүн жарыктыгын баштан мурун шыйрак көрөт, шыйрактын учунан кийин жарык дүйнөнү баш көрөт. Аксакалдарга аксакал деп кар жилик тартылбай биринчи аксакалга баш, экинчи аксакалга жамбаш жана үчүнчү аксакалга чычаң тартылат. Илгери аксакалга карыжилик тартылуучу. Аксакалдын алдына биринчи болуп карыжиликтин тартылбай калышынын себеби, талкан элинин манаптары жана башка чоңдору тишке жумшак деп башты, жамбашты жана куйрукту куймулчакты тарттырып жей башташкан. Ошондон улам, ашта, тойдо, конок болгон жерде ак сакалдарга баш, жамбаш жана куймулчак тартуу салтка айланып кеткен. Шеринеде, түлөөдө, курмандыкта, ооз ачарга чакырганда жана ушул сыяктууларда куймулчактан кийин төртүнчү болуп кашкажилик, бешинчисине чүкөлүү жотожилик, алтынчысына экинчи чүкөлүү жотожилик, алтынчысына күң жилик, жетинчисине каржилик, сегизинчисине далыны тартат. Элге эт тартуунун тартибин манаптар ушундай салтка айландырып жиберген. Кээ бир элге тамак берүүчүлөр ушул тартипти бузуп, ак сакалга карыжилик тартса анын ошол этин жебей, ошол замат кайрадан жаңыдан кой сойдуруп аны айыптачу.

## Кудалык тартиби

*Инв.№312, 1– дептер, 2-25-б.*
*Жазып келген Чоробаев*
*Айтып берген Шекербаев Ырыскелди,*
*65 жашта*
*Дөдөмөл колхозу 24.08.1946-ж.*

Азыркы Ак-Таала району, Жаңы-Талап селсоветинде көп жашаган карылар: Алдаяр, Бекбоо деген адамдар өздөрүнүн көңүл досчулугунун аркасында бел куда болушкан. Бел куданын мааниси: аялдары бала төрөй элек кезде илгери үмүт менен мал өткөрүү.

Демек Алдаяр башка чукак киши болгондуктан Бекбоого мал өткөрүп бел куда кулдугунун урган (бир ат бир төө менен).

Бир нече жылга дейре ар жылына бирден-экиден бодо согум мал берип жүргөн.

Акырында Бекбоонун аялы кыз тууду. Атын Бачакан койду. Эки жылдан соң Алдаярдын аялы тилегине жараша эркек тууду, атын шарият (китебди) сыйынчуу аттын бири деп Шаих-Мухаммед койду. Ат койдуруш үчүн Каратигинден келген Моло Касым дегенди чакырып зияпатдаган. Кыргыздардын дөңгөлөк тили менен Шаих-Мухаммед дебестен Шикмамат деп атын чакырып жүрдү.

Алдаяр төө баштаган тогуз мал менен тоюн түшүрдү. Тойго төрт-алты айга чейин ирик кой куйкалап, бышырып, көп боорсок жүктөп, той жүктөлгөлгөн баш атына көкүлүнө кебез байлап алып, көп кишилер менен көкбөрү (улак) тарттырып келген. Улакчыларга соорун үчүн бир жүз кокон (Ар бир кокону 20 тыйындан 20 сом).

Ал соорунун акчасы улакты алып келип белгилеген жерге таштаган чабандестердин мөрөйү дегенде куда түшкөн жактын чабандестери кыз атасынын үйүнө таштаса чапан жааб чыгарат. Эгер улакты тозуп алап кыз алчуу кадага кыз берчү жактан чабандестерди тартып алып алдына таштаса андан мөрөйүн алат.

Алдаяр жактын чабандесдери жолдон тарттырбай Бекбоонун үйүнө таштап бир нooту кийген.

Бекбоонун эшик алдына кудалар мал менен келип төшкөндө үйдөн кемпирлер ун ала чыгышып кудалардын бетине чачып ырымдайт: ажырашпасын деп.

Кудалардын аттарын алып байлагандан кийин эшик ачып кудагыйларды, той ташталган үйгө киргизди. Көшөгөдө олтурган кыз Бачаханды кайын энеси көшөгөнү ачып барып бетинен өөб, кайта өз ордүна отурду.

Албетте куда Алдаяр көп кишилер менен башка үйгө олтурушту. Себеби кыз атасынын үйүнө кирүүдөн ийменбеди. Анда келин качууга тийиш экен.

Келген эл той ташталган жер болгон соң жалпы эл айылдан тышкары чыгышып ирет менен эки жак болушуп улак тартышуу менен тамаша кеч курун аяктаган.

Келген кудалар эртең менен он сегиз чапан кийит кийгизип узаттты (Кымхаб, нooту) кудагыйга элечек салат. Бекбоо Алдаярга кийит үчүн бир кулун кунан мингизди.

Бачахан он беш жашка чыкканда Шыкмамат он үч жашында күйөөлөп келди.

Бул ортодо ар жылына бирден-бирден согум бээ үч-төрттөн кем эмес бодо берип турган үзгүлтүксүз.

Шыкмамат адеп күйөөлөп келгенде илгерки салт менен ырчы жигиттерден күйөө жолдош алып көрүнүктүү жеңеден жеңкетай менен келди. Айылга жакын келгенде бир күйөө жолдош кабар кылды. Ал кабар кылган соң айылдагы кыз-келиндер (балдыз, жеңелер) кокту далдаа жерден тозуп барышты. Ошондо күйөө аттан түшүп жеңелерге баш урунду. Күйөнүн атын минип бир бала нары бери чабты. Жеңелер канжыгасын карашып, анда байланган жан баштык деген баштыгын чечип алып, анда баштыкка салган бөйрөк, шыйрак, керчөө, төштүн башы, жаак тили сыяктуу бышырылган этти жешти. Андан соң күйөөнү эрчитип үйгө (бөтөчө үйгө) киргизишти.

Күйөөнүн оң жагына күйөө жолдош жана балдардан орун алышты. Сол жагына (төр жак) жеңелер, келиндер орун алат.

Тамак-аш, чай-чамек ичкен соң жеңелер күйөө жолдоштон жеңетай доолады. Балдыз барып жездесинин кулагын чойду. Күйөө жолдош жеңетай үчүн алып келген теңгесин кыздын жакын жеңесине алып, жалпы катындар менен бөлүп алышты. Калган келиндер, келбеген катындар болсо (эгер кыздын жакындарынан) аларга шыбага деп жеңетай теңгесинен бөлүп коюшту.

Андан соң күйөө жолдош тың жигиттерден эле жеңетай алуучу катындардан кызды күйөөнүн жанына алып келишин талап кылды.

Бир аздан соң кызды жасалгалуу кийими менен алып келгенде эшик алдына коюп, күйөө жолдоштон эшикачар, жүз-көрүшөр деген ырымдарын доолап алды.

Андан соң эшиктен кыз киргенде күйөө ордунан тура берет, күйөөнүн жогору жагына кыналып кыз сыңар тизелеп отурду. Алар үчүн дагы тамак-аш, чай дасторкон жайылды. Ошол кезде кайын энеси шыкаалап күйөө, кыздын отурганын көрүп кетет. Андан кийин кыз келиндер жигиттер аралаш Сарымерден ырын ырдашып отурушту. Айрыкча күйөө жолдош ырдап комуз чертип берди.

Каб-кайдагы келин-кыздар эң эле көп чогулуп үйгө батбады. Жатаарда этти чогуу жешип андан соң кызды жаткырбай жеңелер эрчитип кетишти. Ал күнү күйөө колуктусу менен бир жатбаганы башкы кыргыздын салты экенин түшүндүм.

Эртеси түнүндө дагы оюн-күлкү, «токмок салды» менен өтүп, жатарда жеңелерден тандалып «бут көтөрөр» деген ырымын алып анан жаткырды.

Токмок салды оюнун тартиби: бир жоолукту эшип алып бир жигит күйгөн секетбай ырынан жана «күйөөтай», «байтак жол» деген ырларын ырдап ыры түгөнгөн учурда сүйгөн кыз же келинге эшкен жоолукду салат (аста жонуна тийгизип коёт) экен. Алкыз (сүйгөнү) артынын түшүп жар көрүшүп айка-

лышып, ыгы келсе өбтүрүп да коёт экен. Ошо түнү жигиттер, кыз-келиндер өтө көп болгон үчүн кезек менен ырдап, токмок салып, жар көрүшүп отурушуп мындай деп жигитттер ырдайт:

Токмогум тойдо жоголду,
Токмогумду алган ким болду,
Жылкы ичинде кулундар
Оюнга келген уландар
Сен алдыңбы токмокту,
Сен албасаң ким алды
Жылкы ичинде байбалдар
Оюнга келген кыз-келин
Отуз эки шайтандар
Сен алдыңбы токмокту,
Сен албасаң ким алды
Токмогум башы бочалок
Тогологун уштаб ал,
Чурайыңды чурк эткенде
Муштаб ал – деп күлдүрүүчүлөр болгон.

Кыз менен жаткандын эртеси бир жеңеси төшөк жыйар алды. Беш-алты күндөн соң күйөө кетти. Күйөөгө өзүнө жагдайлуу кийим (кийит) кийгизип кайтарышты.

Андан соң «күйөөнүн бети ачылышы» дешип өзүнчө түн жамынып бара берчү болду. Шыкмамат 15 жашка чыкканда (эки жыл) күйөөлөп барып жүрүп Бачаканды алат. Төмөндөгү тартип менен.

Алдаяр жооб сурап «жыгач жүктөөр» тоюн түшүрдү он-он беш баш мал менен тойу үчүн бир бээ жетелеп, бир күлүк кунан салык атка алып келди. Салык ат дегендин мааниси: Кыз калыңын кезишбестен (бычышбастан) өтө көб бергендиктен акыркы, кызды алардагы «жооб сурары» деп күлүк кунанды жетелеп келди. Салык ат дегендин мааниси: кыз алуучу кудадан кыйнаган түрдө өзүндө болбосо элинен чыккан, тандалып (күлүк) ат болсо сатдырдып алат дагы кызды берет. Ал эми Алдаяр, Бекбоо сүймөнчүлүктөн куда болушуп. Ошо кыз (сөөгүн) алаар убагына чейин көңүл калыш-

пай сыйлашып келгени үчүн Бекбоо салык ат салган. Айттырбастан Алдаяр бай тойуна бээ, жооб сураганына күлүк кунан жетелеп барды. Кудалап барып чайланып отурааары менен Алдаяр ордунан туруп Бекбоого карата: «малым бүтбөсө да күнүм бүттүбү, бир ууч сөөгүмдү бер, куда, жооб сураб жыгач түшүрүп алыб келдим. Алтын шилекейиңди чачырат» деп ордунан турду. Бекбоо эч кандай тез жооп бербестен отура берди. Буларга теңтуш куда башчысы (эки жактан тең келгендер): «катын эрди карайт, эр жерди карайт» дегендей, Алдаяр сизди карайт, сиз унчукпайсыз, эби келсе жооб бергениңиз оң го дегенде, Бекбоо уруксаат берди «тойуңду соё бер» деб. Алдаяр: «Боюңузга кулдугум бар» деп эки колун бооруна алып, колун куушуруп бир аз отуруп эшикке чыкты. Бекбоо тарабынан эч кандай мал салуу кысымдар болгон жок. Ошо күнү Бекбоо кызына арнап жасаган үйүн тиктирип, эшиктен окчунураак эки мамы кактырып аркан кере баштады. Аркан керүүнүн мааниси: «жайып кыз берүү» деген ошо. Аркан керменин эки учуна чейин чолоо жерин койбой чапан (кышкап), нооту, жана түрлүү ичик кийим-кече кийит илет экен. Илгерки заманда кызга шөкүлө кийгизип, «сеп чапан» деген баалуу кездеме буйумдан сыртынан кийгизет. Жана буулум, була, булгун, кит ичик, тыйын ичик дегендерди кийитке берүүчү. Албетте алар жок болгондуктан жанат (янт) ичик баш кылып бир жүз кийит ар кандай бир жагынан келди, бир жагына жууркан-төшөк, килем, шырдак, ала кийиз кылып кырк төрт баалуу үй мүчөлүк арканда толуктап бакандар менен тиреп элге көрсөттү. Бир топ куда башчылар, айрыкча келин алуучу Алдаярды ээрчип барган Кабатай деген жакыны болгону үчүн алиги Бекбоо берген күлүк кунанды кошумчага алып келген экен. Ошондуктан керген аркандын кийиттерден эң мыктысын бирин алып Кабатайга алып берди. Калгандарын жыйнап кирип кудага чогуу тапырды. Кудадан кийит кийебиз деп ээрчип келген кадырлуу кишилери бирден кийитти Алдаярдан алышты.

Ошо күнү ак өргө көтөрүлгөндө «өргөө жабаар» деген ырымына бир жылкы берип, бир кой сойуп, түндүктөн баш ыргыды. Эртеси кыз узатканда жасалгалуу ээр токумга жакшы ат мингизип, көрүнүктүү шаң менен куда узатышты. Ошо түнү «кыңшылатуу» деген салт менен жеңелери, энеси ыр менен кошуп, кызга чапан чүмкөп кызды кыңщылаган үн менен ыйлатып коюб алмак-салмак койуб турду. Эне, жеңелер ыры түгөнгөнчө үч-төрт катын кошуп, кыз үнүн басбай ыйлап турду. Көрүшүп коштошуу бүткөн соң эшикке чыгарып атка мингизишти (күн чыга). Ошону менен бөлөк үйгө түшүрүп атын жасалгалуу ээр токуму менен бир бала минип ары-бери чапкылай берди. Бул ортодо өмүрүндө Бекбоо менен айыл жүрүүчү эл дагы «келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр» деп чогулуб кайталаб. Келиндин үстүнөн жигиттер, боз улан кеткен жок. Жаңыдан элечек оротуб келсе, кыздын себин көрүүгө катын-калач үзгүлтүксүз келе берди. Кечинде отко киргизүүсү болуп, той сойулуп, бир күн, бир түн эл чогулду. Келинге тийиштүү энчи басып, өкүл атасын дайындап, отко киргизүүдө түрлүү ырымдар болуп, келин Алдаярдын бүлөсү болду.

### Кыз берүүдөгү адаттар

*Инв.№312. 1-дептер . 24-б.*
*Айтып берген Каламкаш Суранчиева*
*66 жашта*
*Ады Кырбашовдун кызы*
*Дөдөмөл колхозу. Өйдө-Чекти (сайак) уругу*
*1946-ж.*

Бойго жеткен кызды кайын энеси биринчи жолу көргөндө, барганда эшиктен кирип келгенде кыздар ордунан тура берип калчу, бирок жүгүнүү иши болбойт эле, келин болмойунча. Кызды алаарда «жыгач жүктөө» тойу болот. Кыз атасы «өргөө көтөрүү» деп, атайы колунда барлар өргөө деп ак боз үй жасап, элкин жерге тигип койот.

## Кыргызда аш берүү (Таштанбектин ашынан башталып 1917-жылга чейин)

*Белек Солтоноев*
*Кызыл кыргыз тарыхы*
*2-китеп. Б., 1991. 197-210-б.*

Кыргызда аш-той берүү эң эски, байыркы замандан келе жаткан хан-феодал, бек, бай-манап, кедей, жарды-жалчыны эзип, алардан пайдалануу үчүн кураган зулумдук жолунун бири аш жана той берүү болгон. Алардын аш берүү, той берүүдөн көбүнчө максаттары кедей начарларды эзип, андан пайдаланып, канын сормок. Өз атактарын көтөрмөк үчүн элди талап чоң зыян келтирип чыгымдатмак жана башка феодал бай-манапка мактанчылык көрсөтүп, алардан өз даңкын ашырмак. Аш берүү, той берүү асилинде бүткүл хан, падыша, бай-манаптын баштап чыгарган саясаты болуп, анын качан башталганы тарыхтарда белгисиз. Бир гана кабар – тарыхка караганда мындан нече миң жылдап мурун жер жүзүнүн далайын алган күнчыгыш элинин гунь калкынан Угузхан деген падышанын той бергенй көрүнөт. Кыргызда дагы эң байыртан баштап, анын учу жок хан-феодал, манаптарынын эски замандан баштап, 1917-жылга жете аш-той берип, бечараны талкалап эзип, мал-баш чак келбесе, алардын өздөрүн эриксиз байгеге сайгандыгы анык. Эми алардын кайсы заманда жана ким тарабынан аш бергендигинен, той бергендигинен кабар берейин.

**Угузхандын той бергени**. «Уулдарым жана элим менен аман-эсен жүрүп жоо сапарынан кайттым» деп той аспаптарын даярдап, бир сарай салдыртты. Бүткүл жыгачтарынын башына алтын орнотту. Лагыл, жакут, зумрат, фируза жана дүрө асыл таштар менен чаптырды. Бул сарайдын артыкча жакшы салынганы үчүн аны сүрөттөп мындай деп ырдады:

Бир үй тикти алтындан о
Ким ол үй фалак оюнун
шаар яр кылдынар,
Тогуз жүз жылкы, тогуз миң
Булгаарыдан токсон тогуз
кой өлтүрттү: абиз кылдырды,
Тогузуга арак, токсонуга
Барча нөөкерлерди чакыртып
кымыз толтуртту, келтиртти.

Жогоруда жыл темасында кыргызда тогуздай иш жүргүзүү расим байыркы замандан бери келе жатат деп айтылды. эле. Тогуздан расим болгондугу бул эски калктын дагы көрүндү. Көкөтөйгө аш бергенде анын баш байгесинин эсебин ырчылар мындай деп ырдаган:

Сан сарыча төө саят,
Сан кулундуу бээ саят,
Калыдан килем жаптырып,
Кырк кызыл куйрук нар саят,
Шурудан буйла тактырып,
Ал байгени аз десе,
Ойроттон тандап он сулуу,
Кытайдан тандап кырк сулуу
Кызды тандап да саят.

Байгеге киши сайгандыгы мындан да көрүндү.

Тагайдан баштап, 1834-жылында ашы берилген Таштанбек Атаке уулунун ашына жете эки ортодо аштын кандай бергендиги маалим эмес. Айтылып келе жаткан кабарда Эсенкул феодалдын ашын берерде жерди казып, чоң үй кылып, асты-үстү тегерегин бышырган кыш менен каптап, шак кайнатып, ичин толтуруп, күнүнө беш казан шакты үстүнө коюп жаңыртып турасың деп, анын жанына бир үйлүүнү кулун багып туруута калтырып, балдары жайлоого көчүп кеткен. Жайлоодон түшүп аш бергенде баягы бозодон бир кеседен ичкен киши жыгылып турган дейт. Жалаң бозо даярдаганы мынчалык аракет менен болгонуна

караганда ашынын башка чыгымы кембагал-кедейге канчалык чоң зыян келтиргендигинде эч шек жок. Таштанбектин ашында байгеге баланча киши сайылган деп бүгүнгө жете эл оозунда келе жаткан сөздүн аныгы мындайча болгон. Таштанбек Атаке уулу манап кан соргуч зулумдардын бири. Бул 1834-жылында өлгөндө атасы менен бир туугандын баласы Карабектин Кан Жантай (Шабдандын атасы) кырк жашта болуп, бүткүл сарбагыш уругу кыргызда Ормондон соң биринчи феодалдан саналып, зулумдук атагы чыгып калган кезинде баягы хан феодал бий-манаптын кыла келген кесиби үчүн бүткүл өзүнө караган элин бир жерге кондуруп, элден ылоо жыйдырып, кедей-жалчы кулдарга нечен күнү отун ташытып камынып туруп, ашка казак-кыргызды жана Атайкедеги (Ак Бекет) өзүбектин бегин сарбоздор менен конокко чакырган. Кедейлерден жыйдырып канчалык бээ, нече жүздөгөн койлор сойдурган, тарттыргаи арагы, салдырган бозосу жана жыйдырган кымызында эсеп болбогон. Күрүч менең чайды Кулжадан жүктөтүп алдырып, өрүк, мейизди Анжиандан алдырган. Кыз-келин, катындар үчүн башка тамаша кылдырып, алардын байгеси бир башка болгон. Байгеге малдын үстүнө кошуп, киши саямын деп Жантай элди чакырып, жантай уругу төрт киши, өсүк төрт киши, таздар төрт киши, молой-чечей төрт киши, асык-моголдор төрт киши, барысы жыйырма киши болсун, калган кищилерди тынайдын кулдарындн аламын деп, тиги айтылган кишилерден жыйырма кишини четтен кармап алып, кишилер жетпей калганда калың кемегеде эт бышырып жаткан кишилерден он үч кишини (мунун бешөө калмак) айдап барып сайган. Бүткүл байгеге сайылган алтымыш беш киши болуп, алардан кайта келип эл болгонунун балдары азыркы Чүй районундагы Атайке кыштагындагы өсүк ичинде чак-бөрү уругунан актив Кулназар саякка кеткен, Чүй районунда Кашкелең кыштагында таздарда

турат. Жолдоштун бабалары Даакей деген кишинин аты чыгып алып кеткен. Кемин районунда Бейшеке кыштагында өсүк уругунан актив Назаров Дүйшө Таласка кеткен.

Эсенкул феодал сегиз катын алып, биринин тукуму Ниязбек феодал (Ормон хандын атасы) Ысык-Көлдө өлгөндө кыштын күнү анын сөөгүн Ормон баштык сегиз уулу сегиз күнү кыдырып, кышында көбү аманат койдуруп, жазында бел ачылганда Күнгөйдөн алып келип, сөөгүн Чоң-Кеминдин талаасы Кашка Жолбалыктынын оюна койгон. Көрүн казганда Ак бекеттен (Атайке) өзүбектин усталарын алдырып, кеңдигин сегиз канат үйдөй кылып таманына, тегерегине бышырган кыш каптап коюп, сөөгүн булгаарыга салып, алдына ак кийиз төшөп койгон. Эл жайлоого чыкпастан мурун коргон сала баштап, коргонун төрт бурчтуу кылып бышырган кыштан салдырган. Ар бурчун төрттөн баласы ээлеп (эки катындан 16, бир катындан жалгыз, бардыгы 17 баласы болгон), салдырган коргондун кеңдиги жарым гектар жер болуп, бийиктиги эки жарым кез, эни бир кез болуп, бышырган кыштан салынган. Бүткүл элди жайлоого чыгарбастан, туш-тушка таратып көчүрбөстөн кондуруп, улоо, союш, отун алып бүткүл кедейдин мойнунда болгон. Хан Ормондун атасы Ниязбектин коргону салынып, коргон салган үчүн ат чабат экен деп казак, кыргыздын бүткүл бай-манап феодалдары бир нече күнү коноктоп жаткан.

Бүткүл чыгымы кедейдин мойнунда болуп, коргон бүткөндө кубанычына ат чабылган. Аттын сүрөөсүн Чоң Кеминдин тескей жагы Орто Кайыңдынын оозундагы Кара Дөбөгө сайып, атты Чон Кеминдин суусун кечирип, кашка жол ашырып, Кичи Кеминдин суусунун Чүйгө куйган жери Каштек кыштагынын күн батышы Атайке кыштагынын тушу Кара Бүргөндөн кое берген. Чыккан ат Бердикожо деген Ормондун бир тууганы болуп, анын Кулакашка деген жаңыдан бычылган быштысы болгон. Чабылганда

кан такымын жууп кетип, башка ат Боролдойго келгенде Кулакашка Үч-Уруктун тушуна келген, Башка ат ал жерге келгенде Кулакашка Кашка-Жолду жөлөнгөн. Башка ат бул жерге келгенде тигил текиреӊ менен Белге чыккан. Башка аттар Белге чыкканда Кулакашка сууну кечип кеткен. Сүрөөчү Кашка-Жолдун ылдыйында аттын чылбырын ийнине салып алып сүрөгөн. Ниязбектин ашы 1843-жылында берилип, кандайча берилгени маалим эмес. Бирок Ормон хан Кокондун ханынан эт туурай турган кырк бычак берсин деп суратып алган. Чыгып келген ат сарбагыш кыргызынан Төрөгелдинин ак-кызыл аты болуп, байгесинин ичинде 100 жылкысы жаман экен, талатып жиберейин деп Төрөгелди Жантайга акыл салганда ал экөөбүздү бирдей Ормон талкалайт, атамдын байгесин талатты деп, көтүӊдү кыс дегенде Төрөгелди туруп кеткен.

1861-жылында Ниязбек феодалдын баласы Ормонхандын иниси Ырыскулбектин Чоконун чоӊ атасы ашын бергенде кедейлер төрт күн конок алып, чапкан аттын сүрөөсү Кочкордогу кырк чоронун күмбөзү болуп, атты Кескен-Ташты бастырып, Топурак-Белди ашырып, Көтмалдыдагы Коӊур-Өлөӊ, Ала-Баштан коё берген. Болжолу 100 чакырым жер. Сүрөөчү Кескен-Ташта туруп, чыгып келе жаткан ат жантай ичинде токтоку уругунан Кадырберди Абылмейиз уулунун аты болуп, сүрөөчү жетпей калып, Арзынын Акчийинде ала качып, калыӊ чийдин бетеге, карын да көрбөстөн түйүлгөн. Ат чыгып барганда айылындагы букаранын кызын чыркыратып алып келип берип, атты Кадырбердиден алып калган. Ал кызды Кадырберди алып, андан туулган Кемин районундагы Шахрай колхозунда член, 1934-жылында 57 жашка келген Шермалы Кадырберди уулу.

1868–1870-жылдар арасында Кочкордо манап Төрөгелди Абайылда уулунун ашы болуп, Үмөталы Ормон уулунун аты чыкканда арадан атын кошуп, менин атым чыкты кылып, абыла уругунан манап

Боронбай Рай уулу тартып алган. Тартып алган себеби Боронбай Рай уулу Үмөталы Ормон уулунун айылында жүрүп, бир тентектик кылганда Үмөталы Боронбайды катуу уруп-согуп ызаланганда Боронбай Үмөталыдан көчүп, Шабдан Жантай уулуна барып кошулган. Ушул Төрөгелдинин Чоткара деген баласынын ашын бергенде сүрөөнү Соң Көлдүн чатындагы суунун сол жагы кылып, атты Көлдүн башын имерилтип, Көлдүн аягындагы эл турган суунун оң жагынан кое берген. Болжолу 80 чакырым жер.

1883–1884-жылдарда Ысык-Көл боюнда Байсоорунда (Сазоновка) да көлдөгү саяк манабы жана бай Ырысмендиннн ашы берилген. Келген конок үчүн кедейден сегиз жүз үй тигилген. Атты айдоого жакын калганда бугу кыргызынын манабы жана чон байы Абылайдын кичи катынынын баласы Жаныбек сынчы солто феодалы, манабы Байтик Канаевдин Керкашкасын көрүп сынап туруп айтканы: «Бул атты чаптырбагыла, тулпардын туулган жеринде туулган экен. Бир суутуусу калыптыр. Калса дагы тулпарлыгы менен чыгат. Эгерде бул ат чабылбаса, менин эки атым удаа келет эле. Жер ортосуна жете солто Сулаймандын алып келген Сергей деген күлүк аты келет. Анан калып калат. Аны Керкашка басып өтүп, байгеден чыгат. Дагы баш байге алат» деген. Айтканындай Сергей орто жолго жете чыгып келип, андан Байтиктин Керкашка өтүп, байгеге чыгып барган. Жаныбектин эки аты анын артынан экинчи, үчүнчү байгеге келген.

Ошол жылдарда казактан бир чоң ат чабыш болуп, сүрөөчүгө элди айырып жатканда сүрөөчүлөргө Жаныбек мындай деген: «Бул ат чоң күлүк, бирок байтал бээнин баласы болгондуктан энеден түшө замат энеси сүткө көп тойгузбай калып, сүт ордуна бетеге жеп өстү эле. Эми жолдон чыгарбай, жолдун таманы менен сүрөгүлө. Кокустан жолдон чыгара сүрөсөңөр бетегенин жыты мурдуна келе түшүп, аны жеймин деп чылбырга сүйөнүп, кажагайлап, чурка-

шын кемитер. Силер болбостон күч менен сүрөгөндө жата калып бетегеден жемекке аракеттенип калганда башка озуп кетер. Ошого этият болгула» дегенде Солтонкул деген агасы: «Ушундай дагы жарабаган сөз болобу» деп бастырып кетип, Жаныбектин калпычынын кармайм деп сүрөөчүнүн аягына келип турганда баякы Жаныбектин аты чыгып келген жолдон чыгара сүрөөткөндө ат кажагайлап жата калмакчы болуп, башка ат чыга турган болгондо атты жолго салганда баштагыдай чуркап, байгеге чыгып барган.

Ошондон бир-эки жыл мурун, жаки ушул жылдарда жайлоодо бугу феодалы Мураталынын ашы болуп, сүрөө Каркыранын тоосу болуп, атты Түптүн Көлгө куйган чатынан кое берген. Саяк кыргызынан чиркей уругунан Кенжебайдын Арчатору деген аты чыгып, бирдин соңу Чыныбай Тилекмат уулунун күлүк жээрде аты келген. Казак, кыргыздан киши көп болуп, төрт күнү кедейлер конок күткөн. Байгесинин башы бечарадан чогулган 1000 жылкы болуп, 100 жылкысын Кенжебай өзү алып калып, 900 жылкыны бугу менен саякка таратып берген. Ат чаппастан мурунку күнү аттардын баарысынан тер алып жатканда Кенжебай сынап жүрүп, өз атынын чыгарын, Чыныбайдын аты экинчи болорун билген. Эгерде андай болбосо казак менен солто, сарбагыш кыргыэдарынан барган кооптуу күлүк аттарды чаптырбаска бүткүл саяк менен бугунун манаптары жана байлары кеңешин токтотушкан.

Ушул жылдарда бугу кыргызы Алдаяр уругунан атактуу Мойут сынчы Ысык Көлдүн башы Кызыл-Кыянын суусунда аттарын чалдырып олтуруп, жол боюнан жаңыдан чычкан бир аттын тезегин көрүп, бул ылдый киши өткөн жок, биздин алдыбызда болорго керек, бул тезек тулпардын тезеги экен деп, токтоосуз атына мине-сала сууну өрдөп жөнөшкөн. Суу бойлоп Чаап жүрүп олтуруп, атты табалбай, ушул жол менен жүрүп бара жаткан киши, жаки суу бойлоп бара жаткан жылкы учурадыбы дегенде

бир киши «эшек айдаган бир топ сарт ичинде бир көк ала ат мингени бар, Каркыраны бет алып кетти» деген. Мойут артынан кууп барып, Жаркентке жакын калганда жетип, көк ала аттын күлүк экендигин билип, минген семиз өзүнүн тору жоргосуна башка дагы мал кошуп берип алып кайткан, дегениндей көк ала ат күлүк чыккан.

Эскиче 5-мартта 1886-жылында солто феодалы Байтик Канай өлүп, ушул жылы сентябрь айынын башында бүткүл солто кыргызынан бай-манаптарын чакырып, үч бээ, кырк чамалуу кой союп, Байсал деген баласы атты кандай чабабыз, ашты кандай беребиз, Байтиктен көбүрөөк насия калды, анда аш берүү аркасында кутулбасам болбойт деп бир айдан соң аш берүүгө кеңеш кылып тараган. Ушул кечинде түн катырып киши чаптырып, Суусамыр жайлоосуна кое берген айтылуу күлүк Керкашканы алып келүүгө буюрган. Экинчи жигитти бөлөкбай уругу Шергазы саяпкерди алып келгин деген. Эки жигит түн боюнча жүрүп, эртесинде атты дагы, Шергазыны дагы алып келгенде ат чөйчөгү ала семирген экен. Аны көрүп туруп Шергазыга мындай деген: «Баатырга (Байтикке) аш бермек болдум, бир айда ат чабылат, айбан да болсо атам менен арбагы бирге чыккан мал эле. Байлап чаап, баш байгесин алып бересиң, эгерде бир айда кадимкидей чабар этине келтирбесең башың кул, малың талоон болот» деп бир атты кошо берип, Керкашка атты Шергазы менен жөнөткөн.

Шергазы үйүнө келип бир күндө экиден тер алып таптоого кирген. Бир айга жакын калганда мейман үйгө деп Бишкек шаарынын күн батышы кара жолдун алды, Ак-Чийдин күн чыгышыиа үч миң түтүн, ашканага деп эки миң түтүн тиктирип, дарга ойной турган өзбектен, Ферганадан даргачы алдырып, дар орнотуп жана бүткүл Бишкектеги самоорчуну көчүрүп барып орноткон. Олуя-Ата менен Алма-Атадагы казак текши чакырылып, Аркадагы бүткүл кыргыз келген. Үч күн конок алган. Чыгым бербеймин, ко-

нок албаймын, жаки жайлоо отун бербеймин деген кедейлер болсо алардын жалгыз атын жыктырып, алар келген конокко таратып турган. Эки күндөн соң, ат чабылат дегенде Шергазы Керкашканы алып келсин деп Байсал киши жиберип алдырып атты көрсө, чөйчөгү баягыдай эле болуп, бир аз гана; жараган экен. Байсал: «Бул ат жарабай калыптыр, аш тараган соң сени менен кебим болсун» деп басып кеткен. Көрсө Шергазы саяпкер аттан бир күндө эки тер алып кийин кетердин алдында камыштын шабырлуу кара суусуна жана көк бедеге агыта берип, ич майын калтырбастан, сыртына тарттырып койгон экен. Шергазынын оюнда дагы аттын бир гана кемчилиги калды. Болбосо башка жеринде айып калган жок деп ойлоочу экен. Байсал атты көргөндө Таластан келген Буурул аттуу саяпкер дагы көрүп, кошо барганда аттын бир гана жеринде табы калыптыр, аны Шергазы билген эмес, эми менин буурул атым кудай жер казыгынан сактаса чыгат, баш байге меники деген.

Керкашка аттан үмүтүн үзгөн Байсал адейи Таластан чакырып алдырган Буурул аттуу саяпкерди баштагыдан артык ардактап калган. Имиш-имиштер бул саяпкердин Керкашка аттын бир жериндеги айыбы болбосо чыкмак, байге алмак дегенин Шергазы уга сала өзүнүн дагы жалгыз кообу ушул болгон үчүн аны билмекке бир боз бала жигитти жаман кийиндирип, калптан эле сөз укпас каңырыш кулак болгонсуп, буурул аттын ээси жаткан үйгө от жагымыш болуп, Керкашка тууралуу эмне айтса дароо айтып кел деп жумшаган.

Бала жигит келип сөздөрүн укпамыш болуп, ылдый карап үйдөн чыкпай отун жага берген. Үйүндөгү жолдоштору Керкашка аттын айыбы кайсы жерде дегенде Буурул аттын ээси айтпай коюп, эки-үч жандырып, жолдоштору болбостон, өтүнүп сураганда баякы саяпкер «Эми силер болбодуңар, эртең ат чабылат, жат киши болбосун, үйдүн айланасын

карап кел, отун жаккан болсо кулагы каңырыш, дүлөй экен, сөз укпайт» деп мындай деген: «Кызыталак Шергазы анык саяпкер экен, эч бир саяпкер бир айдын ичинде ыраңга семирген ат түгүл, бедеге байланган атты да тапка келтире албайт. Өңгөсүндө сиркедей айып жок, аттын умасында аз-оолак май калыптыр. Күлүктүгү менен келип экинчи байгени алат» дегенде, жолдоштору олтуруп, эми муну сиздин билүүңүздө кандайча кылса болот деп сураганда: «Күн чукул калды, эртең ат чабылат, ал майды кетирүүгө үч-төрт күн керек» деп сөзүн токтоткондо от жаккан бала отун алып келейин деп эшикке чыга жөнөгөн. Баланы багып турган Шергазы сөз уктуңбу дегенде, бала укканын айткан. Шергазы: «Ээ кудай мени урганда ошону байкабай калган экенмин» деп өз башын өзү муштап, чуркаган бойдон барып, Керкашка аттын умасын кармап көрүп, бычак сыртына жакын май бар экен деп өз сакалын өзү жулуп, өкүрүп олтуруп-тура калып, бир аздан соң. Керкашка атты коштоп, Карасууну көздөп жөнөгөн. Бара сала атты жылаңач кылып намаз бешимден намаз куптага чейин Карасууга капталына чейин малынтып байлап коюп, титиреп жыгыларында чыгарып келип, көк бедеден орточо жедирип, катуу тердетип, анан таң аштырып койгон. Эртең менен атты чубатарда: «Шергазы Керкашка атты берсин, сүрөөгө минет» деп Байсал киши жиберсе: «Аш тараганча ат меники, андан кийин башым кул, малым талоон болорун билемин» деп атты бербеген.

Чабылган 350 ат болуп, казак атын колуна кылыч алып башка бөлүп, чапыраштты казагынан Кудайберген-Куттуксейит уулу айдап, кыргыз атын Бөлөкбайдан Айдабоосун менен Үмүкө айдаган. Кыргыз, аш берип жатасыңар, балким ат качырарсыңар, биз арттан айдайбыз, кыргыз, алга түшкүлө дегенде кыргыздар алга түшкөн. Казак аттары бир чакырымча жакын артта бара жатып, жерине жакын калганда Кудайберген: «Акеңдин оозун урайын жоо кыргыз,

мени не кылса со кылсын, балдар, жолуңар болсун» деп балдарды коё берип, өзү Чулунун көпүрөсүн көздөп салганда алдында бара жаткан кыргыздар көрүп аттарды кое берип, Айдабоосун Кудайбергенди Чулунун көпүрөсүнө жете кубалап барып жетпей калган.

Байгенин башы жүз төө, миң кой болуп, жыйырма беш атка байге сайылып, сүрөө Акчий болгон. Аттар орто жолго келгенде Керкашка ат алтымыш аттын артында болгон. Илгери өтүп, камыштуу Карасууну башка аттар кечип өткөндө, Керкашка аттап өткөн. Күзөкөнүн, кысыгына келгенде сүрөөгө жети-сегиз чакырым калганда жыйырма бир аттын артында болгон. Сүрөөгө төрт чакырым калганда башка аттардан жарым чакырым чыгып, тилин бир кез салып жиберип, оозунан кан аралаш ак көбүк аккан. Байгеге бир чакырымдан алыс чыгып барып баш байгени алган.

Эр сайышта бугу, саяк, сарбагыш – саяк уругунан Букар менен Малекени салган. Талас кыргызы менен казак бир болуп, эки эр чыгарып, төртөө сайышканда биринчи беттешкенде беттегенин Букар сайып кеткен. Малекенин далысына найза атып алдыра турган болгондо, жаш бала экен деп, эл аяп ажыратып, байгени бөлүп берген. Байтик өлгөндө болсун, аш бергенде болсун, кырк жигитке көк кийгизип, көк селде ороп коюп өкүрткөн. Ал чакта дайым Турап деген сурнайчы сурнайын тартып туруп өкүрүк басылганда Найманбай ырчы ыр менен көңүл айтып, ал басыла замат кыз-келин кошкон. Конокко келген эл кырк миңден артык киши болгон.

Бугу феодал байларынын тукуму манап; Бектин балдарынан Бирназар анын уулу Алыбай, анын Солтонкул деген баласынын ашын 1889-жылында күзүндө Ысык-Көлдөгү Түптүн суусунун бою Кең-Суунун талаасында эл эгинин алып болгондо конокко бир миң үй тигип, Алматы, Жаркент казагын, солто, саяк, сарбагыш, моңолдор, черикти бүт чакырып аш берген. Сүрөөсү Түпкө жакын (Ашташ деген) жер болуп, атты Көкө Кулусунду карай айдап барып,

Көлдүн жээгине жакын Сары-Дөбө деген жерден коё берген. Үч жүз ат болуп, Чыныбайдын аргымагы чыгып, байгесинин көбүн кедейден чогулткан. Тогуз жүз жылкы алган. Жыйырма беш атка байге сайылып, эң арткы атка бир жылкы он кой сайган. Эр сайышка бугу-саяктан саяк кыргыз жогоруда айтылган Букардын бир тууганы Тайгашка чыгып, солто менен сарбагыштан кытай уругунан Эгемберди Божокой уулу чыгып, биринчи беттешкенде эки найза тең белинен сынып, экөө бирдей камчылашканда Тайгашка бугуга ыктап бара жатканда эл ажыратып кетип, байгени тең бөлүп берген. Үч күн конок алып, байгеге сая турган жылкыларды кайтарып турган кыпчак уругу Адык деген кедей болуп, акысына өзүнүн мойнуна түшкөн чыгымынын жартысын токтотуп калган. Ошондо дагы бир кой, бир серке берген. Демек, кедейдин түтүн башына үч койдон берген болот. Отун, улоо, аттын-жем-чөбү мындан тышкары. Балбандарын эски адет боюнча төрт күнү буудай майлап берип, кымыз ичирбей суулу тамакты аз берип турган,

1898-жылы күзүндө Чоң-Кеминде сентебир айында Чолпонбай деген байдын ашы берилип, беш жүз үй үч күн конок алып, түтүнгө бечарадан эки сомдон чыгым алып, он беш атка байге сайып, сүрөөнү Жолулактын Кичи-Кемин жаккы оозу кылып, атты Карабүргөн Атейкенин түн жак тушу, Чүй суусунун оң жагына кое берип, Чагатай Күнтууган уулунун Кунантору деген күлүк аты чыгып, беш жүз сом байгени алган (Мен бул ашта болдум). Ушул жылы күзүндө Ысык-Көлдөгү сакай саягынын манабы жана байы Канкелдинин Айчүрөк деген катынына аш берип, кедейден түтүнгө бир кой алып аш берип, кочкордук сарыбагыш манабы Көбөгөн Шыгай уулунун чаар аты чыгып байге алган. Конокко беш жүз үй тигилген.

1900-жылы октябрь айынын аягында Токмок шаарынын алкымындагы Кызыл-Туу деген жерге

атактуу манап Соронбай Кудайар уулунун ашы берилип, келген коноктор солто уругу кыргыздар конокту жакшы күтпөдүк деп, айылындагы кедейлерди уруп-согуп, бир далай малын талап алган: Ал кедейлер Токмоктогу приставга арызга барса, Соронбайдын Дүр деген манап баласынын тилин алып, пара жеп ал бечараларды набактыга камап койгон. Бул ашта мен болдум. Эки миң үй тигилип, отуз беш миң киши келген.

1901-жылы Ысык-Көлдүн Ылаколунда турган саяк манаптарынан Баатыркан бир тууган агасы Байбек дегенге аш берип, төрт күн конок алып, эки миң үй тигилип, он беш миң киши келген. Бул ашка мен кетип бара жатып Ылаколдо ушул аш берген саяктын айылында бир кедейдикинде кондум. Биз жыйырма чамалуу киши элек. Жарды байкуш конок кыларга эч нерсе таба албай, саан уйунун жалгыз музоосун соймокчу болду. Мени ээрчип бара жаткан жолдошторумдун аксакалдары союуга ыктыяр болду. Мен бечаранын жалгыз музоосун сойгондо эмне пайда табабыз, бир күнү жарма ичип жатсак болбойбу, мунун музоосун кое берели дегенде алар макул алышып, коё бер десе, баягы бечара музоону коё бербестен: «Айланайындар, кокустан Баатыркан укса менин жалгыз музоолу сыйырымдан айырып, өзүмдү катын-балдарым менен эки-үч жыл жумушун кылдыртат» деп ыйлап жибергенде биздин жолдошторубуздан бир жигит тура калып музоону колунан алып, бир күнү кара суу ичип жатсак дагы ыраазыбыз, ооруган киши деле суу ичип жатат турбайбы, биз болсок денибиз таза турбайбы деп музоону колунан алып коё бергенде: баякы жигит сүйүнгөндөн дагы ыйлап, эки казан нан жаап берип, козу карын май бар экен, ошону менен конок кылды.

Кыдык Саке дегендин аты чыкты. Атты отуз чакырым жерден коё берди. Сүрөө Дубананын бели болду. Мен ушул барганымда Марбулактын чалдыбарын текшердим. Бул аштан бир-эки жылдан соң

сарыбагыш манабынан кырк жигит Бектендин ашы берилип, миңдеген үй тигилип, кедейлерден Тиштек менен Аксакал сайышып, Тиштекти Аксакал сайып өлтүргөн. Кедейдин өлгөнү иттин өлгөнү деп, бай-манаптар бастырып кеткен.

1908-жылы Суусамырдагы манап боркемик уругунан Райымбек Калча уулунун ашын Суусамырдын күн батыш Төржайлык деген: жерде күздүн күнү берип, аштын чыгымы кедейдин мойнунда болуп эки жактан эки кедей сайышка чыкканда, биринчи сайышта эки найза белинен сынып кетип, экинчи сайышканда аксакал Эрназар дегенди сайып өлтүргөн. Анын куну деп бир тогуз мал айып берген. Бай-манаптары олжо деп талап кеткен. 1910-жылында Жумгал саягынын манабы Түркмөн атасы Зарыпбекке аш берип, атты элүү чакырым жерге айдаган. Төрт ат жинигип өлгөн. Аштын чыгымын кембагал кедейлер тарткан. Чабылган ат бир жүздөн артык болуп, Нарында турган манап Калпа Келдибек уулунун Каракашка аты чыгып, байгесине төө баштаган үч тогуз жана жүз кой алган.

**Шабдан Жантаевдин ашы**. Шабдан Жантаев 1839-жылында жайында Боомдун капчыгайынын күн батышы Көк-Жар деген жерде туулуп, он жети жашка келгенде журт ишине аралашып, илгерки кыргыздын кан соргуч феодалдары катары кырк жигит жыймакчы болуп бир аз жыйып, Узун-Агач согушуна аралашып, андан Ташкендеги өзбектин улугунун алдында бир канчалык туруп кайтадан келгенде 1862-жылы орус колонизаторуна ыктыяр болуп табы болгон. Ошондон баштап Никелейдин кызматын кылып, 1875–1876-жылдарда Ферганааны орус колонизатору алганда барып жардам көрсөтүп, ушул үчүн войсковой старшина милиция ченин алган. 1912-жылы 6-апрелде Чоң-Кеминде өлгөн. Тогуз катын алып, төрт катынынан беш эркек бала калган. Өлгөндө ар жакка кабар берип, Алматы, Пишпек, Нарын, Караколдон келген кишинин саны миң

чамалуу болуп, бүткүл жаназасына киришкени жети миң кишиче болгон. Кембагал, кедейден жыйналган үч жүз элүү жылкы, 2500 сом, тогуз жакшы ат ээр-токуму жабдыгы менен үч атка кошкон бир пабаска араба, жыйырма ичик, жыйырма кымкап, сексен бейкасам жана 450 сомдун кездемеси молдого жана элге берилди. 9-апрелде сөөгү коюлуп, келген эл 10–11-апрелде тарады.

Ошондон баштап кырк ашында дагы бечаралар чоң чыгым болуп турду. Ашка чакырылган эл 7-октябрден келе баштады. Казак, кыргыз, дунган, орус, ногой, уйгур жана бир жүз казак-орус төрөлөрү дагы келип, бүткүл баарынын саны элүү миң чамалуу киши болду. 10-октябрден 15-октябрге чейин тамашасы болуп, биринчнсинде кемегеге ат чабылды, анан кунан чабылды. Бурана, шамшы, тынай, атайке жана сарыбагыш баары баш болуп, беш болуш элден конокко бир миң беш жүз, ашканага миң түтүн тигилди.

Аш Кичи-Кеминдин оозу азыркы Үч-Урук кыштагында берилип, тигилген үйлөр Боролдойдун шилесине чейин болду. Сайышка казактан Макыш, кыргыздан Сабыр чыгып, беш-алты сайышып жеңише албады. Экинчи сайышта Аксакал менен Кеминдеги жантай кыргызынан Жусуп чыгып, Жусуп Аксакалды биринчи сайганда аттан кулата сайса да, Аксакалдын найзасы Жусуптун табарсыгына тийип, ошондон эки айдан соң өлдү. Сайышка түшкөн төрт киши төртөө тең кедей, батрак болгон,

Конокко он миң кой, эки миң жылкы союлуп, мындан тышкары кедейдин ар түтүнүнө он беш сомдон чыгым түштү. Чыгым бербейбиз деген кедейди конокко келген уезд пристав каматып турду. Сүрөө Боролдой болуп, атты 14-октябрде айдап барып, Токмоктун тушуна түнөтүп, эртеси 15 числада кое берген. Солто ичинде күнтуу деген элдин чаар аты чыгып, байгесине беш миң сом алды. Экинчи ат жумгалдык саяк Бекболот дегендин Нарынбаш деген кызыл аты болду. Жыйырма беш атка байге коюлуп,

соңгу байге бир ат, элүү сом болду, он бир атка чейин кыргыз аты болуп, он экинчи ат англис тукумунан Жакерия, Ташкенден келе чабылып, ушул болду. Он сегизинчи ат Акбекеттеги сарайчы орустун аты болду. Калган аттар кыргыз, казактыкы.

Күн абдан ачык, жер чаңдуу болду. Мындан башка мечит-медресеге Токмоктогу кыраатканага жана Шабдандын күмбөзүнө болгон чыгым он миң сом чамада болуп, Шабдан өлгөндөн соң эл тараганча ортодогу болгон чыгым бүткүлү менен кембагал-кедейдин мойнуна түшүп, ыйласа да, сыктаса да, зарласа да бир тыйын калтырбастан берди. Шабдан өлгөндө жана ашын бергенде мен ичинде болдум. Совет өкмөтү курулгандан соң Нарында Касымалы, Чүйдө Дүр, Кетмен-Төбөдө Керимбайдын аш бергендери болду. (Соңкусу той берген).

### Баатыр

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Кыргызда «Баатыр алтоо, бай төртөө, кедей сегиз, бий жалгыз, кул тогуз» деген эски макал бар. Демек баарынан кедей көп, кул көп, анан баатыр, анан бай, анан бий.

Кыргыз кандайды баатыр деген? Кыргызда баатыр алты даражага айрылат.

– Октон-чоктон кайтпастан, алды-арты, аз-көбүнө карабастан, жоо миң киши болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай чимирилип жалгыз качырып, күндүз, мейли түн болсун, тоо улуусу аң-кемерди көзгө илбестен жоого тийип, жоону кайта-кайта аралап салышып, быт-чытын чыгарып качырат. Же өзү талкаланат. Мындай баатырларды «Адам шери» деп атаган. Мындай баатырлар кыргызда боло келген, биринчи баатыр ушул.

– Жоодо жаралуу болуп калса да, маселен, колу сынса мойнуна тагып асып коюп, буту сынса кан-

жыгасына байлап коюп урушкан. Жарага өтө чыдамдуу болуп көтөргөн, башынан аккан кан көзүн көрсөтпөй каптаса шыпырып коюп, согуша берген. Суусап кетсе атынын терин жалап жүргөн. Мындай баатырды «Кара көк же көкжал» деген.

– Жоонун ыгына жараша урушуп, ыгы келген жерде жалгандан качымыш болуп, жоонун аты талып, өздөрү чарчагансып бириндеп калган чакта кайта качырып сайып алат. Жоонун аз-көбүн билмекке качырткы салат. Жоо качырып, чарчатар жагын көздөйт. Эгер жоодон чындап качып калса, аты чабал жолдошторун алдына, тандамал жигиттерин артына коюп, анын соңунан өзү түшүп, жоону жолдошторуна аралатпастан улам-улам тосуп, согушуп, илгери жибербейт. Тоолуу бийик бек жер болсо, аттуу, жөөлүү болуп (ит урушун салып) согушат дейт. Эгерде жолдошунун аты жүрбөй калган болсо, жоодон ат түшүрүп, аны мингизип ала жөнөйт («Качсам да бир ат олжом бар, куусам да бир ат олжом бар» деген баатырлардын макалы ушул). Мындай баатырдын жолдошторуна чоң пайдасы болгондуктан, согушка мындай баатырларга карамалап, аскер көп пааналайт. Макталуу баатырлар ушул болуп, буларды «Илекор баатыр деген.

– Жанына жолдош албастан, алыс-жакынга жеке өзү жүрүп, жылкы алат. Жоосун жоолойт. Мындайларды «Жеке баатыр» деген.

– Өзүнөн башка жолдоштору баатыр жана теңтуш болсо, алар менен бирге жүрүп, өзү жоодон коркуп качайын десе да жолдошторунан уялып качпастан урушуп жүрүп, ошого дагдыланып, кийин баатырлыкка чыгат. Мындайларды «Ээрчиме баатыр» атаган.

– «Мен дагы элдей эмесминби, тигилерден кантип кем болоюн» деп анык баатырларды туурап жоону качырып, дайым жоого түшөт. «Айласыз баатыр чочкого чабат» деген макал ушундан калган. Баатыр алтоо деген ушул.

## Кул, күң тарыхы

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Кыргыз ичинде кулдун тукуму, кулдар деген өтө көп. Кул-күңдү тогуз түргө айырат. Ата-бабасынан бери кул-күң болуп келгенди «Боору такыр кул» атаган.

Бай-манаптын кызматында жүрүп, күн-түн отун алып, суу ташып, от жагып, короо кайтарып жүрүп, тууган күңдүн балдарын «Үйдө туума» деген. Жаки «Тондуу кул» атаган.

Эрсиз ойноштон тууган күңдүн баласы – «Төшкө жатар» аталган.

Кыз бергенде жумшатып берген «Жумшатылып келген» деп аталган. Калыңга келген кул-күң.

Жоодон түшкөн кул «Олжо кул» аталган.

Урук, эл-журттун билбеген дарексиз келип туруп калган «Түпсүз кул» атаган. булар тууралу макал: «Башы мукул, аягы тукул, сайда саны жок, кумда изи жок, жетесиз кул» деген.

Сатып алган кул. Муну «Кесик кулак кул» деген. Кул-күң уктап калса кол менен ойготкондон намыстанып, буту менен тээп ойготкон.

## Бүркүт

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Бүркүт тууралу сүйлөгөндө жоо баатыр кандай баатырлык кылса, бүркүттү ушул даражада көрсөтүп, анын эрдигинен толук маалым берет. Ошолордун мисалга төмөндө бир нечесин көрсөтөмүн:

1. Кокондуктун заманында бугу кыргыз Шапак уругунан Томонун, Сары эжи деген кыраан бүркүттү болгон.

2. Тынай кыргызынан Жумаш уул уругунан Кулукенин атасы Он-Бир-Жылганын оюна бүркүтү

талпынганда кое берсе, Кегетинин коосун келип конуп калган. Чугоюп келсе, Кегетинин коосунун ичинде эки күчүгү менен бир жолборс жатыптыр. Жардын кашатында олтурган бүркүтүн чырга тартып кондуруп ала кайта жөнөгөн.

3. Карыган чалдын жалгыз баласы өлгөндөн соң, кайгыдан үйдөн чыкпай калганда курдаштары көңүлүн ачмак үчүн бүркүт салганы келе жатса, эки бүркүт бир качырган бүркүт жибербестен, улам жолдон эңип алып турган. Экинчиде качырганда ал качырган бүркүт чыкпай калып, артынан бара жаткан бүркүттүн бири шаңшып, кайта асманга атып чыгып ташка тийип өлгөндө, экинчиси качырып кирип, найза бою таштап көтөрүп жиберип шаңшыган боюнча башка жакка сызып жөнөгөн. Булар барып караса, мурункусу баласы тиги экөөнүн бири энеси, бири атасы. Каман тура албай жатканда тигилер өлтүргөн. Муну көрүп турган абышка «канаттуу куш ташка тийип өлгөндө, менин жаным недир» деп, өзү бычакка түшүп өлгөн.

4. Кокон заманында Текесте бир жапайы бүркүт бир серпүү менен бээни жарып өлтүргөн.

5. 1840-жыл чамасында саяк кыргызынан Курманкожо уругунан Чычай деген бүркүтчү үйрү тобу менен карышкыр, эчки, теке алган. Кара чолок деген бүркүтү болгон. Бир буту жыгачта калып, бир буту карышкыр, теке, куранга кеткен бүркүт көп болгон. Бүркүт качырып бара жатканда кыска боосу ташка тие түшкөндө жулунуп калып, ага буйдалбастан качырганына таштай болуп тийген бүркүттөр көп болгон.

6. 1867-жылында сарбагышта жантай уругунан Дуулат Смайыл уулунун бүркүтү доңуз алып жүрүп, бир кезде каманга салса, чалып өлтүргөн.

7. Калмак заманында бир жигит качып келе жатса, жолдон бир карышкыр кошулуп, алиги жигит бүгүн болбосо да, эртең мени жебейби деп зарлап олтурганда зуу деп асмандан дабыш чыкканда,

карышкыр кабакка качып кирген замат артынан чөйчөктөй болгон бирөө кошо кирген. Чуркап барса карышкырды бир буту менен боордон алып, бир буту менен оозунан капшыра чеңгелдеп көзүн чукуп жеп жаткан экен. Жигит карышкырды жара тартып өлтүрүп, жүрөгүн, боорун, тилин бүркүткө беремин деп алып, бүркүтүн көтөрүп жөнөгөн. Бүркүттүн бутунда кыска боосу, мойнунда шурусу, билегинде күмүш билериги бар экен. алты-жети күндөн соң эл караанын көрүп, достошуп кое берген.

Сары-Колдо аюу алган, Шаярда бугу алган бүркүттүн анык барлыгын 1916-жылында уктум. Турпанда жапайы бүркүт теке алганын көргөн кишилерге оозмо-ооз сүйлөштүм. Байза бүркүткө жейрен алдырып жалпысынан ырас, Бөлөкбай уругунан 1961-жылы 88 жашында өлгөн Тугулчу уулу Жунуш 1854-жылы чамасында агасы Өтөгөн экөө Көк Уянын Жаңгызы деген бүркүткө жана да бир бүркүткө бир жылда 300 дөн ашык түлкү алдырып, ногой кербенине бир жүздөн аша кысыр калды койго саткан. жети-сегиз жылдан соң эликтин текесине салып, бир буту эликтин башында, бир буту шилисинде калып өлгөн. 1928-жылы Нарынга караган Ажы районунда таштоокум Султанаалы дегендин уя бала бүркүтү Төлөктүн кара жонунан бир кулжа алган. Бүркүт салыш көбүнчө бай-манаптын кесиби болсо да, жан сактоо үчүн кедей чарбадан салганы көп болгон.

## Тайган

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Тайган тууралу илгертен калган ылакап-макал:

Ит кыраанЫ тайгандыр,
Тайганды таптап салгандыр,
Тамактанып тойгондур.
Табам десен тайган тап,
Жакшы таптап, жакшы бак.

Табын билсең тайгандын,
Табылганы таалай бак.
Туйгунду күтпөй тайган күт,
Тайганды багып тойгун журт.
Туйгунду салбай, тайган сал,
Тайганды салган тапкан мал.

Тайган каман, илбирс, бугу, марал, аркар-кулжа, эчки-теке, карышкырды тобу менен алган. Тайгандын кыраандыгы жогоруда айтылган. Аңдардын кайсынысы болсо да бир тиштөө менен ооз омурткасын былчырата тиштеген. Бир серпип өтүү менен толорсугун сууруп таштаган. Жаки жото жилигин бычырата тиштеген. Алгьгр тайганы бар айылга түн ичинде эч убакта карышкыр келбейт. Кыргыз күлүк ат, бүркүт, шумкарды кандай көрсө, тайганды да ошондой ардактайт. Тайган салышка кыргыз өтө уста болуп, аны көбүнчө кедей чарбасы салган. Тайгандын эрлиги тууралу илгертен айтылып келе жаткан эски сөз бүркүттүн икаясынан аз эмес. Мисалга, алардан аз маалымат берейин: Ат-Башы, Нарында бир мерген тайганын алып, ан уулап чыкканда, бир аюу капылеттен качырып чыгып, шашкан мергенчи ата албай калып, аюу кол саларда тайганы бурдап кеткен. Жана кол салууга жакын калганда дагы бурдап кеткен. Мерген мылтыгына ок коюп атып жибергенде, аюу чалкасынан кеткен.

Жолборско кол салган тайгандар болгон. Мисалы, кабарда 1840–50-жылдарда бугу кыргызынан Балбай Эшкожо уулунун бир жылда жүздөп бугу-марал, аркар-кулжа, эчки-теке алган Актаман деген тайганы жолборс алган. Тайгандын анык кыраанын кумайык деп кыргыздын билишинче аны көк жору тууп, туугандан үч күнгө жете киши көрсө кумайык (тайган) болуп, андан өтсө жорунун балапаны болот. Таза тайганды тайганга, жаки түркөй иттин жакшысына салыштырганда башка дөбөткө буздурбас үчүн чагыша замат муздак сууга салып алат. Күчүк чагынан сөөк бербейт, чийки эт бербейт, итке талатпастан,

эр жүрөк кылып асырайт.

Кыраан болор тайгандын сыны: 1. Кабагы тик болот. 2. Тумшугу ичке, узун болот. 3. Көзү кып-кызыл. 4. Сырты октой жүз. 5. Мойну жумуру. 6. Оозу өтө чоң. 7. Бели кыска. 8. Эки жанбашын кошкону эни төрт эли, жаки андан да кең. 9. Толорсугу тик. 10. Беш манжа-таманы кууш, кичине. 11. Туу куйругунун түбү жоон болот. Таза семиргенде каңта конок көжө берип байлап, салар чакта шорбакта берет. 1770–80-жылдарда солто уругунан Жамансарт Кошой уулу Какбаш деген тайган менен үч жүз чамалуу чөөгө кезигип, токсон бирин атып өлтүрүп, токсон чөөнү тайган өлтүргөн соң качкан.

**Тайган жөнүндө**

*Инв.№312. 2-дептер . 1-10-б.*
*Жыйнаган: Чоробаев*
*Айтып берген: Өмүраалы Чоңбала уулу 84 жашта*
*Кош-Булак колхозу 1956-ж.*

Тайгандын күчүгүнөн багып жүрүп, коёнго агытып кубалатып машыктырат. Кийикке машыктыруу жолу болсо адегенде кийикти атып боордон кулатып таштайт сойору менен. Камын берип тойгузган соң. Эртесине чейин ачка кылып мойунунан жетелеп алып жүрөт дагы кийикти көрсөтүп агытат. Мойнунда каргы болот. Каргыга байлаган жибти чечиб алыб, колду шилтеб жаңсаб көндүрөт. Ошо шилтеген жакка карап кийикти көрөрү менен умтулуб чуркайт.

**Куш, чүйлү, тынар, ителги**

*Белек Солтонкелди уулу Солтоной*
*Кызыл кыргыз тарыхы. Б.,1993*
*2-китеп 186-196-б.*

Куш, чүйлү, тынар таптап салуу. Аялы куш эркеги чүйлүү болуп, туйгун түш, чүйлү, тынар кыргый бир уруктан сыналат. Булардын ичинде туйгундан соң балким туйгунчалык кыранны тынар (кара кашка тынар) атагын алып, өтө кыраан болот. Булар башкалардай эмес, келгин куштан саналып, мында кыштап калганы болсо, аны «кыштоочу» дейт, Уяда аз гана кармап, көбүнчө торго кармайт. Кушта атактуу кыраанын «Тууруk таман, түз көз дейт». Куш салуу көбүнчө байманаптын кесиби болсо да, илгери ачарчылыкта бир чүйлү салып, жети үйлүү кишини Жумгалдын аягы Карачылуу Кармен түз деген жерде сарбагыш кыргызынан Тынай Түлкү уулу асырап чыккан.

Атактуу кыраан куу шумпай ылаачындан чыгат. Балким күйкө шумкардан кыраандыгы артык болсо болор. Тим болбосо тең болот. Ителги менен ылаачындын ортосунан баар туулат Ителги, шумкар, ылаачын, баардын насили бир болгон үчүн баарын бир жаздым.

Бийик тоонун башындагы зоолорго тууйт. Бийик зоодо туугандыктан уядан баласын алууга өтө кыйын. Арка кыргызында ошондой шумкардын тууй турган атактуу уясы Семетейдин Акшумкарынын Арпадагы уясы. Ал тууралу семетейчилер мындай деп ырдаган:

Арпанын башы жайыктан,<br>
Ак жумуртка туюктан.

Бул уя турган тоону 1920-жылы мен текшерип көрдүм, бирок уяга барбадым. Андай бийик зоо Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ысык-Көл, Чүй өзөнүндө жок болсо да, андай бийик эмес. Ал жерде уянын барлыгын, жоктугун текшерип сураганымда мындайча жооп берди: Сарыбагыш кыргызы чертики уругунан Шопок уулу деген жигит 1886-жылында Кытайга караган чоң багыш кыргызынан жылкы уурдап келе жатып, таң атарда шашканынан Акшумкардын уясы деген Арпадагы чырмалыштын зоосунун жылгасын өрдөп барып жатып калат. Үстү жагындагы

бийик уядагы уядан Акшумдардын үч-төрт балапанын көргөн (Шумкардын кырааны уяны бийик, суук зоого салып, карабайыр ителгилер жапыс аскага тууйт). Бир шумкар кечке чейин ал балапандын уясына он чакты казды бөктөрүп келип таштап кеткен. Ал зоодо уя көп болуп, уялардын түбүнөн коктуда куурап кат-кат болуп чирип үйүлүп жаткан каз, куу, суур жана кичине тоодак, кийиктердин сөөгүн көргөн. Арпаны жердеп жүргөн элдин берген кабарына караганда; 1898-жылы кышында саяк кыргызынан Мусакожо Келдибек уулу Арпага сайрандап келип, асмандан топулдап түшүп турган калың өрдөк, казды терип алган. Жана ал жердеги жылкычылар эки-үч атка сылай жүктөп кеткен. Асманды карап турса, бир куба шумкар (куукумпай, жаки күйкө шумкар болорго керек) бир далай каз менен өрдөктү Арпанын башындагы уяны көздөй тийип кеткен.

1906–1907-жыл чамасында Арпада калың өрдөк асмандан топулдап түшүп, корголоп атканда бир далайын кармап алган. Булардын жүрөгү кабынан чыгып кеткени болгон. Шумкарды тоодакка, казга салганда кээ чакта ээсине салган жерине олтурат. Канчалык алыс учуп кетсе да жана калың илбээсин болсо, аларды ээсинин үстүнө айдап келип кырат.

1850–1860-жыл чамасында Чоң順Кеминде мындай окуя болгон: ителгинин уядагы балапанын алууга эки киши келсе (аты жазылган кагазымды жоготтум), эки-үч балапанын бир бүркүт жеп олтурган уяга бир ителги келип, бүркүттү тепкилегенде бүркүт уядан учуп, жакын жердеги ташка конот. Андан ителги тепкилесе бүркүт тоотпой олтура берет. Ителги баркылдап учкан боюнча Кеминдин аягына карай кетет. Тезинен ак ителгинин баркылдаган үнү чыкканда бүркүт шашкансып учуп калат. Ителгиден мурун кичирээк бозу ителги (шумкар болуу керек) бүркүттү бир тээп өткөндө жүнү бурай түшөт. Жаза тээп калса керек. Чакмак уруп атып чыгып, көкөлөй түшүп жана тээп өткөндө бүркүт далдая барып

жерге түшүп, канатын чапкылап калган. Эки ителги кайта жөнөп кетип, эки киши барып караса башы талкаланып калыптыр. Ителги шумкардын мындай икаялары көп. Баарын жазып отурса, өзүнчө чоң китеп болот. Ителги, бүркүт, ылаачын, шумкар, баарынын табы жакын болгондуктан ажыратып жазууга макул таппадым. Бүткүл канаттууну салууга таптаганда көбүнчө уйкусун алып, этине келтирет

Ителгиге (шумкар, ылаачын) томого кийгизет. Куш, чүйлү, туйгун, кырдый, тынар тамакка ысаптуу болуп жана заңдаганга абдан таза болот. Бир жерине дагы жугузбайт. Ителги (шумкар), бүркүт, ылачын, турумтай, сук жана ачкарак, булганч, кара борчо болот. Таза шумкарлар анчалык болбостон, туйгун катарында болот.

## Кыргыздын үрп-адаты

*Инв.№117. 1-71-бб.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

Боюнда бар зайып күүгүмдө суугa барбастан, мүмкүндүгү болсо түндө эшикке да чыкпаган, бакшы-бүбүгө сыйынуу иштерин колдонгон.

**Толгоо.** Боюнда бар зайыптын ай-күнү жетип, толгоо кире баштаганда, бақанды түндүккө бек тиреп коюп, төрөөчү зайып бақанды бекем кучактап кармайт, зайыптын арт жагынан отуруп бир карылуу киши кучактап бекем тартат. Ал кишинин артынан да ошол сыяктуу биринин артынан бири катар отуруп, күч менен тартышат. Кайсы бир зайыптын эси оосо, «албарсты кара басты» деп, зайыпты камчыга алат (албарсты дегендин чоңдугу беш-алты жашар кыздай, ыраңы сары, чачы менен эмчеги жерге сүйрөлүп жүрөт. Бул албарсты ар бир жерде болуп, түн ичинде үйлөргө келип, бошураак кайратсыз ки-

шилерди басып эсин оодарат жана үйдүн жанына кичинекей от жагып да кетет. Бул албарсты төрөп жаткан зайыптын өпкөсүн сууруп алып кетип, суучу салып жиберсе, зайып өлөт. Суучу көтөрүп бара жатканда куучу келип калса, албарстыны кууп: «сал эле сал, сал өпкөнү, сал!» деп кыйкырып айдап келип, өпкөсүн кайта салдырып, зайып кайта тирилет. Бул албарсты эч бир кишинин көзүнө көрүнбөйт – жалгыз гана куучунун көзүнө көрүнөт. Талаада мал багып жүргөн малчылар албарстыны кокусунан кармап алып, токмоктогондо албарсты бардык билген дубасын үйрөтүп, андан кийин ал киши куучу болуп калат. Бу куучу жүргөн жерге албарсты жолобой качат. Кайсы жерде албарсты бар экени куучуларга ачык белгилүү болот. Төрөп жаткан зайыпты кара албарсты басканда куучуну чакырып барган киши баатыр деп барат. Өз атын айтып чакырса, анда куучунун күчү кетет. албарсты бүркүттөн да качат. Албарстыны киши кармап алганда ал эки эмчегин эки ийнине арта салса кишин албарсты жеңип өлтүрөт. Ийнине арта сала албай калса, киши жеңип, анда албарсты кадимки кишиге жалынат. Каны бир аз токтоп жаткан кишилер да түндө мени албарсты басты деп ишенет. Куучулар өздөрү келбей, камчысын берип жиберсе да албарсты качат.

Албарсты көк улак болуп да кубулуп журтта жатканын кармап алып өңөрүп бара жатканда кишиче сүйлөгөндө чочуп коё берген кишилер да болгон). Бул сыяктуу ишенимдер талаадагы кыргыздарда эң көп болгон.

Бала төрөлгөндө баланын киндигин кескен зайып «киндик эне» болот. Киндик энени киндик энем деп өмүрү өткөнчө сыйлаган.

Бала төрөлгөндө айлыдагы эркек, зайып, бала-чака баланын ата-энесинин камдап жүргөн май-курутун жентек деп жешет. Жентекке деп арнап карынга сары май куят. Ошо карын май бала туулары менен бузуп, баланын оозуна май салат. Келген кишилер «Бешик бооң бек болсун!» деп алкыш айтып келет.

Эгер уул туулса баланын атасы мал союп той берип, бир аксакал кишинин алдына сый устукан тартып, колунан келсе ат мингизип, чапан жаап, балага ат койдурат. Кыз балага андай кылынбайт.

Балдары токтобой жүргөндөр бала туулары менен бирөөгө берип жиберип бир топ күн, же бир нече ай, же бир нече жылдан кийин мал, бычак, шибеге жана темир-терсек берип кайта сатып алат. Көбүнчө мындай балдар чындап эле өлбөй токтоп калган. Кээ бир ага-тууганы эркек, кыз балдарды асырап бала кылып алып, үйлөндүрүп, энчи берген. Элөөсүз калсын деп, балага эң жөнөкөй аттар коюлат, мисалы Бокчу, Күчүк, Чегиртке, Кыйшык, Шалпык, Курумшу, Туткуч, Аккүчүк ж.б.

**Жентек**. Жаңыдан бала төрөлгөндө ата-эненин куда, достору жентектеп мал, чапан, тамак алып келишет. Айылдагылар да жентектеп тамак-аш алып келет. Баланы көрүп келгендер көрүмдүк деп, көрүмдүк беришет.

**Баланын кыркын чыгаруу**. Бала туулган сон кырк күн толгондо баланын энеси бүтүн айылды кыдырып кырк бала көйнөк чогултуп келген, анан майда чүпүрөктөн курап балага көйнөк тигип, айылдагы байбичени чакырып, баланы кырк кашык сууга киринтет. Аш-тамак даярдап, эл чакырып даам берет.

**Баланын чачын алдыруу.** Бала төрөлгөндөн кырк күндөн кийин эркек жана кыз баланын чачын тай төркүнүнө тартуу-тартмак (белек-бечкек) камдап алып барып чачын алдырып келген. Чач алган тарап (тай акеси) мал, колунан келсе тай энчилеп берген.

Кыз бала бир жашка чыкканда ушундай эле тай жагына барып, кулагын көзөтүп, иймек салдырат.

**Мурут серпүү**. Эркек бала кара мурут болгондо мал союп алып, ат коштоп атасынын бир досуна (аяш атасына) барат. Ал досу жигиттин мурутун серпип, ат мингизип, тон кийгизип узатат.

**Кудалашуу**. Кыргызда кудалашуу көбүнчө эки киши дос болуп, ысыксырашып жүрүп, балдары эң

эле жаш кезинде кудалашат. Эрке баланын алдуу киши болсо бир тогуз мал менен кыз атасына куда түшөт. Баш аттын көкүлүнө тутам кебез байланат. Бу кишинин куда, достору да бирден бодо кошумча кылып, куда болуп бирге барат. Зайыптар да кудагый болуп аш-тамак бышырып алып барат. Кыз атасы да аш-тамак даярдап , эл чогулуп куда тоюн жешет. Кыз атасы да тогуз малга (жараша) кийит кийгизет. Эгерде эки тогуз, үч тогуз калың келсе, анда кыз атасы да баалуу ичик, дейилда, кымкап тон кошуп кийит кийгизип узатат. Мал кошумча кошуп куда менен келгендерге бирден чапан кийгизет.

Күйөөнүн аты ким деп кыз атасы сурайт. Күйөөнүн аты айтылып бир атты күйөөнүн атасы бермек болот. Эми кыздын аты ким экен деп уул ата жагы сурап, кыздын айтылат да, кыз атасы бир чапан берет. Уулдун атасы куда менен көпчүлүктүн алдында ордунан туруп кыз атасына карап, эки колун бооруна алып «кулдугум бар» деп башын ийет. Кыз атасы: «Кулдугуң кудайга» дейт.

Кыргызда кайсы бирлери уул, кызы бойго жеткенде эле кудалашат. Уул, кыз бирин бири жактырганда гана ата-энелер куда болушат.

XIX кылымдын 60-70-жылдарына чейин күйөө кызды ала качуу деген бир да болбогон. Эгер кокустан бир ала качуу боло калса, эки айыл же эл жасоо курап, жылкы тийип кеткен. Эр өлүп, чоң калбаа чыккан. Кыргыз эли россия падышачылыгна карап баш ийгенден баштап, кыз ала качуу ал гана турсун кызды үйдөн тартып кетүү кайындуу кыздарды башка кишилер ала качуу көбөйгөн.

Кызга куда болууга арачы болуп баруучу киши жуучу дейт. «Элчиликке өлүм жок, жуучулукка кордук жок» деген ылакап сөз бар. Эскертүү: Кудалашууда ар ким оз теңине карап кудалашкан. Мисалы, бай менен бай, жарды менен жарды. Кызда эрк болбостон атасы билген. «Кыз буйлалаган төө болот» деген да, кыз баргандан кийин балалуу болуп көнүп

кетет деп узата беришкен. Күйөө атасы кыз атасына «согум» деп ар кыш сайын мал берген.

**Күйөөлөп баруу** (жүз көрүшүү). Күйөө менен кыз бойго жеткенде күйөө кызга күйөөлөп бармакчы болуп, жанына бир күйөө жолдош алып, мал коштоп, койдун этин бышырып, кешик камдап күйөө жолдош атына артынып жөнөшөт. Күйөө кайынын айылына барып, кабакка түшүп отурат. Күйөө келиптир деп кабар болгондо, айылдан эки бала келип күйөөлөрдүн аттарын минип чаап айылга барганда айылдагы зайып, балдар келет, күйөө жүгүнүп учурашат. Куржундагы кешикти ошо жерден эле ачып жеп, үйдө калгандарга ала кетишет. Анан күйөө жөө басып барып, келин-кыздар күйөөнүн үстүндө оюн-тамаша кылып отурат. Караңгыда кызды алып келишип, үйдүн жыртыгынан күйөөнү шыкаалатып көрсөтүп кайра алып кетишет. Кайын жеңелери күйөөдөн көрүмдүк деп алып, кызды көрсөтүп, күйөө менен бирге тамак жедирип, кайта кызды алып кетет. ошондо кыздын ата-энеси күйөөнү көрөт. Эртеси күйөө менен күйөө жолдошко чапан кийгизип, атказып жиберет.

**Таңуу**. Күйөө экинчи жолу күйөөлөп келгенде жеңелер кайын эне менен күйөөнү кошоктоштуруп таңабыз деп сүйрөмөк болгондо күйөө бала жеңелерине союш мал же башка тартуу тартат. Муну «таңуу» деп коёт.

Бээ кармоо. Куданын жылкысы кыз атасынын айылына жакын жер менен айдалып бара жатканда анын ага-туугандары бир бээ кармап алат. Ошондо бир жакшы тон кийгизет.

**Үй жанына баруу**. Күйөө жолдошторун көбөйтүп, мал коштоп барып кабакка түшөт. Зайыптар баягыдай күтүп алат. Күүгүмдө күйөөнү кайын атасынын үйүнө алып барып жыртыктан шыкаалатып, кайын ата, кайын эне, баарын тааныштырат. Зайыптар мында көрүмдүк алат. Күйөөнү атайын тигилген үйгө алып келип, кызды дагы алып келип, жеңе-зайыптар: «жеңетайыбызды бер» деп доолап алып, кыз

менен күйөөнү бирге жаткызат. Эскертүү: мындан кийин күйөө канча келсе да кызга чындап катыша албайт.

**Такыя сайуу**. Күйөө мал жетелеп жолдоштору менен баштагыдай эле барат да, бирок мында эл көп чогулат. Такыя деп типтик кылып, төбөсү учтуу болот, асыл бермет шуру бастырылып тигилет. Кыз муну кийип, такыянын үстүнө шөкүлө кийип отурат. Кыздын жанына кыз-келиндер тегеректеп отуруп «бек отур» деп айтышат. Ал эми күйөөнүн жанына азаматтар чогулуп «түз сая көр» деп айтат. Күйөө колуна узун таяк алып, шыкаалап туруп такыяны саят. Жаза сайып калса күйөө айтат: «комутта калдым, кайта сайам» деп, бир комут мал берүүгө милдеттенет да, жана да сайат. Эгер сайбайм десе, сайбай деле койот. Бул такыя сайууда жакшы гана той болот.

**Кыз куудуруу**. Айтта күйөө мал жетелеп келип, күйөөлөп жатат. Эл эң көп чогулат. Биринчисинде «шайтан мойнун сындыруу» деп, бир зайыпты күйөө жолдошко куудурат. Күйөө жактан кадиктүү бир атын кыз жак жыгып алып, кызга мингизет, күйөө кыз тараптан бир атты кадырын салып сурап алууга акылуу. Бир киши кызды коштоп чыгат да кызды күйөөгө куудурат, жетсе күйөө кызды камчы менен далыга бир сылап өтөт. Жетпей калса, дагы кууйм десе, бир ат берүүгө милдеттүү болуп кууйт.

**Жооп суроо**. Күйөөнүн атасы бир канча малды кыздын атасына жетелеп барып, эми канча мал берем, кызды качан бересиң деп жооп сурайт. Кыздын атасы өз абалына карап, малдын санын көрсөтөт. Эки тарап тең бай болсо эки жүздөн кой, жүздөп бодо: төө, жылкы (тогуз төө, тогуз жорго, элиндеги бир күлүк атты жана «баландын төөсүн бер, баландын жоргосун бер» деп, бир канча жамбы салат. Уй менен эчкини калың мал катары санаган эмес). Күйөөнүн атасы калың малдан бир канчасын бергенден кийин, күлүк ат, төө, жорго коштоп келип, салынган малдан өтүү-

кечүү сурайт. Кыз атасы куда мүмкүн болушунча өтүп кемитет. Кыз атасы соодага мал айдатып кызына үй жасатып, ар түрлүү жасалга (сеп) камдайт. Тууган-досуна «баланадай мал бер» деп, кошумча сурайт.

**Жыгач түшүрүү**. Күйөөнүн ата-энеси мал союп, бышырып, курут-май, жемиш камдап, төөгө, атка жүктөп союлган малдын карчыга устукандарын унаа үстүнө бастырып коёт. Кыз атасынын элинин чегине барганда, адеп ким учураса, «карчыга баштыкты» алууга акылуу. Эл чогулуп кудаларды тосуп алат. Кешик куржундун оозун ар атанын сыйлуу байбичелери ачууга чакырылат. Алар куржун оозундагы тартууну алып, аш-тамакты баары текши ооз тийет. Жыгач түшүрүп барганда куда-кудагыйын бир жыл бою кыздын атасы кыштатып, жайлатат. Эгер андай болбосо чоң намыс кеткен болот. Бул алып жатууда калыңдын калганы дагы бүтөт, үйдүн жасалгасы дагы жасалып бүтөт.

**Түндүк көтөрүү (**Кыздын үйүн жасап тигүү. Чал жыгаар). Кудалар кыз атасынын үйүндө жатканда абышкалар келип, «чал жыгарымды бер» дейт. Күйөө атасы аларга бир жылкы берет, бербесе өздөрү жыгып алган.

**Укурук байтал.** Түндүк көтөрүү болуп жатканда жылкычылар келип: «укурук байталды» бер деп, күйөөнүн атасы бир жылкы берет.

**Орок кой**. Дыйкандар келип: «орок коюбузду» бер деп, аларга эки-үч кой берет.

**Өргө жабаар**. Кыздын үйүн жабаарда «өргө жабаарыбызды бер» деп зайыптар келет, аларга да мал берилет.

Барлык ырым бүткөндөн кийин түндүк көтөрүлөт. Кыздын үйү тигилет. Бул учурда кыздын атасы бир жакын кишисине эрк берет. А киши өзү калаган бир малды же буюмду алат. Баканга кебез байлап, түндүккө тиреп койот. «Түндүк көтөрдү» алган киши бир кадырлуу тон алып келип желбоого илип койот. Кызды атасынын үйүнө чыгдандын жогору жагына, жүктүн бурчуна кошөгөгө отургузат, башына дейи-

де, кымкаптан жаап, зайыптар үн тартып кошот. Ар үн таштаган сайын кыз ыйлап турат. Кошкондо ар түрлүү жактарын айтат: куданын жакшы-жаман кылыктарын жана өздөрүнүн кызматтары, жана кызга акыл-насаат айтылат.

Күүгүмдө күйөө менен кызга жана күйөө жолдошко бут кийим кийгизет да, тигилген үйгө алып келип, бир малды «садага» деп сойуп, башын түндүктөн чыгара ыргытканда, эшикте күтүп тургандардан беш колу тийген киши ошо малдын этин бүт алат. Чачыла чачылат.

**Кыз ойнотуу**. Кыздын атасы «кыз ойнотоорду бергин» деп кудага айтат. Куда бир жылкы же төө берет. Кыз атасы өзүнүн бир жакын кишисинин үйүнө алып барып ойнотот.

**Токмок салуу**. Калың чүпүрөктөн буруп-эшип жасап, аны токмок дейт. Оюн баштоочу келин токмокту бир жигитке салганда жигит тура калып, келин экөө жар көрүшөт. Жигит мактоо менен ырдайт. Токмокту келин күйөө жолдошко салып, көрүшүп ырдагандан кийин, күйөө менен кызды тургузуп, жар көрүштүрөт. Күйөө үчүн күйөө жолдош ырдайт. Күйөө тарабынан бир жигит кыз тарабынын бир келин оюнду башкарып, токмок салдырып, ырдатып, жар көрүштүрүп, кыз оюнду башкарат. Токмокту урдаткан жигит ырдоого милдеттүү болот. Оюн арасында кыздар жигиттерди токмок менен урат. Оюн арасында тамак тартылып, тан аткыча оюн уланат. Кыз ойноткон үйдүн ээси кыз менен күйөө, күйөө жолдошко тон кийгизет.

**Жыйуу, жайуу**. Кыздын атасы кызына бере турган жасалганы: жууркан-төшөк, килем-килче, идиш-аякты үйдүн тышына жыйат. Кийитке бере турган тон-чапан, кийим-кечени аркан-кермеге илет, калк көрөт.

**Жүк көрүү**. Кыз атасы «жүк көрсүн» дейт. Күйөө жактан бир киши төө же ат жетелеп келип, байлап, жүктү санап, бир кадырлуу буюмду алып кетет.

**Чара көтөрүү**. Куда бир малды сойуп бышырып, чарага салып алып, бир жылкы жетелеп кыздын атасына алып келет. Келип: «каптын тубү, карындын кагынчыгы барбы?» дейт. Анда кыздын атасы дайарлап койгон тогуздаган чапанды кийгизет.

**Толгоо табак**. Кызды эртен аткара турган болгондо кыздын ата-энеси: «толгоо табагыбызды берсин» деп отуруп алат. Күйөө баланын атасы бир малды сойуп бышырып, бир жылкы жетелеп барат. Кыздын атасы чапан кийгизип, батасын берип кетирет. Эртең аттанат деген күнү кыз менен жигитти жаткызат. Сепке кете турган жууркандан калың кылып төшөк салат. Күйөө менен кыздын чыныгы кошулуусу ошондо болот. Жаткыраарда кыздын бир жеңеси күйөөдөн «жеңге салаар» деп алат. Күйөө жагынан да, кыз жагынан да бир топ зайыптар көшөгөнүн тышынан «бол, бол!» деп күйөөнү шаштырып турушат. Ошо замат эле чырак жарык болуп көрүшөт, иш ак болсо кайын энелерге сүйүнчү айтып барышат. Иш ордунда болбосо, күйөө кеп баштайт, арага киши түшүп, тартуу тартылып, жарашат.

Эртеси төркүн тарап кызды аткарат. Кыз атасынан каалаган атты минип кетет. Кыздын башына шөкүлө кийгизет. Жасалганы төөгө жүктөп, каркыраларды сайып, сеп жүктөгөн төөнү да жасалгалап, килем жабылат. Кызды үйдөн аткарып жөнөтүп, үйдөн узаганда аттан түшүрүп, бетин жуудуруп, кайта аттанат.

**Той тартуу**. Түндүк көтөрүлгөндө тойго мал сойулуп, эти элге тартылат, учаны элдин аксакалына тартат.

**Төшөк талашуу**. Жерди терең казып, төрт арканды катар эшип чубалтып таштап койот. Бу түнү эркектер бир тарап, зайыптар бир тарап болот. Эркектер атчан келип, арканды бошотуп жулуп кетүүгө аракет кылат. Суунун бойунда зайыптар күлдү, улпакты эркектерге карай чачып, колуна тийген эркекти сууга салып жыгат. Кээде зайыптарды эркектер сууга салат. Аркан кээде жери менен кошо

омкорулуп кеткен учур дагы болот. Эркектер жулуп кетсе, кыз атасы бир нече чапанды журтка таратып берет. Зайыптар жулдурбай токтотуп калса, күйөө атасы зайыптарга бир тогуз мал берет. Той бүтүп кыз узап жатканда күйөө тараптан бирөө кыз атасынын бир баалуу буюмун уурдоого акысы бар. Келин кайын атасынын айылына жакындаганда аттан түшүп, жөө басып алдынан тосуп чыккан кайын тараптын эркек, ургаачынын баарына жүгүнүп, бетин басып келет. Келиндин атын бир бала минип, чаап айылга келет. Келин үйү тигилет. «Куш боо бек болсун!» деп айтат.

**Отко киргизүү**. Келинди алып келген күнү кечинде күйөөнүн атасы мал сойуп айылын чакырат. Келинди кайын атасынын үйүнө киргизмек болгондо эшиктин алдына ак чүпүрөк жайып, эң алдынан үч-төрт зайып жүгүнүп кирет, келиндин маңдайына бир кадырлуу жоолукту илип койгон болот, кыздын башында шуру-шөкүлө болот. Келин жүгүнүп кирет, бирөө тура калып жоолукту жулуп алат. Отко май салат. Отургандар: «алдыңды мал, аркаңды бала бассын!» деп алкайт. Келиндин жузүн абдан көрөлү деп: «башыңды өйдө көтөр!» деген чуу асманга чыгат. Келин чарчаганча жүгүнүп көшөгөгө кирет. Кайын ата-кайын эне келинге мал энчилеп, «казан-аяк, туткуч бердим» дейт. Келин эрте туруп, бүтүн айылдын түндүгүн үч күнү катары менен тартат. Келин жаңы келгенде кайын атанын куда, достору аш-тамак, мал алып келин көрүп келет, аларга дагы куру койбостон тартуу берилет. Келиндин келгенине үч күн өткөн соң кайын атасынын үйүндө кызмат кыла баштайт. Келинди башка кайын агалары дагы отко киргизет.

**Күйөө качуу**. Күйөө кайын ата, кайын энесине көрүнбөй качат, башкалардан качпайт.

**Келин качуу жана тергөө**. Келин кайын ата, кайын агаларына көрүнбөй качат, атын бир да айтпай тергейт. Мисалы: «чоң акем», «мерген акем», «уста акем», «ортончу акем», «кичи акем». Кайын агаларына караанын көрсөтпөйт. Келин кайын эне, кайын

эже, кайын синдилеринин биринин дагы атынан айтпай, аларды дагы тергейт.

**Өкүл ата.** Келинди кайын атасыны үйүнө отко киргизип жатканда күйөөгө да, кызга да өкүл ата дайын кылынат. Күйөөгө кыз атасы жагынан дайындалат. Күйөө мал тартуулайт, өкүл ата тон кийгизет. Келинге уул атасы жагынан өкүл ата дайындалат. Өкүл атага септен берилет, өкүл ата кызына мал энчилеп берет. Келин өкүл атасынын үйүнө төркүлөп барганда дагы мал алат.

**Келин келгенде**. Келин келгенден бир нече күн өткөндөн кийин кыздын энеси, жеңеси, бөбөктөрү кешик бышырып, кийимдерин алып кызына, куда-кудагыйына учурашууга келет. Кудагыйдын алып келген кешигин айылы талап жейт. Аларга жылкы, төө берип узатат.

**Келиндин тартиби**. Жаңы келген келин өтө уятуу болот. Кайын ата, кайын ага, кайын эне жана айылдагы улуу кишилерге жүгүнүп учурашат, аркасын салбайт, шак этип сүйлөбөйт.

**Төркүлөө.** Кыз келин болуп келгенден кийин эки жыл өтмөйүнчө атасыныкына барбайт. Кыз төркүлөп барганда ата-эне биртуугандарына кийит алып, мал сойуп барат. Кыз ушундан кийин атасыныкына ар дайым бара берет.

**Ажырашуу**. Кыргызда күйөөгө берген кызын эң катуу себепсиз чыгарып алуу деген иштер болгон эмес. Себепсиз кызын бузуп чыгарып алса, анда «бата бузду, бул батага учурайт» деп, эл чур деген. Узак өтпөстөн бата бузган киши чоң зыянга учурап, бир башы жок болгон. Бата бузуп, баш ачуудан эл эң катуу корккон. Күйөөсү өлүп калып, алаары болбосо, анда башы ачылган.

**Чыбык кыркуу** 54-б. Зайыптардын башын байдан ачканда (ажыраштырганда) бий бир жаш чыбыктын эки башын карматып туруп кырккан. Бул ишти чыбык кыркышуу дейт.

**Кара салынуу**. Көзү өткөн кишинин зайыбынын башына кара чүпүрөктөн кап сыяктуу кылып салган. Муну «кара салынуу» деген.

**Жесир алуу**. 27-б. Кандай киши болбосун өлүп зайыбы жесир калганда аны өз биртууганы алат. Өзү менен туушкандар болбосо аталаш туугандары алат. Башка кишилерге эч качан берилбейт.

**Тул салуу**. 58-б. Сөөктү коюп майда-чүйдө зыйнаты өткөрүлгөндөн кийин өлгөндүн үйүн абдан жасап, асыл буюмдарынын барлыгын көрүнөө жыйып, бир тул жасап түндүктөн чыгарып коёт. Ушуну тул салуу дейт. Тул салуу эң чоң бий, байларга гана болот. Тулду атайын атка таңып көч менен кошо ала көчөт. Көзү өткөн кишинин айылы көчкөндө жолдогу айылга жакындаганда бүтүн зайып, кыз-кыркындары үн тартып кошот. Жанынан өткөн айылдын эли суусун алып чыгып баарына жуткурат.

**Аялдар жөнүндө**. Кыргызда боз үйдө болгондуктан жана көп аял алуу өкүм сүргөндүктөн, башка кишилердин аялдарга катышуу жактары эркинче болгон. Өзбектер сыяктуу кызганыч болгон эмес. Жаш жигиттер өз жакын курдаштарына аялдарын ортоктошо берген.

### Анттан коркуу

*Инв.№117. 1-71-бб.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

**Анттан коркуу** (жан берүүдөн). Кыргыз анттан (жан берүүдөн) эң жаман корккон. Ак ишке бирөө жан берсе, ал тез аранын ичинде эле бир чоң зыянга учурап, бала-чакасынан майып болуп, кайсы бир учурда өзү дагы өлүп калган. Чындык ишке жан бербестен, мал эле берип кутулууга аракет кылган. Бир урууга бир кишинин касамы суралса, ал кишини өзүнө билдирбестен бир дөңгө алып барып түшүрүп, доо алуучулар жагына көргөзгөн, касам бергени ошо болот экен. Жан берүүгө алып баргандыгын билгенде

чочуп кетип, үйүнө ооруп түшүп өлгөн учурлар болгон. «Жан бергендин жанына турба» деген сөз ушундан калган. Жан берилсе – доо кечирилген.

«Ата-бабанын арбагы урсун!» деп каргаган. «Арбакка койдум» деп тапшырган. «Арбакка урунду» деген арбактан катуу корккон.

**Убада**. Кыргызда оозеки убада эң нык сакталган. Убадалуу сөздөрдөн кылча тайгылбаган. Арбакты байлап убада берген.

**Уруулардын турушу**. Кыргызда ар бир уруу бир ыңгай конуштту жайлап-кыштап турган. Бир атанын балдары өздөрүнчө бир айыл болуп, көчкөндө өзүнчө көчкөн. Арасынан кандай бир себеп менен бирөө башка айылга, башка уруунун ичине барып калса, кандай болбосун аракет кылып көчүрүп алган. Башка уруунун ичинде жүргөндөр ошо урууга букара болуп, теңата болуп иш кыла албаган.

**Уруу намысы**. 67-б. Кыргызда уруу намысы нык коюлган. Мисалы уруудан бир кишинин сөздөн сынышы, кор болушу, абийир табышы, намыс алышы, намыс кетиши урууга жалпы тийешелүү болгон. Бул уруудан бир кишинин акысы башка урууга кетсе, же башка уруу уруп койсо же өлтүрсө, андай иштерди бүтүн уруу башына туруп доолашкан. Бир киши ууру кылса, же эр өлтүрсө, айып менен кунду бүтүн уруу төлөп куткарган.

**Уурулук**. Кыргызда мал уурулугу абдан күч алган. Бири биринин малын уурдап, жылкы тийип сойуп алуу, башка ыраак жерлерге өткөрүү көп болгон. Уурдалып бара жаткан малды башка бир киши колго түшүрсө, аны «сасык эт» деп жеп алган.

**Бегилик**. Кол өнөрчү усталар, өрмөчүлөр, чеберлер, мергендер чоң бий, бай, манапка сыйлык тартуу кылганда тигилер артыгы менен сыйлык берип ыраазы кылган. Мактаган ырчы, комузчуга да аябай берген. Бул «бегилик» деп аталган.

**Нарк-нусканы бузгандын баркы кетет**. 51-б. Баркта жана түзчүлүктө жүргөн кишинин бала-чакасынан нарк-нусканы бузса анын баркы кетет. мисалы

эч убакта бара жебеген бир кишиин баласы баракор болуп чыкса, шексиз анын кадары кетип төмөндөйт.

Майда заңыттар 51-б. **Баш таңуу**. Атасы, энеси айылчылап кеткен эркек, кыз балдар жана келиндер айылдагыларына эт салат, же тамак берүүгө милдеттүү болот. Муну «баш таңып» дейт.

**Жыйыш**. Айылдагы кыз, келин чогулуп үйлөрүнөн тамак алып келип чогуу жешет муну «жыйыш» деп койот.

**Ажырашаяк**. Бир киши бир айылдан экинчи айылга же бир уруудан экинчи урууга көчүп кетмекчи болсо, куда, досторуна ажырашаяк берет. Чакырышып ат мингизип, тон кийгизет, муну «ажырашаяк» дейт.

**Баш куттуктоо.** 52-б. Бир киши ооруп айыкса, же бир кырсыкка кабылса, чакырып ат мингизет же тон кийгизет, муну «баш куттуктоо» дейт.

**Өмүр.** 37-б. Илгери заманда кыргыз көп жашаган. Анда-санда гана кишилер өлгөн. Оору кишини айыл аралап барып сурабастан, дөңдөн атчан туруп сураган. Бир киши чечек оору менен ооруса, бүтүн айыл көчө качып, ооруган кишини жалгыз үй таштап кеткен. «Балакеттен машайык качып кутулуптур» деп.

### Тобокел. Ырайым, кечирим

*Инв.№117. 1-71-бб.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын үрп-адаты»*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

**Тобокел.** Кыргыз ар бир ишти тоболкелге салып баштаган. «Кеңешип кескен кол оорубайт» деп тобокелчил болгон. «Тобокелде кайгы жок» деген.

**Ырайым, кечирим**. Кыргызда колго түшкөн душманына дагаы ырайым кылып боору ачыган. Кандай жаман душманы моюн сунуп жыгылып кечирим

сураса, кылмыштары кечирилген. «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч», «Сунган моюнду суурулган кылыч кеспейт», «Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер» деген.

**Мойунга камчы салуу**. Бир киши экинчи бир жакынына жазак иш кылган болсо, жарашканда ордунан тура калып, мойунуна камчысын салып кечирим сурайт. Ошондой болгондо таарыныч кечирилет.

**Мойунга бурчак салуу**. Бир киши ооруп алеттен өтө албай жатканда кудайга жалынып эң катуу тилек тилегенде ата-энеси же биртууганы «мени ал!» деп тегеренет. Же бирөө ооруп өлөр алга келип жатканда анын жакын туугандары мойундарына кой байлоочу бурчакты салышат да тилешет.

**Аксарыбашыл**. 49-50-б. Бир ишке тилек кылганда, же оорулар болуп жатканда айтылат. Мисалы жылкыдан ай туяк, уйдан ача туяк, койдон аксарыбашыл айтылат. Тилеги орундалганда жолдукка айтылгандар берилип жана сойулуп элге берилет.

*Инв.№117. 1-71-бб.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын ұрп-адаты»*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

**Көч.** Кыргыз көчүп-конуп жүргөн. Көчтө үйлөрүн төөгө жүктөп, төөнү жасалгалап – үстүнө уук учтук, төө мойун, шуру тизип буйла тагылган. Төө жетелеген кыз-келиндердин ат-тону, ээр токуму дагы абдан жасалга. Төө жана кыздар минген аттарга коңгуроо тагылган.

**Үп.** Кыргыздын байларындагы асыл буйумдар «үп» деген. Үптү орогон ороочту «бокчо» деген. Бир жүз койго же кырк байталга сатып алынган алтын, күрөөкө тон, килем, дейилде, кымкап, шөкүлө, жамбы, дилде, бермет шуру, башайы, шайы, торгун, тубар, дүрдүн, суп, буулум тон болгон.

**Салык.** Кыргызда жогору айтылган асыл буйумдарын жайлоого көчөрдө үңкүр дайардап, «салыктарга» салып көчүп кете берген. Аны «салык салуу» деген.

## Ырчы-жарчы

*Инв.№117. 61-бб.*
*Жыйнаган Ы.Абдыракманов*
*Папка: «Кыргыздын урп-адаты»*
*Ат-Башыдан1944-ж. сент.*

Ашта, тойдо ырчылар боло турган тамашасы жана аштын жүрүшүн жарыялап ырдап турат. Ашта жарчы болгон ырчыга жабуулаган бир жакшы атты биротоло мингизип, ырчынын үстүнө бир баалуу тон кийгизет. Ташка ырчылар да тулга ырдап өбүлгөлөрүн алышат. Ырчылар ашка келген бий, байларды мактайт. Алар дагы ырчыларга берет. Эки ырчы айтышкандар да болот.

Таз чабышуу. Эки уруудан эки таз чыгып сүзүшүүгө жар салынат. Эки таз чыгат, сүзүшүп жеңгени байгени алат. Эки таз өпкө таман да чабышат.

**Төө чечмей**. 61-62-б. Жерди орточо терең казып түбүнө казык кагат. Бир жакшы төөгө килем, кымкап жаап, шурудан буйла тагып байлап койот. Ким болсо да бир зайып жып-жылаңач ортого басып келет. Зайыптын аркасына жибектен чачпак салынат. Зайып көпчүлүктүн ортосуна басып, санын шапалактап сөздөр айтат: «Манас, Коңурбайлар тапкан мен өзүм» деп жана өз бетиндеги бий, баатырлардын атын атап, «бардыгын мен тапканмын» деп айтат, абдан эңкейип туруп төөнү чечип алат, кымкаптан кийип алып басып кетет. бул адат XIX кылымдын 60-жылдарында россия кыргыздарынан калган. Кытай кыргыздары 1900-жылдарда калтырган.

## КЫРГЫЗДЫН АДАБИЯТЫ.
## МАНАС ТАПТҮШТӨӨ ИРЭЭТИ

*Белек Солтонкелди уулу Солтоноев*

Кыргыздын эң уккулуктуу артыкча кызык көргөн жана илгертеден унутпай келе жаткан атактуу ырлары:

1 – Манас;

2 – Кошой;

3 – Көкөтайдын ашы;

4 – Эр Төштүк.

Эски карыялардын айтуунда Манас кагазга жазылбастан оозеки ырдалган. Ырдаган ырчылар: «Манасты түшүмдө көрдүм, ырда деп кыстагандыктан ырдадым» дешкен. Аныгында Манас мурунтан, башы маалим болбогон замандан улам арткыга оозеки ырдалып сактала келген, бирок мунун анык качан башталып ырдалганы маалим эмес. Манасты илгери биринчи ырдагандар:

1) 1792–94-жылдарда Музооке;

2) солто кыргызынан 1752-жылында туулган Түлөбердинин жигит чагында карыган абышка Норуз деген киши ырдаган;

3) 1820-жылы чамасыада туулган атбашылык асык кыргызынан Келдибек;

4) 1840-жылдарда Балык менен Айтике ырдаган.

Манасты ырдаган ырчылардан көргөнүм – 1888-жылында Ормон уулу уругунун айылында саруу кыргызы Алаш деген киши. 1889-жылында Ысык-Көлдүн Тору-Айгыр деген туура суусунун башында саяк кыргызынан чоңчарык уругунан Кыштообай Медер уулу. 1890-жылында кышында Балыкты деген жерде Сагынбай Орозбак уулу. 1896-жылы май айында Пишпек шаарында болгон сыязда Найманбай Балык уулу, ошол жылы июль айында бүткүл Каракол, Пишпек, Нарын кыргыздары Көтмалдыда топ кылып, бугу кыргызынан тынымсейит уругунан атактуу Тыныбектин беш-алты күн ырдаганын

уктум. 1898-жылы көктөмдө Чоң Команде Алагуш Мырзаалы уулунун үйүндө бугу кыргызынан алдаяр уругу Дыйканбайдын ырдаганын уктум (Манасты эки-үч күн ырдап, анан көбүнчө Семетейди айтты). 1901-жылы көктөмгө жакын Ысык-Көлдө Калмак-Ашуунун оозунда Байымбет Боронбай уулунун үйүндө бугу кыргызынан Акылбектин ырдаганын төрт-беш күн уктум. 1908-жылы Кочкордо Сагынбай Орозбак уулунун көктөмдө эки мертеме ырдаганын уктум, Сагынбайдын агасы Алыш Манасты айтуучу экен, бирок анысын мен укпадым. Манасты ырдаган ырчылардан: Манасты нече күндө ырдап бүтүрөт десен, (мен өзүм да сурадым), эң азында эки-үч айда айтып аягына чыгуу мүмкүн деген жоопту беришкен. Балким андан да көп. Койчу жана карыган кишилер (кыштын күнү тамак-ашын ичкен соң оттун жанына олтуруп, карыган абышка-кемпир, катын, кыз-келинди жыйып алып, короосун ууру-бөрүдөн кайтаруу үчүн жана эрмек-шоок кылуу, үчүн) чокко productive олтуруп, Манас, Көкөтөй, Кошой, Төштүктү да айтканын көп уктум. Жылкычылар ак кар, көкмузда; кыраңга жолум үйүн тигип алып, бири (Манас, бири Алмамбет, бир канчасы кырк чоро, калганы Коңурбай, Жолой, көп кытай болуп, эки айрылып согушканын нечен көрдүм.

Эки-үч абышка дөңгө, жаки короого олтурушуп, Манасты ырдабастан, сүйлөп айткандарын көп уктум. Ошолордун бүткүл айтканы төмөнкү мазмунда:

Манасты ногой, сары ногой, кыпчак, локеш уругунан дешет. Таласта турганда Каныкейди алган, кээ бири Манасты Таласта, кээ бири алтайда туулган дешет. Согушу болсо: биринчиде Көкчөкөз, Көзкаман деген жакын туугандары бузук кылган, Кыз Сайкал менен согушкан. Көкөтөйдүн ашында Коңурбай менен сайышкан. Оогон олок менен согушкан. Бейжин менен согушкан. Акыры кытай Коңурбайдан Аккула аты, Алмамбет, Чубак, Сыргак жана бир ңече чоролору өлүп кетип, Манас жаралуу

болуп келип, Таласта өлгөн. Көп ырчынын айтуунда Манастын катуу согушу Бейжин жана Оогон болгон. Манастан соң баласы Семетей ырдалып, ал катын аларда Чынкожо, Толтой менен катуу согушуп, жана атасынын канын кууп, Бейжинге барып, Коңурбай менен Жолойду өлтүрөт. Семетейдин баласы Сейтек деп, андан сон кабар жок.

Кошой тууралу сөз: катагандын кан Кошой, карашаар, Камбылда (Кумул, Бейжин, Хами Пекин) 85 жашында, Көкөтөйдүн ашында Жолойду күрөштө жыккан. Көкөтөйдүн ашын он эки жашар Бокмурун деген баласы, Ташкен, Түркестандан көчө келип, Каркырада капыр, мусулманга аш берген. Кайсы уруктан экени дайын эмес Төштүк деген баатыр болуп, катынын жаңыдан алып келе жатканда Чалкуйрук деген күлүк аты менен жердин алдына түшүп кетип, анда алп дөө желмогуз менен жети жыл кармашып жүрүп, акырында алп кара куштун балапандарын ажыдаар жемек болгондо аны жаа менен атып өлтүрүп, балапандарын куткарган алпкаракуш Төштүктү аты менен көтөрүп учуп, жер жүзүнө чыгарып кеткен. Бүткүл ырчылардын айтуунда Манас, Кошой, Көкөтөй, Төштүк бир замандагы кишилер болуп, Көкөтөйдүн ашына жогорку үчөө келген.

Төштүк тогуз уулдун кенжеси, Элемандын уулу деп «Элемандын эр улан Төштүк» деп ырдашат, Жана буларга замандаш кара ногойдун Жамгырчы, кээ ырчылар Эштектен Жамгырчы дешет. Нойгут кыргызынан Акбалта уулу эр Чубак, казактан Айдаркан уулу эр Көкчө. Алтайдан келген Өгүзхан (балким Угузхан болор), уулу Алмамбет кытайдан мусулман болуп келген. Кыргыздан эгиз кара ат байлаган, эки кемин жайлаган, кара үңкүрүн үй эткен, кара токой мал өткөн, кыргыздардан эр Үрбү деген жана Акбалтанын Чубагы бул эки кишиден башка бир дагы киши айтылбайт. Кыз Сайкалды нойгут кыргызынан, бир кабарда кыпчактан деп талаш кылышат. Кытайдан Коңурбай, Мурадил жана

Жолой (кара кытай Чүй боюн борбор кылып, XI–XII кылымдарда мамлекеттин башынан карап турган Элюй деген баштыгы болгон. Элюй-Жолой аталмагы мүмкүн), Калдай жана башкалары айтылат.

Манастын ата-бабаларынын аттары:

1. Өз атасы Жакып (Арабтар менен)

2. Бабаларынан Түмөн хан, тарихта Түмин хан VI кылымда Алтай түркүндө Күлтегин менен Билге хандын бабалары.

Бөөн хан – тарихта Бумин хан. Күлтегин менен Билгенин бабалары жана Буюнкулу деген хан Чыңгыз залим менен Темирдин ортосунда Түркестанда болгон хандын аты.

Кара хан – тарихте XI кылымда караханилердин Кашкардан чыгып, Өзгентти борбор кылып, Бухарага жете элди кыйраткандыгы жогоруда көрсөтүлдү. Ырчылар Чынгыздын уулу чын Манас деп да ырдашкан. Жана Самарканда Сарт Манас деп айтышат. Ошентип, ырчылар өздөрү дагы Манастын ңасилин анык баланча деп кесип айта албайт.

Манастын заманындагы эл: кытай, калмак, кара калмак, шибе, кара кытай, солон, эштек, добот (тибет), ойрот, торгоот, маңгырт, кара ногой, сары ногой, ногой, чүрчүт, олок, орус, урум, сарт, өзбек, казак, нойгут, кыпчак, оогон, тажик, кызыл баш, үндү, манжу, долу жана кыргыз.

Жер-суулар: Алтай, Ганкай, Таңатардын Буурул түн (Энесай болмогу керек), Орол, Сары-Арка, Эдил (Волга), Жайык (Урал), Крым, Индистан, Исар, Көлөб.

Шаардан: Бейжин (Пекин), Чынмечин, Кашкар, Котон, Кара шаар, Камбыл (Хамий), Анжиан, Кокон, Наманген, Маргылаң. Ташкен, Самаркан, Кукар, Кебил, Меке, Медине, Мисир айтылат.

Ооз кабардан Манас ким? 1916-жылы кыргыз бугузунда Турпанга, Кытайга качып бардым. Андагы черик кыргызынын кабарында алар өздөрү болсун, Саркол (Памир) жана кыргыз болсун Манасты сары ногой, кыпчак дешет экен. Кашкар кыргызынын

көпчүлүгү кыпчак кыргызынан лакщү уругунан Манас чыккан деп айтат дешет. Кетмен Төбө, Фергана кыргызы Манасты ногой дейт.

1920-жылында Талас кыргызынын берген кабары: «Алма-Атага жакын Кара Кыштак деген жерде кыпчактын локуш деген уругунан Манас деген баатыры кара кытай каптап келгенде жеринен ооп, Таласка келип туруп, Намангендин Кара кожо деген. улугу менен бирлешип туруп, кара кытай менен согушканда кара кытай абдан быт-чыт болуп жеңилип, Каштекти кайтадан кыпчакка берген. Мындан соң ал жерге кара кытайлар көп жылга жете келе албаган. Таластык кыргыздын экинчи кабары: кыпчактын жети кашка деген уругунан 680–970-жылдарда болгон Манас бар баатыр.

Жазуу боюнча Манас деген термин орус, кытай, араб, иран, түрк тарыхтарында жок. Эч таба албадым. Орустун дини китептеринде Жусуп пайгамбардын Манас деген баласы болгон. Бирок эң эски заман болуп, күн батышта араб менен еврейдин тукумунан болгондуктан назар кылбадым. Искендердин заманында Шам менен Кудуска (Палестинада) Манас деген хан бар эле дейт. Эски грек жери – Крит аралында жомокто айтылган Минос деген ханы болгон. Булар эң эски кабар болгондуктан, көп ихмет берилбейт. Арабдын «Актар Кебир» деген (Большая энциклопедия) китебинин 280-бетинде Манас (Мынас) деген термин бар. Анын түркчө мааниси: Калканч, сыйынт. күч-кубат, чеп (Крепость, убежище, протикорат сила) деген сез, арабдын «Мааннао термини Манас болуп окулат. Мааннас – «адам бирлиги» деген сөз.

Манас балким угуз түрктөрүнөн болуп, эски түрк могол балдары кийинки заманда кыргыз баатырлары жоого чапканда өз атын кыйкырып, ураан салып качыргандай, «мен угуз» деп качырып чыккан. Жоого чапкан бир баатыры түрк болуп, «менууз» кара тил менен: мен – уус, менус акыры Манас аталып кетүүсү зор этимал

Кытайлар усун кыргызын Усе деген. Итимал усенден чыккан бир баатыр болуп, мен – усе деп кыйкырып жоого чаап, акыры мен усе, менус – Манас аталып кетүү мүмкүн.

Тоболдогу татарлар Төштүктү билет экен. Манас, Кошой, Жолой, Коңурбай, Көкөтөй, Төштүк замандаштыгы жогоруда айтылды.

Манастан калган белгилер: 1. Таластагы Кең-Кол чатында күмбөз, түбү төрт бурч, үстү он эки бурч, төбөсү күмбөсчө, тоголок бышырган кыштан салдырган. Карматкан топурагы балчыктан, күмбөздүн эшигниин сыртында эшикке тегерете жазган баш-аягы арабча тамга менен бышырган кыш менен жууруп жазган. Кыштын түзү башка кыштарга караганда кара-күрөң өңдүү. Майга жуурулгандай Манасты ырдагандар катыны Каныкей күмбөздү салдырганда кышты серкенин майына жуурган деп ырдашат. Жазуунун кыскача мааниси «Нур чалып күлдөп турган Рабаганын заманы төртүнчү санаа кылым»... деген жана башка сөздөр. Жазууну тарыхти жазган мен Белек 1920-жылында Ташкенден Алма-Атага бир нече жолдошторум менен бара жатып, 29-майда алдым.

Кочкордун түн жагы, Чоң Суу жээги, жол үстүндөгү кашатта Кочкор Атанын кабырына жакын кырк чоронун күмбөзү делип, топурактан салынган майда бир далай бейит бар. Үч бурчтуу дубалчанын ичинде бир жаккы бурчунда он беш чамалуу күмбөзчө, калганы чачырап, кокту чактын ичинде Саз Оен кыраңга салынган. Кырк күмбөздүн үчөө жер болуп житип калган. Бири сазга тийе болгондуктан жемирилип, араң эле түбүнүн нугу турат. Манас менен Семетейди айтуучулар чоролордун он алты–он жетисин бир жерде, калгандары экиден-бирден ар кайсы жерде өлгөндүгүн айтат. Күмбөздөрдүн турушуна караганда ырчылардын айткандары ырас болуп чыгат. 1885-жыл чамасын Жумгал, Тескейден келген саяктын карыяларынын бири Төлөмүш, Токтогул деген кишилер келип, ушул жерге илгери биздин

бабаларыбыз коюлуп, күмбөз салынган экен дешип бата кылып кеткен. Кебетеси көрүстөн болгондуктан ал жерге башка кишилердин сөөгү көп коюлса керек.

- Манастын ак шумкарынын Арпадагы уясы.

- Кытай жеринде (Синцизиан) Үрүмчүгө караган Манас деген шаар жана суу бар.

- Ошого жакын жерде Кутубий деген калаа бар. Манастын Кутубий деген чоросу болгон.

- Таластын аягы күйүк Күркүрөдө тушма-туш күн жүрүштө «Манас Тоо» жана «Манас Ашуу» деген жерлер бар.

- Ысык Көлдө Чолпон-Ата, Чок-Талдын талаасында Манастын ордо салып аткан жери деген орун бар.

Манасты айтуучулар анын жерин Талас дешет. Таласты тарых боюнча текшергенде көрүнгөнү төмөнкү:

Урум (Византия) тарыхына караганда 569-жылында Таласта түрктөрдөн түргөш деген эл болгон. Алар урум менен, элчи алышып турган. Түргөштү кыргыздын бир уругу деп айткан, ойлогон тарихчи (Дублитский) бар. Түргөштүн Мукан (Дизабол деген ханы урум императоруна тартуу кылып кыргыздын бир кызын берген. Бул түргөштүн жанынын алганы кыргыздын кызы болгон. Демек, кыргыздын Талас менен катышуу биздин эранын VI кылымынан башталат.

VII кылымда кытайдын Суан Тсан деген ажысы Талас шаарынын айланасы төрт жарым чакырымга созулган, Талас шаары суунун эки жагына салынган, мындан башка Таласта тогуз шаар болуп, тоо арасында күмүштүн кени чыккан, Текепкет деген калаа болгон. Азыркы Күмүштактын алдындагы Төрткүл болмогу мүмкүн. Таластык кыргыздар чалдыбар дейт.

Макдиси деген мусулман тарихчисинин кабарында Талас шаары суунун күн жүрүшүндө болгон дейт. Тарыхтарда Талас – Тарас деп дагы жазылат. Жана суунун күн жагында Барскан, Шелүүжн, Көл, Суз, Тепекет деген беш шаар болгон. Суунун түн багы-

тында Жыгыл, Быгыл (Вьхыл) Хамукет жана Атлат деген төрт шаар болгон.

Арабдар 666-жылында Иран мамлекетин талкалап, Падышасын Түркстанга чейин кубалап келип, ал түрк чегине өтүп кеткен соң түркко батына албай кайта кеткен. 680-жылында түрк менен согушуп, буларга Алтай түрктөрү (Күлтегин, Билге хан баштык), бир кабардар болушса да өз арасынан чатак чыгып, алтайлыктар кайта кетип, арабдар 740-жылдарга чейин азыркы Токмок шаарына жете келип Орто-Азия (Түркстан) түрктөрүн бүткүл караткааТокмоктун күнчыгыш жагындагы Кара Булак (Михайловка) жаки Кара Коңуздун алды Токмоктун каршысында (же Соголдуда) түрктүн борбор шаары Суяб деген болуп, анда түрктүи Сулуу хан деген баштыгы 740-жылында араб менен алты ай согушкан. Акыры жеңилип багынган. Ушул түрктөрдүн ичинде асык деген бир уруу эл болгон. Ошол замандагы түрктөр Беркташтын тоосун Теңирдин жери деп Ыйык туткан. Азыркы заманда дагы ал тоонун башын кыргыздар азиз тутат. 748-жылы кытай аскери Түркстандык Суябка караштуу элди жеңип, ханы турган шаар Суябды талкалап, андан бүткүл Түркстанды каратып алмакка илгерилен, 200 миң аскери менен Таласка келгенде Зияда Салык командасында болгон араб аскери (азыркы Димитровка – Ак-Чийдеги Ак-Төбө төрткүлүнүн маңдайындагы Кулан-Курук деген жал чеп болуу мүмкүн, Ак Төбө анын уландысы) жогоруда жазылган Атлат шаарында июль айында 751-жылы Кытай менен согушуп, Кытайдын 50 миң аскери кырылып, 20 миң аскери колго түшүп, калганы качкан. Мындан соң кытайлар Орто Азияга аяк баса алган эмес. Мына ушул жогоруда айтылган Таласта болгон окуяляр Манас деген термин тарыхтарда учурабайт. Манас арабча / мыят, сыйынт күч-кубат/ деген термин болгонун караганда ушул согушта Манас таластык болгон үчүн арабка

зор жардам берип согушкандыктан Манас баштык таластыкты мият, Талас сыйынт кылып, Атлат шаарына бекинип туруп, Манастын (түрктүн) күчү менен кытайды жеңип, маанилүү болгон Манас атагын (прозвише) алган болбосун. Жаки Таластын айланасы тоо, ортосу чеп коргон сыяктуу болгон үчүн чуңкурчак (котловина) болгондуктан, жер шартына карата Манас деп атак берсе керек.

Манастын атасынын атын арабча Жакуп деп коюп, башка бүткүл бабаларынын аттары нагыз түркчө, маселен: Түмөн, Бөйөн, Карахан коюлгандыгына караганда, арабдар Таласты багынтканда Манас туулуп, араб таасири менен атын Манас коюп, кийин жогорку согушта болгон баатыр болгондур.

Амир Темир кан ичердин бабаларынын биринин аты Түмөнбай болгон, балким жогорудагы Түмөн – Түмөнөй чыгар.

Уйгур падышалыгын Энисей кыргызы жеңип бүткүл күн чыгыш Азиядагы уйгур, могол, татар, түрк зор мамлекети (Великое Киргизское Самодержавие) аталган, ошондо уйгурлар кыргыздан качып Синцизиан (Кашкар, Кокон, Турпан, Аксуу, Үрүмчү, Кумул (Хами), Локчин (жогоруда айтылган Локшу болор), Турпанга келип турган. Ушул жакта угуз түрктөрүнөн Сатык, Буграхан XI кылымда мусулман болуп, Синцизиан, Орто Азияга хандык кылып, анын династиясы Карахан аталган. Манастын бабасынын бири Карахан аталганына караганда балким Манас ушул доордо угуз түрктөрүнөн чыккан бир баатыр болор.

Манасты айтуучулар Манастын ата-энеси мусулманчылыкка үндөбөстөн өзү мусулман болгон дейт. Бул себептен Орто Азия калкы мусулман динине кирген кезде динге кирген баатырдын бири Манас чыгар. Күмбөзүндөгү сана арибага деген санат IV кылым болуп Карахаилердин дооруна чамалаш болгон. Жаки кыргыздын зор мамлекет доорунда бир баатыр болор.

Алмамбеттин атасы Угузхан – Ууз хан деп дагы айтат. Угуз хан биздин эрадан III кылым мурун көп

мамлекетти караткан, Гун Түркүнүн каны болуп, балким Алмамбет анын наслинен болор. Жаки Алмамбеттин өзү келип мусулман болгонуна караганда динсиз Угуздун динине кирбестен мурунку чекене динине кирген болуп чыгар. Угуз ханды тарыхтарда Модо хан деп дагы айтат.

Алтайдагы түрк ханынын 553-жылдарда Түмөн деген каны болгон. Ырчылар Манастын бир бабасын… жогоруда көрдүк. Балким Манас Алтайдагы түрк канынын тукумунан болор.

Кара кытай IX–X кылымда Манчжуриядан чыга келип, жол бою көп элди багынтып, Орто Азияга каптап келген чакта, кыскасы кара кытайдын доорунда, кыргыздын кураган зор мамлекетинен кабар болбой калат. Кара кытай менен кыргыздын эки ортосу, саясы жөнү белгисиз. Жалгыз гана бир кабар: «Кара кытайды, Эмилге жакын жерде кыргыз жеңди» дейт.

Кара кытайдын борбору Баласагун деген шаар болгон». Тарыхчылар Баласагундун турган жери Бурана болгон дейт. Менин пикиримче Ысык-Атанын чон Төрткүлү болгон.

Бурана арабдар келгенде (740-ж.) Невакет аталган Акбешимди Пежикет деген. Тарыхтарга караганда, борбор шаары болгондуктан Баласагун чоң шаар болгон; арабдар Улаксон деген. Бурананын чалдыбар Төрткүлүнө караганда, Ысык Атанын Чоң Төрткүлү беш эсе чоң. Жана чалдыбарын текшергенде Буранадан кийин талкаланганы билинип турат. Рашит Баласагунду Каргалык деген (азыркы Карганын Иле жаккы оозунда). Чамалгандын аягында сазда чоң төрткүл бар, ушул болбосун деген менен – ал эмес.

Манастык согушу көбүнчө кара кытай менен болуп, кара кытайдын Жолой (Елюй) баштыгы болгонуна караганда жана ырчылардын баарысынын айтуунда Манастын биринчи жоосу жана аны өлтүргөн душманы Жолой менен Коңурбай болгон үчүн Манасты көбүнчө каракытайдын сапырыгында бол-

гон деп айтууга мүмкүн. Күмбөзүнө жазылган сана арибага (мусулмандын эсеби) деген санаттагы кара кытайдын дооруна тушма-туш келет. Не да болсо ырчылардын айтканына караганда Манастын бабалары Алтай, түрк бабаларына, караханилерге жана Жолойго караганда кара кытайга байланат. Чынгыз хан Орто Азияга чабуул коердун алдында, Харезим (Хива) шаарын Мухаммет деген ханы 1210-жылында кара кытайды быт-чыт кылып бир жолута жеңип, колунан өкмөтүн алган Күнчыгыщ жагын (Иле, Чүй) эсепке албаганда, Орто Азияда кара кытайдын бийлиги ошондо бүткөн. Орто Азиядагы эл кара кытайга эң каршы болгон. Балким Манас ушул согушта Мухаммет жагынан согушкан баатырдын бири болор.

«Кара кытай каптаганда, кара кытай чыкканда» деген сөздү унутпастан, алигиче кыргыздар көп айтат. Кара кытайды чоң душман көрөт. Не да болсо кара кытайдын зулумдугу кыргыздын жүрөгүнө тийген. Ушул себептен ойго келет: Кыргыздын зор мамлекетин талкалаган кара кытай болбосун деп.

1220-жылы Чыңгыз залим канкор Алхайдан аттанып келип, Орто Азия, Индустан, Кавказ, Донго жете кыйратып, адам баласын чымындай кырып, кан дарыясын агызганда Эртиш, Том, Тоболдо турган кыргыздын ханы Мамык хандын баласы Тайбука Орто Азияга келип, Чыңгыз залимден кандык жардыгын алып, өзү хандыкка бекилип, кайта кеткен (Кебетеси ушул Зор согушка Эртиш кыргыздары дагы катышса. керек). Мамыкты кыргыз эркелетип, жаки кичи пейилдик менен айтканда Мамыш дейт. Казакча Мамас деп айтылат. Түрк эли Мамаш деп сүйлөгөндө Мйнас деген термин оозуна эптелише түшөт. Буга караганда Мамык, Мамыш, Мамас – акыры бара-бара Манас деп кетмеги этимал. Бул айтылган кыргыздар Чынгыздын Темучин аты калып, адам жеңгис же чын ууз аталбастан, бир жыл мурун 1206-жылы Чынгыз канкорго карабас үчүн Эртиштин орто агымына ооп кеткен. Бир бөлөгү

жери Энисейде калган. Бир бөлөгү азыркы жери Тянь-Шанга келип турган.

Ырчылар Манасты Эртиш, Алтайда туулуп, анан Таласка келген дешет. Могол доорунда, 1220-жылында Талас өзөгүндө Жаңы-Кенже, Жаңы-Балык, Талас деген калаалар болгон. 1221-жылында Кытайдын Чан Чун деген элчиси Кулжа менен Чүйдү баса Чынгыз залимге барганда Талас менен Чүйдүн арасында Акырташ деген калаа болгон дейт. 1269-жылында Чынгыз тукумунан Кайдуу баштык баатыр ноёндор Таласка чогулуп, жыйын кылган. Ал заманда Манас термини учурабайт. 1405-жылында өлгөн Темир канкордун заманында жана аны менен удаа болгон калмактын биринчи сапырыгында Манас термини учурабайт.

Манастын уулу Семетейдин бир катынын Темиркан кызы Чачыкей дейт, балким Темиркан – Темир болор.

Жана Шорук кан кызы Акылай дейт. Темирдин Шахрух деген баласы болгон. Кыргыз сөзүндө «х» тамгасы жок Шахрух Шоорук деп айтылат. Итимал: бул кабарга караганда Манас Темирден мурунураак деп айтууга мүмкүн. Темир Кавказдан кара ногой деген элден алып келип, Ысык-Көлдүн түн багыты Күнгөйгө орноштурган. Бул ногойлор Темир өлгөндөн соң Таласка карай жылжыган. Манасты ногой дегенине караганда балким ушул кара ногойдон болор.

1408-жылында ойрот Ысык-Көлдөн өтүп, эл карата Таласка жете барган. Балким ошондо ойрот менён согушкан бир баатыр болор. Бирок ырчылардын кабары Манасты эч качан ойрот менен согуштурбайт.

1400-жылында Эртиш менен Алтайдагы кыргыздан Өгөчү хан болуп калмак, могол, ойрот, ногой казак жана кыргызды караткан. Манас балким ушул кыргыздан болор. 1508-жылында Ысык-Көлдүн күн жак багытында Барскоонду борбор кылып, Кашкар, Карашаар, Аксуу, Турпандык элдин тынчын алып, ал себептен алар менен согушуп, Ферганалык,

Сырдайралык жана калмак менен согушуп, бир согушта Ташкенде өзбек ханын колго түшүрүп алган кыргыздын Мухамбеткайдар деген баштыгы болгон. Кыргыздын тил низамында Мухамбетти Мамбет дейт. Эркелетип же кичи пейилдуулук менен, сүйлөгөндө «Мамаш» дейт. Казак «Мамас» деп «ш» орддуна «с» окуйт. Мамас терминин женил болгон үчүн Манас деп айтууга мүмкүн. 1518-жылында өлгөн Касым деген казак ханынын Момуш деген баласьг хан болгон. Казактын тил мийзамында «Момос» дейт. Кыргыз тилинин ыгы Манас деп айтат. Балким Манас Момостун кыскартылганы болор. Момош өз ара согушунда өлгөн; Момоштун Адике деген агасы болгон. Манастын Абыке жана Көбөш деген кичи энесинен эки бир туугандары болгон. Бирок Момош менен Адикенин тарых жүзүндө кымындай дагы эрдиктери жок.

Чынгыз кан ичер Орто Азияны караткан соң Алтайдан далай могол, түрк Орто Азияга көчө келген. Булардын ичинде могол уругунан катаган деген эл болгон. Манастын тушунда катагандын кан Кошой деген заманында биринчи баатырлардан саналат. Азыр да Атбашыда Кошой Коргон деген чалдыбар коргон бар. Азыр да жана илгери кыргыздан алыс сапарга аттанган болсо, калганы кан Кошойдун жолун берсин деп, тигинин тилегинде калат. Себеп, Кошой бет алган жоосун өмүрүндө жеңип өткөн. Кайдагы согушка барса жолу болгон.

Катаган Чынгыз заманынан бир аз соң бул жерге келип жана анын Кошой деген ханы, Манастын нары замандаш жолдошу болгонго караганда – Манасты, Чынгыздан кийин болбосун деп ойлоого мүмкүн. Бул калың катаган кайда кетти дегенде, эски карыялардын сөзүндө калың катаган калмак менен согушуп, Гисар менен Көлабга (азыр да Тажикстанда тарыхта 1610-жылында 12 миң түтүн кыргыз, каратегин Күн чыгыш Таджикстанды басып, Иссар, Көлабка) жана Ооганга кеткен. Кыргызда: «казак – кайың саап,

кыргыз – Иссар, Көлабка кеткен» деген ылакап ошондон калган. Кээ бири бул ылакап кийинки кыргыздын Анжиан, Алайга киргенинен калган дейт.

Тарыхчы Абулгазы жазган шежире түрктө катагандын кан Турсунду Эшим өлтүрдү деген (1627-жылы). Карыялар Катагандын кан Кошойду Эңгечер бойлуу Эшим өлтүргөн дейт. Эшим 1628-жылы өлгөн Ишим менен Турсундун тарыхы жогоруда өз иретинде. көрсөтүлгөн.

Адигине, тагай, саруу, кушчу (оң-сол) аталган кыргызды адигине, тагайдан берки ата-бабаларын, уруктарын жана ал замандагы элди, атактуу баатырларды жана алардын кыскача ким менен согушканын бул замандагы кыргыздын көпчүлүгү билет. Бул себептен болжолу 1460-жылдан Адигине, Тагай туулган чак) берки кыргызда жана ошондон берки заманда Манас жана анын кырк чоросунун аттары учурабайт. Жана бүткүл кыргыз Манасты Адигине, Тагайдан мурунку деп билет. Манастын тушунда кыргыздан Үрбү менен Чубак айтылат, башкасынан кабар жок.

Мен 1917-жлы апрель айында Торгоотту аралап Кытай жери Жылдызда он күн чамасында болдум. Манас жөнүндө көп сурадым. Алардын айтканы: Байкоңур менен Бурут урушкан. Бурутту Байкоңур жеңген жана Сайран-Көлдө Алмамбеттин кароол ташы бар дешти. Алмамбет арабча Аалымаамет деген термин. Бурут менен Байкоңур кайсы заманда согушкан десем, заманын билгени жок, баарыда эң эски заманда болгон дешти.

1924–25-жылы. Кулжа калаасында 57 күн турдум. Далай калмак менен сүйлөштүм, Манасты сурадым. Билгендеринин берген жообу: биздин карыялардын айтуунда Аштаркандагы (Астархан) торгооттордо эң байыртан бери айтылып келе жаткан, эч кимге жеңдирбеген бнринчи баатыр Манас деген ыры бар деди. Сибир адабияттарында Манас деген кишинин аты сибирликтен учурайт. Эгерде Манас кыргыз эмес башка элден боло турган болсо – эмне

үчүн ал эл Манасты айтпайт, деген кыргызда талаш бир пикир бар. Кыргызда көбүнчө ырчыларда бир адат бар. Алар өзүнүн жаки букарадан чыккан баатыр билимдүү киши болсо, таверих арасында айтса да, мейли андан даражасы төмөн болсо да, манаптан жаки үстөмдүк кылган элдин баатырын мактап, апырылтып көтөрө сүйлөйт.

Манас, Төштүк, Кошой, Көкөтай сыяктуу жомоктор эгерде кагаз үстүндө калбаса, башка элден унутулмак да болуп, кыргызда унутулбай калууда бир чоң себеп – кыргыз башка элге аралашпай, Алтай, Памир (Сарыкол), Тянь Шань тоолорун эң эски замандан бери жердеп, далай-далай жоокерчилик кыргын заман болсо да оозеки адабияты, түрлүү оюну, кесиби сактала келген. Маселен, ордо, эр сайыш, жамбы-атыш, тогуз коргоол, темир комуз, упай жана башка оюндар. Кесибинен: ат таптоо, ат чабуу, тайган таптоо, бүркүт, туйгун, шумкар куш, ылаачын, кыргый, чүйлүү, турумтай, күйкө жана башкаларды таптоо, бул айтылган оюн-кесиптердин башка улутта болсо да бүткүл эмес, бирин-серин.

Манастын жери Талас.

Эли:

1) Нойгут, баштыгы Ак Балтанын Чубагы;

2) Катаган ханы Кошой;

3) Кыпчак ханы Көкөтөй;

4) Казак баштыгы Көкчө;

5) Кыргыз баштыгы Үрбү;

6) Нойгут баштыгы Чубак, кээ бири сары. ногой Манас;

7) Анжияндан Санжыбек;

8) Эштек (Остяк), баштыгы Жамгырчы;

9) Нойгут, баштыгы Чубак жана кыз Сайкал.

Кээ ырчылар Эштекти кара ногой дешет. Айтылган 8 урук эл Манастын эли болуп, араларынан бузук чыкпастан, дайым жоологон жоосу кара Кытай. кытай, даңгыт, дөбөт. (Тнбет), калмак, манжу, чүрчүт, кызылбаш, ооган, олок болгон.

Бул айтылган 8 урук элдин тарыхта көрүнгөнү;

- Нойгут – Синдизианда (Күн батыш Кытайда) да Тарим дайрасы Ойгут аталган. 1670-жылдарда Жаңыл мырза заманында кыргыз менен Жоолашып тургандыгы жогоруда айтылды – Нойгут кыргызы.

- Катаган – Чынгыз залимден бир аз соң Алтайдан Орто Азияга көчүп келген – могол.

- Эштек – эгерде Остяк болбостон башкурт болсо, «гун» улутунун калдыгынан саналат.

- Ногой – сары ногой – кара ногойдун айрылышы деп кыргыз күүгө чертет. Казандык, кырымдык Ногой деп экиге бөлөт. Чынгыз кан ичердин улуу баласы Жоочунун кичи катынынан туулган бир баласынын аты Могол болуп, анын Ногой деген небереси Жоочу тукумунан Батыйдан соң атагы чыккан чоң хандын бири болгон. Ушул Ногой хандын кол алдындагы бүткүл эл ногой аталган. Ногой 1306-жылында өлгөн. Манастын уругу ногой дегенге караганда ушул ногойдун кол алдына караган бир баатыр болор деген пикир ойго келет. Ногойдун турган жери Эдил (Волга), Орол (Урал) болуп, эли кийин XV кылымда Орто Азияга ооп келген – өзүбек менен казак жана Волга, Кавказ, Крым жагы болгон.

- Анжияндан Санжыбекти ууздан дешет. Ууз деген хан биздин кылымдан 200 жыл мурун тарыхка илинип, азыркы орчуну Анатоль – Азербайжанда, чачырандысы Орто Азияда, СССРде.

- Кыпчак – Чыңгыз кан ичерден 150 жыл мурун оруска тынчтык бербей далай согушуп, Волга, Дон, Крым аймактарында жүрүп, 1224-жылында Чынгыз .залимдин авангар (эрөөл) аскеринен Экебе. менен Себутай командасында болгон. Моголдор кыпчак мамлекетин кырып-жоюп талкалап, элин быт-чыт кылып таштаганда, тирүү калгандары туш-тушка качып тараган, кийин 240-жылындагы Батыйдын чабуулунда могол-татарга карап, «Дашти Кынчак» аталган. Азырында кыпчактар СССРдин Орто Азия, Волга, Кавказ, Сары Арка өлкөлөрүндө чачыранды.

- Кыргыз биздин эрадан 210 жыл мурун гиангун, көбүнчө динлин насилинен болуп жашап келе жаткандыгы жогоруда билинди.

- Казак абыдан ашкере болгону биздин эранын XI кылымынын ортосунан башталганы жогоруда көрүндү.

Бул айтылган элдердин уругу көбүнчө могол-түрктөн таралып жана булардын бир бет болуп кара кытай, кытай, калмак, манжу, чүрчүт, ооган, олок, иран менен согушканына караганда илгери болуп өткөн могол түрк балдарынын Алтай, Орол, Памир, Волга, Крым, Бейжин арасында согуш салып жүргөн доорлорун, Манастын мусулмандан саналып, күмбөзүнө жазган жазууну назарга алып, жогоруда жазылган 8 урук элдин баш кошуп турган чагын тарых боюнча текшерип, Манас өлгөндөн соң кара-кытай, кытай, калмактын 8 урук элге үстөмдүк кылып жана ал 8 урук эл өз араларынан бузулганына караганда, жана да ал 8 урук элдин бирлешип баш кошуп бир мамлекет качан болгонун тарых боюнча табыштаганда, көбүнчө менин пикирим Манасты төмөндө жазылган доорлордон тийгизип издегенде табылуу мүмкүн.

1) Кыргыз (Гиан Гун) мамлекети биздин эрадан эки жүз он жыл мурун сундардан жеңилип тараганы.

2) Гундардын мамлекетинин бузулган (биздин I кылымда) доору.

3) Көбүнчө Алтайдагы угуз түрктөрү (Тю Кю) VI кылымдан VIII кылымдын ортосуна жете өкмөт кылган доору.

4) VIII кылымда арабдын Орто Азияга каптаган доору.

5) Караханилерднн Синтизиандан чыгып, Орто Азияны караткан доору.

6) Көбүнчө кыргыздын улуу мамлекет курап кайтып жыгылган доору.

7) Кара кытайдын Орто Азияга чабуул кылган доору.

8) Темир заманынын доору.

9) Ойроттун,Орто Азияга каптап келген доору.

## Манастын кыргыз болмогуна бир чоң далил

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Манастын кырк жигити болгон. Кыргыздан башка улутта кырк жигит жыюу расим жок. Тарыхтарда кырк усун (кыргыздын түбү) кытайдан кырк кыз алып, андан таралган кыргыз деген, Кыргызда кырк жигит күтмөк, балким ошол кырк усундан башталар, Кыскасы, ошондон келе жаткан адет чыгар. Балким кырк жигит жыюу усундан гана башталбастан, андан ары жагынан башталган расим болор. Кырк усун жүрө-жүрө кыскартылып, кырк (кытайлар бир заманда усунду «усе» деген) деп, андан кыйкис деп, тил низамы боюнча жумшак жагына оодарып, акырында кыргыз аталуу мүмкүн. Балким ошол кытайдан кырк кыз алгандар – кырк чоронун өзү, баштыгы Манас болор.

Орус оторчусуна карабастан, мурун кыргыздын баатырлары ата-бабабыздан келе жаткан адет деп кырк жигит жыйган. Кырк жигит жыюу, тогуздап эсеп кылуу расим кыргызда эң эски, байыртадан бери келе жаткан адеттен саналат.

Эски кытайлардын тилинде усун коосун аталган. Бул термин караганда кыргыз кырк коосундан кыскартылып, кырк-кос «кыркис» – кыргыз делип кетмеги этимал. тарыхта кырк гун деген термин бар. Кара кытай тилинде хоосун – бекем деген сөз.

Чоро деген терминди текшергенде 732-жылында кыргыз ханынын Иначу Тардуш Чор деген бир вазири түрк каганы Билге хандын өлүгүн азалап, кайгысына келген. Ушул «Чор» деген термин албетте «Чоро» деген сөздөн болуу керек.

Манастын Свметей деген баласынын Канчоро, Күлчоро деген эки баатыр чоролору болгон. Хото таймыр жазуунда – «Күл-чуртардуш» деген сөз бар. Бул кабарга караганда «Күлчоро» деген термин эң эски замандан келе жаткан болот.

Илгертен кыргыздын манаптары, феодалдары, баатырлары, байлары ашта-тойдо, жыйында болсун дайым Манас, Семетейди ырдатып, өбөлгөсүнө жанында жүргөн кембагал, кедей, жалгыз аттуу жолдошунун атын жыгып берип, ал кедейди ээрин көтөртүп, талаага жөө калтыруучу жана ал кан соргучтардын өзүнчө манасчы, семетейчи ырчылары болгон. Маселен, солто феодалы Түлөбердинин Норус деген ырчысы, Төрөгелдинин (сарыбагыш кыргызы) Айтике деген ырчысы жана сарыбагыш кыргызынын Ниязбек менен Ормон феодалдардын Музооке жана Келдибек деген ырчылары болгон. Ал феодалдар – меннн ырчым жакшы ырдайт, анын ырчысы жаман ырдайт дешип, эрегиштирип ал ырчыларды айтыштырып, жеңгенине кедейден, букарадан тогуздап эриксиз малын алып берген. Ал ырчылар өз манаптарын, анын уругун, элин өткөрө мактап, жок жерден эрлик кылдырып, «кымынды үйдөй, кылды тоодой» көрсөтүп ырдаган. Маселен, 1820-жыл чамасында кайсы кыргыздан экени маалим эмес, бир ырчы сарыбагыш кыргызынан, тынай уругунан болгон манап, феодал өз манабына кошомат кылып, Таштанбек жок жерде аны мындай деп кордоп ырдаганы:

Таштанбектин түндүгүн,
Айбалталап бузганбыз.
Төрдөн сүйрөп ак кызын,
Ач билектен алганбыз.

Бир кезде Таштанбек жигиттери менен Чоң Кеминден келе жатканда, баякы ырчы бир жылкы коштоп, Кашка-Жол деген ашуунун Чүй багытындагы беттен алдынан чыккан. Муну Таштанбек залим көрүп, мойнунан чылбыр менен чийге байлаттырып коюп, мылтык менен өзү атып өлтүргөн.

Сарыбагыш кыргызы эсенкул уругунан феодал, манаптар Музооке деген ырчыны талашып, акырында аны өлтүрмөкчү болгон, мунун тарыхы мындан соң төмөндө айтылат. Буга караганда ырчылар Манасты жалганынан өтө апыртып мактап айткан болор.

**Менин токтомум.** Биздин эрадан (Иса туулбастан) 210 жыл мурун кыргыз (Гиан Гун) мамлекети Гунь түрктөрүнөн жеңилип таралгандан баштап, XI кылымдын башына жете эки ортодо могол-түрк тукумунан, көбүнчө кыргыз, казак, кыпчак, ууз, өзбек, татар-могол, сары ногойдон чыккан Манас деген баатыр болгондугуна, эгерде аты Манас болбосо, атагы болуп, Алтай менен Орто Азиянын биринен чыккан кыраан экендйгине эч шек жок. Башка түрк-моголдон эмес, Манас кыргыз насилинен деп көзүн айтууга мүмкүн эмес. Эгерде кыргыздан болбосо, кыпчак кыргызынан болмогу этимал. Себеп, бир далай ырчылар жана журт карыялары Манасты кыпчак уругунан дешкен. Жана Манасты балан заманда өткөн деп, бир заманды далдап көрсөтүү азырынча мүмкүн эмес. Бул талаш тарыхы туюк маселени келер заманда тарыхчылар жана билимге умтулгаң жаштар илим аркасында албетте. чечет. Демек, «Манас» адабияты азырынча бир улутка арналбастан эл ортосундагы үлөшүлбөгөн талаш энчиси.

Манастын күмбөзүнө жазылган жазуусунан менин колумда сакталган надпистен копия алгандар: 1. 1928-жылы кышында Пронзо шаарында Каюм Мифтаков (башкырт). 2. 1934-жылы 20-нюлда Пронзо шаарында профессор Поливанов.

# КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫНЫН ТАРЫХЫНАН

## Музооке ырчы (манасчы)

XIX кылымдын башында саяк кыргызынан, кайдуулат уругунан Музооке деген атактуу манасчы болуп, анын Манасты жакшы айтканына кубанып, сарыбагыш кыргызынан Эсенгул феодалдын тукуму ырчы кылып алмакка ар кимиси талашканда Музооке Ниязбек феодалдын тукумуна оодарылып кеткенде аган ичи күйүп, жакын туугандары уруш чыгарып, Музоокени уруп кеткен. Музоокенин бети-башы айрылып, катуу жаралуу болуп төшөктө жатканда мындай көпкөн элдин ичине кайдан келдим деп ыйлаганы:

Кайдан келдим саяктан,
Кутулбадым таяктан.
Кайдан келдим Жумгалдан,
Кутулбадым жулгандан.
Кайдан келдим Кочкордон,
Кутулбадым чочмордон.
Чий боорсок салды ашыма,
Арам сийдик Макытай чапты башыма, –

деген. Музооке жарасынан өлө турган эмес, бир ай, эки айда айыгып кетүүгө мүмкүн деген сөздү угуп, Музоокени талашып, уруш чыгарган Маңытай барып, «Музоокенин башындагы жарасын көрүмүш болуп, мээсинин тушу катуу жаралуу дейт, мээсин ушуну менен чыгара сайып өлтүргүнүң» деп колуна табылгыдан ийик сап берип, бир кемпирди жиберген. Кемпир ийик сапты жеңине катып алып Музоокеникине келген. Аны орто жерде жаткан Музооке билип ырдаганы:

Ниязбектин Сегизбек,
Телегейи тегиз бек.
Босогосу Болотбек
Болуп турган Ниязбек.
Ормон, Субан, ода бек,
Бердикожо Бердибек.
Ажы, Шатен, алты бек,

Ырыскулбек, Кожобек.
Ниязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек.
Тегерете ойлонуп,
Он алты бек киминден корком
(кичи катындан сегиз уул, баарысы он алты болгон).
Кирип жаткан кишиңден корком.
Өңөдөн коркпойм,
Кемпир, жеңиңдеги ийгинден корком, –

дегенде, «апей… көрүп койду беле» деп кемпир үйдөн чыгып кеткен.

Маалымат алынды: Кызыл кыргыз тарыхы 135-168-б.

## Арстанбек

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

Даанышман Калыгул өлбөстөн он беш жыл мурун арка кыргызынан, бугу уругунан, тынымсейит тукумунан Алжан, Буйлаш деп арка кыргызынын арасына атагы чыккан байлар, манаптар. Буйлаштын кичи (токол) катынынан 1840-жылы Эки Нарындын ортосунда Арстанбек туулган. Кыргыз феодал жана байларынын эзелден келе жаткан адети боюнча «токолдон туулган төшкө жатар, боору такыр кул» деп Арстанбекти улуу катындын балдары жана анын кошуналары барк кылбастан, байлардыи балдарындай кийим кийгизбестен кул катарында козу, кой кайтартып койгон. Ошол жашынан эле Арстанбек «Кара жаак, жаактууга жай бербеген» какшанган бала болуп, козу айдап, кой багып, отун алып, суу куюп жүрсө да өзүн кошуп ыр ырдап, комуз черте баштаган. Атасы Буйлаш мунусун. байкап, ырчы-комузчу болгонун билип, «ырдаганынды калтыр» деп нечен мерте уруп-соксо да Арстанбек качып барып талаада мал багып жүргөндө ырдап, комузун чертип жүргөн жана да Калыгулдун айткан сөздөрүн жатка алып, аны арбытып узартып жиберген.

1855-жылы Арстанбектин атасы Буйлашты Кокон кандыгына караган кыргыз ханы Алымбек кыйыктап, аркадан ичке алдырып кеткен. Он беш жашар бала Арстанбек атасынын артынан куба барып Алымбек датка баштык кыргыздарына жана Кокон бектерине ырдап, комузга кошуп алардын дөөлөтүн-сөөлөтүн баяндаганда ал жактагы ырчылардан, комузчулардан Арстанбек артыкча көрүнгөн сон Алымбек датка баштык кыргыз феодалдары жана Кокон бектери Арстанбекти абыдан урматтап, үстүндөгү жаман кийимин калтырып, жакшы кийим берип, жакшы ат жабдык берип ж. б. бул берип, кадырлап узаткан. «Эгерде Арстанбек болбосо, каның төгүлөт эле» деп, Буйлашты бошоткон. Жана да «муну кичи катынымдын баласы деп кордобостон жакшылап тарбияла» деп тапшырышкан. Арстанбек үйүнө келгенден баштап эле кара жумуштан калып, ыр менен комуздун артынан түшүп кеткен. Көбүнчө бугу, сарыбагыштын урушу ошол кезекте көп болгондуктан Арстанбёктин акундугу ашкере маалим болуп, эл арасында кадыры арта баштаган. Арстанбектин ыры бугу, сарыбагыш бузугу тууралуу жазылып бүткөн ушул тарыхта бугу, сарыбагыш урушунун темасында айтылган. Арстанбектнн ырдаган ырлары көп болуп, билингени Бердикожо, Бешказак, Чоро, Кожожаш, Көкөтөйдүн ашы, Төштүк болгон; комузга өтө уста болгон жана барлыгы 200 чамалуу ыр болуп жана казактын атактуу ырчылары менен айтышып жеңилбеген.

1856-жылдан баштап бугу кыргызы оруска карап, орустун улуктары алардын жардамы менен кыргыздын феодалдары эл-журттун канын соруп, бечараны эзе баштаганда 1870-жылдарда «Тар заман» деп ыр чыгарган. Бул ыры элге абдан жаккандыктан кыргыздын феодалдары Арстанбекти үйүнө чакыртып алып ырдатып жүргөн. Бирок байдын баласы болгондуктан намыс көрүп, аш-тойдо ырдабаган. Арстанбек окуш билбеген түркөй болгон. Обозу ал замандагы

кыргыз ырчыларынан артык болгон. Арстанбек акын 1882-жылында Ысык Көлдүн башында Чычкан деген жерде өлүп, Жуукунун күн чыгыш жагы Таш-Кыя бейитине коюлган. «Арстанбектин тар заманы» деп кийинки ырчылар ырдаса да нак өзүн ырдабастан жаки калтырып, жаки сөз киргизгени бар. Арстанбек Буйлаш уулу – анын атасы Жоро, анан Шапак, анан Үркүнчү, анан Акбагыш, андан Токтогул, анан Тынымсейит, анан Мырзакул, анан Орозбак, анын атасы Кылжыр, анын атасы Тагай – оң кыргызы. Арстанбек узун бойлуу чокчо кара сакал, жаагында сакалы жок, кара мурут, ичке шырыктай карасур, узун бойлуу болуп, 42 жашында өлгөн. Арстанбектин балдары азыр да Нарын району Он-Арча элинде.

## Калыгул

*Белек Солтокелди уулу Солтоной*

(Бети калдуу болгон үчүн Калыгул койгон). Жер жүзүндө тарыхсыз, адабиятсыз эл болбойт. Жапайы элден саналган Америка, Африка, Австралиянын топ элдеринин оозеки жана жазуу боюнча болсо да, өздөрүнчө адабият жана тарыхтары болгон. Адабият, тарыхсыз эл журт катарында саналбастан, адам айбанынан эсептелип, эл болуп жашай албайт. Демек, жүрө-жүрө жок болот. Тарыхтарга караганда биздин эрадан 210 жыл мурун кыргыз өзүнчө зор мамлекет болуп жүргөн экен. Андан мурун кандай авалда, канчалык жыл жашап келгендигин жана мамлекетин качан курган тарыхын алигиче илим ээси чече элек. Кыргыздын тарыхта башталып, биринчи көрүнгөнү ушул. Биздин эрадан 210 жыл мурунтан бери кыргыз нечен мертеме бузулуп тарап, өз бийлнк эркинен, мамлекетинен ажырап, кыргын-сүргүн, ачарчылык үркүнгө капталып, бытчыт болуп кетип, көбү жерннен ооп башка жерге барып, кубаттуу жоо-душмандын өкмөтүнө карап,

ондогон-жүздөгөн жылдар анын кол алдында эзилип жүргөндүгү, канчалык уруш-талаш, кызыл-кыргын, сары-сүргүн болуп талкандашып, нечен миңдеген азаматтардын кандары төгүлүп, далай катын-бала, кыз-келин жоонун колуна олжого кетип, бир заманда кайтадан жыйналып, нече мертеме өзүнчө мамлекет курганы билинди. Бирок алардын бүткүл тарыхын так көрсөтө албастан, балким жүздөн бирин гана айтып кетет. Кыргыз эң эски элдин биринен болгонуна караганда заманына жараша анын өзүнүн маданияты жазуусу, тарыхы жана адабияты ошол замандагы башка адабияттуу журттан анчалык кем болбой келе жаткандыгына азыркы кыргыздагы илгертен айтылып келе жаткан «Манас», «Семетей», «Төштүк», «Кошой» жана «Көкөтөй» деген ырлары анык күбө.

Кыргыз түптүү эски эл болуп, эзелден нчинен өз замандын агымына жараша далай азып-тозуп, туткун чыккандыгы кыргыз адетнндеги эзелден айтылып келе жаткан миңдеген ылакап сөз, макалдары, ордо, упай, тогуз кумалак, дүмпүлдөк оюндары; күлүк ат, тайган, бүркүт, туйгун, шумкар таптоо, эр сайыштыруу, жамбы аттыруу жана башка түрлүү эскиден келе жаткан кесиптери зор далил. Бул айтылган кесиптер башка улутта текши жок.'

«Манас», «Көкөтөй», «Кошой», «Төштүк», «Семетей» жана башка ырлар, оюн кесибинин көбү дээрлик замандын агымына жараша далай азып-тозуп, туткун., болуп, колго түшкөн пендедей башка эл, жоо-душмандын таасирине кириптер болуп, эгерде жазуулары болсо жоголуп, чырпыгынан ажырап, сөңгөгү калган дайрада аккан дүмүрдөй болуп, соктуга-соктуга балким беш-он процент калган десе, эч ким калп болбойт. Кечээ залим Николайдын тушунда кыргыз кедейлери бүткүл эркиндик укугунан ажырап, жан сактоо, жер-суусу колунан кетип, бай манап, залим жана болушг тары тиги зулумдардын пайдалашы болуп, кедей арасынан чыккан аз би-

лимдүү окумуштуулары биринчи, тасмия каражаты жоктуктан, экинчн, өкмөт эрик бербегендиктен, эзелтен келе жаткан ырлары, расим адет, оюндарын жазып, элге таратмак түгүл айтууга уруксат болбогон. Кызыл жылдыз чырагы биздин мамлекетте туулуп, совет өкмөтү куралып, Өктөбүр өзгөрүшүнүн касиети аркасында ар бир эзилген жоголуп бара жаткан улут Маркс, Ленин салган жол менен коммунисттер партиясынын жолбашчылыгы аркасында кайтадан тирилип, ошолордун катарында эзилген, көмүлгөн аз улут кыргызга дагы кызыл-жылдыз чырагы тийип, бүткүл жан сактоо жана башка тнричилиги жер жүзүндө анык, ырас, чын тартип болгон себептен социализм дооруна кире баштады. Жана өлүүгө такалып, солуй бара жаткан адабияттарын тиргизди. Көмүлүп бара жаткан «Манас», «Төштүк», «Кошой», «Көкөтөй» ж. б. ырлары жыйыла баштады. Макалдар, үлгүлүү билим сөздөрү, анын айтылган негизи, кембагалдан, же феодалдан болсо да, алар ар бир даанышман, акылдуу кишилердин айткан сөзү, бирок, алардын кайсы заманда жана ким айтканы көп замандын өтүшү жана жазуунун калбагандыгы үчүн билинбеди. Айтып кеткен ээси-табылбады. «Көкөтөй», «Төштүк», «Манас», «Кошой» ырлары эң байыркы эски замандан бери айтылып келе жаткан деп карыялар айтса да, 1760-жыл чамасына жете кнмдин айткандыгы жана анын кайсы кылымдан баштап айтып келе жаткандыгы бизге билинбестен, бирок анык дайын болгону 1760-жылдар чамасынан баштап, кыргыз арасында кимдин айтып жүргөндүгү маалим болду.

Бир улут жерин таштап башка жакка ооп кетсе, жаки жоокерчилик болуп, кырылыштын соңунда чоң өзгөрүш болсо, адабият жана башка эски расим көбүнчө улутулуп, өзгөрүп кетет. Ошонун бириндей кыргыз XVIII кылымдын ортосунда Анжиан, Алайдан кайта өз жери Аркага келип орногон Бул качыш күн жүрүштө тентип жүрүш зардабына тиги адабияттардын мурунтан айтып келе жаткан киши-

лери болсо да, анын тарыхы, аты-жөнү билинбей калса керек.

Ошентип мурунку билнмдүү заманына жараша «зарлоо» сөздү насият катарында айткан кишнилерибиздин бири – түн жак кыргызда заманы көп алыстабаган үчүн XVIII кылымдын аягына жакын туулган Калыгулдун сөзү. Анын сөзү болсо өз оозунан айтылган заманда жазылып, кагаз үстүндө калбагандыктан анык жана тунугу аз болуп, Калыгулдун айтканы деп кийинки ырчылар сөздү өзүнөн көп кошкон. Жаки башка бирөөнүн сөзүн аралаштырган. Экинчиден, 1835–40-жылдар чамасында туулган бугу кыргызынан Арстанбек Буйлаш уулунун зары, анын заманы Калыгулдан кийин болгону үчүн башка ырга караганда арбын жана башка сөз катышпаган төрдүн суусундай тунук деп айтууга болот. Бирок анын ичннде дагы бир далай сөз башка ырчылардан кошулган.

Калыгулдун айткан сөзүн жазбастан мурун анын өмүр-баянынан бир аз маалымат берели. Оң аталган түн жак кыргызынан сарыбагыш уругунан букаралашып кеткен манап насилинен Бердиштин уулу Байдан 1785-жылында (жылаан жылы) Калыгул туулду. Атасы Бай, орто чарба, чоң атасы Бердиш кедей болуп, наркы атасы Дөөлөт Сарысейит уулу, анын атасы Сүтөй, Сүтөй атасы Манап, анын атасы Дөөлөс, анан Кылжыр, анын атасы Тагай.

Казак кайың саап, жеринен оңбой калып, калмактан кыргыз качып (Гиссар, Кулябка жете барып) Анжиан, Алайга келгенде кошо кирип, анда бир далай жылы тентип жүрүп, өмүрүн кедейлик менен өткөргөн Калыгул орто чарбанын баласы болгондуктан, жаш чагынан кара чарбанын артында болуп, мезгили менен эгинге киришкен. Ал заманда кыргыздын мал уурдашып, жылкы тийип, жоолашкан жоолору: калмак, казак, өзбек, уйгур болуп, өзбекке (кокондук) караса да, толук баш ийбеген. Өз араларында ар уруктун беги, феодалы

болгон. Ал феодалдары бири-бирине баш ийбестен араларында уруш-талаш көп чыгып, букарага көп күч келип, кембагал-кедей, кара чарба, букара зулум манаптардын толук эркинде болгон. Мал-ашына ээ боло албай, кул, күң катарында ушул кай, бек жана манаптардын айтканынан чыкпай, айдаганына көнгөн. Кара чарба букаралары көбүнчө мал кесиби менен оокат кылса да, жоокерчилик заманы болгону үчүн эгин айдоо кем болгон. Айдаса да, үрөндү аз тилеп, асылды көп бергендиктен, ичсе тамак жана кубаттуу ичкилик бозо болгондуктан таруу айдаган.

Кыргыздын манаптары, байлары, Фергана, Кашкар, Кулжадан бул алдырып кийинип, пайдаланып, кембагал, кедей жалчылары жалаң этине жайы-кышы куур тон кийип, тиги кан соргучтардын кызматын кылып, эл чети, жоо бетинде жүрүп, душманын жоологон. Атактуу чоң манаптары, бийлери, кээ бир убактарда жалчылардын эркегин кул, ургаачысын күң кылып, калыңга берген, калыңга алган жана байгеге сайган. Мына ошондой залимдик заманга Калыгул аралаша туулган. Жети жашка келгенде бүткүл арка кыргызынан дээрлик окуу билбестен намаз окуган асык кыргызынан Оопу ата деген болуп, ошондон эртеңки төрт ирекет намаз окушту Калыгул үйрөнгөн.

**Тыныбек.** Бугу ичинде тынымсейит уругунан болуп, Арстанбектен соң түн жак кыргызында манасчы, семетейчинин алдыңкы катарынан саналат. Мунун качан туулганы, качан өлгөнү мага караңгы. Бирок мен 1896-жылы июль айында Каракол, Пишпек, Нарын, Токмокко караган бүткүл кыргыздары 15 күн Көтмалдыда съезд кылып, ошондо Тыныбектин «Манас», «Семетейди» айтканын үч күн чамасында уктум. «Манас», «Семетейди» үч күн айтып, аягына чыгууга болобу деп эл сураганда – эки айда бүткөнгө мүмкүн деди.

Мен Акылбек, Сагынбайдын «Манасты» айткандарын нечен мертем эшиттим, менин билүүмчү «Ма-

настын» уудай ынак тунугун Тыныбек айтса керек эле. Жана эл дагы ушул пикирде болгон. Бүткүл манасчы да Тыныбектин үнүндөй жоон жана уккулуктуу болбогой. Ошондо болжолу 45–48 чамасында болуп, семиз, толук денелүү, өңү кызыл чийкил, бети толук, сакал муруту кичирээк, күрөң болгой. Өзү бий экен. Сиазга олтурду. «Манас», «Семетейди» айттырууга манап, болуштар оёздон сурап алып, сиаздга жибербей айттырып турду. Эл сиаздга көп карабастан, күндүр-түндүр анын үстүндө болду. Күн баткандан таң атканга айтканда 200–300 киши уктабастан, үйдө, тышта унчукпастан тегеректеп карап олтурганын көрдүм. Мен Сагынбайдын айтканын ошол кезде нечен уктум. Баарынын мазмуну бир эле. Бирок соңку заманда Сагынбайдын апырткан жерлерн болгон. Кыргызда атактуу ырчылар: Арстанбек, Тыныбек, Сагымбай, Кылыч тарыхы жана башкалар тууралуу бир сөз.

Кыргыз миңдеп жылдар окуш билбеген үчүн бүткүл адабияты ырчылар, комузчу, кыякчынын оозунда дүмүрдөй болуп, макал катары мурункусунан соңкуларына сактала келип, не курдуу таза, тунук сөз болгондуктан, анын таасири эл арасынан эзелден жоюлбай келе жатат. Ошону менен катар ал адабият кандай бүлгүнчүлүк заманга кириптер болсо да унутулбастан, кээ бир темелери калган. Жана өздөрүнүн ким экендиги эл арасында жүздөп жылдар сактала келген. Маселен, анык кабарга караганда 1740-жылдарда солто кыргызынан **Нооруз ырчы**, саяк кыргызынан **Музооке ырчы** болгон. Бул Музооке ырчынын «Абылайдын кан жутуш, кара кийип, тул калган катындардын бет тытыш» деген ыры бар экен. Аны кыргыздын баягы залим феодалдары бири намыс көрүп, айтууга уруксат бербеген. 1840-жыл чамасында асык кыргызынан Келдибек ырчы, анан соң ак падыша колонизаторлору чыгарда карыган чактары болгон Балык ырчы менен Айтике ырдаган. Булардын качан туулуп, качан

өлгөнү, анык тарыхын табууга мүмкүндүк болбоду. 1855-жылы коен жылында өлгөн Калыгул Бай уулу Ырчы эмес, философ болгондуктан, анын өмүр баягы өз тизмесинде жогоруда жазылды.

**Сагымбай.** 1868-жылыңда 20-апрелде Ысык Көлдүн түн жагы Сарой деген жерде туулган. 16 жашынан жомокко бсрилген. Атасы Орозбак 1870-жылында Чүйдүн башы Кертабылгыда өлүп, Алышер деген агасынын тарбиясында өскөн. Саяк кыргызынан, уругу мойнок. Сагымбай мусулманча окуп-жазып жана кат чыгарууга жакшы кубаты келип, өзү кедей болгон. Сагымбайды анык Тыныбектин шакирти деп айтууга болот. Жеке Сагымбай эмес, башкалары болсо да Тыныбектен, жаки андан үйрөнгөн кишилерден үйрөнгөн. Орус Кулжаны 1871-жылында алып, 1881-жылында кайта берген. Ошол себептен бугу, саяк Күңгөйгө (Ысык-Көл) орноп, сарыбагыш Кочкорго сүрүлүп мындагы калмак 1883-жылында Кытайга көчүрүлгөн. Бул сүрүлүштө Ормон кан ичердин Үмөтаалы деген уулу кошо сүрүлүп, анын айылында болгондуктан (Орозбак Ормондун кернейчиси болгон), Сагымбай Ысык Көлдү кошуп ырдаган. Ысык Көлдүн сарыбагышы (Надырбек, Эсенгул) Чыныбай менен Шабдандын саясаты боюнча сарыбагыштан кээ бир уруктары сүрүлгөн. Бул сүрүлүштө бу тарыхты жазган Белек төрт жашта болуп, кийин Сагымбайдын оозунан ырын 1889-жылы жазып алган.

**Дыйканбай.** Бүткүл Арка кыргызында «Семетейди» абалдан жакшы айткан бугу кыргызынан Дыйканбай болгон: Болжолу 1870-жылдарда туулган жана өзү каракашка кедей болгон.

**Акылбек.** Ысык-Көлдө саяк кыргызынан болуп, болжолу 1860-жылдарда туулуп, «Манасты» айткан. Кедей болуп, кат билбеген.

**Калмырза.** «Манас», «Семетейди» айтпаган, кара ырга өз үнүн кошуп айтканга мындай ырчы бүткүл Кыргызстанда болбогон деп айтууга мүмкүн. Өзү кедей болуп, болжолу 1868-жылдарда туулган.

**Молдо Кылыч.** Сарыбагыш кыргызы, черик уругунан, атактуу Абайылданын балдарынан болуп, 1875-жылында туулган, өмүр бою кедей жүрүп, мусулманча окуу-жазууну жакшы билген. 1917-жылында 42 жашында өлгөн. Мунун атактуу жазган ыры «Зар заман» жана башкалар.

**Ысак шайбек уулу.** Сарбагыш кыргызы, жантай уругунан болуп, 1880-жылдар чамасында туулуп, өмүрү кедейлик менен, өтүп, ыр тартибинин уккулуктуусу жана уйкашы балким, Кылычтын жазганынан артык деп айтууга болот. Ырынын 95 проценти кедейдин зар-ыйы, башына түшкөн кайгысы болуп, артыкча муңдуу саналып, таасирдүүдөн 1916-жылы кыргыз Кытайга качып барганда «Кайран эл» деп жазган адабияты артыкча жакшы жазылган.

**Саякбай манасчы.** Бугу кыргызы, арык тукуму уругунан болуп, азыр да көзү бар. Кедей, муну дагы Тыныбектин шакиртинен үйрөнгөн деп айтууга мүмкүн. Себеп – мунун ырдаган «Манасы» толук дээрлик мазмунда Тыныбектин «Манасындай» деп айтууга болот.

Күн жүрүш кыргызында атактуу ырчылардан Эшмамбет менен Токтогул саналып, бирок алардын кандайча айтканыван кабарым жок жана Чүй өрөөнүндө солто ичинде Найманбай деген чоң ырчы болгон.

*Эл арасынан жыйнаган*
*Белек Солтонкелди уулу Солтоноев*
*1895-жылы баштап 1934-жылы жамдадым.*
*Маалымат алынды: Кызыл кыргыз тарыхы*
*135-168-б.*

## Күлгаакы

*Инв 666 (5703)*
*Байгазак Самырбек жазган*
*Ал (Б.С.) Осмонкул Бөлөбалаевден уккан*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев. 25.11.74-ж.*

Күлгаакы Кочкордун Чоң-Ак-Чий деген жеринде жашаган калмактын ханы Коңтаажынын кызы болгон. Күлгаакы өңдүү-түстүү сулуу кыз болгон. Ошол мезгилдерде Шамашырып деген дубана чарк айланып ак уруп эл кыдырып жүрөт, ак уруп жүрүп Шамашырып Күлгаакыны көрөт, бул кыз мага жана бейишке ылайык экен, мен Күлгаакыны бейишке барганда аял кылып алайын дейт да, Күлгаакыны эптеп өзүнө имериш үчүн Коңтаажынын төөлөрүн кайтарып төөчү болот. Төө кайтарып жүргөндө Кочкорго кар жаап бороон, шамал жана суук болот. Ошондо Шамашырып суукту жоготуу үчүн, бутундагы эки чарыкты чечип алып бороонду уруу үчүн асманды көздөй ыргытат, бир чарыгы Чүйдү көздөй, бири Нарынды көздөй барып түшөт. Ошондо булуттар таралып Кочкорго ошондон баштап кар жаабай калат. Шамашарып Күлгаакыны мусулман динине киргизмекчи болот да аны мусулман динине киргин дейт. Күлгаакы мусулмандардын динине кирет, арапча окуйт жана Шаамашырыпты жактырып, ага тиймекчи болот. Бирок, Шаамашырып Күлгаакыны албай жүрө берет. Төө кайтарып жүрүп Шаамашырыптын буту чор болуп кесилип-кесилип кетет, ал кесиктерди майды ысытып кайра баштайт. Бутунун кесилген жерин кайрып жатканда Күлгаакы ыштанымды чечип төмөн жагымды көрсөтсөм мени менен Шаамашырып жатаарбы экен да ыштанын чечип Шаамшырыптын бет маңдайына талтайып отуруп калат. Шаамашырып тигинин жан жерин көрүп «сиздики да жарылып кетиптир» деп ысык майды тигинин жан жерине тийгизип коет. Ошондон Күлгаакынын боюна бүтүп калат да: андан Баабедин туулат. Коңтаажы үй көтөрүп берет да Шаамашырып менен Күлгаакыны бөлүп коет. Күлгаакы Шаамашырып менен бир үйдө бирге жашап туруп калат, бирок Шаамашырып Күлгаакыга жакпайт.

## Айтышуу

*Инв.№643 (5281)*

Казак Абылай хан олтурган элге менин эки арманым бар эле, бир арманым орундалды, бир арманым орундалган жок деген экен. Эл кайсы армаңыз аткарылып, кайсы армаңыз аткарылбай калды дешет. Абылай хан балам жок эле, балалуу болдум, бул арманым орундалды. Экинчи арманым, өзүм менен ээктешип, тайтайлашып айтышып же жыгып же жыгыла турган киши таппадым дейт. Олтургандар Абылай ханды Таласта кушчу чечен Алчыкен деген бар, ошол Алчыкенге барып, аны менен айтышыңыз дешет. Абылай хан мен сиздикине конокко барамын деп Алчыкенге кабар айттырат. Алчыкен Абылай ханга атайы үй тиктирет, үйүн кооздоп жасалгалайт, үйдүн эшигинен тартып аттан түшө турган жерине чейин килем-келче алдырат. Баары так болгон учурда Абылай хан жолдоштору менен келип калат. Абылай хан «Ассалому алейкум дүрөкүм (дүрөкөй-жолбун)» дейт. Анда Алчыкен: «Алейкум ассалам жолдуу кара буругум (бурук – сүннөткө отургузулбаган бала) дейт. Сөз бутага тийип Абылай хан: «Тарт атты» дейт жигиттери менен кайра үйүнө жөнөйт. Абылай хан үйүнө баргандан кийин үч күндөн кийин өлөт. Абылайдын түбү монгол уругунан чыккан, алар балдарын сүннөткө отургузбайт. Абылай хандын балдары Эржан, Сарыжандар хандык кылып турган убакта бир ырчы келип аларды мактайт. Анда алар жакшы жагымды мактадың, аны кой, жаман жагымды айтчы дейт. Ырчы:

Сениң атаң Таласка барган экен,
Алчыкенмен айтысып жыгылып калган экен

Келгеннен соң үш күндөн кийин өлгөн экен – деп ырдайт. Хандын бири: «Жаагыңды бас, мындан кийин бул ырды ырдабагын» деп ырчыга ат мингизип, тон кийгизип чыгарган экен.

## ТАРЫХЫЙ АДАМДАР ТУУРАЛУУ УЛАМЫШТАР

### Эсирген сынчы

*Инв№524 (5116)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*

Сынчы сынчынын ар доордо үзүлбөй сынчылар чыгып турган экен. 19-кылымдын ортосунда Эсирген сынчы деген сынчы болуп, а дагы эл аралап сынын улантат.

Чериктин Анчубек деген бир бөлүм элинен Себей бий деген Эсиргенге балдарын сынатат. Эсиргендин сынына Себейдин балдарынын бирөө да толбойт. «Анымдан аным, мунумдан мунум жаман, баарынан Жампа баш жаман алып келгиле ошону» дейт Себей. Келесоо Баймоңол аттуу баласын алып келип сынчыга көргөзөт.

Санчы мындай дейт: «Бул Жампа баш кырк жашка чыкканча көнөк оору кара жер, кыркка чыккандан кийин жээкке кирбес карагер» дейт. Баймоңол кыркка чыкканча келесоо чалыш болуп кеңгиреп жүрүп, кыркка чыккандан кийин атка минип эл бийлей баштайт. Кокон кандыгынын карамагында болуп, бий деп аталат. Кокондун канына тартынбай тик сөздөр айтып, кан сөзүнө жыгылат. Менин чоң атам Турдубек, чоң энем Дилде Баймоңол бийди көргөн анын бир канча курч сөздөрүн айтышар эле. Бул Баймоңол баланын «Көкүрөгү алтын, көчүгү бок» экен тукуму абыдан жаман чыгат дейт. Айтканындай бардык тукуму жаман чыгат.

### Надырбек уулу Калыгул бийдин сөздөрү

*Инв№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*23-26-б.*

Надырбек уулу Калыгул болжол менен алганда (1500-жылдары) XV кылымдарда жашаган. Калыгул жанына бир-эки жолдош алып жолоочу жүргөн.

Жүрүп олтуруп азыркы эле Рыбачыга (Балыкчыга) келгенде Калыгул бийдин саарасы келет, ал саара кылмакчы болуп атынан түшүп олтурат. Бирок ошол замат эле чочугансып Калыгул ордунан тура калат. Жолдоштору: «Ой, Калыгул, сага эмне болду, саара кылбай тура калганың эмнең?» дешет. Ошондо Калыгул аларга: «Орус келди, орус келди» дейт. «Орус дегениң эмне?» дейт тигилер. «Орус деген эл болот, алардын өзү сары, көзү көк болот, сүйлөсө сөзү көп болот, оркойгон мурун, чуңкул көз эл болот, жыгачтын башына темир сайып коюп, күндүн батышы менен чыгышынан кабар алат, ошол батыш менен чыгышты бүт сурайт. Атаа, мен көрбөсмүн, көрүүчүлөр көрөөр» дейт. Ал сөздү айткандан кийин аттанып андан ары жөнөп кетет. Калыгул жүрүп олтуруп Тору-Айгырга барат, ошол жерге барганда Калыгул бий жолдошторуна көлгө барып чырпык алып келгилечи, ушул жерге сайып коеюн, ал көгөрүп өнүп чоң дарак болот, ары-бери өткөн жолоочулар ушул дарактын көлөкөсүнө көлөкөлөп дем алып өтүшсүн» дейт. Калыгул бийдин жолдоштору төмөндөп көлгө барып жаш чыбыктардан кыйып алып, алып келишет. Ошол чырпыктарды Калыгул ошол жерге тигет. Ал чырпыктар кийин көгөрүп өнүп чыгат. Кийин ал жер «Чырпыкты» деп аталып калат.

Калыгул мына ошондон баштап элге мындай иштер тигиндей болот деп айта баштайт.

Мисалы:

1. Тоо токол болот, токол бий болот.
2. Тегиз жерден тегирмен чыгат, тексиз жерден бий чыгат.
3. Уулдан уят кетет, кыздан кылык кетет, келинден кейип кетет.
4. Элдин кийгени торко болот, мингени жорго болот.
5. Этеги жок, жеңи жок кийим чыгат, акча деген тыйын чыгат, атасынан баласы кыйын чыгат.
6. Акча деген мал чыгат, кайыры жок бай чыгат.

7. Төөнүн куйругу жерге тиет, төө жаңгак чычат, бир төө алтымыш төөнүн жүгүн көтөрүп алып асманга учат.

8. Кой үстүнө торгой жумурткалайт, жесир катын миң кой айдайт.

9. Сорпо аз болот, үй баш сайын бозо болот, аны ичпесе куса болот.

10. Куйругу жок, жалы жок аты болот, анын артында сүйрөтүп алган арабасы болот.

11. Кыз жигиттин бетин ачат, ал кыздан жигит качат.

Калыгул жана ушул сыяктуу сөздөрдү айтып сүйлөй берет. Ошол кезектеги жашаган элдерден кээ бирөөлөр «Калыгул билип коюптурбу, келесоо болуп калган го» десе, дагы бирөө «Калыгул дөөпөрөстөнүп сүйлөй берет да» деп шылдыңдашкан, келекелешкен.

## Надырбек уулу Калыгул бий

*Инв.№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*23-26-б.*

Надырбек уулу Калыгул бий болжол менен 5-кылымда жашаган. Калыгулдун чоң атасы белгисиз, аты-жөнүнүн дайыны жок. Калыгул сарбагыш уруусуна такыр эле кошулбайт. Эл Калыгулду Эсенкулдун Ниязбегинин сегиз уулунун биринен туулган дешет. Ал жалган. Калыгул бий да болгон эмес, олуязаада киши болгон.

Үчүкөнүн Темир, Болот жана Маматкул деген үч уулу болгон. Ошол Маматкулдан таркап чыккан элдин ичинен Надырбек деген урук чыгат. Ошол Надырбек уруктары ат чапса Маматкул бабам – Маматкул бабам деп ураан чакырат. Надырбек уругунан чыккандар азыр да ат чабышта Маматкул бабам – Маматкул бабам деп ураан чакырышат. Эл ушул ураандан улам Калыгулдун атасы Надырбекти

сарбагыш уруусуна кошуп коюшат.

Калыгулдун сөздөрү:

1. Эки башы койкойгон кыйык чыгаар, мейли кадыр зайып чыгаар.

2. Тегереги тептегиз тыйын чыгаар, атасынан баласы кыйын чыгаар.

3. Уй бул болоор, бий кул болоор.

Эң акырында оң колу менен эки көзүн күндүн жарыгынан далдалап туруп алыс жакты карап тиктеп туруп: «О-о-о-й, андан ары жагы боз чалып тумандап кетти, көзүм жетпей калды, эмне болорун билбей калдым» деген экен.

**Ормондун түштөрү**

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 26-28-б.*

Сарбагыштан чыккан Ормон хан болуп турган кезде төмөндөгү түштөрдү көрөт:

1. Ормон хан шыпыргы күрөк алып өзүнүн короосун шыпырып тазалайт. Бирок Ормон хан короосун бүт тазалай албай калат. Бул түшүн жоруганда Ормон өзүнө кас душманын бүт тазалай албай калган. Мисалы, бугуну аягына жеткире жеңе алган эмес.

2. Ормон өзүнүн тагында олтурганда бир киши келет да сол колунун бармагынын алдында калат. Бул түшүн жоруганда кийин бугунун билерман жакшысы Балбай Ормондун колуна түшүп калат. Ормон ошондо Балбайды зынданга салат.

3. Бир күнү түшүндө Ормон атчан келатса аты аксап калат. Ормондун бул түшүн жоруганда сарбагыш, бугу болуп ордо атуу үчүн эки тарап чүкөдөн ат калчашат. Бугунун чүкөсү конот. Менин атым конду, жок, менин атым конду болуп эки тараптан тең талаш чыгат. Кимибиз жыксак ордону ошол тарабыбыз баштап аталы дешип Балбай менен Төрө-

келди күрөшө жыгат. Ошону менен оюнду баштап, ордону бугулар биринчи атышат. Ормондун атынын аксаганы ушул экен.

## Бугу менен Сарыбагыштын уруштарынын себеби

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 28-29-б.*

Сарыбагыштан Ормон хан, Төрөкелди жана бугудан Балбай жана башкасы болуп ордо атышмакчы болушат. Ордону эң мурун атуу үчүн эки тарап чүкө калчашат (ал чүкөнү ат деп аташчу Ж.К.). Бугулардын аты конот. Ат калчоодон биздики конду, биздики конду болуп талаш-тартыш болот. Ошондо кимибиз жыксак ошол жагыбыз ордону мурун аталы дешип Төрөкелди менен Балбай күрөшөт. Балбай Төрөкелдини күрөндүгө көтөрүп урат. Ошондо Төрөкелди Балбайга кекенип калат. Бул биринчи себеп. Ормондун айылында саяк уруусунан чыккан Алымбек деген бай болгон. Ошол Алымбек Ормондун Каракелте деген мылтыгын сурайт. Ормонго таарынып: «Мен малымдын тамгасын башка басамын» деп Ысык-Көлдүн Тоң деген жерине көчүп кетет. Алымбек бугу менен сарбагышты кагыштыруу үчүн эки элдин ортосуна ушак айтып бузукулук кылат. Бул экинчи себеп. Ушул эки себеп менен бугу менен сарбагыш элинин урушу башталат. Эң мурун бугуга сарбагыш кол салат.

## Алымбек ээрчинин айлакерлиги

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 29-30-б.*

Алымбек Нарын областынын Кочкор районунун

территориясында илгери бир убакта жашаган. Ал киши кембагал болгон, ал кишинин кесиби ээр чабуу болгон. Алымбек теректен, карагайдан ээр чабып, элге ээр сатып жүргөн. Күндөрдүн биринде Алымбек Кара-Тоодон (Кочкордон) Чүйгө көчүп келмекчи болот. Ошондо Алымбек Чүйгө чейин жол каржы болсун үчүн, уйдун богунан алты ээр жасайт, ал жумшак боктон чаптап (жабыштырып) жасалган ээрлерди суук аязга коюп тоңдурат. Алты ээрди тери менен каптайт. Алымбек тоңуп калган ээрлерди Кара-Тоонун (Илгери Кочкорду «Кара-Тоо» деп аташчу экен. Ж.К.) базарына сата баштайт. Ошондо Алымбек ээрлерине:

Алымбек чапкан ээр дээрсиң,
Анча-мынча минээрсиң.
Ала жазың болгондо,
Атаңдын көрү дээрсиң – деп жазып койгон экен. Ошол ээрлерин сатып Алымбек Чүйгө көчүп келген экен.

## Кыпчак элинин санжырасы

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 32-34-б.*

Илгери бир заманда Алтай, Саяндан тогуз жигит келет. Бул жигиттердин минген аттары, аттарына токулган ээр-токумдары жарашыктуу, өздөрүнө чак келген, кийген кийимдери да жакшы болгон. Ошондуктан бул жактагы кыргыздар, өзбектер булардын минген аттары, ээр-токумдары жана кийген кийимдери өздөрүнө куп чак экен да дешип таңыркашат. Ошондон улам ал тогуз жигит купчак – кыпчак аталып кетишет. Чынында алар алтайлык кыргыздар. Ошол тогуз жигиттин төртөө кыргыздан аял алып, кыргыздар менен аралашып кетишет, алар кийин кыргыз кыпчак деп аталып кетишет. Тогуз жигиттин бешөө өзбектердин ичинде калат, алар

өзбектерден үйлөнүп, маданияты, салты, үрп-адаты өзбекче болуп кетет. Ошондуктан булар өзүбек-кыпчак деп аталып кетишет. Алар өзбектин жерин жердеп калышат.

## Улусхандын баяны

*Инв.№ 524 (5116)*

Улустун хан болушунан тартып кыргыздардын атагы чыга баштаганы айтылат. Ал эми алардын жайлаган жерлери азыркы кыргыздардын отурукташкан жери болгон имиш. Ошол Улустан бийликке келгенден кийин түрк урууларынын жаңы жыл саноосу башталат. Бул эски ай саноо боюнча алганда жалган курандын 11не туура келет. Азыркыча февраль айынын он бири. Дал ушул күндөрү жети даамдан тамак жасап, чоң көжө кылып Улустун бала күнкүдөн берки тарыхы айтылган. Ал кезде эл отко табынган. Ошондуктан жыл айрылышында чоң от жагып «Алас-алас» ырын ырдашкан.

Алас-алас ар балаадан калас,
Эски жыл кетти, жаманчылык кетти.
Жаңы жыл келди, жакшылык келди,
Алас-алас айдан аман, жылдан эсен бололу!

Байыркы кыргыздардын отко табынган мезгили, арча түтөтүп аластаганы, жаңы келинди отко киргизгенинен да көрүнүп турат. Келин башка жактан келгендиктен аны отко кийиргенден кийин гана өз киши болуп калат дешкен. От андагы жаман ойду, жабышкан нерсени жоготкон деп түшүнүшкөн.

Улус карапайым малчынын баласы катары сүрөттөлөт. Ал аюу жолборсту тирүү кармап алган баатырдыгы менен, ар нерсенин ажатын ача билген акылмандыгы менен элге алынып «сак» деген элди башкарууга Улустун акылмандуулугу жөнүндө көп ырлар чыккан, жомок айтышкан. Бирок, Улус карылыкка моюн суна баштагандан тартып, ойчул боло

баштаган. Куюккан жыйнап эл кылганын, кулаалы таптап куш кылганын ойлоп, көзүм өтүп кетсе балдарым эмне болот деп ойлонот. Уйку-соонун ортосунда да сүйлөп жиберчү болот. Күңгүрөнүп басып ойго чөгүп элден качып калат. Аны жин оорусуна чалдыкты деген аялы үч баласын жалгыз кызын чакыртат. Улуу баласы келип, энесинин сөзүнө ишенип «жандуу оору болуп калыпсың, бакшы чакыртайынбы» дейт. Анда Улус: «Картайганда акылдуу болуп, ой-ойлонуп жинди атка конгуча, өз жанын баккан өгүздөй кем акыл болуш оңой турбайбы. Силерди көрүп тынчым кетет. Силердин алы-жайыңар кандай болот деп кыска түндө тогуз ойгонуп, жүз толгоном. Анан мен арык болбосом, мен жинди болбогондо ким болот» дейт. Улус баласынын толук түшүнбөй калгандыгын ичинен сезип, бир нече сап оюн айтат:

Апаскан Кең-Сары өзөн, кенен чөлүм
Адоо бермет, Асман тоо, туздуу көлүм.
Суусаган кара курттай черүү келсе,
Кан менен сугардым да, каздым көрүн.
Куландар кумга ойногон кантээр экен,
Мага да жакын калды чиркин өлүм.
Араңдан чыгып калса бир даанышман
Уяңды бузбас беле, билсе жөнүн.

Улустун бул сөзү балдарын ойго салат. Мына ушул жерден кичине тыныгуу жасап – жогорку ырдагы жер аттарына көңүл бөлүп карасак. Мында да баягы кыргыздын бийик жерлери айтылган –Кең-Сары-Өзөн - Чүй, Асман Тоо -Тянь-Шань, Туздуу көл – Ысык-Көл.

Ушундан соң Улус ары ойлонуп, бери ойлонуп туруп: «Жети табышмак айтам, кырк күн мөөнөт» деп элге жар салдырат.

Ал табышмак төмөнкүчө:

1. Дүйнөдө ким күчтүү?
2. Дүйнөдө учкул кайсы?
3. Дүйнөдө баатыр деген эмне?
4. Коркок деген эмне?

5. Жакшы деген эмне?

6. Жаман деген эмне?

7. Жаманга дабаа кайсы?

Бул суроолорго ар ким миң ойлонуп, миң толгонот. Эч ким ылайыктуу, ишенимдүү жооп таба албайт. Акыры Улустун жалгыз кызы Салыйман чечет:

1. Дүйнөдө даанышман падыша күчтүү, падышага кол алдындагы эл баш иет...Элге жандуу, жансыз баары багынат.

2. Дүйнөдө учкул – даанышмандын касиеттүү сөзү. Даанышмандын сөзү эч качан өлбөйт.

3. Баатыр деген даанышмандын оң колу жана элден талдайт.

4. Коркок деген эки көзү бар сокур, кулагы бар дүлөй, тили бар дудук, элге пайдасыз адам.

5. Жакшы деген даанышмандын булагынан суу ичкин.

6. Жаман деген өпкөсүн колуна кармап көккө ыргыткан мактанчаак, көрөңдөр.

7. Жаманга дабаа – алдап катарга кошуу же коркутуу, андан башка дабаа жок.

Улус кызынын табышмакты тапканына ыраазы болот. Бирок аны улуу баласы «атам табышмактын жандырмагын кызына айтып койгон» – деп ишенбестигин билдирет. Улустун ортончу баласы тура калып улуу агасынын сөзүн кубаттайт. «Салыйман тапкыч болсо, менин 4 табышмагымды айтам, чечип берсин» – дейт.

1. Он сегиз миң ааламдын энеси ким?

2. Эмгеги кайсы?

3. Он сегиз миң ааламдын атасы ким?

4. Эрдиги кайсы?

Салыйман токтолбостон, эч ойлонбой жооп берет: «Он сегиз миң ааламдын энеси – жер, эмгеги – жел, атасы – күн, эрдиги – суу».

Ошентип, сак элине Улустан кийин Салыйман кан болуп калды. Ошол учурдагы тартипке жараша ак сагын (тагын) хан көтөрөт. Кийин андан тараган

тукумдар каз саккадан атылып кетти. Ал эми Салыймандын бир туугандарынан тарагандар урумдар (усуп) деп аталат.

### Ак Сыйнат (Барак баатыр)

*Инв. 643 (5281 ) 29-41-б.*
*Айткан: Тилепов Сагынбек*
*Жазган: Казакбаев Жанжигит*
*Ош обл., Токтогул району, Торкент айылы, 1974*

### (Бакетай-Барак)

Кетмен-Төбө өрөөнүндө, Торкенттин тоо тарабында Бөрү-Булак деген кыштоо болгон. Ушул кыштоодо Байдөөлөт уулунан чыккан Барак деген киши жашаган, ал 1860-жылы күз айында дүйнөдөн өтөт. Кетмен-Төбөлүктөр ал кишини Барак баатыр деп аташчу экен. Карыялардын айтымына караганда, Барак узун бойлуу, алп мүчөлүү, эч нерседен тайманбаган, көзгө атар мерген жана эмгекти сүйгөн дыйкан, акылдуу киши болот. Бароктын атасы Карагул турмуштун оор запкысына чыдабай бирде Сейит уулуна, бирде Арзымат уулуна көчүп барып турат. Алар менен көп жылдар тууган болуп аралаш жашап жүрөт. Бирок, ал барган айылдарынан да турмушу оңолбойт. Ошондуктан Карагул кайра Бөрү-Булак кыштоосуна көчүп келип түбөлүк жашоо үчүн үй салат. Карагул өз элине, туугандарына келгенден кийин бирин-экин мал күтүп орто чарбак болуп калат. Карагулдун Бапы, Барак деген эки баласы болот. Бапы менен Барак эр жеткенден кийин Карагул өлөт. Агасы Бапыга караганда Барак акыл-эстүү, өз оокатына тың, турмуштун көзүн тааныган, туугандарына сөзү өтүмдүү жигит болот. Барак өз айылынан кедей-кембагалдарын, бей-бечараларын чогултуп бириктире баштайт. Жаз кедээри менен уюшуп, эгин айдашат, чөп ча-

бышат, үй салышат, ошентип Бөрү-Булакты түбөлүктүү кыштоого айлантышат. Барактын жардамы менен куралган, бириктирилген бул айыл Байдөөлөт уулу Барактын айылы деп аталып калат. Барактын айылына дыйканчылык кылуу үчүн жалаң Бөрү-Булактын суусу жетишпейт. Ошондуктан Барак элди суу менен камсыз кылуу үчүн Көк-Кыр жайлоосунун суусун бурдуруп келүүнү чечет. Жаз келээри менен жерлерин айдап, эгиндерин сээп бүтүшүп, Барак баштаган кырк-элүүдөй киши үй-жайы менен июнь айында Көк-Кыр жайлоосуна көчүп келишет. Көк-Кыр жайлоосуна Барак арчадан кыйдырып келип, коoздотуп ырабат (ыраббат – жайкысын чай ичип, эс алуучу, оюн-зоок, тамаша өткөрүүчү жай) салдырат. Күндүз кечке арык казгандар кечинде иштеринен кайтышып, ошол ырабатка чогулушуп оюн-күлкү, таң-тамаша өткөрүшөт. Кыз-жигиттер ырдашат, жомокчулар жомок айтышат, комузчулар комуздарын чертишет, Өйдө-төмөн өткөн малчылар, тоого кымыз ичкени бараткан жайлоочулар ырабатка кайрылып, чай ичип эс алып кетүүчү болушат. Барактын ак саргыл кичинекей кызы болгон, ал кыз эркекче кийинген, атасынын жанынан чыкпаган, арык казгандарга ырдап берип көңүлдөрүн ачып жүрөт. Ал кыз ырга шыктуу, үнү жакшы болот. Көк-Кырдын арыгы эки айга жетпей бүтөт, анын суусу Бөрү-Булакка агып келет. Арык казгандар кайра көчүп келишет. Алар ошол жылы эгинден мол түшүм алышат, таруу, буудай жана жүгөрү көп болот. Дыйкандар эгиндерин байларга уйга, койго, жылкыга жана эчкиге айырбаштап сатышат. Өмүрүндө мал күтпөгөн жардылар минээрине ат, саарына уй, кой, эчки күтүшөт. Барак мерген жигиттерди чогултуп алып кышкысын улуу тоого чыгып бир айыл элди эчки, теке , бугу, марал, элик атып келип багат. Барак жолборс, аюу, илбирс, сүлөөсүн, түлкү, калтар, кундуз, суусар атып, капкан менен кармап, аларды байларга атка, бээге, уйга жана башка малга сатып, элге атактуу мерген болуп

таанылат. Бporактын кызынын аты Сыйнат болгон. Бaрактын Сыйнаттан башка балдары болгон эмес, ошондуктан Барак Сыйнатты эркекче кийиндирип алып өзү менен уучулукка кошо алып чыгып мылтык аттырып үйрөткөн, кээде айылга, аш, тойго алып барып жүрөт. Сыйнат ошентип бир үйдө эрке өсөт, эркекче кийинип жорго минип бирге той, тамашага кете берет.

Бир күнү Барак айылдагы ак сакалдарды, эстүү-баштууларын чакырып мындай деп кеңешет:

Мен жондогу Бөрү-Булактын түзүнө коргон салдырайын деп жатамын, ал жерден Торкенттин талаасы бүт көрүнөт, айланасы ачык: жоо келсе бат эле көрүүгө болот. Кокустан биздин мал күтүп байыганыбызды билсе, ач көз байлар жигиттерин жиберип биз жокто айылыбызды чаап, мал-мулкүбүздү тартып алышы, талап кетиши ыктымал. Коргондун бийиктигин он кулач, ичине кырк-элүү бата тургандай салышыбыз керек. Коргондун төрт бурчуна кароолчу карап тура турган мунара тургузалык, кырларын төө өркөчтөнтөлүк, дарбаза бирөө эле болгону түзүк дейт.

Карыялар, олтургандар Бaрактын сөзүн туура табышат. Барак Бөрү-Булактын түзүнө коргон салдыра баштайт, ал коргон эки жылга жетпей бүтөт. Коргондун ичине тегерете өрүк тиктирет, бир бурчуна жүзүм отургузат, арык каздырып коргондун ичине суу киргизет, үйлөрүн тиктирип олтурушат. Ал коргондун ичине көп эл малы менен батат. Бул коргон Бaрактын коргону, жоодон сактануучу чеби деп аталып калат. Барак өзүндөй тайманбас жигиттерден отузга жакынды чогултуп алып, аларга мылтык атканды, найза сайганды, чабышканды, күрөшкөндү, ат үстүндө оодарышканды үйрөтөт. Бaрактын айылындагылар бээ байлап кымыз ичели дешип кырк-элүү жылкы чогултуп, Бекназар деген жигитти жылкычылыкка дайындашат. Бекназар тай, кулун, бээ болуп жылкыларын айдап Көк-Кыр

жайлоосуна барат. Бекназар ар жумада төрт атка кымыз, айран, сүзмө жүктөп талаадагы эгинчилер, сугатчыларга, чабуучуларга, жатакчыларга жеткирип турган.

Бир күнү Бекназар кымызын кыштоодогуларга, жатакчыларга жеткирип кайра үйүнө бээлери, субай жылкылары жок, желеси кыркылган, боз үйү өрттөлгөн, казан-аягы сынган, катын-баласы өңгүрөп журтта ыйлап олтурат. Бекназар аттан секирип түшүп эле катынынан:

Бул эмне деген жорук, ким ушинтип кетти, ал кандай акмак, айтчы? – дейт. Аңгыча башы-көзү жарылган эки атчан жигит келип Бекназарга салам айтат. Ал жигиттерди Бекназар сураштырса Акмат менен Дыйканбайдын жигиттери болуп чыгат.

Силерге эмне болду? – дейт Бекназар.

Ал экөө солто элинин Саке деген баатыры көп киши менен келип өзүбүздү уруп башы-көзүбүздү жарып жылкыбызды айдап кетти, таяк жеп качып келе жатабыз, сен барып Баракка кабар бергин дейт. Бекназар сары атына минип чапкан бойдон кыштоодогу эгин сугарып жүргөн Баракка кабар берет. Барак:

– «Байдын миң койуна карышкыр тийсе, жардынын жалгыз эчкисин жеп кетиптир» дегендей болгон турбайбы, Саке эмес желмогуз болсо да барамын, – деп камына баштайт.

Ошол учурда Акмат менен Дыйканбай Баракка чаап келишет.

– Айланайын Барак аке, айылдагы жылкыларды Саке келип тийип кетиптир, сиз жигиттериңиз менен барып жылкыларыбызды алып келип бериңиз, жылкыбыздын теңин берелик, саяктын жана Кетмен-Төбөлүктөрдүн намысы үчүн барыңыз, – дешет. Эрдин күнү менен соодалашып турган эки мырзага Барак: «ал кайдагы намыс, ким менен эрегиштиңер эле» дейт. Акмат менен Дыйканбай:

«Жай айында Суусамырда чоң той болгон, ошол

тойго саяк, солто болуп көп эл чогулган, ошондо солтонун Байтиги менен бирге отурганбыз, сөз талаша кетип, Байтикти сөзгө сындырып койдук эле, ошону Байтик кектесе керек, түндө жылкыбызды бүт айдап кетиптир. Жылкычыларыбыздын башы-көзү жарылып, жигиттерибиз таяк жеп өлгөнү жатат, жардам кылыңыз» дешет.

Ошондо Барак:

«Алыңарга карап, мурдуңарга ченеп бышкырбайсыңарбы, солтонун Байтигин сөзгө жыкканды, силерге ким коюптур, эки ортодо мына бизге окшогон жардылардын чогултуп саап ичип жаткан бээлерин силердин миңдеген жылкыңарга кошуп айдап кетип олтурат, «жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» дегендей силердин кесепетиңер бизге окшогон эптеп оокат кылып жаткандарга да тийди. Биздин Байдөөлөт уулунун бирин-экин жылкыларын ажыратып келүү үчүн барамын, силердин жылкыларыңарды мага десе Чүйгө айдап кетсин» дейт.

Барак «Байтиктин буйругу менен түн катып бейбечаралардын убалынан коркпой уурулук кылып жүргөн Сакенин сазайын колуна бербесем, чоң атам саяк Каба баатырдын арбагы урсун» деп баягы өзү үйрөтүп машыктырган отузга жакын жигиттери менен жолго чыгат. Таң ата Таластын башындагы Үй-Кошойго барат. Ошол жерден жердин бетин бербей койдой жайылып жаткан миңден ашык жылкыны көрөт, ага кайрылып сураштырса Саке алтымыш жигити менен бээ байлатып, тай сойдуруп, кымыз ичип, эт жеп чардап эки күн өрүүлөп жаткан кези болот. Саке Үч-Кошойдо бир жума тыныгып жатууну, артынан кууп келген саяктарды кырып, алардын аттарын жылкысына кошуп алып анан Чүйгө кетүүнү ойлогон. Барак келген күнү Саке ээр токумун жазданып, чаар айгырын таштын боорундагы куурап калган арчага аса байлап, өзү таңкы уйкуда жаткан кези экен. Барак таңга жуук кыйкырып Сакенин кошун тополоңго салат. Сакенин эң жакын көргөн

жигити Мамырбай чуркап келип:

«Кокуй, Саке тургун, саяктын Барак деген баатыры келди, узун бойлуу, кара тору сүрдүү киши экен, отузга жакын жигити менен бизди кууп кетиптир»дейт. Барак: «Саке эр болсо колуна найзасын алып жекеме жекеге чыксын, эгер намысы жок ууру ит болсо, жекеме жекеге чыкпаймын десе бүт жылкыбызды чогултуп берсин деп жатат» дейт. Саке Бaрактын кыйын баатырлыгын мурун угуп жүргөн, ошондуктан эмне кылаарын билбей дал болот, коркот, кандай айла кылаарын билбей карбаластап калат, бирок намысына чыдабай намыс үчүн чыкмакчы болот. Суусамырдагы Кетмен-Төбөдөгү болгон тойлордо, аштарда найза сайганга, кылыч чапканга, мылтык атканга Бaрактай эч ким жок, ошол кара баатырга этият болуу керек деген сөздөрдү уккан Саке Бaракты жеңемби же өлөмбү деп чаар айгырды минип, найзасын колуна алып Үч-Кошойдун түзүнө келип, атынын жалынан жулуп алып оозуна салып чайнап турат. Ошол түстө Бaрактын жигиттери бир жагына, Сакенин жигиттери бир жагына бөлүнүп, эки бөлөк болуп турушат. Барак сары аргымакты минип чыгат. Барак жагынан Бекназар, Саке жагынан Мамырбай экөө калыстыкка чыгып, элдин ортосундагы дөнчөгө келип турушат. Бул экөө камчыларын бүктөп оң колдору менен жогору көтөрүп туруп колдорун ылдый түшүрөт. Эки баатыр көздөрүн ирмебей тай чабым жерден качырышат. Барак Сакенин найзасын кагып жиберип, Сакени жүрөккө саят, бирок Бaрактын найзасы Сакенин бооруна байланган кум олпогунан өтпөй тайып барып Сакенин колкосун тешип желкесинен чыгат. Саке аттан кулап түшөт. Барак кайрылып келип: «Акмак, жардылардын көз жашы, көкүрөк дарты, өрттөнгөн үйү, сынган казан-аягы, канча малы, жеген таягы эми көзүңөн чыктыбы, эми дүйнөгө көзүң тойдубу?» деп чаар айгырды жетелеп Бекназар менен Мамырбайга келет. Мамырбай коркуп атынан бакырып түшө ка-

чат. Бекназар Мамырбайдын торусун алып Баракты ээрчийт: Барак миңдеген бүт жылкыны айдап Кетмен-Төбөгө келет. Сакенин сөөгүн баягы алтымыш жигити өкүрүп, Үч-Кошойго көмөт. Саке Байтиктин тили менен нечен жолу казак элине барып үйүр-үйүр жылкы тийип келип, чаар айгыры да казактардан келген. Сакени Акмат менен Дыйканбайдын жылкысын тийип кел деп Кетмен-Төбөгө Байтик жиберет. Барак жылкыларды айдап баргандан кийин жылкынын ээлери өздөрүнүн жылкыларын таанып алышат. Ушул окуядан кийин Барактан коркуп Барактын айылына эч ким кол сала алган эмес. Барак Бөрү-Булактын өрүшү малга толуп, бай-кедей дебей теңдик заман болсо, тээтиги Торкенттин талаасы бозоруп жатпай бүт эгин эгилсе, мол түшүм берип далай элди тойгузар эле деп арман кылчу.

Барак 1860-жылы күз айларында 38 жашында улуу тумоодон өлөт, бир уул, бир кыз калат. Кызы Сыйнат он бешке карап калган кези болот. Барактын Сыйнаттан кийинки туулган балдары төрөлгөн сайын өлүп, токтогон эмес. Барак отузга чыкканда бир эркек балалуу болот, бул баланы тилеп алганмын деп атын Тилеп койдурат. Атасы өлгөндө Тилеп сегиз жашта болот, Сыйнат эси ооп жыгылып калат, таңга жакын эсине келет. Сыйнат: «Эрмен жеген эчкидей, эбиресе катындар, атамды өзүм эле кошомун» деп төрдөгү катындарды тургузуп жиберип өзү төргө олтуруп атасын кошо баштайт.

Кошок:

Атаң өлсө тайлак бар,
Кому жерде калган жок.
Кан атам өлсө Тилеп бар,
Калкы караң калган жок.
Күмүштөн камчы алакан,
Кетилгенче жүрсөңчү,
Күйөөрүң Тилеп балаңыз,
Жетилгенче жүрсөңчү.
Адыл тилеп балаңыз,

Жетилгенче жүрсөңчү.
Сары алма бышат күз убак,
Сайратып кеттиң үч убак.
Боз алма бышат күз убак,
Бозортуп кеттиң үч убак.
Кара таштын башына,
Капкан салган атакем,
Кызыл түлкү кер бучкак,
Муну алган атакем.
Капканын белден кан кылып,
Калтар алган атакем.
Бат атаарын бат аткан
Багылдырды башка аткан
Тез атаарын тез аткан.
Текечерди башка аткан.
Чагырмагын кошо аткан.
Чакыртып туруп бугу аткан
Чагарак куйрук чаар чаар жон,
Жолборс аткан атакем.
Үксөйгөндөн саксайган.
Аюуну аткан атакем.
Ак бараң мылтык асынса,
Мергендин көркү атакем.
Топ жыйында бир жүрсө,
Адамдын көркү атакем.
Сарыны минип сабаган
«Саке жылкы кууду» – деп,
Атама Бекназар келген чабаган.
Копшогон найза майышкан
Кан атам Кошойдон барып сайышкан.
Кол көтөргүс найза алып,
Саке чыккан жетелеп.
Сакенин минген чаарын,
Кан атам сайып алып жетелеп.
Жыгылып Саке боздогон
Сакенин минген чаарын,
Кан атам сайып алып коштогон.
Саке түшкөн батынан,

Коркконунан Мамырбай,
Түшө качкан атынан.
Боз талаада адырдай,
Кан атакем эрдиги,
Бокбасар менен Садырдай.
Кумга тиккен чынардай
Кан атакем эрдиги,
Кудаяр менен Нурактай.
Ээри салган көпчүктөй[1].
Кан атамдын эрдиги,
Эртеги өткөн Төштүктөй.
Эки тизгин тең тарткан,
Таразадай кан атам.
Илгерки өткөн Төштүктөй,
Адамдын алпы кан атам
Жортуп өткөн Жолойдой.
Жолуң ачык Кошойдой.
Кан атам ичи кеңдиги,
Үч-Кошой менен Таластай.
Кан атакем эрдиги,
Кошой менен Манастай.
Жалбыс чыккан боорду,
Конуш кылган кан атам.
Жалпы журтка доо келсе,
Намыс кылган кан атам.
Көк-Жардын суусун бурдурган
Кан атам түскө коргон курдурган.
Кокондун ичи шурулду,
Коргонуң калды курулуу.
Мекенин ичи шуурулду
Мечитиң калды курулуу.
Кан атам өлдү деген,
Кой ичинде козу ыйлап,
Койчулардын баары ыйлап.
Кан атам өлдү дегенде,
Жылкы ичинде тай ыйлап.

---

[1] Көрпөчө

Жылкычынын баары ыйлап.

Кыш өтүп жаздын башталаары менен Бaрактын күмбөзүн Торкентке салышат. Бaрактын алача жана Турус деген жээндери Баракка күмбөз салууга жардам беришпей май айында Суусамырга көчүп кетишет. Күмбөздү Бaрактын айлындагылар жардамдашып салышат. Ошол күмбөз салгандар жөнүндө Сыйнаттын айтканы:

Жазында таруу эгишкен,
Жатакчың ишке жарады.
Даңкыңыз көпкө тарады,
Баатырга күмбөз салам деп,
Сенин бечараң ишке жарады.
Кураның тоого тараган
Курамың ишке жараган.
Берениң тоого тараган,
Бечараң ишке жараган.
Кураның тоого толгон жок.
Кол кармашкан тууганың,
Кан атам, сенин курамаңча болгон жок.
Берениң тоого толгон жок
Бел кармашкан тууганың
Бек атам, сенин бечараңча болгон жок.
Кара жон чыга жайласа,
Карагер жүрөт жуушабай
Каз айлангыс чөлдөрдө.
Кан атам калды суусабай
Кызыл жон чыга жайласа,
Карагер жүрөт жуушабай.
Каз айлангыс чөлдөрдө,э
Кан атам калды суусабай
Кызыл жон чыга жайласа,
Кызылгер жүрөт жуушабай.
Куу айлангыс чөлдөрдө,
Кан атам жатат суусабай.
Күлүктөр чыгат шайданга,
Кан атам неге суусасын,
Көлөкөлүү майданда.
Белеске салдың ырабат

Кан атам, кыямат жолун сурап жат.
Адырга салдың ырабат.
Атаке, акырет жайын сурап жат.
Таасын окуп кат койсо,
Тиет деген улама.
Жайын жеген ат сойсо,
Тиги дүйнө бейиште,
Минетби экен улама?
Куран окуп кат койсо,
Тиет деген улама.
Кур оттогон ат сойсо,
Кыямат жолу бейиште,
Минетби экен улама?

Күмбөз бүтөөрү менен Суусамыр жайлоосуна көчүш үчүн Сыйнат элди камынтып мындай дейт:

Салкындап үйдү чечели,
Ак күмбөз бүтсө көчөлү.
Күн тие үйдү чечелик,
Кан атама арналган
Күмбөз бүттү көчөлүк.

Эртеси Суусамырга көчө башташат. Сыйнаттын көчүн агалары, айлындагы жигиттери көчүрөт, малдарын айдашат. Суусамырдагы Арамза жайлоосун көздөй бет алышат. Ошондо Сыйнаттын кошкону:

Ак падыша Никелей,
Алтындан кылган тагында.
Кан атамдын күмбөзү,
Артактын маңдай жагында.
Арманда болбой жата бер
Акылбек датканң жанында.
Күн чыгыш каны куунадыр,
Күмүштөн кылган тагында.
Кан атакем күмбөзү,
Күңгөйдүн маңдай жагында.
Күйүткө батпай жата бер,
Сенин күйөрман датканң жанында.
Бек атам өлгөн күзүндө
Бек атамдын күмбөзү

Бек жолунун үстүндө
Кан атам өлгөн күзүндө
Кан атамдын күмбөзү
Кан жолунун үстүндө.

Сыйнаттын көчү Суусамырга жетет. Сыйнаттын көчүн жайлоодогу аялдар, кыз-келиндер, Алача, Турус жана башка кишилер тосуп чыгышат, жүктөрүн түшүрүшөт, үйүн тигишет. Чарчап-чаалыгып келгендерге чай, кымыз жана башка азык-тамак алып келишет.

Барак жетим калган Алача менен Турус жээндерин багып-кагып чоңойткон, аларды үйлөнткөн, үй көтөрүп берип малдуу кылган. Ошол жакшылыкты билбей Алача менен Турус малыбыз ысыкка күйүп кетет дешип таякесинин күмбөзүнө жардамдашпай Суусамырга көчүп кете беришкен. Ошондуктан Сыйнаттын көпчүлүк элдин ичинде айтып турганы:

Алача, Турус ашкан бай
Айранын ала качкан бай.
Койлуу, байлуу акелер,
Коюңар салды[2] кемирди.
Бизден мурун сиз кетип,
Коюңар канча семирди?
Төөлүү, байлуу акелер,
Төөңөр салды кемирди.
Элден мурун сиз кетип,
Төөңөр канча семирди?
Семирди бекен танасы?
Алача, Турус эки бай,
Тындыбы экен санаасы?
Жуушады бекен жылкысы?
Канды бекен уйкусу?
Курбулуу тоонун куу арча
Курманкожо Алача
Жарды эмес, бай элең.
Жалгыз эмес, көп элең.
Кан атакем барында,
Асылын көргөн сен элең.

---

[2] Туздун кенинен алган казандай, чарадай туз.

Урунганы пул экен.
Биздин жээн Алача,
Уйдан жаман кул экен.
Артынганы пул экен
Биздин жээн Алача,
Теги жаман кул экен.
Толорсугу бир тутам,
Доңуз экен Турусбай.
Кар жилиги бир тутам,
Каман экен Турусбай.
Алача, Турус эки бай,
Уялгандан пайда жок.
Торкенге салган атамдын,
Күмбөзү бүтпөй калган жок.
Бул сөзүмдө жалган жок.

Алача менен Турус жыгылып Сыйнаттан кечирим сурашат. Жайлоодогулар Сыйнатка козу союшуп өрүлүк кылышат. (*аягына чыккан эмес*).

## Торукашка ат минген Чулум-Кашка (Ысык-Көлдүк дөөлөстүн тарашы)

*Жазып алган: Абрамзон С.М.*

Илгери тогуз уул, бир кыздуу Толуман бай болуптур. Кызына калмактын каны жуучу түшүп, акыры кызын күйөөгө узатмак болот. Калмактын каны кызыңды Торукашка айгырыңа мингизип жибер деп көшөрүп туруп алат экен. Толуман айласыз кызын Тору кашка айгырына мингизип узатат экен. Айгыры кеткен соң үйүрдөгү жылкысы кырыла баштайт. Толуман кенже уулу Чулум-Кашканы айгырдын артынан жиберет. Эки жыл жыл Чулум-Кашка Торукашканын көкүлүнөн бир тутам кесип, андан нокто өрүп алып келет экен. Ошондон кийин Толумандын жылкысы кайтадан көбөйө баштайт. Бирок калмак каны муну билип калып баланы кармап келгиле деп буйрук берет.

Чулум-Кашка бала ошондо Ысык-Көлдү көздөй качып кетет. Азыркы Көлдүк дөөлөс ошо Чулум-Кашканын урпактары.

Уламыш алынды: Абрамзон С.М. Из этнической истории киргизов / Тюркологический сборник. – М.,1966. С.165-166

### Буудайчы

*Айткан: Нарбеков Калыбек Нарбекович*
*Кара-Буура району, Чоң Кара-Буура айылы.*
*Жыйнаган: Нарынбаева Нуржан*

Илгери мындан көп жыл мурун Буудайчы деген бир жигит, ичкич, карды чоң киши болгон экен. Ал убакта ачарчылык болуп түндүк жакта Буудайчы эптеп кара жанды карч уруп, бир сындырым нанга зар болуп турган кези экен. Анан ал ач курсагынын айынан түштүктү карай бай-манаптар менен мал айдашып, киндик каны тамган жери Түгөл-Сай айылынан жөнөп калган.

Тогуз жолдун тоому Ош, Алай тарап өзбек сарттарга мал айдап барып жанындагы кишилер менен кудайы конок болуп конуп калышат. Ошентип Буудайчы өзүнүн да канаттуу сөздөрү менен элди күлдүрүп олтуруп, элге маалым да болот. Ичкич, жегич экендиги да белгилүү болуп калат. Ошентип аркалыктар менен түштүктүктөр мелдеше кетет. Негизи Буудайчы өзү сары тоголок келген киши болгон. Жегич, ичкичтигине байланыштуу мелдеше кеткен немеге сарттар алтымыш анделек, кырк сарт токоч коюшкан. Ошол тамактардын баарын жеп кетсе жеңдиңер, ал эми жей албаса беш ирик бересиңер деген талап коюшат сарттар. Ошондо Буудайчы өз намысына келип улам бир андалекти кесип жеп, эч тынымсыз болгон тамакты жеп бүтүп, дагы тойбой калгандыгын билдирип, бир челек суу ичип туруп басып кетет. Ошондо сарттар таң калышат. Алар өздөрү беширикке чыгым болушуп, атүгүл ачарчылык убакта өз

тамактарынан айрылышкан.

Бирок Буудайчы бул адатын кийин деле койбойт. Атүгүл совет доору келип, Октябрь жаңы атып ак төөнүн карды жарылган жокчулук убакта деле анын бул ичкич, жегич өнөрүн көргөндөр да эл оозунда калган.

Кийин болсо Буудайчы өз жери Түгөл-Сайда катчы болуп иштеп калат. Бир жолу ошол жакта башкарма болуп иштеген Кооман аттуу кишинин үйүнө Буудайчы кат жеткирип барып калат. Барса Кооман бир жакка жумуштары боюнча шашып бара жатыптыр. Ал Буудайчыга саламдашып коюп:

Буке, эми мен шашып бара жатам. Үйгө кирип даам татыңыз. Келинчегим үйдө, кымыздан да ичип кетиңиз деп өз жолуна түшүп кете берет. Буудайчы үйгө кирет. Келин болсо, Буудайчыга 10 литрдик суу чака менен бир кымыз алып келип берет. Кадимки орточо чыны менен кымыз куят. Кайран киши улам-улам ичип олтуруп баягы сыр чаканын ичиндеги кымыздын баарын түгөтөт. Ошондо Буудайчы:

Ээ балам, кымызың жумурга жук болгон жок го, дагы кымызың бар беле? дейт. Келин таң калганбы, же куюп бергенден тажаганбы, айтор, бир чоң кырк литрлик челек менен кымыз алып келип коет да, эшикке чыгып кетет. Кайран ичкич Буудайчы баягы чоң челекти түгөтүп эшикке чыгып келе жатса Кооман келип калат. Ошондо Коομанга Буудайчынын айтып турган сөзү:

Башкарма болбой куру сен, мендей чүкөдөй болгон чалды тойгуза албадың? деп Коомaнды мат кылып кете берген экен. Негизи Буудайчы өзү айткандай эле чүкөдөй болгон арык киши болгон экен. Бирок, ал ар дайым эле ичип, жеп жүргөн эмес. Ал кээ кезде эле ушундай өнөрүн чыгарып койгон жан болгон экен да.

Анан Буудайчы Коомандын үйүнөн чыгып, Алкыш деген жерге жеңесинин үйүнө барат. Барса жеңеси жаңы эле каймак сызгырып майын бир чоң сары чакага куюп коюп отурган болот. Буудайчы

киргенде эле анын көзү чакадагы майга түшөт. Майды ушунчалык жегиси келет. Жеңеси аны байкайбы же кызыкчылыгы үчүнбү айтор:

Буудайчы, ушу сени ичкич, жегич деп угуп жүрөм. Эгер эр болсоң ушул өнөрүңдү көрсөтчү. Чакадагы майды бүт жеп берчи – дегенде эле Буудайчы чакага учуп жетип, андагы майды үч тыныгып жеп бүтүптүр. Жеңесинин үйүнөн чыккандан кийин башы айланганбы же башка бир нерсе себеп болгонбу, булактагы суунун ичине түшкөндө булактагы суунун үстүнө май калкып чыгыптыр. Суудан чыгып үйүнө жөнөйт. Үйүндө кемпири ушул жашка чыкканга чейин абышкасынын ичкич, жегич экендигин угуп жүрүптүр, бирок ал өнөрүн көрбөптүр. Ошол күнү Буудайчынын кемпири кычап чалынын өнөрүн көргүсү келет. Анан чалынын өнөрүн көрсөтүүсүн суранат. Анда абышкасы «үйдө мен жегендей деле тамагың жок» – деп айтат. «Эмнеге жок?!» – дейт кемпири. «Азыр мен сен жегендей, сен тойчудай кылып тамак жасап берем» дейт. Ошентип, кемпири кышка деген биртке этин, бир чака талканын жана бир карын майдын жартысын алып келип, абышкасынын алдына коет. «Болгон тамагың ушубу?» дегенсип Буудайчы мурчуюп коет. Ошондо Буудайчы сексен бир жашка келип калган кези экен. Ошентип, кемпири тамагын жакшылап ырастаганча, абышкасы көчөгө чыгып кетет. Буудайчы тойбойм го деп ойлойт, ошондуктан дагы бир жакка барып тоюп келейин дейт. Ошол мезгилде көчөдө курдаштары арак ичип отурушуптур. Алар менен отуруп эки бөтөлкө арак ичет. Тойбой калып дагы экөөнү ичип туруп үйүнө жөнөйт. Үйүнө келсе кемпири тамагын ырастап коюптур. Дасторконго отуруп тамак жей баштайт, биринчи эле этти шорпосу менен жайлап коет, экинчи болсо майга көөлөнгөн талканды жейт дагы тойбой калгандыгын билдирип «Дагы эмне бар?» деп сурайт. Анда жини келген кемпири «Дагы атаңдын башы бар» деп ыйлап жиберет. «Бала-бакыранын бир кыш жей турган тамагын, сен бир олтуруп эле жеп салдың»

деп каргап-шилеп ачка жаткан экен кемпири. Ошол түнү карылыгы жеткен ичкич, жегич бечара карыя Буудайчы көз жумган экен.

## Тоголок баш ышкын

*Инв.№594 (5232) I дептер 3-4-б.*
*Жыйнаган: Иманкулов Медеркул 1971.*

Илгери Куйручук Жумгалдан Кочкордогу атактуу Канат ажынын үйүнө келет. Канат ажы ооруп төшөктө, тамырчылардын тили менен алты күндөн бери суу ичип жаткан. Куйручук ажыга учурашып, алын сурайп, чай ичкенден кийин чечинип жеңил кийми менен бийик тоого чыгып барып жайдын күнү бир колтук тоголок баш ышкын терип алып келет. Ышкынды дары болот деп ажыга жедирет. Ошол жылы кеч күздө Кочкордун Сарала-Саз деген жеринде, кыргыз элинин Солто, Тынай, Сарбагыш, Саяк урууларынын съезди (тобу) болот. Ошол топто Куйручук өзүнүн адаты боюнча Канат ажыга барып:

– Мага бир ат бересиң, – дейт. Канат ажы:

– Сага мындан мурун тогуз ат бердим. Тогуз ат алып тойгон жоксуң. Эми бир ат алганда тоймок белең, – дейт.

Куйручук унчукпай кайрылып барып, талаада оттоп жүргөн топко келген жумгалдык саяктардын аттарынан тогуз атты айдап келип «берген тогуз атыңды алгын» деп Канатка берип кайта кетет. Ошол күнү съездин (топтун) председателине арыз берет. «Канат ажы экөөбүз алышман дос элек. Мага тогуз ат берген. Доолаганын атындай тогуз ат берип кутулдум. Эми дос таарынса бергенин алат эмеспи. Мен Канатка бир колтук тоголок баш ышкын бергенмин. Ошол тоголок баш ышкынымды берсин» – дептир. Тоголок баш ышкын табалбай Канат тогуз атка кошуп дагы бир ат берип, алдына түшүп кутулган экен.

**Куйручук. «Мына эмесе жаткандар»**

*Жыйнаган: Иманкулов Медеркул, 1971.*
*Инв.№594 (5232) І дептер 3-4-б.*

Илгери Куйручук куудул Жумгалган Пишпекке жол жүрүп баратып жолдо Чүй боорундагы бир чоң кадырлуу байдын үйүнө конуп калат. Бай Куйручукту тоотпой жарма берип жаткырып коет. Эртеси эртең менен бай үйүнүн жанындагы дөбөдө чогулган эл менен сүйлөшүп олтурганда үйдүн жанына эки-үч карга келип какылдап коно калат. Элдин арасынан тура калып Куйручук каргаларды таш менен уруп мындай дейт: «Какылдап бул жерден эмне издеп жүрөсүңөр. Силер бул жерде какылдабай Кочкор, Жумгалга баргыла. Арыктап өлгөн малдын эти толуп жатат. Бул жерде силер эмес, кечетен бери конуп-түнөп жаткан менин курсагым тойбой ачка олтурамын» дейт. Бай менен олтурган эл күлүп калат. Бай ызаланып калат. Куйручука бир түрлүү жамандык кылууну ойлоп, аттанып кетип жаткан Куйручукту «Бүгүн кетпейсиң. Эртең кетесиң» дейт. «Зарыл жумушум бар эле», – десе дагы кетирбей коет. Куйручук байдын өчөшүп калганын билип айласыздан макул болот. Бай ал күнү кечке Куйручукка таруууну сүткө чалып берип, өрүк, коон, дарбыздан аябай жедирип, бозого арактан кошуп билгизбей аябай ичирет. Кечинде бай үйүнө келген коноктorго кошуп жылкынын этине тойгузуп, босого арактан көрсөтпөй кошуп аябай ичирет. Куйручук байдын каарына калганын билип, тобокел деп ичип-жей берет. Ошентип Куйручук кийми менен жыгып мас болуп жатып калат. Бай ойлогон максатына жеткендей болуп кубанып мындай дейт:

Ырас болду, мас болуп жыгылганы. Бул кыйынсынган саяк бүгүн түнү шымына чычат. Мындан кийин бул үйдөн ачка болдум дебей өз айбын эртең өзү тартат. Жеке бул эмес бардык саяк уруусу чычкак болуп аталып бетине көө жабылат. Эми коноктorум баарыбыз айланта жаталы. Эгер ойгонуп эшикке

чыгайын деп жарык кылып бергиле десе, же башка жардам кыл деп суранса унчукпайлы дейт.

Ошентип түндүктү, эшикти бекитип, үйдү караңгы кылып Куйручукту айланта жатып калышат. Бир топ убак өткөндөн кийин Куйручук ойгонсо, үй караңгы. Баш айланып масы тарай элек. Ичи көөп, ичегилери кулдурап, ичи суюлуп калган экен. Эшикке чыгайын десе үй караңгы. Мас болгон неме кимдин үйүнө жатканын билбейт. Айланасын сыйпаласа адамдар жатат. Атынан айтып бирин ойготоюн десе, эчкимдин атын билбейт. Айласы кетип Куйручук жалпысына жалынып мындай дейт:

Айланайын жаткандар! Баландын айланайын жаткандар! Кагылайын жаткандар! Өлүп баратам, ичим жарылмак болду. Жарык кылып берип эшикти ачып бергиле деп жалынат.

Угуп жатышса дагы мурунку убада боюнча унчукпай коюшат. Бай аялы менен акырын күбүрөп сүйлөшүп күлүшөт. Күлкүнү угуп Куйручук кайраттанып, чыйрала түшөт. Ойлонуп туруп, ордунан өйдө туруп, шымын шыпырып, шылдыңдап күлүп жаткан байды карай шатыратып кое берип, айланта тегеренип жатып:

Мына эмесе жаткандар. Атаңдын көрү жаткандар. Мына эмесе жаткандар деп айлана берет.

Ошол убакта үйдү жарык кылышат. Бай баш болуп жаткандар бүт булганып бүтөт. Үй жарык болгондо Куйручук көтөнүн аарчып шымын кийип, орто жерге эмине кылсаңар өзүңөр билгиле деп олтуруп берет. Бай коноктор менен баары туруп, Куйручукту урмакчы болот. Бирок, сураштыра келгенде Жумгал, Кочкор, Саяк, Сарыбагыш, Шабдан баатырга чейин дайындуу атагы чыккан куудул Куйручук болуп чыгат. Ошондо бай ойлонуп Куйручуктун оозун басууга аракет кылып, алдына түшүп Куйручукка чепкен кийгизген экен.

**Куйручук Семетей айтканда**

*Инв.№594 (5232) I дептер 3-4-б.*
*Жыйнаган: Иманкулов Медеркул, 1971.*

Илгери Куйручук Таласка барып кайта келатып Кара-Балтага келгенде караңгы болуп калат. Жаздын күнү күн жаап турат. Кайда конорун билбей келатса бир чоң ак үйдүн жанында уй саап олтурган келинге жолугуп:

– Кудайы конокмун. Ушул үйгө конуп кетүүгө болор бекен, – дейт. Келин:

– Үйүбүздө конок бар. Сизге конуп кетиүүгө орун жок, – дейт. Анда Куйручук:

– Мен мында түнөсөм Семетей айтып берет элем. Мейли Семетей айтып берсем, дагы бир үйгө түнөрмүн, – деп бастырып кетет.

Келин үйгө кирип күйөөсүнө:

– Бир киши келип конуп кетейин дегенинен, үйдө киши бар. Сага орун жок десем, мен консом Семетей айтып берет элем. Семетейчимин деп кетип калды, – дейт.

Үй ээси: «Семетейчи болсо чакыр, конок кылып, Семетей айттырып угалы,» – деп киши жиберет. Жиберген киши артынан кыйкырып чакырып Куйручукту кайта үйгө алып келет. Ал үйдүн ээси айылдын кадырлуу, сакалдуу карыясы болот. Конокко чай берип, казанга эт салып айылдагы адамдарды «Семетейчи келди. Семетей уккула» деп чакыртты. Айылдын адамдары чогулуп келишти. Үй ээси Куйручукка карап:

– Кана коногум, семетейчимин депсиң. Эми бул элге Семетей айтып бергин. Баарыбыз Семетей угуп кумардан чыгалы, – дейт. Куйручук:

– Макул ата. Семетейдин ынагынан айтайымбы? Же суу кошулганынан айтайынбы? – дейт. Олтургандар:

– Суу кошкону курусун, ынагынан айткын, – дешет.

– Макул, – деп Куйручук эки жеңин түрүп, төргө

олтуруп алып:

Төрө бала Семетей
Кийгениң көрпө тебетей.
Баатыр бала Семетей
Башыңда көрпө тебетей, –

деп кайта-кайта кайталап айтып, төрдөн отко чейин жылып келип, кайта төргө барып Семетейин кайталай берет. Ошол убакта бир байдын көпкөн баласы:

– Бул семетейчи эмес эле, жинди акмак экен, – дейт.

Дагы бир байдын баласы:

– Атаңдын оозун урайын акмак токтот бакылдабай, – дейт.

– Сенин атаңдын оозун мен урайын, тилдебе, – дейт Куйручук.

Байдын балдары тура калып, Куйручукту тепкилешет. Балдар уруп жатканда Куйручук өзүнүн кемселинин чөнтөгүнүн түбүн толгоп жулуп ыргытып жиберет. Аксакалдар арачылап: «Өлтүрөсүңөрбү! Бир келесоону» деп ажыратып коюшат. Алардан ажырагандан кийин Куйручук чөнтөгүн тытмалап акчам жок, мен өлдүм. Себеби Шабдан баатыр жумшап мени Таласка карабаш Кудайбергенге жиберген. Кудайберген Шабдан баатырга «300 сом» берип жиберген. Ошол акчаны чөнтөгүмдүн түбү менен кошо жулуп алыптыр деп ыйлайт. Андан кийин өзүнүн ыргыткан жагынан чөнтөктүн түбүн таап алып, мына ичиндеги акчаны алып баштыгын ыргытып жибериптир деп чөнтөктүн түбүн көрсөтүп дагы ыйлап жиберет. Шабданды укканда олтургандар аябай коркуп калат. Чатакты басуу үчүн кошуна айылда турган болушту чакыртып келишип калыс кылышат. Чатактын кандай болуп чыкканын болуш сураштырганда:

Семетей угуп олтургандар мындай дешет:

– Бул жигит Семетей айтамын деп мактанды. Макул айткын угалы десек, Семетей, тебетей дегенден башка ыры жок. Бизди шылдың кылат деп көпкөн

балдар уруп жатканынан арачалап, ажыратып кой-сок, акчам жоголду, силер алдыңар деп чатак кылып жатат дешет.

«Конок сен, сүйлө» дейт болуш.

«Бул кишилердин айтканы туура. Мен Шабдан баатырдын жумшаганы боюнча Таластагы Карабаш Кудайбергенге барып «300 сом» алып келатып караңгы болуп калганынан түнөп кетейин деп үй саап жаткан аялга жолугуп жайымды айтсам, үйүбүз бош эмес, орун жок деди. Сыяным жок эле консом. Семетей айтып берет элем деп бастырып кеттим. Артымдан чакырган үн чыкканынан токтоп калсам, чакырып жатат деп ушунда алып келди. Семетейчи экеним чын. Бирок үй ээси Семетей айтып бергин деди. Мен Семетейдин ынагынан айтайынбы? Суу кошулганынан айтайынбы деп сурадым. Суу кошулганы курусун, ынагынан айт дешти олтургандар. Макул деп:

Төрө бала Семетей
Төбөндө көрпө тебетей.
Баатыр бала Семетей
Башында көрпө тебетей

деп кайталап ырдай бердим. Анткен себебим Семетейди толук ырдасам суу кошулуп кала турган. Суу кошосуң деп дагы айыпка тартышабы деп коркуп ынагын ырдап жатсам балдар уруп акчамды тартып алышты» деп Куйручук Семетейди ырдап Айчүрөккө үйлөнтүп басылат. Болуш байкап олтуруп казак, кыргыз беттешкен тойдо казактын Олоң жетпес деген атактуу балбаны жыгылып, кыргыздын намызын алып бергенде жалпы кыргыз эли батасын берип бул кыргыздын эркеси болсун дешкен Куйручук экенин таанып, элге таанымал көргөн окуясын айтып берет болуш. Ошондо Куйручукту урган байдын көпкөн балдары алдына түшүп акчасын төлөп беришет экен.

## Куйручук куурма чай ичкенде

*Инв.№594 (5232) I дептер 3-4-б.*
*Жыйнаган: Иманкулов Медеркул, 1971.*

Куйручук баякы Семетей айткан үйдөн эрте аттанып чыгат. Күн жаап жатып басылып күндүн көзү көрүндү. Күн чоң шашке болуп, түшкө жакын болуп калыптыр. Эртең менен тамак ичпей аттанган Куйручуктун курсагы ачып, өзү суу болуп келатып бир айылга жолугат. Айылдын ичиндеги коздолуп жасалган ак өргөөгө барып, үйдө киши барбы деп кыйкырат. Үйдө кобурашып сүйлөшүп жаткан үн бар. Бирок чакырганда унчукпайт. «Үйдө киши барбы?» деп дагы үч, төрт жолу кыйкырат. Үйдөгү адамдар өзүнчө кобурашып сүйлөшүп жатат. Бирок Куйручукка жооп кайтарбайт. Ошол убакта ичи күйүп «Бул үйбү же төбөсү түшкөн көрбү?» дейт. Үйдүн ээси мындай жаман сөзгө чычалап: «Ким болсоң да бери түшүп кел» деп кыйкырат. Куйручук аттан түшүп, үйгө камчысын кармаган бойдон кирсе, бир байдын мырза баласы төшөктө ооруп жаткан экен. Төшөктүн үстүнө олтуруп, жаш жигит куурма чай ичип олтурат. Бир жасалгалуу кийинген сулуу жаш келин күйөөсүнө чай куюп берип олтурат. Куйручук салам айтып кирсе жаш жигит унчукпай коет. Куйручук төшөктүн үстүндө олтуруп чай ичип жаткан жигитке жакын барып, чөгөлөп олтурат. Келин чыныга куурма чай куюп күйөөсүнө сунганда жолдон Куйручук алып ичип, чыныны келинге берет. Келин чыныга куурма чайдан куюп, тура калып күйөөсүнө төшөктүн баш жагынан сунат. Куйручук тура калып жолдон чайды алып ичип алат. Ошол убакта келин «ачка өлүп бараткан бул кайдан келген өлүгүндү көрөйүн ит эле» дейт.

«Мен ит эмес, сен ит» деп келинди камчы менен чаап-чаап алат. Байдын баласы тура калып, Куйручукту муштап калат. Куйручук байдын баласын жана келинди камчы менен сабап чырылдатат. Чы-

рылдаган үндү угуп айылдагылар чогулат. Айылдын бир кадырлуу карыясы чатактын кандай болуп чыкканын сураштырганда Куйручук болгон окуянын баарын айтып мындай дейт:

«Кыргыздын адаты боюнча таанычбаса да конокту сыйлап болгон тамагынын алдын конокко берет эмеспи. Бул жигит менен келин бир атчан туруп «Үйдө киши барбы?» деп сурасам жооп берген жок. Эки салам айтып үйгө кирсем алик алган жок. Үчүнчү келин чайды конокко сунбай күйөөсүнө сунду. Жолдон чайды алып ичип алсам келин мени тилдеп сөктү. Ошондуктан экөөнү мен урдум дейт.

Карыя Куйручукту башта көрүп жүргөндүктөн таанып чогулган элге: «Куудул Куйручук деген ушул» деп мурунку көргөн окуяларды айтып, жигит менен келинди Куйручуктун алдына түшүрөт экен.

### Шаршендин күйөө жолдош болгону

*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*Инв.№ 704 (5342)*
*4-дептер 180-181-б.*

Илгери күнтуу элинде (азыркы Сокулук району Киров атындагы совхоз Токпай кыштагында) жашаган Даадый деген бай киши болгон, анын уруусу саяк болгон. Даады өзүнүн уулу Эсенаалыга алып берүү үчүн күнтуу элинде жашаган күнтуу уруусунун кулболду уругунан чыккан Чоко уулу Чучунун Батма аттуу кызына куда болот. Даадый 1918-жылы келини Батманы алуу үчүн кудасы Чучунукуна барат. Ошондо Термечиков Шаршен Эсенаалыга күйөө жолдош болуп барат. Шаршендин биринчи кийген тону бүтүн жана узун болгон, ал тон өзүнүн бөлөсү Орозаалы уулу Султанаалыныкы болгон (Султанаалынын аялы Канышай бала-чакасы менен азыр «Аламүдүн» совхозу Байгелди кыштагында жашайт Ж.К.) Шаршен ал тондун үстүнөн өзүнүн тонун кийген, өзүнүн тону чолтоюп кыска

жана кээ бир жери жыртык болгон. Чучу Шаршендин тамашасы алдында Батманы 1918-жылы конушуна кондурган. Күнтуу Жанжигиттин уулу Сыдыгаалы Чучу менен айылдаш жашаган. Сыдыгаалынын ошол кезде 1907-жылы туулган он бир жашар Батый деген кызы болгон. Ушул Батый ошол кыз-күйөөнүн тамашасында Шаршенди өз көзү менен көргөн. Батый Кенесариева азыр 73 жашта, «Кыргызстан маданияты» газетасында машинистка болуп иштейт.

## Шаршендин жарамазаны

*Инв.№ 704 (5342)*
*4-дептер 181-184-б.*
*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*

Термечиков Шаршен 1921-1922-жылдары күнтуу уруусунан чыккан Жанжигитттин уулу Сыдыгаалыныкына жарамазан айтып барат (жарамазан орозо айынын ичинде, дайым түндө үйлөрдү кыдырып жүрүп ырдала турган ыр. Жарамазанчы ырчы, жамакчы болсо үйдүн ээсин, айрыкча уулдарын мактап ырдайт, аялын, кызын да мактайт. Ошол мактаганы үчүн үйдүн ээси күчү жетсе, колунда бар болсо, бай болсо ирик, кой, козу, акча берет. Жарамазанды өспүрүмдөр, майда балдар да айтышат, аларга жоолук, тыйын берип коюшчу Ж.К.). Шаршен ак кийинет, ак селде чалынат, ак мурут-аксакал кебин кийип алат да жаңы эле жатышкан Сыдыгаалынын тушуна барып, «Ассалому алейкум жаткан байлар, жарамазан коңурук тартып кызыгына баткан байлар. Жарамазан э-э-э жарамазан, берсең жарамазан, бербесең казаныңды жарабасам» дегенде Сыдыгаалы манап «Кудай урган бул кандай неме казаныңды жара басам дейт да» деп күңгүрөнөт. Шаршен аны таштап мактоого өтөт. Сыдыгаалынын (өзү мурун сурап билип алган аттарын айтып) келиндерин мактай баштайт. Сыдыгаалы балдарымды мактабай,

келиндеримди мактайт, бул кандай келесээ неме, бул ким экен, туруп карачы дейт аялы Аруукеге. Майда балдар Шаршенди тегеректеп калышат, жакын келген балдарга Шаршен камчысын көтөрүп коет, балдар кетенчиктеп кетишет. Бул эмне деген жарамазанчы, балдарыбызды мактабай, келиндерибизди мактаган деп Арууке тыкчыңдап эшикке чыгат. Көзүнө ак селдечен, ак кийимчен ак сакал киши көрүнөт. Арууке кайра эле үйүнө кирип: Ой Кыдыр экен, ак кийимчен, ак селдеси бар, ак селдечен, ак сакал киши экен, кудай берди», – дейт. Сыдыгаалыга «Кудайга тобоо, жаңылсам кечиргин, Кыдыр атама тилим да тийип калды окшоду, кечире көр жараткан ак» деп чебеленет. Сыдыгаалы «Кыдыр атамды үйгө түшүргүлө, бизге чындап кудай берген экен» деп төшөгүнөн тура баштайт. Сыдыгаалынын балдары да, келиндери да туруп келишет. Алар салынган төшөктү жыйып жиберишет. «Кыдыр атама» дешип опойтуп жай салышып кымкуут боло түшөт. Шаршенди колтуктап аттан түшүрүшөт, эшик ачып үйгө киргизишет. Шаршен барып калың салынган төшөккө олтурат. Үйгө кирээри менен кучакташып, коюн-колтук алып көрүшөт. Арууке: «Айланайын Кыдыр ата, кечириңиз, садага кетейин, Кыдыр ата, кечириңиз, мен келесоо сизге баатыр ооздук кылып койдум» деп Шаршендин мойнунан кучактамакчы болуп эки колун сунат. Шаршен «Эркекти кармабаңыз күнөө болот» деп Аруукени артка түртөт. Сыдыгаалынын балдары жана башкалары келишет. Шаршен менен көрүшөт. Сыдыгаалы козу алып келип сойгула деп козу сойдурат. Чайланып болгондон кийин сүйлөшүп олтуруп Сыдыгаалы Шаршенди таанып коет. Мындан мурун Сыдыгаалы Айдарбеков Ыйманаалыныкына барып калчу экен. Ошондо Шаршенди көргөн экен. Шаршен башынан селдесин алып, ак кийимин чечип, сакал-мурут кебин алып коюп олтурат. Сыдыгаалы Шаршенди таң атканча ырдатып тамаша кылдырат. Таң аткандан кийин

Сыдыгаалы балдарымды мактабай, келиндеримди мактадың, балдарымды мактасаң чоң берет элем деп бир козу өңөртүп Шаршенди үйүнө узатат. Ошентип Шакем Сыдыгаалыдай бай-манаптын бир козусун жеп, бир козусун алып жолго түшкөн экен.

### Түңүлдүн жоруктары

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 35-36-б.*

Илгери Түңүл аттуу аял болот. Бул аял солто Жангарач бийдин кызы. Кочкордогу атактуу манап Төрөгелдинин келини. Шамыкан деген болуштун аялы болот. Өзү эси, акылы начар дардос эрке болот.

Жылдардын биринде ар жылдагы адат боюнча эрте жазда малын Чүй бооруна алып барып көктөтүп келүүгө Кочкордон Чүйгө көчүп жөнөп Шамшы деген ашууну ашышат. Түңүлдүн көйнөгү, ыштаны жана ээрдин үстүнө салынган төшөгү шайыдан болгондуктан, ашуунун эңкейишинде жылышып ээрге токтобой коет жана Түңүл портоюп семиз болгондуктан ат минип жүралбай, малайы Илебай дегенди минип (көтөртүп) алат. Илебай тартайган узун бойлуу арык киши экен. Ылдыйда Түңүлдү көтөрүп басалбай солкулдаса тынчың жок экен, жүрүшүң жок экен деп, Илебайды бөйрөккө тепкилеген экен.

Күндөрдүн биринде күйөөсү Шамыкан болуш катуу ооруп ана өлөт, мына өлөт менен үч түнү Түңүл эл менен уктабай күтүп олтуруп калат. Түңүл төртүнчү күнү башка үйгө барып уктап калат. Ошол убакта болуш өлөт. Болуштун жигиттери барып Түңүлдү ойготуп болуш өлүп калды деп угузуп айтса: «Болуш өлбөйт. Болуш киши да өлчү беле» деп баргандарды тилдейт. Жигиттер ачуусу келип Түңүлдү сүйрөп алып келип ээгин ачып, чачын жасып, жесир кылып олтургузат. Ичи күйгөн Түңүл болушту кошуп мындай дейт:

Ак-ала белең оңгондой,

Болушум-асык белең өлгөндөй.
Булгаары белең оңгондой,
Болушум-букара белең өлгөндөй.
Кырмызы белең оңгондой
Болушум-кырк уруу белең өлгөндөй

Дегенде кырк уруудан
Шыгай деген башы таз молдо – дегенде:

- Байбиче андай дебе, бардыгы кудайдын буйругу менен болот, – десе. Анда Түңүл:

- Эми эмине деймин таз молдом, - деп үнүн созгон экен. Таз молдом дегенде молдо чочуп кетип:

- Мурункуңду эле айта бер. Баштакыңды эле айта бер, - деген экен.

**Экинчи аңгеме**. Түңүлдүн Бүкүй аттуу келини болот. Кийинки күндөрдө Бүкүйдүн кызы Илияз аттуу тазга тиет. Бүкүйдүн уулу өлүп келини өзүлөрүнүн букарасы, малайы, кайын энеси Түңүл минген Илебайдын баласына тиет. Бүкүй кызы менен келини кедейлерге тийгенине ичи күйүп кайын энеси Түңүлдү туурап бир өлүк өлгөн жерге барып:

Илгерки заман барында,
Кайнатам элди билиптир.
Кайын энем шайыдан ыштан кийиптир.
Шамшынын белин ашканда
Илебайды миниптир
Эмики заман келгенде
Кызым менен келиним
Букара тазга тийиптир, – деп арман кылып кошкон экен.

**Молдо апанын чайы.** Илгери Теңирберген аттуу карыянын азыраак молдолугу бар байбичеси болот. Күндөрдүн биринде жайдын күнү эл жайлоодо турган кезде Теңирберген карыянын бир жакшы көргөн теңтушу алыс жакка жолоочулап баратып, жолдо кайрылып Теңирбергенге учурашат. Теңирберген байбичесине «Чай кайнат» десе, молдо апа келген кишинин кебичин кийип алып, алыскы адырлардагы айылдан ун, чай сурап келүүгө кетет. Молдо апа бар-

ган орозо жакын калды деген сөздү угуп, ал айылга шарыят айтып олтуруп үйүндөгү конокту унутуп калат. Конок: «Теңирберген, чайыңа ыраазы элем, кепичим болсо эле кетет элем» деп шашат.

Молдо апаны издейли десе жайлоодогу көп айылдын кайсы айылына кеткени белгисиз. Ошентип молдо апа кечинде келет. Абышкасы үйгө келген «Коноктун кепичин кийип алып кечке жоголосуң» деп тилдесе «Апей үйдөгү конокту унутуп калган турбаймынбы» деген экен. Коной чай ичем деп же чай ичпей кечке кепичи жок күтүп, кете албай конуп калган экен. Орундалбай кечиккен ишти биздин эл «Молдо апанын чайындай болду» деп ылакап кылышат.

**Сармандын окуган кураны.** Илгери Сарман аттуу карыя адам куш салып жүрүп кушун качырып жиберет. Кушун издеп Көбөгөн деген атактуу манап «Менин токоюм» ээлеп жүргөн чоң токойго барса. Токойдун арасындагы Көбөгөндүн чоң ак үйүн көрүп жазында Көбөгөндүн азамат болуп чоңойгондо өлгөн баласын эстеп, Сарман Көбөгөнгө жолугуп, кайрат айтып баласына куран окуюн деп барат. Сарман барса чоң үйдүн ичи толтура манап байлар, молдолор олтурат. Салам айтып үйгө киргенде Сарманга чоң үйдүн капшытынан орун беришет. Элди көргөндө сүрдөп калат. Үйдө олтурган молдолордун бирин куран окуп коюңуз дебестен эле Сарман жалгыз билген «Кул иннама» деген кыскача молдолордон үйрөнүп алган куранын көзүн жумуп туруп окуп кирет. Билген куранын окуп бүтүп аягына чыкканда «Супакан раппиге» деген кол жайдыруучу дубасын унутуп калат (таппай). Куранын кайта башынан окуп кирет. Аягына чыкса кол жайдыруучу дубасы эсине түшүп табылбай калат. Билген куранын кайталап окуйт. Көбөгөндөн корккон эл күлө албайт. Ошентип Сарман билген куранын беш-алты жолу кайталап окуйт. Дагы эле кол жайдыруучу дубасы эсине келбейт. Ошол убакта Көбөгөн «Оомийин! Сарман

ака болду» деп колун жаят. Олтурган элдин баары кол жайып бата кылышат. Сарман акырын эшикке чыгып аттанып жөнөйт. Ызаланып калган Сарман жолдо келатып өзүнө ачуусу келип «Акмак, Сарман, ит Сарман, келесоо Сарман, сени кайсы кудай урду. Көбөгөнгө кайрат айткандай теңтуш киши болбосоң. Куранды шар окуй турган молдо болбосоң. Сени кайсы кудай уруп жүрөт. Акмак, ит Сарман. Сен бул көрөкчө өл» деп туруп чоң камчысын бүктөп туруп, өзүн-өзү кулак түпкө чаап алат. Ошол жерге Сарман жыгылып жатып калат. Бир топ убакты өтүп эс алып башын көтөрсө, кулактан кан агып, башына чейин бир чапкан кулагы шишиген. Аты оттоп жакын жерде жүрөт. Эптеп туруп, атын кармап минип эптеп үйүнө барат. Үй бүлөсү жана туугандары Сармандын башы шишип, кулагы канаганын көрүп:

Сизди ким урду? Сизди урган кишиге биз барабыз дешип сурашат. Сарман:

Сарман жерге кирсин. Сарманды эч ким урган жок. Сарман өзүн-өзү урду деп бүгүнкү болгон окуясын бүт айтып берет. Кайталанып айтылган сөздөрдү «Сармандын куранындай кайталаба» деген ылакап бар.

### Намаз билбеген бечара

*Айтып берген*
*Ботбай келини Бүбүсайра Абдырахман кызы*
*1927-ж.т. Кемин. Боролдой айылы*
*Жазып алган: Буудайбек Сабыр уулу*

Илгери өткөн заманда жан багуунун айынан бир Тенти деген кедей жигит Өзбекстанга барып, бир топ жылы өзбектерге малай болуп жүрүп, пул тапсам кичине тирденип, өзбектерден атлас, шайы, мата алып келсем деген пикир менен Ташкенге барат. Бир өзбектин байына малай жүрүп калат. Байдын эмне айтканынын баарын жасап жүрө берет. Ичкен-

жегенинен башка акысын алмай болот. Байдын үйүнүн жанында мечити бар экен. Бирок Өзбекстанда намаз окубаган бир да адам болбойт. Орозо да кармашат. Ошентип жарым жылча жүргөндөн кийин эли, кошуналары өзбектин байына айтат:

– Бу сенин малайың бусурманбы? Эмне үчүн намазга жыгылбайт. Же динден чыккан капырбы. Эгер капыр болсо эмне кармап жүрөсүң – дейт.

Өзбектин аты Ашырахун болот. Анда Ашырахун:

Ал – кыргыз, ал намазды билбейт – деп айтат.

Андай болсо имамга айтабыз. Мындай адамды кууп жибериш керек шарият көтөрбөйт,– дейт. Анан имамга айтышат.

– Ашырахун бир динсиз капырды малай кылып алыптыр. Намаз билбейт, орозо кармабайт.

Ашырахунду имам чакырып алып:

– Үйүңдөгү адамды эртең мечитке алып кел. Намазга турсун,– дейт. Ашырахун Тентиге:

– Сен намаз билесиңби? – дейт.

– Мен окубасам, кайдан билем? – дейт. Эмесе, эл мени ушактап, намаз окубаса, орозо тутпаса, кууп ий,– дейт. Андан көрө эртең мени менен барып, мечитке эл менен катар намазга жыгыл,– дейт. Тенти чочуп: «Мен эчтеке билбесем эмне деп жыгылам?» – дейт.

Анда Ашырахун айтат:

Ээ, Үкөм, эл эмне кылса, ошондой кылып тура бер,– дейт. Тентинин айласы түгөнүп, эртеси Ашырахунду ээрчип мечитти көздөй жөнөйт. Намазга түшкөн кишилердин аягынан экинчи катарга туруп калат. Анан баягы намаз окугандар өзүлөрүнүн анттарын окуп кобураганда, Тенти оозуна келгенин оттоп кобурап коёт. Анан намазга жыгылганда олдоксон, эч эби келбейт. Туруп кайра молдолор аятын окуганда, Тенти бирдеме деп бабырап коёт. Артындагы өзбек Тентинин колун артка каратып бетке жаңсайт. Тенти бу намазда бетке чапкан да бар экен деп, артындагы өзбекти бетке коёт. Ал жерден намаз бузулат. Өзбектер Тентини сүйрөп чыгарат.

Ашырахунду чакырып, суракка алат. Имам айтат:

Ээ кеспир, багымдат окулбай калды,– дейт. Тенти: – Имам аке кечириңиз, мен намаз билбейм десем Ашырахун аке болбой алып келди. Эл эмне кылса ошолорду туурап кыла бер деп айтты. Кыбаланы карадыңар, кыбыланы карадым, эки колуңарды бооруңарга алдыңар. Боорума алдым. Силер билген намазыңарды айттыңар. Мен эчтеке билбейм, бирдеме деп бабырап койдум. Аркамдан бир киши нукуп койду. Намазда нукуган бар экен деп мен ал кишини нукуп койдум. Алдымдагы киши колу менен жаңсап мени чаап койду. Намазда чапкан бар экен деп мен да чаап ийдим. Ошол, эми эмне кылайын Ашырахун аке? Эл эмне кылса ошону кыл дегенсиз. Мен ошону кылдым... дептир.

*Жомок жана жомокчу 219-б.*

### Толубай сынчы менен ууру

*Инв.№524 (5116) (№2дептер)*

Толубайдын бала чагында бир ууру уурдап кетет. Толубай уурдап барган уурунун үйүндө баргандан кийин үч күнгө чейин ыйлабай туруп, үч күндөн кийин ыйлап баштайт. Алып барган киши: «Эмне ыйлайсың?» деп сурайт. Толубай уурдап барган кишиден сурайт: «Мени сатасызбы?» деп. Уурдап барган киши: «Сатам» дейт. «Сатарыңды билип, баама жеткирбей арзанга сатасың, ошого ыйлап жатам» – дейт Толубай.

– Бааң канча? – дейт ууру.

– Баам бир миң дилде – дейт Толубай.

– Жаныңды жеген балам. Элдин үч жашар баласы үч жүз дилде, беш жашар баласы беш жүз дилде, сеники мынча эмне кымбат? – дейт ууру.

– Акылым артык, көзүм курч, – дейт Толубай.

Толубайдын сөзү канга угулат да алып кел деп кан буйрук кылат. Толубайды кандын алдына алып барат. Кан Толубайдан сөз сурайт: «Акылым артык,

көзүм курч деп айтыпсың, бизге толук айт» – дейт.

Анда Толубай айтат: «Көк жеткен жердеги тоонун бетиндеги чымчыктын түрүн тааныйм. Күндүзгү жылдыздарды түндөгүдөй көрөм, акыл билгичтигим артык деген себебим адам, ат, тал, өлүү нерселерди да ачык-айкын тааныйм, жаман менен жакшыны айыра билем» – деди Толубай.

Толубайды алып келген кишинин колуна миң дилде санап берип жөнөтөт.

Кан шам чырагын алып келип Толубайдын колуна берет. Толубай карап туруп, даана шам чырак экен бир гана айыбы бар экен дейт.

– Кай жеринде айыбы бар экен, – деп кан тигилип сураганда Толубай айтат: «Шам чырактын ичинде, кырк буттуу кара башыл ак курт бар экен,» – дейт.

– Ээ, жаныңды жеген балам таштын ичинде кантип курт болсун, – дейт кан.

– Шам чыракты сындырыңыз, көрөсүз, – дейт Толубай. Кан шам чыракты сындырууга колу барбай нөкөрүнө берет, алар да сындыра алышпай, айланып Толубайга келет.

– Эмне мындай чочудуңар? – деп айтып Толубай кынындагы кестиги менен тырс дедире бир койгондо, курт шам чырактан чыга келет.

Кан ыраазы болгондуктан бир нан сыйлык берет. Кандын аялы жибек жоолукка бир дилде түйүп берет. Кан Толубайга ат сынатмакчы ойлоп, турпар деп жүргөн атын сынатмакчы болуп:

– «Балам, тулпарымды сына», – деди.

– «Каным тулпарды бир күнү кечке минип, анан айтам» деди Толубай.

Кан тулпарын токутуп Толубайга мингизет. Толубай тулпарды минип жүрүп канга келип айтат:

– Тулпарыңыздын тулпарлыгы анык экен, бирок эки кемчилиги бар экен. Туулганда эшектин сүтү менен оозанылган экен. Экинчи, уйдун сүтү менен өскөн экен, – деп айтат Толубай.

– Ээ, балам, аны кайдан билдиң? - дейт кан.

– Каным ошону билбеген да киши болобу, жылкычыларды чакырып сурасаңыз айтып беришет, – дейт Толубай.

Кан жылкычыларды чакыртып, тулпарды энесинин курсагынан түшкөндө кандай болгондугун, кандай багылгандыкты сурайт.

Жылкычылар сайрап беришет: «Жут болгондо жаманчылык жыл эле, энеси туур замат өлүп калгандыктан, жаңы тууган бир эшек бар эле, анын сүтү менен оозантып, андан уйдун сүтү менен бактык эле» дейт.

– Ээ балам, андай болгондукту кандай билдиң? – дейт кан.

– Каным, тулпарды бир күнү кечке минип жүрүп кыялынан билдим, туруп эле кошкуруунун ордуна эшекче коркулдап калат экен. Суу кечип чыкканда уй арткы бутун силкип-силкип алат эмеспи, тулпар да нагыз ошондой кылат экен. Кан тулпарга дагы бир нан сыйлык берет, зайыбы жибек жоолукка бир дилде түйүп берет.

Толубай кандын сарайына жата берет. Бир күндөрдө кан ойлонот: «Сынчы балага өлүүдөн шам чырактьы, айбан малдан тулпарды сынаттым айткандары туура чыкты. Эми киши сынатсам болбойбу, кайдагы кишини сынатайын, өзүмдү эле сынатайын» деп Толубайды ордого чакыртып келип:

– Балам: мени сына, – дейт.

– Каным канга эч бир сын болбойт, кудай сындан өткөрүп анан кандыкты берет. Канды сынайм деген сынчы оңолбойт, сынаар чагым жок, – дейт Толубай.

Кан болбой кычап, сынагын дейт. Толубай канчалык наалып айса да, кан «Эмесе башыңды алам» дейт. Аргасы түгөнүп Толубай сынайын дейт: «Каным, сынабасам өлөрүмө көзүм жетти, сынасам да өлөм. Көргөнүмдү айтам, жаман айттың деп башымды алдырасыз» деп айтат Толубай.

Толубай чындын сырды сайрап айта баштайт: «Каным, сиз кан эмес, наабайчы кара сарттын баласысыз! Зайбыңыз кандын кызы!». Кан каарданып:

«Сен бала аны кайдан билдиң?» деп кылычын ары-бери имерип кергенде Толубай айтат: «Каным, сабыр кыл, болот кылычты кармаган боюнча барып», «эне мен кимдин баласымын, чыныңды айт» деп тап берип турганда: «Өзүмдүн эле баламсың, кара оозуңа кан толгон кандай жок шумдукту айтты экен» деп безилдеп кирет. «Жок, эне, ырасын айт, ырасын айтпасаң азыр башыңды алам» деп каар төгүп кирсең: «Жан таттуу эмеспи, ырасын айтат» дейт Толубай. Толубайдын сөзү кандын кулагына кирип, кылычын колуна алып жалмаңдатып энесинин үстүнө кирип барат: «Эне, мен кимдин баласымын? Ырасын айтпасаң азыр башыңды алам» деп айкырып кирет.

«Кандай кара оозуна кан толгур, жок шумдукту айтты экен. Айланайын балам, өзүмдүн эле баламсың» деп безелененип кирет. Кан кылычын энесинин башына жаныП: «Айт эне, ырасыңды» деп айкырып киргенде аргасы түгөнүп чындыкты сайрап айта баштайт: «Балам, мен Каракан дегендин аялы элем, төрөгөн сайын кыз төрөп турдум. Жана боюма бүткөндө кан айтты: «Эми кыз төрөсөң башыңды алам» деди. Жан эң таттуу экен, аш ичпей, уктай албай, шаарды тынымсыз кыдырып наабайчы кара сарттын зайыбын таптым, анын да боюнда болуп, мени менен айлаш экен. Ал зайыпка алтынды төгүп берип айттым, сен эркек төрөп, мен кыз төрөсөм, алмашалы, балаң кан болот, кызымды балаңа алып беремин» дедим. Наабайчынын зайыбы макул болду. Каракан дайым аң уулап кетер эле, Карасарттын аялы эркек бала, мен кыз төрөдүм, ошол замат алмаштырдык. Аялың эркек төрөдү деп канга сүйүнчү берип, кан көп сүйүнчүлөр берип, чоң той өткөрдү. Кан дүйнөдөн кайтканда, кызымды балам сага алып бердим, кара башыңды кандыкка жеткирдим, эмне арманың бар» деп айтты энеси. Кандын оозунан сөзү түшүп шалдайып эси ооп олтуруп калып, эсине келгенде Толубайга суроо берип: «Менин наабайчы кара сарттын баласы экендигимди кантип билдиң»

дейт кан.

«Каным ошону билбеген да киши болобу? Шам чыракты сынаттың, сыным чын чыкты сыйлыкка бир нан бердиң, канзаада болсоң бир шаардын улуктугун бербейт белең. Зайыбың дилде берди. Тулпарды сынаттың, сынымдын чындыгы ашкере болду да бир нан сыйлык бердиң. Аялың жибек жоолукка дилде түйүп берди. Ошондо билгенмин, ата кесибинен өтө албадың» дейт Толубай.

Ал кездеги элдин салты канды кан тукумунан коюшкан экен. Кан кандыктан бошоп, зайыбы кандыкка отуруп калат. Толубайга көп дүнүйө берип, Жаныбек канга жеткирилет. Толубайдын сыны калкка ашкере болуп:

Токтогулдай ырчы бол,
Толубайдай сынчы бол деп айтылып калат.

### Асанкайгы

Илгери кыргызда Асан деген киши жашап, ал ушунчалык боорукер болуп, ар кандай нерсеге кайгыра бериптир. Ошондуктан, аны эл «Асан кайгы» деп коёт. Ал озунун чыгармаларында жер жүзүндөгү тиричилик кылган жандуу-жансыздарды чоң-кичинесине, а дам турмушуна пайдасы бар же жок экендигине карабай, табият алдында чабал жактарын эсепке алып, бардыгын тегиз аяп, боорукерлик менен муңга батып минтип ырдайт:

Куйругу жок, жалы жок,
Кумда туулуп, чөлдө өскөн.
Кулан байкуш кантти экен.
Чымчып алаар жүнү жок,
Чыңыраарга үнү жок,
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Кылган камы жок, Алган даны жок,
Баккан малы жок.
Мал багаарга алы жок,

Көзү-башын көгөртүп
Көгөн байкуш кантти экен?
Таразасын көтөрүп,
Тарбаңдаган шор тумшук
Таш бака байкуш кантти экен?
Жатаарга жайы жок,
Жан багаарга алы жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышып,
Басалбаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
Киреге эшиги жок,
Корголоор тешиги жок
Коңуз байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге эби жок
Доңуз байкуш кантти экен?
…………………………
Бороон чапкын күч алды,
Суунун башын муз чалды,
Балык байкуш кантти экен?
Көргүлүктү көргөн чыгаар,
Суу түбүндө өлгөн чыгаар!
Жайлоодо жабуу албаган,
Арык байкуш кантти экен?
Баш калкалаар үйү жок,
Курт-кумурска кантти экен?
А дүйнөнү көргөн чыгар,
Куурап баары өлгөн чыгаар,
…Уясын кар баскан чыгаар,
Шору таштай каткан чыгаар,
Муздап карда жаткан чыгаар,
Чымчык байкуш кантти экен?
…Суук тоңуп муз болду,
Каз-өрдөктөн канча өлдү экен?
………………………
Жармач эле малы,
Жамынаарга жабуу жок,

Актап ичээр таруу жок,
Алкынып чыгаар алы жок,
Жарды байкуш кантти экен?
Балдары үшүп бүжүрөп,
Же ичерге ашы жок,
Жагаарга отуну жок,
Бутуна киер өтүгү жок,
Заманасы куурулуп
Тозок отун көргөн чыгаар,
Толгонуп ыйлап жүргөн чыгаар?

Ошентип Асан кайгы жан бүткөндүн баарысын аяп сары санаа тарта бергенден эл аны Асан эле дебей Асанкайгы атап калган.

## Асанкайгы, Азиз Жаныбек кан, Төлөн мырза

*Инв. №524(5116)*

Бир күндөрдө Жаныбек кан, Асанкайгыны чакыртып келип:

– «Оо, Асан аке, дүйнөдө малга киришпей турган уул болобу?» – деп суроо берет Жаныбек.

– «Биздин Төлөн мырза киришпейт» – дейт Асанкайгы.

Жаныбек кан эки жигитине буйрук кылат: «Асанкайгынын эки семиз бээсин жайдак минип сабап тер куюлтуп Төлөндүн астынан чыккыла, эмне деген сөзүн мага айтып келгиле» дейт Жаныбек. Төлөндүн астынан чыгышат. Карап туруп Төлөн мырза мындай дейт: «Ээ чиркин азаматтар, астыңарга тердик салып минсеңер болбойбу?! Жайдак минип көчүгүңөр жооруп, шымыңар тердебейби!» дейт Төлөн. Жигиттер канга көргөнүн айтып барат.

Жаныбек кан дагы бир күндөрдө Асанкайгыны чакыртып келип айтат: «Асаке, зайыпка тарыкпаган уул болобу?» дейт. «Биздин Төлөн мырза зайыпка тарыкпайт» дейт Асанкайгы. Жаныбек кан бир чыйрак жигитин камдап, Төлөн мырзанын сулуу зайыбынын

коюнуна барып жатууга кошот. Ал жигит зайыптын коюнуна барып жатат. Төлөн мырза түндө үйүнө келсе, зайыбы жигиттин мойнуна колун артып жатат. Үйүнө кирип Төлөн мырза аялын көрүп мындай дейт: «Ай зайып деген ушу да, азаматтын арбагын бас кылып колу менен басып жатканын» дейт да чыгып кетет. Бул жигит да көргөнүн канга айтып барат.

Жаныбек кан дагы бир күндөрдө Асанкайгыны чакыртып алып суроо берет: «Ээ, Асан аке, алдынан миң киши жарак-жабдык менен качырып чыкса, ошолорго айбынбай качырып кирүүчү азамат чыгабы» дейт Жаныбек. «Биздин Төлөн мырза качырып чыгат» дейт Асанкайгы.

Жаныбек кан бир миң жигитти даярдап, Төлөн келе жатканда алдынан жапырт качырып чыгартат. Төлөн колундагы кушун асманды карай ыргытат, мылтыгын колуна алып, миң колго бөрүдөй тийип, төртөө, бешөөн атып жиберет. Аптыгып качышып, Жаныбек канга көргөндөрүн айтып барышат.

Мындан кийин Жаныбек кан Төлөн мырзаны чакыртып алып болуп өтүлгөн иштер жөнүндө суроолор берет. «Төлөн мырза малга эмне үчүн киришпей калгансың» деп сурайт Жаныбек кан. «Малга бир караса маңдайы ысык, ары караса соорусу суук. Кыйкырса жоо алат, ышкырса жут алат! Мага кийлигишпейличи, эр азаматтын көөнү калбасын деп ойлоочу элем». Кырк жигит катуу Багыш-Чөл деген багытына жортуп барып көп жүрүп жолубуз болбой, Ала-Тоону эңкейип бир жайлоого түштүк, жүрө албай көтөрүм болгон, бели беш, аркасы алты жоор болгон аттарды агытып салып өттү деген бир айгырды союп жеп эс алдык. Үч күн жаттык. Айгырды сойгон жер Айгыр-Булак аталды. Үч күндөн кийин кетели деп камынып барсак, аттар жакын жолотпой куйруктарын сыртка салып качып кете беришти. Чөбү арпа экен деп, ал жер Арпа аталып калды. Аттардын артынан жөөлөп отуруп Чеч-Дөбөгө келип, аттардын бардыгын атып салып, соорусунан чокой тилип алып, аттан мурун чидер камдаш керек

турбайбы деп, ээр токумдарыбызды көтөрүп алып кете бердик. Ал жер Ат-Башы аталды. Ошондон кийин малдан дос көрүүнү койдум» деп жооп берет Төлөн мырза. «Төлөн мырза зайыпка тарыкпайт экенсиң, эмне көөнүң калган, айбан мал да тарыйт ко» дейт Жаныбек. Төлөн мырза Жаныбек канга мындай жооп кайтарат: «Кырк жолдошум менен жоортулап жүргөнүбүздө элин жоо чаап кетип журтта калган бир зайыпты таап алып багып жүрдүк, күндөрдүн биринде терең дарыянын боюна келип кечүү чалып кам баштап көчөт десек, аял эч кайсы жигитти суу кечүүгө ыраа көрбөйт, бардыгын өзүмдүк кылып алыптыр, айтат: Олжого жигиттердин башчылары аксакал болот, жолдон каршы чыккан жоо жобуркайга да башчы кирет, сууну да баштап кечмек керек дейт. Ошондон кийин бул аял аттууга тарыкканды койгомун.» «Кайгынын уулу сени миң кишиге качырып кирет дейт, бул эмнең?» деп суроо берет Жаныбек. Миң киши сенин сөөгүңдү сөпөт, устуканыңды упат кылбайбы, мындан эмне качпайсың?»

«Жок каным ажалым жетпесе өлтүрө алышпайт. Ажалым жетсе бирөөнөн өлөм. Бир сан киши кол аттандык эле, баарыбызда мылтык бар эле. Табылгынын түбүндө бир ор коен жатыптыр. Ошону пап-чам албай аткыладык, бирөөнүн огу да тийген жок. Эң аягында мен атып, коендун боор терисинен алакандай жери түшүп калып, өлбөй кутулуп кете берди. Мен аткан ок эч качан жаза кетчү эмес эле. Ошондо ок да ажалдууга тиет экен го деп билип, миң сан колго тартынбай качырып кире турган болдум» дейт Төлөн.

Жаныбек кан бир күндөрдө Асанкайгыны чакыртып алып айтат: «Асаке, мен күндө куш салам асмандан бир муштумдай сары неме келет, ошону атып берүүчү бар бекен». «Аны биздин Төлөн мырза атып берет» – дейт Асанкайгы.

«Эртең, Асан аке, балаңызды бизге жибериңиз» дейт Жаныбек. Асанкайгы үйүнө барып «Балам сен эртең канга барасың, кан кушун салып талаага чыгат. Ошол кушту саларда, асмандан буудайык келет,

анын текөөрүн сый атасың, асмандан келе жаткан-да мылтыкты дүрмөттөп туруп, бөтөгөсүн жара ат. Жара атпасаң өзүңө зыян кылат. Ошондо балам, кан башың ылдый дилде куяйын дейт. Албайм, ыраазымын де. «Ээ, ата, кандан анан эмне сурайын?» дейт. Төлөн мырза. «Темингидей жер, жырымдай суу сура» дейт Асанкайгы.

Эртеси Төлөн мырза канга барып буудайыкты атып түшүрөт. Кан Төлөн мырзага көп дилде (алтын акча) жана кызын бермекчи болот. Төлөн мырза атасынын айтканынан башкаларды албастынын айтат.

«Сүйгөн жер, сүйгөн сууну ал!» дейт Жаныбек кан. Төлөн атасына келип ата «Сиз айтканга кандан уруксат алып келдим» дейт.

Асанкайгы желмаян (төөнүн күлүгү) минип жер кыдырат. Чүйгө келип карап туруп «Бул Чүй алтын күрөк деген жер экен, улук үзүлбөйт, кан оросу болот» дейт.

Кочкорду көрүп: «Кочкор эмес кокуй экен, тогуз жолдун тоому, бөрү койдун чаркы жер экен, ууру, каракчы көп болот» дейт.

Ат-Башы, Нарынды көрүп: «Бул үч кокуй деген жер экен. Кышы узун, суугу катуу болуп, бей бечараларга турмуш өткөрүү оор жер экен.

2. Эгинге таңкыс жер экен.

3. Ар үч жылда оор жут болуп, жердеген элди итке мингизип коёт экен. Бирак шыбагынын түбү сайын мал экен дейт.

Асанкайгы Ысык-Көлдү көрүп, кош ообас жер экен, муну жердеген эл бай жана дыйканчылыкка ыңгайлуу экен, эли ток болот.

Асанкайгы Текеске көчүп барат. Бир барчын көпөлөк учканда, Төлөн мырза кармап алам деп, колуна жоолук алып кубалайт, асмандап учуп көпөлөк карматпай кетет.

«Үч-Күбөгүм дейсиң, бир көпөлөктү берген жок жанга кызганыч жер экен» деп Төлөн атасына айтат. «Ай, балам Үч-Күбөк бул эмес эле. Мындан көчүп

отуруп Асанкайгы Үч-Күбөккө келет. Асанкайгы бир жерди көрсөтүп казчы деди. Казгандан кийин топурагын тебелеп кайра салчы деди. Тебелеп кайра салса, топурак батпай калды. «Ушу жерден не кармасаң алтын болот. Үч-Күбөктүн суусунан суу алганда челек менен кундуз бирге келип турган экен. Асанкайгы элин ошондой жерге орноштурат.

## Жаныбек хан менен Жейренче чечен

*Айтып берген: Курбан Кайназар уулу 1899-ж.т.*
*Аксы Кара-Суу*
*Буудайбек Сабыр уулунан. 157-158-б.*

Бир заманда Жаныбек деген хан, Жейренче чечен деген болгон. Жаныбек хан менен Жейренче чечен бир күнү атчан бир жакка кетип баратса, камгакты шамал учуруп кетет. Жейренче чеченге Жаныбек хан:

– Тээтиги камгактан барып сурап кел! Каякка шашып барат? – деген экен.

Шамал учуруп бараткан камгактан:

– Жаныбек хан жиберди, сен каякка шашып баратасың? – дейт.

– Менин желгенимди бир гана жел, жатканымды бир гана кокту билет. Менден кеп сура деген каның акмакпы, же сен акмаксыңбы? – дептир камгак.

Кайтып келип, канга ушул кепти айтыптыр. Кан унчукпай тим болгон экен.

* * *

Экөө келатып, кара сууга чыккан камышка кез болот. Жейренче чечен:

– Быйыл жамгыр болбой, камыш өспөй калыптыр – дейт.

– Ыя, акмак ай, түбүндө кара суу агып жатса, жамгырдын эмне кереги бар? – деп, ачуусу келиптир кандын.

– Жок, андай эмес, жамгыр болбосо камыш өспөй

калат, түбүндө суу болгон менен, – дейт экен.

Андан бери, ат суу иче турган кечмеликке келгенде Жейренче чечен атынын башын тартып, төрт буту суудa турса, атынын башын коё бербей коюптур.

Кан:

– Атыңды коё бербейсиңби, суудан ичсин, – дейт.

– Жана, камыштын түбүндө суу жатат, ошондон ичип өсөт дебедиң беле. Сөзүңүз оозуңузда дептир.

## Жаныбек кандын иштери

*Инв.№ 524(5116)*

Жаныбек кулалыны таптап куу алдырып, эл чакырып той берет, Асанкайгыга кабар кылып чакыртса барбайт.

Жаныбек кан Акылкарачачты алып чоң той берип, Асанкайгыны дагы чакыртса барбайт.

Жаныбек кызыл жардын шаарын кууруп, той өткөрүп Асанкайгыны чакыртса дагы барбайт. Жаныбек кан капаланып, Асанкайгыны айдап алып келүүгө жасоолдорун жиберет. Жасоолдор Асанкайгыны Жаныбек кандын алдына алып айдап барат. Каарын төгүп: «Ээ, Кайгы, мүнүшкөрлүгүм ашып, кулалы таптап куу алдырып тойго чакырсам эмне үчүн келбейсиң?» – дейт Жаныбек.

«Ээ, каным, кулалы куштун кулу эле, куу куштун төрөсү эле, кулга төрөнүн мээсин чокутуптурсуң, бир заманда бизден кийин кулдар төрөлөрдүн мээлерин чокуйт, сен ошондой өрнөк баштапсың, ошонуңа келейинби!» дейт. Акыл Карачач каранын кызы эле, кан башыңды карага аралаштырыпсың, бизден кийин бир заманда кара букара кулдар төрөлөрү тебелеп салат, сен Асанкайгы Семейдин тоосунун башына чыгып, Эртишти карап туруп мындай дейт: «Ай-ай, дарыя кутурган экен. Сууну ичкен мал кутурат, малды жеген адам кутурат» дейт. Айтканындай

Эртиштин боюн жердеген эл кагышып, кан төгүшүп урушат. Асанкайгы Көкөн тоонун башына чыгып карап туруп мындай дейт: «Бул жер Атан төө жүрөр жер экен. Төштүгүнөн айрылып, эр жигит жүрөр жер экен. Төшөгүнөн айрылып, эр жигит жүрөр жер экен. Төшөгүнөн айрылып жайкысын тынымсыз чөп чаап, эгин айдайт. Кыштай шаарга төөгө жүктөп чөп ташып тынбайт. Ошол айткандай болгон экен.

### Токтогул ырчынын баласынын аңгемеси

*Инв.№ 524(5116)*

Бир чабуулда Токтогулдун баласы жоонун колуна түшүп кетет. Талаада жаткан жылкынын куу башын кучактап алып ыйлап отургандыгын бир киши көрүп канга айтып барат. «Мындай деп айтып ыйлап жаткан экен: «Тулпардын куу башы сен болсоң, куурап жатуучу сен белең, куурай терүүчү мен белем!».

Кан ошол баланы алып кел деп жигиттерине буйрук кылат. Жигиттер баланы алып канга барышат. Кан баладан тулпарды таанийсыңбы? – дейт, «Каным башын тааныган тулпардын өзүн таанproblemsбай коймок белем» – дейт бала.

«Андай болсо балам, мага бир тулпар таап берчи» – дейт кан.

«Мага жигит кошуп бериңиз, таап берейин», – дейт бала. Кан балага аттан тандап мингизип, жанына эки жигит кошуп берип жөнөтөт. Бала кандын шаарынан тулпар таппай, Сары-Арканын жайлоосуна чыгат. Бир зор суудан бир жылкынын тезеги агып келе жатат, бала колуна алып тулпардын тезеги экен дейт. Бул суунун башында тулпар бар экен го деп айтып сууну бойлоп жөнөйт. «Кантип билдиң?» деп жанындагы жигиттер сураганда, бала айтат: «Сууга агып ташка тийсе да жарылбаптыр,

ушуну да билбеген киши болобу!»

Суунун баш жагында бир топ кербенчи жаткан экен.Аркасын чом кескен бир ат бар экен. «Ушул атты сатып алгыла» дейт бала. Ушул кандай тулпар болсун албайбыз» дейт жигиттер. «Албасаңар канга айтып барам, тапкан тулпарды жигиттериңиз албай койду» деп. Жигиттер кандан коркcондуктан сатып алып канга берет. «Бул тулпарды ким таптайт» дейт кан. «Тулпарды билген киши таптайт» дейт бала. «Таптасаң тапта, табы бүткөндөн кийин мага айт» дейт кан. Бала тулпарды таптап табын келтирип, кандын алдына келип: «Каным тулпарың табына келди, бир азыраак той өткөрүңүз». Кан макул алып, той берип: «Балам, тулпарды ким минип чабат» деп айтат. Бала: «Мен минип чабамын» деди. Аттар чубатууга түшкөндө бала канга келип: «Тулпардын жемин бериңиз» деди. «Жок балам, билбейм» деди. «Каным, билбесеңиз тулпардын жеми эки куржундун көзү майга куурган боорсок болот» деди. Кан дароо даярдатты да балага берди. Бала куржунду ээрдин башына илип туруп; «тулпарды минип мындай деп айтат:»Бул жерден тулпар минген турчубу, тууганга жетпей тынчубу!». Кайрылып туруп: «Кош каным» деп чу койгон бойдон жөнөдү. Элдин баары жабыла куушуп, эч кайсы карaанын көрө алышпады. Бир байтал минген киши кууп отуруп балага жете келгенде, бала кайрылып туруп: «Кууганыңар менен мага жете албайсыңар, байталдын жатынында туу чунак бар, ошонун деми менен жете келди, канга айт ошол туу чунакты багып алсын» деди да жөнөп кете берди.

Токтогулдун кызы тулпардын табышын угат да, «Жалгызым келе жатат белем» деп атасына айтат. Кызынан угуп Токтогул жолго жети кабат аркан тарттырып, алдына кийиз жана жумшак нерселерди калың төшөтүп күтүп турат. Тулпар алты кабат арканды үзүп өтүп, жетинчи кабат арканга токтойт.

### Толубай сынчы

*Инв.№ 524 (5116)*

1. Дүйнөдөгү болуп жаткан жакшылык, жамандык иштердин бардыгын акылдуу адамдар билет. Теректей бой бергенче теменедей акыл берсин! Билген менен билбегендин ортосундагы айырма асман менен жердей.

2. Жакшы киши журт үчүн жанын курман кылат. Журт мазар, журттан чыккан азар. Теректей бой бергенче, теменедей акыл бер. Жакшы ат ээсин кар кылбайт.

3. Чаң созулат тамандан, жакшылык келбейт жамандан. Кишинин жаманынан жакшылык артпайт. Ат жаманды жөө калтырат.

4. Карып-касарды какшаткандын өзү какшайт.

Эркелеткин жетимди,<br>
Какпа-сокпо жесирди.

5. Жараткан орток, ай орток, күн орток, теңирдин пейли кең. Ай, күн бардык жандарга тең болот. Элден чыккан элчил жакшы да, жаман жакшыга орток, ала, кула санабайт. Ишиң оңолгуча итиңе кош арт.

6. Ырыс алды ынтымак. Ынтымак барга ырыс токтобойт, ынтымаксыздан ырыс качат. Бирөөгө ор кассаң тайыз каз, өзүң кокус түшсөң чыгарга. Боюңа ишенип иш кыл. Колдон келбес ишке бекер убара болбо.

7. Киши өлтүрүү, кан төгүү канкорлук. Адепсиздик, бейбаштык барып турган жамандык.

8. Жакшы болуучу жигиттер алсыздарга карашат. Жаман болуучу жигиттер жакын тууганы менен талашып касташат.

9. Өткөн өмүр учкан куш, аккан суу, кайрылып келбейт. Өткөн да келбейт, өлгөн кайрылып келбейт. Калган көңүл, чыккан жан бирдей. Жаман күн жакшы болот, кудай урган бакшы болот.

10. Чымчып жесе курсакка пайда, чырым этсе көзгө пайда.

11. Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүңө жорго мин.

Өлгөн соң дүнүйөнүн кереги не?

12. Сылык киши калыс токтоо. Кең пейилдүү кейибейт, тар пейилдүү жарыбайт.

13. Алган эри жарашса, кара катын ак болот, баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот.

14. Кагылышта кан өлөт, капа болбо жигиттер, бечарага кайгылан.

## Кара кан, Азиз кан жана Жээрен чечендин аңгемеси

*Инв.№ 524 (5116)*

Кара кан деген пастагы сырдын боюнда турат. Азиз Жаныбек кан тоо тараптын каны болот.

Кара кан Жаныбек канга тийишип, каарданып: «Ээ, кызы талак Жаныбек катындары эгизден эркек тууп жасоосу көбөйсө мени менен урушууга келсин! Эгер уруша албаса, тоодон айгырын кишинетип, ойдон кырк чаар бээлеримди кулун салдырды! Уруша албай турган болсо, кырк чаар тулпардын кулунун төлөсүн!» деп айтып элчи жиберет. Жаныбек кан үч күнү эл чогултуп кеңеш кылып, кара канга кандай жооп берерин биле албай айласы кетип жатты. Мына ошол убакта эчкиси көп, кою азыраак бир боз тумак байдын баласы кандын алдынан тарап келе жаткан элдин алдынан тозуп туруп: «Ой акелер, күнүгө эле дүрбөп жатасыңар, эмне ишиңер бар, айткылачы угайын» дейт. Бул бала эки күнү удаа сураса эч ким жооп бербей, үчүнчү күнү бир киши айтат: «Бул бала үч күнү жолубуздан тозуп сурай турган болду. Укканыбызды айталы деп болгон ишитн жөнүн айтты».

«Оо, кокуй мен бул иштин жообун оной эле берем!» дейт бала. Эл баланы ээрчитип алып Жаныбектин алдына алып барышат, айтышат: «Мен жооп берем» дейт бала. «Барса барсын, бир билгени бардыр», – дейт Жаныбек кан.

«Каным мага бир төө, бир теке, бир жаа бер», –

деп айтат бала. Кан берди. Бала Кара канды көздөй жөнөп кетет. Бала жолдо кетип бара жатса, эки киши урушуп жатышат. Экөөнүн жанында жаа менен атып алынган бир коен жатат. Мушташкан эки киши жолоочу кайдан келе жатасың?, – деп сурайт. «Жаныбек кандын элчиси элем деп жооп берип экөөң эмне болуп мушташып жатасыңар» дейт бала.

Эртең менен жатактагы коенду көрүп кетсем, мен келгиче жаа менен бул атып алыптыр. Көрүп кеткен мен алам деп айтсам. Атып алдым мен алам деп бул айтат. Сен кандын элчиси экенсиң калыс болчудай».

Элчи бала: «Ой коенду атып алган, сен коенду башыңа кармап тур, көрүп кеткен жааң менен ат, коенго тийсе сен ал, мунун башын жара атып салсаң кунун бересиңби?» деди. Бул экөө жолоочу сага ишибизди салбайбыз, Кара кандын өзүнө эле салабыз деп элчини ээрчиген бойдон канга жөнөштү. Булар кетип бара жатса, жолдун боюнда калың эл жатат. Сураштырып караса, «көп жылкы айдап айылдын үстүнөн өтүп боюнда бар зайып бала салды, ошонун чатагы болуп жатат» деп айтышты. «Ээ, жолоочу өзүң кайдан келе жатасың?» десе: «Жаныбек кандын элчисимин» деп бала жооп берет. «Кандын элчиси болсоң ушул чатак ишти сага салдык» дешет чырдашкандар. Бала: «Казанга толтура суу куюп, тулгага асып коюп, ошо жылкыларды айылдын жанынан айдап өткүлө, казандагы суу жылкынын дүбүртүнөн чайпалып төгүлсө боюнан түшкөн баланын кунун бересиң, төгүлбөсө буга күн болбосун» дейт. Эл элчи сага ишибизди салбадык Кара кандын өзүнө салабыз деп булар да кошо жөнөштү. Булар жүрүп отурушуп, Кара кандын шаарынын капкасына кирип барышат. Капканын ортосунда бир тайган желип барат. «Бул кимдин тайганы?» деп бала сурайт. «Кандын тайганы, жылына алтымыш түлкү, кырк бөрүдөн тиштейт» дейт билген киши. Элчи бала тайганды жаа менен атып салат. Ал ишке көргөндөр таң калышат. Элчи бала канга салам айтып кирип барат. «Бул келген элчи ким экен?» дейт Кара кан.

«Жаныбек кандын жиберген элчиси экен» деп жооп беришет. «Элчи болсо мейманканага киргизип койгула» дейт кан. Кандын буйругу боюнча элчини канга алып барышат.

Кара кан элчиге карап: «Ээ, элчи Жаныбек мени мынча шылдың кылат! Элчиликке сакалдуу киши жибербей, бала жиберет. Чоң киши жибербей кичинени жиберет» дейт.

«Каным сизге чоң керек болсо, алдыңызга төө жетелеп, сакалдуу керек болсо теке алып келдим» дейт элчи бала.

«Ээ, элчи бала тайганымды эмне үчүн аттың?» дейт Кара кан.

«Мен сизди көздөй чыгардын алдында, Жаныбек кандын койлорун карышкыр тоодон ойго, ойдон тоого кууп жүрүп кырды. Ошондо кыйкырык ызычуу болду. Ошондо барып карышкырдан койлорду ажырата албаган тайганды атып салдым!» деп жооп кайтарат элчи бала.

«Ээ, кызы талак элчи, сенин тоодогу ызы-чууңду, ойдо жаткан тайган кайдан угат?» дейт Кара кан. Элчи бала ордунан тура калып айтат: «Каным оюңузга кулдугум бар: биздин тоодогу айгырыбыздын кишинегенинен, сиздин ойдо жаткан кырк чаарыңызга кандай угулат?» дейт бала.

Кара кан жыгылып: «Балам оюң ой болсун» дейт. Бала менен барган эки кишинин сурап аны дагы баланын ою болсун дейт. Кара кан элчи баланы абдан жактырып: «Балам атың ким» дейт.

«Атым Жейрен» дейт бала.

«Сен чечен экенсиң, атың мындан кийин Жейрен чечен болсун» дейт Кара кан. Кара кан Жаныбек канга элчи жиберип Жейрен чеченди мага берсин деп сурайт.

«Кандын каарынан куткарган чеченди бербеймин» деп жооп кылат Жаныбек. Ошондон кийин Кара кандан Жаныбектин обурагы ашат. Мына ошондон кийин Жейрен чечендин даңкы ар тарапка тарап кетет.

**Уруу ичиндеш бөлүнүүлөр**

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939-1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

Ар бир уруу урук-урук, айыл-айылга, «чоң-айыл», «кичи-айыл» (курама) болуп бөлүнөт. Маселен, бугу өз ичинен арык, белек, тынымсейит болуп үч урукка бөлүнөт. Бул үч урук да алда нече атага, айылга бөлүнөт. Булардан тарагандардын кимиси болсо да бугу уруусунун ичинде өзүлөрүн теңата санашат. Бугу уруусунун ичинде бугуга курама болгон бир нече уруктар бар. Маселен, дөөлөс, саруу, коңурат, торок, отуз уул, эстек, кызыл сакал ж. б. Булар букара, «кичүү ата» болуп эсептелет. Курама уруктардын түтүнү көптөрү өзүнчө айыл болуп, түтүнү аздары чоң атанын балдарынын бирөөнүн кол алдында болот. «Үйүндө көптү талаадан киши урбайт» дегендей чоң атанын балдары кайда болсо чоң, букаранын балдары кайда болсо кор. Адатта чоң атанын балдары ардакталып, өзгөчөрөк кадырланган. Жоокерчилик убакта чабуулдан түшкөн олжо да ата аксакалдашып бөлүнгөндүктөн улуу атанын тукуму олжону арбын алуучу.

### Уруу ичиндегй курама урук

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939-1940)*

Латын тамгасынан көчүргөн Кенжебай Акматов

Бир урук өзүнүн уруусуна нааразы болсо, жакындары теңдигине жеткирбесе, кордук көргөзсө, анда өз уруусуна таарынган урук башка бир урууга кетип да калуучу. Андай бир уруудан экинчи урууга

көчүп барган урук, жаңы урууга курама урук болуп кошулган. Курама урук тиги чоң уруунун кишилерине өзүн кичи ата, кичи айыл катары саначу, абдан көз каранды болучу. Кулдук даражасында болбогон менен, көз карандылык даражасы кулга жакын болучу. Малына, башына бийлик кыла албай калган учурлары да болгон.

Эгерде жалгыз башы гана барып башка урууга кошулса, ал киши ушул айылдын же уруктун кулу катарында жүрүүчү, Ошондой эле жалгыз өзү барып башка уруунун кишисинин аялынын эмчегин эмип бала болсо, андай баланы «тонсуз уул» деп коюшкан.. Андай уулдар баары бир «тентимиш», «кул» деген кордуктан кутула алуучу эмес.

**Кушбегинин чабуулу**

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939-1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

Бугу элиндеги Шапак деген кишинин энеси саяк кызы экен. Шапактын тукуму кийин өзүнчө эл болот. Бугу менен чырлашууга шылтоо издеп саяктын Качы деген «чоң кишиси» бугунун атактуу бийи, аксакалы Муратаалыга: Шапак биздин кызыбыздын курсагына кетип, силерде чоңойгон, биздин бала экен. Тукуму менен өзүбүзгө көчүрүп бергин деген доо коёт. Бугу өзүнү арасындагы бир айыл элин көчүрүп бер деген Качынын: доосуна катуу намыстанып макул болбойт. Ошол кезде шарт боюнча бир уруу экинчи урууда аласасы болсо уруу башы, аксакалдарына айтып доолачу. Эгер сураган доосун бербесе, эки жак кол курап чабышып, бирине-бири жоо болуп калышкан. Качынын шапагын бугу көчүрүп бербей койгон соң, Качы Кокондун ханына барат. «Бугулар бир айылдуу

Шапак деген элимди бербей зордук кылды, теңдигимди алууга кол бер, барып бугуну чабамын» дейт. Кокон ханы өзүнүн орун басары Кушбеги дегенди баш кылып кол – черик берет (саны маалым эмес). Качы өзүнүн жана Кушбегинии колун ээрчитип (кайсы жыл экенин таба албадык, болжол менен болууга тийиш) Түптүн кептешине барып жатып калат. Бугу үркүп Каркыра, Текести көздөй качат. Качы өзүнүн жана Кушбегинин колун башташ, үркүп качып калган элдин артынан түшөт. Бугунун эл башкарган бийлери Муратаалы, Ыйса өзүнүн баатырлары менен кол курап Кушбеги менен сайышууга тозотко жыйналат. Качы чабуул коюп келе жатканда, Тецизбай деген уруудан чыккан Керек баатыр Качыны ыргыта сайып өлтүрүп, атын олжо кылат. Качынын колу кайра качат. Бугулар жоонун артынан түшүп, колго түшкөндөрүн өлтүрүп, аты, тонун олжо кылышат. Кушбеги качып кайта кетет.

## Көп чакыр келгенде

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939-1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

(Чакыр – саяк уруусунун ичиндеги урук – *ред*.) Саяк уруусунун Осмонбек, Кожомберди деген эки чоңу бугуну талап, олжолоп жерин жердейбиз деген ой кылат да, өзүнүн эли менен бугунун ичине көчүп барат. Адегенде алар: «Айылыбыз жакын болбосо арабыз алыстап, наразычылыгыбыз көп болот экен, бирге көчүп, бирге жүрсөк жакындашып кетээрбиз деген ой менен көчө келдик» деп алдай баштайт. Аралаша жашап, сыр алгандан кийин чабуулга даярдана башташат. Ошол учурда бугулар менен жакшы мамиледе жүргөн саяктын баймөнкө,

караш деген чоң уруулары беркилеринин чабуул коюуга кылып жаткан камылгаларын алдыртан киши жиберип бугуларга билдирип коёт. Бугулар тез камынып берки саяктарды чаап алат. Улаколду жердеген алакөз, каба Тору-Айгырда жашаган баймөнкө, караш деген саяк уруктары ошол мезгилден бери Ысык-Көлдү жердеп келет. Бугулар саяктарды чакыр дешет, Осмонбек, Кожомберди баатырлардын бугуну чаап, олжолоп, жерин жердейбиз деп эли менен көчө келген жылын бугулар «көп чакыр келген жылы» деп ылакап кылып калышкан.

## Жөө тынай

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939-1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

Солто Жангарачтын бугуну чаптырбаска кылган аракетинин натыйжасында бугу чабуулдан кутулат. Ал мындайча болот. Ормонду бугу өлтүргөндөн кийин Боромбай Жангарачка киши жиберип, алдыртан сүйлөшүп, макулдашат. Жангарач: «Ичегиси үзүлгөн, ичинен жалганат деген, Кылжырдын (Сарыбагыштын) эки уулу өлтүрсө бирин-бири өлтүрүптүр, өзүнчө эптешип алаар. Эгерде эптеше албай келсе, анан кийлигишээрбиз» деп Курманкожо, Кулжыгач саяктарыи үгүттөп, аларды сарыбагыштын бугуну чаап алууга кылган аракетине катыштырбай коёт. Солтону болсо өзү тыйып турат. Сарыбагыштар кызуу даярданып, бугуну чабууга аттанаарында, Жангарач сарыбагыштардын тынай уруусунун башчысы Жантайга шашылыш түрдө: «Жантай келип келинин алып кетсин, калыңы бүтпөсө да күнү бүттү» деп киши жиберет. Анткени Жантайдын бир уулу Жангарачтын кызын алмак. Жангарач Жантайга кызын бер-

бей кечиктирип, чанып жүрчү экен. Кабар жеткенде Жантай кубанган бойдон элинин баш кишилеринин баарын ээрчитип Жангарачка келинин алууга барып калат. Жангарач: «жатып эс алып, анан келиниңерди алып кеткиле» дейт да, коноктор жайланышкандан кийин алардын минип келген аттарынын баарын тең жайлоого айдатып жиберип, тигилерди жөө калтырат. Ошентип Ормондун кунун алууга камынган сарыбагыш уруусунун Тынай деген уругунун баш кишилери Жангарачтын айылына үч айча жөө жатып калат. Тынайы жок калган сарыбагыш колу аз болуп, бугуну чабууга чамасы келбей калат. Ошентип сарыбагыштын бугуну чабууга болгон аракети Жангарачтын айлакерлиги менен Ормондун өлүмүнүн кызуу учурунда токтолуп калат. Элде «жөө тынай» деген сөз ушундан калган.

### Тилекматтын жүйөсү

*Инв.№ 81(281)*
*Талып Молдодон жазып алган*
*Айткулу Убукеев (1939-1940)*
*Латын тамгасынан көчүргөн*
*Кенжебай Акматов*

Ормондун уулу Үмөтаалы атасынын кунун кууп бугуну чаап, малын олжолоп, эркегин кул, аялын күң кылып, жерин жердеймин деп кол курап чабуул коёт. Согушта бугунун баатыры Балбайдын колуна түшөт. Бошонуп кайра айылына келгенден кийин, Үмөтаалы тартуу айдатып, Челек деген жердеги казактын төрөсү хан Тезекке киши жиберет. «Ормон каранын ханы, хандын төрөсү эле. Бугу деген эл аны өлтүрүп теңдик бербеди. Бугуну чаап алууга жардам, кол берсеңиз» деп баргандардан айттырат. Бул кабар бугуларга угулуп, алар катуу шашат. Көп күндөргө созулган кеңештен кийин бугу эли айтылуу Тилекматка бир киши кошуп Тезек төрөгө жибери-

шет. Тилекмат барып, Үмөтаалыдан Тезек төрөгө тартуу алып келип жаткандардын үстүнөн чыгат. Тезек төрө барган сарыбагыштарга үй көтөрүп берип, коноктотуп жаткан кези болот. Тилекмат айылдын четиндеги бир үйгө түшөт. Аны «сен кимсиң, кайдан, эмне жумуш менен келген кишисиң» деген эч ким болбойт. Сураштырып көрсө, Тезек төрөнүн үстүнө эч ким кире албайт экен. Эбин таап, Тилекмат Тезек төрө кабактан басып келе жатканда, алдынан утурлап тозо барып саламдашат. Тезек төрө: «Эмне ишиң бар эле, кимсиң?» дейт. «Бугу туугандарыңыздан келдим. Алар сарыбагыш деген элдин кордугуна чыдабай кытайды көздөй качып, уркүп кеткени жатат. Качканы жаткан бугу туугандарыңыздын сизге деп арналган аманаты бар эле, ошол аманатты келип алып кетсин, ошону айтып кел деп жиберди дейт. Ыстамбек дегендин бир жандууда жок сулуу кызы бар. Төрөлгөндө эле төрөгө ылайык көрүп, аты Төрөжан болсун деп, сизге атап койгон экен. Ошол ак никелүү аманат жарын кытайга кете элегибизде алып калсын деп бугу кайындарыңыз мени жиберди» дейт. Сулуу кыз кабары Тезек төрөнү тез ийбелтет, ал: «Сарыбагыштар. Ормондун кунун алып бер деп келип жатат, алар менен беттештирсем жүйөө айтышууга жарайсыңбы?»дегенди айтат. «Беттештириңиз, жүйөө айтып ынандырсам Ормондун кунунан кутулуп кетейин, кутула албасам, ойлогон кунуңузду мойнума салып кетейин, беттештириңиз» дейт. Тезек төрө сарыбагыштан тартуу алып келген жакшылары меңен Тилекматты беттештирет. Сарыбагыштын кишилери: «бугу анда андай, мында мындай кылды» деп биринен сала бири жамандоого киришет. Тилекмат унчукпай отура берет. Бир кезде ал Тезек төрөгө кайрылып:

– Төрөм ханга да кун болобу? – дейт.

– Болот, – дейт төрө.

– Болгондо эмне болот, канча болот?

– Ушул биз отурган үйдөй, үйдүн ичи толтура,

түндүгүнөн ашып төгүлүп турган дилде болот, – дейт.

Андай болсо төрөм, сарыбагыш тууганыңыз «Катын бугу сен турмак казактын ханы Кененсары, Ноорузбайды да өлтүргөнбүз» дешип, эки күндүн биринде Бугу кайындарыңызды чаап алып кордой берди. Кордукка ууккан эл акырында Ормонду өлтүргөнү чын. Эгерде хандын куну ошончолук болсо, казак туугандар Кененсары, Ноорузбайдын кунуна канча дилде алды экен? Менин билишимче хандын куну болбойт, эгерде боло турган болсо, сарыбагыш тууган казак туугандарга Кененсары, Ноорузбай хандардын кунун бербейби» дейт.

Тилекматтын сарыбагышты казакка чагыштыра айткан сөзү, биринчиден Тезек төрөнүн канын кычытса, экинчиден жүйөөлүү сезилет. Анда Тезек төрө: «ырас, хандын куну болбойт экен, сарыбагыш айдап келген тартууңду алып жөнө» дейт. Ошентип Ормондун кунун Тилекмат Тезектин алдында бүткөзөт. Кийин Тезек терө Төрөжанды күйөөлөп келип алып кетет.

## Черик уруусу

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Чериктин Назарбай деген жалгыз уулу болгон. Черик жалгыз туума уулума жалгыз туума кыз алып берем деп, Жаманак деген жалгыз кызды алып берген экен. Кийинчерээк ал эл бийлей турган баатыр аял болгон. Кийинки убакта Черик колун чакырганда, Жаманак байбиченин наамын атап ураан чакырып, кол баштап жөнөгөндө көрүп турган башка эл аны жаңылыш укканбы жер бир урууну бир уруу кемсинтиш үчүнбү Черик «таман ак» деп иттин атын атап ураан чакырып кол баштады, деген ылакап ошондон калган.

Назарбектин Кудайкул, Кудайберди, Тайчык үч

уул болуп, Кудайкулдан Ботош, Botoштон Молдо, Куба эки уул, Молдодон Сарча, Асанбек, Болкой, Желдең, Мамак, Абык, Калпа жети уул болгон. Алардын уруусу атасы черик болгондуктан ошондой аталган. Тагай бийдин алтын туусу сарчада калып, кийин чапкан кыяда жүгү кулап сууга агып кетип жоголгон.

Эми Кубанын байбиче катынынан Узун калпак, Бакты, Күпчөкей, Кызыл тукуму – төрт уул. Кызыл тукуму Каражороду, Байкал деген эки бөлүкке бөлүнөт. Узун калпактын өз аты Арзыкул бий экен. Кары бою узундуктагы калпак кийүүчү экен. Ошол үчүн узун калпак аталган. Арзыкул бийдин Кошуруй Тилемчи деген иниси бар экен (кошуруй сулуу деген мааниде), ал жоокерчиликтин биринде ок тийип өлүп бешикте жаш баласы калат. Аялы эки жыл жееир олтурат, ал кезде келинди кайнагасына алып берүүнү намыс көрүүчү экен. Көпчекей кызыл тукумдар жаш экен. Ал аял Кашкарды сурап жаткан кутчу ханы Кубаткандын карындашы экен. Аял акеси Кубаткандын күчүнө сүйөнүп баласын алып акесинин жанына кетет экен. Хан Кубаткан баланы багып, атын Бакты коёт. Бала ошол жерде чоңоюп 15-16 жашка киргенде бир теңтуш бала менен урушуп калат. Ал бала Бактыны «Атасы жок асыранды кул», «кул» деп коёт. Бала энееине келия «Менин атам ким?» деп бекем туруп алат. Атаң хан Кубаткан десе дагы ынабайт. Бала болбой туруп алганда энеси «Мен ал кишинин атын кантип айтам. Ак-Сай жайлоосуна барсаң үлүш болгондо кары бою калпак кийген, ак кементай жамынган, ак боз ат минип, чылбырын мойнуна түйүп алган бир киши бар, эгер жыйын болгондо ал киши дайыма мүзүлгө отурат. Аш-тойдо ал келмейинче тамак тартылбайт. Атаң ошол киши» деп белгисин айтып, баласын жабдып, бир жолдош кошуп жолго салат. Алар Ак-Сайга келгенден кийин бир тойго келсе, куду энеси айтып бергендей бир киши кийинирзэк келет экен. Ал ки-

шини ак сакалдар мене» бирге үйгө киргизип, жана алыстан келген конок деп баягы балдарды дагы ошол үйгө кошот, алар менсн эт тартат. Эт жеп жаткан-да бирөө «Балдар силер Арзыкул бийге эт туурап бергиле» дейт. Эки бала жеңплденип, чапандарын чечип эт туурай баштайт. Айтса, энеси баласына Тилемчинин күмүш кемерин курчап берген болучу, эт жеп жатып Арзыкул бийдин көзү балага түшөт. Баланы тааныйт да, улам-улам карап коюп олтурат. Этти жеп болору менен эле. Арзыкул бий өңгүрөк атып, ыйлаганча барып баланы кучактай жыгылат. Бийдин эси ооп, эс алганда өзү окуяны түшүндүрөт. Бала дагы издеп келгендигин айтат. Баланы колуна алып жүргөндө кийинчерээк Кубаткан намыз кылып, Арзыкул бийди Кашкарга айдатып барат. Казынын алдына түшүшөт. Казылар Арзыкул бийди «Бала сеники болсо жан берип ал» деп касамга буйрат экен. Акыры айласы кетип амал кылалбай жан берип баланы колуна биротоло алып уйүнө кайтат экеи. Арзыкул бийдин байбичеси «намыс деп жан берип койдуң. Эрди намыс өлтүрөт болдуң. Сенин тукумуң аз болот, бата балага кетти, баланын тукуму, урпагы көп болот» деген экен. Айткандай баланын тукуму көбөйдү. Ошондон Чериктин көп уруусу тарады. Өзгөчө Токтобайдын Ажыбеги кеңири белгилүү.

Токтобай кедей киши болуп, жалгыз чаар бээси бар экең. Өзү кушка жакын болуп куш салчу экен. Бул кишиден – Жабагы, Смайыл, Ажыбек, Эшимбек төрт уул. Булардын баарысы кыйын чыгып, өз убагында Токтобайдын «төрт кашкасы» деп аталган. Артыкча Ажыбек баатыр чыгып казак, кыргыз жана башка элдерге даңкы чыккан экен. Бул кишинин элди асы-роо-коргоо жөнүндө көп баатырдык окуялары болгон. Аларды кыскартып бир гана «Ажыбек баатырдын өлүмү жана ашы» деген окуяны баяндайбыз.

## Ажыбек баатырдын олүмү жана анын ашы

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Бир жылы боз кыроо мезгилинде, бир аш болгон экен. Ашка келген аксакалдар ылганып чоң үйгө киргизилип табак тартылат. Эл эт жеп болгон кезде төмөнкү табактагы бирөө далыны колуна кармап, айнегин карап калганда, төр жакта олтурган Артык бакшы деген карыя далыны карап чочуп кетип, «Иним, далыны тез отко салчы» дегенче өзү талып жатып калат. Эл аны таштап кете албай, жардап олтурушат. Бир кыйладан кийин эсине келгенде буулугуп-кыйналып: «Капырай, Артыктын жаны не секирет мынчалык» деп өзү менен өзү сүйлөшөт. Эл аксакалдарынын бирөө «Олуям, эмне көрүп эмне билдиңиз, элиңизди кабардар кылыңыз» дейт. Артык үшкүрүп, кеп баштап: «Ушу быйыл Какшаалдын башы ылдый бир кара сел өтүп көп киши бул селден аман калбай бирге кетти. Кайран Ажыбек баатыр дагы бирге кетти, мен дагы бирге кетем го!» деп кебин токтотот. Эл унчукпай кайгыргандай болуп аста-аста таркап кетет. Айткандай, ошол жылы кыш мезгилинде эл арасында тумоо-бучкак жайылып, кара чычкак оорусу көп болуп, кыйла кишиге кошулуп Артык бакшы дагы өлөт экен. Ажыбек баатыр дагы ооруп, кара чычкак болуп жатып калат экен. Алгач ирет Ажыбек баатыр «Мен же кылычтан же найзанын учунан өлбөй, кантип эле ушул кемпир өлчү кара чычкактан өлөйүн» деп сүйлөчү экен. Кийинчерээк ажыздашып калганда, тууган-уругун, эли-журтун чакыртыптыр. Ажыбектин балдары Абыл, Асан, Абдраман, агалары Жабагы, Смайыл, инилери Арыстанбек, Турдуке, Жакып, Ашым бардыгы келиптир. Анда Ажыбек: «Мен бул оорудан сакайбайт окшоймун. Менде үч арман калды. Бири, Чоко кара Бердиш менен Кашкар, Тегирметилерге

кетип бара жатсам Жаангир кожо Кашкар шаарын өзүмө каратам деп, бир нече көп кыргызды баштап келип, урушуп аларды кырдырып жеңилип качкан экен. Манжу аскерлери кууп келиптир, бир канча мезгилден кийин кайтып келе жатсак алар Жаангир кожону кармап алыптыр. Кожо бизди карап «кутказсаңар» дегендей болду, ошолордун колунан Жаангир кожону ажыратып алып Бейжиндеги ханга өзүм тартуу кылып алып барайын десем, Бердиш болбой койду. Кийин уксам ал сыймык Кучарлыкка кетиптир, кап! Экинчиси, сарбагыш Ормон менен дос элем. Аны бугулар колго түшүргөндө, бир кашык канын сурасам да бербей өлтүрүп койду. Ысык-Көлдүн боюнда бугу менен бир беттешсем арманым жок эле, андыктан менин ашыма оңду-солду чакыргыла, катын бугуну чакырбагыла. Үчүнчүсү, найзанын учу же балта-кылычтын мизинен өлбөй, кемпир өлчү кара чычкактан өлө турган болдум. Кап!» деген экен.

Ажыбек жан үзөрүндө ар кимиси келип «баатыр, биз кантебиз» дешет. Баатыр кабагын чытып ызгаарлап кеп айтат. Эшиктен кирген эле жерде, башын жерге салыпээрдин үстүндө Турдуке олтурган, ар кимиси «сен барчы» дешти. Турдуке барып бетии ачып «Ага, кебиң барбы?» деди эле, Ажыбек «сен кимсиң?» деди. «Мен Турдуке» дегенде Ажыбек баатыр «Ой сары мышык, сен калган эл-журтка баш-көз болуп туралар бекенсиң, эми кантер экенсиң», деши менен жүрүп кеткен экен. Ажыбек баатыр 1856-жылы жазга жуук Куулаган деген жерде өлөт экен. Кийннки жылы бүтүн чериктен аттуу-баштуулары кеңешип, Ажыбектин ашын Чериктин ата-бабасынын жайлоосу болгон Аксайдын кыр жакасында өткөрмөкчү болуптур. Ашка оң менен солдогу бүтүн кыргызды чакырмакчы, Турдукени Ажыбектин ордуна баатыр шайлап, ашты башкартмакчы болуптур. Бирок Турдуке көркөмсүз киши болгондуктан, жүз баштуу үйдөн экини бир ооздон кире турган кылып учкаштыра тигип, аны

салтанаттуу жасап, көрктүү үйгө аны жаткызып, кишиге көрсөтпөс болушту. Үйгө өзү көркөм, сулуу болбогондуктан Абдраман жатмакчы болду. Баатырга кеп-сөзү бар, көрүшө турган кишилер келсе, Абдраман ишин бүтүрүп жандырып турсун, баатыр менен көрүшүп чыгайын деп Абдраман төркү үйгө чыгымыш болуп кайта жооп кайтарып турсун, кызыл манат кийген, кылычын кыя байланган, колуна кыска туу найза кармаган 30 жигит үйдү тегерете күзөт кылып турсун, ашты салтанаттуу өткөзөлү, ашка оң менен сол келет, ичи бузук да келет, ичи түзүк да келет, ошондой берели, деп кеңешет да, бүтүн оң менен солго чабаган жиберет. Бирок бугуну чакыртпайт.

Бүтүн черик Аксайдын кара жакасында Тармал саз деген сазга коно баштайт. Эл келе баштайт. Элди мурунку кеңеш боюнча башкарып, ашты өтө зор шаан-шөкөттүү өткөрөт. Ашты салтанаттуу өткөрүп эл тарап болгондо, чериктер кайра көчүп Какшаал ылдый жөнөйт. Бирок ич күптү болгон бугу Боромбай чалгынчы жиберип, элдин аркасында калган көчтөн Тешик Чапта он эки үйлүү кишини көчүрүп алып кетет.

Эл кайра тартып жай-жайына келет, күн сууп боз кыроо болгондо «Бугу Боромбай Какшаал ылдый чабат экен» деген сөздөр эл арасына таркай баштайт. Турдуке муну угуп, бардык тууган-урук журт баштууларын жыйып кеңешип, Боромбайга элчи жиберишти туура табышат. «Элчиге кимди жиберебиз» дегенде кээ бирлери кутчу Конокбайды дейт, кээ бирлери Калчаны дейт, анда Абдрамаи айткан: «Боромбай сөздүү адам, булар жарабайт. Жүрөгү курч жана жашыраак Кумач Атамбекти жиберсек» дейт. Баарысы туура таап, Меркечтеги Атамбекке киши жиберет. Ал келгенде Турдуке, Абдраман экөө туруп: «Атамбегим, бара жаткан жолуңда чоң Карач, кичи Карач дегендер бар, чон Карачка алды менен учурап абалды айтып, элчиликке келгендигиңди билдирип, бир нөкөр менен бир чочпараны жыртыш деп ага бергин, ошол киши аркылуу Боромбай менен көрүш.

Ал киши биз менен куда-сөөк жана Тилекмат баатыр деген бар, зили черик, узун, кара кишй, аны менен сүйлөшүп, бир чочпараны ага бергин, өзүң билип кепке жараша кеп айт. Жолуң болсун, Чериктин жана баатырдын (Манстын) арбагы колдосун» дешет. Жана бир аңызда Калчага Конокбайды кошуп жолго салат. Алар баратып Беделди ашканда кар жаап калат. Бир жөө кишинин изин көрөт, бир аз басканда бир топ бөрүнүн изи анын аркасынан жөнөйт. Атамбек: Атамбек: «Кокуй, ажыратып алалы, бечараны бөрү жебесин!» деп ылдамдата бастырат, жолдун боюнда, улам бир жерде бир бөрү өлүп жана бир жерде бирден бөрү өлүп жүрүп олтурат. Жакындап келсе, бир жөө жаш жигит карда буту менен зампаны чогултуп жаткан экен. Колунда таягы бар жигит аларды көрүп эндирей кетет. Калча чакмагын чагып, отту жагып баланы эс алдырып кеп сураса, бала «Жамансуудан чыктым эле, Көлдө эжем бар эле учурашууга бараткам, атым баспай белдин нары жагында калды, Ыргай таяк менен жыга чаап жүрүп олтурдум», дейт. Баланы тойгузуп, бөрүлөрдү сойдуруп терилерин бир үңкүргө койдурат, анда бала «Акелер, уругум бөкөй болот, кимибиз мурун келсек төрт терини ошонубуз алалы» деп айтат. Алар бала менен коштошуп жөнөп олтуруп көлдүн боюна жакын барганда, бир жерден көпчүлүк жыйналган жер көрүнөт. Алардан бир киши чаап жетип келип көрүшүп «Кайдан келатасыңар?» деп сурайт. Конокбай Какшаалдан деп жооп берет. Бала «Бул жерде бир бай өлдү эле, жаназасын окугудай молдо табалбай үч күн туруп калды. Силерди көрүп ар качан Кашкар багытынан келе аткан адамдар молдо болот дсп чакырып келген элем» дейт. Атамбек өлгөн байдыш намазын түшүрүп берип, эр-токумду бир жакшы атты алып коштоп жүрүп кетет. Кеч кирип бараткanda бир топ кишиге учурапт, айтып берген беркисине карап, Атамбек «Тилекмат баатыр аманбы?» деп көрүшүп абалды айтат. Тилекмат баа-

тыр: «балам, тил алсаң барба, баарыбыз бир черикпиз, арбак бар, бөөдө өлүп каласың, мунун ачуусу жаман» дейт. Атамбек: «Элчиге өлүм жок, барам, өлтүрсө мендей баладан чериктин эмнеси кемимек эле, баатыр» деп болбой жүрүп кетет. Нарыраак барып Карачтыкын сурап табат. Карачтыкы жаңыдан көчүп келип конуп аткан экен. Барып түшүп экөө эки үзүктүн үстүнө минип олтурат. Бпр бойго жеткен кыз, бир келин келип, «Меймандар кайдан келдиңер? Үзүктү алсакпы» дешет алар. «Биз Какшаалдан келдик» дегенде эле кыз бетин чымчып альш, кайта аркасына басат. Аңгыча бир байбиче келип, алардын алдына көлдөлөң салып абал сурашып олтурат. Ал жерлик элдин кызынан экен. Баягы бойго жеткен кыздын кайыны дагы черик экен, болгондо Карач өзү экен. Байбиче амандашып олтуруп Атамбектин кебин уккан соң, атайлап тай союп жакшы мейман кылып кеп баштайт: «Боромбай азыр жаман каарыпа келип калды, черикти чабам деп ошонун масилет жыйынын кылып атат. Бүгүн бир байдын жалгыз уулу бир уурулукка катышып калган экен. Калың эл-журт аны сурасак Боромбай ынабай дарга асты, каратекедей болгон кудай ургурдун каары катуу болуп атат. Адам ага даай албай калды. Сен келипсиң, тил алсаң кайта кет» дейт. Атамбек жана болбой эртең менен туруп, чайдан кийин бир көөкөр арак менен бир чочпараны Ажыбек баатырдын жыртышы деп чоң Карачтын алдына коюп: «эми баштап барсаң» дейт. Чоң Карач баштап жөнөп олтуруп, Боромбайдын айылына жакын барганда: «Силер бул жерде ат чалдырып жатып тургулачы, мен барып ал-жайды байкап, эл суюлганда кабар берейинчи» деп жүрүп кетет. Карач барып жоголуп кетип, кеч мурун күн батардын алдында «эми келсин» деп бир бала жиберет. Атамбек барып түшүп, Боромбайдын чоң үйүнө кирип караса, бери жагы толгон киши экен: тогуз коргоол, чатыраш ойноп жаткан уулдар экен, бир капшытында эки семиз бээ союлуп жаткан

экен. Төрдө аюу талпактын үстүндө Боромбай аялы менен олтурган экен. Боромбай табылгы таякты таянып, чөк түшө калып бээнин казысын карап турган экен. Атамбек алардын арасынан аттап-буттап, Боромбайдын алдына барып салам берип кол сунду эле карабады. Карагайдын чогу келип чачырап этегине түштү эле, колу, менен кагып ийип жатканда, «ассолому алейкум, баатыр, аманбы?» деп Атамбек колдон алып көрүштү. Боромбай карап калып, сурданып: «Сен кимсиң деги?» деди. Атамбек «Мен чериктен келген элчимин, атым Атамбек» деди. Боромбай дагы ачууланып: «Атаңдын оозуна урайын, кул черик, Беделден кирип, Чычар менен чыгып, Чычар менеи кирип, Бедел менен чыгып бүлдүрө чабармын. Эчкинин этин жебей, кесир кылат дечү эле, эми Чериктин оозуна иттин этин тыкпасам, эчки эмес, анын корголуна зар кылбасам» дейт. Атамбек Боромбайдын колун коё берип, маңдайына чөк түшүп олтура калып: «Баатыр, комузчулар чертичү эле, «Коңкошбайдын коңур күү, коңурала сонун күү» деп. Ошол Коңкошбай өлгөндө балдары кылымга окшобогон аш беребиз деп кабырганын тышы үч эли бээни эсепке албай, кабакка сүйрөп салып, андан өйдөкүнү союп берген экен. Майга тойгон эл ал ашты «бай аш» деп атаган экен. Сарыбагыштан Темир Болот баатыр дагы 100 киши менен келет. Ошол өңдүү ар элден келген экен. Ошондо биздин атабыз Боогачы баатыр мылтык асынып, тайганын ээрчитип аң уулап жүрүп келип калган дешет. Алдаш баатыр баатыр казы-картаны кыя кесип жеп олтурган экен көрө калып жумушкерлерге: «Боогачы баатырга эт алып келгиле» дегенде жумушкерлер «эт калбаптыр» деп күңк эткенде, «Эмесе мынабу менин алдымдагы калган этти сунгулачы» дейт. Бирөө ала коюп сунганда, Боогачы; «Жетим балага белгилеген этиңди өзум эмес итим да жебейт» деп камчы менен табакты кагып жибергенде, баягы эт Алдаш баатырдын башынан алыс кеткенде, Боогачынын жанындагы куу

тайганы эттин аркасынан Алдаштын башынан аттап секирип, этти жерге түшүрбөй илип жеп кеткен экен. Ошондо да жүз киши менен жүргөн атаңыз жалгыз Боогачы баатырга иттин этин жегизе албаган экен. Эми кандай жегизесиз? Азыр чериктин түтүнү эки миңге таяп калды го, баатыр!» Анда Боромбай: «Ой карга тырмак кул черик, жалгыз Ажыбегиң бар эле, эми кимиң калдың, теңата болгондой?» дейт, анда Атамбек «Аке, ырас эле Ажыбек баатыр өлдү, бирок атан өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок. Атасы өлсө уулу бар, орду жерде калган жок. Ажыбек өлсө балдары Абыл, Асан, Абдыраман бар, инилери Турдуке, Арыстанбек бар» дейт. Анда Боромбай «Ала Тоонун ар жагында силер, бер жагында биз элек. Тоодой Ажыбек өлсө не үчүн жаназасына чакырбайсыңар» дегенде, Атамбек: «Үйдөгүнүн кебин талаадагы сыйлабайт, өлгөндүн сөзүн тирүү сыйлабайт» кылбайлы деп баатырдын сөзүн жаиа арбагын сыйлап сизди чакырбадык. Анткени өлөрдө «Ормонкан менен дос жана теңтуш элем. Боромбай Ормонду колго түшүргөндө бир кашык канын сурасам бербей өлтүрүп таштаган. Ушул оорудан тыныксам бир тогошуп аламын деймь. Бирок сакайбадым, эми артымда калдың черигим, журтум болсоң намазыма катын бугуну чакырбагыла» деп жатып өлдү. Ошол үчун силерди же жаназасына же ашына чакырбадык, ага таарынбаңыз». «Баатырдын жыртышы мына бу» деп кара жамбы менен эки көөкөр аракты алдына койгон экен.

Боромбай туруп кетип: «Олдо чунак Балбай ай! Качан да болсо кесепетиң тийет да, кайран Ажыбек мага таарынып өлгөн турбайбы! Ажыбек киши жибергени ырас. Ал киши келгиче эле Ормонканды өлтүрүп коюшуптур, тирүү болсо берет элем, кап! Өз боюнча айтып бардыбы же кандай, билбеймин? Силер менен биз чий менен туурдуктай жакын киндиктеш элек, аштыктын алдына орок тийсе, аркасына келбей койбойт. Мага да ажал жакын го, кайран баатырым

өлгөндө мага таарынып өлгөн экен да! Оо кайран эсил жолборсум оой! Эми кайдзн көрөйүн оой!» деп өкүргөндө үйдүн ичинде элдин бардыгы дүңгүрөп үйдү көтөрүп калды, байбичелер дагы кошуп калды. Бир дем ыйлашып басылгандан кийин куран окуп бата кылган соң жамбы менен аракты сунуп калды эле, Боромбай «Кайран төрөмдүн жыртышы экен» деп жамбыны көзүнө сүртүп байбичесине берип, аракты жигиттерине берди дейт.

Атамбек ошол кепти салып атып ушул жерге жеткенде күлүп: «Кайран жаным, Ажыбек баатырыма тыяктагы Боромбай баштуу бугуну да ыйлаттым» деп айтчу экен. Боромбай эртеси конок үйгө кирип Атамбекти аягынан түрө карап туруп «Балам Ажыбектии эмнеси болосуң?» деп сураганда, «Ажыбек менен тууганмын, Байчубактын балдары болобуз» дейт. Боромбай «Байчубактын кимисиң?» дегенде ал «Мамажан чечендин иниси Бабанын уулумун» дейт. «Ээ дагы эле чыккан жерден чыгат экен... Кайран Мамажан чечен ак калпагы менен ак кементайын чыраштатып алып, темир көк атын минип алып, теминип топко киргенде топ жарыла берчү эле. Ошонун тукуму экенсиң да!» «Ооба ошонун тукумумун». Боромбай «Куйма кулакка көп айтса куюп алат. Тешик кулакка кеп айтса тешигинен куюлуп калат. Сен куймакулак экенсиң. Илгери кыргыздан олуялар өткөн экен, алар «кепти айткан укканга, айтып айтпай пайда жок бейсаат күнү туулганга» деген экен. Кана сен кепчи көрүнөсүң, сүйлөчү ал кайсы олуялар?» дегенде Атамбек «баатыр, кыргыздан олуя Сынчы, олуя Сансыз дегендер өткөн экен» дегенде, Боромбай «ал элди кандай сынаган экен?» деп сурайт. Анда Атамбек «Олуя Сансыз сиздин атаңыз Алдаш баатыр, сарыбагыштан Болот баатыр, чериктен Карагул баатыр бул үчөөнү сындаган экен. Колун серелеп карап көрүп, Алдаш баатырды карайт. «Мындан бир меш туулат, калың журтка эш туулат. Андан ары барганда мунун тукумунан өөк барака

туулат. Бул өзү сакалы жок муруттуу, төгөрөктү курутту, кайра тарт» деген экен. «Ошол сакалы жок мурутту, төгөрөктү курутту өзүңүз эмеспи?! Төгөрөктү курутуп атпайсызбы» дегенде Боромбайдын бир муруту кыйшая түшкөн экен. Андан кийин сарыбагыш Болот бийди сынап колун серепчилеп карап «Сен кыбыланы карап туруп сийген экенсин, сийдигиң сегиз коктуну өрдөп кетти. Сегизи сегиз сууга баш болуп анын ичинен жалдуу барак чыгат. Атаганат кап сени! Мурун сындасам болмок экен, жалдуу баракты өөк барак чалып садбадыбы!» деп санын чаап кейип калган экен. Баатыр – ошол өөк барак өзүңүз, жалдуу барак Ормон эле, аны чалып салбадыңызбы?!» дегенде, Боромбайдын экинчи бир муруту кыйшайып мыйыгынан күлгөн экен. Андан кийин черик баатыры Карагул көчүп Какшаалга баратканда олуя көчкө учурап жанындагы кишиден: «Тээтиги көч ортосундагы токмок жалдуу торайгыр минген, чылгый кайыштан кисе тагынган ким?» деп сураганда жанындагы киши «Карагул черик болот» дейт. Олуя «Бери келчи» дегенде Карагул кайра тартып келген экен, олуя Карагулду карап колун серепчилеп: «Ий атаганат ай! Бул жамандын көкүрөгүнүн боктугун кара, көчүгүнүн алтындыгын кара. Мындан эгиз кыраан эки уул чыгат, эки шер удаа, бирөө мурда, бирөө кийин чыгат, ак көрпө жайыл атагы журтка дайын чыгат, анын наамы Букардын көк ташына чийилет, кызыл меш чыгат. Мунун тукумунан тукумуна чейин жыргап өтүп чөөдөй сары чыгат, Какшаалдын аягынан өөдө сурайт. Жеңдей кара чыгат. Чап жаактуу, чабалай ээктүүлөр ичинен эңкерлер чыгат, андан кийин келте тумшук боз балдар чыгат, андан кийинкисин көрө албай калдым», деген экен.

Эгиз кыраан эки уул – Ногой, Кончой, бирөө мурун, бирөө кийин чыккан эки шер Тоймат менен Ажыбек, ак көрпө жайыл, атагы журтка дайын Ажыбек баатыр, кызыл меш Абдракман, чөөдөй сары Турдуке, жеңдей кара Суранчы, чап жаактуу

Жабалай, ээктүү ичинен Эңкер. Мамбет, Осмон, Өмүрбек, Кутуке, Найман, Өмүражы, келте тумшук боз балдарды көрө элекпиз, деген экен Атамбек.

Атамбек күндө бирден кысыр эмди тайдын этин жеп жакшы күтүлдү. Боромбай күндө бир маал кирип «Балам, куйма кулак экенсиң жана кеп сал» дейт.

Боромбай өзү да кыргыздын макал, нарк, нускасын, санжырасын, нарк нускалуу кеп сөздөрун айтып берген экен. «Ушул кептин көбүн ушул кишиден укканбыз» дечү экен Атамбек абам.

Беш күн жатып, алтынчы күнү болгондо Атамбек Боромбайга эми биз кайталы деди эле, анда Боромбай «келген жумушуңарга он эки үйлүү кишини алып кеткиле, бирок сыртка азыр кар түшүп калды, жаш балдар үшүп калар. Жаздын алды менен көчүрүп берем, алардын бир улагын чыгымга учуратсам мен кепил» деди да Боромбай «мына бул Камбыл деген жандай көргөн киши жакшы атымды Абдраманга ала барып бергин, баатырды аза бата кылганым ошо, мына бул тейтилланы Турдукеге ала барып бергин, баш куттуктаганым» деп атты жетелетип, тейтилланы бөктөртүп, Атамбекти жолго салды. Атамбек бастырарда Боромбай ага «Келер жылы Турдуке Абдыраман болсо экөө тең келсин, экөө келе албаса бирөө келип мени менен кудалашып достошуп кетсин, айта бар, кайыр эмесе» деп кала берди.

Атамбек кеткен соң Боромбай «Ой калың журт, чогулгулачы» деди эле, черикти чабабыз деп жаткан калың бугу Боромбайдын эшигинин алдыда барып жыйналды. Боромбай «калың журт баарың турасың, черикти чабабызбы-чаппайбызбы?» дегенде, көпчүлүк «чабабыз, чабабыз» дейт. Боромбай «Оой, кызыр кайда экен көрдүңөрбү?» деп сураптыр. Көпчүлүк «Жок көрбөдүк». Анда Боромбай «силер көрбөсөңөр мен көрдүм. Кызыр чериктин шыргыйдай кара баласын (Атамбекти) кош колдоп суулуктап алыптыр. Мен керекке жарайт деп бир канча балбанды баккан экенмин. Буларды баккыча бир топ

бука баксамчы. Мен атактуу жургтун бир башчысы болуп туруп шыргыйдай кара кеп салып жатканда, анын уу тили мени карай агып жатканда балбан сөрөйлөр анын башын ыргыта чаап салбадыңар. Үйдө чечен жоодо жок болуп. Чеченмин дегендер да бар эле, же бир ооз сөз кайыра алганыңар жок. «Катын бугу» деп сеөмөйүн көзүмө теңшеп атканда, же өлүп кете албадым, же жерге кирип кете албадым. Мен Боромбай болгону кишиге сөзүмдү алдырбаган, кишиден сынган эмес элем. Чериктин шыргыйдай кара баласынан сөзүмдү үч алдырдым, үч сындым, быйыл мен жазга жетпей өлөм го, же бир нерсе көрөм го? Черикти чабабыз деп айтканыбыз түшүбүз экен. Черикти чабышты коюп тургула, чериктен келген элчисин кайра жандырдым. Ал жаз жарып, күн жылыганда баатырларын алып келмек болду. Кудалашып дос, кур чалышып куда болуп элибизден тандап кыз берели, он эки үйлүү кишинин малы менен жандырып берели. Мурун булардан олжо деп таап алганың болсо кунума куш, козусуна кой кош. Малпараны калыбына келтиргенден кийин кыштоо тандап кондуруп, отун, тезек, от чөи сарамжалын камдап берели. Чериктин бир да малы зыянга учурабасын. Биз Ала-Тоонун аркы жагында, черик берки жагында, биз чий менен туурдуктай чың ажырабас элбиз. Жамандашпай өтөлү. Мен тирүү болсом ошондой кылам. Өлсөм керээзим ушу. Ушундай кылгыла, эми тарагыла» деди. Айтканындай он эки үйлүү черикти жазында көчүрүп берген экен. Ошол жылы жазында 1858-жылы Боромбай өлөт. Өлүш алдында үч күн ыр макал сөз менен керээз айткан экен. Аны жанындагы олтургандар жаттап алышкан. «Боромбайдын керээзиндей керээз кеп айтты эле» деген макал ошондон калган экен.

Эми, Боромбай баатыр өлгөн соң дагы калгандары ушул боюнча иш кылып Турдукеге Боромбайдын Алтын деген кызын берген экен. Чоң Карач Абды-

раман, Боогачылар менен кудалашып өткөн. Эми Ажыбек өлүп сегиз жылдан кийин Бөөдөлөт Жакыпбек Кашкарга келип, Ажыбек баатырды сураса өлүп калды деген экен, уулу Абласанды чакырып барып «Сен ички жол менен барып Ак-Сууну алып, ошол жерге баштык болуп тур» десе Абласын ынабаптыр. Жакыпбек: «Каңран баатыр кумга сийген экен, баласы кайратсыз экен» дептир. Ошондой болсо дагы Нарындын Куртка деген жерине датка кылып кароол тостуруп койгон экен. Ажыбектин туугандары Карагул уулунун башчыларынан Суранчы, Мамбет, Осмон баштаган он кишини аскерликке алып Үрүмчүгө алып барат. Ал жерде жоо менен атышып турган мезгилден пайдаланып Суранчы баштап качып, Иле аркалуу Ысык-Көлгө келип калганда Суранчынын атасы, Ажыбектин агасы Жабагы баштык бир нечелерин бала-чакалары менен Котенге паалаган экен. Жабагы Котенде өлгөндөн кийин өлүгүн дары менен катырып, бир-эки жылдан кийин атайылап алдырып келип Кара-Чийге коюп, күмбөзүн бышык кыштан салдырган экен. Жабагыдан Суранчы, Бегмат, Жусуп үч уул, Суранчыдан Балбай, Качкын эки уул, Бегматынан Балбак, Чылпак, Бошкой үч уул Жабагы уулу калат. Суранчы өтө акылман өткөн, курбаттуу адам болуп, мамлекеттин биримдиги, элдин ынтымагы үчүн көп күч жумшаган. Анын акыл-насаат сөздөрү, макал-тамсилдери эл ичинде өрнөк болуп калды.

Эми Ажыбек баатырдан Абыласан, Абдраман, Өмүркан деп үч уул, Абыласандан Жантай, Телтай, Молтой, Арзыкан, Кутуке. Найман жети уул, Абдрамандан Боогачы. Андан Бородой жана бир нече уул. Андан Султанаалы жана бир нече уул. Өмүркандан эки уул. Булардын көпчүлүгү эл-журтту бийлеп, башкарып келген. Эми Тойматтан Турдуке, аны Ажыбектин сөзү боюнча Ажыбектин ордуна баатыр көтөрөт. Бирок бул киши өтө зулум болуп Ажыбектей элдик болбогон. Ажыбек уруулары бүтүн Карабулакты, назар, чынар уруулары Ак-Талаа,

Сомташ, Алкымды башкарып келген. Булар ак сөөк уруу. Черик уругу бүтүн кыргыз ичинде чоң жана саны көп уруунун бири, бүткүл Какшаал элинин үчтөн экиси черик уруусу. Ат-Башыда дагы бар, аз бөлүгү Тоюнда.

## Чоң багыш уруусу. Эр Мыкы

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Чоң багыш уруусу негизги уруулардын бири болуп, сол уруулар тибине кирет. Демек Куу уулдан Кутчу, Чоң багыш, Кытай, Саруу, Мундуз, Базыс, Нойгут деп жети уруу сол таралат. Кээ бирөөлөр чоң багыш, сарбагыш, өкүмбагыш, карабагыш бир тууган экен, деп коюшат. Бул аттын уйкаштыгына гана карап айткан кеп. Бул андай эмес. Чоң багыштын үчүнчү небересинен Чоболой, Кулунсарык, Байуулу деп үч уулу болгон. Санжырачылардын кээ биринин айтышынча, чоң багыштан чыккан Мыкы баатыр өз элинен кыз жаратпай бир нече убакыт бой жүрүп калат экен. Анда чоң багыштар азыркы Текестеги кытай-совет чек арасындагы. Үч-Каркыра, Көк-Дөбө деген жерди жердеп туруучу экен. Күндөрдүн бириндe Анжияндан бир соодагер Үч-Каркыра, Көк-Дөбөгө келип калыптыр, андан Мыкы баатыр: «Соодагерим, көп жерди басып, көп элди көрүп келипсиң, мага жарагыдай бир сулуу кыз көрдүңбү?» деп сураптыр. Соодагер: «Мен сага жарагыдай бир сулуу кыз көрүп келдим, эмне сүйүнчү бересиң?» дептир. Мыкы баатыр: «Сүйүнчүңө эки жорго берем, деги ал кыз кайсы жерде экен?» деп сураптыр. Соодагер: «Анжияндын үстү Ажыке деген жерде адигине уруусунан Толубай бийдии кызы Назбийке сулууну көрдүм, ал чай ичсе алкымынан көрүнөт» дейт экен. Мыкы баатыр бул кепти угуп алып, элинен кырк жигитти

тандап ээрчитип Анжиянга келиптир. Аны Толубай бий чоң үлүш берип жаткан кези экен. Эр Мыкы өзүнүн келгендигин билдирүү жана тийишүү үчүн Толубайдын төрт эле жылкысын айдап алып кайра жөнөптүр. Үлүш берип жаткан Толубай бий буга ачууланып «Ушунча адамды көзгө илбей жылкыны алып жөнөгөн бул кандай неме экен, кармап келип көгөнгө байлап койгулачы» деп артынан куугунчу жибериптир. Куугунчулар эр Мыкынын артынан жете барып бири-бири менен чабышып, таймашып, найзалашып алышып, күч сынашып көрүшүп, кайта өхүлөшүп кепке-сөзгө келгендеи кийин, куугунчулар Мыкыдан: «Силер эмне себеп менен жылкы куудуңар?» деп сураптыр. Анда эр Мыкы: «Мен силерге жоо эмесмин, силер менен кур чалышып куда, кучакташып дос болгону келдим. Толубай бийдин сулуу. кызы Назбийкени алганы келе жатам» деп жайын айтыптыр. Куугунчулар эр Мыкыны бийдин айлына баштап, Толубай бийге барышып: «Булар чабышканы келбептир, сиздин кызыңызды алыстан угуп кудалашканы келиптир», дегенде: «Ал ким экен?» деп сураптыр. «Чоң багыштын Мыкы баатыры экен» депитир куугунчулар.

Толубай кеңешкору менен кеңешип бирликке келгенден кийин: «Эми сен кызымды алар болсоң бүткүл чоң багыштын малын айдап кел» дептир. Эр Мыкы ага макул болот. Бирок, Толубай бий ал шартынан кайра жанып, «Жалгыз кызымды ыраак жерге бере албаймын, алар болсоң бүтүн эл-журтуң менен кечүп кел. Анан берем, мен карып калдым, ордума кан, бий болуп эл-журтумду сурайсың» дептир. Мыкы баатыр буга дагы макул болуп кайра жөнөйт.

Эр Мыкы өз элине кайтып, жакындаганда чатырын тигип элинин ичине барбай жатып алат. Эли: «Эмне болдуң баатыр?» дегенде Мыкы: «Мен Толубай бийдин кызы Назбийкени алмак болдум, эли-журтуң менен көчүп келсең анан берем дейт. Эгер силер ушул талабымды орундай турган болсоңор анан барам,

болбосо барбаймын», дейт. Анда Чолобай баатыр: «Сен катын алсаӊ өзүӊ бара бер. Биз туулуп-өскөн жерибизди таштап ал жерге барбайбыз», дейт. Акыры Мыкы баатыр «Анжиянга барабыз» деп үч жүз үйлүү кишини көчүрүп алып жөнөйт экен. Аларга: «Эмгектеген жашты, эӊкейген карыны таштайлы, жер алыс, кийнн алып кетербиз» деп жарлык түшүрөт. Алар көчкөндө: «Үч-Каркыра көк дөбө, эми бизге жок дөбө» деп ыйлашып көчүп жөнөйт. «Бала белде, катын жолдо» деген макал ощондон калган экен.

Алардын ичинен бир жигердүү жигит атасын таштагысы келбей сандыкка салып, эч кимге көрсөтпөй жүктөп жөнөптүр. Көч жөнөп олтуруп бир канча күн өткөн соӊ карыя баласына: «Оо балам, кайда кетип барасыӊар? Эмне үчүн кээ бир жерде чуркурап, кээ бир жерде жымжырт болуп каласыӊар?» деп сураптыр. Анда баласы «Анжиянга көчүп баратабыз. Суу табылган жерде чуркурап, суу жок жерде суусаганда жымжырт болуп баратабыз» дептир. Атасы: «Балам суу жок жерге барганда жүк жүктөгөн өгүзүӊдү агытып коё берип көрчү» дептир. Бир күнү суу жок жерде эл өтө суусап өлмөкчү болгондо, баякы бала өгүзүн коё берет, ал өгүз нарыбери басып жүрүп бир камыштуу жерди чапчып турган экен, баласы атасына муну айтканда, атасы эмесе ошол жерди бир аз чукуп каз дейт. Бала казса суу чыгып, эл суу ичип жыргап калат экен.

Жана бир канча күн жол жүрүп бир жерге конгондо, абышка баласына «силерди кара көпөлөк айдап алыптыр, көчүп жүрүп жоголосуӊар. Балам, аркаӊарда айры белес, ач кесек барбы?» деп сураптыр. Балгасы бар дептир. Абышка; «Балам, сен эртеӊ элди жөнөтүп жиберип, ушул айры белес, ач кесекте мылтыгыӊды алып тосуп турсаӊ бир ак төш дөбөт «көчкөч» деп тилин салып келет, ошону атып таштасаӊ эл көчүүдөн кутулуп калат» дейт. Атасы айткандай баласы белди тосуп турса, бир ак төш төрт көз дөбөт «көч-көч» деп тилин салып кирип келген экен. Бала

дөбөттү атып тумшугун кесип, тырмактарын чыгарып алыптыр. Эми кыргызда көзүнүн үстүндө калы бар итти жаман көрүп калуу ошондон калган экен.

Бала көчтүн аркасынан элге жете келсе элдин бардыгы эле уюлгуп көчпөй жатып калгаи экен. Эртеси деле көчпөйт. Бала элден: «Эмнеге көчпөй жатып алдыңар?» деп сураган экен. Эл «кечинде жатаарда. талаага чыксак күйгөн эки шам көрүндү. Эр Мыкы «ошону тапкыла» дейт. Биз таба албадык, аны тапмайынча көчө албайт экенбиз» дешет. Абышка баласынан «эл эмне үчүн көчпөй калыптыр» деп сурайт. Баласы: «Ушу жерде эки шам күйөт экен. Эл аны күнү-түнү издеп табалбай калыптыр. Ошого эл көчпөй жатып калыптыр» деп жооп бериптир. Абышка: «Балам, ал каухар таш. Ушул сайда дарак бар бекен?» деп сураптыр, анда баласы «бир гана жалгыз тал бар экен» деп жооп бериптир. Абышка: «Ал каухар таш ошол жалгыз талдын чиригинин көңдөйүндө. Сен барып талдын көңдөйүн карасаң ошондон табасың, ал эки шаардын куну менен тең» деген экен. Бала жүгүрүп барып талдын көңдөйүн караса тооктун жумурткасындай эки каухар таш турган экен. Бала ташты көтөрүп алып атасына барыптыр. Ошондон кийин сайда шам күйбөй калыптыр. Абышка баласынын алып барган ташын көрүп «силерге кудай бериптир, мунун баасына адам жетпейт» дептир.

Сайда шам күйбөй калганда эр Мыкы элинен «сайдагы шамды ким таап алдым деп сураса, анда бала «Мен таал алдым, сиз алуучу Назбийкенин калыңын камдап койдум, сиз чоң багышты Үч-Каркыра, Көк-Дөбөдөн көчүрбөсөңүз деле болот экен», деептир. Анда эр Мыкы «Муну сен кандай таптың, сага ким айтып берди?» дегенде бала: «Атам айтып берди» деептир. Анда эр Мыкы «Ой бала, атаң калбады беле?» дегенде, ал: «Жок, атамды таштаган эмесмин. Сандыкка салып артып келгенмин. Каухар ташты атамдын кеби боюнча таптым» деген экен.

Ошондо чоң багыштар «атаганат, ата-энебизди не үчүн ала келбегенбиз» дешип чуркурап ыйлап кеткен экен. «Карынын кебин капка сакта, өлүгүн айта сакта» деген макал кеп ошондон калган.

Эр Мыкы чоң багыштын элин көчүрүп жүрүп Анжиянга жакын калганда «Биз көчүп келатабыз, баткыдай жер бар бекен» деп бир сынчы менен бир канча кишини адигинелерге жиберет. Сынчылар менен элчилер барып, эр Мыкынын еөзүн адигинелерге айтканда, алар «Кең Алайды дайындап койдук, болор бекён?» деп сураган экен. Сынчы Алайкууну көргөндө «Көдөөнүн түбүндө кулун, шыбактын түбүндө козу уктап жатчу жер экен. Бирок көчүгү кең, көкүрөгү тар, үч жылда бирден жут болот», деп Алайкууну сындаптыр.

Эр Мыкы Баатыр каухардын экөөнү тең берип Толубай бийдин кызы Назбийкени алган экен. Арадан бир нече убакыт өткөндөн кийин Мыкы баатыр элине «Мен Назбийке сулууну алам деп силерди Үч-Каркыра, Көк-Дөбөнү таштатып ушул жерге көчүрүп келдим эле, эми Назбийкени алдым, кана сынап көргүлөчү, Назбийке сулуунун кайсы жеринде айыш бар?» деп сынаткан дешет. Элдер «жакшы, сынга толот экен. Бирок мурдунун ички таноосу кең экен» дешет. Анда эр Мыкы «кандай кылсак болот?» десе, алар «Муну Анжияндын табыптары танап-тигип оңдошот» дешет. Чоң багыштар ошол кеңеш боюнча Назбийкенин мурдун тилген экен. Муну уккан Толубай бий: «Кечээ келген жолоочу бүгүн кызымдын мурдун кескичелик болуптурбу? Чоңбагыштарды камчыга ченеп кыргыла» дейт. Арада уруш болот. Чоболой баатыр баштуу бир канчалары өлөт. Чоң багыштар чегинип, качып Улуу-Чатка келишет. Кызыл-Ойдо турушат, кийинчерээк Кызыл-Ойду жердеп турган кутчулар менен жер талашып батышпайт. Ал кезде Кашкарды Канкожо деген сурап турчу экен. Кутчу Кубатбек ага жакын экен. «Мыкы баатыр бизди бул жерден кууп чыкмакчы, сени тактадан түшүрүп топодой тоздурмакчы, сен

аларга ишенип кудалаштым деп жүрөсүң» деп Мыкы баатырды Канкожого чакыртат. Канкожо Кызыл-Ойго барып, текшерип байкап турганда жыйылып сүйлөшүп олтурган чоң багыштар турганда, камчылары менен этегиинн топосун кагып турушат экен, Анда Кубатбек Каңкожого: «Тигини кара, сени топодой тоздурам дешип атат, Жана ишенбесең Мыкынын агасынан сура» дейт экен. Чоң багыштардын эмки башчысы Арык деген кулагы катуу кишиден Канкожо «ошол маслет кеп ыраспы?» деп сураганда, Арык эмне деп айтканын укпай эле башын ийкеп коёт. Канкожо кыжырланып чоң багыштарды кырдырат. Кырда качып жүргөндөргө «Кайта келип багынсаңар мал, пул берем» дейт. Канкожого жигит болуп турган бир кыргыз аларга барып «Ой келгиле, кыргыздын атасы тоо, энеси суу» деп ураан чакырып кыйкырганда, Аскалы, Кандабас экөө ойлонуп «бул, мааниси бар кеп» экен деп качып кутулган экен. «Кызыл-Ой», «Кызыл-Чачы» деген ат ошондо калган. Аскалы менен Кандабас Буландын тоосуна, Корумдуктун тоосуна бекинип, кийик атып жан багып жүрөт экен. Кийин алар бөлүнүп Аскалы Каражүлгө, Кандабас Кызыл-Ойго кетет.

Жалпы алганда чоң багыш уруусу Кытайда негиздүү чоң уруу. Чыгыш тарабы Кара-Жүлдөн тартып, батыш тарабы Окалырга чейин бүтүндөй чоң багыш уруулары жайгашкан. Сан жагынан да көп. Булардын ичинде Жансүйөрдүн урпагы элин башкарып үстөмдүктү ээлеп келген. Жакынкы убакытта манчиндин зулумуна каршы эл козголоңуна баштык болгон Сыжап Осмонаалы чоң багыштан, молдояр уруусунан эле.

### Кутчу уруунун сажырасы

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Кутчу уруусу байыркы чоң уруулардыи бири.

Азыркы бар уруулар көбүнчө Чыңгызхандын баскынчылыгынан кийин шекилденген, бирок кутчу уруусу андан да мурунку уруусун сактап калган. Онунчу кылымдарда Орто Азияга келген Иран аалымы Итеферинии чыгармасына караганда, Орто Азияда кыргыздын асык, кутчу деген уруусунун бардыгын жазган. Ошол үчүн кутчу уруусу мурунку уруусун сактап келген экен деп айтабыз.

Кутчу уруусу Куу уулдан болуп солго кирет. Кытай кыргыздарынын байыркы доорлоруида кутчулар негиздүү уруулар болуп, Кызыл-Ой, Тегирменти, Каражүл, Какшаалды бүтүндөй ээлеп турган. Маселен, Кызыл-Ойдо хан Кубатбектии мунары азыр да бар. Каражүлдүн жолундагы Алдаярбек деген белде Кутчунун бир баштыгы алгачкы ирет ачып жол салгандыктан ошонун наамына коюлган. Айыктыктын башындагы Мурзакелди, Эсенбек деген жайлоолор дагы кутчунун баштыктары жердеп турганда ошолордун наамына коюлган. Эми Какшаалдын башы, чек арадагы Шабото деген жайлоо кутчунун бир тармак уруу баштыгынын атына коюлган. Кийинки кездерде Какшаалдагы чериктер менен болгон талаш-тартышуудан жана Кызыл-Ой, Каражүдөрдөгү чоң багыштар менен болгон талаш-тартыштардан улам төмөндөп сүрүлүп, азыркы абалга келип калган. Кээ бирөөлөр качып таркап кетишкен. Үч-Турпандагы Кутчу деген жерди да кутчулар жердеп турган. Какшаалды кутчулар жердеп турганда, Абайылда, Берик деген эки баатыр башчысы болуп, алар Кара-Чийде турган.

Тарыхка таандык материалдарга караганда, онунчу кылымда Үч-Турпанда кыргыздар бардыгы жазылган. Кээ бир материалдарда 1595-жылы Үч-Турпандын түндүгүндө кутчу уруусунун хандыгы барлыкка келген экен, Санжырачыларыбыздын айтышынча, азыркы Үч-Турпандын түндүк жагында Кутчулук деген кең өрөөн бар, ал жерде кутчу уруусу жашап хандык сүрүп, Үч-Турпанды башкаруучу экен. Кийинчерээк алар Какшаалга (Ак-Чийге) сүрүлүп, бүтүн Какшаал

өрөөнүн кутчу эли мекен кылып туруучу экен. Алардын башчысы Абайылда, Берик дегендер Кара-Чийди борбор кылып, узун убакыт тургандан кийин 1780-жылы качкан экен. Качыштын себеби төмөндөгүчө:

Үч-Турпандын үстү От-Башыдан тартып бүтүн Какшаал Абайылда, Берикке аштык-бажы төлөчү экен. Азыркы Кара-Чийдеги үч метирден узун ташты мамы кылып орнотуп коюп, ошону чек кылып, чек токтоттуруп, анын башы көмүлгөндө «эми болду» дечү экен. Бир жылы аштык-бажы төлөгөндө ал таштын башы көмүлбөй калган экен. Абайылда менен Берик «бул эмне болду?» деп сураганда, кызматкерлери «Үч-Меркечте турган Чоко жана Токтокучук деген туугандарыңыз өзүнө караштуу кырк үйлүү кишиге аштык-бажы бердирбеди. Башкасы деле жетер деди», деп жооп берет экен. Кийинки жылы бир аш болгондо Чокону Берик конок алып, ал түнү аркандан ыргак жасап бүркүтү менен Чокону таң аткыча ыргакка салып, эртең менен «Бүркүтүң эми жакшы алат» деп коё берген экен. Ал: «Меркечтин арчасынын табынан да, сенин ыргагыңдын ыдыгы жаман өттү го баатыр» деп ашка күйбөй бастырып кетет.

Жаз болгондо Чоко Берик «Кара-Чийдин арыгын каздырып атат», деп угуп, тийишүү үчүн Меркечтен аттанып, бүркүтүн көтөрүп алып, Кара-Сеңирге келип Берикке учурайт. Берик бүркүтүңдү бери кылчы десе, Чоко эмне кылат элең, бул каракашка тынар, муну көрүнгөн киши кармай бербейт, бербеймин, дейт. Анда Берик баатыр арданып, Чокону арык казгандар менен кармамакчы болгондо, Чоко карматпай күнгөй менен жүрүп олтуруп Үч-Турпанга барат экен. Анда Үч-Турпандыи шаары кичирээк. Баш-Чакмадан тартып суунун бою Кең-Сай болуп жайлоо экен. Ал жайлоодо кудаят деген төрт жүздөй ат багылуучу экен. Бул аттар ошол кездеги калмактардын бутканасына караштуу экен. Чоко ал аттарды көзөмөлдөп жүрүп, күндүзү жар көпүрөдөн айдап сыйлыктырып отуруп, От-Башыга чогултуп коюп, ал түнү Какшаалдан Үч-Турпанга

бараткан жолоочудан буткананын аттарын Абайылда, Берик алып кетти» деп кабар салыптыр. Анан аттарды катуу айдап, баспай калгандарынын башын кылыч менен кесип, тумшугун көтүнө тыгып коюп жүрүп отуруптур. Аркасынан аттын куугунчусу калмактар келип, өлгөн атты көрүп: «Бул эмне шумдук иш?!» деп сураганда, ал жердегилер «калмактарды дагы ушинтип башын кесип көтүнө тыгам дегендин белгиси» деп айткан экен. Эми Чоко жүрүп олтуруп, аттарды Кызыл-Күмбөстүн Чал деген жерине кашаттын башына жайып коюп, Кара-Чийге эки жолдошунун бирин жиберип, калмактардын наамынан: «Абайылда, Берик менин жылкымды бекер алдың, урушар жериңди айт» деп кат жазып жиберип, өзү күңгөй менен жүрүп олтуруп, элин көчүрүп Тешик-Чапты ашып Ысык-Көлгө кеткен экен. Азыркы Ысык-Көл кутчусу ошолордун уругу дешет. Эми Абайылда, Берик катты көрүп «Муну Чоко кылды, эми Какшаал бизге жер болбойт» деп элин көчүрүп, Анжиян менен жүрүп Таласка барып токтогон экен. Таластагы азыркы кутчулар ошолордун урпагы, жана бирөөлөр кутчунун жээни чоң багыш деп да айтышат. Эки Ак-Чийдин ортосундагы Бел-Алма деген сеңир Абайылда, Бериктин уулугу деп айтылат.

### Алдаярбек

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Эми кутчунун түп атасы Кубатбек, андан кийнкиси Алдаярбек жөнүндө баян кылабыз. Кубатбек саякатчы, кыйын адам болгон. Кызыл-Ой, Канжуугандарды талашып, чоң багыштарды Кашкардагы Канкожого чагып кырдырган экен, Мунун баянын жогоруда айтып өткөнбүз. Эми андан кийин да чоң багыштар өч алуу жөнүндө нечен урушуп Кубатбекке тең келе албай жеңилет экен. Кубатбектин үйүндөгү жээни чоң багыш экен, ал күндөрдүн

биринде чоң багыштарга «Кубатбекти мен өлтүрүп берейин, эмне бересиңер» дейт. Анда алар «Сени хан көтөрөбүз» дейт. «Эмесе бир күнү урушка чыккыла» деп макулдашып бүтүшүп, бир күнү чоң багыштар Кубатбек менен урушуп турган мезгилде баягы жээни Кубатбекти аңдоосуздан атат. Кубатбек өлгөн соң, катыны кайраттуу аял экен Кубатбектин кийимин кийип, атын минип алып качат. Муну көргөн чоң багыштар жээнин «Сен Кубатбекти өлтүрдүм дедиң эле, эми качып баратпайбы. Сен калп айтып качырып ийдиң!» деп аны атып өлтүрөт экен. Демек, «Бирөөгө ким ор казса, акыры өзү түшөт» дегендей иш болгон. Кубатбектин мунары Кызыл-Ойдо азыр дагы бар.

Ишенимдүү тарыхчылардын маалыматына караганда, XV кылымдан кийин түштүк Шыңжанда Жеркен хандыгы деген бир хандык бар эле. 1622-жылдары Кашкарда аким болуп турган Жолборскан деген Жеркенде хан болуп турган атасы Абдылда ханга кыргыздарды чаптырат экен. Абдылда хан Каракүчүк бий, Сатимбий деген кутчунун уруу баштыктарынын он миңдей колун кыргын кылган. Сатимбийдин баласы Алдаярбек жыйырма үч жашта болуп тоого качып кетип кутулган. Андан кийин Алдаярбек Абдылда хандын алдына барып, көп тартуу берип кыргыздын бала-чакасын бошотуп алган.

Кыргыз санжырачыларынын айтышынча, ошол ирет Алдаярбек Кашкардан качып азыркы Алдаярбектин белин ашып Каражүлгө келет экен. Алдаярбектин белин андан мурун киши ашпаган, «Алдаярбектин бели» деп аталып калышынын себеби ошол. Алдаярбек Каражүлгө келип, андан тоо жагына чыгып Сары-Тикенди көрүп сапсары тикен экен, Көк-Жарды көрүп суусу жок көк жар экен, андан Ингенди көрүп мында камыш калың экен, бугу, марал бар кенен жакшы жер экен, Шейитти көрүп от эде чагылат экен, кандай экенин бил албайм, бул жер шейит экен деген дешет. Демек ал жерлер ошол Алдаярбектин койгон аты боюнча аталып калган. Андан кийин Аддаярбек

Анжиян жакка барып Кошкулак, Эсенбек, Мурзакелди, Кагазды, Бирике сыяктуу кутчунун аттуу баштууларын көчүрүп келип орундаштырган экен. Андан кийий Кашкарга Абдылда хандын алдына өзү тартуу соога берип, муруику чабуулда туткун болуп калган катын-балдарды бошотуп алган.

Абдылда хан тарыхта, 1642-жылдары кыргыздарга чабуул жасайт. Аксай жайдоосунда Койсары бир отуз уулду баштап келип, Абдылда хандын кошунуна катуу сокку берет. Буга караганда Койсары бий жалпы сырткылык уруусундагы кыргыздарды бирлештирип келип, Абдылда хандын аскерлерин талкалаган, андан кийин 1661-жылы Абдылда хан бүтүн кыргыздар менен жарашат. Өзүнүн туугандары, балдарына ишенбей алты шаардын бийлигин бүтүндөй кыргыздарга өткөзүп, өзү ажыга кетет. Койсары бийди Кашкарга, Алдаярбекти Котенге, Куртка бийди Ак-Суугa аким кыльга бекитип кеткен. Алдаярбек болсо 1653-жылдары Котенде өлгөн (1599-жылы туулуп, 1653-жылы өлгөн). Жалпы алганда, кутчу уруусу Каражүл кыргызынын тең жарымын, Ак-Чий элинин үчтөн бирин түзөт. Төбөй, Караталдар Таласта жашайт.

### Нойгут уруусу

*Үсөйцн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчцргөн*
*Абдылда Карасартов*

Нойгут кыргыз элинин түпкүлүктүү урууларынын бири. «Манас» чоң жомогунда сүрөттөлгөнүнө караганда нойгуттар Алтайда (Энесайда) жашагандыгы, ал уруунун Балта деген аксакалы Манастын таякеси болуп, Манасты тарбиялап коргогондугу, анын баласы Чубак Манаска өмүр бою жөлөнчүк болуп тургандыгы айтылат. XVII кылымдарда Ак-Суу дарыясынын боюнда кыргыздын иойгут уруусу жашагандыгы кытай тарыхтарында ачык баяндалат.

Биздин атактуу санжырачыларыбыздын айтуусунча, божомол менен 250 жыл мурун Какшаал дарыясы менен. Кум-Арык дарыясынын кошулушундагы Арал деген жерди нойгуттар борбор кылып турушкан. Бул жерлер мал өстүрүүгө өтө ыңгайлуу болгон. Аңчылык кылышка да эптүү болгон. Алар жай күнү Сапарбайды жайлайт экен. Булар мал өстүрүүгө, айрыкча жылкы өстүрүүгө көңүл бөлгөн экен. Азыр дагы ошол жылкы уругунун саркындысынан калган Арал жылкысынын даңкы бар.

## Жаңыл Мырза
(биринчи вариант)

*Белек Солтоной уулу Солтокелди*
*Кызыл кыргыз тарыхы 1-китеп*
*Б., 1993. 109-113-б.*

Манаптын Сүтөй жана Жарбак деген эки уулу болгон. Сүтөйдүн баласы Сарысейит жана Тукур Сарысейит билгиликтүү жана эр киши болгон. Анын Үчүкө деген баласы алдыңкы баатырлардын биринен саналган. Жыйырма жашка келгенде Көтмалдыдан Соң-Көлгө көчүп бара жатканда Түлкүнүн энеси келинине өтө кас экен, ачууланып Түлкүнүн катыны Деркенди Кочкордун аягына эртең менен эл көчүп жатканда коё бердирген. Келиндин бешикте Тынай деген эркек баласы болгон. Ошол себептен катын аттанып кетип бара жатып, бешиктеги баласын ачып, бетинен сүйүп ыйлап айткан:

Үчүкөнүн үч уулу,
Үч Үчүкө болор да.
Жалгыз Тынай кулунум,
Сенин айың не болор?

Коё берилген келин Деркенди саруу кыргызы алган. Кытайга караган Аксуу шаарынын чөлкөмүндө турган нойгут кыргызынын улугунун Жаңыл Мырза деген жалгыз кызы болуп, анын баатырлыгы билинип,

элге даңкы чыгып калган кези экен. Үчүкө, Түлкү жана моңолдордон Атакозу, Чабак деген баатырлар баш болуп, калың кол барып, Жаңыл Мырзаны Түлкүгө алып бермекчи болуп, аттанышып барышат. Ал кезде Жаңыл Мырза элинде жок экен. Калмак менен урушканы, болжолу 1670-жыл чамасында Жетитер Чемен деген жерге кеткен чагы экен. Бир кабарда аң уулап кеткен дейт. Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак нойгутту чаап алып, көп мал алып, кайта келе жатып, Турпандын башы Какшаалдын ичине келсе, эли чабылып, чачылып жаткан. Аны көрүп калың киши алып, жоону кубалай келип, түн ичинде эл жата электе Жаңыл Мырза кууп жеткен. Жоо калың малды туюк жардын алдындагы имерилиш токойлуу булуңга токтотуп коюп, бир канчалык жылкы союп, кандуу булоон болушуп, жан казандарына салышып, бышырып жаткан чакта үстүнөн чыгат. Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак оттон алысыраак жерде олтурушканда аларды Жаңыл Мырза сынап, Түлкүнү мындай деп сынаган:

Сомдогондой билектүү, сом кара таш жүрөктүү. Атакозу, Чабак үчөө бирдей көк жал бөрү экен. Түлкүгө тийсе тийип алар эр экен деп, атууга кыйбай турганда атасы: «Аткын, балам» деген. Ошондо да атпастан, сорогой таштан артылып карап турган. Жаңыл Мырзаны жарыкта олтурган кишилер көрө албаган. Жана да атасы: «Аткын балам» дегенде жааны ийининен алып, атууга көңүлдөнбөй турганда атасы: «Кыз бала оңбосун, эркек болсо эли-журтумду талкалап, чаап алып, олжолоп бара жаткан душманды аяп турат беле» дегенде Жаңыл Мырза саадагын сундуруп таптап, кайта тартып, жана таптап, атпаска пейилденип турганда Жаңыл Мырзанын дайым алып жүрүүчү кертайганы тигилер олтурган оттун жанына жойлоп кирип барганда Түлкү көрүп, «баягы сур канчыктын кер канчыгы экен» деп, жаасына обдулуп алганы жатканда Жаңыл Мырза Түлкүгө тийгеним менен менин сур канчык атым калбайт экен, Түлкүнү атсам агасы Үчүкө баса кал-

ганда аны атармын, Атакозу, Чабак камынып урушка чыкканча аларды атармын деп, жааны тартып жибергенде Түлкү оңкосунан кулаган. Аны Үчүкө басып калганда аны өлтүрө аткан. Атакозу, Чабак түйүлүп аттарына минерде экөөнү эки жерге атып таштаган. Калың кол быт-чыт болуп үркүп атка мине турган болуп, камоодогу жылкы чатырап үркө турган болгондо Жаңыл Мырза атына минип туруп: «Мен Жаңыл Мырзамын, жаныңардан үмүт кылып, элибизге эсен кетели десеңер, жаткан жериңер былк этпей, жай-жайыңарга жата бергиле» деп, калың элдин үстүнөн жааны он чакты зыркырата атканда, зыркырап өткөн октун добушунан эл коркконунан былк этпестен, дир-дир этип жатып калган. Жаңылдын артынан колу келгенде кишилерине тийбестен, беш-алты жылкыны сойгула деп, Жаңыл өзү жатып калган. Эртең менен Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабакка жер каздырып көмдүрүп, Түлкүнүн кадыры деп алардын жолдошторуна тийбестен, ат-тондору менен аман-эсен узатып, Жаңыл үйүнө кайткан.

Кайткан колдон бир киши илгери келип, бул окуяны билдирмекке Ысык Көлдүн Улаколунда төө багып жүргөн карыган Сарсейитке кез келип:

– Үчүкө, Түлкү балаңыз Жаңыл Мырзанын огунан каза тапты, - дегенде Үчүкө:

– Түлкү өлсө Атакозу, Чабак бар, – деген.

– Атакозу, Чабак да өлдү дегенде,

– Кан уучтап түшкөн хан куя балам бар, – деп тескери карап туруп, кончунан чакчасын сууруп алып, оозуна толтура насыбай салып:

Үчүкө, Түлкү балам ай,
Арстан тууган Атакозу, Чабак ай
Ажалына кез келген,
Жаңыл Мырза жалап ай, – деп бакырып жиберип, төөсүн көздөй бастырып кеткен.

Ал кезекти кыргыздын ханынан саналган Түлкүнүн хан Тейиштин айылына эл чогулуп, кеңеш кылып, Түлкү, Үчүкө, Атакозу, Чабак төрт баатыр-

дын кунун нойгуттан кантип алабыз деп сүйлөшүп олтуруп, нойгутка аттанып барууга бүтүм кылып, казактын ханы эңчер бойлуу эр Эшимдин уулу Тооке ханга келип акыл салганда Тооке хан макул алып, казак, кыргыздан башчысы Карбагыш, Калматай, Багыштан Сейиттин уулу Аккочкор каңкы, Ашыра, Калча (бир кабарда Шырдакбек да болгон) нече миң киши барып согушта, бир кабарда – аң уулап келе жатканда калың чер токойдон аңдып тосуп туруп Жаңыл Мырзаны колго түшүргөн. Бир кабарда согушта жүргөндө Аккочкор менен Жаңыл Мырза бетме-бет жеке беттешип согушканда Аккочкорду аттын үстүнөн эңип алып түшүрө турган болуп, Аккочкорду көрүп жактырып, жайын сурап, мен Аккочкормун, Тейиш хандын баласымын дегенде тийүүгө пейилденип, убада байлап, Жаңыл Мырза бураа тартып кеткен дейт.

Колго түшкөндө кол башы болгон үчүн Жаңыл Мырзаны Калматайга берген. Бирок Калматай өзү албастан, иниси ормотойго алып бергенде Жаңыл Мырза мени Аккочкор каңкы албады, же карыса да Калматай өзү албады деп, таарынып калган. Жаңыл Мырзаны Ормотой алгандан кийин аны олжо катын, олжого түшкөн күң катын деп, көпчүлүктө уялтып айта берген. Бул сөзгө абдан капаланып, Жаңыл Мырза ичиненн сыза келген. Эртең-бүрсүгүнү эл жайлоого көчөт дегенде айылдагы кыз-келиндер жыйылып келип, Жаңыл Мырзага жалынып, сизди жааны абдан жакшы атат деп эл-журттун баары мактайт. Бизге эл көчкөндө тамаша кылып, жаа тартып бериңиз дегенде Жаңыл Мырза биз эми байга тийип копол болуп калдык. Эми жаа тартыш бизге абдан өтө уят дегенде, кыз-келиндер жалынып айта бергенде, Жаңыл Мырза андай болсо, Калматайдыкында менин саадыгым октору менен жана кара атым дагы ошондо. Башка ат, башка жаа мага туура келбейт. Ошону сурап бергиле дегенде кыз-келиндер барып, Калматайдан сураса бербеген. Кыздары

болбостон экинчи сурап барып, араң алган. Атты Жаңыл Мырза колуна алып, бир-эки таң ашырып алганда эл Атбашыдан Арпага көчкөн. Көч жөнөп кеткен соң Жаңыл Мырза согуш кийимин кийинип, чачын төбөсүнө түйүп, үстүнөн баса согуш тебетейин кийип, атын бекем токунуп, саадагын байланып, окторун асынып, ары-бери атырылтып чуу коюп, кара аттан ак көбүк чыгып тердеген кезде бириңер бөркүңөрдү асманга кыргыткыла деп кыздарга айтканда бир кыз тебетейин көккө ыргыткан. Жаңыл Мырза жерге түшүрбөй атып туруп, тебетейди жүн кылып түшүргөн. Аткан огун жерге түшүрбөстөн улам илип алып, кайта атып турган. Ошондо Жаңыл мырза кыз-келиндерге карап: «Элин сагынбас эр болбос, үйүрүн сагынбас ат болбос, мен ургаачы болсом да эркектен артык элем, мен элимди сагындым, атым үйүрүн сагынды, кош, аман болгула» деп бура тартканда кыз-келиндер чуркурап жалынып, айланайын жеңе, биз ата-энебиз өлтүрөт дегенде, андай болсо талаадан качып кетпейин, силерди жемеден куткарайын деп, жетимиш-сексен кыз-келинди ээрчитип алып, көчтүн артынан жете келип, Масейилдин белинде Масейилди атып өлтүрүп, (Ат-Башы, Арпанын арасындагы бел) Калматай жүз чамалуу киши менен көч алды болуп кетип бара жатканда жетип барып: «Карысаңыз да өзүңүз албадыңыз, тетиги немең мени кор кылып, олжо катын атыктырдыңыз, элин сагынбас эр болбос, үйүрүн сагынбас ат болбос, эл жакшысы кошто бар, кош аман болуңуз» деп, аттын оозун коё бергенде аты анда-мында бир тийип көз илешпей калган. Калматай кууган эмес, күйөөсү Ормотой 30-40 киши менен артынан кууп калганда Жаңыл Мырза күйөөсү экенин таанып, тура калып: «Мени кубалаба, кокустан өлүп каласың» дегенде Ормотой болсо да бир жыл койнуңа жаттым эле, каныңа забын болбоюн» деп атын атып таштаган. Ат которуп дагы кубалаганда өз убалың өзүңө деп Ормотойду атып өлтүргөндө, эл кубалабай токтоп

калган. Жаңыл Мырза аттын оозун коё берип учкан куштай болуп, кайдасың Какшаал, кайдасың нойгут деп жүрүп кеткен. Какшаалды басып, эсен-аман элине барган.

Жаңыл Мырза узун бойлуу, шырыктай, эки ийни кең, кара сур кыз болуп, Ормотойго тийгенде жыйырма төрт жашта болгон. Мындан соң нойгуттар кыргыздан жалтанып, Бай шаарынын үстүнө кеткен. 1916-жылында кыргыз бузулуп, Кытайга качып барганда Бай өлкөсүндө көбүнчө Карабакта кыргыз бардыгы маалым болду. Алар өздөрүнүн кыргыз экендигин билсе да кайсы заманда баргандыгын, кайсы кыргыз экендигин билишпейт. Баарды да отурук болгон. Отурук болсо да ар түтүнгө чарбасы, уй, кой, жылкы, төөлөрү бар. Алардын айтуунда ал жерден көп эл Лупка көчүп кеткен. Бул кабарга караганда балким нойгуттун Көлөпкө кетмеги мүмкүн. Не да болсо күн батыш Кытайда нойгут кыргызы калбастан, баарды да уйгурлашып отурук болгон.

**Жаңыл Мырза**
(экинчи вариант)

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Бул уруунун Нойгут бий деген башчысы болгон. Анын малайы, кызматкери Көгөн деген киши болуп, кийинирээк ал Нойгуттун ордун ээлеп калган. Аялы алты уул төрөгөн болсо дагы турбай баары өлүп кеткен. Жетинчи ирет бир кыз бала терөгөндө аны ырымдап «бул жаңылды» деп атын Жаңыл коёт. Кээ бирөөлөр Жаңылды Кара-Чийдин Кош-Дөбөсүндө туулган дешет. Көгөмбий Жаңылды асемдеп, алпештеп эрке багат. Эркекче кийим кийдирип, ат миндирип, эркек баланын сөлөкөтү боюнча чоң кылат. Ал кыз өзү да акылдуу, зирек,

шайдоот, сезимдүү болуп чоноёт. Бала чагынан эле ок, жаа атууда теңдеши жок кылдат адис мерген болуп жетилет. Ал уучулукту жакшы көрө турган. Мындайча айтканда, эр жигиттерге таандык иштердин баарын кыла турган болот. Ошондон аны эли сүйүп «мырза» дегенге кошуп Жаңыл мырза деп аташат. Бойго жетсе да турмушка чыкпайт. Акылдуу болгондуктан терең ойлойт да, чыгыш жагыбыз Кара шаарда кыргыз менен байыртадан бери чабышып келген калмак турса, батышта Кашкарда хан Турсун жана башкалар турса, атамдын эркек баласы болбосо, элин мага ишенип бел кылып турса, мен кайда барат элем дейт. Ал учурларда Кокон беги Үлөүрчөк Бургуй дегенди Кашкарды сурап турган Турсунбек дегенге жиберип, аны менен тил бириктирип, кол жыйнап нойгут элин басып алып, Жаңылды зордук менен катын кылмакчы болот.

Жаңыл туюп калып элин-жерин сактап калуу үчүн даярданып, экөө Марал башыда учурашып катуу согушуп, Турсунбектин адебин берип талпагын ташка жаят. Ошону менен Маралбашыны каратып алып, ал жерге өзүнүн жакындарынан бир канча топ түтүндү көчүрүп барып, аларды чеп сактоого орундаштырат. Ошентнп Жаңыл Мырзанын элинин атак абройу өсө баштайт. Уйгурлар дагы жакындашып, ого бетер катуу ынтымакташат.

Ошол учурда азыркы кыргыз журтунун Чүй дарыясынын боюнда кыргыз элинин башкарып сарыбагыш уруусу туруучу. Алардын Үчүкө, Түлкү деген ага-ини эки баштыгы болгон. Түлкү кичүүсү болуп, ал солто уруусунан бир байдын кызын алган экен, андан бир бала туулуп, баланын атын Тынай коёт экен, ал бала бешиктеги чагында эл жайлоого көчөт экен. Түлкү дагы көчүп көч жөнөй бергенде, ал келин атка минип туруп «Түлкү, бешикти мага алып берчи!» дейт. Түлкү бешикти алып бергенден кийин анын жанындагы теңтуштары аны тамашалап «Ой Түлкү баатыр, биз сени элибиздин төрөсү деп жүрсөк,

катыныңдын кулу экенсиң го!» дешет. Бул сөзгө Түлкү өтө арданыш, катынынын чачын кесип, кер байталга мингизип, кементайды кийгизип коё берген экен. Баласы Тынайды Түлкүнүн энеси багып чоңойтот. Түлкү бир канча убакыт аял албай жүрүп калат. ‘Түлкү Жаңыл Мырзанын акылдуулугун, баатырдыгын, мергендигин, даңазасын угуп «Жаңылды өз көзүм менен көрөйүн, жакшы эле болсо алайын» деп агасы Үчүкө, достору Атагозу, Чабак жана бир канчалаган жолдоштору меиен Чүйдөн аттанып, азыркы Ак-Чий ооданы аркылуу Ак-Суунун аралына келет. Ал убакта Жаңыл Мырза үйдө жок болуп, Тянь-Шандын бооруна уучулук кылганы кеткен экен. Бир аз сактап, келбегенде, Түлкү өзү ак сөөктүк адатын кармап башкаларды теңсинтпей «Жаңылга мен бир тийишип көрөйүн» деп нойгуттун жылкысын тийип бүтүндөй алып жөнөйт. Жаңылга тезинен кабар барганда, ал шашылып үйүнө кайрылбастан алардын аркасынан кубалап жөнөйт экен. Түлкү баатыр Какшаал дарыясын бойлоп, Какшаалдын башындагы Ийри-Жардын алдындагы сазга жылкыны жушатууга салып, чатырды тиктирип, бир бээни союп, этин кемегеге бышырып олтурушкан чакта Жаңыл Мырза жете келет. Жол жардын башында болуп, Жаңыл жардын башынан түшүп караса, кемегенин отунун жарыгынан чатырдын ооз жагында олтурган Үчүкө, Түлкү ашкере көрүнүп турат экен. Жаңыл сынап олтуруп Түлкүнү жактырып, «Эгер ушу чын махабат байласа, менин элимди кемсинтпегидей болсо мен ушуга турмушка чыксам да болгудай. Кыздын турмушка чыгышы байыртан калган жөрөлгө, ушундай болгондо сырткы душманга каршы туруу күчүбүз дагы артат эле», деп ойлонуп турат экен. Анын оюн сынап көрөйүн деп ууга ээрчитип барган тайганын коё берет, тайган аяк-быякка жойлоп, сойгон бээнин кан-жинин жыттап турганда, Түлкү баатыр көрө коюп «Канчыктын канчыгы келип калыптыр, куралыңарды колуңарга алып даяр болгула» дейт. Бул

сөздү Жаңыл Мырза угуп турат. Ал катуу арданып «Мени дегеле адам катарына албай итке теңейт экен» деп колундагы жаа менен тартып жибергенде Үчүкө, Түлкү экөө катар жыгылат. Быягында уктап жаткан Атакозу, Чабак экөө шашылып темтиреп ордунан туруп жатканда, аларды да атып жиберет. Жаныл түшүп келип калган жолдошторуна «Мен силерге тийбеймин, коркпогула!» деп, эртен, менен аларга көр каздырып төрт баатырды көмдүргөндөн кийин, алардын минишине бирден ат берип жолго садат. Бул жердин аты азыр дагы «Мөлө» деп аталат. Мөлөнүн мааниси кыргызча «кабыр» деген болот.

Үчүкө, Түлкүнүн жолдоштору Чүйгө жетип барып бул окуяны айткан соң эли-журту өтө кайгырат, арданат. Бирок масилеттешип, Жаңылдын баатырлык айбатынан коркуп, иш баштоого батына албайт. Акыры Анжыйан, Ташкен жактардагы кыргыздын башчысы, акылманы Шырдакбекти чакырат да, ал кишинин масилети боюнча иш көрмөкчү болушат. Алар «казак, кыргыз бир тууган» деп казактардын каны Тоокени жардамга чакырат. Шырдакбек калгандарга «Аз убакта Жаңыл жайлоого көчүп Сапарбайга конуп жайлайт. Жетинчи айда үлүш берет. Ошол учурдан пайдаланып, анын өзү минген атын алып калалы, жылкысын сүрөлү. Аны менен беттешип урушуп, аны жеңе албайбыз. Жаңыл кууп келатканда жашырынып туруп, капыстан тийип кармап алсак болот» деп жол көрсөтөт.

Ушул боюнча жай болгондо Шырдакбек, Калматай хан, Тоокелер колун баштап, Ак-Сай жайлоосуна келип дем алышат, эки шылуун, жарамдуу жигитти жерликче жасап кийиндирип жиберет. Алар Какшаал ылдый кирип, эл аралап жүрүп акыры Сапарбайдагы Жаңылдын үлүш берген жерине келип, абал күзөтүп жүрүп, меймандарды күтүп жүргөн учурдан пайдаланып, анын өзү минген атын алып качат. Жана бир нечеси Кара-Чийдеги нойгут жылкыларын сүрүп качат. Аңгыча Жаңыл бир атына

тердик салып минип, жаасын колуна алып аркасынан кубалап жөнөйт. Аларга жете албай жүрүп отуруп акыры Кара-Кулак деген жердеги Ак-Башат же Чапкан-Кыя деген жерге барганда, жалпак таштын артына жашынып жаткан жаш баатыр Жаңыл өтүп бараткaнда жайдак аттын аркасына секирип минип, Жаңылдын эки колун карысынан куушура кармап, жааны атууга чамасын келтирбейт. Калгандары дагы келип биригип, Жаңылды байлап алып барат. Жылкыны кан Тооке баштык бардыгы бөлүп, Жаңылды Атагозу, Чабактыш тууганы жетимиш жаштагы Калматайга олжо катын кылып беришет. Жаңыл Мырза карабагыш Калматайдын колунда мусапыр олжо катын болуп, бир канча жылдар жүрүп калат экен. Ошол мезгилдерде элдин өзүнө, малына коркунуч салган ак жолборс чыккан экен. Ал ак жолборсту кармашты эл Жаңылдан өтүнүшөт.

Күндөрдүн биринде, ал жердеги эл үлүш берет. Жаңыл ак жолборсту кармап элдин алкышына ээ болгон экен. Тойго жыйналган эл таң тамаша кылып атканда «Жаңыл мырзанын ок жаа атуу кылдаттык өнөрүн көрсөк дешип» сунуш коюшат. Калматай дагы уруксат кылат экен. Жаңыл Мырза «эмесе менин өз атым, өз кийимим, өзүмдүн ок жаа, саадактарымды берсеңиздер» дегенде, буларды алып келип берет. Жаңыл өз атын минип, Өз кийимин кийип, жаасын колуна алып, бир баланын калпагын асманга ыргытып, ал кайта түшкүчө тогуз жерин тешип атат, ичке жип менен байлап аткан жамбыны дагы үзө атат. Көргөн эл анын бул өнөрүнө баа берет. Анан Жаңыл Мырза «силер мага катылбагыла, эгер мага катылсаңар катыгыңарды беремин, мен өз журтума кеттим» деп бастырып кетет экен. Калың эл «Мындай курбаттуу, жакшы адамды кулдантууга болбойт» деп аркасынан кубалабайт. Жалгыз Калматай кубалаганда жаа менен тартып жибергенде, калгандары токтоп калат.

Жаңыл Мырза өз жерине келсе элинин көбү

Лопнурга көчүп кеткен экен. Жаңыл Мырза Марал-Башыга мурун жол коргоо үчүн орундаштырган жакындары көчүп Марал-Башынын Сары-Кыя деген жерине, орундашкан экен. Атасы өлүптүр. Жаңыл ошол Сары-Кыяга барып аларга кошулуп турган кезде, Кашкарда аскер баштык болуп Бакаманжы деген муңгул турган экен. Ал зордук күчүн иштетип Жаңылды алмакчы болгондо, Жаңылдын урук туугандары жана бүтүн кыргыздар биригип аны өлтүрүп жиберишет. Андан кийин Бостон-Теректе турган Нарбий деген адам Жаңыл Мырза менен турмуш куруууга жуучу салат. Жаңыл ага «Мени оюнда ким жеңсе ошого тиемин» деп шарт коёт. Макулдашып экөө ат үстүндө. алышып мында да Жаңылды жеңалбайт, андан ордо атышат, мындан Жаңыл жеңилип калат да, убадасына уба кылып Нарбий менен турмуш курат. Андан эки балалуу болгон экен. Туугандарынын бир бөлүгүн Бостон-Терекке көчүрүп барат. Сары-Мияда калып калган кыргыздар жерлик калктарга сиңишип кеткен болсо да, өз тилин жогото элек. Эми Жаңылдын туугандары нойгут деген уруунун калдыгы азыр деле Бостон-Теректе, Ак-Тоодо бар.

Жаңыл эри Нарбий жана балдары менен бирге Лопнурдагы туугандарына учурашууга барганда Кара шаардагы Бакаманжынын туугандары угуп калып алардын кайтыш жолун тосуп, аларды кармап, Жаңылды эри меяен Башегим дарыясына агызып өлтүргөн экен.

Эми Жаңылдын эли башка жайга качпай не үчүн Лопнурга качып барат? Мунун негизи бар. Карылардын айтышы боюнча, байыркы замандардын Энесай доорунда Манас баатыр менен замандаш кыргыздын Кыз Сайкал деген баатыры болуп, ал Лопнурда туруучу экен. «Манаста» сүрөттөлүшүнчө кыз Сайкал менен Манас экөө күч сынашмакчы болуп, бир убакта Ак-Суу дарыясынын боюнда экөө атчан кармашып калып, кыз Сайкал Манасты найза менен сайып түшүргөн экен. Жана экөө басташып ат сүрөгөн экен,

бир-бирин сүйлөшүп махабат байлашкан да экен, бирок кандайдыр экөө турмуш кура албаган, ошондой болсо дагы Манас баатыр өлгөндө кыз Сайкал анын өлүмүнө барып катышып, кошуп ыйлап, аза күткөн дешет. Сайкал Лопнурда туруучу экен. Эми Жаңылдын эли Лопнурга Сайкалдын урпагы эли бар деп, аларды эш тартып көчүп барган дейт. Бирок Сайкалдын эли Лопнурга кандай орундашкандыгы жөнүндө анык маалымат жок. Бул жердеги кыргыздар XV кылымдан баштап батыш Тянь-Шанга көчкөндө, алар бул жерде калып калган болушу керек. Андан башка азыркы Ток-Суу, Шайарларды, Чоң жылдыз, Кичи жылдыз, Тойболду деген жерлерде кыргыздар бар. Алар ошол жерлерге Кара шаардын Чоң жылдыз, Кичи жылдызынан көчүп келип отурукташып, ошол жерлерге наам коюп, кийин алардын урпагы уйгурларга сиңип кеткен деген аңыздар бар. Лопнур кыргыздарынын өз тилин азыркы уйгур интеллигентгери моюндабай турат.

Жаңыл Мырзанын кайсы убакта өткөйүнө келсек, Жаңыл Мырзанын замандашы Түлкүнүн төртүнчү урпагы Шабдан баатыр 1912-жылы өлгөн, анын замандашы казактардын ханы Тооке 1698–1718-жылга чейин кан болгон. Буга караганда, Жаңылдын өткөнүнө 200 жылдан жогору 300 жылга жетпеген убакыт болот.

## Кыпчак уруусу

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Кыпчак уруусу бүтүн кыргыз улутунун ичинде болуп, кытай кыргыздарынын ичинде көбүрөөк санды ээлейт. Булардын келип чыгышы кыртыз санжырачыларынын айтуусунча кырк уруу кыргыз элинин отузунан сырткылык тараса, онунан ичкилик тараган. Ушул кыпчактардын азыркы Кызыл-Суу

дарыясынын оң тарабында орундашкан урууларын ичкилик – оң кыпчактар, сол тарабында орундашкан урууларын – сол кыпчактар деп коёт. Мына буларды жограпиялык жагдай ушундай бөлүп тил, үрп-адат жагынан да бир биринен көп айырмаланат. Азыркы заман тарыхчыларынын карашынча, айрыкча татар тарыхчысы Шыхаптын «Пайдаланууга тийиштүү кабарлар» деген китебинин мазмунуна караганда, кыпчак байыркы түрк урууларынын бири болуп, батыш жактагы душмандан коргонуу үчүн Орол дарыясынын чыгыш жагындагы кең талаага орундашкан. Бул Азиянын батыш чек арасы болуп, тарыхта Дешти кыпчак – кыпчак талаасы деп, «Дешти кыпчак кандыгы» деген кандыгы да болгон. Булар узун убакыт бул жерде күчтүү, күжүрмөн эл болуп турган. XVI-XVII кылымдарга келгенде булардын бийлиги жыгылып, коомдук түзүлүшү бузулуп таркалат. Байыркы Ата Мекени болгон Орто Азияга карай качып келишет. Алар өзүбектердин, казактардын арасына, көбүрөөк бөлүгү кыргыздардын арасына келип турукташып, бара-бара сиңип кеткен дагы мурунку кыпчак деген атын сактап келген. Азыркы убакытта кыргыз ичинде, казак ичинде, өзүбек ичинде кыпчак деген уруулардын келип чыгышынын себеби ушул.

Кандай болбосун кыпчактар баатыр, жоокер, бийлик иштерин колуна кармап келген, баатырларды жетиштирген эл. Маселен, XV кылымда Мисирди башкарып туруп дүнүйөгө таанылган Кайтпай, Тооманбай, XVI кылымда чыккан Курманбек, XVIII кылымда чыккан Шырдакбек, Акимбек, XIX кылымда чыккан Дилде баатыр, Сыдыкбек, жакынкы заманда Таш-Коргон көңтөрүшүнө баштамчылык кылган Мамет Айса, Аким Шерип Аамат, Кожомкелди сыяктуулардын бардыгы кыпчактын жоокер баатыры.

*Үсөйүн ажы санжырасынан*

Кыргыз элинин мурунку жөрөлгөсү боюнча кырк жигит кармаган. Ал өзү муңгулдардан коргонуу үчүн Үч-Турпанга сепил соктурган. Өзүнүн Телтору атын байлап сактай турган орун жасаткан, XVI кылымдын аягында Кашкарда кан болуп турган. Адилеттик оор басыктуулугу менен элине жаккан Ак кан же болбосо Аппак кан (өз аты Абдлитин кан, 1618-жылы дүйнөдөн кайткан) менен чыныгы дос болуп, бул эки улут биригип туруп зулумга каршы күрөшкөн. Акыры Кара-Шаардагы муңгулдар менен болгон бир урушта желөгү жок жалгыз болгондугунан, душман колдуу болуп дүйнөдөн кайткан.

## Шырдакбек

*Үсөйүн ажы санжырасынан*
*Араб тамгасынан көчүргөн*
*Абдылда Карасартов*

Шырдакбек XVII кылымдын аягында өткөн кыпчак элинин баатыры жана акылман башкаруучусу болуп, зор атакка ээ болгон. Өзү Анжияндын Пайтык деген жеринен болуп, кийинирээк Нарындын Куртка деген жеринде турган. Бул жерде сарбагыштардын Үчүкө, Түлкү деген баатырлары баатыр кыз Жаңыл Мырзанын колунан өлгөндө, алар баатырларынын кунун кууп алуу үчүн кол курап жүрүш кылууга даярданганда, Шырдакбекти чакырып келип кол баштоону өтүнүч кылган. Шырдакбектин масилети, акыл көрсөтүшү боюнча иш жүргүзүшүп, Жаңыл Мырзаны колго түшүргөн.

Шырдакбек кийинчерээк Шиңжанга келип, Жеркенге аким болуп турган экен. Андан кийин азыркы Ак-Тоо ооданы курулган жерге сепил соктуруп ошондо турган. Ал акыркы өмүрүндө кыргыз элинин

тарыхтан берки жоосу болгон: калмактар менен кармаша келген, чыккынчы катын кастыгы себепчи болуп өлөт экен. Шырдакбектин катыны чыккынчылык кылып жоого сатылып, анын жаткан жерин, коргонуу абалын, балким, жалпы абалын душманга ашкерелеп берген экен. Душмандар катындын айтуусу боюнча түн ичи кокусунан басып кирип, Шырдакбекти кармаган. Анын катыны эринин боз жоргосун минип алып жоого карай качып келип багынып кирип кетет. Калмактар «Шырдакбек сени кандай асырап багуучу эле?» деп сураганда, катын: «Шырдакбек мага аптасында кырк кара койдун шыйбылчагынын чучугун жыйнатып, ошого палоо жасатып багуучу эле» деген экен. «Эмесе ушундай урматтаган кишиге опаа кылбаган сон, бизге да опаа кылбастыгың анык» деп өзү минип качып келген Шырдакбектин Бозжоргосунун куйругуна байлап, тикендүү какырага коё берип өлтүргөн экен. Анын урпагы Аким Шерип Таш-Коргон көңтөрүшүнө баштык болгон. Мындан башка Кокон кандыгына зуңли, аскер башы болуп, алардын тагдырын, укугун өз колунда кармап келген Мусулманкул деген дагы кыпчак уругунан. Бул кандыктын бүтүн аскери иштерин башкарып турган Молдо Алымкул деген дагы кыпчак уругунан болуп 1865-жылы Оштун Миң-Өрүк деген жеринде курман болгон.

### Томоо келгиче тумоо келсин

*Инв.№394. 132-б.*
*Жыйнаган Ыбырайым Абдыракманов*
*Ат-Башы өрөөнү. 1947-ж.*

Бугунун Белек уругунан Шапак тукумунан Үмөтаалы менен замандаш Томоо деген залим болгон. Томоо дайым куш сала турган мүнүшкөр болот. Томоо куш салганда кокустан кушу жазып калып малдын жанына консо, менин кушум тегин конгон жок деп бир малды алдырып, үйдүн төбөсүнө конуп

калса, үйдүн ичинен бир жакшы буюмду алдырып кеткен. Күн узагыраак жааганда бул кудайдын күнү болбостон, жайчынын күнү деп, ооруп жаткан киши болсо, «сен жайчы экенсиң ооруганыңда күн жаады» деп өрттөткөн. Андай өрттөөлөрү бир канча жолу болгон. Ошондон «Томоо келгиче тумоо келсин» деген сөз эл оозунда калган.

## Зулумдар

*Инв.(322)119*
*Жыйнаган Ы.Абдырахманов 1944-жыл. Июль.*
*Бети 1-25*

**(Кыргыздан чыккан аша зулумдар)**

XIX кылым менен XX кылымда кыргыздан чыккан зулумдардын кылган зулумдуктары бизге жана калкка белгилүү.

**Үмөтаалы.** Үмөтаалы кадимки Ормон хандын аксакал уулу болуп калкка көрсөткөн зулумдуктары төмөнкүлөр:

1. Кылычынын курчтугун сынаганы:

Үмөтаалы устага курч темирден тандатып бөлдүрүп бир кылыч жасатат да курчтугу кандай болгондугун текшермекчи болот да айылындагы бир бечара абышканын жалгыз баласы бар экен ошо баланы алып кел деп киши жибергенде абышка курун мойнуна салынып жалынып ыйлап келип айтат

Айланайын баатыр! Балам үчүн мен курмандык мени чабыңыз! – деп зарласа да болбостон баласын алдырып келип өз колу менен баланын белин бир чапканда кыя чаап салат да кубанып Кылычым абдан курч чыкты – деп устага көп сыйлыктар берет.

2. Мылтыктын түздүгүн сынаганы:

Жайдын күнү Үмөтаалы бир топ кишилер менен дөңдө отурат, айылдагы катындар Үмөтаалынын үйүн оңдоп тигип жабдууларын жасап жатканда Үмөтаалы мылтыгын колуна алып отуруп үйдүн

жанындагы топ болуп отурган катындарды карата «ичи карага тий» деп атканда өзүнүн катынына ок жаңылып өлөт.

3. Үмөтаалы аттуу баланын өлүп калганы:

Жайдын күнү эл көчкөндө ашуунун белинде бир киши Үмөтаалы аттуу баласын көп чакырат бул добушту Үмөтаалы да эстеп бир жигитин жиберет да айтат Үмөтаалы аттуу бала менен атасын таап келгиле дейт.

Үмөтаалынын жигити баласы менен атасын таап келет Үмөтаалы суроо берет: «Сенин балаңдын аты Үмөтаалыбы?» деп. Баланын атасы ооба дейт. «Үмөтаалы бирөө эле»деп ошол замат баланы кылыч менен бөлө чаптырып салат.

4. Айылдуу кишини өрттөгөнү.

Үмөтаалынын кызы жибектен шымдын ич кырын түйүп жүргөнүн Үмөтаалы өзү да билип жүргөн экен. Үмөтаалы бир күнү бир үйдө конок болуп отурганда, бир жигит элдин колуна суу куйганда, Үмөтаалынын кызы түйгөн ич кырдуу суу куйган жигиттин шымынан таанып калат. Ошо күнү кеч киргенде ич кыр байланган жигиттин айылын бүтүн жана бала чакаларын, үй жайлары менен бүт өрттөтүп, күлүн сапыртат.

5.Башка кылыктары:

Үмөтаалы талаада бастырып келе жатканда капыстан алдынан чыккан кандай адам болбосун Үмөтаалы барк этип үн чыкканда, аттан кулап кетпесе «Сен баатыр экенсиң го, мени көргөндө сезбедиң деп, атын өзүнө сойдуруп, канына оонаткан. убара чаркөөсү ушул Үмөтаалы экен деп эл карыяларынын оздорунда бар. Үмөтаалынын жана толуп жаткан адам айран калаарлык кылыктары толуп жатат.

Томонун кылыктары. Бугунун белек тукумунан Шапак деген атадан 19-кылымдын ортосунда Томо деген болгон. Томо өзү куш сала турган мүлүшкөр киши болуп, кушун бир илбесинге салганда кокустан ала албай жаза сермеп калып, бир үйгө барып консо «менин кушум бекерге конгон жок, үйдөн жакшы

буюмдарынан алдырып кеткен. Томонун кушу жаза сермеп жылкы, уй, төө малдын арасына консо, тандап бирөөнү карматып алып кеткен.

**Томонун кишилерди өрттөгөнү.** Кыргыз элинде байыртан бери келе жаткан эң бир күчтүү ишенимдин бири, күн узак жааса, жайчылар жайлап жаадырып жатат деп ишенген. Томонун убагында күн узак жаай турган болсо, Томо сурамалдап, ооруп жаткан абышка, же башка кишилерден болсун тез келип аны өрттөтүп жиберген. Качан жайчылар өлгөндө ичин жарбастан көмсө, ичи көөп жарылгыча күн жаай берет дешет. Томо мындайлардан көп кишилерди өлтүргөн, өрттөгөн. Азыр да Ысык-Көл кыргыздарынын оозунда «Томо келгиче, тумоо келсин!» деген сөздөр бар.Чоң аштарда Томонун уулу Обомбай элди айылда ащ башкаруучу экен, бир күндө 3, 4 ат өлтүрөт экен андада көп кишилердин көзүн чыгара чабуу, беттерин айра чабуулар көп болгон экен.

**Канайдын кылыктары.** Бугунун Кыдык уругунан Кара көйнөк тукумунан XIX кылымдын ортолугунда Канай деген киши болуп, бу да акылга сыйгыз зулумдуктарды кылган экен. Кишиден чечкор кылганы.

Кыргыз үрп-адатында эгинди бастырып, кырманга кызылдап койгондо,күүгүмдө бир койду кызылга жаба мууздап, этти үйгө алып кеткен. Бул убакта кырмандын чөйрөсүнө бир да киши жолобостон ээн коюшат. Баба дыйкан деген эгиндин колдоосу куш болуп кызылга келип жана эгин төгөт деп ишенген.

Канай эгинин ошондой кызылдатып коюп «мен кой эмес, кишиден чечкор кылам!» деп кишини алдырып келип чечкор кылдырат.

Канайды Ормон хан да көргөндө таң калган экен: «Шайтан колдогон адам экен, болбосо, кара жалын өрт экен!» деп.

Кара көйнөк Канайдын кылыктары да Ысык-Көлдө четтен айтылат.

**Турдукенин кылыктары.** Чериктин Байчубак уругунан, Карагул тукумунан XIX кылымдар ортолугунда Турдуке деген адам болуп, бу да эң зулум

болгон экен.

**Катындарды өлтүргөнү.** Турдуке өзүнүн эле катындарынан бир канчаларын өлтүргөн. Бир кыйласын күйөөлөп барганда атасынын үйүндө өлтүргөн экен.

Турдуке күйөөлөп барганда, колуктусун төшөккө Турдукенин жанына алып келгенде, кыз төшөктү басып, жуурканды жанынан ачып жатса, ошол замат эле жарып салган. Турдукенин бир куу чапдар ыраңдуу катыны болгон экен, ал катын адеп Турдукенин жанына келгенде жууркандын аягына башын салып өйдө сойлоп жаткан экен жана Турдукеге аркасын салып жатуу, басуудан бирөө да болбогон экен. Ошондуктан ошол катын Турдукеге түбөлүк катын болуп калган экен.

**Төөлөрдү кылычтаганы.** Чериктин Ажыбек баатырына чоң аш берилет. Ажыбек менен Турдуке ага-ининин баласы болот.

Ажыбектин ашына оң, солду чакырып аш бергенде, байгелерди ыксыз көп сайган экен. Жалаң жаш төөдөн бир канча жүздөп байге кылат. Белгилүү ал төөлөрдү элге, түтүнгө бөлөт башкача айтканда ар түтүн бир жаш төөгө милдеттүү болгон экен. Калк түтүнүнө бир төөнү бергенде, төө жаш, семиз, өркөчтөрү тик-тик болуусу шарт болгон. Өркөчү кичине эле бир жагына кыйшайган төөлөрдү Турдуке кылычтап таштаган экен да, типтик өркөчтүү төөнү кайтадан таптырган экен. Бул абдан чындык.

**Турдукенин кишини бычышы.** Ормондун Чаргын деген уулу Турдукенин кызына күйөөлөп барганда толгон кызык аңгемелерди Турдуке көрсөтөт.

Турдуке ошондо күйөөсү күйөөлөп жатканда «Мен сарыбагыштан киши бычкысы келди!» деп, Чаргындын жолдошторунан бир кишини бычып салган экен. Турдуке Какшаалды жердеген. Турдукенин айылынан жакын өткөн кандай адам болбосун Турдукеге саламдашып, даам ичип кетет экен, ал адамдын аты семиз болсо ошо замат сойдурган. Аттын ээси кана болбостон өз атын өзү союшуп, «баатыр сойдуруп алганы

жакшы болду» деп кубанса, Турдуке ага атынан бир канча ашыра мал берип жөнөткөн. Атын сойдурган адам капаланса, канына бастырып, ызалап сабатып айдаган экен. Турпанга эгин алууга баруучулар төөлөрдүн ооздорун бууп, Турдукенин айылынан ыраактан качып өтөт экен. Алты-Шаар, Кашкардын соодагер Кербендери Турдукеге ар буюмдарды күн мурун алып келип берип, анан соодаларын кылып эл аралаган экен.

Турдуке бир кезде шаарга бара жатканда, бир байда шаарга жөнөйт. Турдуке сууну кечкенде бай да Турдукенин артынан кечкенде» Мени тебелеп суу чачыратат!» деп малын бүтүн талатып жиберет. Мындайдан толгон кылыктары болгон экен.

Турдуке өлгөндө эл эң эле шумдуктуу сөздөрдү чыгарышкан: Көрү өрттөнүп жатыптыр, жети кара жал бөрү көрүнө чак түштө эле кириптир. Турдуке бейитинде өкүрүптүр жана башкалар.

Турдукенин мүрзөсүнүн жанынан өткөн кербендер, Турдуке, өйдө бол, биз келдик, дүнүйө мол, ээр, чай, мата, башайы, шайы, жибек бардыгы бар, албайсынбы?! деп, теминип өтүшкөн.

**Эркебуландын кылыгы**. Ошол эле Турдукенин тууганынан Эркебулан деген болгон. Бул Эркебулан Чоң бай жана күлүк ат чапкан. Күздүн күнү бышыкчылык маалда жайлоодон түшүп келип, эгиндерге жылкыларын каптатып койо берген,ким болсо, ал болсун жылкыларды эгинден айдаса: «Ой! оймо кулактардын казылары жарылат» деп токтотуп койгон.

**Атабектин кылыгы.** Тыңысы Сейиттин Токтогул тукумунан Сарыктын уулу Атабек деген чоң каардуу Манап болуп,1907-жылы сексенден ашып Нарында өлгөн. Бул Атабек өзүнүн катынын башка жана бир топ кишилерди боорлорун отко кактап өлтүргөн экен.

**Чоюбектин кылыгы**. Жумгал саягынан, Кулжыгач тукумунан Дыйканбайдын уулу Чоюбек деген Эң даңктуу манаптан болуп, жашынан тартып көп жылдар түшпөс болуш болуп, элден сурабастан кармап мал алып, өз билгенин кылган Кулжыгачтын

Боркемик деген дагы бөлүм уругунан Түркмөн бир болуштун аксакал билерман адамдарынан алты-жети кишини Чоюбекке жиберет: «Чоюбек баатыр бир жолу болуштукту мага берсин, ишти өзү эле бийлесин, тартууну болсо, көп эле тартам» деп.

Түркмөн жиберген аксакалдар Чоюбекке келип, Түркмөндүн сөздөрүн айтат. Чоюбек келген адамдардын аттарын бүт сойдуруп, ээр, токумдары менен эт бышыртып, бул адамдардын көздөрүнө насыбай салдырып жөө айдап жиберет. Күздүн күнү Чоюбек бүгүн айыл-апасы менен бүт көчө келип Түркмөнгө караштуу элдин эгин, чөптөрүн бүт талкалап жеп болтурат.

Жайлоодо Түркмөн, Чоюбекти жыгып болуштугун алат, чабышта бир кыйла кишилер өлөт. Бул шайлоодо калыстык кылып барган Шабдан менен Чолпонкулга, Чоюбектин жаман сөздөрү тийет. Түркмөнгө болуштук приказ тийгенде элден жыйналган салык акчаны төккөнү жолдошторy менен Пишпекке жөнөгөндө, Чоюбек жол тостуруп карактатып алат.

Тезек деген бир урук эл бүтүндөй Чоюбектин тырмагынан тентип Анжиянга чубап кетет.Чоюбектин бүтүн башка манаптар жана эл асылып акыры Сибирге айдатат.Чоюбек Сибирден оорулуу болуп келип өлөт.

**Байтиктин кылыгы.** Солто Байтик да ошо залиси болгон экен. Жайдын күнү бир бечара адам Бас-Бөлтөктөн бир эликтин баласын (Чаарчыгын) кармап алып, Байтиктин Ташмат деген баласына тартуу кылып алып келгенде, Байтиктин катыны айтат: «Ээ ботом Такенин бакма чаарчыгын кармап келген ким» деп. Байтик элик алып келген кишини бир күнү кечке ысык күнгө жылаң баш отургузуп айдап жиберет. «Мындан кийин Бас-Бөлтөккө бир да жолобо» деп.

**Шабдандын кылыктары.** Шабдандын кылган кылыктары баары кыргыз элине белгилүү. Шабдандын элге кылган зулумдуктары башкача метод менен болгон. Мындай сырттан караганда аңдабагандарга жакшы болуп көрүнгөн. Шабдан эң кичипейил, ким

менен болсо да теңтуш, эң жүдөө дубаналарды да төрүнө өткөрүп, тамак, кийим берген, ат миңгизип, жамбы болсо да бир тыйын ордунда кармата берген. Шабдан дүнүйөнү бир да кызык көрбөгөн. Кожо, Молдо, Эшен, Дубана. Ошо сыяктуу адамдарды эң жакын көргөн. Мындай кылыктарын көргөн караңгы калк Шабданды олуя деп айтышкан. Шабдандын ушатуусуна бир күндө 1000 сом жетпегени анык.

Маселен: Шабдандын алдына бир дубана келип бата кылса, ким болсо, ошо болсун «Ой мырза тиги атыңды ээр токуму менен түшүп берчи!» деген. Токтоосуз атын ээр токуму менен берген.

Шабдан шаарда жүргөндө да дубаналар жөөлөр чогулуп алдына келгенде, эки жагын карап, көзүнө ким илинсе ошого айткан: «Баланча байга барчы миң сом бере турсун» деп. Жиберген бай миң сом акчаны жүз кой, бир топ асыйга вексилге кол коюп дароо берген. Шабдан аны беш минутта талаткан.

Мындай түгөй кылыктары толуп жатат. Ошондуктан акылдуу адамдар тарабынан Шабданды Жантайдын кызыл дубанасы деген наам берилген.

**Балбактын кылыктары.** Сарыбагыштын Эсенгүл тукумунан Шамендин уулу Байтеректин уулу Балбак деген эң зулум манап 1890-жыл учурунда Кочкордон чыккан. Бу Балбак го жашына жете электе эле элди куйкалап биле чыккан экен.Чоң атасы Шаменде миңден ашык жылкы жана башка малдарында эсеп болбогон экен. Балбак жыйырма беш жашында 1891-шайлоодо болуш болгон экен.

Балбак болуш болгондо болуштуктун укугунан тышка эчак чыккан. Маселен: бий, элүү башылардын мөөрлөрү өздөрүндө болот. Балбак бардык мөөрлөрүн өзү жыйып алат. Ал убакта элүү башы менен бийлер бүтүн кылып мөөрлөрүн басып пригавар жазса, бир кишини, же бир канчаны үч жылы айдатууга укуктуу экен. Балбак элди чымын учурбастан билүүгө, өзүнө бир ооз жооп кайтаруучу боло калса айдатууга мөөрлөрдү жыйып алган экен. Эрегишкен Табыш

деген манапты үч жылга айдаткан.

Балбактын бул кылыгын көргөн манаптар да корко баштаган. Шабданды кызыл дубана эми үйүнө жатсачы деп четтетип элден айырам деп аракет кылган.

Элден чыгым жыйганда ар түстөгү койдон миңден жыйдырган. Сурабастан малдарды карматып ала берген, кокустан ээлери малдын артынан келгендери болсо, канга бастырган, өз атын өзүнө сойдурган. Бир бай көп жасалгалары менен келинин көчүрүп алып бара жатканда бүтүндөй келинди алып алган. Бул катындын аты Ардак (Акбалтыр).

Губернатор, генералдарды конокко чакырам деп бир ай жалаң куштун эттери менен коноктойм деп,- түтүнгө кыргоол, бөдөнө, кекилик айып салганда эл талаада эле жайылып куш уулап кеткен. Куштардын эттерин бир үйгө ыштатып толтурткан.

Зордугу чектен ашып кеткенде Кубат уулу туутууганынан Муратаалы баатыр Балбакты жыйырма жети жашында мууздап өлтүргөн.

Кубат уулдан он алты кишиси айдалып, элдин малдарын башка элдер талап кеткен.

Акбалтыр мындай деп кошкон:

«Үйүңө койдуң малайды,
Ушунтип кылдың далайды,
Кылганыңдын баарысы,
Тирүү адамдан бөлөкчө,
Жаш төрөм бу кылганың жарайбы.

Калпа ажынын кылыгы.

Нарындагы саяктын Чоро уругунан Келдибектин уулу Ысырайылдын уулу Калпа деген чыгып, бу да аша зулум болгон. Жашында эле мекеге барган.

Калпанын сакалы тизесине жетет эле, 1917-жылы мен да толук көрдүм.

Калпа айтканын кылып тырмагын элге батырган зулумдун бири болгон. Өзү ажы болгондуктан сопулугун күчөтүп, элге арам иштерди иштетпейм деп, бозо салбагыла деп элге зекиген.

Бир адам оокат үчүн жашырып бозо салганы

Калпага билинип калганда, Калпа жигиттери менен барат, боозосун төктүрүп, жаш балдары да аттын туягында калып өлгөн. Калпа 1918-жылы Токмокто өлтүрүлгөн.

**Казынын кылыгы.** Сарыбагыштын Эсенгулунан Ниязбектин сегиз бегинин эң кенжеси Ырыскулбек андан Кайдуу андан Чоко манап андан Казы манап. Казы Ат-Башыдан чыгат. Он беш эле жашында болуш болуп, бүтүн Ат-Башы, Нарындагы элди бүт бийлеген, түтүнгө чыгым деп бирден асый салганда, асый таба албаган бечаралардын зайыптарынын баштарын ачтырып асыйларды алган.

Кедейлердин бирге тыңдарынан тиштерин кычкач менен суурутуп, чач, сакалдарын өрттөө жана башка кордуктарды көп кылган. Казы 1930-жылы элүү жашында Аренборгдо өлдү. Чоко кой элге көп асыла бербе деп тыйганда, Акбалта менен Чоконун идиштерин талкалаган.

**Касымбектин кылыктары.** Нарындагы саяктын Чоросунан Батайдын уулу Касымбек деген чоң манап, он беш эле жашында болуш болуп, элдин малы-баштарын бүт бийлеген. Чоко манап миң асыйга карыздар болгондо бир эле күндө элден жыйып бергени анык. Чоко манап Касымбектен ылоо айдатайын дедим эле, төөлөр бер дегенде, бир эле күндө эки жүз төөнү ком-чомдору менен даяр кылдырып берип, Чоко ал төөлөргө Кашкардан кире тарттырат.

Кыштын катуу жутунда төөлөр кырылат.

Ат-Башыдагы кыргыздарда азырда мындай ылакап сөз айтылат:» Чоконун төөсүнчө калтыраба! деп.

Касымбек 1916-жылы көп атчан аскерлерди баштап жүрүп элди көп кырдырган. Касымбек 1930-жылы өлгөн.

**Жез чочмор Манда.** Ниязбектин сегиз бегинин Бердикожосунан Манда болгон. Мандайы мажезден жасаган чочмору белинде болуп, жазыксыз адамдарды башын, көзү, колу, буттарын айра сындыра чаап жүргөн. Карыганда жүдөп өлөт. Манда да ашта эл

башкарганда ар кимди сабап, чочмор менен ээрлерин талкалап чаап, бир ашта Адыл баатырдын ээринин кашында ыргыта чапканда, Адыл: «Оо, кудай кылгыр!» деп кейиген экен.

**Өмүрзактын кылыгы.** Өмүрзактын, бугунун Боромбайынын уулу, Ормон хандын күйөөсү болуп, Ысык-Көлдө чычкан деген жерди жердеп турганда, чычкан жакка баш баккан малдарды аттырып таштаган. Бул Өмүрзак аягында кедей, жүдөп карыганда 1912-13-жылдарда өлгөн.

**Сарыбайдын кылыктары.** Бугунун Белегинен Бирназар, Аалыбай андан Солтонкул андан соң жылкылуу Сарыбай, бул жашынан эле көп жылдар болуп эл башкарып Сарыбайда, болор-болбос иштерден кыйкым таап көп кишилерди өлтүрө берген. Сарыбай өзүнүн кызын да жүк бастырып өлтүрткөн экен. Сарыбай сексенден ден ашып, 1916-жылы өлгөн.

Кожоберди Чородон болуп, XIX кылымдын ортолугунда болгон. Буда Үмөтаалы сыяктуу иштерди кылган экен.

**Касымаалынын кылыгы.** Касымаалыны да, Чоконун тууганы болуп, мекеге да барган эң зулумдун бири болгон. Бир ашта Чериктен Бекбоо деген киши ак калпак кийип жүрсө, Касымаалы чакырып алат, Бекбоого бир чириген тумак кийгизип калпагын жулуп алат. «Сен мени туурап калпак кийипсиң деп намаз окубайсың деп көп кишилерди айып салып жазалайт. Касымаалынын үстүнө киши олтура албай качкан. Кышында айтып койот: «Согумдун карчыгасын мага койосуң» деп. Жаз болгондо иниси, балдарын ээрчитип алып барган, кокустан карчыга коюлбай калган болсо, айыбына бир кой алган.

Касымаалы жазында бээнин тууй турган убагында жылкы аралап бастырып жүрүп, жылкынын ээсин чакырып айткан: «Мына бул кулунду саабай эмиз да күзүндө мага алып барып бересиң» деп.

Андай кулундар, мал сойгондордон бир болуш эл-

дин баарына ушул кылыктарды кылган. Касымаалы 1916-жылы Чатакта Нарында өлтүрүлгөн.

**Эскертүү:**

XIX кылымдан башкы жарымында ашта байгеге тогуздан кишилер саюу, калың мал катарында тогуздан кишини калың берүүлөр боло берген.

1924-жылы Кытай жеринде Какшаалда Черикте Суранчы деген токсон жаштык манап абышканын ашына тогуз киши байге сайып, Ат-Башылык Моңолдордун тору атты чыгып, байгеге сайган кишилерди албастан качып келишкен болучу. Байге сайган кишилер, 1916-жылы сатылган биз жактын балдары жана кыздары экен. Кытай кыргыздары эң эле динчил болуп, убалдан абдан коркобуз дешет. Кылыктарына, шариаттары кандай уруксат берди экен.

**Күлкүлүү аңгеме.** Биз жогоруда айтып кеткен Бугудан чыккан Томо менен Канайдын бир аз сөз: Көл башынан Канайдын элинен доолуу бир ишке Томо жөнөгөндө Боромбай да, күлгөн экен: «Эми экөөнүн кызыктарын угабыз» деп Томонун Канай экөө айтышып отуруп, аягында Канай, Томону Тозордун суусуна жылаңачтап сабап: «Эркеч эле, эркеч!» деген экен.

Ажыбек баатырдын ашында, манда Черикке милдеттүү конок болгондо, тайдын этинен да айып таап үч күнү удаа чыр чыгарганда, Манданы Турдуке өзү конокко алып жети күнү карандай сууга күрүч бышыртып берип жоошутат.

*Жыйнаган Ы.Абдырахманов 1944-жыл. Июль*

## Бир байдын эрке талтаң баласы

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 33-37-б.*

Илгери бир байдын абдан эрке, талтаңдап баскан, чалчаңдап сүйлөгөн тили тантык баласы болгон экен. Ата-энеси баланын өз оюна коюп, айылдагы балдар

менен ойноп жүрүп ыйлап калса, балага болушуп ойногон балдарды уруп коюшат. Ошондуктан балдар дагы байдын баласы менен кошулуп ойнобойт. Ошентип бала жалгыз мерес болуп өсүп, айыл арасындагы элдик жашоо турмуш менен эл арасындагы үрп, адаттар менен тааныштыгы жок болот. Байдын баласы он алты-он жети жашка барган учурунда элдин арасында олтурган атасына барып, эркелеп олтуруп:

«Атаке, атакебай! Сенин үч катының бай, менин катыным жок. Үч катыныңдын бийин мага бейчи» деген экен. Эл кулүп калганда, бай уялып, баласына «Катын керек болсо айылдан кыз көрүп сүйлөшүп кел алып берейин» дейт. Бала башта айылдан көрүп жүргөн бир кыздын үйүн көздөй чуркап баратса, жолдогу коктуда кыз жеңеси менен эрмектешип сүйлөшүп отурганын көрөт. Бала кызга көрүнбөй жашынып барып, кыз менен келинди көздөй бир ташты ыргытып жиберет. Таш кыз менен келинге жакын барып түшөт. Таштын дүп этип түшкөн дабышын угуп, таш түшкөн жакты кыз, келин карап калат. Бала кайра атасын көздөй чуркап, сүйүнүп эл менен олтурган атасына келип:

– Атаке, атаке! Кайыптын кызы Ыяпыя (Ырапия) мага көңүлдүү экен. Ошол кызды алып бер, – дейт. Атасы:

– Кызга сүйлөшүп келдиңби? – десе.

– Жок сүйлөшкөн жокмун. Мен байып сүйлөшөйүн деп байатсам, кыз жеңеси экөө бий коктуда сүйлөшүп олтуйганын көйүп, акыйын байып, бий ташты ыртыгып жибейсем, ташымды кыз кайап калды, – деген экен. Олтурган эл күлүп калат. Бай ойлонуп көрүп: «Кой бул балама катын алып бербесем, ар качан элдин ичинде мени уятка калтырат экен» деп өз айылындагы туугандарынан бир кыз алып берет. Тилекке каршы байдын баласынын алган аялы ооруп өлүп калат. Аялынын өлгөнүнө байдын баласы катуу капаланып кейип, бугун чыгаруу үчүн өкүргүсү келет. Бирок аялына өлгөндө

эмине деп өкүрүүнүн эбин таппай турганда, жакын айылдаш аялдын төркүндөрү өкүрүп келип калат. Биздин айыл өлүк өлгөндө эмине деп өкүрөт болду экен деп өкүргөндөрдү тыңшаса, «Эзил кайран бир боорум» деген үн угулат. Байдын баласы дагы «Эзил каян бий боойум» деп өкүрүп калат. Баланын жеңелеринин бири келип, элге билгизбей түртүп: «Сенин бир бооруң беле, антип өкүрбө!» деп шыбырап кетет.

Байдын баласы «Бул өкүргөнүм туура эмес экен» деп ойлоп, өкүрүп жаткан элди тыңшаса элдин ичинде «Эзил кайран эжекем эми кайдан көрөмүн» деген үн угулат. Байдын баласы «Мен мурун бир боорум деп өкүрүп жаңылган экенмин. Биздин айыл адам өлгөндө эжекелеп өкүрөт экен» деп ойлоп бала «Эзий а каян эжекем, эми кайдан көйөйүн» деп өкүргөн экен.

Ошентип эрке талтаң байдын баласы эл арасындагы жакшылык жана жамандык турмуш жашоо шарттары менен тааныш болбогондугу үчүн элге шылдың болгон экен.

## Шабыр кыздын жоруктары

*Инв. №704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 37-45-б.*

**Касым кайын иниси урганда.** Илгери Койлубай аттуу кедейдин жалгыз Шабыр аттуу сулуу кызы бар экен. Шабыр бойго жетип чоңойгондо өзү теңдүү Муса деген кедей жигитти сүйүп жүргөндө, сүйгөнүнө жеткизбей, ошол айылдагы кадырлуу соодагер чоң бай Ташыбек деген киши кызды өзүнүн жарым акыл, келесоо чалыш Бүкүш аттуу инисине алып берет. Шабыр айласыздан торго түшкөн куштай болуп, сүйгөнүнө жете албай, Бүкүштүн аялы болот. Күндөрдүн биринде Ташыбектин агасынын баласы Касым деген Шабырга келип сүйлөшүп: «Кайни, жеңе болуп кадырлашып, сыйлашып жүрөлү» деп сөз айтып

асылат. Шабыр макул таппай коет. «Мен сенин кайын иниң болсом, сен айткан сөзүмдү макул таппайсың» деп Касым Шабырды аябай уруп коет. Шабыр болгон окуяны айтып, күйөөсү Бөкүшкө барып ыйлап, эмине себептен таяк жегенин айтат. Күйөөсү мылжыйып унчукпай коет. Шабыр күйөөсүнөн үмүтүн үзүп, башка элге айтуудан уялып, колунан келсе Касымдан өчүн кантип аларын ойлоп, ичинен сыздап ыйлап жүрөт. Күндөрдүн биринде Ташыбектин үйүнө конок келип, козу союлат. Ошол козунун эти желип жатканда, бардык сөөгүн чогултуп алып, эл жаткандан кийин чогулган сөөктү этегине салып көтөрүп барып уктап жаткан Касымдын жаңы жасалган ак өргөөсүнүн кырчоосуна, үсүктүн этек боолоруна сөөктөрдү илип, айрымдарын бекем байлап, сөөктүн майдаларын өргөөнүн түптөрүнө жерге таштап коет. Айылдагы өзүнө үйүр байлардын дөбөттөрүн ээрчитип, баягы илген сөөктү иттерге көрсөтүп коюп өзү үйүнө келип калат. Иттер жердеги сөөктөрдү жеп болушуп, кырчоодогу жана этек боодогу сөөктөргө секирип кетишет. Арасында иттер кабыша кетишет. Ошол убакта Касым ойгонуп иттердин үйгө секирип асылып жатканын жана кабышып жатканын угуп кутурган карышкырлар экен деп ойлоп коркот. Касым аялын ойготуп «Сыртка чык» дейт. «Сен чык, сен чык» дешип сыртка чыкпай жата беришет. Сөөктөр түгөнгөндө иттер кетет. Эртеси эртең менен сыртка чыгып үйдү караса өргөөнүн туурдуктары тытылып калган. Касым түндө карышкыр камаганын үйгө асылганын, үйдүн үстүнө секиргенин, үй бекем болуп өзүлөрү аман-эсен калганын, таң аткыча коркуп уктай албай жатканын ата-энеси айылга айтып, түлөө өткөрүшөт. Шабырдын иштеген иши экенин эч ким билбей калат. Шабырдын өчү муну менен канбай оңу келсе дагы өч алууга ойлоп жүргөндө, Совет өкмөтү орноп Октябрдын нуру кедей дыйкандарга жаркырап тийип, кедейлерге айрыкча аялдарга теңдик күн келет. Ошол убакта Шабыр Касымдан дагы бир жолу өч алгысы келет. Күндөрдүн

биринде Ташыбек байдын үйүнө Чүйдөн кадырлуу кудасы келип козу союлуп айыл аксакалдары чогулуп олтурганын көрүп, Шабыр эркекче кийинип, башына аңтара тебетей кийип, бир жыгачты мылтык кылып аркасын асынып бир атты минип, төштүн түбүндөгү кыштоо тамдын жанында жалгыз үй олтурган Касымдын үйүнө жөнөйт. Ал убакта байлар өкмөттөн жана кедейлерден коркуп турган убагы. Шабыр барса Касым уктап калган короодо аса байланган жайдак ат турат. Шабыр үйдүн жанына барып атчан туруп үнүн жоон чыгарып, «Ой, шайтан буржуй, уктабай турса керек. «Шайтан буржуй сен бат эшикке чыкса керек» деп кыйкырат. Касым чочуп ойгонуп жылаңач эшикке чапанын жамынып эшикке чыга калат. Эшикке чыкса мылтык асынган, башына папак кийген атчан солдат турат. Солдатты көрүп Касым коркуп калат. Шабыр:

– Сен шайтан буржуй, дабай атка минсе керек. Атка минбесе сени атса керек, – деп асынган жыгачын кыймылдатып койсо, чапанын жалаң кийип, короодогу атты жайдак минип, солдат айдаган жагына жөнөйт. Айылга жакындаганда:

– Ой, буржуй, сен Ташыбек буржуйдун үйүндө комиссар чоң өкмөт бар. Ошондо түшсө керек, дабай бат түшүп үйгө кирсе керек, – деп Касымды жылаңач этине чапанын кийген бойдон, жылаң баш, жылаңайлак бойдон түшүрүп үйгө киргенден кийин өзү кайра тартып үйүнө кетип калат. Касым үйгө киргенде үйдөгүлөр кебетесин көрүшүп чочуп кетишет.

«Сага кандай кырсык, эмине деген шумдук болду? Кебетең жаман эмине мынча жылаңаяк, жылаң баш кийимсиз жүрөсүң?» деп сурашты. Касым көргөн жана билген окуяларды, уккан сөздөрүн калтырбай айтты. Ташыбектин үйүндө чоң өкмөт жок. Өзүлөрүнүн тааныш кудасы олтурганын көрүп Касым эс ала түштү. Шабыр эртесинде өзүнө теңтуш Ташыбек байдын кичи токолу Гүлбайрага сырдашып олтуруп Касымдан кандай себеп менен таяк жегенин, өч алуу үчүн иттер аркылуу коркутуп, жасатканын,

түндө солдат болуп барып айдап Таштанбектин үйүнө түшүргөнүн айтат. Гүлбайра күйөөсүнө айтып берет. Шабырдан кордоп өч алууга байлардын баякы заманы жок. Шабырды алдап басууну ойлоп Ташыбек иниси Касымдын алдына түшүрөт. Ошентип Шабырдын жоруктары айылга угулуп кетет экен.

### Бүкүш кантип ажы аталып калды

*Инв.№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 45-49-б.*

Бир жылы жайында Ташыбек бай жылдагы адаты боюнча Суусамыр жайлоосуна көчүп барат. Жайлоого барган өзүнүн айылында такыр туз жок. Тузу жок тамак иче албай калышат. Бир күнү Ташыбек кичи токолу Гүлбайрага айтат: «Шабыр эптүү келин эле. Сен мени айтты деп айтчы, тетиги суунун өйүзүндөгү айылдан барып туз сурап келсин» дейт.

Гүлбайра Ташыбектин айтканын Шабырга айтат. Шабыр «макул» деп алыстагы көрүнгөн чоочун айылга барса Чүйдөн көчүп келген айыл экен. Бир чоң ак үйгө эл чогулуп жатканынан барса, бир бай адам картайганча бала көрбөй бала деп зарлап жүрүп жаңыдан эркек балалуу болуп бешик той берип жатыптыр. Шабыр: «Той кут болсун. Бешик бооңор бек болсун!» деп башта көрүп билип жүргөн сыяктанып үйгө кирет. Байдын аялдары «Айтканыңыз келсин» дешип, тойдон тамак беришип:

«Ботом таанышпадык. Кайдан келатасыз? Жолуңуз болсун! Ким болосуз?» дешет.

Шабыр жентек тойдон жеп олтуруп:

«Жол болсо силерден болсун! Кочкордон ушул Суусамыр жайлоосуна көчүп жайлап келген Бүкүш ажы дегендин токолу (кичи аялы) боломун. Ажы 95 жашта. Кары киши тамакты тап менен ичпесе болбойт экен. Өзү дагы тап менен тамак ичип жүрүп

көнүп калган киши эле жарыктык. Айылыбызда туз жок. Кочкордон барып туз алып келгенче, кары киши тузу жок тамак ичалбай жүдөп кеткенинен тузуңар болсо сурап алайын деп келип ак тойдун үстүнөн чыктым. Тузуңар болсо беришкиле байбиче. Жалгыз уулуңарга ажы батасын берсе, ал киши дагы Мекеге эки жолу барып кудайдын үйүн эки жолу көрүп келген касиеттүү киши эле батасы кабыл болуп калар» дейт. Бай аялдарына:

«Кокуй туздан бергиле. Жалгыз балага касиеттүү ажы батасын берсин» дейт. Аялдары идиши жок келген Шабырга бир баштык туз берип, баштыгын бала жиберип өзүбүз алдырып алабыз дешет. Бир баштык тузду алып келип Шабыр айылга бөлүп берет. Айыл Шабырга батасын берип жыргап калат. Эртеси дөңдө чогулуп олтурган элге бир атчан чоочун бала келип:

«Бүкүш ажынын үйү кайсыл үй болду экен. Кечээ токолу барып, биздин айылдан туз салып баштык алып кетти эле. Ошол баштыкты алайын деп келдим эле» дейт.

Ташыбек өзү тура калып Бүкүштүн үйүн көрсөтүп берет. Бала туз салынып келген баштыкты алып кетет. Ошондон кийин өз айылынан алыс чыкпаган, мал баккандан башканы билбеген Бүкүш ажы болуп аталып кетет экен.

### Шабыр таяк жегенден кантип кутулду

*Инв.№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*
*2-дептер 49-53-б.*

Ошентип Шабырдын жашоосу улана берди. Бүкүш ажыдан үч балалуу болду. Касым кайниси Шабыр жеңесинен өч алууну ойлосо да колунан келбеди. Колунан келишинче аракет кылып Шабырдын душмандары Касым баш болуп бир топ адамдар жарым акыл эри Бүкүштү Шабырдын үстүнөн ар түрдүү

жалган ушактарды айтышып буза башташты. Бүкүш ажы Шабырдын сыртынан айтылган жалган ушак сөздөргө ишенип, бузуку адамдардын тили менен Шабырды көп урчу болду. Шабыр ажырашып кетейин дейт. Үч баласын кыйбайт. Ошентип Бүкүштүн урганынан кандай кутулууну ойлоп жүрөт. Бир күнү айылдагы абышка, кемпирлер жана жаштар бир үйдө чогулуп олтурушуп эрмектеп жомок айтышат. Ошол жомоктордун арасында коркунучтуу жомоктордон айтылып, өлгөндөр жөнүндө, айрым өлгөн адамдар көрүндө өкүргөнү, айрым өлүктүн мүрзөсү (көрү)нөн от күйгөнү жана ушул өңдүү обу жок сөздөр айтылат. Ошол адамдардын ичинен бир молдо шарыят айтып келип, олтургандарды коркутуп динге баш ийдирип жана элден оокат өндүрүп алуу максатында мындай дейт:

«Кудай тааланын асирейил, жебирейил деген эки бериштеси бар. Бул бериштелер адамдын жанын кудай тааланын буйругу боюнча алып турат. Сүйгөн адамдарынын жанын билгизбей, көрүнбөй келип алат. Айрым кудайы, садака ушуру, секет бербеген, орозо кармап, намаз окубаган жаман адамдардын жанын жан алгыч көрүнө келип алат экен» дейт.

Бул сөздөрдү акылы начар Бүкүш абыдан берилип угуп олтурганын байкап, Шабыр ушул бүгүнкү сөздөрдөн пайдаланып, Бүкүш төшөккө чечинип жатып уктап калган убакытта бир тонду аңтара кийип, бетин абыдан көөлөп, чачын саксайтып кое берип, коломтодогу жагылган оттун шоола жарыгы бар кезде Бүкүштү ойготуп, колунан жетелеп, мындай дейт:

«Сенин жаныңды кудай тааланын буйругу боюнча алганы келдим. Жүргүн!» дейт.

Бүкүш-ажы жалаңкычты көрө коюп бакырып төшөктүн аягын көздөй качат. Шабыр анда бутунан кармап тартат. Бүкүш төшөктүн башын көздөй бакырып качып барып керегени сүзүп алат. Керегени сүзгөндө бети, башы айрылып канап кетет. Ошентип Бүкүш беш, алты жолу өйдө-ылдый качып эси ооп

калат. Эси оогон неме жан алгычтын жетелегенине макул болуп жөнөйт. Шабыр жетелеп алып бир коктуга барат. Жан алгыч периште:

– Сен орозо кармап, намаз окубайсың. Мекеге барбай туруп ажы болосуң. Молдого кудайы, садака бербейсиң. Элдин жалган ушагына ишенип катыныңды урасың.Ошондуктан азыр жаныңды аламын, – деп алкымдан алат. Анда Бүкүш:

– Айланайын периште менин жанымды калтыр. Орозо кармап, намаз окуюн, молдолорго кой берейин. Катынымды урбайын, – деп карганып жалынат.

– Андай болсо тетиги суугa барып, абыдан жуунуп тазалан, – деп бошотуп жиберет. Ошондон кийин таяк жегенден кутулат экен.

### Бостайпандын жоруктары

*Инв.№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*

Илгери ата-энеси жок томолой жетим Бостайпан (Бозтапан го – *ред.*) аттуу бала болгон экен. Ал бала дайыма айылды кыдырып, тамак аңдып оокат өткөрүүчү экен. Ошентип жүрүп бир күнү үйүнө конок келип козу союлган байдын үйүндө эт аңдып отурат экен. Коноктордун бири карыя кадырлуу бай адамы козунун башын алып абыдан мүлжүп мээси гана калганда баштын сөөгүн жетим балага берет. Жетим бала баштын сөөгүн колуна алып, атайлап эле, баштын сөөгүн төрт-беш жолу жерге түшүрүп жиберип кайта алат. Ошол убакта баштын сөөгүн балага берген бай:

– Ой бала, колуң чолокпу? Башты кайта-кайта жерге түшүрөсүң, – деген экен. Бала:

– Ата колум чолок эмес. Бул баш мурун эле, сизден запкыны көп көрүп, жулмаланып, коркуп келген экен. Өзү эле карматпай жерге түшө качып жатат, – деген экен.

* * *

Дагы бир күнү айыл кыдырып жүрүп бир байдын үйүндө эт жеп жаткан конокторду аңдып олтуруп калат. Коноктор жетим балага устукан беришпейт. Коноктордун бири койдун кашка жилигин абыдан таза мүлжүп ичиндеги чучугун алып жегиси келип, жетим балага:

–Ой бала! Таш алып берчи, – дейт. Бала укмаксан болуп унчукпайт. Конок:

– Ой бала, таш алып келчи, – деп эки-үч жолу кайталап айтат. Бала унчукпай коет. Коноктун ачуусу келип балага:

– Ой бала, сөз укпаган дүлөйсүңбү – дейт. Бала:

– Аксакал, дүлөй эмесмин. Сиз таш алып бер деген сөздү уктум. Бирок ме деп ташты алып берейин десем, мен таштуу борчуктун түбүндө олтурган жерим жок. Сиз менен бирге эт аңдып ушул үйдө олтурамын, – деген экен.

## Мастен

*Инв.№647 (5285)*
*Айтып берген: Аман Айдарканов*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев*
*1974-1975-ж.*
*3-дептер 111-б.*

Мастен аялдардан чыгат. Мастендик 45-50 жаштарында башталат. Кээ бир өзүнүн эркин кармай албаган катындар 45 жаштан өткөндөн кийин бирөөнүн жүргөн-турганына, үйүнө, турмушуна көз сала баштайт. Бирөөнү бузуп, бирөөнү жарып, эрди катындын ортосуна сөз жүгүртүп чагым салат. Ал мастен алтымышка барганда ач көз, айлакер, бузукулукка берилип кетет. Уят-сыйытты ойлобогон, шудуңдаган мастен кемпир болуп чыгат.

## Акмак суроого, акылдуу берилген жооп

*Инв.№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*

1. Суроо. Сакал муруту кара, чачы ак кишиден «эмне үчүн сакал, мурутуң кара, чачың ак?»

Жооп: Анын себеби: сакал, муруттан чач «жыйырма жаш» улуу. Анткени чач адам менен кошо төрөлүп, сакал, мурут жыйырма жашында чыга баштайт деген экен.

2. Суроо: Бир элүү жашка чыккан сакал, муруту такыр чыкпаган көсөө адамдан «Эмне үчүн сага сакал, мурут чыкпайт?» деп сураса.

Жооп: Белимден жогору жагым апамды тартып, белимден төмөн жагым атамды тарткан тура деген экен.

3. Суроо: Бир адамдын үйүнө коноктор келип, дасторкон салынып, түрлүү тамак коюлуп, чай ичилип жаткан учурунда, коноктордун бири үй ээсинин кичинекей эркек баласын эркелетип: «Сенин чочогуңду тиштеп жеп коеюн» десе, бала коркуп тамак бышырып жаткан энесине качып барып:

«Апа, тетиги конок, менин чочогумду тиштеп жеп коемун дегенинен качып келдим. Сен жанына барба апа! Конок сенин ... жеп коет» деген экен.

## Мен тойдум, Курткага бер

*Инв.№704 (5342)*
*Жыйноочу Ж.Казакбаев*

Илгери Кебек, Кулжыгач, Куртка деген үч кедей үч байга малай болуп байлардын жылкысын багып кыштын суук күндөрүндө отор үй менен тоого кышташыптыр.Үчөө кезек менен бирден талаага кыштакка барып байларынан тамак-аш ичишип, жолбун үйдө жылкы багып калган эки жолдошуна эт, май, майга көөлөгөн талкан ала келип берүүчү экен.

Күндөрдүн биринде байыныкына барып келүүгө

кезек Кебеке келет. Кебек байдын үйүнө барып эч нерседен жолу болбой ачка бойдон кайта келет. Кебек түн катып караңгыда жолбун үйгө келсе, эки жолдошу Кулжыгач менен Куртка жатып уктап калган. Кебек жолдошторуна:

Эчтеке жок, куру кол келдим деп айталбай, жолдошторун тамашалап жылкылардын жаңы чыккан богунан эки кезегин эки колуна кармап алып, жолдошторун ойготуп: «Мен байдын үйүнө бардым. Азыраак эт салып, эттен артышпай калып, силерди үмүтөтүп калат деп майга талкан көөлөп жеп экөөңө арнап эки тоголок талкан ала келдим. Сугунуп койгун» деп Кулжыгачка бир тоголок жылкынын тезегин оозуна салат. Кулжыгач бок экенин даамынан билип, сыр билгизбей:

Кебек, мен тойдум, Курткага бергин дейт. Кебек жылкынын тезегин Курткага сугунтат. «Кулжыгачка майга көөлөгөн талкан берип, мага бок сугунтат» деп Куртка тура калып, Кебек менен мушташа кетет. Кулжыгач Куртканы ого бетер күүлөп: «Мага майга көөлөгөн талкан берип, Курткага бок сугунтасың» деп күлгөн экен.

### Айсары кыздын арманы

*Инв.№704 (5342) 3-дептер 63-69-б.*
*Жыйнаган Ж.Казакбаев*
*17.04.1980*

Анда Кокон хандыгы Турпандан чыккан кырк кербен Анжиян тараптан соода кылып кайра өтүп баратканда Чүй боорунан алтын баштаган асыл буюмдарын уурдатышат. Ошол кезде хан Байтик солто элин солк дедирбей билип турган. Кербендер даттанып Байтикке келишет. Байтик элден атанган ууруларды түгөл жыйнап, акыры алтындын изин табат. Бирок аны ээсине кайтарбаш үчүн: «Ууру табылды бирок, уурдатканыңарды төлөп берели» –

дейт. Алтындын баасы толук эсептелип, ал чыгым элге чачылат. Айыпсыз элден калың, мал алынат. Ага кошумча айып үчүн кыркына кырк чаар ат, Турпандын ханына бир кыз тартуу кылынат. Ал кыз ашкан сулуу, кошокчу, ырчы Айсары аттуу, түндүкчү Тойчук дегендин жалгыз кызы болот.

Доо бүтүп, кербендер кетээр алдында айыпка бараткан Айсары кыз минтип боздойт.

Асмандап бүркүт желде ойнойт,
Айыпсыз калктар жерде ойнойт.
Ачылган гүлдөй жадырап,
Армансыз киши элде ойнойт.
Ак чөлмөк кылып адамды,
Айткыла кандай пенде ойнойт?!

Ач бөрү шимшип жемди ойлойт,
Ак марал артуу белди ойлойт.
Айланып издеп кызыгын,
Айдашкан күлүк жерди ойлойт.
Азапка түшкөн мен шордуу,
Армандан башка эмнени ойлойт.

Алыста калчу жерди ойлойт,
Агаин тууган элди ойлойт.
Алышып бирге ойногон,
Асылкеч теңтуш теңди ойлойт.
Ажыдаар соргон бөжөгүн,
Атакем байкуш эмне ойлойт.

Акимдин күчү зор беле,
Алсыздар ага кор беле.
Ак кептер элем кайгыган,
Алдымда каткан шор беле.
Алдырган колдон күчүгүн,
Атакем кандай шордуу эле?!

Айлына жалын ордолоп,
Азган элим корголоп,

Азап, муң, кайгы, ызы-чуу,
Ак жерден айып тартышып,
Айтчы эмне мынча кор болот.

Арман бар жерде санаа бар,
Армандуу мен бир жарадар.
Айыпка адам карматкан,
Абийирсиз жүзү каралар,
Каңгырап элден адашып,
Какшасын мендей балаңар.

Жаңыдан гүлүм ачты элем,
Жалп этип өччү жаш белем.
Жазыксыз муңга чөмүлүп,
Жамгырдай жааган жаш менен.
Тырмагы тийип дөбөттүн,
Тытылмай болду жаш денем.

Ак чоку тоонун ар жагы,
Аралаш кытай, калмагы.
Өз элден алыс ажырап,
Өткөн күн курсун андагы.
Бирөөгө кантип күң болот,
Бирөөнүн эрке ардагы?!

Албырган жүзүм кубараар,
Арманга, арман уланаар.
Ачылгын жашыл гүл элем,
Ажайган бирөө будалаар.
Жазыксыз мындай кордукка,
Жан болбос чыдап туралаар.

Жалгызы элем бирөөнүн,
Жанчылар болот жүрөгүм.
Кагылам кантем апаке ай,
Капаска түштү чүрөгүң.
Кайрылып элди бир көрбөй,
Канткенде чыдап жүрөмүн.

Армандап боздойт кырчынын,
Атаке ай, кандай кылчумун.
Кулпунуп өсүп калганда,
Куурайбы жашыл чырпыгын.
Жат элде кантип күн көрөт,
Жалгызын алсыз чымчыгын?!

Ким билет кандай эл көрөм,
Ким билет кандай жер көрөм.
Кайнаган гүлдүү Ала-Тоом,
Жанымдан кантип кем көрөм.
Кадимки бейиш болсо да,
Канткенде сага тең көрөм.

Ата журт коноч Арчалуум,
Арманым айтып чарчадым.
Кор болгон күнүм билсеңчи,
Койнуңда бышкан алчанын.
Сорсоңчу манап зулумду,
Соолутканын жашын канчанын.

Тулпары туйлап кермеден,
Туурдан туйгун жем жеген.
Адыры гүлгө чулганып,
Атыр жел арча термеген.
Балкыган бейиш Ала-Арча,
Бактыма сыйбас жер белең?!

Ардагым ага-тууганым,
Аппак гүл эле куурадым.
Ачканда бүчүр жаңыдан,
Алсырап калды Айсары,
Азуусу тийип бууранын.

Азабы бүтпөс жол мына,
Айсары тартчу шор мына.
Кучагын жайып тең өскөн,

Курбулар эсен болгула!
Кулаалы алган жашоосун,
Кургурлар эсен болгула.

Арсактап өскөн балачак,
Айылым жүрөк канатат.
Айыпсыз азап тарттырып,
Адамды неге жаратат?
Ардагым энем кош эми,
Айсарың кетип баратат.

## Бугунун мүйүзүн көргөнмүн

*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*Инв.№ 704 (5342)*
*4-дептер 102-103-б.*

1922-1923-жылдары атам Шакен уулу Казакбай азыркы Москва районуна караштуу Ак-Суунун «Жар-Таш» деген жайлоосунун күн батыш жагындагы Ныша жайлоосуна чыгып жайлады. Ошол жылдары менин он төрт-он беш жаштардагы кезим эле. Атамдын эки жүз чамалуу койу болор эле. Ал койду мен тоого жайып кайтаруучу элем. Күндөрдүн биринде кечке жуук койумду үйдү көздөй арчалуу бетти аралатып жайып келе жатсам, арчанын арасынан бир мүйүз көрүндү. Ал мүйүздүн будурлары, ачалуу бутактары куду эле эликтин мүйүзүндөй экен. Бирок мүйүз чоң узундугу бир метрден узунураак, мүйүздүн түбүнүн жоондугу орто адамдын билегиндей, мүйүздүн учу жана анын ачалары ичкерип кеткен. Ал мүйүздү көтөрүп алып үйгө алып барууга кайтарып жүргөн койум жолтоо болгондуктан, аны ошол жерге таштадым да кеттим. Үйгө барып көргөн мүйүзүмдүн жөн жайын атама айтып түшүндүрүп, ал эмненин мүйүзү дедим. Атам ал бугунун мүйүзү деди. Эликтики го дедим эле, атам жок балам, эликтин мүйүзү ичке жана узундугу эки карышка жетип-жетпеген кыска болот деди. Ошентип кичине

кезимде Ак-Суу өрөөнүнүн Ныша деген жайлоосунан бугунун мүйүзүн көргөнмүн.

### Кундуз көргөнмүн

*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*Инв.№ 704 (5342)*
*4-дептер 102-103-б.*

Менин 8-9 жаш кезимде атам Казакбай жана жакын тууганы Жээнаалы агасы экөө 1916-1917-жылдары азыркы Москва району Ак-Суу капчыгайындагы Жар-таш жайлоосуна чыгышты. Жээнаалы акемдин он чакты бээси болор эле. Аны байлап кымыз кылар эле. Жээнаалы акемдин 13-14 жашар Төлөбай деген баласы экөөбүз күнүгө эртең менен жылкыны айдап кулундарын желеге байлаар элек. Бир күнү Төлөбий экөөбүз эртең менен эрте туруп жылкыга бардык, жылкыбыз Жар-Таштын көк жайык түзүнүн күн батыш жагында жаткан экен. Үйүбүз ошол түстүн чыгыш жагындагы өрөөндө эле. Ал көк жайыкта салаа-салаа болуп агып жаткан ичке суулар болор эле. Ал майда суулар жердин үстүнө чыгып 0,5 м, 1 м же 2 м жерге агып барып, кайра жерге кирип жердин астына кирип 10-15 метрче же андан көп жерге агып барып кайра жердин үстүнө чыгып агып жатчу эле. Төлөбий жоош күрөң бээсин укурук менен кармап жүгөндөп минди да мени адатынча учкачтырды. Жылкыны көк жайык түстүн үстү менен үйүбүздү көздөй чыгышка карай айдап жөнөдүк. Жанагы салаа-салаа болуп агып жаткан майда суулар түштүктөн түндүктү көздөй эңкейишке карап агып жатат. Ошол сууларды аралап жылкыны айдап бара жатсак эле баягы жердин алдындагы суудан сыртка бир кара мышык чыга калды. Бизден 10 метрче алыста турат, качпайт. Төлөбий «мышык экен кармагын, түш» деди мени. Мен бээден түштүм. Ал мышык баягы өзү чыккан суугa кайра качып кирип кетти. Үйгө келгенден

кийин мен атама кара мышык көрдүм, кармайын десем суугa качып кирип кетти дедим. Атам мага ал мышык эмес, ал кундуз деген ошол деп жооп берди.

### Бөлтөктө туз бар

*Жыйнаган Жанжигит Казакбаев*
*Инв.№ 704 (5342)*
*4-дептер 178-180-б.*

Азыркы Аламүдүн району «Аламүдүн» совхозу Орто-Алыш кыштагында Түлөберди тукуму Канай уулу Байтик жашаган. Ошол Орто-Алыш кыштагынын түндүк тарабында «Бөлтөк» аттуу адыр-тоо бар. Ошол Бөлтөктүн күн батыш жаккы тарабындагы оең, кокту жерлердин биринде туз болгон. Ал тузду эл казып алып ичип жүрүшкөн. Байтик өзү Төбөл болгондуктан «бул туздун бар экенин орустар билсе тузду орустар казып алып кетишет» деп эл өздөрүнө керегинче алгандан кийин кайра аны көмдүрүп (жашыртып) койчу экен. Ошентип ал туз орустардан жашырылып жүргөндүктөн казылып алынбай ошол бойдон калып кеткен.

## МАЗМУНУ

Баш сөз ........................................................ 5
Түзүүчүдөн ................................................ 13
Мифтер ....................................................... 15
Этиологиялык мифтер ................................ 15
Тотемдик мифтер ........................................ 84
Мифтен уланган аңыздар ............................ 98
Мифтик мазмундагы тарых аралашкан
санжыра аңызы ........................................ 145
Топонимдик уламыштар ............................ 320
Аралаш темадагы уламыштар .................. 380
Турмуштук аңыз ........................................ 400
Кыргыздын адабияты ................................ 466
Кыргыз акындарынын тарыхынан ............ 486
Тарыхый адамдар тууралуу уламыш ........ 499

*Адабий-көркөм басылма*

**«Эл адабияты» сериясы**

**МИФ, УЛАМЫШ, АҢЫЗ, САНЖЫРА УЛАМЫШЫ**

26-том

Түзгөн:
*Нарынбаева Н.О.*
Тех.редактору: *Жанышбекова А.*
Корректорлору: *Нарынбаева Н., Сабыр уулу А.*
Компьютердик калыпка салган: *Б.Өмүров*

Терүүгө 04.04.2017-ж. берилди.
Басууга 27.06.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{32}$.
Көлөмү 39,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 26

---

«Басма-полиграфиялык комплекс «Принт Экспресс»
ЖЧК басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Профсоюз көч. 49.